С

Ж

# СУРОО ЖООП

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын фейсбук баракчасындагы фихкий суроолорго жооптор жыйнагы

# Мазмуну

**Усули фикх боюнча аалым Ато Абу Рушта Хизбдин учурдагы амири жөнүндө кыскача маалымат................ 10**
**Фихкий суроолорго жооптор.........................................................**

- Ата-энеге бийик сүйлөө  жөнүндөгү суроого жооп ................................11
- Айбандын бавл (сийдиги) жана тезеги жөнүдөгү суроого жооп.......................................................................................13
- Пайгамбар Адын жана сахабалар ψдын ролун кино фильмдерде аткаруунун өкүмү...............................................15
- Алтынга тиешелүү экономикалык суроого жооп.......................................................................................17
- Казылык өкүмү, ата-энеге жакшылык кылуу жөнүндөгү суроого жооп.......................................................................20
- Арам жол менен табылган байлыктын тообо кылынгандан кийинки өкүмү жөнүндөгү суроого жооп...............................23
- «Албетте, Аллах бул Үммөткө ар жүз жылдын башында динин жаңылай турган кишини жиберет», деген хадиси шарифтин мааниси жөнүндөгү суроого ................................24
- Ахли харбдын Дарул Исламда жашоо ниети тууралсындагы суроосуна жооп.................................................................28
- Аял кишинин кызыл ашык томугунан ылдыйкы бөлүгү аврат...................................................................................30
- Табарруж, жасануу маанисин айкындаштырып берүү тууралсындагы суроосуна жооп..............................................31
- Кызына сунуш кылынган иштии атасы четке кагышы жөнүндөгү суроого жооп.........................................................33

- Аялдын шаръий кийими жөнүндөгү суроого жооп..............35
- Аял киши шым үстүнөн тизесине чейин узундукта жилбаб кийиши, парик жөнүндөгү суроого жооп...............................38
- Аял кишинин буттары (томугунан ылдыйы) ачык абалда намаз окушу тууралсында берген суроосуна жооп.....................40

- Эгер, аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ боло албаса, анда, аялдын колу менен ишке ашкан никелер жайиз болобу же батыл болобу..........................................................................41
- Аялдын сапарга чыгуу өкүмүнүн майда баратына чейинки баяны.......................................................................................44
- Басымдуу жана басымсыз ортосундагы шарий өкүм............52
- Бидъатка тиешелүү суроого жооп..........................................54
- Биоэнергия менен дарылануу туурасындагы........................56
- Биткоиндин шаръий өкүмү......................................................57
- Васика кагаздардагы зекет.......................................................59
- Дарул куфрда адилеттүүлүктү талап кылуу үчүн сотко кайрылуу......................................................................................61
- Демократия жөнүндөгү суроого жооп....................................63
- Жердин дайынсыз калбашы жөнүндөгү суроого жооп..........64
- Жерге ээлик кылуу жана андан пайдалануу туурасында.....65
- Исламий мамлекеттин кол астында боло турган жерлер......66
- Ушрий жерде кафирге салына турган салык туурасындагы суроосуна жооп...................................................................68
- Жерди ижарага берүү жана музораа өкүмү жөнүндөгү суроосуна жооп...................................................................70
- Өлүк жерге жана зиммийге жүктөлгөн хирож жөнүндөгү суроолорго жооптор..........................................................72
- Жин жана аны менен адам ортосундагы алака жөнүндөгү суроого жооп........................................................................74
- «Жихадий жамааттар же жеке адамдар Аллахтын хаддарын колдонуусу шаръий түрдө жайизби?» ..................................79
- Жума намазы сахих болушу үчүн халифа болушу шартпы..87
- Кызмат мөөнөтү бүткөндө сый акы алуу................................89
- Зекет важиб болгон эгиндер жана мөмөлөрдүн түрлөрү……90
- Зекет берүү жана бир жыл өтүү туурасында..........................91
- Халифалык жок учурунда зекеттин малы каякка берилет?..92

- Соода малдарынын зекети жөнүндөгү суроосуна жооп.........94
- Балагатка жетпеген баланын жана мажнундун малынан зекет берүүдөгү таклиф (мажбурият жүктөө) орду .........................96
- Ислам мамлекети жок убакта зекет кимге берилиши туурасында......................................................................98
- Исламий мамлекетте кайры мусулмандар ортосундагы казылык туурасындагы.............................................................99
- Зулхижжанын баштапкы күнүндөгү орозо...........................102
- Аялы бар зынакердин Исламдагы жазасы.............................104
- Иллет менен сабабдын айырмасы кандай.............................107
- Истихара намазы туурасындагы............................................109
- ИШИМ (ИГИЛ) уюмунун Халифалыкты тикелегени туурасындагы жарыясы..........................................................112
- Каза-кадар жөнүндөгү суроосуна жооп.................................115
- Медициналык камсыздандырууга тиешелүү........................118
- Шаръий түрдө мүлккө ээ болуу себептеринин.....................119
- Коронавирустун кесепети……………………..........................121
- Курандын жазылышын накл кылуунун ортосундагы айырма...................................................................................131
- Куръандын жамдалышы, жети кыраат.................................139
- Исламий мамлекетти тикелөө үчүн белгилүү бир аймакты мажал (орун) кылып белгилеп алабы?................................143
- Полиция же башка иштерде бийлик менен бирге иштөөнүн өкүмү.........................................................................................145
- Эркек жана аялдардын интернет аркылуу байланышы жөнүндөгү суроолорго жооп..................................................147
- Мечитке туташ жайгашкан дааратканаларды кулптап коюу же пайдалангандыгы үчүн акы алуу мүмкүнбү....................149
- Мукаллид жана муттаби мазхаб алмаштыруу......................150
- Муробаха келишиминин өкүмү жөнүндөгү суроого жооп...154
- Тообо кылуу жөнүндөгү суроого жооп.................................156

- Мухаммад сүрөсү Бадр согушунан кийин түшкөнүнүн далилдери.....................................................................................158
- Үйлөнүүдөгү «иникод» жана «сихха шарты» ортосундагы айырмачылык тууралуу.......................................................160
- Атасы кызын анын макулдугусуз күйөөгө берүүсүнүн өкүмү......................................................................................162
- Күч-кубат ээлеринен нусрат талаб кылуу..............................164
- Таштап кетүүчүлөр жана нусраттын кечигиши тууралуу...168
- «Пластикалык хирургиянын» шарий өкүмү.........................170
- Рамазан башталганын далилдөө үчүн көз менен көрүүнүн ордуна астрономиялык эсептөөлөрдөн пайдалануу жөнүндөгү кеп-сөздөргө карата биздин мамилебиз кандай?.......................................................................................171
- Сүткордук кылмышын жасаган кимсе тозокто түбөлүк калабы, жокпу?.............................................................................176
- Риба малы жөнүндөгү суроосуна жооп.................................178
- Риказга байланыштуу өкүмдөр.............................................180
- Риказ нисабга жетсе, анын бештен бири берилеби.............182
- Расулуллах Адан согуш рояларына тиешелүү бир түс же бир форма варид болбогонбу.......................................................183
- Сахабаларым жылдыздар сыяктуу хадисинин сахихтиги жөнүндөгү суроого жооп.......................................................185
- Ислам мамлекетинин иш жүзүндө согуш абалында болгон мамлекет менен алакасы жөнүндөгү.................................190
- Согуш майданына чыккан аялдардын өкүмү.....................191
- Согуш туткундарынын Курандагы өкүмү айырбаштоо же жөн эле берүү болуп саналат..............................................193
- «Согуш кылууну ниет кылуу кандай болот?» деген
- суроосуна жооп....................................................................195
- Берилген шарт коюлган соода келишимине тиешелүү суроого жооп.............................................................................196
- Колго тийбеген станок соодасы...........................................197

- Салам (алдын ала акчасын берип койгон) соода алакасынын шаръий өкүмү жана үй курула электен мурда аны сатуунун өкүмү?....................................................................................199
- Эваз акысына карызга кепил болуу.......................................202
- Алуу-сатуу өкүмдөрү жөнүндөгү суроого жооп..................203
- Өз баасына сатылган күрөө....................................................205
- Социалдык жоопкердик мыйзамы жөнүндөгү суроолорго жооптор...................................................................................208
- Хамид Насух тарабынан берилген «фа»нын далалаты жөнүндөгү суроого жооп........................................................209
- Такия жана таврия жөнүндөгү суроого жооп......................211
- Таъзир берүү, анын тафсилат жана өкүмдөрү туурасындагы суроосуна жооп..................................................................215
- Турмушка чыккан зинакер күндүн өкүмү .............................218
- Биротоло төрөбөй турган кылып коюу боюнча өткөрүлө
- турган операциялар..............................................................219
- Генетикалык анализге таянып баланын насабын аныктоо..221
- Түйүлдүктүн жынысын аныктоо...........................................225
- Уюм же топ менен мабдаий хизбдин айырмасы..................229
- Үйлөнбөсөм чынында эле динимди толук кылбаган боломбу.....................................................................................230
- Жөнөкөй фильмдерди көрүү үчүн кинотеатрларга кирүү жайызбы?...............................................................................223
- Хавл жөнүндөгү суроосуна жооп...........................................234
- Жеңүүчү тайпа (Голиб тоифа) туурасында бир нече хадистер келген. Бул хадистер кандай тафсирленет?..........................237
- «Дуа казаны кайтарат» деген хадис кандай түшүнүлөт?.....240
- Фиркалар жөнүндөгү хадис...................................................244
- Демонстрациялар, жүрүштөр жана мусулмандардын эки сап болуп чыгышканы туурасындагы хадис...............................250
- Ажылыктагы ифаза (ажылардын багыты)……………….....252

- Байъаттын белгилүү бир убакытка чектелиши жаизби……256
- Халифалык ыраазылык жана ыктыяр акды (келишими)…..258
- Халифанын муавинди иштен бошотуу укугу......................261
- Бийликке жетип мамлекетти куруудa Расул Адын тарыйкатына амал кылууга мажбур эмеспиз дегендерге.....262
- «Үммөт Халифалыкты тикелөөдөгү кыйынчылыктарды көтөрүүгө даярбы»..............................................................263
- Халифалыктын инъикод шарттарындагы «кудуреттүүлүк» мааниси жөнүндө ..................................................................265
- Халифалык тикеленгенден кийин риба малдары жөнүндөгү суроосуна жооп..............................................................266
- Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөткө тиешелүү..............................................................268
- «Хизбут-Тахрир Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылууда Мадина дооруна эмес, Мекке дооруна таянабы ..................275
- (Жихад Халифалыкты тикелөө тарыйкаты эмес) деген сүйлөмдү айкындаштырууга тиешелүү суроосуна жооп......277
- Халифалыкты тикелөөнүн  шарьий жолу жана бийликти күч менен алуу...................................................................279
- Спирт жана андан пайдаланууга тиешелүү суроолоруна жооптор.....................................................................282
- Курамында хамр же спирт болгон атырларды колдонгон имамдын артында намаз окуу................................................285
- Хизб азыр нусрат талаб кылуунун кайсы этабында............286
- Усман Гнун мусулмандар халифасы болушуна келип токтолгону жөнүндөгү суроосуна жооп...............................288
- Махрсыз нике – нике боло берсе, анда, махр никеде кандай мааниге, орунга ээ..............................................................290
- Адамдын нав гарыйзасына карата көз карашы туурасындагы суроосуна жооп...............................................................293
- «Далалаты катъий нусустарда ижтихад кылуу» жөнүндөгү суроосуна жооп..............................................................295

- Мамлекеттер ортосундагы күрөштүн себептери тууурасындагы суроосуна жооп.............................................296
- Дубадагы маддий таасир туурасындагы суроосуна жооп...297
- «Исламий мамлекетти тикелөө үчүн аракет кылуу араб мамлекеттерине гана чектелгенби» ......................................301
- Хис кылуу мантыкы жана пикирий хис кылуу мааниси туурасында..........................................................................303
- Башкаруу жана идара иштери жөнүдөгү суроого жооп.......305
- Шарият ага сүкүт кылган нерсе - ал арам кылбаган т.а. адал кылган нерсе.........................................................................306
- Кайтаруу акдды батыл кылышына сахабалардын ижма кылышканы жөнүндөгү суроосуна жооп...............................313

  Сахабалардын ижмасы – мужмал (ачык-айкын эмес) келген маселелерге баян болушу.......................................................315
- Факих имамдардын китептеринде келген хадистер ............316
- Чет мамлекеттерден карыз алса болобу................................319
- Акырет шейиттери ким? Шейиттин карызын ким төлөйт..321
- Мамлекеттин экономикага аралашуусу жана салыктарга тиешелүү..........................................................................323
- Эмдөө жана анын шаръий өкүмү...........................................326
- Мута согушунда мусулмандардын арасынан көптөгөн шейиттер болду...................................................................329
- Салам соода алакасынын шаръий өкүмү жана үй курула электен мурда аны сатуунун өкүмү......................................330
- Акырет шейиттери жана каза жана кадар............................333

# Усули фикх боюнча аалым Ато Абу Рушта Хизбдин учурдагы амири

Хижрий 1424-жылы сафар айынын 11-күнү, миладий 2003-жылы 12-апрелде Хизбут-Тахрирдин мазолим деванынын башчысы усул аалымы, инженер Ато Абу Руштанын (Абу Ясин) Хизбут-Тахрир амири болуп шайланганын жарыя кылды. Ал кишинин даъват ишине зор маани бериши белгилүү болгон жана андан хизб ишин жакшы башкаруу о.э. жигиттердеги күч-кайраттан эң абзел түрдө пайдалануу жөндөмү сезилген. Ошондуктан, Аллах Субханахудан аны нусратка карай жетелешин үмүт кылып калабыз.

**<u>Анын турмушунан бир үзүм:</u>**

- Анын аты-жөнү Ато ибн Халил ибн Ахмад ибн Абдулкадир ал-Хатиб Абу Рушта. Ал хижрий 1362-жылы, миладий 1943-жылы Палестина диярындагы ал-Халил вилаяттарынын бири болгон Раанно аттуу чакан кыштакта, диндар үй-бүлөдө дүйнөгө келди. Ал Палестина башына түшкөн балээлерге, аны яхудийлер 1948-жылы Британиянын колдоп-кубаттоосу менен жана араб акимдеринин чыккынчылыгы акыбетинде басып алганына жаштайынан күбө болду. Мына ошондон кийин анын үй-бүлөсү ал-Халил жанындагы качкындар лагерине көчүп өттү.

Ал башталгыч жана орто таалимди ошол лагерде алды. 1959-жылы ал-Халилдеги Хусайн ибн Али атындагы экинчи баскычтагы медреседен окууну аяктап, экинчи баскычтагы мектептин биринчи даражалуу күбөлүгүн алды. Кийин Куддус Шарифтеги Ибрахимийя медресесинен 1960-жылы экинчи баскычтагы мектептин жалпы күбөлүгүн (Египетке жолдонмону) алды. Мына ошондон кийин 1960-1961-окуу жылында Каир университетинин инженердик факультетине окууга кирди жана 1966-жылы инженердик боюнча бакалаврдык дипломун алды. Университетти бүтүргөндөн кийин бир нече араб мамлекеттеринде инженер болуп иштеди. Анын инженердик иштери боюнча «Өлчөмдөр эсеп-китеби боюнча орточолук о.э. имараттар жана жолдор көзөмөлү» аттуу чыгармасы бар.

- Ато Абу Рушта Хизбут-Тахрирге орто мектепте окуп жүргөн кезинде, элүүнчү жылдардын жарымында кошулду. Аллах жолунда залимдердин камактарында көп азаптарды чекти. Ал Хизбде, анын бардык танзимий жана идарий түзүмдөрүндө: дарис, мүчө, мушриф, жергиликтүү жихаз накиби, вилаят межлиси мүчөсү, муътамад, расмий сүйлөөчү, амир мекемесинин мүчөсү болуп үзгүлтүксүз иш алып барды. Хижрий 1424-жылдын жакшылыктуу сапар айынын 11-күнүнөн, миладий 2003-жылдын 12-апрелинен тартып Аллах Хизбге амирлик кылуу милдети анын мойнуна түшүшүн каалады жана ал Аллахтан бул оор жүктү көтөрүүдө жардам беришин сурады.

**Анын жазган Исламий эмгектери төмөнкүлөр:**

1. Бакара сүрөсүнүн тафсири - «ат-Тайсир фий усулит-тафсир сураи Бакара».

2. Усули фикх боюнча изилдөөлөр - «Тайсирул вусул илал усул».

3. Бир нече китепчелер:

а) «Экономикалык кризистер» - алардын вакиълиги жана аларды Ислам көз карашынан туруп дабалоо.

б) «Жазира жана Булуңдагы кресттүүлөр жүрүшү».

в) «Өнөржайлаштыруу саясаты жана мамлекеттин өнөржай курулушу».

4. Анын доорунда (азырга чейин) Хизбдин ушул китептери басылып чыкты:

а) «Исламий нафсия негиздери».

б) «Саясий маселелер: Басып алынган мусулман өлкөлөрү».

в) «Саясий түшүнүктөр» китебинин кайра каралып чыккан жана кеңейтилген басылышы.

г) «Халифалык мамлекетиндеги таалим программасынын негиздери».

д) «Халифалык мамлекетинин башкаруу жана идара аппараты».

Бул амирдин дүйнөнү көзгө илбегени, таквасы, шариятка катуу амал кылганы жана илими белгилүү. Анын Хизб ишин башкарууда түрдүү жоопкерчиликтүү милдеттерди, айрыкча, расмий сүйлөөчү, муътамад, амир мекемесинин мүчөсү сыяктуу жооптуу орундарды ээлеп келгендиги зор пайда берди. Бул нерсе аны Хизбге ар бир жоопкерчиликти талап кыла турган иштерди, тактык жана аракетчендикти толук билип түшүнгөн абалда жетекчилик кылууга ылайыктуу кылып койду. Ошондуктан, жигиттер амири алар менен жанаша туруп, аларга, ал тургай, иштердин тафсилаттарында да жетекчилик кылып жатканын сезип турушат. Бул болсо амирге жигиттердин кудурет-жөндөмдөрүн эң абзел көрүнүштө пайдаланууу мүмкүнчүлүгүн берди.

Ато Абу Рушта өзүнө жүктөлгөн даъват аманатын Аллах Субханаху жана Расулу ρ сүйгөн көрүнүштө өтөй алышы үчүн жардам берүүнү жана туура жолго жолдоону сурап, анын колу менен туура жолдогу Халифалыкты тикелеп, фатх-жеңиш беришин Аллахтан сурап, тынымсыз жалынып-жалбарды. Албетте, Аллах дуаларды угуучу, кабыл алуучу Зат.

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

### Lamis Sh. тарабынан берилген ата-энеге бийик сүйлөө жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Ата-энеге ачуулануу жана аларга бийик сүйлөөнүн өкүмү кандай? Көбүнчө ата-эне проблемаларга себеп болот жана перзент бул проблемаларды чечет о.э. ата-эне перзентин багышынын ордуна перзент алардын абалын оңдойт. Ошондо да аларга ачуулануу жана кээде аларга бийик сүйлөө ата-энеге ак болуу же аларга турмуш иштеринде жардам бербөө эсептелеби?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Аллах Субханаху ва Таала ата-энеге «уф» дегенден кайтарды. Ошондой болгон соң, аларга ачуулануу жана бийик сүйлөө кандай болот? Аллах Таала айтат:

{وَقَضَىٰ رَبُّكَ أَلَّا تَعْبُدُوٓاْ إِلَّآ إِيَّاهُ وَبِٱلْوَٰلِدَيْنِ إِحْسَـٰنًا ۚ إِمَّا يَبْلُغَنَّ عِندَكَ ٱلْكِبَرَ أَحَدُهُمَآ أَوْ كِلَاهُمَا فَلَا تَقُل لَّهُمَآ أُفٍّ وَلَا تَنْهَرْهُمَا وَقُل لَّهُمَا قَوْلًا كَرِيمًا}

***«Роббиң жалгыз Анын Өзүнө ибадат кылууңарды о.э. ата-энеге жакшылык кылууңарды буюрду. Эгер алардын*** *(ата-эненин)* ***бирөөсү же экөөсү тең сенин кол астыңда карылык жашына жетишсе, аларга карап «ух» дебе жана алардын*** *(сөздөрүн)* ***кайтарба! Аларга*** *(ар дайым)* ***жакшы сөз айт!»***

[17:23]

Аллах Субханаху ва Таала ата-энеге жакшылык кылууну Өзүнө ибадат кылуу менен бир катарда зикр кылды. Бул болсо, бул фарздын улуулугуна далалат кылат. Ата-энеге итаат кылуу жөнүндө көптөгөн далилдер бар. Аларга итаат кылуу – Аллахтын изни менен – бейишке жетүү жолун жеңилдетет. Муслим Абу Хурайра Гдан риваят кылган сахих хадисте Набий A айтты:

**«رَغِمَ أَنْفُ، ثُمَّ رَغِمَ أَنْفُ، ثُمَّ رَغِمَ أَنْفُ»، قِيلَ: مَنْ؟ يَا رَسُولَ اللَّهِ، قَالَ: «مَنْ أَدْرَكَ أَبَوَيْهِ عِنْدَ الْكِبَرِ، أَحَدَهُمَا أَوْ كِلَيْهِمَا فَلَمْ يَدْخُلِ الْجَنَّةَ»**

«**Мурду жерге ышкалсын, мурду жерге ышкалсын, мурду жерге ышкалсын**». Кимдин, я Расулуллах? - делди. «**Ата-энесинин бири же экөөсү тең картайган убакта алардын жанында болгон, бирок, бейишке кирбеген адамдын**», - деди. Кимдин ата-энеси же алардын бири картайганда алардын жанында болсо, ал аларга итаат кылып жакшы сөздөрдү айтса жана алар себептүү бейишке кирсе, ага тубо бейиши болсун. Ошондой болгон соң, ар бир адам ата-энеге жакшылык кылууга жана аларды урматтоого шашылсын.

Кандай гана абал болбосун, кимде-ким адашып, суроодо келгендей, ата-энесине ачууланган болсо Аллахтан кечирим сурасын жана ата-энесинен кечирүүлөрүн о.э. ыраазы болууларын сурасын. Себеби, ата-эненин жүрөгү перзентине ырайымдуу. Ошондуктан, эгер перзент кечирим сураса, ата-эне перзенттердин каталарын кечирет.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **21-шаъбан, 1434-х.**

**30-июнь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Абу Умар Насар тарабынан берилген айбандын бавл жана тезеги жөнүдөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алейкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Урматтуу шейхибиз, Анас ибн Малик хадисинде мындай келет:

«Расулуллах Aдын алдына Укл же Урайнадан бир коум келди, алар Мединада алдан таюу оорусу менен ооруп калышты. Ошондо Расулуллах A (сахабаларына) алар үчүн саан төө алып келүүнү буюрду, аларга болсо, анын бавлы (сийдиги) жана сүтүнөн ичүүнү буюрду» (Сахихи Муслим).

Биздин табаннийибиз боюнча, бавл нажасат эсептелип, нажасаттан пайдалануу бүтүндөй арам, бул нажасат бавл болобу же тезекпи, эти желген айбандардыкыбы же башканыкыбы, айырмасы жок.

Алардан пайдалануунун арамдыгына истинжа кыссасындагы Расулуллах Aдын (тезек жөнүндөгү) сөздөрү далил: **«إنها ركس албетте, ал рикс** (нажас) **».** Ибн Хузайма риваятында **«إنها ركس إنها روثة حمار албетте ал рикс, ал эшектин тезеги»**, деген сөз кошумчаланган. Мен Шавканийдин «Найлул автар»ында Тамимийден тезек ат, качыр жана эшеке хос экенин зикр кылганын окуганмын. Ушул эки хадисти жамдоодон эти желген айбандардын тезегинен эгин иштерине жер семирткич катары пайдалануу мүмкүндүгү келип чыгат. Бизге ушуну түшүндүрүп берсеңиз, Аллах сизге береке тартуу кылсын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалом ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Айбандын бавлы жана тезеги нажасат экендиги жөнүндө:
Эти желбеген айбандардын бавли да, тезеги да арам экендигинде эч кандай ихтилаф жок. Ал эми, эти желген айбандардыкы жөнүндө ихтилаф бар.

Мен үчүн далили күчтүүрөөгү, булар пайдалануу мүмкүн болбогон, бир гана дарылануу үчүн жана макрух абалда мүмкүн болгон нажас. Муну кийинчерээк баян кылып өтөбүз. Ырас, нажас болгон соң, пайдалануу да мүмкүн эмес. Муслим Ибн Аббастан риваят кылат: Умарга Самуранын хамр сатканы жөнүндө кабар келди. Ошондо Умар мындай деди: Аллах Самураны кыйратсын, акыры ал Расулуллах Aдын мындай дегенин укпаганбы:

«لَعَنَ اللَّهُ الْيَهُودَ، حُرِّمَتْ عَلَيْهِمُ الشُّحُومُ، فَجَمَلُوهَا، فَبَاعُوهَا»

**«Аллах яхудийлерди наалаттады, себеби, аларга айбандын майы арам кылынган эле, аны эритип сатышты»**. Демек, нажастан пайдалануу арам.

2 – Бавлдын нажастыгына далилдерден:

– Имам Бухарий өз Сахихинде Анас ибн Маликтен риваят кылат, «Бир бадавий келип, мечит короосуна бавл кылды, адамдар ага кыйкырып кууп башташты, ошондо Набий A аларды кайтарды. Бадавий бавл кылып болгон соң, Набий A бир чака суу алып келүүнү буюрду жана ал жууп жиберилди».

– Имам Бухарий өз Сахихинде Ибн Аббастан риваят кылат: Набий A эки кабырдын жанынан өтүп бара жатып, мындай деди:

«إِنَّهُمَا لَيُعَذَّبَانِ، وَمَا يُعَذَّبَانِ فِي كَبِيرٍ، أَمَّا أَحَدُهُمَا فَكَانَ لاَ يَسْتَتِرُ مِنَ البَوْلِ، وَأَمَّا الآخَرُ فَكَانَ يَمْشِي بِالنَّمِيمَةِ»

**«Бул экөөсү тең азапталып жаат, бирок, оор күнөө себептүү эмес. Бири бавлдан сактанбайт эле, экинчиси чагымчылык кылып жүрчү».**

– Дарикутний Анастан риваят кылат, Расулуллах A мындай деди:

«تَنَزَّهُوا مِنَ الْبَوْلِ فَإِنَّ عَامَّةَ عَذَابِ الْقَبْرِ مِنْهُ»

**«Бавлдан тазалангыла, себеби, кабыр азабынын баары ошондон».**

Бавлдын вакиъси бирдей, адамдыкы да, айбандыкы да, айырмасы жок, нажастык далалаты туура келе берет, адамдын бавли болсун, эти желген айбандын, эти желбеген айбандын бавлы болсун, ар кандай бавл нажасат болуп, бавлдын вакиъси бир.

– Имам Бухарий Анас ибн Маликтен риваят кылган: «Расулуллах Aдын алдына Укл же Урайнадан бир коум келди, алар Мединада алсыздык оорусуна чалдыгышты. Ошондо Расулуллах A (сахабаларына) алар үчүн саан төө алып келүүнү буюрду, аларга болсо анын бавлы жана сүтүнөн ичүүнү буюрду», деген хадиске келсек, ал дарылануу темасы. Ибн Мажада хамр менен дарылануу жөнүндө хадис бар, ал төмөнкүдөй: Ибн Мажа Тарик ибн Сувайд Хазрамийден риваят кылат: Мен: Я Расулуллах, жерибизде жүзүмдөр бар, анын суусун алып хамр (мас кылуучу ичимдик) жасайбыз, андан ичсек болобу? – деп сурадым, ал зат: «Жок», деди, мен: биз аны оору үчүн шыпаа катары иштетебиз, дедим, ал зат: «Ал шыпаа эмес, тескерисинче, ал – оору», деди. Ушул эки хадисти жамдоо натыйжасында нажасаттан дабаа катары пайдалануудан кайтаруу катъий эместиги, демек, макрухтугу айкын болот. Кыскасы, бавлды ичүү аркылуу дарылануу макрух болуу менен бирге жайиз жана бул нерсе анын нажасат эместигин түшүндүрбөйт.

3 – Тезектин нажасаттыгына болгон далилдерден:

– Имам Бухарий өз Сахихинде Абдуллахтан риваят кылат: Набий A дааратка барды жана мага үч таш алып келүүнү буюрду, мен эки таш таптым, үчүнчүсүн издеп, таба албадым, ошондо бир тезекти кошуп алып бардым. Ал зат эки ташты алды да, тезекти ыргытып жиберди жана: «Ал – рикс», деди. Рикс - нажас, дегени.

Сиз тезек деп жалаң эти желбеген айбандын чыгындысы дедиңиз жана Ибн Хузайма риваятында «ал рикс, ал эшектин тезеги», деген сөз кошумчаланганын айттыңыз. Бирок, имам Бухарий жана бир топ сунан ээлери - Ахмад, Насаий, Тирмизий, Табароний, Дарикутний, Байхакий, Баззар, Абу Яъла сиз айткан «ал эшектин тезеги», деген сөздү айтышпаган. Ошого карабастан, мен Ибн Хузаймадан төмөндөгү риваятты таптым: Абу Хурайра Набий Aдын мындай дегенин риваят кылат:

**«إِنَّمَا أَنَا لَكُمْ مِثْلُ الْوَالِدِ لِوَلَدِهِ، فَلاَ يَسْتَقْبِلْ أَحَدُكُمُ الْقِبْلَةَ وَلاَ يَسْتَدْبِرْهَا - يَعْنِي فِي الْغَائِطِ - وَلاَ يَسْتَنْجِ بِدُونِ ثَلاَثَةِ أَحْجَارٍ لَيْسَ فِيهَا رَوْثٌ وَلاَ رِمَّةٌ»**

**«Албетте, мен силер үчүн атанын баласына** (мээримдүүлүгү) **сыяктуу** (мээримдүүмүн), **анан, силердин эч бириңер** (дааратта) **кыблага жүздөнүп да, артын буруп да олтурбасын жана үчтөн аз таш менен истинжа кылбасын, алардын арасында тезек да болбосун, сөөк да»**. Бул хадистин санады хасан. Ушуну менен бирге, бавл жөнүндө айтканыбыздай, тезектин да вакиъси бир, ал эти желген айбандыкы болобу же эти желбеген айбандыкыбы, айырмасы жок, ошондуктан, ага нажасат өкүмү колдонулат. Эшек тезеги нажасат болгондой, уйдун тезеги да нажасат т.а. тезек – эти желген айбандыкы болобу, эти желбеген айбандардыкыбы – баары нажасат.

Мен ушуларды таржих кылдым (башкасына караганда күчтүүрөөк деп билдим). Таржих кылдым дегенимдин себеби, бул жерде эти желген айбандын бавлы жана тезеги нажасат эмес деген этибарлуу пикирлер да бар.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **22-шаъбан, 1434-х.**

**1-июль, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы суроолорго жооптор (фикхий)

## Abu Afiya Baqavi: Пайгамбар Aдын жана сахабалар ψдын ролун кино фильмдерде аткаруунун өкүмү

*Суроо:*

Ассаламу алайкум рохматулохи уа баркатуху, урматтуу Шейх, кино тасмаларда Пайгамбар Aдын жана Сахаба ψдын ролун аткаруунун өкүмү кандай?

*Жооб:*

Алайкуму салам рохматуллохи уа баракатуху.

Азыркы учурдагы кино тасмаларда роль аткаруу шарий жактан жайиз эмес, анткени, аларга жалган аралашып кетет. Авраттар көрүнөт, себеби, бөлөк бөтөн эркектер күйөөлөрдүн жана махрамдардын ролун аткарышат, анын натыйжасында аларга авраттардын ачылышына шарттар жаралат. Ошондуктан, шариятка каршы келген иштер биринин артынан бири тизмектешет. Ошол себептен улам, азыркы учурдагы кино тасмалар жана сериалдар шариятка каршы келген иштер үчүн шарий жактан жайиз эмес. Мындан да кооптуусу сахаба ψдын ролун аткаруу, андан да үлкөн кооптуусу катардагы адамдар Аллахтан уялбастан жана кыжаалат болбостон пайгамбарлардын ролун аткаруулары өтө жаман иштерден.

2009-жылы 23-августагы ушуга байланыштуу суроо-жообдо мындай дегенбиз:

«Актердукта жана сериалдарда шариятка каршы келген көптөгөн иштер аралашат:

А. Жалган аралашат. Бир адам башка бир адамдын образына кирет. Ошол адамдын тили менен сүйлөйт, ал адамдын касам ичкен жери болсо, касам ичет. Балким, андан да жаманы, ал адам талак берген болсо, аны аткарып жаткан адам да талак берет. Инсан тамашалап айтса да айткан сөзүнө жоопкер болот.

Б. Шарият уруксат бербеген абалда жат эркек аялдардын аралашуусу жүз берет.

В. Авраттар көрүнөт. Шарият белгилеген бөлөк бөтөн эркектерден авратын жабуусу жок жат эркектер күйөө жана махрамдардын ролун  аткарат. Авраттын жабылуусунан тышкары да, күйөө жана махрамдардын ролун аткарып жаткан жат эркек-аялдардын алакаларында да шариятка каршы иштер жүзөгө ашат...

Ушундай шариятка ачыктан-ачык каршы келген иштердин эң кооптуусу жана коркунучтуусу – пайгамбарлардын ролун аткаруу. Пайгамбарлар – Аллахтын рисалатын адамдарга жеткирүү үчүн тандалган адамдар. Бул Пайгамларлардын өзүнө тиешелүү касиет. Алардан башка адамдар тиешеси жок. Катардагы адам вахий кылынган Пайгамбардын же элчинин ролун аткаруусу ал жеткирген рисалатка каршы душмандык кылган менен барабар жана пайгамбарлыктын акыйкатына душмандык кылгандык болуп саналат. Ошондой эле, рисалаттын кадырын кетирип, анын кадырына шек келтирет. Бул дегени Пайгамбарлыктын рисалатына карата үлкөн зулум кылгандык болуп эсептелет. Бул иштер жат эркек жана аялдар күйөөнүн жана жубайдын ролун аткарган шариятка каршы келген иштердин эң кооптуулары.

Ошондуктан, сериалдар, драмалар шарий жактан жаиз эмес.

Ал эми, Аллахтын жардамы менен тикеленген Халифат бул сыяктуу шариятка каршы келген кино тасмаларга драмаларга уруксат бербейт. Бул сыяктуу амалдардын майда баратын ачыктоону өз убагында ачыктайбыз ин шаа Аллах.

Ушул жооп жетиштүү деп ойлоймун, Аллах билүүчү жана өкүмдар».

Корутунду: ал эми, бул, кино тасмаларды көрүү тууралуу комментарий калтырган жана бул суроо-жооб көрүү тууралуу эмес, роль аткаруу тууралуу болуптур деп айтып жатышкан бир туугандарга мындай деймин: мен суроодо айтылгандай, пайгамбарлардын жана сахабалардын ролун аткаруу шариятка каршы келерин жана Халифат мындай иштерге тыюу саларын айтуу менен чектелдим. Көрүү тууралуу жооб бергеним жок. Балким, суроочулар бул маселе тууралуу өздөрү ижтихад кылуусуна же өздөрү кадыржам болуп эргешкен бир мужтахиддин бул маселе тууралуу ижтихадына ээрчүүлөрүнө калтырдым. Башкача айтканда, бул маселе тууралуу толук ыктымалдуу бир пикир берген жокмун. Маселе ачык-айкын болду деп ойлойм**.**

**Бурадарыңар Ата ибн Халил Абу Рошта** **28-робиус-саний, 1441-х.**

**25-декабрь, 2019-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук бетиндеги колдонуучулардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Y. S тарабынан алтынга тиешелүү экономикалык суроолоруна жооп

Суроолор:

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух:

Улуу аалым Ато ибн Халил, сизди Аллах Өз коргоосунда сактасын.

Алтынга тиешелүү экономикалык суроолор:

Алтын баасына таасир кылуучу факторлор эмнелерден турат?

Эмнеге өткөн жылдын аягынан тартып алтын баасы төмөндөп кетти?

Болжол менен бир ай мурун алтын баасы капыстан төмөндөп кеткенин эмнеге байлоого мүмкүн?

Шарият боюнча кагаз акчалардын ордуна алтынды (бул алтындын зекетин берген абалда) сактоо жайизби? Бул нерсе аракетсиз казына сактоо эсептелеби? Эгер, бул, жайиз болсо, экономикалык жактан аны кеңеш берсе болобу?

Аллах сизге берекет берсин.

Жооп:

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух:

1 – Өзүңүзгө белгилүү болгондой, мурун акча алтын жана күмүш болгон. Ал тургай, кээ бир мамлекеттер XIX кылымдын аяктарында жана XX кылымдын баштарында кагаз акчаларды чыгарганда да бул акчалар алтын жана күмүштөн ордун баскан жана аларды ар кандай убакта алмаштыруу мүмкүн болгон т.а. кагаз акчасы бар адам бул акчаларды чыгарган мамлекеттин банкына барып алардын ордуна кыйматына жараша алтынды алышы мүмкүн болгон.

2 – Бул абал эки дүйнөлүк согуш, 1914-жылдагы биринчи дүйнөлүк согуш жана 1939-жылдагы экинчи дүйнөлүк согуш аралыгында өзгөрдү. Айрыкча, 1929-жылы Америкада чоң депрессия жүз бериши менен ушундай болду. Бул депрессия башка мамлекеттерге да өттү. Натыйжада, кагаз акчаларды алтынга алмаштырып берүүгө бир нече чектөөлөр коюлду…

3 – 1945-жылы экинчи дүйнөлүк согуш аяктап Америка бул согуштан эң аз зыян көрүү менен чыкты. Европа, Германия жана Япония болсо бул согушта чоң зыянга учурады, алардын оор өнөр жайы, инфраструктурасы ойрон болду… Согуштан кийин алтындын чоң бөлүгү Америка колуна топтолуп калды. Америка өзүнүн аскерий жана экономикалык кубаты себептүү «Bretton Woods» («Бреттон Вудс») конференциясында өзүнүн валютасын т.а. кагаз долларын – алтын каптоосуна (камсыздоосуна) барабар – дүйнө мамлекеттеринин акча бирдиктеринин каптоосуна айлантты. Т.а. бул мамлекеттер алтындан же доллардан турган запасы болсо гана кагаз акчаны басып чыгара ала турган болду. Америка доллар баасын бир унция алтын үчүн 35 доллар деп белгиледи жана колунда доллары бар мамлекеттерге, эгер, ушул баа боюнча алтын кыйматын алууну каалаcа, алтын менен төлөө милдетин алды.

4 – Мында Америкага өзүнүн алтындан турган казынасы жардам берди, бул алтын жетиштүү эле, жада калса, ичкеридеги жана чет элдеги басылып чыккан кагаз долларлардан ашык да болчу. Ал учурда Америкадагы алтын казынасы чет мамлекеттердин жана адамдардын колундагы долларларды

каптоого кудуреттүү болушу маанилүү болгон. Ичкеридеги кагаз долларларга келсек, чет элдегиге караганда ичкеридеги долларлар менен мамиле кылуу жеңил эле.

Анык түшүнүктүү болушу үчүн салыштырып көрөбүз, Американын 1946-жылдагы алтын запасынын кыйматы Бреттон Вудс келишиминен кийин ушул келишимде белгиленген баа боюнча 20,6 миллиард долларга барабар болгон. Чет мамлекеттердин жана адамдардын колундагы кагаз долларлар болсо 6,1 миллиард долларга тең эле. Бул абал 1960-жылга чейин сакталып турду т.а. Америка 1960-жылга чейин доллардын ушул баасын кепилдөөгө кудуреттүү болуп турду. Бул доорго келип Америкадагы алтын запасы 18,8 миллиард болуп калды, чет элдеги кагаз доллардын көлөмү болсо 18,7 миллиардга жетти т.а. Америка доллар баасын араң кепилдей турган болуп калды. Мына ошондон кийин чет элдеги доллар көлөмү Америкадагы алтын запасынан аша баштады.

5 – Доллардын алтын каптоосу (алтын менен камсыздоосу – алтын менен айырбаштап берүүсү) жамандашып барышы натыйжасында Америка дүйнөдөгү негизги мамлекеттерден жардам талап кылды. Акыбетте, «алтын тобун» түзүү жөнүндөгү келишимге кол коюлду. Бул топтун иши мындай болчу, базарда алтын баасы бирер себепке ылайык көтөрүлүп кетсе, бааны тең салмактуу даражасына кайтаруу үчүн банктар дароо аралашып кошумча көлөмдөгү алтынды сатууга чыгара турган болду. Мунун тескериси катары, баа төмөндөп кетсе банктар тезинен аралашып, ашыкча алтын көлөмүн сатып алып, натыйжада баа мурунку даражасына көтөрүлө турган болду.

Бул топ бир нече жыл иштеди. Бирок, ал аста-секин, айрыкча, 1965-жылы базарга сунуш менен аралаша турган болду. Бул абал ушул топ 1968-жылы 17-мартта жоюлганга чейин уланды. Бул нерсе мүчө мамлекеттердин алтын запастарынын жок болуп кетүү коркунучун туудурду. Натыйжада, Франция 1967-жылы июнь айында бул топтон чыгып кетти. Ошондон кийин кризистер тездешти (1967-жылы күзүндө фунт стерлинг кризиси, 1968-жылы болсо алтын кризиси жүзөгө келди). Бул эки кризис алтын тобуна мүчө мамлекеттердин алты ай ичинде 2,5 миллиард алтын доллар зыян көрүшүнө себеп болду. Ошондон кийин 1968-жылы 17-мартта Вашингтондо жыйын өткөрүлүп, алтын тобун бекер кылууга жана алтын баасын сунуш жана талап белгилей турган эркин абалга коюуга чечим кылынды.

6 – Ушул алтын кризиси Америкадагы алтын запасы 1965-жылдагы 14 миллиарддан 1968-жылы март айында т.а. алтын тобу бекер кылынган убакта 10,48 миллиардга азайышына себеп болду. Ошол убакта бул алтын көлөмү мыйзамда көрсөтүлгөн доллардын Американын ички алтын каптоосу (25%) үчүн шарт болгон өлчөмдүн минимум чеги эле. Ошондуктан, Америка чет элдеги жеке сектордун колундагы долларларды алтынга алмаштырып берүүнү бекер кылды. Чет элдеги расмий запастарды гана алтынга алмаштырып берүүнү сактап калды. Себеби, Америка колунда калган алтын көлөмү – жогоруда айтылган минимум чек – чет элдик расмий запастар үчүн гана жетиштүү эле. Т.а. ичкеридеги доллардын алтын каптоосу (25%) алып ташталды. Бирок, Америка жеке сектордун импорт жана экспорту натыйжасында чет элдик расмий запастарды алтынга алмаштырып берүү милдетине да баш ийбей калды. О.э. эл аралык мамилелердеги мамлекеттик сектордун операциялары да ушул абалга түштү.

7 – Ушуга ылайык, Америка президент Никсон доорунда т.а. 1971-жылы алтынга алмаштырып берүү түзүмүн бүтүндөй бекер кылууга чечим кылды. Ошондон кийин кагаз акча – кандай гана айырбаштоо болбосун – каптоосуз калды. Тескерисинче, кагаз акчанын кыйматын мамлекеттердин экономикасы т.а. мамлекеттердин төлөм балансы, мамлекеттердин коопсуздук абалы, капыстан жүз берүүчү кризистер… мындан тышкары, акча базарларындагы чайкоочулуктар да белгилей турган болду. Кала берсе, акча нефть жана анын баасынын, нефть булактарынын коопсуздук же туруксуздук абалдарына кабылуунун маанилүү элементи да болуп калды.

8 – Ачык-айкын болушу үчүн ушуларды айтабыз:

а) Алтын ушул доордон кийин ар кандай товар сыяктуу сунуш жана талаптын таасиринде калды. Ошондуктан, эгер кээ бир мамлекеттер өз экономикасын күчөтүү үчүн өзүнүн алтын запасынын бир бөлүгүн сатышы себептүү сунуш көтөрүлүп кете турган болсо т.а. базарларда алтынды сунуш кылуу көбөйүп кетсе, алтын басы төмөндөй турган болду… Кээ бир мамлекеттер же кээ бир адамдар белгилүү бир чайкоочулук максатында алтынды жан үрөп сатып алууга киришсе, алтын баасы көтөрүлө турган болду.

б) О.э. алтындын импортуна коюлган чектөөнүн көбөйүшү жана азайышы алтын баасына таасир кылуучу факторлордон болуп калды. Импорт жана экспорт базарларда алтындын сунуш деңгээлин көбөйтөт жана активдештирет, акыбетте алтындын баасы төмөндөп кетет. Дал ушундай абал 2011-жылдын башында Булуң мамлекеттеринде жүз берди. Алтындан иштелген жана жасалган нерселерге салына турган бажыкана салыктары алтындан алып ташталгандан кийин жана бул мамлекеттер ортосундагы бирдиктүү стандарт белги (проба) коюлгандан кийин ушундай болду. Бул мамлекеттер ортосунда алтындын импорт жана экспорт аракети күчөгөнү себептүү алтын баасы төмөндөп кетти.

в) О.э. экономикалык себептерге ылайык, же согуш, же ушуга окшогон себептерге ылайык доллар төмөндөсө адамдар доллар ордуна алтынды топтоп, чогултуу жолуна өтө турган болушту. Мамлекеттер да өз запастарын доллар ордуна алтын менен толтурууга аракет кыла турган болду. Натыйжада, алтынга болгон талап көбөйүп, анын баасы көтөрүлүп кете турган болду. Эми, эгер Америка экономикасы жакшыланышы себептүү же ушуга окшогон себепке ылайык доллар көтөрүлө турган болсо, адамдардын долларга болгон ишеними дагы тикелене турган болду жана ошондон кийин алар өздөрүнүн алтын запастарынын кээ бир бөлүгүн сата турган болушту, натыйжада сунуш көбөйүп, адамдар алтын ордуна долларды чогултушту, натыйжада алтын баасы төөмөндөй турган болду.

г) Бул жерде нефть маселеси да бар. Себеби, бүгүн алтын баасынын көтөрүлүшү же төмөндөшү нефть баасынын көтөрүлүшү же төмөндөшү менен түздөн-түз пропорциялуу. Демек, нефть баасы көтөрүлсө, аны менен бирге алтын баасы да көтөрүлөт, ал эми, Америка долларынын баасы төмөндөгөндө алтын баасы көтөрүлөт.

9 – Ушуга ылайык сурооңузга жооп берүү мүмкүн:
а) 2012-жылы алтын бааларынын төмөндөшү:

Ошол ушул жылы көңүлдү өзүнө бурган эки нерсе жүз берди:

Биринчи: ипотека базары кулашы натыйжасында Америкада жүз берген экономикалык кризис артынан акыркы жылдар аралыгында кабылган оор кыйынчылыктан кийин доллар баасынын салыштырмалуу жакшыланышы… Жогоруда айтылып өткөн себептерге ылайык доллар баасынын бул оңолуусу алтын баасынын төмөндөшүнө алып келди. Себеби, мында алтын баасы доллар баасына тескери пропорциялуу болду…

Экинчи: Россия акыркы беш жыл ичинде биринчи жолу өзүнүн алтын запасынын 4 тоннага жакынын сатты. Арийне, бул сатуу т.а. сунуштун көбөйүшү алтын баасынын төмөндөшүнө алып келди.

Бул жерде башка экинчи даражалуу себептер да бар, бирок, биз жогоруда айтып өткөн нерселер чоң таасир кылды.

б) Эми, 2013-жылы июль айында алтын баасынын капыстан төмөндөшүнө келсек, 2013-жылы 19-июнда Америка Федералдык резерви т.а. Америка борбордук банкынын башчысы көлөмдүк жеңилдетүү программасын аста-секин азайтуу ыктымалы жадыбалын жарыя кылды. Бул нерсе, доллардын кубаттанышына, алтын баасынын болсо күтүлбөгөн даражага төмөндөшүнө алып келди. Себеби, бир унция баасы 1180 долларга жетти! Бул кыймат алтынды казып алууга кеткен каражаттардан бир аз гана жогору. Анткени, бир унция алтынды казып алууга кеткен каражат 1135 менен 1160 доллар айланасында. Мына ушул нерсе «СЭК Комикс» компаниясынын директору Ражат Гуптуну мындай сөздөрдү айтууга мажбур кылды: «Менин оюмда, бир гана себепке ылайык баалар бул даражадан төмөндөп кетпейт, анткени алтынды казып алуунун өздүк наркы бир унцияга 1135 доллар менен 1150 доллар чегинде болот. Мындан улам, эгер баа бул даражадан төмөндөп кетсе,

шахталар кен казып алууну жана аны сатыкка чыгарууну токтотушат, акыбетте алтындын баасы кайра көтөрүлөт…».

Бул сөздөр кандайдыр бир деңгээлде туура, себеби, баалар 2013-жылы август айында бир аз көтөрүлдү, натыйжада бир унцияга 1310 доллар бериле турган болду. Америка Федералдык резерви баасы айына 85 миллиард долларга жеткен баалуу кагаздарды сатып алуу программасын кыскартууга киришкенине карабастан ушундай болду. Бул нерсе базарда долларды сунуш кылуу азайышын, арийне, анын баасы көтөрүлүп, алтын баасы болсо төмөндөшүн түшүндүрөт. Ушуга карабастан, ал – алтындын кыйматы өздүк баасына барабар болгон төмөн баада болсо да – 2013-жылы июль айында төмөндөбөдү. Бирок, Гупту айткандай алтын баасы аны казып алуу каражатына жакын болгон сайын кээ бир шахталар аны казып алууну азайтат, арийне, базарда алтынды сунуш кылуу да азаят, натыйжада, алтын баасы аз болсо да көтөрүлөт…

в) Эми, сиздин кагаз валюта ордуна алтын жана күмүштү сактоо жөнүндөгү суроoңузга келсек, алтынга карата шаръий өкүмдөр – алтын акча болуп басылып чыккан болобу же куйма абалында болобу, айырмасыз – бирдей болот… Демек, шек-күмөнсүз алтынды казына кылып топтоо – ал тургай, зекети берилген болсо да – арам. Бул өкүм ушул тема боюнча шарият далилдерине ылайык бул маселеде эң абзел көз караш болуп эсептелет. Бирок, сактап чогултуу бир муктаждык үчүн болсо, мисалы, үй курмакчы же уулуңузду үйлөндүрмөкчү болсоңуз… мындай абалда бул нерсе зекетин берүү менен жайиз болот.

**Боордошуңуз Ато Халил ибн Абу Рушта** **17-шаввал, 1434-х.**

**24-август, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Fethi Marouani тарабынан берилген казылык өкүмү, ата-энеге жакшылык кылуу жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Бисмиллахир Рохманир Рохим!

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Суроо: адамдын мусулман же кайрымусулман болушуна, Ислам мамлекетинин жараны болушу же болбошуна карабастан, адам ата-энесине жакшылык кылып, аларга мээримдүүлүк көрсөтүүсү важиб эмеспи? Эгер, бул мусулман мыйзам бузуп, Ислам мамлекетинен тышкарыдагы адамдардын акысына кол салса жана өз мамлекетине качып өтсө, кийин алар келип, анын үстүнөн даттанышса, казы алар

Ислам мамлекетинин жараны эмес деген хужжат менен алардын арыздарын кайтарып жибереби? Ушуну кеңири ачыктап беришиңизди үмүт кылабыз, Аллах бизден сизге көп жакшылыктар берсин, вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

**Жооп:**

Экинчи маселе т.а. ата-энеге жакшылык кылуу маселеси. Бул башка маселе, диярдын айырмаланышы ата-энеге жакшылык кылуудан тыйбайт. Аллах Субханахунун ушул сөзү буга далил:

{وَوَصَّيْنَا ٱلْإِنسَـٰنَ بِوَٰلِدَيْهِ حُسْنًا ۖ وَإِن جَـٰهَدَاكَ لِتُشْرِكَ بِى مَا لَيْسَ لَكَ بِهِۦ عِلْمٌ فَلَا تُطِعْهُمَآ ۚ إِلَىَّ مَرْجِعُكُمْ فَأُنَبِّئُكُم بِمَا كُنتُمْ تَعْمَلُونَ}

***«Биз инсанды ата-энесине жакшылык кылууга буюрдук, эгер алар сен өзүң билбеген нерселерди Мага шерик кылышың зордошсо, анда аларга моюн сунбагын,*** *(баарыңар)* ***Мага кайтасыңар, демек, Мен силерге кылып өткөн амалыңардын кабарын беремин»*** [29:8]

Имам Бухарийдин Асма бинт Абу Бакр Hдан кылган риваяты да далил болот, Асма айтты: Расулуллах A заманында алдыма энем келди, ал мушрик эле, ошондо мен Расулуллах Aдан: Энем мага келип жатат, аны менен алака кылсам болобу, деп фатва сурадым. Ошондо ал киши: «Ооба, энеңиз менен алака кылыңыз», деди.

Эми, мыйзам бузуулар, кылмыштар жана башка иштер жөнүндөгү суроонузга келсек, алардын өкүмдөрү башка. Диярдын айырмаланышы бул өкүмдөрдү аткарууга тоскоол болбойт, ушул иштерге хос шаръий өкүмдөргө ылайык амалий же хукман согуш абалын, же келишим түзүлгөн мамлекеттин абалын этибарга алганда айырмаланат…

Мисалы, ушул аятты алып карайлы:

{وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ أَن يَقْتُلَ مُؤْمِنًا إِلَّا خَطَـًٔا ۚ وَمَن قَتَلَ مُؤْمِنًا خَطَـًٔا فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤْمِنَةٍ وَدِيَةٌ مُّسَلَّمَةٌ إِلَىٰٓ أَهْلِهِۦٓ إِلَّآ أَن يَصَّدَّقُوا۟ ۚ فَإِن كَانَ مِن قَوْمٍ عَدُوٍّ لَّكُمْ وَهُوَ مُؤْمِنٌ فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤْمِنَةٍ ۖ وَإِن كَانَ مِن قَوْمٍۭ بَيْنَكُمْ وَبَيْنَهُم مِّيثَـٰقٌ فَدِيَةٌ مُّسَلَّمَةٌ إِلَىٰٓ أَهْلِهِۦ وَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤْمِنَةٍ ۖ فَمَن لَّمْ يَجِدْ فَصِيَامُ شَهْرَيْنِ مُتَتَابِعَيْنِ تَوْبَةً مِّنَ ٱللَّهِ ۗ وَكَانَ ٱللَّهُ عَلِيمًا حَكِيمًا}

***«Момун момунду билбеген абалда өлтүрүп коюшу мүмкүн эмес, билбеген абалда гана өлтүргөн болсо мүмкүн, ким бир момунду билбей өлтүрүп койсо,*** *(мунун өкүмү)* ***бир момун кулду азат кылуу жана маркумдун ээлерине – эгер кечип жиберишпесе – кун төлөө, эгер маркум өзү момун болуп, силерге душман коумдон болсо,*** *(мунун өкүмү)* ***бир момун кулду гана азат кылышы буйрулат, эгер ал араңарда сулх түзгөн коумдон болсо,*** *(мунун өкүмү)* ***анын ээлерине кун төлөө жана бир момун кулду азат кылуу зарыл, ким*** *(азат кылуу үчүн бир кул)* ***таба албаса,*** *(мунун өкүмү)* ***Аллахка тообо кылып, удаама-удаа эки ай орозо тутуусу зарыл, Аллах билим жана хикмат ээси болгон Зат»*** [4:92]

Көрүп турганыңыздай, мусулман мусулманды амалий согуш абалындагы диярда т.а.:

{قَوْمٍ عَدُوٍّ لَّكُمْ}

***(Силерге душман коумдо)***, билбей өлтүрүп койсо, анын өкүмү:

{فَتَحۡرِيرُ رَقَبَةٖ مُّؤۡمِنَةٖ}

***(Бир момун кулду азат кылуу)***. Эгер, ал келишим түзүлгөн харб диярында т.а.

{قَوۡمِۭ بَيۡنَكُمۡ وَبَيۡنَهُم مِّيثَٰقٞ}

***(араңарда сулх түзгөн коум болсо)*** мунун өкүмү:

{فَدِيَةٞ مُّسَلَّمَةٌ إِلَىٰٓ أَهۡلِهِۦ وَتَحۡرِيرُ رَقَبَةٖ مُّؤۡمِنَةٖۖ فَمَن لَّمۡ يَجِدۡ فَصِيَامُ شَهۡرَيۡنِ مُتَتَابِعَيۡنِ تَوۡبَةٗ مِّنَ ٱللَّهِ}

***(Анын ээлерине кун төлөө жана бир момун кулду азат кылуу зарыл, ким*** *(азат кылуу үчүн бир кул)* ***таба албаса,*** *(мунун өкүмү)* ***Аллахка тообо кылып, удаама-удаа эки ай орозо тутуусу зарыл***. Ушуга ылайык, финансылык укук башка маселелерден айырмаланат. Ал тургай, кээде финансылык укук бир диярдын өзүндө да айырмаланат, мисалы, мусулман кафирден жана кафир мусулмандан мурас албайт, жада калса, экөөсү Ислам диярында болсо да мурас албайт. Расулуллах A мындай дейт:

**«وَلاَ يَرِثُ الْقَاتِلُ شَيْئاً»**

**«Катыл эч кандай мурас албайт»** (Абу Давуд риваяты).

**«لاَ يَرِثُ الْكَافِرُ الْمُسْلِمَ، وَلاَ الْمُسْلِمُ الْكَافِرَ»**

**«Кафир мусулмандан жана мусулман кафирден мурас албайт»** (Имам Ахмад риваяты).

Корутунду: харб диярында, анын жараны болгон абалда жашап жаткан жана Ислам дияры бар болгон убакта ага көчүп өтүүнү четке каккан мусулман Ислам диярында жашап жаткан уулунун үстүнөн финансылык доо арызы кабыл алынбайт. Ата-энеге жакшылык кылуу мындан айырмаланат т.а. мусулман перзент кафир ата-энесине жакшылык кылат. Эгер, ата-энеси аны Аллах Субханахуга ширк келтирүүгө мажбурлашса, аларга итаат кылбайт. Буга алакадар башка маселелер, мисалы, ата амалий согуш абалындагы кошуундун катарында согушуп жаткан болсо, булардын шаръий өкүмдөрү башкача…

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **17-шаъбан, 1434-х.**

**26-июнь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Тамир Хаж Мухаммад тарабынан берилген арам жол менен табылган байлыктын тообо кылынгандан кийинки өкүмү жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Улуу аалым Ато ибн Халил Абу Рушта мырза, сизди Аллах Өз коргоосунда сактасын, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, амма баъд:

Сүткордук, уурулук, бузуку ырларды ырдоо же булардан башка арам жолдор менен табылган байлыктын, эгер, ээси тообо кылса бул байлыктын өкүмү кандай болот?

Бул туурасында хостоо барбы же бул туурасындагы өкүм бирөөбү?

Байлыктын ээси тообо кылса да байлык арам болуп кала бере турган болсо, тообо кылууну каалаган, бирок, байлыгы текке кетишинен корккон адамдар да табылат… Ошондуктан, кээ бир шайхтер айткандай, анын тообо кылышына үмүт кылып бул иш башкача чечилеби?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух…

Аллах Субханаху ва Таала айтат:

{يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ تُوبُوٓا۟ إِلَى ٱللَّهِ تَوْبَةً نَّصُوحًا}

***«Эй момундар, Аллахка калыс тообо кылгыла»*** [66:8]

{إِلَّا ٱلَّذِينَ تَابُوا۟ وَأَصْلَحُوا۟ وَٱعْتَصَمُوا۟ بِٱللَّهِ وَأَخْلَصُوا۟ دِينَهُمْ لِلَّهِ فَأُو۟لَـٰٓئِكَ مَعَ ٱلْمُؤْمِنِينَ ۖ وَسَوْفَ يُؤْتِ ٱللَّهُ ٱلْمُؤْمِنِينَ أَجْرًا عَظِيمًا}

***«Бирок, тообо кылып өздөрүн оңдогон жана Аллахка байланып, диндерин Аллах үчүн калыс кылган заттар – дал ошолор гана момундар менен бирге болушат. Жакында Аллах момундарга улук ажр-сооп берет!»*** [4:146]

Тирмизий Анастан риваят кылган хадисте Набий A айтты:

**«كُلُّ ابْنِ آدَمَ خَطَّاءٌ وَخَيْرُ الخَطَّائِينَ التَّوَّابُونَ»**

**«Адам перзенттеринин баары каталык кылуучу. Каталык кетирүүчүлөрдүн эң жакшысы – тообо кылуучулар».**

Тообо туура таризде болушу жана Аллах тообо кылуучунун күнөөсүн кечириши үчүн тообо кылуучу күнөөдөн тыйылышы, өтмүштө кылган иштерине бушайман болушу жана мындай иштерге кайра барбоого бекем чечим кабыл алышы керек. Эгер, күнөөсү бирер адамдын акысына тиешелүү

болсо зулум көргөн бул адамдын укугун кайтарышы жана анын кечиришине жетишүүсү шарт кылынат. Эгер, анда уурулук же баскынчылык менен тартып алган байлык болсо, байлыкты ээсине кайтарышы жана шаръий жактан ыплас жол менен табылган нерседен кутулушу важиб. Себеби, арам жол менен байлык табуунун акыбети кооптуу. Ахмад Абдуллах ибн Масъуддан риваят кылган хадисте Абдуллах ибн Масъуд айтат: Расулуллах A айтты:

«...وَلاَ يَكْسِبُ عَبْدٌ مَالاً مِنْ حَرَامٍ... إِلاَّ كَانَ زَادَهُ إِلَى النَّارِ»

**«Эгер, пенде арамдан байлык тапкан болсо, бул байлыгы анын тозоко даярдаган азыгы болот»** Тирмизий Каъб ибн Ужрадан риваят кылган хадисте Расулуллах A Каъбга мындай деди:

«يَا كَعْبَ بْنَ عُجْرَةَ، إِنَّهُ لاَ يَرْبُو لَحْمٌ نَبَتَ مِنْ سُحْتٍ إِلاَّ كَانَتِ النَّارُ أَوْلَى بِهِ»

**«Эй Каъб ибн Ужра, тозоко акылуу болгон эттен тышкары, арамдан азыктанган эт чоңойбойт».**

Бул адам колунда арам байлык калып, кантип тообо кылышы мүмкүн?! Бул, тообо эмес, тескерисинче, жамандыктын уландысы. Ошондуктан, ага тообо кылууну, шаръий жактан арам жол менен ээ болгон байлыгынан кутулууну, уурдаган же тартып алган байлыкты ээсине кайтарууну, алардан жана Аллах Тааладан кечирим суроону насаат кылгын. Аллах Субханаху ва Таала ырыскы берүүчү, күч-кубат ээси жана кудуреттүү. Эгер Аллах Субханаху ва Таала кааласа бул дүйнө жана Акыретте аны азиз кыла турган берекелүү жакшы байлык берет. Аллах Субханаху ва Таала пендесинин туура, калыс тообосун жакшы көрөт жана аны эң татыктуу сыйлык менен сыйлайт.

Аллах Субханаху ва Тааладан бул адамды эң туура жолго хидаятташын жана анын калыс тообо кылышын сурап каламын. Аллах кечирими кең Зат.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **26-шаъбан, 1434-х.**

**5-июль, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

**Абу Мумин Хамад тарабынан берилген**

«إِنَّ اللَّهَ يَبْعَثُ لِهَذِهِ الأُمَّةِ عَلَى رَأْسِ كُلِّ مِائَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا»

## «Албетте, Аллах бул Үммөткө ар жүз жылдын башында динин жаңылай турган кишини жиберет», деген хадиси шарифтин мааниси жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Шейхибиз, Аллах сиз себептүү береке берсин жана сиздин колуңуз менен нусратты тездетсин, илимиңизден бизге пайда берсин!

Улуу сахаба Абу Хурайра Г Расулуллах Адан ушул белгилүү хадисти риваят кылат:

«إِنَّ اللهَ يَبْعَثُ لِهَذِهِ الْأُمَّةِ عَلَى رَأْسِ كُلِّ مِائَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا»

**«Албетте, Аллах бул Үммөткө ар жүз жылдын башында динин жаңылап турган кишини жиберет».** Абу Давуд риваяты (4291), Сахавий аны «Макосидул хасана»да (149-б), Албаний «Силсилатус сахиха»да (599) сахих, деген.

Суроо ушул, ушул хадистин мааниси кандай, андагы «مَنْ» сөзү бир адамды түшүндүрөбү же жамааттыбы? Өткөн кылымдардагы ушундай кишилерди санап өтүү мүмкүнбү? Аллах сизден ыраазы болсун!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Ооба, бул хадис сахих жана анда беш маселе бар:

1 – Жүз жыл кайсы тарыхтан башталат: Расулуллах Адын туулган күнүнөнбү, же пайгамбарлыктанбы, же хижраттанбы, же дүйнөдөн кайткан күнүнөнбү?

2 – «Ар жүз жылдын башы», дегени ар жүз жылдын башын түшүндүрөбү, же ар жүз жыл аралыгынбы, же ар жүз жылдын аягынбы?

3 – Андагы «مَنْ» сөзү адамдарга диндерин жаңылап бере турган бир кишини түшүндүрөбү же жамааттыбы?

4 – Өткөн жүз жылдыктар арасында жаңылоочуларды санап өткөн сахих риваяттар келгенби?

5 – Биз хижрий 1399-жылы 30-зул-хижжада бүткөн он төртүнчү жүз жылдыкта адамдарга диндерин жаңылап берүүчү ким экенин билишибиз мүмкүнбү?

Мен колумдан келгенче бул маселелердеги тарджихтеримди – кайчылаш нукталарга киришпестен – жооп берүүгө аракет кыламын, Аллах Өзү буга жетиштирсин, Аллах туура жолго хидаяттоочу.

1 – Жүз жыл кайсы тарыхтан башталат?

Мунавий «Фатхул кадир» мукаддимасында: «Жүз жылдын башы туурасында ихтилаф бар: Ал Пайгамбар А туулган күнүнөн башталабы, же Пайгамбар болуп жиберилген күндөнбү, же хижраттанбы, же көз жумганынанбы...», деген. Менин тарджихим (башкаларга караганда күчтүү деп билгеним), бул, хижраттан башталат. Себеби, бул исламий мамлекет тикелениши менен Ислам жана мусулмандар азиз болгон окуя. Ушул себептен улам, Умар тарыхты баштоого иттифак кылуу үчүн сахабаларды жамдаганда баары хижратка таянышты. Табарий өзүнүн «Тарых»ында риваят кылат:

«Мага Абдурахман ибн Абдуллах ибн Абдулхакам айтып берди: бизге Нуайм ибн Хаммад айтып берди: бизге Даровардий Усман ибн Убайдуллах ибн Абу Рофиънин мындай риваят кылганын айтып берди: мен Саид ибн Мусайябдын мындай деп жатканын уктум: Умар ибн Хаттаб адамдарды чогултуп, алардан: Кайсы күндөн жазабыз, деп сурады. Али: Расулуллах А хижрат кылып, ширк өлкөсүнөн чыккан күндөн, деди. Умар Г ошондой кылды. Абу Жаъфар мындай деди: Алар биринчи хижрий жылды ошол жылдын мухаррам айынан башталат деп чечишти т.а. Расулуллах Адын Мединага келишинен эки айдан көбүрөөк убакыттан мурун башташты, анткени, Расулуллах А ал жерге рабиул-аввалдын он экинчи күнү келген».

Ушуга ылайык, мен жүз жылдыктарды сахабалар ψ таянган хижрий тарыхтан баштап эсептөөнү тарджих кылдым (башкасына караганда күчтүү деп билемин).

2 – «Жүз жылдын башы» жөнүндө айта турган болсок, мында жүз жылдын аягы деген божомол күчтүүрөөк. Т.а. динди жаңылай турган белгилүү, таква, пакиза аалым жүз жылдыктын аяктарында болот, анын өлүмү да аяктарында болот, жарымында да, аралыгында да болбойт. Мен бул сөздү төмөндөгү себептерге ылайык таржих кылдым:

а) Сахих риваяттар менен сабит болушунча, Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктын жаңылоочусу деп эсептелген. Умар ибн Абдулазиз хижрий 101-жылы 40 жашында дүйнөдөн кайткан. Шафиийди экинчи жүз жылдыктык жаңылоочусу деп эсептешет, ал хижрий 204-жылы 54-жашында дүйнөдөн кайткан. Эгер «жүз жылдыктын башы» мындан башкача тафсир кылынса т.а. жүз жылдыктын башы деп тафсир кылынса, анда Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктагы жаңылоочу болбой калат, себеби, ал хижрий 61-жылы дүйнөгө келген. Шафиий болсо экинчи жүз жылдыктын жаңылоочусу болбой калат, себеби, ал хижрий 150-жылы туулган. Демек, хадисте келген «жүз жылдыктын башы» жүз жылдыктын башын эмес, аягын түшүндүрөт, мындан жаңылоочу киши жүз жылдыктын арасында туулуп, аяктарында динди жаңылай турган белгилүү аалымга айланган жана аяктарында дүйнөдөн кайткан болуп чыгат.

б) Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыкта, имам Шафиий экинчи жүз жылдыкта динди жаңылоочу болгондугуна далил Үммөт уламалары жана имамдары арасында өтө белгилүү болгон. Мисалы, Зухрий, Ахмад ибн Ханбал, башка мурунку жана кийинки имамдар ушуга иттифак кылышкан, Умар ибн Абдулазиз ] биринчи жүз жылдыкта, имам Шафиий ] экинчи жүз жылдыкта дин жаңылоочусу болушкан, Умар ибн Абдулазиз 101-жылы 40 жашында дүйнөдөн кайткан, ал эки жарым жыл халифалык кылган. Шафиий болсо 204-жылы 54-жашында дүйнөдөн кайткан. Хафиз Ибн Хажар «Тавалий ат-таъсис»те мындай дейт: «Абу Бакр Баззар айтты, мен Абдулмалик ибн Абдулхамид Маймунийдин мындай дегенин уктум: мен Ахмад ибн Ханбалдын алдында элем, ошондо ал жерде Шафиий эске алынды, мен Ахмаддын Шафиийди бийик даражага көтөргөнүн көрдүм. Ал айтты: Набий Адан риваят кылынышынча, ал зат: Аллах Таала ар жүз жылдын башында адамдарга динин үйрөтө турган кишини алдын ала белгилеп коёт, деген. Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктын дин жаңылоочусу болгон, үмүт кыламын, экинчи жүз жылдыктын дин жаңылоочусу Шафиий болот».

Абу Саид Фирябийдин риваятына ылайык, Ахмад ибн Ханбал айтат: «Аллах ар жүз жылдын башында адамдарга Сүннөттү үйрөтө турган жана Набий Адан ал кишиге каршы жалганды жокко чыгара турган кишини алдын ала даярдап коёт. Биз жүз жылдын башында Умар ибн Абдулазизди, эки жүз жылдын башында болсо Шафиийди көрдүк».

Ибн Адий мындай дейт: Мен Мухаммад ибн Али ибн Хусайндын мындай дегенин уктум: Мен сахабаларыбыздын биринчи жүз жылдыкта жаңылоочу Умар ибн Абдулазиз, экинчи жүз жылдыкта болсо Мухаммад ибн Идрис Шафиий болду, дегенин уктум.

Хаким өз «Мустадрак» китебинде Абу Валидден риваят кылат: Мен Абу Аббас ибн Шурайхтын межлисинде элем. Ошондо бир шейх ордунан туруп, аны мактады. Мен шейхтин мындай дегенин уктум: Бизге Абу Тахир Хавланий айтты, бизге Абдуллах ибн Вахб айтты, мага Саид ибн Абу Айюб Шарохил ибн Язидден, ал Абу Алкамадан, ал Абу Хурайра Гдан кабар кылды: Расулуллах А мындай деди:

«إِنَّ اللهَ يَبْعَثُ لِهَذِهِ الْأُمَّةِ عَلَى رَأْسِ كُلِّ مِائَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا»

**«Албетте, Аллах бул Үммөткө ар жүз жылдын башында динин жаңылай турган кишини жиберет»**. Демек, эй казы, Аллах биринчи жүз жылдын башына Умар ибн Абдулазизди, экинчи жүз жылдын башына Мухаммад ибн Идрис Шафиийди жибергенине кубангыла…

Хафиз ибн Хажар айтат: Бул жагдай ушул хадис ошол кылымда абдан белгилүү болгонун билдирет.

в) Айтылышынча, лугатта (сөздүктө) нерсенин башы, анын башы, делген. Анда, жүз жылдыктын башы анын башы эмес, аягы экенин кантип таржих кылабыз? Буга жооп ушул, лугатта رأس الشيء – нерсенин башы анын башын да, аягын да билдирет. «Тожул арус»та келишинче, нерсенин башы – анын тараптары о.э. анын аягы деп да айтылган. «Лисонул араб»да мындай делген: «خَرج الضبُّ مرائسًا» - кескелдирик ийининен башы менен, кээде куйругу менен т.а. башы же аягы менен чыгып кетти, дегени». Ушуга ылайык, лугатта нерсенин башы – анын башы менен бирге о.э. башы болобу же аягыбы, айырмасы жок, анын тараптары экени айтылган. Бизге хадистеги жүз жылдыктын башынан максат, анын башыбы же аягыбы экенин таржих кылуу үчүн карина керек. Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктын жаңылоочусу болуп, 101-жылы дүйнөдөн кайтканы, Шафиий экинчи жүз жылдыктагы жаңылоочу болуп, 204-жылы дүйнөдөн кайтканын этибарга алсак, бул кариналар жогоруда айтылган риваяттарда бар экенин көрөбүз. Булардын баары – хадистин мааниси жүз жылдыктын башы эмес, аягы экенин таржих кылат.

Жогоруда баян кылынгандарга ылайык, мен хадисте келген «ар жүз жылдыктын башынын» мааниси жүз жылдыктын аягы экенин таржих кыламын.

3 – Хадистеги مَنْ сөзү бир кишини түшүндүрөбү же жамааттыбы? – деген суроого келсек, ал жерде «يبعث لهذه الأمة... من يجدد لها دينها бул Үммөткө динин жаңылай турган кишини жиберет», деп келген. Эгер مَنْ сөзү жамаатка далалат кылганда феъл да жам болуп келет эле т.а. «مَنْ يُجَدِّدُونَ – жаңылай турган кишилерди», делет эле. Бирок, феъл «يجدد - жаңылайт» деп муфрад болуп келген. Туура, مَنْ сөзүнөн кийин феъл муфрад болуп келгенде да, مَنْ көптүккө далалат кылышы мүмкүн. Бирок, менин таржихим: бул жерде مَنْ жекеликке далалат кылат, себеби, ал жерде يجدد деген карина бар. Таржихим дегенимдин себеби, бул жерде жекеликке болгон далалат – андан кийинки феъл жекелик формасында болсо да – катъий эмес, ошондуктан, айрымдар مَنْ сөзүн жамаат деп тафсир кылышкан жана өз риваяттарында ар жүз жылдагы уламалар жамаатын санап өтүшкөн. бирок, бул да – жогоруда айтканымдай – божомол.

Кыскасы, менин таржихим: مَنْ бир кишиге далалат кылат т.а. жаңылоочу таква, пакиза бир аалым.

4 – Эми, өткөн жүз жылдыктардагы жаңылоочуларды санап өтүүгө келсек, бул туурасында да риваяттар келген, алардын эң белгилүүсү – Суютийдин Уржузасы. Суютий анда тогузунчу жүз жылдыкка чейинки жаңылоочуларды санап, тогузунчу жаңылоочу ал өзү болорун Аллахтан сураган. Анын Уржузасынан айрым сөздөрдү көрсөтүп өтөмүн:

Биринчи жүз жылдыкта адилеттүү халифа Умар болгону ижма менен сабит…

Шафиий болсо жетик илим ээси болгону себептүү экинчи жаңылоочу…

Бешинчиси аалым Газзалий, андагы талкуу аны бул тизмеге киргизди…

Жетинчиси бийиктикке көтөрүлгөн Ибн Дакик Ийд экени бил иттифак…

Мына, жүздөрдүн тогузунчусу да келди, Хадий (Аллах) убадасына тескери кылбайт, анткени, Аллахтын эч четке каккыс фазилети менен, анда жаңылоочу мен болушумду үмүт кыламын…

О.э. тогузунчу жүз жылдыктан кийинки жаңылоочуларды дагы санап өткөндөр да бар.

5 – Биз хижрий 1399-жыл 30-зул-хижжада аяктаган он төртүнчү жүз жылдыкта адамдарга динин жаңылап берүүчү ким экенин билишибиз мүмкүнбү?

Абройлуу уламалардын белгилүү пикирлери боюнча жүз жылдын башы анын аяктары экенине көңүл бурдум. Мисалы, Умар ибн Абдулазиз хижрий 61-жылы дүйнөгө келип, биринчи жүз жылдыктын башы болгон 101-жылы дүйнөдөн кайтты. Шафиий хижрий 150-жылы дүйнөгө келип, экинчи жүз дылдыктын башы болгон 204-жылы дүйнөдөн кайтты…

Т.а. бул эки заттын ар бири жүз жылдык арасында төрөлдү, аяктарында белгилүү болушту жана дүйнөдөн кайтты. Жогоруда айтканымдай, мен ушул тафсирди таржих кылышымдын себеби – абройлуу уламалардын арасында Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктын жаңылоочусу,

Шафиий экинчи жүз жылдыктын жаңылоочусу, деген раъй белгилүү. Ушуга негизделип, мен: он төртүнчү жүз жылдыктын жаңылоочусу аллама, шейх Такийюддин Набаханий рахимахуллах, деп таржих кыламын. Анткени, ал киши хижрий 1332-жылы дүйнөгө келди, ушул он төртүнчү жүз жылдыктын аяктарында, өзгөчө 1372-хижрий жылы жумадус-саний айында Хизбут-Тахрирге негиз салган убакта белгилүү болду жана 1398-жылы дүйнөдөн кайтты. Анын мусулмандарды тагдырий маселеге – экинчи рошид Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу исламий жашоону кайрадан баштоого даъват кылышы мусулмандардын турмушунда, аракеттеринде жогору таасири болду. Ал тургай, бүгүн Халифалык мусулмандардын жалпы талаптарына айланды. Аллах Абу Ибрахимди раъмат кылсын, анын боордошу Абу Юсуфту да Аллах рахмат кылсын жана аларды Пайгамбарлар, сыддыктар, шейиттер жана салихтер менен бирге тирилтсин, алар кандай гана жакшы шериктер!

Боордош Абу Мумин. Менин таржихим ушул. Туурасын Аллах билүүчүрөөк жана эң жакшы акыбет Анын даргөйүндө.

**Боордошуңуз Ато Ибн Халил Абу Рушта** **14-шаъбан, 1434-х.**

**23-июнь, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан:

## ثمان بن رزقтын ахли харбдын Дарул Исламда жашоо ниети тууралсындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Бисмиллахир Рохманир Рохим, Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу шайхыбыз, сизден төмөнкү ишти айкындаштырып беришиңизди суранамын, Аллах сизге бардык жакшылыкты тартуу кылсын. Экономикалык түзүм китебинин 302-бетинде төмөнкүлөр келген: Ахли харбдын өзүнө берилген амандык анын малына да берилген амандык болуп эсептелет. Ахли харб Дарул Исламда калууну ниет кылса жана калса, андан кийин дарул харбга кайтмакчы болсо... Себеби, Ислам диярында жашоо ниети бар болуп турган абалда дарул-харбга барган ахли харбдын өкүмү дарул-харбга барган зиммийдин өкүмү сыяктуу...». Суроо: Менин түшүнүшүмчө, мамлекет ниетти кантип билет, акыйкатта болсо ниет сезилбей турган вакиъ болуп эсептелет го. Эми эгерде абал ахли харбдын Дарул Исламда калуу тууралсындагы өз чечимин мамлекеттик мекемелерде билдириши болсо, анда абал куру ниеттин өзү эле эмес, ал ишара менен билдире турган бир чечим болот,

ошондуктан мен «анын ниетине ылайык эмес, чечимине ылайык» деп айтуу керек деп билемин. Созуп жибергеним үчүн кечирим сураймын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух,

Сиз суроо берип жаткан текст Экономикалык түзүм китебинде толук абалда төмөнкүдөй келген:

(Ахли харбдын өзүнө берилген амандык анын малына да берилген амандык болуп эсептелет. Диярларыбызда жашап жаткан ахли харб дарул-харбка кайтмакчы болуп, малын бир мусулман же зиммийге аманат калтырса же карызга берсе, анын максатына карай иш тутулат. Эгер максаты соодагерлик, элчилик, саякат сыяктуу иштерди аткарып, Ислам диярына кайтуу болсо, өзүнө жана малына алган амандыгы өз күчүндө турат. Анткени, Ислам диярында жашоо ниети турган абалда дарул-харбка барган ахли харбдын өкүмү дарул-харбка барган зиммийдин өкүмү сыяктуу. Ырас, ниети Ислам диярына кайтуу болгон соң, дарул-харбка барышы амандыгын бекер кылбайт. Эгер дарул-харбка баруудан максаты ошол жерде жашоо болсо, өзү үчүн алган амандыгы бүтүндөй бекер кылынат. Диярыбызга кайра кирмекчи болсо, жаңы амандык алышы керек болот).

Бул сөз агымындагы ниет дегени – ибадаттарда болгону сыяктуу орду дил болгон ниет эмес, тескерисинче, каалоо жана чечимдин пайда болушу т.а. эгерде ахли харб кафир Дарул Исламда калууга (жашоого) токтом кылса дегени... «Ниет кылса» жана «ниет» сөзүн каалоо жана токтом кылуу маанисинде иштетүү исламий фикх китептеринде кеңири таркаган, ошону менен бирге текстте «ниет кылса» деген сөз менен эле чектелбеген, тескерисинче, ага «калуу» деген сөздү да кошуп: «Ахли харб Дарул Исламда калууну ниет кылса жана калса» т.а. калууга токтом кылса жана чындап эле калса деп айткан...

Ошондуктан, мында «ниет кылса ... жана калса» деп айтууда бир назик чекит (маани) бар, ал чекит анын чындап эле калуу ниетинде болушу, мындан башка нерсе эмес... Бул болсо, ушуга тиешелүү, ушуну тастыктай турган мекемелердин милдеттеринен...

Халифалык мамлекетинде Аллахтын уруксаты менен кайрымусулмандардын жана исламий мамлекеттин жарандыгына ээ болбогондордун – эгерде алар мамлекеттин жерлерине кире турган болушса – калышын тартипке сала турган бир мыйзам болот, бул мыйзамдан мамлекеттик мекемелердеги иш-чаралар орун алат, Дарул Исламда калмакчы болгон адам бул иш-чараларды аткарат...

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **23-шаъбан, 1436-х.**

**10-июнь, 2015-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы колдонуучулардын берген суроолоруна жооптору (фикхий)

## Samia Alshami тарабынан берилген суроого жооп: аял кишинин кызыл ашык томугунан ылдыйкы бөлүгү аврат

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Жалпы (коомдук) турмушта аял кишинин кызыл ашык томугунан ылдыйкы бөлүгү ачык болушу жайизби, кызыл ашык томугунан ылдыйын ачуунун арамдыгы анын башка авраттарын ачуунун арамдыгына барабарбы? Жеке турмуштун чегарасы кандай т.а. үйдүн ичи гана жеке турмуш, ал эми, тышкарыда үйүнө коңшу тарап жалпы турмуш, ошондойбу? Жилбаб туурасындагы аяттагы төмөн түшүрүп кийүү сөзү кызыл ашык томугунан ылдыйын да өз ичине алабы? Кызыл ашык томугунун ылдыйкы бөлүгүнүн сыпаттары айтылганбы? Сиз, шайхибизди, Аллах жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:**

1 – Жеке турмуштун чегарасы – үйдүн аял киши аврат жерлерин ача ала турган жана намахрам көрбөй турган жайы. Бул болсо, үйдүн чегарасынан тышкарысы жеке турмуш эмесин түшүндүрөт. Мисалы, аял үйү жайгашкан турак-жайдагы дүкөнгө (этаж үйлөрдүн төмөнкү кабаттарындагы дүкөндөр да назарга алынууда. ред.) бир нерсе алуу үчүн чыкса, авратын жаап, шаръий кийим кийип алуусу керек. Анткени, жеке турмуш – жогоруда айтканыбыздай – аял киши аврат жерлерин ача ала турган жана намахрам көрбөй турган жай т.а. үйү ичиндеги жай.

2 – Кызыл ашык томугунун ылдыйы аврат, аял киши аны жаап жүрүшү зарыл. Буга далил:

а) Аллах Субханаху ва Таала мындай дейт:

﴿يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ قُلْ لأَزْوَاجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَاءِ الْمُؤْمِنِينَ يُدْنِينَ عَلَيْهِنَّ مِنْ جَلابِيبِهِنَّ ذَلِكَ أَدْنَى أَنْ يُعْرَفْنَ﴾

***«Эй пайгамбар, жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын, үстүлөрүнө жилбабдарын түшүрүшсүн, мына ушул алардын таанылып, азар тартпашы үчүн эң жакын*** *(жол)****»***

[33:59]

Т.а. үстүндөгү жилбабдарын ылдый түшүрүшсүн дегени. Аяттагы «يدنين» «төмөн түшүрүү» жилбаб эң кеминде кызыл ашык томугуна жеткирилип, аларды жаап турганда гана ишке ашат. Ансыз «төмөн түшүрүү» жүзөгө чыкпайт. Эгер, кызыл ашык томугунун ылдыйы байпак же туфли менен жабылган болсо, анда, жилбабды кызыл ашык томугуна чейин түшүрүү менен аяттагы «төмөн түшүрүү» мааниси жүзөгө чыгат. Бирок, кызыл ашык томугунун ылдыйы байпак же туфли менен жабылбаган болсо, жилбаб кызыл ашык томугунун ылдыйкы бөлүгүн жабышы үчүн жерге чейин жетиши шарт. Бул болсо кызыл ашык томугунун ылдый бөлүгү аврат экенин түшүндүрөт.

б) Ибн Умардан риваят кылынат: Расулуллах A мындай деген:

**«مَنْ جَرَّ ثَوْبَهُ خُيَلاَءَ لَمْ يَنْظُرِ اللهُ إِلَيْهِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ** فَقَالَتْ أُمُّ سَلَمَةَ فَكَيْفَ يَصْنَعْنَ النِّسَاءُ بِذُيُولِهِنَّ قَالَ **يُرْخِينَ شِبْرًا** فَقَالَتْ إِذًا تَنْكَشِفُ أَقْدَامُهُنَّ قَالَ **فَيُرْخِينَهُ ذِرَاعًا لاَ يَزِدْنَ عَلَيْهِ»**

**«Кимде-ким текебердик кылып этектерин сүйрөп жүрсө, Кыямат күнү Аллах ага карабайт».** Ошондо Умму Салама сурады: «Анда аялдар этектерин эмне кылышат?».

Айтты: «(Тизелеринен) **бир сөөм түшүрүшсүн** (узартышсын)**».** Айтты: «Анда буттары ачылып калат го?». Айтты: «(Тизелеринен) **бир зиро** (т.а. биро билек) **узундукка узартышсын. Мындан ашырышпасын»** (Тирмизий иштеп чыккан жана хасан сахих деген).

Бул хадис аял киши кызыл ашык томугунан ылдыйкы бөлүгүн жабышы шарттыгын ачык-айкын көрсөтүп турат. Умму Салама I аялдар этектерин жерде бир сөөм узундукта сүйрөп жүрүшкөндө, айрыкча, жылаңайлак жүрүшкөндө кызыл ашык томугунан ылдый бөлүгү ачылып калуу ыктымалынан кооптонду. Исламдан мурун аялдар көп учурларда жылаңайлак жүрүшкөн. Умму Салама Iнын кооптонушу артынан Расулуллах A аял кишинин этеги бир зиро (бир билек) узундукта болушуна, андан узартпоого уруксат берди. Хадистеги **«Анда буттары ачылып калат го?»** деген сөзүндө иллет даана өкүрүнүп турат.

**Кыскасы, кызыл ашык томугунун ылдый бөлүгү аврат болуп эсептелет, аны башка аврат жайлары катары жабуу керек.**

3 – Маалымат үчүн айтып өтөмүн: Абу Ханифа кызыл ашык томугунун ылдый бөлүгүн көрсөтүү жайиз деген. Анткени, ал киши Аллах Субханахунун:

﴿وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا﴾

***«Көрүнүп тургандан башка жасалгаларын көрсөтүшпөсүн»*** [24:31]

деген аятынын тафсиринде, «**مَا ظَهَرَ مِنْهَا**» сөзү бет жана алакан гана эмес, кызыл ашык томугунун ылдыйкы бөлүгү дагы кирет деген раъйды билдирген. Бирок, бул раъйга караганда – жогоруда айтканыбыздай – ушул аяти карима жана Бухарий хадиси далалатынан келип чыккан раъйыбыздын ыктымалы күчтүүрөөк. Дагы Аллах жакшы билүүчү жана хаким Зат.

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рошта** **30-зул-каъда, 1436-х.**

**14-сентябрь, 2015-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (фикхий):

## Ranood Zaglдын табарруж, жасануу маанисин айкындаштырып берүү туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Фазилаттуу шайхыбыз, Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Мен сиздин жакын адамдар алдында шым кийип жүрүү туурасында «ал шаръий эмес» деп жазганыңызды окудум. Бирок, сиз ага бирер далил келтирген эмессиз… Бирок, сиз ал жасанууга кирет дегенсиз. Акыйкатта болсо, биз жасануунун, табарруждун мааниси этибарды тарта турган бардык нерсе деп окуганбыз. Коомдун табарружга, жасанууга болгон көз карашы болсо бир өлкөдө башка өлкөдөгүгө караганда айырмалуу болот. Мисалы, жеке социалдык турмушубузда жакындар

арасында шым кийип жүрүү – менин билишимче – этибарды тартпай турган нерсе болот. Себеби, жеке турмушта бардыгы узун көйнөк жана шым кийип жүрөт, ошондуктан, ал этибарды тартпай турган болуп калган, себеби, бардыгы биз сыяктуу. Ошондуктан, кийиле турган кийим жасануубу же жокпу т.а. этибарды тартабы же жокпу, муну өзүбүз жашап жаткан коом белгилеп берет. Сизден ушуга айкындык киргизип беришиңизди суранамын …

Сизге Аллах жакшылыкты ыраа көрсүн жана жардам берсин, сизди Өз нусрат калкы менен кубаттасын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалом ва рохматуллохи ва барокатух.

Лугатта жасануу, табарруж деп аял киши өз зыйнаттарын жана көркөмдүгүн эркектерге көрсөтүшү айтылат. Лисонул арабда төмөнкүлөр келген: «التبرج жасануу: жат адамдарга зыйнатты көрсөтүү болуп, ал мазмум-караланган, а бирок, өз эрине көрсөтүүсү мазмум эмес». Комусул мухитте болсо төмөнкүлөр келген: «تَبَرَّجَتْ аял жасанды, табарруж кылды: Өз зыйнатын эркектерге көрсөттү». Мухтор сихахта болсо төмөнкүлөр келген: «التبرج жасануу, табарруж – аялдын өз зыйнаттарын жана көркөмдүктөрүн эркектерге көрсөтүшү.»… Макойисул лугатта болсо төмөнкүлөр келген: «(بَرَجَ): (البروز даана көрүнүп туруу) жана (الظهور жасануу)..., التبرج да ушундан болуп, аялдын өз көркөмдүктөрүн көрсөтүүсү». «البروز Көрсөтүшү» жана «الظهور даана көрүнүп турушу» деген сөздөр аял эркектер алдында турганда аял сулуулугу көңүлдү өзүнө бурушу керек деген маанини түшүндүрөт. Шаръий маани болсо мындан башкача. Себеби, мисалы Аллах Субханаху мындай деди:

﴿وَلَا يَضْرِبْنَ بِأَرْجُلِهِنَّ لِيُعْلَمَ مَا يُخْفِينَ مِنْ زِينَتِهِنَّ﴾

***«Дагы жашырган зеб-зыйнаттары билинсин үчүн буттарын*** *(жерге)* ***урушпасын!»***[24:31]

Демек, аял аракеттенгенде бутун жерге катуу урбастыгы керек, ал баскан кезде бутуна таккан тагынчактын үнүн чыгаруу, натыйжада эркек аялдын кийим астында балтырына тагып алганын билет. Булардын бардыгы табарруж (араб тили жана шарият боюнча) – этибарды тарта турган зыйнат маанисин билдиришин түшүндүрөт.

Эми мына ушул маанини жеке турмушта махрам болбогон жакындар алдында – алар шарият макулдаган айт майрамы сыяктуу абалдарда өз жакындарына тартуу-белек сыяктуу тууганчылык алакасын байлоо үчүн үйлөргө келген убакта – шым кийип жүрүүгө колдоно турган болсок, эгерде анын үстүнөн шымдын эки сандын жогору жагындагы ачыла турган бөлүгүн жаап тура турган узун көйнөксүз кийип алса ал этибарды тарта турган болот. Себеби, аял шым кийип алган болсо жана эки сандан жогорудагы ачылуу бөлүгү көрүнүп турса, бул аял этибарды тарта турган болот. Ал эми эгерде көйнөк шымдын эки сандан жогорудагы ачылуу бөлүгүн жаап тура турган болсо, адаттан тышкаркы абалдарды кошпогондо, адатта көңүлдү тартпайт.

Жеке турмушта махрам болбогон жакындар алдында шым кийип жүрүү табарруж экендиги айтылган бирер насстын келген болушу зарыл эмес, тескерисинче жогорудагы далилдерде табарруждун вакиъси, анын эмне экендиги айтылган. Бул шымдын эки сандан жогорудагы ачылуу бөлүгүн жана ушуга окшогон жерди жаап тура турган көйнөксүз шым жана блузка (жеңил материалдан тигилген кофта)га да туура келет. Ошондуктан, суроонун жообунда төмөнкүлөр келген эле: «Шым кийүү табарруж, зыйнаттанууга кирет, ошондуктан, махрам болбогон жакындар алдында – алар тууганчылык алакасын байлоо үчүн же айт менен куттуктоо үчүн келишкенде – шым менен көрүнүү жаиз болбойт…». Демек, жооп шымды жана блузаны кийүү т.а. үстүнөн көйнөк кийбей көрсөтүп кийүү жөнүндө болгон эле. Бул жооп кээ бир эже-карындаштарыбызга түшүнүксүз

болгондуктан алардын кээ бирлери бул теманы айкынташтырып берүүнү сурашты, ошондуктан төмөнкү жоопту да жиберген элем:

«Хизб сайтында үйдө махрам болбогон жакындар алдында шым кийип жүрүү жөнүндө жазылган нерсе мындай, ал зыйнаттануу, табарруж болуп эсептелет, демек, алардын алдында жаиз болбойт… Эгерде шым ачык болсо т.а. шым жана блузка, себеби, шым ачык көрүнүп турса бул абалда зыйнаттануу болуп эсептелет. Ошондуктан, аны үйдө махрам болбогон жакындар алдында – алар мисалы айт майрамдарында тууганчылык алакасын байлоо үчүн келген убакта – кийип жүрүү жаиз болбойт. А бирок, эгерде шымдын үстүнөн аны жаап туруучу же анын чоң бөлүгүн жаап туруучу жана этибарды тартпай турган юбка кийилсе өзүнүн үйүндө махрам болбогон жакындар алдында зыйнаттануу болбойт, жооп ушул…».

**Суроо берген адамлын мына ушул жооп менен таанышып чыкпагандыгы анык көрүнүп турат.**

Табигый түрдө, бул жооп жалпы турмуш жөнүндө эмес, үйлөрдөгү абал жөнүндө. Себеби, жалпы турмушта кийиле турган кийим белгилүү. Анда төмөнкү үч иш болушу важиб: авратты жабуу, табарруж жана зыйнат болбостугу жана шаръий жилбаб болушу. Биз муну буга чейинки башка жооптордо кеңири баян кылганбыз.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **22-сафар, 1436-х.**

**14-декабрь, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Z.G тарабынан берилген кызына сунуш кылынган ишти атасы четке кагышы жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Сизден бир нерсе жөнүндө сурамакчымын. Мага жумуш сунуш кылынды. Бирок, атам бул коом бузгунчу, ошондуктан, атанын важиб вазыйпасы – кызын коргоо, аны коомдун мүчөлөрү кылып жаткан ыплас иштерден сактоо деген көз карашынан келип чыгып иштешимди четке кагууда. Иш жөнүндө айта турган болсом, тогуз жаштагы балдарга тарбиячы болуп иштөө. Мен аларды Куддуска, анын мечитине алып чыгышым керек жана ага тиешелүү бардык нерселерди аткарышым шарт болот. Мен курбум менен иштешим божомол кылынууда. Бирок, атам проблема курбума да, ишиме да тиешелүү эмес экенин айтты. Атам бул иш биз үчүн зарыл болбогон башка жоопкерчиликтерди жүктөйт деген пикирде. Мен бул жумушта иштеп көрүүнү каалап жатам, атам болсо аны четке кагып жатат. Ал мага: бул сыяктуу ар кандай жумуш Халифалык мамлекети тикеленишинен жана жарандарын коргогон камкор бир жетекчи жүзөгө келишинен мурун алгылыктуу, жакшы эсептелбейт деди. Бул туурасында сиздин ойуңуз кандай?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Оболу, атаңызга итаат кылыңыз. Себеби, ал сизге пакизалыкты каалайт...

Сиз балдарга тарбиячы болууңуз – ушул иш менен гана чектелсе – албетте мубах. Бирок, сиз иштей турган уюмдагы иш жалаң балдар менен гана чектелип калбашы мүмкүн. Балким, кийинчерээк эркектер менен аралашып иштей турган жумуштар же ушуга окшогон нерселер талап кылышынын ыктымалы да бар. Атаңыз ушундан коркуп жаткан болсо керек. Кандай болбосун, шек-күмөнсүз сахабалар – алардан Аллах ыраазы болсун – эркектери да, аялдары да, арамга түшүп калбоо үчүн арамга жакын болгон кээ бир мубахтардан өздөрүн алыс кармашканын сиз билесиз.

Корутундулап айтканда атаңыз менен түшүнүшүүгө аракет кылыңыз. Эгер, атаңыз бул ишке арам аралашпашына анык ишеним пайда кылса жана сиз иштемекчи болуп жаткан ушул уюм аялдар менен эркектердин аралаш болуп иштебешине, жаш балдарга гана тарбиячы болууга чектелишине кадыржам болсо, анда жакшы. Бирок, эгер ыраазы болбосо, анда – ал тургай, ошол иш мубах болгон тагдырда да – атаңызга итаат кылыңыз. Атаңыз ошол ишке чыгышыңызды каалабаса, ага итаат кылыңыз, сиз үчүн ажр-сооп болот. Аллах Субханаху Өзүнө ибадат кылууну ата-энеге жакшылык кылууга байлады. Ата-энеге жакшылык кылуунун бири – жакшылык иштеринде аларга итаат кылуу. Аллах Субханаху айтат:

{وَقَضَىٰ رَبُّكَ أَلَّا تَعْبُدُوٓاْ إِلَّآ إِيَّاهُ وَبِٱلْوَٰلِدَيْنِ إِحْسَـٰنًا ۚ إِمَّا يَبْلُغَنَّ عِندَكَ ٱلْكِبَرَ أَحَدُهُمَآ أَوْ كِلَاهُمَا فَلَا تَقُل لَّهُمَآ أُفٍّ وَلَا تَنْهَرْهُمَا وَقُل لَّهُمَا قَوْلاً كَرِيمًا}

***«Роббиң, Жалгыз Анын Өзүнө ибадат кылууңарды о.э. ата-энеге жакшылык кылууңарды буйруду. Эгер алардын*** *(ата-эненин)* ***бирөөсү же болбосо экөөсү тең сенин кол астыңда карылык жашына жетишсе, аларга карап «уф» дебе жана алардын*** *(сөздөрүн)* ***кайтарба! Аларга*** *(ар дайым)* ***жакшы сөз айткын!»*** [17:23]

Ахмад өзүнүн Муснадында Абдуллах ибн Амрдан мындай дегенин риваят кылды: Атам менин үстүмдөн Расулуллах Aга арызданды, Расулуллах A:

**«أَطِعْ أَبَاكَ مَا دَامَ حَيًّا، وَلاَ تَعْصِهِ»**

**«Атаңа тирүү кезинде итаат кылгын, ага баш ийбестик кылба»** деди.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **20-сафар, 1435-х.**

**23-декабрь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Hassan Ali Ali тарабынан берилген аялдын шаръий кийими жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум!

Суроом хижаб жөнүндө. Хижаб далили бар бир фарзбы же бир салтка айланып, кийин азат аялды чөрүдөн айырмалап туруу үчүн фарз кылынганбы (себеби, түпкүлүгүндө хижаб таптык мазмунга ээ мыйзам болуп, андан азат аялды чөрүдөн айырмалап туруу максат кылынган). Сахабалар хижабды мына ушундай түшүнүшкөн. Умар ибн Хаттаб Мединаны кезип жүрүп, эгер бирер хижаб кийген чөрүнү көрүп калса, аны өзүнүн даррасы менен уруп, башынан хижабын түшүп кеткенде: Эмнеге чөрүлөр азат аялдарга окшоп жатышат? – деген. Кыскасы, айтмакчы болгонум, бүгүн – алхамду лиллах –чөрүлөр да, кулдар да жок болгон заманда жилбаб кийүү жокко чыгат. Куръанда да, Сүннөттө да: хижаб фарз, себеби, ал фитнаны жок кылат же пакизалыкты билдирет, деген өз жок. Ким ушундай десе, ал күнөөкөр болот жана Аллахка жалган жалаа жапкан болот. Аял хижаб кийсе жана Аллах ушуга буюрган деген итикадда хижабга даъват кылса, чоң күнөө кылган болот, себеби, ал Аллах да, Расулу да айтпаган мыйзамдарды фарз кылып алган инсандарды Аллахтын өкүмүнө шерик кылды о.э. аларды Куръан рисалаты жана анын туура жолунан адаштырды. Хижаб исламий фарз эмес, ал Исламдан мурун бар болгон ижтимаий адаттардан болуп, динге таптакыр алакасы жок. Эң жаманы – адат жана каада-салттар менен Аллахтын Куръани Кариминдеги буйруктарын чаташтырып жиберүү. Себеби, бирер адатты Аллахтын алдынан келген деп айтуу Аллахка ширк келтирүү болуп, Жалла Жалалуху жөнүндө жалган жалаа жабуу эсептелет». Сизден ушул сөздөргө түшүндүрмө берет деген үмүттөмүн, сизге Аллах береке берип, бизди да, сизди да хидаят кылсын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Аял кишинин шаръий кийиминин далилдери ачык-айкын. Бул кийим, эгер, адамдар бул кийимге адаттанышкан болсо аны колдонушат, адаттанышпаган болсо бул кийим колдонулбаган салтка кирбейт. Тескерисинче, бул, Аллах Субханаху ва Таала аялдарга буюрган фарзы:

Шарият аялга үйүнөн жалпы жашоого чыкканда белгилүү бир шаръий кийимди важиб кылды. Аялга базарларга чыкканда же көчөдө жүргөндө кийими үстүнөн кийе турган башка кийими болушун важиб кылды. Анын кийимдеринин үстүнөн кийе турган жана аны кадамдарын (буттарынын томугунан ылдыйкы бөлүгүн) тосуп турган даражада төмөн түшкөн шаръий мaaнидеги жилбабы болушун важиб кылды. Эгер жилбабы болбосо, кошунасы, же досу, же тууганынан жилбаб алып турат. Эгер, алууга кудуреттүү болбосо же эч ким берип турбаса, жилбабсыз көчөгө чыгышы мүмкүн эмес. Эгер кийимдеринин үстүнөн кийе турган жилбабсыз көчөгө чыкса күнөөкөр болот. Себеби, бул абалда аял Аллах ага фарз кылган амалды таштаган болот. Бул өкүмдөр аялдын төмөнкү кийимине тиешелүү. Үстүңкү кийимге карата болсо, аялдын жоолугу же ага окшош, анын ордун баса турган кийими болушу, бул кийим башынын бардык бөлүгүн, мойнунун бардык тарабын жана көйнөктүн көкүрөктөгү ачык жайларын тосуп турушу керек. О.э. бул кийим базарга баруу же көчөдө жүрүү үчүн даярдалышы т.а. кийимдердин үстүнөн кийиле турган болушу керек. Мына ушул эки кийими (т.а. кийимдеринин үстүңкү жана ылдыйкы кийимдерин чулгап кийими) болсо, аял базарларга барышы же көчөдө жүрүшү т.а. коомдук турмушка чыгышы мүмкүн. Эгер бул эки кийими болбосо, эч бир абалда

чыгышы мүмкүн эмес. Себеби, бул эки кийимди кийүүгө болгон буйрук умумий келип, аны хостоочу өкүм таптакыр келбеген. Ушуга ылайык, ал бардык абалдарда да умумий боюнча калат.

Коомдук турмуш үчүн ушундай эки кийим болушунун важибдигине төмөндөгү аяттар далил болот. Үстүңкү кийим жөнүндө Аллах мындай дейт:

﴿ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا ۖ وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّ ۖ ﴾

***«Көрүнүп тургандан башка жасалгаларын** (намахрамдарга) **көрсөтүшпөсүн жана көкүрөктөрүн жоолуктары менен тосушсун!»*** [24:31]

Аллах Таала ылдыйкы кийим жөнүндө мындай дейт:

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِىُّ قُل لِّأَزْوَٰجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَآءِ ٱلْمُؤْمِنِينَ يُدْنِينَ عَلَيْهِنَّ مِن جَلَـٰبِيبِهِنَّ ۚ ﴾

***«Эй Пайгамбар, жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын, үстүлөрүнө жилбабдарын түшүрүшсүн!»*** [33:59]

Умму Атийя риваят кылат:

**«أَمَرَنَا رَسُولُ اللَّهِ ρ أَنْ نُخْرِجَهُنَّ فِى الْفِطْرِ وَالأَضْحَى، الْعَوَاتِقَ وَالْحُيَّضَ وَذَوَاتِ الْخُدُورِ، فَأَمَّا الْحُيَّضُ فَيَعْتَزِلْنَ الصَّلاَةَ وَيَشْهَدْنَ الْخَيْرَ، وَدَعْوَةَ الْمُسْلِمِينَ. قُلْتُ يَا رَسُولَ اللَّهِ إِحْدَانَا لاَ يَكُونُ لَهَا جِلْبَابٌ، قَالَ: لِتُلْبِسْهَا أُخْتُهَا مِنْ جِلْبَابِهَا»**

**«Расулуллах A бойго жеткен кыздарды, айыз көрүп турган жана жуучу түшкөн кыздарды рамазан жана курман айттарына чакырышыбызды буюрду. Айыз көрүп тургандары намаздан четтешет, жакшылыкка жана мусулмандардын дубасына күбө болушат».** Айттым: «Кимдир бирөөбүздүн жилбабы болбосочу?». Айтты: **«Ага эжеси жилбабын берип турсун».** (Муслим риваяты). Ушул далилдер аялдын жалпы турмуштагы кийимин ачык-айкын баян кылып берүүдө. Аллах Таала бул эки аятта аялга жалпы турмушта кийиши важиб болгон кийимди анык жана толук сыпаттап берди. Аялдын үстүңкү кийими жөнүндө Аллах Таала мындай дейт:

﴿ وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّ ۖ ﴾

***«Көкүрөктөрүн жоолуктары менен тосушсун»*** [24:31]

Т.а. баш жамынчыларын мойнуларына, көкүрөктөрүнө оронушсун, көйнөк жана кийим жакасынан көрүнүп турган моюн жана көкүрөктөрүн бекитишсин. Аялдардын ылдыйкы кийими жөнүндө болсо мындай дейт:

﴿ يُدْنِينَ عَلَيْهِنَّ مِن جَلَـٰبِيبِهِنَّ ۚ ﴾

***«Үстүлөрүнө жилбабдарын түшүрүшсүн!»*** [33:59]

Т.а. көчөгө чыгуу үчүн кийимдери үстүнөн кийген жилбабдарын ылдыйга чейин түшүп тургандай узун кылышсын. Аялдын ушул кийиминин жалпы көрүнүшү жөнүндө мындай дейт:

﴿ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا ۖ ﴾

***«Көрүнүп тургандан башка жасалгаларын** (намахрамдарга) **көрсөтүшпөсүн»*** [24:31]

т.а. кулак, билек, балтыр сыяктуу зийнат орундарын көрсөтүшпөсүн. Бул аят түшкөндө т.а. Расулуллах Aдын доорунда жалпы турмушта көрүнүп турган жайлар т.а. жүз жана кол алакандары мындан сырткары. Мына ушул анык сыпаттоо аркылуу аялдын жалпы турмуштагы кийими эмне жана

кандай болушу важибдиги жаркын белгилүү болот. Умму Атийянын хадиси аял көчөгө чыкканда кийими үстүнөн кийе турган жилбабы болушу важибдигин ачык-айкын баян кылды. Ал Расулуллах Адан «Кимдир бирөөбүздүн жилбабы болбосочу?» - деп сураганда, ага мындай деп жооп берди: **«Ага эжеси жилбабын берип турсун»**. Т.а. ал Расулуллах Адан: «Көчөгө чыгышы үчүн кийими үстүнөн кийе турган жилбабы жок болсочу?» - деп сураганда, Расулуллах A ага курбусу кийими үстүнөн кийе турган жилбабын берип турууну буйруду. Мунун мааниси, эгер курбусу берип турбаса, көчөгө чыгышы мүмкүн эмес. Бул болсо, хадистеги буйрук фарз экенине ишарат т.а. аял көчөгө чыгууну кааласа, кийими үстүнөн жилбаб кийиши фарз болуп, аны кийбесе чыкпайт.

Жилбаб кадамдарды да жаап турган даражада ылдыйга чейин түшүп турушу шарт. Себеби, Аллах аятта айтат:

{ يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّۚ }

***«Үстүлөрүнө жилбабдарын түшүрүшсүн!»*** [33:59]

т.а. жилбабдарын узартышсын. Себеби, бул жердеги «мин» кээ бирин деген мааниде эмес, баян маанисинде келген. Т.а. жилбабды ылдыйга чейин түшүрүп узартышсын. Себеби, Ибн Умардан риваят кылынышынча, Расулуллах A айтты:

**«مَنْ جَرَّ ثَوْبَهُ خُيَلاَءَ لَمْ يَنْظُرِ اللَّهُ إِلَيْهِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، فَقَالَتْ أُمُّ سَلَمَةَ: فَكَيْفَ يَصْنَعُ النِّسَاءُ بِذُيُولِهِنَّ؟ قَالَ: يُرْخِينَ شِبْرًا، قَالَتْ: إِذًا تَنْكَشِفَ أَقْدَامُهُنَّ؟ قَالَ: يُرْخِينَ ذِرَاعًا لاَ يَزِدْنَ عَلَيْهِ»**

**«Кимде-ким текебердик кылып этектерин сүйрөп жүрсө, Кыямат күнү Аллах ага карабайт». Ошондо Умму Салама сурады: «Анда аялдар этектерин эмне кылышат?». Айтты: «**(Тизелеринен) **бир сөөм түшүрүшсүн** (узартышсын)**». Айтты: «Анда буттары көрүнүп турсачы?». Айтты: «**(Тизелеринен) **бир зиро** (т.а. биро билек) **узундукта узартышсын. Мындан ашырышпасын»**. Тирмизий риваят кылып, бул хасан сахих хадис, деген. Бул болсо, аялдын кийими үстүнөн кийген жилбабы буттарын жаап турган даражада узун болушу зарылдыгын ачык-айкын билдирип жатат. Эгер бут байпак же маасы менен жабылган болсо, бул нерсе жилбаб узун кылып түшүрүлүшүнө далалат кылган узун түшүрүлгөндүккө өтпөйт, себеби, үстүңкү кийим т.а. жилбаб бутуна чейин узартылып түшүрүлүүсү шарт. Бул абалда буттар жабык болгону үчүн аларды жабууга зарылдык жок. Коомдук кийим экени билинип турушу үчүн жилбаб узун болуп таманына чейин узартылып түшүп турганы көрүнүп туруусу керек. Бул кийим аял коомдук турмушта кийиши важиб болгон кийими экендиги ачык-айкын билинип туруусу жана Аллахтын ***«түшүрүшсүн»***, деген сөзү жүзөгө чыгышы кажет.

Көрүп тургандай, жогорудагы нусустарда бул кийимдин сыпаттары анык белгилеп берилген жана далалатында эч кандай белгисиздик жана бүдөмүктүк жок. Умму Атийя жилбаб болбосо эмне кылуу керектиги жөнүндө сураганда, Расулуллах A кошунасынан алып турушун айтты, бул болсо, бул кийим шаръий түрдө важиб экенине күчтүү далалат кылат.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **1-мухаррам, 1434-х.**

**4-ноябрь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагындагы колдонуучулардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Талал Фавзий, Булугука Маромий жана Mosa Za тарабынан берилген, аял кийимине тиешелүү суроолоруна жооптор

Мазмуну жагынан бирдей суроолор:

1 – Талал Фавзий:
Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух! Шейхибизди жана амирибизди Аллах Өз коргоосунда сактасын жана ага камкордук кылсын, ушул динди азиз кылуу үчүн ал кишиге нусрат-жардам берсин, аамин!

Азиз шейхибиз. Аял киши хос турмушунда намахрам туугандары, мисалы, аталары бир тууган ага-инилери, бөлө ага-инилери жана эринин ага-инилери сыяктуу намахрам туугандары алдында көрсөтүшү мүмкүн болгон нерселерди кеңири түшүндүрүп беришиңизди каалаймын.

Аял алардын алдында, мисалы, шым менен же блуза (кыска плащ) менен көрүнүшү мүмкүнбү?

Сизден Аллах ыраазы болсун жана ушул Үммөткө пайгамбарлык минхажы негизиндеги туура жолду тутуучу Халифалык мамлекетин тикелөөнү сиздин колуңуз менен, Өзүнүн бекем нусрат-жардамы менен берсин!

2 – Булугука Маромий:
«Чачын улаган жана улаткан аял…» хадисине аялдын париги же жасалма чач да киреби? Аллах сизден ыраазы болсун!

3 – Mosa Za: Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!
Урматтуу боордош, бизде мындай көрүнүш бар т.а. аял киши шым үстүнөн тизесине чейин узундукта жилбаб кийет, ушул жайизби?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Баарыңардын суроолоруңар мазмун жагынан бирдей болгону үчүн баарына бирдей жооп беремин:

1 – Аял өзүнүн хос турмушунда эри жана махрамдары менен бирге жашайт. Ал эми, аталары бир тууган ага-инилери жана бөлө ага-инилери сыяктуу туугандары айт менен куттуктап, силаи рахм үчүн жана башка нерселерге байланыштуу келе турган болушса, аялдар өз үйлөрүндө аларга көрүнүшү мүмкүн эмес, авраттарын жаап, жасанбай көрүнүүлөрү гана мүмкүн, шым кийүү да жасанууга кирет. Ошондуктан, аялдар намахрам туугандары айт менен куттуктап, силаи рахм үчүн жана башка нерселерге байланыштуу келгенде, алардын алдына шым кийип чыгышы дурус эмес.
2 – Эгер, аял үйүнөн жалпы жайга чыкса, албетте шаръий кийим кийиши керек. Бул кийимде үч нерсе табылышы шарт: аврат жабылышы, жасанбашы, жилбаб кийүү жана жоолук оронуу.
3 – Жилбаб – кең, жаап тура турган жана ички кийимдерди чулгап турган кийим. Аллах Субханаху айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ قُل لِّأَزۡوَٰجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَآءِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّ﴾

***«Эй Набий, жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын, үстүлөрүнө жилбабдарын жабышсын!»*** [33:59]

Т.а. жамынчы жана плащ сыяктуу көчөгө чыгуу үчүн болжолдонгон о.э. кийимдер үстүнөн кийилип, узун болгон кийимдерди кийишсин деп жатат. Ошондуктан, жилбаб аялдын кадамдарына чейин (томуктун ылдыйкы бөлүгүнө чейин) чулгап турган узун болушу шарт кылынган, себеби, Аллах Субханаху:

{يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّ}

***(... Үстүлөрүнө жилбабдарын жабышсын!)*** деп жатат т.а. жилбабдарын узартышсын. Себеби, бул жердеги «мин» кээ бирөөсүн деген мааниде эмес, баян маанисинде келген. Т.а. жамынчы же плащты төмөнгө чейин түшүрүп узартышсын. Эгер, аялдын кадамдары байпак же маасы менен жабылган болсо, бул нерсе жилбаб узун кылып түшүрүлгөнүнө далалат кыла турган түрдө узун түшүрүлгөнүнүн ордуна өтпөйт. Бул абалда кадамдар жабык болгону үчүн аларды чулгоо зарылдык жок. Бирок, төмөнгө чейин созулуу жүзөгө келиши үчүн жилбаб албетте кадамдарга жетип турушу зарыл, себеби бул кийим аял жалпы турмушта кийиши важиб болгон кийими экендиги ачык-айкын билинип турушу жана Аллахтын «узун кылып алышсын» деген аяты жүзөгө чыгат.

Ушуга ылайык, аял кишинин жалпы жашоодо шым кийип, кадамдарына жетпеген абалдагы тизесине чейин узундукта плащ кийиши жилбабдын шаръий маанисине туура келбейт. Аял ички кийимдерин жаап, кадамдарына чейин түшкөн жилбабсыз жалпы жашоого чыгышы мүмкүн эмес. Эгер, ушундай жилбабы жок болсо, көчөгө чыкпайт же кошуна аялдын жилбабын сурап кийет. Буга далил: Имам Муслим өз «Сахих»инде Умму Атиядан риваят кылат, Умму Атия айтат: Расулуллах ρ бизге жаш кыздарды, хайз көрүп турган жана жуучу түшкөн кыздарды рамазан жана курман айттарына чыгарышыбызды буюрду. Хайз көрүп тургандары намаздан четтешет, жакшылыкка жана мусулмандардын дубасына күбө болушат. Мен: Я Расулуллах, кээ бирибиздин жилбабы болбосочу, деп сурадым. Ал зат:

**«لِتُلْبِسْهَا أُخْتُهَا مِنْ جِلْبَابِهَا»**

**«Ага эже-сиңдиси** (курдашы) **жилбабын кийдирип турсун»**, **-** деди**.**

4 – Парик жасанууга кирет. Ошондуктан, парик кийген аял жалпы турмушка чыгышы мүмкүн эмес. Париги жоолук менен оролуп, караган кишини өзүнө тартпай турган болсо гана чыгышы мүмкүн. Муну менен бирге, парикти үйүндө жогоруда айтылган намахрам туугандары алдында да кийиши мүмкүн эмес.

Эми, парик чач улаганга жана улатканга киреби деген суроого келсек:

Бул маселе андай эмес. Себеби, өзүнүн чачын узартуу үчүн башка чачты улоо, чачынын үстүнөн парик кийген эмес, чачын узун кылып көрсөтүү үчүн башка чачты улоо – чач улоо деп айтылат. Бул болсо, аял киши каерде болушуна карабастан – ал тургай, өз үйүндө болсо да – арам. Буга далил: Абу Хурайра τ Набий ρдын:

**«لَعَنَ اللهُ الوَاصِلَةَ وَالمُسْتَوْصِلَةَ...»**

**«Аллах чачын улаган жана улаткан аялды... наалаттады»**, дегенин риваят кылды (Бухарий риваяты). Аялдын парик кийиши болсо, эри жана махрамдары алдында жайиз, махрамдарынан башкалар алдында жайиз эмес, себеби, ал жасанууга кирет.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **30-шаввал, 1434-х.**

**6-июль, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагындагы колдонуучулардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Аял кишинин буттары (томугунан ылдыйы) ачык абалда намаз окушу туурасында Абу Хузайфанын берген суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Аял кишинин буттары (томугунан ылдыйы) ачык абалда намаз окушу жайизби?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Авратты жабуу намаздын дурус болуусу шарттарынын бири, аврат жабылбаса, намаз дурус болбойт. Бул жаатта эркек да, аял да бирдей, намазды адамдар алдында же жалгыз абалда окуунун айырмасы жок, намазкөй авратын албетте жабышы керек. Буга Ибн Умар τ Набий Aдан риваят кылган хадис далил, ал зат мындай дейт:

**«إِذَا صَلَّى أَحَدُكُمْ فَلْيَتَّزِرْ وَلْيَرْتَدِ»**

**«Эгер, кимде-ким намаз окуса** (авратын) **ороп жаап алсын»** (Ибн Хиббан, Ахмад, Байхакий жана Тахавий риваят кылган). Айша I риваят кылат, Набий A мындай дейт:

**«لاَ يَقْبَلُ اللَّهُ صَلاَةَ حَائِضٍ إِلاَّ بِخِمَارٍ»**

**«Аллах айыз жашындагы аялдын намазын жоолуксуз кабыл албайт»** (Ибн Мажа, Ахмад, Абу Давуд жана Ибн Хиббан риваят кылган).

Аялдын авраты – жүзү жана алакандарынан тышкары – бардык денеси. Буга төмөндөгүлөр далил:

Ибн Абу Шайба өз «Мусаннаф»ында Ибн Аббастан риваят кылат: «Аллах Тааланын:

{وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا}

***«...О.э. көрүнүп тургандарынан башка зийнат** (орду)**ларын көрсөтүшпөсүн»*** [24:31]

деген аятындагы «көрүнүп тургандары» – бул аялдын жүзү жана алакандары».

Байхакий «Адаб»да риваят кылат: «Аллах Азза ва Жалла айтты:

{وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا}

***«...О.э. көрүнүп тургандарынан башка зийнат** (орду)**ларын көрсөтүшпөсүн»*** [24:31]

Шафиий ]: «Ал – аялдын жүзү жана алакандары, бизге мындай маани Айша, Ибн Аббас жана Ибн Умардан риваят кылынды», - деди».

Абу Давуд «Маросил»инде Катададан риваят кылат, Расулуллах A мындай деди:

«إِنَّ الْجَارِيَةَ إِذَا حَاضَتْ لَمْ يَصْلُحْ أَنْ يُرَى مِنْهَا إِلَّا وَجْهُهَا وَيَدَاهَا إِلَى الْمَفْصِلِ»

**«Аял киши айыз жашына жеткенден кийин, анын жүзү жана муундарына чейин болгон эки колунан башкасы көрүнүшү жакшы эмес».**

Ушул далилдерден баамдалгандай, аялдын жүзү жана алаканынан башка бүткүл денеси аврат болуп, буттары (томугунан ылдыйы) да аврат. Муну Расулуллах Aдын Умму Салама туурасында айткан хадиси да тастыктайт: Умму Салама Набий Aдан: «Аял киши көйнөк жана жоолук менен, ылазымсыз абалда намаз окуса болобу?», – деп сурады. Ошондо ал зат мындай деди:

«إِذَا كَانَ الدِّرْعُ سَابِغًا يُغَطِّي ظُهُورَ قَدَمَيْهَا»

**«Эгер көйнөгү буттарын** (томугунан ылдыйын) **жаап турган даражада узун болсо** (мүмкүн)**»**. Хаким риваят кылып: «Бул хадис Бухарийдин шарттарынын шартына ылайык сахих, аны Бухарий жана Муслим риваят кылбаган», деди. Захабий Талхисте «Бухарий шартына ылайык сахих» деди.

**Боордошуңуз** **6-зул-хижжа, 1434-х.**

**Ато ибн Халил Абу Рушта** **11-октябрь, 2013-м.**

## Аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ боло албайт

*Суроо:*

Ассаламу алайкум рохматулоохи уа баракаатуху.

Хеврон шаарында үйлөнүү амалиятарын ишке ашыра турган диний эки аял дайындалды жана аларга нике жүргүзүү ыйгарым укуктары да берилди...

Менин суроом – аял башка аялды үйлөндүрүүсү, башкача айтканда, никеге берүүсү мүмкүнбү? Менин билишимче хадисте: «Аял башка аялды никеге бере албайт. Ошондой эле өзүн да никеге бере албайт. Бир гана зынакор аял өзүн никеге берет». Ибн Маажа, Ибн Хазима сахихинде келтирген. Эгер, аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ боло албаса, анда, аялдын колу менен ишке ашкан никелер жайиз болобу же батыл болобу?

Аллах ыраазы болсун.

Умму Муъмин Мариям Бадр.

*Жооб:*

Бул суроого жооб берүү үчүн аял өзүн жана башканы никеге бере албастыгын билдирген шарий өкүмдүн вакыйын карап чыгуу зарыл. Ошондой эле, нике жүргүзүүгө уруксат берилген адамдын ишинин вакыйын жана ал ишке ашыра турган документтин (нике күбөлүгүнүн) вакыйын карап чыгуу керек. Кийин аял башка аялды никеге берүүсү шарий жактан тыйылгандыгы тууралуу өкүм, эгер, нике жүргүзүүгө уруксат берилген адам аял болуп калса, ага дал келеби, ошону карап чыгуу зарыл.

Биринчиден: аял өзүн же башка аялды никеге бере албастыгы тууралуу шарий өкүм:

Шарий далилдер далаалат кылган шарий өкүм – аял өзүн никеге берүүсү мүмкүн эмес. Башкача айтканда, аял өзүн түзмө-түз никеге бере албайт. Балким, анын валийи же валийи жок болсо, анын ордуна турган өкүл аны никеге берет. Ошондой эле, аял башка аялды никеге берүүсү да болбойт.

Башкача айтканда, аял башка аялды никеге берүү үчүн валий же өкүл боло албайт. Балким, фикх тафсилаттарында келгендей, валий жана өкүл эркек адам болушу керек. Аял өзүн же башка аялды никеге бере албастыгы тууралуу «Ижтима түзүмү» китебинде шарий далилдери менен бергенбиз, анда минтип келет:

«Эгер, үйлөнүү акды боло турган болсо, анда, ал туура болушу үчүн үч шарт толук болушу керек. (...) Экинчи: нике бир гана валий менен ишке ашат. Аял өзүн никеге бере албайт жана башка аялды да никеге бере албайт. Ошондой эле, өкүл да боло албайт. Эгер, нике кыла турган болсо, анын жүргүзгөн никеси батыл болот. (...) Нике бир гана валий менен ишке аша тургандыгы тууралуу далил: Абу Муса Γ риваят кылат, Пайгамбар ρ айтты:

«لاَ نِكَاحَ إِلاَّ بِوَلِيٍّ»

**«Нике бир гана валий менен»**. (Ибн Хибаан, Хааким риваяты).

Аял өзүн же башка аялды никеге бере албастыгы, ошондой эле, өкүл да боло албастыгы тууралуу шарий далил: Аиша Iдан риваят кылынат, Пайгамбар A айтты:

«أَيُّمَا امْرَأَةٍ نَكَحَتْ بِغَيْرِ إِذْنِ وَلِيِّهَا فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ، فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ، فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ»

**«Кайсы бир аял валийинин уруксаты жок өзүн никеге берсе, анын никеси батыл, никеси батыл, никеси батыл...»**. (Хаaким риваяты).

Абу Хурайра Γдан, Пайгамбар A айтты:

«لاَ تُزَوِّجُ الْمَرْأَةُ الْمَرْأَةَ، وَلاَ تُزَوِّجُ الْمَرْأَةُ نَفْسَهَا، فَإِنَّ الزَّانِيَةَ هِيَ الَّتِى تُزَوِّجُ نَفْسَهَا»

**«Аял аялды никеге бере албайт. Аял өзүн да никеге бере албайт. Зынакер аял гана өзүн никеге берет»**. (Китептеги цитата бүттү). Байхакийдин риваятында мындай делет: Абу Хурайра Γ айтты: «Өзүн никеге берген аялды зынакер катары саначуубуз».

Албаний өзүнүн «Ирва ал-галил фи тахриж ахадис Манар ас-Сабил» аттуу китебинде мындай дейт: «Хадистин иснады эки шейхтин шартына ылайык сахих».

Ошондуктан, аял өзүн жана башка аялды никеге берүү ыйгарым укуктарына ээ боло албайт. Ошондой эле, башка аял үчүн валий же өкүл да боло албайт. Мунун баары «аял аялды никеге бере албайт жана өзүн да никеге бере албайт» деген хадистин өкүмүнө кирет.

Экинчиден: ыйгарым укукка ээ болгон адамдын иши жана нике күбөлүгүн документтештирүү иши:

1. Мамлекет тарабынан нике жүргүзүү ыйгарым укугу берилген адам ал мамлекеттик кызматчы болуп саналат. Ал никеге туруп жаткан түгөйлөр ортосунда сунуштоо жана кабыл алуу нике келишимин башкаруу ишин алып барат. Ошондой эле, ал никеге чейин нике шарттары толук болушун, никеде шарият уруксат бербеген нерселердин жок болуусун карап чыгат. Нике учурунда никеге туруп жаткан түгөйлөрдүн, валийдин, күбөлөрдүн кимдигин такташтырат. Ал шарий өкүмгө ылайык, валий эмне деп айта тургандыгын түшүндүрөт: «Мен кызымды сага никеге бердим», үйлөнүп жаткан бала эмне деп айта тургандыгын түшүндүрөт: «Мен анын никесин кабыл кылдым», турмушка чыгып жаткан кыздын макулдугун такташтырат. Ошондой эле, эки тараптын ыраазылыгы негизинде расмий түрдө тан алына турган нике күбөлүгүн документтештирет жана махрдын качан берилишин: азыр же кийинчерек берилишин такташтырат...

2. Мамлекеттик мекемелердеги документтештирилген нике күбөлүгү нике шартынын негизги шарттарынан болуп салалбайт. Башкача айтканда, никенин шарий шарттары толук болсо – мамлекеттик мекемелерде нике күбөлүгү документтештирилбесе деле – нике ишке аша берет. Бирок, нике күбөлүгү укуктар сакталышы жана зыянды кетирүү тарабынан важиб болуп саналат. Эгер, нике күбөлүгү жок болуп, үй-бүлөлүк талаш-тартыш учурунда түгөйлөрдүн, балдардын укуктары сакталбай зыян тартып калуусуна себеб боло турган болсо, нике күбөлүгүн документтештирүү важиб болот. Эгер, нике күбөлүгү жок учурда үй-бүлөлүк талаш-тартыш жаралганда түгөйлөрдүн жана балдардын укуктары сакталбай зыян тартып калуусуна себеб болбосо, анда, нике күбөлүгүн документтештирүү важиб болбойт. Бул абал түгөйлөр жана балдардын ортосундагы талаш-тартышты караштырган соттук териштирүү ишине муктаж. Азыркы учурда көпчүлүк мамлекеттерде мамлекет тарабынан берилген нике күбөлүгү жок болсо, түгөйлөрдүн жана алардын балдарынын иши каралбайт. Башкача айтканда, нике күбөлүгү жок жубайлардын иштерин мамлекет мыйзамдуу түрдө карабайт.

Үчүнчүдөн: аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамдын ишин алып баруусу:

1. Жогоруда айтылып өткөндөн маалым болгондой, нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адам нике келишиминдеги сунуштоо жана кабыл алуу жаатында өкүл болбойт. Ыйгарым укукка ээ

болгон адам нике келишимин ишке ашырбайт, балким, аны нике келишимин ишке ашырып жаткан тарап: кыз тараптан валий же анын өкүлү, бала тараптан өзү же анын өкүлү ишке ашырат.

2. Бирок, ошого карбастан аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамдын ишин аткаруусу аны нике келишиминин амалияттарын башкара турган кылып койот. Кыздын валийин «баланча кызымды сага никеге бердим» деп айтууну буйруйт. Үйлөнүп жаткан баланы же анын өкүлүн «анын никесин кабыл алдым» деп айтууну буйруйт. Ушул сыяктуу нике келишиминдеги күбөлөрдүн болуштугу амалияттарын да ишке ашырат. Башкача айтканда, ал нике келишимин ишке ашыруу ишин башкарат. Анын иши нике күбөлүгүн эле документтештирүүгө чектелген эмес. Нике күбөлүгүн документтештирүү – ал мыйзамдуу түрдө тан алынышы жана никенин жол-жоболору толук болушу үчүн мамлекеттик мекемелерде эки тараптын кол коюулары менен ишке ашат.

3. Аял өзүн же башка аялды никеге берүүсүн, же башка аялга валий же өкүл болуусун тыйган хадис аялдын нике келишимин ишке ашыруусун башкаруусун да тыйууга ишара далалат (далалатул-ишара) кылат. Анын баяны төмөнкүдөй:

А. Ишара далалаты мафхумдун бөлүкчөсү болуп эсептелет т.а. корутунду насстын түздөн-түз көрсөтмөсү аркылуу эмес, жалпы мааниден келип чыгат.

«Исламий шахсия» китебинин 3-бөлүгүндө мафхум бабында мындай делет: «Лафздын (сөздүн) далалаты эки нерсеге гана чектелген: мантук (түздөн-түз маани) жана мафхум (түшүнүлгөн маани). Эгер, ал мантукта (айтылган мааниде) болбосо, анда, ал мафхумда (түшүнүлгөн мааниде) болот. Мындан башкасы болбойт. Ушуга негизделип, далалатул иктизоо, далалатул танбих, иимаа жана далалатул ишара мафхумга кирет. Ал эми, мафхум мафхум-муафикке жана мафхум-мухалифке бөлүнөт.

Далалатул-ишара – бул өкүмдүн баяны үчүн айтылган сөз же өкүмгө далалат кылган маани. Бирок, андан өкүмдүн баяны айтылган өкүмдөн башка өкүм түшүнүлөт же ага далалат кылуу үчүн келет. Түшүнүлгөн бөлүк өкүм айтылып жаткан сөздөгү максат болбойт. Айтылган сөздүн далалаты түшүнүлгөн өкүмгө далалат да кылбайт. Бирок, андан түшүнүлөт. Ушул далалатул-ишаара болуп саналат. Анын мисалы:

Аллах айттат:

﴿حَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلَاثُونَ شَهْراً﴾

***«Боюнда көтөрүүсү жана эмчектен чыгаруусу отуз ай»*** [46:15]

﴿فِصَالُهُ فِي عَامَيْنِ﴾

***«Эмчектен чыгаруусу эки жыл»*** [31:14]

Боюнда көтөрүү мөөнөтүнүн эң кыска мөөнөтү алты ай. Эгер, айтылган лафздан бул нерсе максат кылынбаса, ал далалатул-ишаара болуп саналат...». (Китептеги цитата бүттү).

Далалатул-ишара мисалдарын «Тайсирул вусул илял усул» китебинде кездештирүүгө болот:

﴿وَٱلْوَٰلِدَٰتُ يُرْضِعْنَ أَوْلَٰدَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ لِمَنْ أَرَادَ أَن يُتِمَّ ٱلرَّضَاعَةَۚ وَعَلَى ٱلْمَوْلُودِ لَهُۥ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِٱلْمَعْرُوفِ﴾

***«Ким эмчек эмизүүнү толук*** *(кылууну)* ***кааласа, энелер балдарын эки жыл толук эмизсин. Атасы алардын тамак-ашын жана кийим-кечесин жакшылык менен берсин»*** [2:233]

Бул аяттан далалатул-ишара аркылуу насаб атага таандык экендиги түшүнүлөт.

Аллах айтат:

﴿لَا يَسْخَرْ قَوْمٌ مِّن قَوْمٍ عَسَىٰٓ أَن يكونوا خَيْراً مِّنْهُمْ وَلَا نِسَآءٌ مِّن نِّسَآءٍ عَسَىٰٓ أَن يَكُنَّ خَيْراً مِّنْهُنَّ﴾

***«Бир коом башка бир коомду шылдыңдабасын, ал коом алардан жакшы болуп калышы мүмкүн. Аялдар аялдарды шылдыңбасын, ал аялдар алардан жакшы болуп калышы*** *(мүмкүн)****»*** [49:11]

Бул аяттан далалатул-ишара аркылуу эрекектер жамааты менен аялдар жамааты бөлүнүп тургандыгы түшүнүлөт». (Китептеги цитата бүттү).

Дагы бир мисал:

Хаким «Мустадрак» китебинде мындай дейт: «Бул хадис эки шейхтин шартына ылайык сахих. Абу Муса Гдан, Пайгамбар A айтты:

**«Жума – жамааттагы ар бир мусулман эркекке важиб. Төрт адамга важиб эмес: кулга, аялга, жаш балага, ооруган адамга».** Насс аялга жума фарз эместигин баяндап келди. Бирок, мындан далалатул-ишара аркылуу аял жумада эркектерге имамдык кыла албастыгы түшүнүлөт. Анткени, жума аялдарга эмес, эркектерге фарз. Кимге жума фарз болбосо, ал жума фарз болгондорго имамдык кыла албайт.

Б. Ошондуктан, аял өзүн жана башка алды никеге бере албастыгын билдирген хадистен далалатул-ишара аркылуу аял нике келишими учурунда сунуштоо жана кабыл алуу амалияттарын башкаруусу да жайиз эместиги түшүнүлөт. Мисалы, кыздын валийине «кызымды сага никеге бердим деп айт» деши, үйлөнүп жаткан балага же анын өкүлүнө «анын никесин кабыл алдым деп айт» деген

сыяктуу нике келишиминин амалияттарын башкаруу аялга жаиз эмес. Ал эми, нике күбөлүгүн мамлекеттик мекемелерде документтештирүү нике келишиминин амалияттарынан айырмаланат. Ал жерде эки тарап күбөлүккө кол коюулары жана нике күбөлүгүн каттоо амалиятары ишке ашат, бул нерсени аял же эркектин ишке ашыруусунун айырмасы жок. Башкача айтканда, аял мамлекеттик мекемелерде нике күбөлүгүн каттоо амалияттарында иштесе болот.

4. Буга кошумча сактана турган дагы бир нерсе бар. Ал – нике келишимин жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адам көбүнчө эркектер менен иш алып барат. Нике келишими да эки эркек тарабынан бекитилет, күбөлөр да эркектер болот, валий да эркек болот... Көптөгөн исламий өлкөлөрдө үйлөнүү тоюунда нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамды кыздын же баланын үйүнө чакырышат жана көптөгөн эркектердин катышуусуна нике келишими ишке ашат. Башкача айтканда, нике келишимин жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамдын иши тараптардын жана күбөлөрдүн келишине эле чектелип калбайт, балким, көптөгөн адамдардын катышуусунда өтөт. Ошону менен нике жарыя болот... Кээ бир өлкөлөрдө нике жүргүзө турган адамдын иши анын кеңсесине үйлөнүп жаткан тараптардын жана күбөлөрдүн келишине чектелбейт, балким, көптөгөн адамдарын келиши менен ишке ашат. Мындай абалда аялдын эркектер менен аралашуусу жайиз эмес.

Корутунду:

- Аял өзүн же башка аялды никеге бере албайт. Башкача айтканда, нике келишиминдеги сунуш жана кабыл алуу амалияттарын алып бара албайт. Анткени, муну шарий насс тыйган.
- Аял өзүн же башка аялды никеге бере албастыгын билдирген шарий насстан далалатул-ишаара аркылуу аял нике келишиминдеги сунуштоо жана кабыл алуу амалияттарын башкаруу ишин алып баруусу жаиз эместиги түшүнүлөт.
- Аял мамлекеттик каттоо мекемелеринде нике күбөлүгүн каттоо иштерин алып баруусу мүмкүн.
- Аял түгөйлөр ортосунда сунуштоо жана кабыл алуу амалияттарын алып баруусу иниъкод жана сихха шарттарынан эсептелбейт. Ошондуктан, түгөйлөр ортосунда иниъкод жана сихха шарты толук болсо, алардын никеси сахих болуп ишке ашат.

О.э. ушуларды баса белгилейбиз:

- Аял нике келишиминдеги сунуштоо жана кабыл алуу амалияттарын башкаруусу жаиз эмес. Ошондой эле, түгөйлөргө сунуштоо жана кабыл алуу сөздөрүн талкин кылуусу «мындай дегин деп үйрөтүүсү» да жаиз эмес.

Нике келишими иниъкод жана сихха шарты толук табылса, ишке ашат. Нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамдын кимдиги бул шарттардан саналбайт.

**Боордошуңар Абу бин Халил Абу Рушта** **24-сафар, 1441-х.**
**23-октябрь, 2019-ж.**

## Аялдын сапарга чыгуу өкүмүнүн майда баратына чейинки баяны

*Суроо:*

Биринчиден: Ассаламу алейкум урматту Шейх. Азыркы учурда көптөгөн аялдар Пайгамбар Ꜳдын хадисинде: "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам" дегенине карабастан, окуу же иштөө үчүн башка өлкөгө же шаарга махрамы жок эле сапарга чыгып кетишүүдө. Алар ал жакта узак убакытка калып, кээ бир учурда жылдап калып кетишүүдө. Ушул маселенин өкүмүн майда баратына чейин баяндап бере алсызбы? Аллах сизе берекесин берсин. Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху.

Гази Дждира.

Халифалык жакышылыгына жетектеп бара жаткан урматту Шейх. Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху. Аялдар жамааты махрамы жок сапарга чыгуусу мүмкүнбү?

Амин Дбиби.

Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху. Урматту Шейх, менде аялдын сапарга чыгуусу боюнча суроолор бар. Ушуну ачыктап берсизби, Аллах сизге жардам берсин. Суроо: "Ижтима түзүмү"

китебинде аял менен эркектин ортосундагы байланышууларды тартипке салуу темасы астында минтип келген: "Аял бир күн бир түндүк сапарга махрамы жок чыгуусу тыйылган. Бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн. Пайгамбар A айтты: "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам, бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн" (Муслим риваяты). Ибн Аббас Гдан Пайгамбар Адын хутба кылып жатканын уктум. Ал киши айтты: "Эркек киши аялдын махрамы жок аны менен хилвада (жалгыз) калбасын, бир гана анын махрамы болсо гана калса болот. Аял махрамы жок сапарга чыкпасын". Арадан бир киши туруп айтты: "Я Расулуллоох , менин аялым муктаждык үчүн чыгат. Мен болсо казаттарга чыгууга жазылып койгом". Пайгамбар A айтты: "Жөнө жана аялыңды ажылыка бирге ала бар". (Муслим риваяты). Абалкы хадистен бир күн бир түндөн ашпаган аралык түшүнүлөбү? Мисалы, аял Омандан Стамбулга үч саат аралыгында учак менен сапар кылса, ал жерде ал базар кыдыруу оюн-зоок үчүн бир жумача калуусу сыяктуу абалды түшүндүрөбү? Же махрамсыз сапар кылуу жана ал жерде туруунун мөөнөтү бир күн бир түндөн ашпаган сапар мөөнөтүн билдиреби? Аял окуу үчүн башка өлкөгө сапар кылат жана ал жерде ал мукиим эсептелеби же аны менен махрамы бирге болушу керекпи? Ал эми, экинчи хадистеги Пайгамбар A аялын ажылыка бирге алып барууга буюрду. Бул ажылыка тиешелүүбү же жалпы түрдө сапарга тиешелүүбү? Пайгамбар Адын "Жөнө жана аялыңды ажылыка бирге ала бар" деген сөзүнөн аялдын ажылыка бир гана махрамы менен бирге баруусун түшүндүрөбү? Асаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху.

Mosab Al-Natsha

Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху. Сизден аялдын сапар кылуусу тууралуу сурайын дедим. Аялдардын жамааты махрамы жок эркектер менен сапар кылышса болобу? Эгер, аял махрам эркек менен сапарга чыкса, сапардын арылыгы бүткөндөн кийин аял өзү эле башка өлкөгө жөнөп кетсе, ушул жаизби? Аллах сизге берекесин берсин.

Мухаммад Ахмад.

Экинчиден: Хамзата Мифтаахдын суроосу: сурооңо жоопту Элвистин аялдын сапарга чыгуусу тууралуу берген суроосуна жооп берилген жалпы жooптон таба алысың.

Үчүнчүдөн: өз аймагындагы аялдардын сапарга чыгуусу тууралуу суроо бергендер да жоопту Элвистин аялдын сапарга чыгуусу тууралуу берген суроосуна жооп берилген жалпы жооптон таба алысыңар.

**Жооб:**

Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху

Силердин суроoңор бири-бирине байланыштуу бир жактама суроолор, ошондуктан бардык суроого төмөнкү негизде жооп берүү мүмкүн:

1. Аял бир күн бир түндөн ашык аралыкка махрамы жок сапарга чыгуусу мүмкүнбү?
2. Бир күн бир түндүк сапардын аралыгын белгилөө мүмкүнбү. Мисалы, төө менен сапарга чыгуунун ылдамдыгы жөө же учак менен сапар кылуудан айырмасы болот... Мисалы, аны 50 километр деп белгилей турган болсок жана аны махрамы болушу шарты менен убакыт менен эмес, аралык менен эсептелиши мүмкүнбү?
3. Махрам аялды максат кылынган жерине жеткиргенден кийин аялды өз иштерин бүтүрүшү үчүн ал жакта жалгыз калтырып, өзү кайра мекенине кайтып кетүүсү мүмкүнбү? Же аял иштерин бүтүргөнгө чейин ал жакта калышы зарылбы?
4. Бир күн бир түндүк сапар маселеси аялдын ажылык кылуу сапарын да камтыганбы? Башкача айтканда, аялдын сапары бир күн бир түндөн аз болсо, ал ажылыка махрамы жок баруусу мүмкүнбү? Же аралык жана убакыт канчалык болбосун аялды ажылыкта махрамы коштоп жүрө турган өзүнүн өкүмү барбы?

Булардын жообу – Аллахтын тофыкы менен – төмөнкүчө болот:

Биринчи: эгер, аялдын сапары бир күн бир түндүк боло турган болсо, анда махрамы менен бирге чыгуусу ваажиб. Шарий далилдерден ушул маани түшүнүлөт. Алар төмөнкүлөр:

- Бухаари риваяты, Абу Хурайра Гдан, Пайгамбар A айтты: "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам, бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн". Дагы бир риваята Аби Саиьд Ал Худрийден "эки күн" деп келген. Ибн Умардын риваятында "үч күн" деп келген.

- Муслим риваяты, Абу Хурайра Гдан, Пайгамбар A айтты: "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам, бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн". Аби Саиьд Ал Худрий Гнун риваятында "эки күнчөлүк аралык" деп келген. Анын дагы бир риваятында "үч күн жана андан ары" деп келген.

- Тирмизи риваяты, ал бул хадисти хасан сахих деген, Саъид бин Аби Саъидден жана ал атасынан, Абу Хурайра Γдан айтты: Пайгамбар A айтты: "Аял бир күн бир түндүк аралыкты бир гана махрамы менен сапар кылуусу адал".
- Ибн Хибаандын сахихинде Саъид бин Аби Саъид Макбурийден, Абу Хурайра Γдан. Пайгамбар A айтты: "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам, бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн". Аби Саъиддин дагы бир риваятында "эки күн" деп келген.
- Ахмад риваяты, бизге Вакииъ айтты: бизге Ибн Аби Зиъбин Саъид бин аби Саъидден, ал атасынан, ал Абу Хурайра Γдан айтты: Пайгамбар A айтты: "Аял бир күн бир түндүк аралыкты бир гана махрамы менен сапар кылуусу адал". Аби Саъид Ал Худрий Γнун риваятында "эки күндүк аралыктагы" деп келген.
- Абу Дауд риваяты, бизге Кутайбату бин Саъид Сакофийден айтты, бизге Лайсу бин Саъд Саъиид бин Аби Саъииден айтты, ал атасынан, ал Абу Хурайра Γдан айтты Пайгамбар A айтты: "Мусулман аялдын бир күн бир түндүк арылыктагы сапарды бир гана эркек махрамы менен сапар кылуусу адал".

Бул далилдерден төмөнкүлөр айкын болот:

1. Сапардын аралыкка эмес, убакытка байлануусу, сахих насста келгендей, аял махрамы жок бир күн бир түндүк (24 саат) убакытчалык аралыкка жалгыз сапар кылуусу арам. Мындан көрүнүп тургандай, далилдер "бир күн бир түн" деп аралык эмес, убакытка далаалат кылып жатат. Эгер, аял миң километрлик аралыкты учак бир күн бир түнгө жетпеген аралыкта сапар кылып, кайра кайтып келе алса, анда ал бул сапарында махрамы жок барып келсе болот. Ал эми, жыйырма километр аралыкка жөө сапарга чыгып, ал бир күн бир түндөн ашык убакытка созула турган болсо, анда ал бул сапарында махрамы менен чыгуусу ваажиб.

- Бул жерде этибарга ала турган нерсе аялдын махрамсыз сапарга чыгуусунда аралык эмес, убакыт эсепке алынган. Ал бир күн бир түндүк убакыт. Аралык канчалык алыс же жакын болушунун айырмасы жок, убакыт эсепке алынат. Аял бул убакыт аралыгында сапар кылган жерине барып калбастан кайтып келе алса, анда бул учурда махрамы жок сапар кылып келүүсү толук мүмкүн.

2. Ал эми, Бухаари, Муслим, Тирмизи, Ахмад, Ибн Хибан риваятарында келген "үч күн, же үч түн, же эки күн, же бир күн бир түн" убакыттар жөнүндөгү келген шарий далилдердин ортосун жамдаштырууда эң аз убакытка этибар каратылат. Тактап айтканда, аялдын сапар кылуусунда бир күн бир түндөн ашык убакытта махрамы менен гана сапар кылуусу мүмкүн. Башкача айтканда, аял бир түндүк сапар кылуусу болбойт. Аялдын махрамы жок "бир түндүк" сапар кылуусу мүмкүн эместиги эки күн же үч күн сапар кыла албастыгын билдирет. Араптар түн сөзүн толук бир күн бир түнгө карата колдонушат. Аллах Марям сүрөсүндө мындай дейт: "Айтты сенин белгиң адамдарга (толук) үч түн сүйлөбөшүң керек". Али Имраан сүрөсүндө мындай дейт: "Айтты сенин белгиң адамдарга (толук) үч түн сүйлөбүшүң керек. Бир гана белги берүү (менен)". Бул эки аятта "үч түн" сөзү "үч күнгө" карата колдонулат. Арабтар айтат: "Өткөн айдагы ушул түнү ушундайды жаздым эле". Башкача айтканда, өткөн күнү дегенди билдирет. Ошондуктан, арабтар түн сөзүн толук бир күнгө карата колдонушкан.

Ошол себебтен улам, аялдын бир түндүк жолду бир гана махрамы менен сапар кылуусу мүмкүн. Мына ушул басымдуу пикир биздин "Ижтима түзүмү" китебинде табаний кылган пикир болуп саналат.

Үчүнчүдөн: аралык тууралуу келген далилдер:

Бул жерде Абу Дауддан сапардын аралыгынын "бариид" өлчөмү менен сапарды убакытка эмес, аралыка байланыштырганы тууралуу риваяттар келген: бариид төрт фарасих болот. Тактап айтканда, "22 км", ал риваятта "бир күн бир түн" деп сапарды убакыт менен байланыштырган эмес. Убакыт менен байланыштырган риваяттын басымдуу боло турган себебтери бар, алар төмөнкүлөр:

1. Сапарды аралык менен байланыштыруу дегени сапардагы убакыттын эч кандай мааниси жок дегенди билдирет. Аял "22 км" аралыкты бир күндө же эки күндө басып өтүшүнүн айырмасы жок, бул аралыкты сапар кылышы үчүн махрамга муктаж болот... Ал эми, башка хадистерде келген сапарды бир күн бир түндүк убакыт менен байланыштырган риваяттар болсо, мейли аял жүздөгөн километр аралыкты бир түн бир күн аралыгында сапар кылышында махрамга муктаж болгондугун түшүндүрөт...

Башкача айтканда, аралык тууралуу келген хадиске амал кылууу убакыт тууралуу келген хадиске амал кылууну жокко чыгарат. Убакыт тууралуу келген хадиске амал кылуу аралык тууралуу келген хадиске амал кылууну жокко чыгарат. Ошондуктан, бул жерде карама-каршылык пайда болот. Далилдер ортосунда карама-каршылык пайда болгондо басымдуу-күчтүү тарабына таянылат. Айкын

болгондой, Бухаари, Муслим жана башкаларда келген хадистер сахих хадистер. Бул сахих хадистердин баары жалгыз Абу Дауддукуна "бариид" туралуу келген риваятына караганда басымдуу болуп саналат. Бул бир тараптан.

2. Башка тараптан Абу Дауддун "бариид" тууралуу келген риваятында ар түрдүүлүк бар. Ал төмөнкүдөй:

Бизге Юсуф бин Муса Жарирден, ал Сахиилден, ал Саъиид Аби Саъидден, ал Абу Хурайрадан айтты: Пайгамбар A айтты: "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аял бариид аралыгын бир гана махрамы менен сапар кылуусу мүмкүн".

Абу Дауддун өзү Саъид бин Аби Саъид, ал абу Хурайра Гдан төрт хадисти риваят кылган, анда бир күн бир түн деп келген. Ошондой эле, Абу Дауддун өзү Саъид бин Аби Саъиид, ал Абу Хурайра Гдан риваят кылган эки хадисинде биринчисинде "бир түн" экинчисинде "бир түн бир күн" деп келген.

Биз жогоруда айтып өткөн Абу Дауддун риваятында Абу Дауд риваятында бизге Кутайбату бин Саъиид Сакофий айтты, бизге Лайсу бин Саъд, ал Саъид бин Саъидден, ал атасынан, ал Абу Хурайра Гдан айтты: Пайгамбар A айтты: "Мусулман аялдын бир түндүк аралыкты бир гана махрамы менен сапар кылуусу мүмкүн".

- Бизге Абдуллоо бин Масламата Нуфайлий, ал Мааликтен айтты, бизге Хасан бин Али, ал Бишру бин Умардан, ал Мааликтен, ал Саъид бин Саъиидден айтты, Хасан айтты: анын хадисинде ал атасынан кийин Абу Хурайра Гдан экендигин маакулдашкан. Пайгамбар A айтты: "Аллахка жана анын акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир түн бир күн сапар кылышы болбойт". Абу Дауд айтты: Куънабий жана Нуфайлий ал атасынан экендиги айтылган эмес. Аны Ибн Вахбин риваят кылды. Усман бин Умар Мааликтен ошондой эле Куьнабий айтты бизге Юсуф бин Муса, ал Жарирден, ал Сахиилден, ал Саъид бин Аби Саъиден, ал Абу Хурайрадан айтты: Пайгамбар A ушундай мааниде айткан бирок "бариидди" айткан.

- Абу Дауддун Саъид бин Аби Саъидден кылган риваятында "Бирде атасынан айтса, бирде өзү эле түзмө-түз айткандыгы" риваят кылынган. Абу Хурайрадан риваят кылган хадисинде убакыт "бир күн бир түн"гө байлаган... Маалым болгондой, Ахмад ушул эле иснад менен Саъид бин Аби Саъид ал атасынан, ал Абу Хурайрадан риваят кылган хадисинде "толук бир күндү" айткан. Абу Дауддун жалгыз риваятында ушул эле иснад менен Саъид бин Аби Саъид ал атасынан, ал Абу Хурайрадан риваят кылган хадисинде "бариид"ди айткан.

- Абу Хурайра Г Саъид бин Аби Саъидке же "атасына" баридди эмес, бир күн бир түн деп айткан риваяты басымдуу болуп эсептелет.

- Ошол себебтен улам, биздин "Ижтима түзүмү" китебинде "Бир күн бир түн", башкача айтканда "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир түндүк аралыкты бир гана махрамы менен кылуусу мүмкүн" деген риваятка сүйөнүлүп басымдуу пикир катары берилген.

3. Ошондуктан бул нерселерден төмөнкүлөрдү корутундулап айтууга болот:

- Биз басымдуу пикир деп айтып жатабыз. Биз аны бир гана ушул катъий далил деген жокпуз...

- Экинчи, биз аялды бир түн бир күнгө жетпен убакытта махрамы жок сапар кылуусу мүмкүн дедик, аны ваажиб деген жокпуз. Ошондуктан, эгер аял жарым күндүк сапарын да махрамы менен гана сапар кылам десе, ал сапарын махрамы менен кыла берет. Бул жердеги маанилүү нерсе, бир түндүк аралыктагы сапарын бир гана махрамы менен кылуусу ваажибтигинде.

- Үчүнчүдөн, хадис аялды сапар кылган учурда махрамы коштоп жүрүүсүн шарт кылды. Башкача айтканда, аялдын коопсуздугу камсыздалышы лаазымдыгы жаатында. Ошондуктан, эгер аял сапар кыла турган жери анын коопсуздугуна кооп-коркунуч жаратса, ал жерге жарым саат болсо да махрамы менен гана сапар кылышы ваажиб болот. Анткени, аялдын коопсуздугу өзүнчө шарт болуп саналат...

- Төртүнчүдөн, аял сапарга – ал кандай гана сапар болбосун айырмасыз – ал тургай шарият уруксат берген махрамы болсо дагы бир гана күйөсү же валийи уруксат берсе гана сапар кыла алат.

- Үчүнчүдөн: жогоруда айтылган нерселерде сапарда аялдын махрамы тууралуу жооп болду. Ал эми, аялдын сапар кыла турган жерине жеткенден кийин ал жерде туруктуу орун албаса, балким соода сатык, же окуу курстары, же зыярат, же дарылануу үчүн барса, аял иштерин бүтүргүчөктү аны менен махрамы бирге калышы керекпи же аял махрамы жок эле ал жакта жалгыз калуусу мүмкүнбү, деген суроого келсек:

Анын жообу – Аллахтын тофыкы менен – төмөнкүчө:

Бул маселе боюнча терең пикир жүргүзүлгөндөн кийин төмөнкү нерселер айкын болот:

1. Биз жогоруда назар салып өткөн хадистер махрам "сапар" сөзүнө жана "аралыгына" тартиптешилген. Ал эми "аралык" сөзүнүн мааниси сапар арасындагы максат кылынган жерге

жеткенге чейинки аралыкты билдирет. Ал эми, сапар сөзү ал да тилдеги мааниси максат кылынган жерге жеткенге чейинки аралыкты билдирет:

Мухаммад бин Мукрим, Жамаалу Дин ибн Манзуур Ансорийге (хижрий 711-жылы каза болгон) таандык "Лисаанул араб" (араб тили) китебинин 367/4 бөлүмүндө мындай келген: "Сапар – бул жерде болуунун каршы манисинде. Ал барып келүү маанисин билдирет. Сапардын көптүк түрү асфаар, сафрун, мусаафируун болуп баардыгы бир маанилеш. Хадисте Пайгамбар A Мекке элине айтты: "Эй бул жердин элдери, силер төрт рекет кылып окугула, мен сапардамын". (цитата бүттү). Маалым болгондой, Таброний "Кабиир" китебинде бул хадисти эки жол менен риваят кылган:

Биринчиси: Имраан бин Хусайн айтты: "Пайгамбар A сапар кылганда кайтып келгенге чейин эки рекет кылып гана окуган. Меккеде он эки күн турду. Ал киши эки рекет окуп кийин мындай деди: "Эй Мекке эли, туруп эки рекет окугула, мен сапардамын".

Экинчиси: Имраан бин Хусайн айтты: Пайгамбар A менен казатта бирге болдум. Ал киши Мадинага кайтып келгенге чейин экиден рекет гана окуду. Ал киши менен ажылыкта бирге болдум, ал киши ал жактан кайтканга чейин экиден гана рекет окуду. Пайгамбар A Меккеде он сегиз түн болду жана экиден гана рекет окуду. Кийин минтип айтчу: "Эй Мекке эли, намазыңарды толуктагыла, мен сапардамын". ("Муъжамул кабиир", Табароний).

Мажиддин Абу Тоохир Фииruz Абадка (хижрий 817-жылы каза болгон) таандык "Комус мухит"тин 408-бетинде мындай келген: "Сапар кылган киши, сапар кылган жамаат, сапар кылуучулар, булардын баардыгы бул жерде тургандын каршы маанисинде". Абу Наср Исмаил Жавхарий Ал Фарабийге (хижрий 393-жылы каза болгон) таандык "Сихааху тааж лугату уа сихаахул арабия" китебинин 685/2 бөлүмүндө мындай келген: "Сапар – аралыкты басып өтүү. Көптүгү асфаар".

Зайнудин Абу Абдулоох Мухаммад бин Аби Бакр Роозиге (хижрий 666-жылы каза болгон) таандык "Мухтаару сихаах" китебинин 148-бетинде мындай келген: "Сапар – аралыкты басып өтүү. Көптүгү асфаар".

2. Ошондуктан, махрамдын коштоп жүрүүсүнүн ваажиптигин билдирген хадистердеги маани "сапар учурундагыны" түшүндүрөт. Башкача айтканда, жогоруда айтып өткөнүбүздөй сапар жолундагы учурду түшүндүрөт. Сапар максат кылынган жерге жеткенден кийинки учурду түшүндүрбөйт, бир гана ошого гана таандык насс келсе, ошондо гана ошол нерсени түшүндүрөт. Сапар кылган адамдын көздөгөн жерине жеткенден кийин намазды кыскартуу, орозону ачуу тууралуу насс келген. Бирок, бир шарт менен ал жерде ал туруктуу оорун албаса гана намазын кыскартып окуса, орозосун ачса мүмкүн. Бул жерде да сапар кылган адам көздөгөн жерине жеткенден кийин намазын кыскартуусу жана рамазан айындагы орозосун ачуусу боюнча да фукахалар ортосунда талаштар бар. Мисалы, алардын кээ бири мындай дейт: "Сапар кылган адам көздөгөн жерине жеткенден кийин төрт күн аралыгында намазын кыскартып рамазан айындагы орозосун ачса болот". Кээ бири болсо 15 күн дешет. Кээ бири болсо сапардагы иши бүткөнгө чейин дешет. Бирок, бул нерселердин баардыгы сапарда намазды кыскартуу жана рамазан айындагы орозосун сапар учурунда ачуу тууралуу келген ушул эки нерсеге таандык шарий далилдер болуп саналат. Бул фикх китебтеринде маалым. Ал эми, сапар болсо, биз жогоруда айтып өткөндөй бул жол басып өтүүнү гана түшүндүрөт, андан башкага өтпөйт.

Төртүнчү: көздөгөн жерге жетүү.

1. Бул өзүнчө маселе жана анын өкүмү да өзүнчө. Башкача айтканда, жолду басып өтүүдөгү өкүмгө байланышпаган өзүнчө өкүм. Ал өкүмдөр жолду басып өтүүгө байланыштуу өкүмдөр жол аягына чыккан соң көздөлгөн жерге жеткен болот. Ал жерде жаңы маселе пайда болот. Анын өкүмү жолдун өкүмүнөн башка болот. Ал махрамга муктаждык жаралган сапардын узак болушу же махрамга муктаж эмес болгон сапардын кыска болушунун айырмасы жок, анын баянын төмөндө баяндайбыз, көздөлгөн жерге жеткендени кийинки өкүм жол басып өтүүдөгү өкүмдөн айырмаланат. Аял көздөгөн жерине жеткенден кийин ал жерде бир, же эки, же андан көп турушу күтүлөт. Ал ал жерде анын сапарынын мөөнөтү узак же кыска болушунун айырмасы жок, жеке да, коомго аралашкан учурда да коопсузудугун жана жеке жошоосун да коопсуздугун камсыздай туруктуу орунга (жайга) муктаж болот. Ошондуктан, сапарда жол жүрүү арылыгындагы өкүмдөн көздөлгөн жерге жеткенден кийинки турукту орун ала элек учурдагы өкүм башка болот. Аял ал жерге дарылануу, же окуу, же соода сатык иштери үчүн баруусу мүмкүн.

2. Ушуга негизделип сапар кылууда жол жүрүү аралыгындагы өкүм менен максат кылынган жерге жеткенден кийинки өкүм башка болот. Максат кылынган жерге жеткенден кийин туруктуу орун албаган учурдагы маселе негизинен ал жерде аялдын коопсуздугу камсыздалышы шарт. Башкача айтканда, аядын жашай турган жериндеги жана ал жерден сыртка чыккандагы коопсуздугу камсыздалышы шарт. Бул нерсе аялдын жеке жашоосундагы коопсуздугу камсыздалышын талап

кылат, ал боюнча "Дастуур" китебинин 112-беренесинде келген: "Аял ал эне, үй кожейкеси жана намыс, ошондуктан ал корголушу ваажиб", ошондой эле берененин шархында келгендей аял сыртка чыгуусу үчүн күйөсүнүн же валийинин уруксаты керек. Аялдын жеке жашоосу бар, ага таандык шарий өкүмдөр да бар. Анын жеке жашоосунда ал жат эрекектерден корголушу керек жана күйөсү же махрамы менен гана бирге болушу шарт. Коомдук жашоодо жат эркектер менен жалгыз (хилвада) калбашы шарт жана бир гана шарият уруксат берген көрүнүштө коомдук жайларда башкалар менен аралашып жүрүүгө болот. Анын өзүнө таандык авратын жаба турган жана ачылып чачылып жүргөндөн тыя турган шарий кийим (жилбаб) бар.

3. Ушунун баары аялдын коопсуздугу камсыздалышын талап кылган нерселер. Ошондой эле, ал намыс болгондугу үчүн ал корголушу жана ага ылайыктуу чөйрө жаратып берүү ваажиб... Бул маселени тереңден карап чыккандан кийинки мендеги басымдуу пикир төмөндөгүчө:

А. Сапардагы көздөлгөн жер бир күн бир түндөн ашык жер боло турган болсо, башкача айтканда, махрам менен боло турган жер болсо, аял ал жерде иштерин бүтүрүү үчүн бир, же эки, же андан көп күн турууну каалаcа, ал жерде махрамы менен болушу керекпи же жокпу, деген суроого келсек.

Жооб:

- Эгер, аял өзүнө кам көрө албагандай болсо, дарыланып жаткан же кичинекей болсо, анда ал учурда анын махрамы аны сапары учурунда да, көздөгөн жерине жеткенден кийин да, ал жердеги иштерин бүтүрүп үйүнө кайткычакты коштоп жүрүүсү шарт.
- Ал эми, акылы толук балагатка жеткен, өзүнө өзү кам көрө ала турган болсо, анын жообу төмөндөгүдөй:
- Эгер, аял сапарында көздөгөн жери даарул Ислам болсо, башкача айтканда Халифалыктын – мейли ал вилаяты же вилаяты болбошунун айырмасы жок – карамагындагы жер болсо, андай жерде Аллахтын жардамы менен аялдын коопсуздугу камсыздалган болот. Аял көздөгөн жерине жеткенден кийин анын махрамы ал жерде, эгер аялга караштуу махрамдар боло турган болсо, алардын жанынан жай алып, ал жакка жайгаштырат. Эгер, ал жакта аялга караштуу махрамдар жок болсо, анда момун соолих тааныш аялдар болсо, махрамы аялдын алар менен бирге туурусуна кадыржам болсо, анда анын махрамы аялды бир жай таап ошол тааныш бир же эки момун соолих аял менен бирге тургузат. Башкача айтканда, аялды жалгыз өзүн бир үйгө калтырбастан, жанына бир же эки момун соолих аялды шерик кылат. Эгер, ал жерде аялга караштуу махрам же тааныш момун соолих аялдар да жок болсо, анда анын махрамы Халифалык мамлекетинин аппаратындагы мамлекет жана вилаят ичиндеги саякатчыларды коопсуз турак-жай менен камсыз кылуу башкармалыгынан жардам сурап кайрылат. Эгер, мамлекеттин башкармалыгы аялдын махрамы канаатана тургандай жай даярдап берсе, анда махрамы аялды максат кылган иштерин бүтүргүчөктү ал жерге жайгаштырат. Бул учурда аялдын махрамы аны менен бирге калышы же кайтып кетишинин айырмасы жок. Анткени, аялдын коопуздугу даарул Исламда камсыздалып жатат. Аялдын махрамы даарул исламда аны менен каалган учурда байланыша алат. Качан аял кайтууну каалаган учурда махрамы кайра келип аны алып кетет.
- Эгер, аял сапар кылган жерде аялга караштуу махрамдар же момун, соолих аялдар болбосо жана Халифалык мамлекетинин саякатчыларды коопсуз жай менен камсыз кыла турган башкармалык таап берген жайга да аялдын махрамы канаатанбаса, анда аялдын махрамы аны менен бирге калышы керек же аялды алып кетиши керек.
- Эгер, сапар кыла турган жер даарул ислам эмес, исламий өлкөлөр болсо, бул эки бөлүкө бөлүнөт.
- Биринчиси: эгер сапар кылына турган жер аймактагы кең бир исламий өлкөнүн ичинде болуп, сапар хадисте келгендей бир күн бир түн же андан ашык убакытты талап кылган болсо, анда аял көздөгөн жерине жеткенден кийин анын махрамы ал жерде эгер аялга караштуу махрамдар боло турган болсо, алардын жанынан жай алып ал жакка жайгаштырат. Эгер, ал жакта аялга караштуу махрамдар жок болсо, анда момун соолих тааныш аялдар болсо, махрамы аялды алар менен бирге туурусуна кадыржам болсо, анда анын махрамы аялды бир жай таап ошол тааныш бир же эки момун соолих аял менен бирге тургузат. Башкача айтканда, аялды жалгыз өзүн бир үйгө калтырбастан, жанына бир же эки момун соолих тааныш аялдарды ага шерик кылат. Аял ал жерде өз иштерин бүтүргүчөктү калат. Аны менен махрамы аз дегенде ар жумада байланыш каражаттары аркылуу байланышып турат. Эгер, аялга жардам керек болуп калса, анда махрамы ага барат. Аял өз иштерин бүтүргөндөн кийин сапар мөөнөтү бир күн түн же андан ашык убакытты талап кыла турганчалык болсо, махрамы кайра барып аны алып келет.
- Эгер , аял сапар кылан жерде аялга тааныш момун соолих аялдар жок болсо, анын махрамы аялдын иштери бүткүчөктү аны менен калышы керек болот жана аны менен бирге кайтып келет.

- Экинчиси: эгер аялдын сапары бир исламий өлкөдөн экинчи исламий өлкөгө кыла турган сапар болсо жана ал экөөнүн ортосу бир күн бир түндүк убакытты талап кылган аралык болсо, бул учурда аял көздөгөн жерине жеткенден кийин анын махрамы кайтып кетсе болот, бирок бир шарт менен:
- Аялдын махрамы сапар кылынган жерден аялга таандык махрам же тааныш момун соолих аялдар болсо, аларга табыштап жеке коопсуздугун камсыздай тургандай жайгаштырышы керек. Башкача айтканда, аны жалгыз бир үйгө калтырбастан, махрам же тааныш момун соолих аялдар менен бирге тургузат. Махрам аялга жеке коопуздугун камсыздай турган жана өз иштери үчүн үйдөн тышка чыккан учурда, ошондой эле расмий эс алуу күндөрү да тышка чыккан учурларда да анын жеке коопсуздугу сакталышына кадыржам болуп, бул жайды ага ылайыктап бергенден кийин ал жакта бир жумача болот. Эс алуу күндөрү жума сайын болот, ошондуктан анын махрамы ал жакта бир жумача калуусу анын коопсуздугу камсыздалганына кадыржам болуусу үчүн, ошондуктан анын махрамы аз дегенде бир жумача калуусу керек. Бул менин басымдуу пикирим. Аял менен байланыш каражаттары аркылуу күндө байланышып турат. Аялдын иштери бүтөрү менен тезинен барып кайра алып кетүүсү шарт. Аял качан кайтууну каалаcа, махрамы кайра барып аялды алып кетет.
- Эгер, аял сапар кылган жерде аялга таандык махрамдар же тааныш момун соолих аялдар жок болсо, анда анын махрамы тааныш момун соолих аялдарды тапкычакты ал жакта аны менен бирге турат. Кийин ал аны ошол тааныш аялдар менен бирге жайгаштырып, бир жумача ал жакта туруп турат, андан кийин кайтып кетсе болот.
- Эгер, аялдын сапар кыла турган жери исламий өлкө эмес болсо, анда каралат:
- Эгер, ал жакта аялга таандык махрам эрекектер болсо, алар менен бирге турат же аларга жакын жайгашат (кошуна болуп жайгашат). Башкача айтканда, анын махрамы аялдын жеке да, коомдук да жашоосунда анын коопсуздугу камсыз болгондугуна ынанышы керек. Же ал жакта аялдын аял махрамдары энеси, же эжеси, же тая эжеси болсо, анда ошолор менен бирге чогуу жайгашат. Аларга кошуна жайгашпайт, тескерисинче бирге чогуу жайгашат. Бул эки абалда аялдын махрамы анын коопсуздугунун камсыз болгондугуна ынангандан кийин кайтып кете бериши жайиз. Бирок, бир шарт менен, күйөсүнүн же атасынын макулдугу болуусу жана аял менен кайсы учурда болбосун байланыша ала турган мүмкүнчүктүн да болуусу шарт. Кийин аял ал жактан кайтууну каалаcа сапар убактысы бир күн бир түн же андан ашык болсо, анын махрамы кайра барып аны коштоп алып келет.
- Эгер, жогоруда айтылган шартар жок болсо, анда аялдын махрамы аялдын иштери бүткүчөктү аны менен кошо калат жана иштери бүткөндөн кийин өз мекененине махрамы менен кошо кайтып кетет. Анткени, аялдын жеке коопсуздугу сакталышы талабы жана аял намыс катары болгондуктан, ал корголушу ваажиб. Бул талаптар исламий эмес жерлерде сакталбай калат, бир гана биз жогоруда баяндагандай аялдын жанында махрамы болушу менен гана сакталат.
- Эгер, сапардагы көздөлгөн максат кыска болуп, сапарда махрамдын болушуна муктаждык жаралбаса. Аял ал жерде бир же эки күн же үч күн калууну каалаcа ... ушул учурда аялга кандай кылуусу керек болуп калат? Ал махрамга муктаж болобу?
- Жооб төмөнкүдөй:
- Эгер, аял сапар кыла турган жер даарул исламдагы анын вилаяты же вилаяты эмес, анын карамагындагы жер болсо, аял махрамы жок эле сапар кылса болот, эгер сапардын убактысы бир күн бир түнгө жетпесе. Аял ал жактан ошол эле күнү кайтпастан, ал жакта бир, же эки, же үч күн, же андан ашык калууну каалаcа, анда ал жактагы өзүнө караштуу махрамдары же тааныш момун соолих аялдар менен бирге калса болот. Башкача айтканда, жалгыз бир үйдө калбайт. Бир шарт менен, аял ал жакта тааныш момун соолих аялдар менен бирге тура тургандыгы үчүн алдын ала валийинен же күйөсүнөн макулдук алган болушу керек.
- Ал эми, ал жакта махрамдары да, тааныш момун соолих аялдар да жок болсо, анда ошол эле күнү кайра кайтып келүүсү шарт. Же аны менен кошо махрамы да сапарга бирге чыгышы керек жана жогоруда баяндап өткөнүбүздөй анын махрамы ага коопсуз жай таап жайгаштырышы керек.
- Эгер, максат кылынган жер даарул ислам эмес аял өзү жашаган исламий өлкөдө болсо, сапардын убактысы бир күн бир түнгө жетпесе, анда махрамы жок эле сапарга чыкса болот. Аял ал жактан ошол эле күнү кайтпастан, ал жакта бир, же эки, же үч күн, же андан ашык калууну каалаcа, анда ал жактагы өзүнө караштуу махрамдары же тааныш момун соолих аялдар менен бирге калса болот. Башкача айтканда, жалгыз бир үйдө калбайт. Бир шарт менен, аял ал жакта тааныш момун соолих аялдар менен бирге тура тургандыгы үчүн алдын ала валийинен же күйөсүнөн макулдук алган болушу керек.

- Ал эми, ал жакта махрамдары да, тааныш момун соолих аялдар да жок болсо, анда ошол эле күнү кайра кайтып келүүсү шарт. Же аны менен кошо махрамы да сапарга бирге чыгышы керек жана жогоруда баяндап өткөнүбүздөй анын махрамы ага коопсуз жай таап жайгаштырышы керек.
- Эгер, максат кылынган жер даарул ислам эмес, бирок өзү жашабаган исламий өлкөдө болсо, сапардын мөөнөтү бир күн бир түнгө жетпесе, анда махрамы жок эле өзү сапарга чыкса болот. Бирок, өз мекенинен башка мекенге сапар кылганда бажы көзөмөлүндөгү жараяндар болот. Ошондуктан, аз дегенде бир момун аял менен кошо жүрүүсү ваажиб. Башкача айтканда, аял менен кошо жүргөн аялдын да сапарлар бир максатта болушу керек. Тактап айтканда, экөө тең бир максатта сапарга чыккан болушу шарт. Эгер, ал экөө ал жакта узак калууну каалашса, анда төмөнкү шарттардын негизинде калса болот:
- Ал жакта ал экөөнө таандык махрамдар бар болсо, ар бири өз махрамдары менен бирге турушат. Эгер, экөөндө тең аларга караштуу махрамдары жок болсо, анда өздөрүнө тааныш момун соолих аялдар болсо, алар менен бирге туруулары үчүн жогоруда баяндалган шартардын негизинде валийлеринен же күйөлөрүнөн маакулдук алган болуулары шарт.
- Эгер, ал шарттар табылбаса, башкача айтканда ал жакта экөөнө таандык махрамдар жана тааныш момун соолих аялдар да жок болсо, ошол эле күнү кайра кайтып келүүлөрү шарт.
- Эгер, максат кылынган жер исламий өлкө эмес, даарул куфр болсо, бул учурда жогоруда айтылып өткөндөй, узак сапарда аял махрамы менен бирге чыга турган абалдагыдай: аял менен бирге анын күйөсү, же валийи, же махрамы бирге сапарга чыгуусу ваажиб.
- Бешинчи: аялдын сапарга чыгуусунда анын сапары узак мөөнөттүү же кыска мөөнөттүү болушунун айырмасы жок, көздөлгөн жерге жеткенден кийинки анын коопсуздугу камсыздалышы үчүн ага коопсуз жай таап берүүдө биз таянган далилдерди кайталап өтөмүн:
- Ушуга негизделип сапар кылууда жол жүрүү аралыгындагы өкүм менен максат кылынган жерге жеткенден кийинки өкүм башка болот. Максат кылынган жерге жеткенден кийин туруктуу орун албаган учурдагы маселеде негизинен ал жерде аялдын коопсуздугу камсыздалышы шарт. Башкача айтканда, аядын жашай турган жериндеги жана ал жерден сыртка чыккандагы коопсуздугу камсыздалышы шарт. Бул нерсе аялдын жеке жашоосундагы коопуздугу камсыздалышын талап кылат
- “Дастуур” китебинин 112-беренесинде мындай делген: “Аял ал эне, үй кожейкеси жана намыс, ошондуктан ал корголушу ваажиб”, ошондой эле берененин шархында келгендей аял сыртка чыгуусу үчүн күйөсү же валийинин уруксаты керек. Аялдын жеке жашоосу бар, ага таандык шарий өкүмдөр да бар. Анын жеке жашоосунда ал жат эрекектерден корголушу керек жана күйөсү же махрамы менен гана бирге болушу шарт. Коомдук жашоодо жат эркектер менен жалгыз (хилвада) калбашы шарт жана бир гана шарият уруксат берген көрүнүштө коомдук жайларда башкалар менен аралашып жүрүүгө болот. Анын өзүнө таандык авратын жаба турган жана ачылып чачылып жүргөндөн тыя турган шарий кийими (жилбаб) бар.

Ушунун баары аялдын коопсуздугу камсыздалышын талап кылган нерселер. Ошондой эле, ал намыс болгондугу үчүн ал корголушу жана ага ылайыктуу чөйрө жаратып берүү ваажиб... Бул маселени тереңден карап чыккандан кийинки мендеги басымдуу пикир ушул. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

Алтынчы: ажылык, ажылыкта махрамы болушу төмөнкү далилдер менен басымдуу:

Буаари риваяты, Ибн Аббас Гдан айтты: Пайгамбар A айтты: “Аял бир гана махрамы менен бирге сапар кылсын. Ага бир да жат эркек кирбесин, бир гана махрамы бар учурда кирсин”, бир адам туруп айтты: “Я Расулуллох, мен ушундай казаттарга чыгууну каалаймын, аялым болсо ажылык кылууну каалап жатат”. Пайгамбар A айтты: “Аны менен бирге чык”.

- Ибн Хажар “Фатхул баари” китебинде ушул хадистин шархында: “Даарукутний риваят кылды, аны Абу Аваанатa Бин Журайхин, ал Амр бин Динаар жолу аркылуу аны бул сөз менен сахихке чыгарды: “Аял бир гана махрамы менен ажылык кылсын”.
- Ушул эки хадис ажылык боюнча келген хадистер. Бул хадистерде сапардын мөөнөтү жана ага байланыштуу да айтылган эмес. Балким аялдын сапарынын узактыгынан тышкары ажылык сапарында махрамы болушун шарт кылган. Ажылык сапарындагы кыйынчылык жана ажылык жөрөлгөлөрүн да аткаруудагы кыйынчылык аялга кыйынчылык туудурат. Ошондуктан, аял ажылык жөрөлгөлөрүн аткаруусуна жардам бере турган бирөө болушу керек.
- Бул жерде Шаафи, Имам Малик сыяктуу кээ бир фукахалар ажылыкты аял момун аялдар жамааты менен бирге аткаруусун дурус деп карашат. Кээ бирлери, Имам Малик сыяктуулар ажылык сапарында да момун аялдар жамааты менен баруусун жайиз дешет. Бирок, басымдуу пикир аралык

алыс же жакын болуштугуна карабастан, ажылыкта аялдын махрамы болушу керек. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

**Боордошуңар Ато бин Холил Абу Рушта** **27-сафар, 1440-х.**
**5-ноябрь, 2018-ж.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

*Суроо-жооб*

## Басымдуу жана басымсыз ортосундагы шарий өкүм

*Суроо:*

Ассаламу алайкум рохматуллохи уа баракатуху.

Урматтуу биздин мыкты аалымыбыз, менин төмөнкү суроомо жооб берүүңүздү өтүнөм.

Алакалардын негизи (аслы) адал болот, мубах болушу жөнүндө каралыш керек тууралуу сөз. Бул сөз төрт мазхабдын жумхуурлары (көпчүлүгү) алдында так, дааналап каралып чыгууга муктаж.

Бул негиз (асл) жөнүндө сөз кийинки (уламалардын арасында) кеңири тараган. Бирок, эски китептерди карай турган болсок, мындай негизди (аслды) кездештире албайбыз. Ибн Нажиим Ханафий бул Ханафий усулчулардан (бул эреже алардын арасында кеңири жайылгандыгы айтылат). Ал эки эрежени гана айткан:

Нерселердеги негиз (асл), эгер, аны арамдыка чыгара турган далил келбесе, ал – мубах.

Никедеги (абзоог – аялдын жан жери) негиз (асл) арам. (Башкача айтканда, аялдын жан жери негизинде (аслында) арам болуп саналат).

Суроо, эгер, Шаариъ (Аллах) тукумду (насл) сактоо максатында (абзоог – аялдын жан жерин) негизинде арам кылса! Бул нерсе каражаттарды жана каржы алакаларды жалпы өз ичине ала тургандай өңдөнүп жатат. Же жок дегенде алакалардагы негиз (асл) адал деп айтылбашы керек... Ошондуктан, өкүм берүү үчүн алакалар маселесин жалпы көзөмөл алкагында карап чыгуу зарылчылыгы туулат. Шаариъ (Аллах) тукумду (наслды) сактагандай эле, каражатты (малды ) да сактаган.

Мүмкүн мен жаңылышып калышым мүмкүн, анткени, бул маселе жаатында бардык уламалардын жана усулчулардын сөздөрүн карап чыккан жокмун...

Анткени, коопсураткан нерсе бул – азыркы учурдагы алакаларда көбүнчө биз (алакалардагы негиз (асл) адал) деген сөзгө таянуу менен маселенин вакыйын карап чыгып, ага далил караштырбастан, ага амал кыла беребиз.

Бул эреженин тууралыгы канчалык? Бул тууралуу фикх аалымдары айтканбы?

Абу Закария. Ливан.

*Жооб:*

Алайкуму салам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Урматтуу бир тууган, кээ бир мужтахиддердин эрежелери биздин көз карашыбызда басымсыз. Ал эрежелердин бири – сен жогоруда айтып өткөн «алакалардын негизи (аслы) адал болот» деген эреже биздин алдыбызда басымсыз болуп саналат. Биздин алдыбыздагы күчтүү далилден келип чыккан басымдуу көз караш «нерселердеги негиз (асл), эгер, аны арамдыка чыгара турган далил келбесе, ал – мубах» жана «иштердин негизи (аслы) шарий өкүмгө байлануу» деген көз караш болуп саналат. Биз башка дагы көптөгөн эрежелерди карап чыктык жана алардын күчсүз экендигин да баяндаганбыз. Анын баяны төмөнкүчө:

Биринчиден: «Шахсия» китебинин үчүнчү бөлүгүндө «шарият келишинен мурда өкүм жок» деген бапта минтип келген:

«Ошондуктан, Аллахтын мүлкүн Анын уруксатысыз пайдалануу арам, ал маклуктарга карата арам болот деген хужжат «далил менен нерселердин жана иштердин негизи (аслы) арам болот» деп айтылбайт. Анткени, Аллахтын аятында ачык түрдө Элчи жибербей туруп азаптабастыгы жана өкүмдү баян кылбастан туруп жазага кириптер кылбастыгы айтылды. Ушунун негизинде маклуктар запкы тартышат. Аллах пайда жана зыяндан таза Зат.

Ошондой эле, ээсине (Аллахка) зыян жана бузуу жеткирбестен пайдалануу деген хужжат (далил) менен нерселер жана иштердин негизи (аслы) мубах болот деп айтылбайт. Мындай деп айтылбайт. Анткени, аяттан түшүнүлгөн маани - инсан пайгамбар алып келген нерсеге байланган. Себеби, ал ага (Пайгамбар алып келген нерсеге) каршы иш кылса, жазага кириптер болот. Ошондуктан, негиз (асл) – Элчиге ээрчүү болуп саналат. Анын рисаалатындагы өкүмгө байланып иш кылуу негиз болуп саналат. Негиз (асл) мубах эмес, балким, шарий өкүмгө байлануу болуп саналат. Анткени, өкүм аяттарынын жалпылыгы шариятка кайтуу жана ага байланууу ваажибдигин билдирет. Аллах айтат:

﴿وَمَا اخْتَلَفْتُمْ فِيهِ مِنْ شَيْءٍ فَحُكْمُهُ إِلَى اللَّهِ﴾

***«Кайсы нерседе келише албасаңар, анын өкүмү Аллахта»*** [Шуура:10]

﴿فَإِن تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ﴾

***«Кайсы нерседе талашып тартышсаңар, аны Аллахка жана Анын расулуна кайтаргыла»*** [Ниса:59]

﴿وَنَزَّلْنَا عَلَيْكَ الْكِتَابَ تِبْيَاناً لِّكُلِّ شَيْءٍ﴾

***«Биз сага баардык нерсени баяндаган китепти түшүрдүк»*** [Нахл:89]

Даркутний риваяты, Пайгамбар A айтат:

«كُلُّ أَمْرٍ لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»

**«Биздин ишибиз жок болгон баардыгы кайтарылган».**

Ошондуктан, бул нерсе иштердеги негиз (асл) – шариятка кайтуу, ага байлануу экендигине далалат кылат. Анткени, ээсине (Аллахка) зыян жана бузуу жеткирбестен пайдалануу деген хужжат мубахка хужжат (далил) болуп саналбайт.

Ошондой эле, нерселердеги негиз (асл) токтолуу, өкүм жок деп да айтылбайт. Анткени, токтолуу бул амал кылууну жокко чыгарат. Же шарий өкүмдү бекер кылат. Мындай кылуу жайиз саналбайт. Анткени, Куран жана Хадистеги бекем тастык билбей турган учурда токтолуп туруу жана өкүм жок делбестен суроого буйруган. Аллах айтат:

﴿فَاسْأَلُوا أَهْلَ الذِّكْرِ إِن كُنتُمْ لَا تَعْلَمُونَ﴾

***«Эгер билбесеңер, илим ээлеринен сурагыла»*** [Нахл:43]

Пайгамбар Aдын тайамум тууралуу хадисинде Абу Дауд Жаабир Г риваят кылат:

«أَلاَ سَأَلُوا إِذْ لَمْ يَعْلَمُوا فَإِنَّمَا شِفَاءُ الْعِيِّ السُّؤَالُ»

**«Билбесеңер сурабайт белеңер, алсыздын** (билбегендин) **шыфаасы – суроо».**

Бул насс нерселердеги негиз (асл) бул токтолуп туруу, өкүм жок дегенге каршы далаалат кылат.

Ушуга негизделип Пайгамбар A элчи болуп жөнөтүлгөндөн кийин өкүм шариятка таандык болду жана шарият келишинен мурда өкүм жок экендигин дааналады. Өкүм шарияттын келишине токтолот. Башкача айтканда, ар бир маселеге шарий далил болуштугуна токтолот. Ошондуктан, өкүм бир гана далилдин келиши менен болот. Ошондой эле, өкүм берилиши бир гана шарият келгенден кийин гана болот. Негиз (асл) шарияттан өкүмдү карап чыгуу болуп саналат. Башкача айтканда, негиз (асл) шариятан өкүм алуу үчүн шарий далилди карап чыгуу болот.

Ошондуктан «инсандын иштериндеги негиз (асл) – Аллахтын өкүмүнө байлануу» деген шарий далил басымдуу тастыкталат. Мусулман адам бир ишти кылуудан мурда бул ишке карата Аллахтын өкүмү билүүсү шарт. Башкача айтканда, иштин шарияттагы өкүмүн билгенден кийин гана ага амал кылышы шарт. Шарият өкүмдөрүнөн иштерге мубах өкүмүн алуу анын мубах экендигине далил келиши шарт...

Бул иштер жаатында болду. Ал эми, нерселер жаатында болсо, ал иштерге байланышкан. Нерселердин негизи (аслы) аны арамдыка чыгарган далил келбесе, ал – мубах. Нерселердин негизи арам эмес, мубах болот. Бир гана анын арамдыгы тууралуу шарий далил келгенде гана ал арам болот. Анткени, шарий насстар баардык нерселерди мубах кылган. Бул насстар жалпылык түрдө келип, баардык нерселерди өз ичине камтыйт. Аллах айтат:

«أَلَمْ تَرَ أَنَّ اللَّهَ سَخَّرَ لَكُم مَّا فِي الْأَرْضِ»

***«Аллах жердеги баардык нерселерди силерге баш ийдиргенин көрбөдүңбү»*** [Хаж:65]

Аллахтын жердеги баардык нерселерди адамдарга баш ийдирип бергени аларга жердеги баардык нерселерди мубах кылып бергендиги. Аллах айтат:

﴿يَا أَيُّهَا النَّاسُ كُلُوا مِمَّا فِي الْأَرْضِ حَلَالاً طَيِّباً﴾

***«Эй адамдар, жердеги адал жакшы нерселерден жегиле»*** [Бакара 168]

﴿يَا بَنِي آدَمَ خُذُوا زِينَتَكُمْ عِندَ كُلِّ مَسْجِدٍ وَكُلُوا وَاشْرَبُوا﴾

*«Эй адам баласы, ар бир мечит алдында зыйнаттангыла жана ичип жегиле»* [Аърооф:31]

﴿هُوَ الَّذِي جَعَلَ لَكُمُ الْأَرْضَ ذَلُولاً فَامْشُوا فِي مَنَاكِبِهَا وَكُلُوا مِن رِّزْقِهِ﴾

*«Ал силерге жерди төшөп берди анын үстүндө жүргүлө жана анын ырыскысынан жегиле»* [Мүлк:15]

Мына ушундайча нерселерди мубах кылган баардык аяттар жалпы түрдө келген. Ошондуктан, аяттардын жалпылык түрдө келиши баардык нерселерди мубах болуштугуна далил болот. Баардык нерселердин мубах болуштугу Шааринин (Аллахтын) хытабынын (өкүмүнүн) жалпы түрдө болуштугу менен болду. Нерселердин мубах болуштугу баардык нерселерди мубахка чыгарган жалпы түрдөгү шарий насстар менен болду. Эгер, бир нерсе арамдыкка чыгарыла турган болсо, анда, аны мубахтыктан арамдыкка чыгара турган шарий далил келиши шарт болот. Жалпы мубахтыктан истисна кылып (бөлүп) чыгара турганга даалалат кылган шарий өкүм келиши зарыл. Ошондуктан, нерселердин негизи (аслы) шарий насстардын негизинде мубах болуп саналат. Шариъ бир нерсени арам кыла турган болсо, ал нерсени мубахтыктан истисна (бөлө) кыла турган, бул нерсенин өзү тууралуу ага насс келтирген. Аллах айтат:

﴿حُرِّمَتْ عَلَيْكُمُ الْمَيْتَةُ وَالدَّمُ وَلَحْمُ الْخِنزِيرِ﴾

*«Силерге өлүмтүк, кан, чочконун эти арам кылынды»* [Маида:3]

Пайгамбар A айтат:

«حُرِّمَتِ الْخَمْرَةُ لِعَيْنِهَا»

**«Арак арактыгы үчүн арам кылынды».** (Ибн Аббас, Мабсуутун).

Шарията бир нерсенин арамдыгы тууралуу насс келсе, ал нерсени жалпы насстан истисна кылат (бөлөт). Бул негиздин (аслдын) каршы мааниси. Башкача айтканда, нерселердеги негиз (асл) анын арамдыгы тууралуу далил келбесе, ал мубах дегендин каршы мааниси.

Ошондуктан, жогоруда сен айтып өткөн «алакалардын негизи (аслы) адал болот» деген эреже же биз ишаара кылып өткөн эрежелер биздин албызда басымсыз шарий эрежелер болуп саналат. Нерселер жана иштердин негизине (аслына) байланыштуу туура пикир – биз жогоруда айтып өткөн шарий эреже, ал «иштердеги негизи (аслы) Шарий өкүмгө байлануу» жана «нерселердин негизи (аслы) арамдыгы тууралуу шарий далил келбесе мубах» деген шарий эреже болуп саналат.

Жооп жетиштүү болду деп ойлойм. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рошта** **29-жумаадил-ахир, 1441-х.**
**23-февраль, 2020-ж.**

# Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагы колдонуучуларынын берген суроолоруна жоопторунан:

## Abdulla Amer тарабынан берилген бидъатка тиешелүү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Кече адамдар жума намазынан чыгып жатканда – адамдар мечит алдында топтолуп турганы сизге белгилүү – бир киши: Пайгамбарга салават айткыла, - деди. Ошондо ага башка киши: Андай дебе, ал бидъат, - деди.

Ал бидъатпы же бидъат эмеспи? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Мечит алдында «Пайгамбарга салават айткыла» деген кишинин бул сөзү бидъат эмес. Себеби, бидъат Шариънин буйругуна, аткаруу кайфияты варид болгон буйругуна тескери иш кылуу болуп эсептелет. Бидъат лугатта – Лисанул арабда келгендей – төмөндөгү маанини билдирет: «Бидъатчы – окшошу болбогон бир ишти кылган кимсе…». Истилахта да ушундай. Т.а. бул жерде Расул A кылган бир «мисал» болот жана мусулман анын тескерисин жасайт. Бидъат – шарият бир шаръий иштин аткарылышын баян кылган шаръий кайфиятка тескери иш тутуу. Бул маани ушул хадистин мадлулу болот:

«وَمَنْ عَمِلَ عَمَلاً لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»

**«Кимде-ким биздин буйругубуз болбогон бир амалды кылса, ал четке кагылат»** (Бухарий жана Муслим). Ушуга ылайык, кимде-ким намазда эки сажда ордуна үч сажда кылса, ал бир бидъатты алып келген болот. Себеби, ал Расулуллах A кылган ишке тескери кылды. Кимде-ким жамаротто жети таш ордуна сегиз таш ыргытса, бир бидъатты алып келген болот, себеби, ал да Расулуллах A феълине тескери иш кылды. Кимде-ким азан лафздарын көбөйтсө же кемейтсе, ал да бир бидъатты алып келген болот, себеби, ал Расулуллах A макулдап белгилеп койгон азанга тескери кылды…

Ал эми, Шариънин аткаруу кайфияты келбеген буйругуна тескери иш кылууга келсек, ал шаръий өкүмдөрдө вакиъ болот. Мындай тескери иш тутуу жөнүндө, эгер шаръий өкүм таклиф хитабы болсо, арам же макрух, эгер шаръий өкүм вазъ хитабы болсо, батыл же фасид деп айтылат. Мында амр менен бирге келген каринага карап айтылат…

Мисалы: Муслим Айша Iдан риваят кылган хадисте энебиз Расулуллах Aдын намазын сыпаттап мындай дейт:

«…وَكَانَ إِذَا رَفَعَ رَأْسَهُ مِنَ الرُّكُوعِ لَمْ يَسْجُدْ، حَتَّى يَسْتَوِيَ قَائِمًا، وَكَانَ إِذَا رَفَعَ رَأْسَهُ مِنَ السَّجْدَةِ، لَمْ يَسْجُدْ حَتَّى يَسْتَوِيَ جَالِسًا…»

«… **Расулуллах A эгер башын рукудан көтөрсө тээ боюн тике кылмайынча сажда кылбайт эле, башын саждадан көтөрсө, тээ олтуруп түз болмоюнча сажда кылбайт эле**…». Мында Расул A мусулман адам башын рукудан көтөргөндөн кийин тээ боюн түздөмөйүнчө сажда кылбашын, саждадан баш көтөргөндө тээ түздөлүп олтурмайынча экинчи сажданы кылбашын баян кылып берди. Ошондуктан, буга тескери аракет кылган кимсе бир бидъатты алып келген болот. Мисалы, намазкөй рукудан баш көтөрүп кийин боюн түздөбөй сажда кылса, бир бидъатты алып келген болот. Анткени, ал Расул A баян кылган кайфиятка тескери иш кылды. Бул бидъат бир адашуу болуп, аны кылган кимсе чоң күнөө кылган болот.

Бирок, мисалы, Муслим Убада ибн Сомиттен мындай дегенин риваят кылды: Мен Расулуллах Aдын:

«يَنْهَى عَنْ بَيْعِ الذَّهَبِ بِالذَّهَبِ، وَالْفِضَّةِ بِالْفِضَّةِ، وَالْبُرِّ بِالْبُرِّ، وَالشَّعِيرِ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرِ بِالتَّمْرِ، وَالْمِلْحِ بِالْمِلْحِ، إِلَّا سَوَاءً بِسَوَاءٍ، عَيْنًا بِعَيْنٍ، فَمَنْ زَادَ، أَوِ ازْدَادَ، فَقَدْ أَرْبَى»

**«Алтынды алтынга, күмүштү күмүшкө, буудайды буудайга, арпаны арпага, курманы курмага, тузду тузга теңме-тең, айнма айн** (өзүн-өзүнө) **гана сатууну буюрганын, мунун тескерисинен кайтарганын, кимде-ким көбөйтүп берсе же көбөйтүп алса, риба кылган болушун»**, уктум. Демек, эгер мусулман бул хадиске тескери кылып алтынды алтынга салмагына барабар эмес, көбөйтүп сатса: ал бир бидъатты алып келди, делбейт, ал арам иш кылды т.а. риба алды, делет.

Корутунду: Расулуллах A баян кылган кайфиятка тескери иш кылуу бидъат болуп эсептелет. Расул Aдын кайфият баян кылынбай шаръий өкүмдөрдө вакиъ боло турган мутлак буйругуна тескери кылуу болсо, далилге карап арам, макрух… батыл, фасид… болот.

Сиздин суроо̧ңуз боюнча айта турган болсок, Расул A жума намазынан кийин мечиттен чыгууда айтыла турган сөздүн кайфиятын баян кылбаган. Ошондуктан, ошол мусулмандын мечиттен чыгып жатып «Пайгамбарга салават айткыла» деген сөзү бидъат бабына кирбейт, ал шаръий өкүмдөр алкагында үйрөнүлөт. Мусулмандын мечиттен чыгып жатып «Пайгамбарга салават айткыла» деген сөзү жайиз, анда, эч кандай зыян жок, тескерисинче, ал өзүнүн ниетине карап – инша Аллах – ажр-соопко ээ болот.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **28-ражаб, 1434-х.**

**7-июнь, 2013-м.**

# Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (фикхий):

# Iman Thawabtehнин биоэнергия менен дарылануу тууpасындагы суроосуна жооп

**Суроо:** Ассаламу алайкум, мен Халил университетинде медициналык адистик боюнча билим алып жаткан студент кызмын. Бизге сабак берип жаткан профессор аял энергия менен дарылоо курстарын баштады, ал мына ушул тема боюнча толук изилдөө жүргүзүп, тажрыйбасын ашырмакчы болуп жатат.

Бирок, бир курсташыбыз бул тема тууралуу талкуулашып, анын арам экендигин айтып жатат. Бирок, профессор аял андан мунун арамдыгына бир катъий шаръий далил келтиришин талап кылды. Себеби, бул аял ушул тема боюнча өзүнүн изилдөөлөрүн толук аягына чыгармакчы болууда. Бирок, ошол курсташыбыз бул тема жөнүндө Куран жана Сүннөттөн бир анык далилди келтире албады. Сиз бул тема боюнча өз райыңызды билдирип, далил келтирүүдө мага жардам бере аласызбы? Ушуну суранамын.

**Жооп:** Энергия менен дарылоо дегенде эмнени назарда тутуп жатканыңыз суроодон анык эмес. Суроо берген бул кыз энергия менен дарылоо маанисин ачыгыраак баяндаса жакшы болот эле. Ошондо биз анын суроосуна карай жооп берет элек...

Ошого карабастан, бул темага арам деген талкуу кошулгандыгы себептүү «бул кыз нур чыгаруучу энергия сыяктуу хис кылына турган маддий энергия жана лазер менен дабалоо тууралуу сурап жаткан жок» деп күмөн кылдым. Нурдуу дабалоо рак оорусун дарылоодо колдонулат. Мында энергиянын жогорку даражадагы нурлары колдонулат же Magnetic resonance imaging (MRI) (ал магнит нурларды өткөрүү деп аталат) же ушуга окшогондор колдонулат. Бул жана ушул сыяктуулар менен дарылоодо эч бир күнөө жок. Суроо берген кыз «биоэнергия деп аталуучу энергия жөнүндө сурап жатат» деп божомол кылып жатам... Эгерде ушул энергия менен дарылоо жөнүндө сурап жаткан болсо Аллахтан тавфик сурап төмөнкүлөрдү айтамын:

Биоэнергия менен дарылоо темасы боюнча биз кабардар болгон маалыматтарга ылайык, анын буддизм фалсафасы негиздериндеги дарылоонун бир түрү экендиги белгилүү болду. Бул фалсафа ээлеринин айтымында ал психологиялык жисманий жана рухий дабалоо болуп, ал адамга гоиб болгон таасир кылуучу нерселерди түшүнүп жетүү негизине курулган имиш, көзгө көрүнбөгөн бул таасир кылуучу нерселерди байыркы чыгыштыктар ойлоп тапкан имиш, алардын эң маанилүүсү ааламда кезип жүрүүчү «и», «ци» «прана» деген аталыштагы бир кубаттын бар экендиги имиш. Адам айыгышы кыйын болгон жисманий оорулардан айыгууга жана рухий азаптардан, кысылуудан сактанууга жетишүү үчүн т.а. таасир кылуучу психологиялык кудуреттерге жетишүү үчүн мына ушул кубаттан күч алышы жана өз денесинин көзгө көрүнбөгөн бөлүктөрүндө агып жатканын сезиши

мүмкүн имиш. Бул кубат адамга ийгиликке жетишүү, адамдарды өзгөртүү, алардын денелерин жана рухиятын дабалоо мүмкүнчүлүгүн берет имиш. Ал кээ бир алдамчылык жана көз боёочулук иштери менен аралаш «дабалоо» болуп эсептелет... Мындай «дабалоо» арам экендигине эч кандай шек-күмөн жок. Себеби, ал Исламга тескери болгон буддизм фалсафасы негиздерине таянат о.э. алдамчылык жана көз боёочулуктун бир түрү болуп эсептелет...

Ушундай болгон соң, арам деп айтуу үчүн бул жерде Китеп же Сүннөттөн биоэнергия деген нерсе менен дарылоо жөнүндө сөз кыла турган бирер насстын болушу зарыл эмес. Тескерисинче, бул дарылоо буддизмдин бутпараст негиздерине таянгандыгы жана ага кээ бир алдамчылык жана көз боёочулук иштери аралашкандыгынын өзү аны арам деп айтуу үчүн жетиштүү болот...

Эгерде мына ушул нерсе суроонун темасы болсо, анын жообу ушундай болот. Эгерде башка түрдөгү тема болсо, инша Аллах ага жооп беришибиз үчүн анык кылып айтылсын.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **8-жумадул-аввал, 1437-х.**
**17-февраль, 2016-м.**

## Хизб ут-Тахрир амири аалым Ато ибн Халил Абу Роштанын фейсбук баракчасындагы коноктор берген суроолорго жооптор (фикхий)

## Wisam Al-Haninny жана «SchukranJaan» тарабынан берилген суроого жооб

## Биткоиндин шаръий өкүмү

**SchukranJaan:**

Bismillahir-rahmanir-rahim,

Dear honourable Shaikh.

We hope this finds you in best health.

We are greeting you with the warmest and most noble of all greetings:

Assalamualaykumwarahmatullahiwabarakatuhu.

A brother and me were talking about the hukm regarding the buying and selling of crypotcurrencies like bitcoin, ethereum, dash, ripple etc.)

We both read the ijtihad by Ustadh Abu Khaled al-Hejazi but we weren't quite content with what the shaikh had deduced.

We have some problems with how the shaikh analyzed the reality of cryptocurrencies and the comment section under the article too is filled with brothers disagreeing and discussing about how the tahqeeq al-manaat was not completely correct.

We would like to know the hukm regarding selling and buying of cryptocurrencies.

Could you bring light into this subject, because it still doesn't seem clear for us.

Wajazaakumullahukhairan

May allah strengthen us all on his path and let us be the reason for the re-establishment of the bearer of light in this world, the khilafah on the method of the prophethood.

Ameen

**Wisam Al-Haninnунинг:**

Ассаламу алайкум, сиздин ишиңиз көп болуштугу себептүү менин суроомо жооп берүүгө убакытыңыз жетпейт деп ойлом.

Ошентсе да менде тез арада жооп ала турган суроо жаралып жатат. Айрыкча, акыркы учурларда мусулмандардын арасында сезилээрлик деңгээлде таралып жаткан нерсе тууралуу.

Суроо: Биткоин акча бирдиги 8 жыл мурда чыгарылган. Азыр болсо бир биткоиндин баасы 8000 долларга чыкты. Мен аны иштетүү вакыйын караштырганымда анын доллар менен болгон алакадан эч кандай айырмасы жок экендигин көрдүм. Болгону доллар материалдык нерсе, ал эми биткоин колго кармала турган нерсе эмес электрондук акча экен. Төмөнкү жактамалардын негизинде шарий өкүмдү баяндап берсеңиз:

1 – Аны сатуу жана сатып алуу алакасы;
2 – Бул жаңы пайда болгон акча болгондуктан аны пайда кылуу жолу кандай болот;
3 – Биткоин менен башка акча бирдиктеринин ортосундагы айырбаштоо алакасы кандай болот?

Эгер, кааласаңыз ютуб аркылуу анын вакыйын дагы кеңири айтып берүүгө даярмын. Бирок менин оюмча мунун вакыйы сизге маалым болсо керек. Рахмат.

**Жооб:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллоохи ва барокаатуху.

Биткоин тууралуу суроого 2017-жылдын 28-мартында жооп берген элек. Ошол жооптун мазмунунун кайра сунуштайбыз:

«Биткоин бул акча бирдик болуп саналбайт. Анткени, ал акча бирдигинин шарттарына жооп бербейт. Башкача айтканда, Пайгамбар A бекиткен динар, дирхам жооп бере турган шарттарга жооп бербейт:

– Акча кызмат жана товарларды айырбаштай турган өлчөө, башкача айтканда, аны менен товардын баасы жана айлык акылар белгиленүүчү бирдик;
– Акча белгисиз эмес, белгилүү бир мамлекеттик бийлик тарабынан чыгарылат;
– Акча бир ууч адамдардын арасында эле эмес, бардык адамдардын арасында жайылган болушу керек.

Ушул шарттар биткоинге коюла турган болсо, ал бул шарттарга жооп бере албастыгы айкын болот:

– Ал кызмат жана товарларды айырбаштай турган өлчөө боло албайт. Балким ал чектелген товар жана кызматтарды айырбаштай турган нерсе;
– Ал белгилүү бир мамлекеттик бийлик тарабынан чыгарылбайт, балким булагы белгисиз тараптан чыгарылган нерсе;
– Ал баардык адамдардын арасында жайылган эмес, балким кээ бир адамдардын ортосунда гана алмашылып жаткан нерсе. Башкача айтканда, ал коомдун ар бир мүчөсү үчүн эмес.

**Ушуга негизделип шарий тараптан Биткоин акча бирдиги болуп саналбайт.**

Ошондуктан, Биткоин бул товардан башка нерсе эмес. Бирок бул биткоин товары чыккан жер белгилүү эмес. Анын кепилдиги да жок. Ошондой эле бул алдамчылык, чайкоочулук көп иштетиле турган орун болуп саналат. Ошол себептен аны сатуу жана сатып алуу шарий жактан жайиз эмес. Айрыкча анын чыгарылган жери белгисиз болгондуктан, ага карата көп күмөндүү ой жаралат. Айрыкча, биткоиндин чыккан жери ири капиталисттик өлкөлөрдөн алыс эмес, өзгөчө Америкадан алыс эмес деген күмөндүү ойлорду жаратат. Же ири капиталистик мамлекеттер менен байланышы

бар өз көмөчүнө күл тарткан бир ууч адамдар тарабынан чыгарылат. Же эл аралык ири компаниялар тарабынан кумар, баңги заттарды сатуу, акчаны алдоо менен тартып алуу, уюшкан кылмыштуу топтор үчүн чыгарылган деген күмөндү жаратат. Эгер мындай болбосо, анда эмнеге анын чыгарылган жери белгисиз бойдон калууда?!

**Корутунду:**

Биткоин чыгарылган жери белгисиз болгон товар жана анын кепилдиги да жок. Чайкоочулук, алдамчылык иштетиле турган орун болуп саналат. Ушундай айла-амалдарды иштетүү аркылуу адамдардын байлыгын талап тоноого каратылган колонизатор каапыр мамлекеттердин, айрыкча Америка таасирин күчөтүүчү орун болуп саналат... Ошондуктан шарий далилдин негизинде аны сатууга жана сатып алууга болбойт. Анткени, шарият белгисиз нерсени сатуу жана сатып алуудан кайтарган. Ал далилдер төмөнкүлөр:

– Муслимдин сахихинде Абу Хурайра Гдан риваят кылынат:

«نَهَى رَسُولُ اللهِ صلى الله عليه وسلم عَنْ بَيْعِ الْحَصَاةِ، وَعَنْ بَيْعِ الْغَرَرِ»

**«Расулуллах A Хасоот** (ташты ыргытып түшкөн жерине чейин) **кылып сатуудан жана гарар** (белгисиз) **нерсени сатуудан тыйды».**

Тирмизи Абу Хурайра Гдан риваят кылды. «Хасоот соодасынан» мисалы, мен бул кездемелерди мен ыргыткан таш кайсы жерге түшсө, ошо жерге чейин сага сатам десе же мен ыргыткан таш кайсы жерге барып түшсө ошо жерге чейин сага сатам деген сыяктуу. Бул сатылып жаткан товар белгисиздикти жаратып жаткандыгы үчүн ага тыюу салынган». «Гарар соодасынан» мисалы, көлдөгү балыкты, же эмчектеги сүттү, же туула элек курсактагы жандыкты, же ушалар сыяктуу нерселерди сага саттым десе бул нерсеге да шарият тарабынан тыюу салынган. Анткени, ал белгисиз нерсе.

Ушундан маалым болгондой гарар соодасы арам. Анткени, ал белгисиздикти жаратып жатат. Ушул нерсе биткоиндин да вакыйына дал келет. Анын чыгарылган жери белгисиз болгон товар. Аны эч бир расмий тарап чыгардык деп кепилдикти мойнуна алган эмес. Ошондуктан, ал кепилдиксиз дагы. Ушуга негизделип аны сатуу жана сатып алуу шарий тараптан жайиз эмес».

**Бурадарыңар Ато ибн Халил Абу Рошта**

**30-робиул-аввал, 1439-х.**

**18-декабрь, 2017-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Abu Osamaнын

## 1 – Васика кагаздардагы зекет

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, фазилаттуу боордошум, мага эки иш түшүнүксүз болуп калды, сизден аларды айкындаштырып беришиңизди суранамын, Аллах сизге бардык жакшылыкты тартууласын жана сизге жардам берсин. Биринчи иш: Васика кагаздардагы зекетке

тиешелүү. «Халифалык мамлекетинде малия» китебинде келишинче алтын жана күмүштүн ордуна өтө турган кагаздарга алар алтын жана күмүштөн орун басар болгону үчүн алтын жана күмүш мамилеси кылынат. Бул түшүнүктүү. Китепте дагы мажбурий кагаз акчаларда да зекет важиб болушу келген, анткени бул кагаз акчаларда да акчалык иллети бар болуп, алардын кыйматы алардын базардагы керектөө кыйматына карап алтын же күмүш менен бааланат жана нисабга жетип бир жыл айлангандан кийин алардан бериле турган зекет эсептеп чыгылат. Бул да түшүнүктүү. Ал эми васика кагаздар мамлекет белгилеп койгон же мамлекет тарабынан кепилдик берилген тарап белгилеп койгон номиналдык кыйматтан азыраак алтын же күмүш менен белгиленген нисбат-өлчөм менен капталган (камсыздалган) кагаздар. Мисалы, элестетип көрөлү, Иордания динарын мамлекет алтын динарга тең келе турган нисбатта чыгарган, бирок мамлекет аны 50 % нисбатта т.а. алтын динардын жарымы менен каптоо (камсыздоо) милдетин алган. Демек, Иордания динары эки бөлүккө бөлүнүп калды: биринчи жарымы орун басар кагаздар болуп эсептелсе, экинчи жарымы мажбурий кагаз акчалар болуп эсептелет.

Китепте бул акчалар зекети жөнүндө талкуу кылынган кезде орун басар жарымы гана эсепке алынган, экинчи, мажбурий кагаз акчалар болгон жарымына болсо токтолбогон, акыйкатта болсо, бул экинчи жарымы керектөө кыйматына жана акчалык сыпатына ээ, ошого карабастан ал эсепке алынбаган. Ушуну жакшылап түшүндүрүп беришиңизди суранам.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух,

**Суроoңуз эки бөлүктөн турат экен:**

**Суроонун биринчи бөлүгүнө жооп:**

Васика кагаз акчалар, алар орун басар кагаз акчалар болуп эсептелет. Т.а. алар каалаган убакта алтынга алмаштыруу мүмкүн болгон кагаз акчалар болуп, бирок, алардын үстүнө жазылганынын бир бөлүгү менен алмаштырылат. Бул кыймат жарыя кылынган жана баарына белгилүү кыймат, бул кагаздар менен ушул негизде мамиле кылынат, орун басар кагаз акчанын эки түрү менен мамиле кылынган кезде мажбурий кагаз акча менен мамиле кылынбайт, бул маселени айкындаштыруу үчүн төмөнкүлөрдү айтамын: акча мамилеси же алтындын өзү менен болот, же орун басар кагаз менен болот, же мажбурий кагаз менен болот:

Алтындын өзү менен боло турган акча мамилесинин зекети анык...

Орун басар кагаз менен боло турган акча мамилесине келсек, ал талап кылынган кезде үстүнө жазып коюлган кыймат өлчөмүндө алтынга алмаштырып бериле турган кагаз акча болобу, же алтынга үстүнө жазып коюлган жана адамдарга жарыя кылынып, аларга белгилүү болгон бир бөлүгүн алмаштырып бериле турган кагаз акча болобу, эч айырмасыз, ага карата да алтынга кылынган мамиле кылынат, себеби, ал алтындан орун басар. Үстүнө жазылгандын толук бардыгы алтынга алмаштырылбай турган васика кагаздын калган бөлүгү эсеп кылына турган мажбурий кагаз болот деп айтылбайт, мындай деп айтылбайт:

Анткени, мажбурий кагаз акча алтынга жана күмүшкө алмаштырып берилбейт, тескерисинче, ал өз кыйматын мамлекет чыгарган мыйзам менен ошол мамлекет экономикасынын канчалык кубаттуу экенине карап алат, ансыз анын эч кандай кыйматы болбойт, васика кагаздын калган бөлүгү болсо ага бирер кыймат бере турган мыйзам чыкпаган, демек анын эч бир кыйматы жок...

Орун басар кагаз акчанын эки бөлүгү иштетилген кезде да ушундай болот, анткени, мында мажбурий кагаз акчаны иштетүү болбойт...

Мамлекеттин кагаз үстүнө жазып коюшу да кагаздын кыйматына таасирин тийгизбейт, болгону белгилүү өлчөмдөгү алтынга алмаштырып берилсе гана мунун таасири болот. Васика кагаздагы бул нерсе адамдар үчүн белгилүү...

Ушуга ылайык, демек васика кагаз орун басар кагаз болуп, ал өз кыйматын өзүнүн кандайдыр өлчөмдө алтынга алмаштырып берилишинен алат жана анын зекети ал алмаштырып бериле турган алтын кыйматына карай болот.

Мажбурий кагаз акча менен боло турган мамилеге келсек, бул акчанын эч кандай чыныгы кыйматы жок жана ал алтын жана күмүштүн эч бирине алмаштырып берилбейт, тескерисинче анын кыйматы мамлекет чыгарган мыйзамдын өкүмү менен жана ошол мамлекеттин экономикалык кубатына карай этибарлуу болот жана анда зекет важиб болот, ал алтын же күмүш болгону үчүн эмес, анда акчалык иллети бар болгону үчүн андан зекет берилет. Ошондуктан, ал алтын же күмүш менен бааланат жана нисабга жетип бир жыл өткөн кезде анда зекет важиб болот, аны алтын же күмүш менен баалаганы үчүн андан зекет берүү важиб болот.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы суроолорго жооптор (фикхий)

## ইবনুল আযরাক Ибн Азрак: дарул куфрда адилеттүүлүктү талап кылуу үчүн сотко кайрылуу

**Суроо:**

Ассаламу алайкум, менин сүйүктүү боордошум. Менин сага берейин деген маанилүү суроом бар. Ниса сүрөсүнүн 60-аятында Аллах бизди тогуттардан чечим суроодон тыйган. Бирок, Халифалыктын жоктугу себебдүү бүтүндөй мусулман жерлери тогут лидерлери тарабынан башкарылат. Ошондуктан, эгер биздеги кандайдыр бир талаш-тартыштуу маселени чечүүдө ушул тогуттардын сотторуна кайрылуубуз мүмкүнбү? Мисалга ала турган болсок, менин үй-бүлө мүчөлөрүмдүн бири зордукталса, чечим чыгаруу үчүн демократ тогуттардын астындагы сотторго кайрылсам болобу? Алар шарият менен өкүм чыгарбайт. Аллах Аллахтын мыйзамы менен чечим чыгарбай, өзүнүн чечими менен чечим чыгарган тогуттардан чечим сурап кайрылуудан тыйган.

Аллах ыраазы болсун.

**Жооп:**

Ассаламу алайкум рохматуллохи уа барокатуху.

2009-жылы 18-февралда чыккан суроо-жоопто мындай дегенбиз:

«Ким дарул куфрда жашаган болсо жана ал жерде шарий сот жок болсо, ал өзүнүн акы-укугун талап кылууда жана ага келип жаткан зулумду кайтарууда дарул куфрдагы сотторго кайрылуусу мүмкүн. Бирок, бир шарт менен: анын талап кылып жаткан акы укугу шариятта белгиленген болушу шарт. Шариятка тескери келген алардын мыйзамына ылайык акы-укукту эмес, шариятта белгиленген акы-укукту талап кылуу шарты менен мүмкүн.

Мисалы: буюмун уурдатып жиберсе. Исламда уурдалган буюуму ага кайтарылып берилет. Ошондуктан, буюмун уурдаткан адам уурдалган буюмун кайтарып алуу үчүн дарул куфрдагы сотторго кайрылуусу мүмкүн.

Мисалы: бир адам белгилүү бир акчага үйүн сатса, сатып алуучу акчанын бир бөлүгүн берип, бир бөлүгүн кийинкиге калтырып, кийин калган бөлүгүн берүүдөн баш тартса же тана турган болсо, бул учурда Ислам сатуучуга сатып алуучудан акысын алып берет. Ошондуктан, дарул куфрда жашаган адам да акысын кайтарып алуу үчүн акчаны берүүдөн баш тартып жаткан адамды сотко берип кайрылса болот.

Ошондуктан, дарул куфрда жашаган мусулман адам шариятта белгилген адилеттүүлүктү жана акы-укуктарды талап кылууда дарул куфрдагы сотторго кайрылуусу мүмкүн.

Ал эми, жарандык мыйзамда белгиленген акы-укуктарды, бирок, шариятка тескери келген акы-укуктарды талап кылып дарул куфрдагы сотторго кайрылуу мүмкүн эмес.

Мисалы: шарият тыйган акционердик коомго мүчө болуп акционерлер ортосунда пайда бөлүшүүдө өз акысына тийиштүү пайданы ала албай калса, анда, өз акы-укугун талап кылып дарул куфрдагы сотторго кайрылуусу мүмкүн эмес. Анткени, бул акы-укук шариат тарабынан эмес, жарандык мыйзам аркылуу белгиленген акы-укук. Бул шариятка тескери келет. Анткени, акционердик коом шарият тарабынан тыйуу салынган жана андагы пайда үлүшү да шарият тарабынан белгиленген эмес. Мусулман адам мындай компаниялардан чыгып кетүүсү важиб.

Мисалы: эгер, сүткордук менен иш кылган банкка белгилүү бир өлчөмдө пайда алуу үчүн акча салса, кийин банк ага акчасын кайтарып берген учурда келишилген пайдасынан аз өлчөмдө берсе, бул учурда ал банктан сүткордуктан түшкөн пайдасын өндүрүп алуу үчүн дарул куфрдагы сотко кайрылуусу мүмкүн эмес. Анткени, бул сүткордуктан түшкөн пайда-укук шарият эмес, жарандык мыйзам тарабынан белгиленген жана ал шариятка тескери келет. Ошондуктан, мусулман адам сүткордукка негизделген банк менен алака мамилелерин үзүүсү важиб.

Ошондуктан, эгер дарул куфрда жашаган адам зулум тартса же акысын жедирсе, бул акы-укуктарын талап кылуу шарият тарабынан белгиленген болсо, бул учурда дарул куфрдагы сотторго кайрылып акы-укугун талап кылуусу жаиз. Эгер, дарул куфрда жашаган мусулман адам шарият тарабынан эмес, жарандык мыйзам аркылуу белгилгенген акы-укуктары бузула турган болсо, анда, дарул куфрдагы сотторго кайрылып өз акы-укугун талап кылуусу мүмкүн эмес. Анткени, бул акы-укук шарият тарабынан белгиленген эмес жана ал шариятка тескери келет... Мындан тышкары, дарул куфрда жашаган мусулман адам шарият белгилеген акы-укугун жана адилеттүүлүктү талап кылууда дарул куфрдагы сотторго кайрылуудан мурда маселени чече ала турган адамдар аркылуу чечүү жолун караштыруусу абзел». (Суроо-жооптогу цитата бүттү).

Ушул жетиштүү го деп ойлойм. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

**Бурадарыңар Ата ибн Халил Абу Рошта** **14-робиус-саний, 1441-х.**

**11-декабрь, 2019-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Irfan Abu Naveed тарабынан берилген демократия жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Азыркы кылымда таза динибизге жат, Ислам итикадына ар кандай жактан карама-каршы болгон ката түшүнүктөр жана батыл итикаддар, алардын катарында, батыл демократия Ислам Үммөтүнө чабуул кылууда. Индонезиядагы айрым мусулмандар демократияны Исламдан деп эсептешет. Алар бул үчүн Куръани Карим жана Суннати Набавийди туура эмес түшүнүүдөн келип чыккан шаръий далилдерди да келтиришет.

1 – Демократия жөнүндөгү пикириңиз кандай?
2 – Бул кооптуу проблемадан кандай кутулса болот?
3 – Мен бул жөнүндө китеп жазмакчымын. Сиз буга кандай карайсыз? Бул туурасында кеңеш беришиңизди каалайт элем.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух...

Демократия – эл кожоюндугу дегени. Демократияда Аллах эмес, калк мыйзам чыгарат т.а. Аллахтын ордуна калк адал жана арамды белгилейт. Аллах Субханаху ва Таала айтат:

{إِنِ ٱلۡحُكۡمُ إِلَّا لِلَّهِۖ يَقُصُّ ٱلۡحَقَّۖ وَهُوَ خَيۡرُ ٱلۡفَٰصِلِينَ}

***«Өкүм кылуу Аллахтын Өзүнө гана таандык. Ал жалаң чындыкты сүйлөйт. Ал*** *(чындык менен жалганды)* ***айрый билгендердин эң көсөмү»*** [6:57]

Табароний «Кабир»де Адий ибн Хатамдан риваят кылган хадисте Адий айтат: Мен Набий Aдын алдына келдим. Мойнумда алтындан жасалган крест бар эле. Ошондо Расулуллах A:

**«يَا عَدِيُّ اطْرَحْ هَذَا الْوَثَنَ مِنْ عُنُقِكَ»**

**«Эй Адий, бул бутту мойнуңдан ыргытып жибер»** деди. Мен аны таштап, ал заттын алдына кайттым. Расулуллах A «Бароат» сүрөсүн окуп жаткан жана ушул:

{ٱتَّخَذُوٓاْ أَحۡبَارَهُمۡ وَرُهۡبَٰنَهُمۡ أَرۡبَابٗا مِّن دُونِ ٱللَّهِ}

***«Алар Аллахты коюп өздөрүнүн даанышмандарын жана рахибдерин Кудай деп билишти»*** [9:31]

аятын окуп болгон соң мен: Биз аларга ибадат кылбайбыз, дедим. Ошондо Расулуллах A:

**«أَلَيْسَ يُحَرِّمُونَ مَا أَحَلَّ اللَّهُ فَتُحَرِّمُونَهُ، ويُحِلُّونَ مَا حَرَّمَ اللَّهُ فَتَسْتَحِلُّونَهُ؟** قُلْتُ: بَلَى، قَالَ: **فَتِلْكَ عِبَادَتُهُمْ»**

«**Алар Аллах адал кылган нерсени арам кылса силер да аны арам деп билесиңер жана Аллах арам кылган нерсени адал кылса силер да адал деп билесиңер, ушундай эмеспи?**» - деди. Мен: «Ооба, ошондой», дедим. Расулуллах A: «**Мына ушул – алардын**

**ибадат кылуулары**», деди. Ошондуктан, Аллахтын ордуна мыйзам чыгарган адамдын күнөөсү абдан оор.

- Демократия ушул жактан алганда куфр түзүмү болуп эсептелет. Себеби, ал мыйзам чыгаруу укугун адамзат Роббисине эмес, адамзаттын өзүнө берет.

Башка жактан демократия төрт эркиндикке: итикад, пикир, мүлкчүлүк жана жеке адам эркиндигине чакырат.

Демократия адамдарга каалаган нерсесине итикад кылуусуна уруксат берет. Ошондуктан, демократияда адамдар динин каалагандай өзгөртүшү, ал тургай, ыйык нерселерди акараттаса да каалаган пикирди айтууга укугу бар. Демократия адал жол менен да, арам жол менен да мүккө ээлик кылууга, ырас ар эки тарап ыраазы болсо зинага уруксат берет. Бул иш Исламда арам кылынган. Исламда муртаддык - арам, зина - арам, шаръий эмес жол менен мүлккө ээлик кылуу - арам о.э. акарат сөздөрдү айтуу - арам.

- Ошентип, демократия эркиндиктерге чакыруу жагынан да куфр түзүмү болуп эсептелет. Себеби, бул, шаръий өкүмдөрдөн баш тартууну түшүндүрөт.

Демократия жөнүндө «Демократия – куфр түзүмү» деген китеп бар. Сиз өлкөңүздөгү Хизб кеңсесинен бул китепти алып окуңуз. Китепте демократия маселеси жана демократия куфр түзүмү экени кеңири баян кылынган.

Мен сизге салам жолдоп, жазмакчы болгон нерсеңизде Ислам жана мусулмандар үчүн жакшылык болушун тилеп, Аллахтан сизге ийгилик сурап дуба кыламын.

**Бoордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **20-ражаб, 1434-х.**

**30-май, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Абу Имрон тарабынан берилген жердин дайынсыз калбашы жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Суроолорго жоопторда» кафирдин колундагы ушрий жерден хирож алынат, себеби, жер дайынсыз калбайт. Ушр – зекет, кафир болсо зекет калкынан эмес, арийне, эгер ал ушрий жерге ээ болсо, хирож бериши шарт болот.

Жер дайынсыз калбашы т.а. жерге зекет (ушр) же хирож берилишинин далили кандай? Акыйкатта болсо, зекет белгилүү бир түрлөрдөн жана нисабга жетсе гана берилет. Ушуга ылайык, белгиленген түрдөгү эгиндер эгилбеген бардык ушрий жерлерден ушр да, хирож да берилбейт. О.э. хирож да хирожий жерден гана т.а. мусулмандар согушуп ээлик кылып алган жерге акылуу болот.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

- Жер дайынсыз калбашы т.а. шаръий өкүмдөргө ылайык ушр, же жарым ушр, же хирож берилишинин далил жөнүндөгү суроонузга жооп мындай: жер өкүмдөрү жөнүндө келген далилдер жерди ушрий же хирожий кылып белгилеген. Бул далилдер:

1 – Ар бир жер жөнүндөгү умумий далилдер. Анда мусулман ушр же жарым ушр бериши важиб.

«فِيمَا سَقَتْ الأَنْـهَارُ وَالْغَيْمُ الْعُشُورُ، وَفِيمَا سُقِيَ بِالسَّانِيَةِ نِصْفُ الْعُشْرِ»

**«Дарыялар жана жамгыр суулары түшкөн жерлерден – ушр, төө менен кудуктан суу ташып суугарылган жерлерге – жарым ушр»** эгиндин түрү жана көлөмү менен байланыштуу шаръий өкүмдөргө ылайык берилет.

2 – Фатхтан кийин умумий далилдерге кирбеген жерлерде жаңы проблема пайда болду жана аларга хирож белгиленди:

«قَضَى رَسُولُ اللَّهِ A فِيمَنْ أَسْلَمَ مِنْ أَهْلِ البَحْرَيْنِ أَنَّهُ قَدْ أَحْرَزَ دَمَهُ وَمَالَهُ إِلاَّ أَرْضَهَ، فَإِنَّهَا فَيْءٌ لِلْمُسْلِمِينَ؛ لأَنَّهُمْ لَمْ يُسْلِمُوا وَهُمْ مُمْتَنِعُونَ»

**«Расулуллах A Бахрейн калкынан ким Исламга кирген болсо, каны жана малына өзү ээлик кылышын, жери болсо мусулмандар үчүн фай болушун өкүм кылды. Себеби, алар каршылык көрсөтпөй Исламга кириштИ»**. Умар τнун айыл жерлери жөнүндөгү өкүмү: **«Мен жерлерди кафирлердин колунда калтырып, аларга хирож белгиледим»**.

3 – Ошондуктан, Ислам диярындагы бардык жерлерге зекет белгиленген, алардын белгилүү бир түрүнө гана хирож белгиленген.

4 – Умумий өкүм умумий боюнча калат: «Ислам диярындагы бардык жерлерге зекет белгиленген». Бул өкүмдөн нас менен хостолгон «хирожий жерлер» гана чыгарылат.

5 – Эгин жерлеринин өкүмү ушундай. Эгер, хирожий жөнүндөгү нусус болбогондо умумий өкүм т.а. жердин мусулман ээсине шаръий нусустарга ылайык белгиленген зекет кала бермек. Жердин андан эмне берүү жагынан түрүн баян кылган башка өкүмдөр жок, мындан улам, жерге зекет же хирож берилет. Бул, бардык жерди өз ичине алган умумий нусустар.

6 – Ушул далилдерден биз жер дайынсыз калбашын истинбат кылдык.

- Эми, сиздин Расулуллах A ушрий жерге ээ болгон кафирлерге хирож белгилегени жөнүндөгү суроонузга келсек, мен андай нерсени ырастабаганмын. Биз истинбат кылган шаръий өкүмдөрдү билүү үчүн жогорудагы далилдер жетиштүү. Т.а. биз ушуларды тəржих (артыкчылык) кылдык: зиммийлердин колунда ушрий жер болсо, алар хирож төлөйт, себеби, зекет шаръий өкүмдөргө ылайык мусулманга фарз.

Ошондой болсо да, бул маселеде сиз бирер нерсени билген болсоңуз, карап чыгышым үчүн мага жөнөтүшүңүз мүмкүн жана бул үчүн сизден ыраазычылык билдиремин.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **5-шаъбан, 1434-х.**

**14-июль, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан:

## ام مصعب الجعبريнин жерге ээлик кылуу жана андан пайдалануу тууралсындагы суроосуна жооп

**Суроо**:

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух! Мен жерге байланыштуу бир суроо бермекчимин: Ээлик кылуу укугу жана пайдалануу укугу жеке адамдыкы болгон жер менен пайдалануу укугу жеке адамдыкы, ээлик кылуу укугу болсо мамлекеттики болгон жердин ортосундагы айырма эмнеде? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**:

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Ушрий жер менен хирожий жердин ортосунда төмөнкү эки маселеден башка айырма жок, себеби экөө тең бирдей:

1 – Ушрий жер ээсинде ага ээлик кылуу укугу да бар, андан пайдалануу укугу да бар. Хирожий жер ээсинде болсо андан пайдалануу укугу гана бар, ага ээлик кыла албайт. Мунун себеби, ушрий жер ээси ушул кол астындагы жерди вакф кылмакчы болсо, каалаган убакта кыла алат. Себеби, вакф шарты боюнча, вакф кылып жаткан киши вакф кылынып жаткан нерсенин өзүнө ээ болушу керек. Хирожий жер ээси болсо жердин өзүнө ээ эмес т.а. анда ээлик кылуу укугу жок, пайдалануу укугу гана бар. Себеби, хирожий жер Байтулмалдын мүлкү болуп эсептелет.

2 – Ушрий жерде (ондон биринин жарымын, же ондон бирин) зекет бериши важиб. Хирожий жерге болсо хирож берилет.

Мындан башка нерселерде эки жер тең бирдей болуп, аларга ээ болгон адам эки жерден тең шарият өкүмдөрүнө ылайык пайдалана берет: сатышы, сатып алышы, мураска калтырышы... мүмкүн.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **20-ражаб, 1436-х.**

**9-май, 2015-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Abu Osamaнын

## 2 – Исламий мамлекеттин кол астында боло турган жерлер туурасындагы суроолоруна жооптор

**Суроо:**

Экинчи иш: Жерлер жана мүлкчүлүккө (шахсий мүлк, умумий мүлк жана мамлекеттик мүлккө) тиешелүү. Ислам мамлекетине караштуу жерлерге тиешелүү эки чекитти келтирип өтөмүн. Биринчиси: мүлктөрдүн түрлөрү арасында төртүнчү түрдөгүсү жок. Экинчиси: Жерлер ушул үч мүлкчүлүктүн бирине кирет. «Халифалык мамлекетинде малия» китебинде төмөнкүлөр келген: 1 – мамлекеттик мүлктөр түрүнө төмөнкүлөр кирет: чөлдөр, тоолор, деңиз жээктери, жеке адамдардын мүлкү болбогон, бир шаръий себеп менен мамлекет өзүнүн кол астына алган өлүк жерлер.

Анын шархында мамлекет бул жерлерди өзүнүн кол астына алат, эгерде мамлекет аларды өзүнүн кол астына алса, деген сүйлөм бир нече жолу келген... Мен үчүн түшүнүксүз болгон нерсе китепте жеке адамдар мүлкү болгон жерлер жөнүндө жана умумий мүлк болгон жерлер жөнүндө сөз кылынбай жатат, китепте мамлекетке караштуу боло турган жерлер жөнүндө сөз кылынып жатат жана ошону менен бирге «мамлекет бир шаръий себеп менен өзүнүн кол астына алган жерлер» деп айтылууда. Бул нерсе менде мамлекет ичкерисинде эч кимдин мүлкү болбогон жерлер да бар болот

окшойт деген түшүнүктү пайда кылды. Сураныч, ушуну айкындаштырып берсеңиз. Аллах сизди бардык жакшылык менен сыйласын. Боордошуңуз Абу Усома – Куддус.

**Жооп:**

**Суроонун экинчи бөлүгүнө жооп:**

«Халифалык мамлекетинде малия» китебинен сиз ишара кылган тексттердеги «мамлекет бирер шаръий себеп менен өзүнүн кол астына алган жерлер» деген сүйлөмдүн айтылганына төмөнкү эки иш себеп:

Биринчиси: Мамлекет жерлерди шариятка тескери көрүнүштө – мисалы, адамдардын жерлерин тартып алуу сыяктуу – өзүнүн кол астына алышы абалы болуп калышы мүмкүн, мындай абалда тартып алынган жерлер шаръий түрдө мамлекеттин жерлери болуп калбайт, ал тургай, вакиълик жактан алганда мамлекеттин кол астында болуп калса да жана мамлекет ээ болуп алса да. Анткени, мамлекет тарабынан мал-мүлктүн тартып алынышына бул мүлк өз ээсинин мүлкү болуп кала бериши жагынан Исламдагы тартып алуу өкүмдөрү туура келет. Ошондуктан, эгерде мамлекет жерди шариятка тескери көрүнүштө өзүнүн кол астына ала турган болсо мамлекеттин бул жерди сатып, ижарага берип, же бирөөгө бөлүп берип тасарруф кылууга шаръий жактан таптакыр акысы болбойт...

Экинчиси: Өлүк жер мейли мамлекет султаны (башкаруусу) астына кирсе да, бирок, андан пайдалануу адамдар үчүн мубах, ошондуктан, адамдар аны өздөштүрүү (иштетип өнүмдүү кылуу) жана таш менен ороп алуу аркылуу мүлк кылып алуу үчүн имамдын уруксатына муктаж болушпайт, эгерде мамлекет өлүк жерлердин кайсы бир бөлүктөрүн өздөштүрүү же таш менен ороп алуу аркылуу өзүнүн кол астына алган болсо, ошондо мына ушул бөлүктөр мамлекеттин мүлкүнө айланып калат. Ошондуктан, эч кимдин бул жерлерге мамлекеттин уруксатысыз ээ болуп алышы туура болбойт жана мамлекет бул жерлерди сатып, ижарага берип, же бөлүп берип тасарруф кылышы мүмкүн... Бул тасарруфту мамлекет шаръий жактарын эсепке алган абалда жүргүзөт... Булардын бардыгынын баяны «Халифалык мамлекетинде малия» китебинде келген болуп, бул тууралуу жалпысынан төмөнкүлөр келген:

«Хадистен көрүнүп тургандай таш менен ороп алуу да өздөштүрүү сыяктуу өлүк жерде гана болот, андан башкасында болбойт...

Өлүк жер менен өлүк болбогон жердин ортосун мындай айырмалоо Расул Адын адамдарга өлүк жерди өздөштүрүү жана таш менен ороп алуу аркылуу ээлик кылышын мубах кылганына далалат кылып турат, демек, ал мубахтардын бири болуп калды, ошондуктан, өлүк жерди өздөштүрүү же таш менен ороп алууда имамдын уруксатына муктаждык жок, анткени мубахтарда имамдын уруксатына муктаждык жок. Ал эми өлүк болбогон жерлерге келсек, имам аларды бөлүп бергенде гана аларга ээлик кылынат, себеби, мындай жерлер мубахтар түркүмүнө кирбейт, тескерисинче, алар имамдын кол астына кире турган жерлер болуп эсептелет. Ошондуктан, алар мамлекеттик жерлер деп аталат, буга Билал Музанийдин Расулуллах Адан бир жерди бөлүп берүүнү сураганы далалат кылат. Себеби, Билал жерге – качан Пайгамбарыбыз ага бөлүп бергенге чейин – ээлик кылбады. Ошондуктан, эгерде мындай жерге ээлик кылуу өздөштүрүү же таш менен ороп алуу аркылуу болгондо эле, анда Билал аны албетте өзүнүн ага ээлик кылып жатканына далалат кыла турган бирер белги менен ороп алган болот эле жана аны өзүнө бөлүп берүүнү талап кылбай туруп эле ээлик кыла берет эле.

Демек, өлүк жер адамдар үчүн мубах, болгону, мамлекет өзүнүн кол астына алган өлүк жерлер гана мындан тышкары. Калган өлүк жерлер болсо адамдар үчүн мубах болуп кала берет. Т.а. өлүк жер мейли мамлекет өкүмдарлыгы астында болсо да, бирок, ал ээлик кылуу жагынан адамдар үчүн шарият баян кылган көрүнүштө мубах болот.

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан:

## أبو عبد الله الحلبيнин

## 1 – Ирактагы эгинзар жерлер
## 2 – Ушрий жерде кафирге салына турган салык туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Аллах сизди афву афият менен ырыскыландырсын!

Эки суроом бар: Бизге саййидибиз Умар ибн Хаттаб Γ Ирак жерин кармап калып, аны мужахиддерге бөлүштүрүп берүүнү четке каккандыгы белгилүү.

Биринчи суроо, Умар ибн Хаттаб Γнун ушул иштери ар кандай адам башка шаръий пикир менен каршы чыгышы жайыз болгон ижтихад болуп эсептелеби, же бул иштери бардык сахабалар тарабынан ижма кылынып, ага каршы чыгуу жаиз болбойбу? Ислам мамлекетинде жер хирожий жана ушрий гана болот. Хирож – «Халифалык мамлекетинде малия» китебинде келгендей – мусулмандардын кафирлерден согуш же сулх аркылуу олжо кылып алынган акысы болуп, мажбурий хирож жана сулхтуу хирож болот. Ушр болсо мусулмандын жеринен чыккан түшүмгө важиб кылынган акы болуп, зекет малдарына кирет жана анын шарият белгилеген түрлөрү бар.

Эгинчи суроо, мамлекет Индонезия сыяктуу калкы Исламды кабыл алган жерде мусулмандан ушр алат жана жери бар кафирден да алат, бирок кафирден алынган нерсе эмне деп аталат, белгилүү болгондой, ал ушрга кирбейт жана аны хирож аныктамасы да өз ичине албаган? Сизге оорчулук келтирген болсом, кечирим сураймын!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалом ва рохматуллохи ва барокатух!

Суроoңуз эки бөлүктөн турат экен.

Биринчи бөлүктөгү суроого жооп:

Умар ибн Хаттаб Гнун Ирактагы эгинзар жерлерди кармап калып, аны Байтулмал мүлкүнө айландырганы жана аны мужахиддерге бөлүштүрүп бербегендиги сахабалардын ижмасы түркүмүнө кирбейт. Тескерисинче, ал Умар Гнун ижтихады болуп, көпчүлүк сахабалар буга сүкүт сакташкан жана бул ижтихаддын далили күчтүү. Кийин бардык мусулмандар Умар Гнун дал ушул раъйы боюнча жүрүшкөн.

Күч менен фатх кылынган жерлерден кандай пайдаланышына келсек, анын эки жолу бар: имам-халифа кааласа бул жерди Набий А Хайбарды бөлүштүрүп бергени сыяктуу бөлүштүрүп берет, же Умар Г кийинчерээк Ирактагы Савад жеринде кылганы сыяктуу, мусулмандар ага ээ болушуна тыюу салат. Халифа мусулмандар кызыкчылыгына карап бул экөөнүн бирин тандайт. Бул "Исламий Шахсия" китебинин эгинчи бөлүмү 244-245-бетинде келген:

«Ошентип, демек күч менен фатх кылынган жердин маселеси имамга сунушталат. Имам эгерде кааласа, бул жерди кудум Расулуллах А Хайбарды бөлүштүрүп бергендей бөлүштүрүп берет, кааласа, кудум Умар Савад, Шам жана Мисир жеринде кылганы сыяктуу жерди ээлеринин колунда калтырат жана мусулмандар үчүн бир фай-олжо катары ушул ээлерине хирож салыгын салат. Имам бул жаатта мусулмандар үчүн эмнени пайдалуу деп билсе ошону кылат».

**Эгинчи бөлүктөгү суроонузга жооп:**

Ушрий жерде кафирге салына турган нерсе ушр болушу мүмкүн эмес, себеби ушр – бул зекет, кафир болсо зекет калкынан эмес. Ошол себептен улам, ага ушр салынбайт жана андан ушр алынбайт. Жер ушрий жана хирожий гана болот. Кафирге салынган нерсе ушр болбогон соң, демек, ага салынган нерсе хирож болуп, андан башка нерсе эмес. Мамлекет кафирден алынган ошол нерсени кудум хирож сыяктуу тасарруф кылат.

Эми эмне үчүн жердин ушрий жана хирожий гана болушуна келсек, мунун себеби, эгин эгилүүчү жерлердин өкүмдөрүнүн далилдери шариятта келген:

1 – Бардык жерлер туурасында умумий далилдер келген болуп, ал мусулманга ушр же ушрдун жарымынан турган зекетти фарз кылат... Мисалы, төмөнкү жана башка далилдер сыяктуу:

**«فِيمَا سَقَتْ الأَنْـهَارُ وَالْغَيْمُ الْعُشُورُ، وَفِيمَا سُقِيَ بِالسَّانِيَةِ نِصْفُ الْعُشْرِ»**

**«Дарыялар жана жамгырлардан сугарылган жерлерден ушр алынат, санияда** (кудуктан суу тартып чыгара турган төө) **ташып сыгарылган жерлерден ушрдун жарымы алынат».**

2 – Фатхтан кийин жерлерге байланыштуу жаңы проблема пайда болуп, ал умумий нусустардан чыгарып коюлду жана бул жерлерге хирож белгиленди:

**«قَضَى رَسُولُ اللهِ ﷺ فِيمَنْ أَسْلَمَ مِنْ أَهْلِ البَحْرَيْنِ أَنَّهُ قَدْ أَحْرَزَ دَمَهُ وَمَالَهُ إِلاَّ أَرْضَهُ، فَإِنَّهَا فَيْءٌ لِلْمُسْلِمِينَ؛ لأَنَّهُمْ لَمْ يُسْلِمُوا وَهُمْ مُمْتَنِعُونَ»**

**«Расулуллах А Бахрейн калкындагы Исламды кабыл кылган адамдын жеринен башка малы-жанын сактап калууга өкүм кылды, жери мусулмандарга фай, себеби, алар Исламды кабыл албай баш тартышкан эле».**

3 – Ошондуктан, Ислам диярында ар бир жерге зекет салынат, болгону белгилүү бир түрдөгү жерге гана хирож салынат.

4 – «Ислам диярында ар бир жерде мусулманга зекет салынат» деген умумий өкүм умумий бойдон калат жана андан «хирожий жерлер»ден турган атайын нусустар белгилеген жерлер гана чыгарылат.

5 – Бул эгин эгилүүчү жерлер туурасындагы өкүм. Эгерде хирожий жерлер туурасында нусустар болбогондо, өкүм шаръий нусустарга ылайык, мусулмандын жерине салына турган зекет өкүмү бойдон калат болчу.

6 – Ошентип, Исламда жер өкүмү ушул эки нерсеге чектелген: ушрий же хирожий, экөсүнөн нары өтпөйт. Ушул эки түрдүү жерлерге, эгерде ушрдук шарттары табылса ушр же ушрдун жарымы төлөнөт. Эгерде хирожийлик шарттары табылса, хирож төлөнөт.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **8-ражаб, 1436-х.**

**27-апрель, 2015-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолору жоопторунан (фикхий):

## М. В. Андалусий (م. و. الأندلسي)дин сугаруучу жабдыктары жана башка нерселер бар жерди ижарага берүү жана музораа өкүмү жөнүндөгү суроосуна жооп

Ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух

Жерди андагы сугаруучу жабдыктары жана башка нерселер менен бирге ижарага берүү туурасындагы суроо.

Мен Тунистик боордошуңуз Висом Андалусиймин...

Исламда экономикалык түзүм китебинин 139-бетинде төмөнкүлөр келген: «Жер ээси жерин ижарага берүүгө таптакыр акысы. Жердин пайдасына гана ээлик кылабы, же кызыкчылыгы пайдасы жана аслине да ээлик кылабы айырмасы жок...». 140-бетте болсо төмөнкүлөр келген: «Ал эми Расулуллах ﷺдын Хайбар жерлерин түшүмдүн жарымы эсебине ижарага бериши жогоруда айтылган нерселер катарына кирбейт, себеби, Хайбар жерлери дарактардан турган болуп, тегиз жер эмес эле...». Жерди эгин эгүү үчүн ижарага берүү маселесинин өкүмү анык. Анткени, өкүм маноту «эгин эгүү үчүн ажыратылган жер». Хайбар жерине тиешелүү нерсе туурасындагы өкүм маноту болсо өзгөргөн (башка). Анткени, ал жер дарактуу болгон. Дарак болсо ээсинин мүлкү болот. Дарак жерден башка. Эгерде ал жерде бирер жер болсо, ал ага (даракка) тобе...

Ал эми бизде кудук же суу топтоло турган көлмө сыяктуу сугаруучу жабдыктары же мамлекет дыйкандарга бирер төлөмдүн акысына өткөрүп бере турган сугаруучу каналдар жана сууну эгиндерге жеткирип берүүчү каналдар (мисалы тамчылатып сугаруучу каналдар) бар жерде үй-жай, короо, салкындатылган үйлөр, дарылануучу жабдыктар, дыйкан үчүн зарыл болгон жана жерге кошуп бериле турган эгин эгүүчү куралдар болушу мүмкүн.

**Суроо:**

1 – Өкүм маноту (жер) – эгерде ал теп-тегиз жер болбой, жабдыктар жана курулуштар бар жер болсо – өзгөрөт деп айтууга болобу?
2 – Эгерде жер зыйнаттуу өсүмдүктөрдү өстүрүү же малдарды багуу сыяктуу дыйканчылык продукцияларын өстүрүү үчүн бөлүнбөгөн болсо мында да өкүмдүн маноту өзгөрөбү?
3 – Мына ушул абалдарда жерди ижарага берүү жайиз болобу?
Вассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух

1 – Теп-тегиз дегендин мааниси эгин эгилүүчү жер т.а. эгин үчүн ажыратылган, бирок, эгин эгилбеген жер. Бул жерди эгин эгүү үчүн ижарага берүү арам. Буга далилдердин кээ бирлери төмөнкүлөр:

Рофеъ ибн Худайж риваят кылып: «Биз Расулуллах A заманында мухобара кылат элек (жерди эгин эгүү үчүн ижарага берет элек), абакелеримдин бири келип мындай деди: Расулуллах A биз үчүн пайдалуу болгон бир иштен нахий кылды, Расулуллах Aга итаат кылуу биз үчүн дагы да пайдалуураак, дагы да пайдалуураак, - деди. Биз: Ал эмне экен? – деп сурадык. Ал: Расулуллах A:

«مَنْ كَانَتْ لَهُ أَرْضٌ فَلْيَزْرَعْهَا أَوْ لِيُزْرِعْهَا أَخَاهُ، وَلا يُكَارِيهَا بِثُلُثٍ وَلا بِرُبُعٍ وَلا بِطَعَامٍ مُسَمًّى»

**«Кимдин жери болсо ага эгин эксин же эгин эгүү үчүн боордошуна берсин, аны үчтөн бирине да, төрттөн бирине да жана белгилүү бир азыктын эсебине да ижарага бербесин», -** деди. Бул хадисти Абу Давуд чыгарды. Мухораба – бул музораа болуп эсептелет.

2 – А бирок, эгерде жер теп-тегиз болбосо т.а. карала турган дарак эгилген болсо, анда аны ижарага берүү мусакот деп аталат жана ал жайиз. Ал тургай, дарактын арасында эгин эгилүүчү тегиз майдандар бар болсо да. Анткени, ал мындайда даракка тобе болот. Демек, дарактарды карап өстүрүү негизги иш. Мусакоттун жайиздигине далилдердин кээ бирлери төмөнкүлөр:

Бухарий Нофеъден чыгарышынча, Абдуллах ибн Умар H ага төмөнкүнү кабар кылган:

«أَنَّ النَّبِيَّ صلى الله عليه وسلم عَامَلَ خَيْبَرَ بِشَطْرِ مَا يَخْرُجُ مِنْهَا مِنْ ثَمَرٍ أَوْ زَرْعٍ، فَكَانَ يُعْطِي أَزْوَاجَهُ مِائَةَ وَسْقٍ ثَمَانُونَ وَسْقَ تَمْرٍ وَعِشْرُونَ وَسْقَ شَعِيرٍ...»

**«Набий A Хайбар менен андан чыга турган мөмө же эгиндин жарымына мамиле кылды, Пайгамбарыбыз аялдарына жүз васак: сексен васак курма жана жыйырма васак арпа берет эле...».**

Анткени, Хайбар жери дараказар болгон, дарактар арасында эгин майдандары болгон. Бул хадистен анык көрүнүп тургандай

«ثَمَانُونَ وَسْقَ تَمْرٍ وَعِشْرُونَ وَسْقَ شَعِيرٍ...»

**«Сексен васак курма жана жыйырма васак арпа...».** Демек, көбүрөөгү дарак болгон. Ошондуктан, Расулуллах A ага карата белгилүү бир төлөм эсебине мамиле кылды. Т.а. Пайгамбарыбыз ал жерге дарак эгилгени үчүн аны ижарага берүүгө уруксат берди. Бул мусакот т.а. дарактарды өстүрүү деп аталат...

3 – Ал эми эгерде эгин үчүн ажратылган жерди – т.а. силерде Сания деп аталуучу жерди, ал жерде өзүңүз айткандай кудук же сугат каналдары сыяктуу курулуштар, үй-жай, малкана сыяктуу кээ бир имараттар бар болсо, жердин калганы болсо эгин эгилбеген болсо – эгин эгүү үчүн ижарага берүү жайиз болбойт. Мында ал жердеги сугат каналдары же имараттар таасирин тийгизбейт. Анткени, ал ырасында эгин эгилбеген соң теп-тегиз деп эсептелет.

Көрүнүп тургандай, сизге теп-тегиз деген сөздүн мааниси түшүнүксүз болгон. Ошондуктан, сиз теп-тегиз жер – курулуштар жана жабдыктар жок болгон жер деп ойлогонсуз. Акыйкатта болсо, бул орунда теп-тегиз жер деп айтылганда эгин эгилбеген жер түшүнүлөт. Ошентип, демек эгин эгилбеген жер теп-тегиз болуп эсептелет, ал тургай, анда бирер үй бар болсо да, ырасында ижарага берүү ага эгин эгүү үчүн болгон соң ушундай болот.

4 – Ал эми жерди дыйканчылык продукцияларынан башка нерсе үчүн т.а. эгин эгүүдөн башка нерсе үчүн ижарага берүүгө келсек, ал жайиз, мунун эч кандай зыяны жок. Анткени, арам кылынган нерсе музораа. Мисалы, бирер өнөржай продукциясын иштеп чыгаруу максатында бирер фабрика

куруу үчүн, же жерди автомашиналар туруучу орун кылып алуу үчүн, же сатыла турган товарлар көргөзмөсү үчүн, же чарба жандыктарын багуу үчүн ижарага берүү булардын бардыгы арам эмес, жайиз болот. Анткени, ал музораа үчүн берилген жок. Жерди зыйнаттуу (коодук үчүн өстүрүлгөн) өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн – эгерде бул өсүмдүктөр ижарага берилип жаткан жерге эгилбеген болсо, тескерисинче, атайын идиштерге жана авиздерге эгиле турган болсо – ижарага берүү да буга кириши мүмкүн. Бул мисалы роза гүлү сыяктуу зыйнаттуу өсүмдүктөр өстүрүлө турган гүлзарлардан белгилүү, анткени, мында жер эгилүүчү авиздер коюла турган бир орун кылып алынат, өсүмдүктөр жерге эмес мына ушул авиздерге эгилет. Ошондуктан, мындай абалда жерди ижарага берүү арам болбойт, анткени, бул музораа эмес, ошондуктан ага музораа арамдыгынын далилдери туура келбейт, тескерисинче ижара жайиздиги далилдери астына кирет.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **4-зул-хижжа, 1435-х.**

**28-сентябрь, 2014-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Заманул Гурба тарабынан берилген өлүк жерге жана зиммийге жүктөлгөн хирож жөнүндөгү суроолорго жооптор

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

«Исламдагы экономикалык түзүм» китебинде хирожий өлүк жерге тиешелүү эки суроо мени көп ойлонтот. Бул тема «Малдар» китебинде да мындай таризде келген: «Хирожий өлүк жерге мусулман адам ээлик кылса, ага ушрий жер сыяктуу мамиле кылынат. Ошондуктан, мусулман адам бул жерди коргондоп алууга жана ээлик кылууга акылуу. Ал бул жерге хирож төлөбөйт, ушр төлөйт. Ал эми, зиммий бул жерге ээлик кылууга акылуу эмес жана бул жерден хирож төлөйт». Суроо: Эмне үчүн зиммий бул жерге ээлик кыла албайт? Акыйкатта болсо, ал зиммий коргондоп алууга жана ээлик кылууга акылуу болгон ушрий жерлерге кирип калат го? Түпкүлүгүндө, ага биринчи абалдай т.а. мусулман ээлик кылгандагы абалдай ушрий жер сыяктуу мамиле кылынышы керек го?

Экинчи суроо: Эмне үчүн зиммий ушрий жерге хирож төлөшү керек деп жатабыз? Акыйкатта болсо, ушрий жерге хирож төлөнбөйт. Ошондуктан, түпкүлүгүндө кандай болсо ушундай мамиледе болушубуз жана хирож дебешибиз керек. Себеби, анын шаръий түшүнүгү бар. Биз ушрий жерге ээлик кылган зиммийден алынган малды хирож деп атап аныктамага тескери иш тутуп жатабыз. Эмне үчүн бул малды атоодо ижтихад кылынбайт? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух…

1 – Өлүк жер ушрий жерде же хирожий жерде болот.

а) Ушрий жердеги өлүк жерди тирилтүү менен ал ушрий боюнча калат. Эгер, аны мусулман адам тирилткен болсо, ал бул жердин өзүнө да, пайдасына да ээлик кылат жана андан зекет катары ушр берет. Эгер, аны зиммий кафир тирилткен болсо да ал ушрий боюнча калат о.э. ал өзүнө да, пайдасына да ээлик кылат, бирок, зиммий кафир бул жерден ушр эмес, хирож төлөйт. Себеби, ушр – зекет, кафирден болсо зекет алынбайт. Шаръий өкүмдөргө ылайык эгин жерлеринен ушр же хирож төлөнөт. Кафирден зекет алынбаганы үчүн, эгер, ал ушрий жерге ээлик кылса, бул жерден хирож төлөйт.

б) Хирожий өлүк жерлер болсо эки түрдүү болот:

- Мурун хирож дайындалган, кийин өлүк жерге айланган хирожий жер. Бул жерди мусулман адам тирилткен болсо да, кафир тирилткен болсо да жердин сыпаты өзгөрбөйт, ал хирожий жер болуп кала берет. Мусулман да, кафир да бул жерден хирож төлөйт.

- Мурун хирож дайындалбаган хирожий жер. Бул жерди мусулман адам тирилтсе ал ушрий жер болуп калат жана ал бул жерден ушр берет. Ал эми, эгер аны зиммий кафир тирилткен болсо, анда жердин сыпаты өзгөрбөйт, ал хирожий жер болуп кала берет жана зиммий кафир бул жерден хирож төлөйт.

в) Эми эмне үчүн эгер зиммий ушрий жерге ээлик кылса ага хирож төлөө керек дегенибизге келсек, себеби, жер дайынсыз калышы жайиз эмес. Ошондуктан ушрий жерден мусулман адам анын зекетине ушр төлөйт. Зиммийден зекет алынбаганы жана шаръий өкүмдөргө ылайык жер дайынсыз калышы жайиз болбогону үчүн, эгер зиммий ушрий жерге ээлик кылса бул жерден хирож төлөйт.

Муну т.а. эмне үчүн жер колдонулбай калышы жайиз эместигин айкындаштыруу үчүн мындай дейбиз:

Эгин жерлери өкүмдөрүнүн далилдерине ылайык жер ушрий же хирожий деп гана белгиленет.

Мунун кандай болушун сизге төмөндө баян кылып өтөбүз:

Шариятта келген эгин жерлери өкүмдөрүнүн далилдери:

- Ар кандай жер туурасындагы умумий далилдер. Бул далилдерге негизделип жердин зекетине шаръий өкүмдөргө ылайык ушр же ушрдун жарымы белгиленген.

**«فِيمَا سَقَتْ الأَنْـهَارُ وَالْغَيْمُ الْعُشُورُ، وَفِيمَا سُقِيَ بِالسَّانِيَةِ نِصْفُ الْعُشْرِ»**

**«Дарыялар жана жамгыр суулары менен суугарылган жерлерден ушр төлөнөт. Кудук суулары менен суугарылган жерлерден ушрдун жарымы төлөнөт».**

- Фатхтан кийин жерлер туурасында жаңы проблема пайда болду. Муну чечүү үчүн умумий далилдерге негизделип хирож белгиленет. Абу Убайд айтат: Бизге Язид ибн Хпрун айтты, ал Ибн Абу Зиъбден, ал Зухрийден риваят кылат, Зухрий айтты: «Расулуллах A Бахрейн мажусийлеринен жизя кабыл алды. Алардан кимде-ким Исламга кирсе анын Исламын кабыл алды. Ислам алардын жанын жана малын сактап калды. Жер гана мындан сырткары, себеби, бул адамдар Исламды кабыл алуудан баш тартышканы үчүн бул жер мусулмандардын файы (олжосу) болуп эсептелет». Умар Г да Савад жерлери туурасында ушундай өкүм кылган: «Мен жерлерди кафирлердин колунда калтырып, аларга хирож белгилөөгө чечим кылдым».
- Ошондуктан, шаръий өкүмдөргө ылайык Ислам диярындагы бардык эгин жерлерине зекет белгиленген. Хирож белгиленген белгилүү бир түрдөгү жер гана мындан сырткары.
- Шаръий өкүмдөргө ылайык умумий өкүм «Ислам диярындагы бардык эгин жерлерине зекет белгиленген» деген умумийлиги боюнча калат. Андан башка далил менен хостолгон «хирожий жер» гана мындан сырткары болот.

2 – Эгин жерлеринин өкүмү ушундай. Жер ушрий же хирожий болот. Эгин жерлери ушундай айырмаланат. Демек, жер дайынсыз калбайт т.а. ушрий же хирожий деп аталбаган эгин жер болбойт.

3 – Эми сиздин, хирождун шаръий мааниси бар, эгер зиммий ушрий жерден хирож төлөсө хирождун шаръий маанисине тескери иш туткан болобуз, деген сөзүңүз туура эмес. Себеби, хирожий жер анын ушрий же хирожийге бөлүнүшүндөгү жердин вакиъси мафхум сифат менен иллеттенбеген. Жер – бул жер т.а. жамид лафз. Бир жер ушрий болуп, анын жанындагы бир жер хирожий болушу, бирок, алардын арасында топуракта да, эгиле турган эгинде да айырма болбошу мүмкүн… Демек, хирож сөзү өкүмгө байланган муфхам сифат эмес… Ошондуктан, зиммий ээлик кыла турган ушрий жерден хирож бериши хирождун маанисине тескери эмес.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **9-зул-каъда, 1434-х.**

**15-сентябрь, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Salem Jaradat тарабынан берилген жин жана аны менен адам ортосундагы алака жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, урматтуу шейх!

Белгилүү болгондой, акыйда жаатындагы далил – аклий же наклий болот.

Жиндердин бар экенине аклий ыйман келтирүүгө алып барган эч кандай маддий (материалдык) далил жок, ошондуктан, наклий далил бар экени үчүн гана ыйман келтирилет. Мындан улам, ушундай суроо туулат: уламалардын жиндер менен адамдар ортосундагы маддий алака бар экени жөнүндөгү сөздөрү жогорудагыларга кандай туура келет? Алардын: жиндердин алакасы бар, алар кишиге оору же кыйынчылыктар (мисалы, адамдын ишке жөндөмдүүлүгү токтошу) сыяктууларды жеткириши мүмкүн деген сөздөрү кандай туура болот?

Жин «тийиши» жана ушуга окшош нерселер туурасында варид болгон аяттар жана хадистер – эгер, аларды ушул уламалардын түшүнүгү боюнча түшүнүү мүмкүн эмес болсо – кандай түшүндүрүлөт?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Жиндер бизге көрүнбөй турган гайб нерселерден саналат. Аллах Субханаху айтат:

{يَرَىٰكُمۡ هُوَ وَقَبِيلُهُۥ مِنۡ حَيۡثُ لَا تَرَوۡنَهُمۡ}

***«Ал жана анын малайлары силерди өзүңөр билбей турган тараптан көрүп турушат»*** [7:27]

т.а. Иблис жана анын коуму, башкача айтканда, жиндер. Себеби, Иблис жиндерден саналат:

{إِلَّآ إِبۡلِيسَ كَانَ مِنَ ٱلۡجِنِّ}

***«Иблис гана** (сажда кылбады)**. Ал жиндерден эле»*** [18:50]

2 – Жиндердин васваса кылышы (азгыруусу) биз менен алардын ортосундагы алаканын негизин түзөт. Аллах Таала айтат:

{فَوَسۡوَسَ لَهُمَا ٱلشَّيۡطَٰنُ}

***«Кийин шайтан аларды васвасага салды»*** [7:20]

{فَوَسۡوَسَ إِلَيۡهِ ٱلشَّيۡطَٰنُ}

***«Андан соң шайтан аны васваса кылды»*** [20:120]

Бул жерде шайтан – Иблис. Ал эми, Иблис жиндерден болот.

3 – Шайтан адам үстүнөн эч кандай өкүмдарлыкка ээ эмес. Адам шайтанга өз ыктыяры менен гана ээрчисе, шайтан адамга өкүмдар болуп алат. Аллах Таала айтат:

{وَقَالَ ٱلشَّيۡطَٰنُ لَمَّا قُضِيَ ٱلۡأَمۡرُ إِنَّ ٱللَّهَ وَعَدَكُمۡ وَعۡدَ ٱلۡحَقِّ وَوَعَدتُّكُمۡ فَأَخۡلَفۡتُكُمۡۖ وَمَا كَانَ لِيَ عَلَيۡكُم مِّن سُلۡطَٰنٍ إِلَّآ أَن دَعَوۡتُكُمۡ فَٱسۡتَجَبۡتُمۡ لِي}

***«Качан, иш аяктаган соң** (т.а. бейиш калкы бейишке ылайык болуп, тозокулар тозокко өкүм кылынган соң)**, Шайтан мындай деди: Албетте, Аллах силерге чын убада кылган эле. Мен болсо** (жалган) **убадаларды берип, силерди алдаган элем.** (Бирок), **мен үчүн силердин үстүңөрдө эч кандай өкүмдарлык жок эле, бирок, мен силерди** (куфр жолуна) **чакырышым менен эле өзүңөр мага моюн сундуңар»*** [14:22]

{إِنَّ عِبَادِي لَيۡسَ لَكَ عَلَيۡهِمۡ سُلۡطَٰنٌ إِلَّا مَنِ ٱتَّبَعَكَ مِنَ ٱلۡغَاوِينَ}

***«Анык, Менин пенделерим үстүндө сен үчүн эч кандай өкүмдарлык жок, бирок, сени ээрчиген адашкан кимселерди гана** (бул туура жолдон азгыра аласың)**»*** [15:42]

{فَإِذَا قَرَأۡتَ ٱلۡقُرۡءَانَ فَٱسۡتَعِذۡ بِٱللَّهِ مِنَ ٱلشَّيۡطَٰنِ ٱلرَّجِيمِ + إِنَّهُۥ لَيۡسَ لَهُۥ سُلۡطَٰنٌ عَلَى ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَلَىٰ رَبِّهِمۡ يَتَوَكَّلُونَ + إِنَّمَا سُلۡطَٰنُهُۥ عَلَى ٱلَّذِينَ يَتَوَلَّوۡنَهُۥ وَٱلَّذِينَ هُم بِهِۦ مُشۡرِكُونَ}

***«**(Эй момун пендем)**, ар качан Куръан кыраат кылсаң, албетте кубаланган-каргышка калган шайтандан** (азгырыгынан) **Аллах баанек беришин сурагын! Албетте, ыйман келтирген жана жалгыз Жаратканга тобокел кылган заттардын үстүнө** (Шайтан) **үчүн эч кандай өкүмдарлык жок. Анын** (Шайтандын) **өкүмдарлыгы жалаң** (аны) **дос тутуп,** (Аллах)**ка шерик кылып алган адамдар үстүндө»*** [16:98-100]

4 – Аллах Субханаху баян кылган мына ушул түпкү-негизги алакадан башкача кандайдыр бир маддий алака да бар деп айтылса, муну түшүндүрмөлөп берген өзүнө таандык насс болушу керек. Эгер, андай абал жөнүндө бирер насс бар болсо, ошол насска ылайык ошол абалга ыйман келтиребиз.

Мисалы, Сулайман ∴дын жиндер үстүнөн өкүмдарлык кылышын, аларды буйрушун жана кайтарышын алып көрөлү, бул туурасында насс варид болгон, ошондуктан, буга ыйман келтиребиз. Аллах Таала «Намл» сүрөсүндө Сулайман ∴ жөнүндө мындай дейт:

{قَالَ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلۡمَلَؤُاْ أَيُّكُمۡ يَأۡتِينِي بِعَرۡشِهَا قَبۡلَ أَن يَأۡتُونِي مُسۡلِمِينَ + قَالَ عِفۡرِيتٞ مِّنَ ٱلۡجِنِّ أَنَا۠ ءَاتِيكَ بِهِۦ قَبۡلَ أَن تَقُومَ مِن مَّقَامِكَۖ وَإِنِّي عَلَيۡهِ لَقَوِيٌّ أَمِينٞ}

***«Сулайман айтты: Эй адамдар, алар менин алдымда моюн сунуп келүүлөрүнөн мурун кайсы бирөөңөр мага анын** (т.а. Билкийстин өз шаарында калган) **тактысын алып келе алат.** (Ошондо) **жиндердин бир балбаны айтты: Мен аны сен ордуңдан турушуңдан мурун сага келтиремин. Албетте, менин буга кудуретим жетет жана ишеничтүүмүн»*** [27:38-39]

{وَلِسُلَيۡمَـٰنَ ٱلرِّيحَ غُدُوُّهَا شَهۡرٞ وَرَوَاحُهَا شَهۡرٞۖ وَأَسَلۡنَا لَهُۥ عَيۡنَ ٱلۡقِطۡرِۖ وَمِنَ ٱلۡجِنِّ مَن يَعۡمَلُ بَيۡنَ يَدَيۡهِ بِإِذۡنِ رَبِّهِۦۖ وَمَن يَزِغۡ مِنۡهُمۡ عَنۡ أَمۡرِنَا نُذِقۡهُ مِنۡ عَذَابِ ٱلسَّعِيرِ + يَعۡمَلُونَ لَهُۥ مَا يَشَآءُ مِن مَّحَـٰرِيبَ وَتَمَـٰثِيلَ وَجِفَانٖ كَٱلۡجَوَابِ وَقُدُورٖ رَّاسِيَـٰتٍۚ ٱعۡمَلُوٓاْ ءَالَ دَاوُۥدَ شُكۡرٗاۚ وَقَلِيلٞ مِّنۡ عِبَادِيَ ٱلشَّكُورُ}

***«Сулайманга эртең менен бир айлык, кечке маал бир айлык** (аралыкты басып өтө турган) **шамалды** (моюн сундурдук) **жана ал үчүн мис булагын агызып койдук. Дагы жиндерден да Роббинин изни менен анын кол астында иштей турган кимселерди** (моюн сундуруп койгонбуз)**. Алардан ким биздин буйругубуздан тайса Биз ага от азабынан таттырып коёбуз. Алар** (Сулайманга жезден) **ал каалаган нерселерди — ибадатканаларды, айкелдерди,** (чоңдугу) **көлдөрдөй табактарды жана** (очокторго) **орношкон** (оор) **казандарды жасап беришет.** (Эй) **Давуд үй-бүлөсү,** (Аллах силерге берген бул неъмаьттардын) **шүгүрү үчүн таат-ибадат кылгыла! Пенделерим арасында шүгүр кылуучу** (заттар өтө) **аз»»*** [34:12-13]

5 – Расулуллах A ар кандай маддий окуяны башарий мамилелер түркүмүнөн деген этибарда караган. Жиндердин бул мамилеге алакасы бар экени жөнүндө вахийде бирер атайын насс варид болбогон болсо – негизи, бардык окуялар мына ушундай болот – Расулуллах A башарий мамилелер түркүмүнөн деп караган. Мисалы, бир өлтүрүлгөн киши табылды дейли, мында бул туурасында бирер насс варид болгон болсо гана зээн аны жиндер өлтүргөн деген ойго барат. Хайбарда өлтүрүлгөн кишинин окуясында да ушундай болгон. Анда аны өлтүргөн адам изделди, шектенүү жиндерге түшкөн жок:

Муслим өз Сахихинде риваят кылышынча, Абдуллах ибн Сахл жана Мухайяса экөөсү бир кыйынчылык себептүү Хайбарга чыгышты. Ошондон кийин Мухайяса келип Абдуллах ибн Сахлдын өлтүрүлгөнүн жана булакка же кудукка ташталганын кабар кылды. Ал яхудийлердин алдына келип: Аллахка ант болсун, аны силер өлтүрдүңөр, деди. Яхудийлер: Аллахка ант болсун, аны биз өлтүрбөдүк, дешти. Ошондон бул окуя Расулуллах Aга жетип барды. Расулуллах A:

**«إِمَّا أَنْ يَدُوا صَاحِبَكُمْ وَإِمَّا أَنْ يُؤْذِنُوا بِحَرْبٍ»**

«**Же алар боордошуңдун кунун төлөшөт же аларга каршы согуш жарыяланат»**, деди. Кийин Расулуллах A бул туурасында яхудийлерге кат жиберди. Алар: Аллахка ант болсун, аны биз өлтүрбөдүк деп жооп жазып жөнөтүштү…». Бул кысса белгилүү. Бул окуяда муну жиндер кылган деген талкуу таптакыр болбогон.

6 – Ушуга ылайык, жиндердин окуяга маддий алакасы бар экенин камтыган насс келбеген болсо, демек, жиндер менен адамдардын ортосундагы алака васваса алакасы гана болуп калат, андан ары өтпөйт.

Расул Aдын рисалаты – рисалаттардын жыйынтыктоочусу. Ошондуктан, андан кийин вахий үзүлгөн. Демек, жаңы нусус келбейт. Ошондуктан, биз менен жиндердин ортосунда эч кандай маддий алака жок, тескерисинче, алар васваса гана кыла алат. Айтып өткөнүбүздөй, адам өз ыктыяры менен гана жиндердин васвасасына ээрчисе, мына ошондо бул васваса анын үстүнөн өкүмдар болуп алат.

Хулафаи рошидиндер доорунда да маддий иштер мына ушундай чечилген. Ошондуктан, эч бир маддий окуяда – адам өлтүрүү болобу, уурулук, шылуундук же жалганчылык болобу – адамдын күмөнү, ойу бул нерсени жин кылган деген нерсеге барган эмес. Себеби, жиндердин алакасы васваса гана чектелген. Эгер, атайын насс варид болгон болсо, ошондо жиндерге ой барышы мүмкүн. Бирок, Расулуллах Aдан кийин эч кандай атайын насс келбейт. Демек, бардык маддий окуялар жиндер тарабынан эмес, адам тарабынан жүз берет. Жиндердин дүйнөсү башка, биздин дүйнөбүз башка. Ошондуктан, алар менен биздин ортобузда бир гана васваса алакасы бар.

Ушуга ылайык, эгер адам ооруп калса жиндердин буга алакасы жок, оору Исламда варид болгон нерсеге т.а. дарылануууга ылайык дабаланат.

Дабалануу маддий болушу мүмкүн. Мисалы, Усама ибн Шурайк аркылуу риваят кылынган хадисте ал мындай дейт: Мен Набий Aдын алдына келдим. Ал кишинин сахабалары кудум башына куш конуп алгандай олтурушкан экен. Мен салам берип отурдум. Ошондо ар тараптан аърабийлер келишип: Я Расулуллах, дарылансак болбу? – деп сурашты. Пайгамбарыбыз A:

«تَدَاوَوْا فَإِنَّ اللهَ عَزَّ وَجَلَّ لَمْ يَضَعْ دَاءً إِلاَّ وَضَعَ لَهُ دَوَاءً غَيْرَ دَاءٍ وَاحِدٍ الْهَرَمُ»

«**Дарылангыла, себеби, Аллах Азза ва Жалла бирер дартты берген болсо, албетте, анын дабасын да берген. Бирок, бир дарттын – өлүмдүн гана дабасы жок**»

О.э. дабалануу дуба же рукя менен болушу мүмкүн. Муслим уммул муъминин Айша I аркылуу риваят кылган хадисте ушулар варид болгон: Расулуллах A рукяны минтип окуган:

«أَذْهِبْ الْبَاسَ رَبَّ النَّاسِ بِيَدِكَ الشِّفَاءُ لاَ كَاشِفَ لَهُ إِلاَّ أَنْتَ»

**«Эй адамдар Роббиси, ооруну кетир, шыпаа Сенин колуңда, аны** (ооруну) **Сен гана арылтасың».** Ушуга окшогон Куръан жана Сүннөттөн алынган дубалар менен же Куръан жана Сүннөткө ылайык болгон ар кандай дуба менен дабаланат.

Ал эми, жиндер менен маддий алакам бар деген кимселерге дабалануу үчүн кайрылууга келсек, мунун баары – баёо адамдарды алдап, алардын мүлкүн талап-тоноп жеген алдамчылардын (дажжалдардын) жалганынан жана шылуунунан башка нерсе эмес.

7 – Эми (المس) «тийген» сөзү көрсөтүлгөн аяттын тафсирине келсек, сиз Бакарадагы 275-аятты назарга алып жаткан көрүнөсүз:

{ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ ٱلرِّبَوٰاْ لَا يَقُومُونَ إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِي يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ مِنَ ٱلۡمَسِّۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمۡ قَالُوٓاْ إِنَّمَا ٱلۡبَيۡعُ مِثۡلُ ٱلرِّبَوٰاْۗ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ}

***«Сүткор болгон адамдар*** *(Кыямат күнүндө мүрзөлөрүнөн)* ***турушпайт, бирок, жин тийген-акылдан азган*** *(кем акыл)* ***сымал турушат. Буга себеп алардын: «Соода да***

***сүткорлуктун өзү го?» - дешет. Акыйкатта болсо, Аллах сооданы адал, сүткордукту арам кылды»*** [2:275]

1 – Аллах рибаны (сүткордук) жеген кимсени жин тийген адамга окшотту: турат, кайра жыгылат, кадам шилтесе чалынат, олтура албайт, тура албайт. Келесоолук аны бүтүндөй ээлеп алат, себеби ал рибаны соода деп эсептеди. Негизи, Аллах рибаны арам, сооданы адал кылды.

{ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ ٱلرِّبَوٰاْ}

***(Сүткор болгон адамдар)*** т.а. рибаны алышат. Ал риба менен пайда көрүүнүн бардык түрү үчүн умумий саналат. Куръани Каримде (يَأۡكُلُونَ) «жеген» сөзү мазаммат кылуу (жемелөө) үчүн колдонулган.

{إِنَّ ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ أَمۡوَٰلَ ٱلۡيَتَٰمَىٰ ظُلۡمًا إِنَّمَا يَأۡكُلُونَ فِي بُطُونِهِمۡ نَارًا}

***«Жетимдердин малдарын зулум жолу менен жеген кишилер, шек-күмөнсүз кара курсактарына от-жалын жеген болушат»*** [4:10]

{يَتَمَتَّعُونَ وَيَأۡكُلُونَ كَمَا تَأۡكُلُ ٱلۡأَنۡعَٰمُ وَٱلنَّارُ مَثۡوًى لَّهُمۡ}

***«****(Мына ушул дүйнө тирүүлүгүнүн убактылуу ырахаттарынан)* ***пайдаланып, үй-айбандары жегендей жеп-ичишет жана тозок алардын жайы болот!»*** [47:12]

Ушул аяттарда бул сөз («жеген») жогоруда айтылган мааниде келген.

{لَا يَقُومُونَ}

***(Турушпайт)*** т.а. Кыямат күнүндө.

{إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِي يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ}

***(Бирок, жин чалган-акылдан азган*** *(акылы кем)* ***сыяктуу турушат)*** т.а. алар кабырларынан тирилип, кудум бул дүйнөдөгү келесоо сыяктуу орундарынан турушат. Алар үчүн бул нерсе ошол күндөгү бир шерменделик болот. Бул болсо, рибадан катъий кайтарылганына карина болуп эсептелет. Рибанын арамдыгы бул аяттарда байма-бай баса белгиленген.

{مِنَ ٱلۡمَسِّ}

***(Акылдан азган),*** т.а. келесоолук. Акылдан азган адам жинди деп айтылат.

{إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِي يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ مِنَ ٱلۡمَسِّ}

***(Бирок, жин чалган-акылдан азган сымал турушат),*** аятынын тафсиринде бир нече риваяттар варид болгон. Алардан рожихи (күчтүүсү) ушул, адам жинди болуп калса шайтан васвасалары аркылуу ага чоң таасир өткөрө турган болуп калат. Натыйжада, жин бул адамды келесоо кылып, анын оюна көп нерселерди келтирет.

Ал эми, шайтан аны жинди кылат деген сөзгө келсек, аят андай деген жок. Себеби, Аллах Субханаху «жин тийет» т.а. шайтан аны жинди кылат дебеди, тескерисинче аят:

﴿يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ مِنَ ٱلۡمَسِّ﴾

***(жин чалган акылы кем)***, деп жатат т.а. шайтан аны жиндилиги себептүү чалып жатат т.а. мурун жинди болот, ошондон кийин шайтан чалат.

Менин назарымда аяттын тафсириндеги рожих раъй мына ушул. Ошондуктан, риба жегендин мисалы шайтан жиндилик себептүү чалган кимсенин мисалына окшойт. Т.а. адам бирер себепке ылайык жинди болот, ошондон кийин аны шайтан васваса жана түрдүү ойлорго салышы менен чалат.

Демек, шайтан адамды келесоо т.а. жинди кыла албайт, антпесе аят карима «шайтан жинди кылып чалган кимсе» демек. Бул мисал риба жегендин кылмышы кандай гана катуу экендигин көрсөтүү болуп эсептелет.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **15-сафар, 1435-х.**

**18-декабрь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Noor Abulfilat тарабынан берилген: «Жихадий жамааттар же жеке адамдар Аллахтын хаддарын колдонуусу шаръий түрдө жайизби?»

## деген суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Исламий Халифалык мамлекети жок болгон убакта бирер жихадий жамаат же жеке адамдар Аллахтын жаза-хаддарын колдонушу шаръий түрдө жайизби? Аллах сизге береке жана жардам берсин.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Шаръий хужжат сабит болгондон кийин казылык өкүмү менен жаза-хад колдонулат. Казылык – бирер өкүмдү мажбурлоо аркылуу кабар кылуу. Мажбурлоо араздашканды өкүмгө мажбурлай турган бир кубаттын бар болушун түшүндүрөт. Бул кубат болсо султан т.а. Аллахтын шариятын жүзөгө чыгара турган жана мусулмандарды ушул өкүмдөргө мажбурлай турган аким. <u>Демек, жаза-хаддар Аллахтын шариятын жүзөгө чыгара турган акимсиз эч качан колдонулбайт</u>. Мунун далилдери ушулар:

1) Мужмал (тафсилатсыз) далилдер:

Аллах Субханаху айтат:

{ٱلزَّانِيَةُ وَٱلزَّانِي فَٱجْلِدُواْ كُلَّ وَٰحِدٖ مِّنْهُمَا مِاْئَةَ جَلْدَةٖ}

***«Зинакер аял жана зинакер эркектин ар бирин жүз даррадан ургула»*** [24:2]

{وَٱلسَّارِقُ وَٱلسَّارِقَةُ فَٱقْطَعُوٓاْ أَيْدِيَهُمَا جَزَآءَۢ بِمَا كَسَبَا نَكَٰلٗا مِّنَ ٱللَّهِۗ وَٱللَّهُ عَزِيزٌ حَكِيمٞ}

***«Ууру эркекти да, ууру аялды да кылмыштарына жаза болсун үчүн, Аллах тарабынан азап болсун үчүн колдорун кескиле, Аллах кудурет жана хикмат ээси»*** [5:38]

{وَٱلَّذِينَ يَرْمُونَ ٱلْمُحْصَنَٰتِ ثُمَّ لَمْ يَأْتُواْ بِأَرْبَعَةِ شُهَدَآءَ فَٱجْلِدُوهُمْ ثَمَٰنِينَ جَلْدَةٗ}

***«Пакиза аялдарды*** *(зинакер)* ***деп жаманатты кылып, кийин төрт күбө келтире албаган адамдарга сексен дарра ургула»*** [24:4]

Бухарий Ибн Аббастан риваят кылат, Набий A мындай деди:

**«مَنْ بَدَّلَ دِينَهُ فَاقْتُلُوهُ»**

**«Ким динин алмаштырса, анда, аны өлтүргүлө»**.

Муслим Убада ибн Сомиттен риваят кылат, Расулуллах A мындай деди:

**«خُذُوا عَنِّي، خُذُوا عَنِّي، قَدْ جَعَلَ اللهُ لَهُنَّ سَبِيلًا، الْبِكْرُ بِالْبِكْرِ جَلْدُ مِائَةٍ وَنَفْيُ سَنَةٍ، وَالثَّيِّبُ بِالثَّيِّبِ جَلْدُ مِائَةٍ، وَالرَّجْمُ»**

**«**(Жаза-хаддарды) **менден алгыла, менден алгыла, албетте Аллах** (зина кылган) **аялдарга бир жол көрсөттү. Турмуш курбаган эркек жана аял** (зина кылса) **жүз дарра урулат жана бир жылга сүргүн кылынат, турмуш курган эркек жана аял** (зина кылса) **жүз дарра урулат жана ташбараң кылынат»**.

Тирмизий «Сунан»ында Абу Салихтен, ал Муавиядан риваят кылат, Расулуллах A мындай деди:

**«مَنْ شَرِبَ الْخَمْرَ فَاجْلِدُوهُ...»**

**«Ким хамр ичсе, аны дарралагыла...»**.

Бул мужмал далилдер хаддар жана жазаларды колдонууну важиб кылды (дарра ургула, кескиле, өлтүргүлө, жүз дарра жана ташбараң), бирок, бул жазаларды ким колдонушун жана кандай колдонулушун баян кылбады. <u>Усул илими боюнча, мужмал далилдер баянга (түшүндүрмөгө) муктаж болуп, ушул түшүндүрмөгө ылайык аларга амал кылынат. Расулуллах A хадиси шарифтерде ушул мужмалдыкты түшүндүрүп берди</u>. О.э. хулафаи рошидиндер доорундагы сахабалар ψ ижмасы да – шаръий нусустарда баян кылынгандай – жазаларды аким колдонушун ачык-айкын баян кылды. Мужмал нусустарды баян кылган далилдердин айрымдары ушулар:

а) Аллах Субханаху айтат:

{وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَۖ فَإِن تَوَلَّوۡاْ فَٱعۡلَمۡ أَنَّمَا يُرِيدُ ٱللَّهُ أَن يُصِيبَهُم بِبَعۡضِ ذُنُوبِهِمۡۗ وَإِنَّ كَثِيرٗا مِّنَ ٱلنَّاسِ لَفَٰسِقُونَ}

***«Алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүлү каалаган нерселерге ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени фитнага салып коюуларынан этият бол, эгер баш тартышса, билип кой, Аллах аларга айрым күнөөлөрү себептүү мусийбат жеткирүүнү каалоодо, албетте, алардын көпчүлүгү фасыктар»*** [5:49]

Бул жана ушул темадагы башка көптөгөн аят карималар өкүмдөрдү аткарууга Расулуллах A мукаллаф экенин (буйрулганын) баян кылууда. Расулуллах Aга кылынган хитаб ал кишиден кийин келе турган Ислам менен өкүм жүргүзө турган ар бир акимге кылынган хитаб болуп эсептелет. Себеби, усул коидасында Расулуллах Aга кылынган хитаб ал кишинин Үммөтүнө дал ошол жосунда кылынган хитаб экени айтылган. Мындан улам, хитаб өкүм темасында болсо жана ал кишиге хостоочу далил келбеген болсо, бул хитаб ал кишиден кйинки халифаларга кылынган хитаб болот. Бул жерде хостоочу далил келбеген, демек, өкүмдөрдү Ислам менен өкүм жүргүзгөн аким колдонот.

б) О.э. хад шарт болгон кылмышты жасаган кишиге хадды колдонуу үчүн ал Расулуллах Aдын алдына алып келинген, бул жөнүндө бир нече хадиси шарифтер бар:

Муслим Анас ибн Маликтен риваят кылат: **«Набий Aдын алдына хамр ичкен бир иши алынып келинди, ошондо аны эки курма бутагы менен кыркка жакын дарра урду»**. Анас ибн Малик айтат: Абу Бакр да ушундай кылган, Умар халифа болгон соң, бул туурасында адамдардан кеңеш сурады. Ошондо Абдуррахман: Жаза-хаддардын эң жеңили сексен дарра, деди, Умар ушуга буюрду. Набий Aдын сахабалары жана башка аалымдардын райы боюнча ушуга амал кылынат.

Байхакий Абу Хурайрадан жана Зайд ибн Халидден риваят кылат, бир киши уулу бирөөнүн аялы менен зина кылып койгонун айтты, ошондо Расулуллах A:

**«لَأَقْضِيَنَّ بَيْنَكُمَا بِكِتَابِ اللهِ»**

**«Экөөңөрдүн ортоңордо Аллахтын Китеби менен өкүм кыламын»**, деп, уулуна жүз дарра урууга жана бир жылга сүргүн кылууга буюрду. Кийин Унайсты эртеси күнү аялдын алдына барып, эгер (зина кылганын) моюнга алса ташбараң кылууга буюрду. Аял моюнга алды жана Унайс аны ташбараң кылды.

Байхакий «Сунани сагир»де Абу Зубайрдан, ал Жабирден риваят кылат: **«Бир киши бир аял менен зина кылып койду, бирок, анын турмуш кургандыгы аныкталбады жана ал дарраланды, кийин турмуш курганы белгилүү болгондо ташбараң кылынды».** Насаий да ушуга окшогон риваят келтирген.

Абу Давуд «Сунан»ында Сафван ибн Умайядан риваят кылат, Сафван айтат: «Мен мечитте уктап жаткан элем, үстүмдө отуз дирхам турган кийимим бар эле. Ошондо бир киши келип, аны менден уурдап алды, кийин ал кармалды жана Расулуллах Aдын алдына алынып келинди, ал киши анын колун кесүүгө буюрду. Ровий айтат: Ошондо мен келип: Отуз дирхамды деп колун кесесизби, мен кийимимди ага насыяга сатсамчы? – деп сурадым. Ал киши: **«Аны мага алып келишиңизден мурун ушундай кылбайт белең»**, - деди. Дарикутнийдин Амр ибн Шуайбдан, ал атасынан кылган риваятында Расулуллах A мындай дейт:

**«اشْفَعُوا مَا لَمْ يَتَّصِلْ إِلَى الْوَالِي، فَإِذَا أُوصِلَ إِلَى الْوَالِي فَعَفَا فَلَا عَفَا اللهُ عَنْهُ»**

**«Ырас, иш валийге жеткирилбеген болсо ортого түшсөңөр болот, эми, эгер иш валийге жеткирилген болсо, валий аны кечирсе, Аллах аны кечирбейт»**. Кийин анын колун муунунан кесүүгө буюрду.

в) О.э. хулафаи рошидиндер заманында да хад шарт болгон кылмышты жасаган кишиге хадды колдонуу үчүн ал халифанын же орун басарларынын алдына алынып келинген. Бул тууралуу бир нече окуялар бар, алардын айрымдары ушулар:

Абу Давуд Тиялисий «Муснад»ында Хузайн Абу Сасан Ракашийден риваят кылат: «Мен Усман ибн Аффан Γнун алдына барган элем, Валид ибн Укба алынып келинди. Ал хамр ичкен экен, буга Хумрон ибн Абан жана дагы бир киши күбөлүк берди. Ошондо Усман Алиге: «Ага хадды колдонгула, деди».

Имам Ахмад «Муснад»ында Абдуллах ибн Кайстан (Абу Муса Ашъарийден) риваят кылат: **«Расулуллах A аны Яманга валий кылып жөнөттү, кийин анын артынан Муаз ибн Жабалды жөнөттү. Муаз жетип барган соң, Абдуллах ага: Олтуруңуз, деп ага жаздык койду. Муаз Абдуллахтын алдында байлап коюлган кишини көрүп: Бул ким? – деп сурады. Абдуллах: Ал яхудий эле, Исламга кирди, кийин дагы өзүнүн эски манфур динине кайтып яхудий болду, деп жооп берди. Ошондо Муаз үч жолу: Мен Аллах жана Расулунун өкүмү аткарылып, ал өлтүрүлмөйүнчө олтурбаймын, деди»**.

Муртаддар зекетти четке кагышканда Абу Бакр Γ аларга каршы согушту. Ибн Хиббан «Сахих»инде Абу Хуайрадан риваят кылат: Расулуллах A дүйнөдөн кайтып, ордуна Абу Бакр халифа болуп, айрым арабдар кафир болгондо Абу Бакр аларга каршы согушту жана мындай деди: «Аллахка ант болсун, намаз менен зекеттин ортосун бөлгөн ар бир кимсеге каршы албетте согушамын, себеби, зекет малдын акысы, Аллахка ант болсун, эгер алар Расулуллах Aга төлөп келишкен музоону төлөөдөн баш тартышса да, бул үчүн аларга каршы согушамын».

**Корутундулап айтсак, усул коидаларына ылайык, хос умумдан үстөм, мукайяд мутлактан үстөм болгондой, ачык баян мужмал баяндан үстөм. Ошондуктан, жаза-хаддарды колдонуучу адам Ислам менен өкүм жүргүзгөн имам т.а. аким болуп эсептелет. Бул болсо – жогоруда айтып өткөнүбүздөй – Расулуллах Γ жана хулафаи рошидиндердин амалдарына ылайык өз тастыгын тапкан. О.э. бул, Исламий Халифалык заманында колдонулган белгилүү нерсе. Бул тууралуу этибарлуу уламалардын сөздөрү да келген:**

– Ибн Таймиянын ушул сөзү: «Аллах момундарга жаза-хаддар жана укуктар тууралуу мутлак хитаб кылды. Мисалы:

{وَٱلسَّارِقُ وَٱلسَّارِقَةُ فَٱقْطَعُوٓا۟}

***«Ууру эркекти да, ууру аялды да*** *(колдорун)* ***кескиле!»*** [5:38]

Бирок, белгилүү болгондой, хитаб кылынып жаткан адам (тыңдоочу) хитабдагы буйрукту аткарууга кудуреттүү болушу шарт, аткарууга кудуретсиздерге аткаруу важиб болбойт. Ал эми, кудуреттүүлүк султанда бар, ушул себептен улам, жаза-хаддар султанга жана анын орун басарына важиб болот».

– Имам Алауддин Касаний мындай дейт: «Анын т.а. жаза-хаддарды аткаруу шарттары… амирлик».

– Куртубий мындай дейт: «Бул маселе ...жаза-хаддар маселесинде угуучу имам жана орун басары».

– Имам Шафиий мындай дейт: «Жаза-хаддары азат адамдарга имам жана имам буюрган адамдар гана колдонот».

– Ибн Кудама мындай дейт: «Имам жана орун басарынан башка эч бир киши жаза-хаддарды ишке ашырышы жайиз эмес».

Эми, Аллахтын шариятын жүзөгө чыгарган султан жок болгон абалга келсек, Ислам менен башкара турган ушул султанды пайда кылуу үчүн олуттуу иш алып баруу бардык мусулмандарга важиб болот, бул, Китеп, Сүннөт жана сахабалар ижмасында бул жөнүндө келген көптөгөн далилдер себептүү фарз.

Китептеги далилдерден:

Аллах Таала Расулу Aга хитаб кылып мындай дейт:

{فَٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُۖ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ عَمَّا جَآءَكَ مِنَ ٱلۡحَقِّ}

***«Адамдар ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, өзүңө келген чындыктан жүз үйрүп, алардын көңүлү каалаган нерселерге ээрчибе»*** [5:48]

{وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَ}

***«Алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүл кылгын, алардын көңүлү каалаган нерселерге ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени фитнага салып коюуларынан этият болгун»*** [5:49]

Аллахтын Өз Расулу Aга Аллах түшүргөн нерсе менен башкаруу тууралуу хитабы Расулуллах Aдын Үммөтүнө кылынган хитаб болуп, ал заттан кийин Аллах түшүргөн нерсе менен башкара турган акимди тикелөө зарылдыгын түшүндүрөт. Хитабдагы бул буйрук катъийликти билдирет, себеби, хитаб темасы фарз, бул болсо усул илими боюнча катъийликке карина, Расулуллах Aдан кийин Аллах түшүргөн нерсе менен башкара турган адам болсо халифа. Ушул жактан башкаруу түзүмү – Халифалык түзүмү. Мындан тышкары, жаза-хаддарды аткаруу важиб, бул важибди болсо акимсиз аткарып болбойт, важибди аткаруу үчүн зарыл болгон нерсе да важиб т.а. шариятты аткаруучу акимди тургузуу да важиб. Ушул жактан аким – халифа, башкаруу түзүмү – Халифалык.

Сүннөттөгү далилдерден:

Нафиъден риваят кылынат: Ибн Умар мага мындай деди: Мен Расулуллах Aдын мындай дегенин уктум:

**«مَنْ خَلَعَ يَدًا مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لا حُجَّةَ لَهُ وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»**

**«Кимде-ким итааттан баш тартса Кыямат күнү Аллахка хужжаты жок абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъат жок абалда өлсө жахилият өлүмү менен өлүптүр»** (Имам Муслим риваяты). Набий A ар бир мусулманга мойнунда байъат болушун фарз кылды жана мойнунда байъат жок абалда өлгөн адамды жахилият өлүмүндө өлүптүр деп сыпаттады. Байъат Расулуллах Aдан кийин халифага гана берилет, андан башкага берилбейт. Бул хадис ар бир мусулмандын мойнунда байъат болушун важиб кылып жатат т.а. ар бир бир мусулмандын мойнунда байъат болушуна акылуу болгон халифанын пайда болушун важиб кылып жатат. Муслим Аъраждан, ал Абу Хурайрадан риваят кылат: Набий A мындай деди:

**«إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ ويُتَّقَى بِهِ»**

**«Албетте, имам – калкан, анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат»**. Муслим Абу Хазимден риваят кылат: Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум жана андан Набий Aдын ушул сөздөрүн уктум:

**«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلُ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءِ، كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ، وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ، قَالُوا فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ، وَأَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ، فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»**

«**Бани Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөт эле. Качан бир пайгамбар набыт болсо, артынан башка пайгамбар келчү. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот жана алар көбөйүп кетет.** Ошондо: Бизге эмнени буюрасыз? – дешкенде, айтты: **Биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла жана алардын акыларын бергиле, анткени, Аллах алардан жаранды кантип башкарышканы жөнүндө сурайт**».

Ушул хадистерде халифа калкан т.а. коргоо деп сыпатталды. Расулуллах имамды калкан деп сыпатташы, анын бар экендигин мактаган хабар болуп, бул, талапты түшүндүрөт. Себеби, Аллахтан жана Расулунан болгон хабар каралоо мазмунунда болсо, ал таштоону талап кылуу т.а. нахий болот. Эгер, мактоо мазмунунда болсо аткарууну талап кылуу болот. Эгер, талап кылынган ишти аткаруу шаръий өкүмдүрдүн жүзөгө чыгышына алып келсе же талап кылынган ишти таштоо шаръий өкүмдүн сая кетишине алып келсе бул талап катъий талап болот. Дагы бул хадистерде мусулмандарга жалаң гана халифалар саясат жүргүзүшү да айтылууда. Бул болсо халифаны тикелөө талап кылынат дегени. Кала берсе, Расулуллах A халифаларга моюн сунууну жана Халифалыкты талашып чатакташкан кимсени өлтүрүүнү буюрду. Бул болсо бир халифаны тикелөөнү жана Халифалыкты талашкан ар кандай кимсени өлтүрүп, Халифалыкты сактап калууну буюруу болуп эсептелет. Муслим риваят кылышынча, Набий A мындай дейт:

**«وَمَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ، وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ، فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ. فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ، فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»**

«**Кимде-ким бир имамга байъат берип, ага колун жана жүрөк түпкүрүн берсе колунан келгенче ага итаат кылсын. Эми, эгер башка бирөө келип аны менен имамдыкты талашса, анын мойнуна ургула**». Имамга моюн сунууну буюруу – имамды тикелөөнү буюруу. Аны менен чатакташкан кимсени өлтүрүүнү буюруу болсо ар дайым бир гана халифа болушу катъий буюрулганына карина болот.

Сахабалар ижмасындагы далилдерден:

Сахабалар – Аллах алардан ыраазы болсун – Расулуллах A дүйнөдөн кайткандан кийин ал кишинин халифасын тикелөө зарылдыгына ижма кылышты. Алар Абу Бакр, кийин Умар, кийин Усмандын ордуна – алардын ар бири дүйнөдөн кайткандан кийин – халифа тикелөө важибдигине ижма кылышты. Сахабалар халифаны тикелөө важибдигине катъий ижма кылышканы Расулуллах A дүйнөдөн кайткандан кийин ал кишини жерге коюуну кечиктирип, ал кишинин халифасын тикелөө менен алек болушунан жаркын көрүндү. Акыйкатта болсо, жасатты жан чыккандан кийин эле жерге коюу фарз. Расулуллах Aды даярдоо жана жерге коюу менен алек болушу шарт болгон сахабалардын бир бөлүгү жерге коюу менен алек болбой, халифаны тикелөө менен алек болушту. Сахабалардын калган бөлүгү болсо бул жагдайга үндөбөй турушту жана алар да жерге коюуну кечиктирүүдө шерик болушту. Негизи, алар буга каршы чыгуусу жана жерге коюу менен алек болуусу мүмкүн эле, буга чамалары жеткен. Расулуллах A дүйшөмдү күнү түштө жан берди, шейшембиге өтөр түнү да, Абу Бакрга байъат берилген шейшемби күндүзү да жерге коюлбады. Ошондон кийин шаршембиге өтөр түнү жерге коюлду. Т.а. жерге коюу эки түнгө кечикти. Расулуллах A жерге коюлушунан мурун Абу Бакрга байъат берилди. Натыйжада, бул – жасатты жерге коюудан мурун халифаны тикелөө менен алектенүүгө ижма болуп калды. Мындай абал халифаны тикелөө жасатты жерге коюудан важиб болгондо гана болот. О.э. сахабалар ψ халифаны тикелөө важибдигине ижма кылышкан. Алар халифа болуп шайлана турган адам жөнүндө ихтилаф кылган болушса да, Расулуллах A дүйнөдөн кайтканда да, хулафаи рошидиндердин өлүмүнөн кийин да

халифаны тикелөө жөнүндө таптакыр ихтилаф кылышпады. Демек, сахабалардын ижмасы халифаны тикелөө важибдигине күчтүү жана ачык-айкын далил болот.

Ошентип, Ислам менен башкара турган аким жок убакта аны тургузууга катуу аракет кылуу бардык мусулмандар үчүн важиб. Халифанын бар болушу болсо эң улуу фарз, себеби, Роббул аламин буюрган жаза-хаддарды аткаруучу бир гана мына ушул халифа. Важибди аткаруу үчүн зарыл болгон нерсе да важиб. Өзгөчө, жаза-хаддарды колдонуу чоң фарз болуп, Үммөттүн изгилиги жана иштеринин туруктуулугу ушуну менен болот. Ибн Мажа «Сунан»ында Абу Хурайрадан риваят кылат, Расулуллах A айтты:

**«حَدٌّ يُعْمَلُ بِهِ فِي الْأَرْضِ، خَيْرٌ لِأَهْلِ الْأَرْضِ مِنْ أَنْ يُمْطَرُوا أَرْبَعِينَ صَبَاحًا»**

**«Жер калкы үчүн жер жүзүндө колдонулган бир жаза-хад кырк күн жааган жаандан да абзел»**.

Сөзүмдү жыйынтыктоодон мурун туруктуу башкаруу жана мамлекет жок болгон жаңжалдашкан региондордогу мусулмандар көңүлүн алардын ортосундагы проблемаларды келишим аркылуу чечүү керектигине каратмакчымын. Бул проблемалар адамдар ортосунда дагы да орчундап кетишине жол бербей, тескерисинче, сулх аркылуу чечишсин. Өлкөдөгү уламалар, даанышмандар, ахли хал вал акд адамдарды – алардын проблемаларын чечүү үчүн – ислах кылуу (жараштыруу, оңдоп түзөө), кембагалдардын зарыл муктаждыктарын кандыруу, мазлумга акысын алып берүү үчүн аны менен бирге болуу менен алектенишсин. Ушул иштер жана адамдарды ислах кылуу туурасында көптөгөн нусустар келген. Бул нусустар акимдин бар болушу менен хостолбогон. О.э. ислах кылууда акимдин бар болушу менен белгиленбеген мутлак нусустар да келген:

{لا خَيْرَ فِي كَثِيرٍ مِّن نَّجْوَاهُمْ إِلَّا مَنْ أَمَرَ بِصَدَقَةٍ أَوْ مَعْرُوفٍ أَوْ إِصْلَاحٍ بَيْنَ النَّاسِ ۚ وَمَن يَفْعَلْ ذَٰلِكَ ابْتِغَاءَ مَرْضَاتِ اللَّهِ فَسَوْفَ نُؤْتِيهِ أَجْرًا عَظِيمًا}

***«Алардын көп жашыруун сүйлөшүүлөрүнөн - эгерде садака берүүгө, же бирер жакшылык кылууга, же адамдар ортосун ислах кылууга ниети болбосо - эч кандай пайда жок, кимде-ким ушундай иштерди Аллахтын ыраазылыгын каалап кылса, ага улуу сыйлык беребиз»*** [4:114]

{وَإِنِ امْرَأَةٌ خَافَتْ مِن بَعْلِهَا نُشُوزًا أَوْ إِعْرَاضًا فَلَا جُنَاحَ عَلَيْهِمَا أَن يُصْلِحَا بَيْنَهُمَا صُلْحًا ۚ وَالصُّلْحُ خَيْرٌ ۗ وَأُحْضِرَتِ الْأَنفُسُ الشُّحَّ ۚ وَإِن تُحْسِنُوا وَتَتَّقُوا فَإِنَّ اللَّهَ كَانَ بِمَا تَعْمَلُونَ خَبِيرًا}

***«Эгер бирер аялды эри тарабынан көңүлсүздүк же жүз үйрүп кетүү жүз берүүсүнөн корксо, ал экөө өз ара жарашып алышса болот, ушул жарашуу жакшыраак, көңүлдөр кызганууга дайым даяр болуп турушат, эгер аялдарыңарга чырайлуу мамиле кылсаңар жана Аллахтан корксоңор, Аллах кылып жаткан*** *(ушул)* ***амалдарыңардан кабардар болгон Зат»*** [4:128]

{إِنَّمَا الْمُؤْمِنُونَ إِخْوَةٌ فَأَصْلِحُوا بَيْنَ أَخَوَيْكُمْ ۚ وَاتَّقُوا اللَّهَ لَعَلَّكُمْ تُرْحَمُونَ}

***«Шек-күмөнсүз, момундар – ага-инилер. Ошондуктан, силер эки ага-иниңердин ортосун оңдоп койгула! Аллахтан корккула, балким, Ал Зат тарабынан боло турган рахматка жетишерсиңер»***

[49:10]

{وَجَزَٰٓؤُاْ سَيِّئَةٖ سَيِّئَةٞ مِّثۡلُهَاۖ فَمَنۡ عَفَا وَأَصۡلَحَ فَأَجۡرُهُۥ عَلَى ٱللَّهِۚ إِنَّهُۥ لَا يُحِبُّ ٱلظَّٰلِمِينَ}

***«Жамандыктын жазасы дал өзүнө окшогон жамандык. Эми, ким кечирип, ислах кылса, анда, анын сообу Аллахтын мойнунда, албетте Ал зулум кылуучуларды сүйбөйт»*** [42:40]

Имам Ахмад «Муснад»ында Умму Дардадан, ал Абу Дардадан риваят кылат: Расулуллах A мындай деди:

**«أَلَا أُخْبِرُكُمْ بِأَفْضَلَ مِنْ دَرَجَةِ الصَّلَاةِ، وَالصِّيَامِ، وَالصَّدَقَةِ؟» قَالُوا: بَلَى قَالَ: إِصْلَاحُ ذَاتِ الْبَيْنِ قَالَ: وَفَسَادُ ذَاتِ الْبَيْنِ هِيَ الْحَالِقَةُ»**

**«Силерге намаз, орозо жана зекет даражасынан да жакшы амал жөнүндө кабар берейинби?»**. Ооба, кабар бериңиз, я Расулуллах, дешти. Ал Зат мындай деди: **«Адамдар ортосун ислах кылуу, анткени, адамдар арасын бузуу динди жок кылат»**. Абу Давуд «Сунан»ында муну ушул лафз менен риваят кылган:

**«أَلاَ أُخْبِرُكُمْ بِأَفْضَلَ مِنْ دَرَجَةِ الصِّيَامِ وَالْقِيَامِ؟» قَالُوا: بَلَى يا رَسُولَ اللهِ، قَالَ: إِصْلَاحُ ذَاتِ الْبَيْنِ وَفَسَادُ ذَاتِ الْبَيْنِ هِيَ الْحَالِقَةُ»**

**«Силерге орозо жана киямул лайл даражасынан да жакшы амал жөнүндө кабар берейинби?»**. Ооба, я Расулуллах, дешти. Ал зат айтты: **«Адамдар арасын ислах кылуу, адамдар арасын бузуу болсо динди жок кылат»**.

<u>Демек, мамлекет жок болгон жаңжалдашкан региондордогу проблемалардын чечими – сулх. Бирок, мунун шарты, бул чечим төмөндөгү шаръий нусустарга ылайык, арамды адал жана адалды арам кыла турган чечим болбошу керек</u>:

Абу Давуд «Сунан»ында Абу Хурайрадан риваят кылат, Расулуллах A мындай дейт:

**«الصُّلْحُ جَائِزٌ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ»**

**«Сулх мусулмандар ортосунда жайиз».** Имам Ахмад төмөндөгүлөрдү кошумчалады:

**«إِلَّا صُلْحًا أَحَلَّ حَرَامًا، أَوْ حَرَّمَ حَلَالاً»**

**«Бирок, адалды арам, арамды адал кыла турган жарашуу жайиз эмес»**. Сулайман ибн Давуд ага төмөндөгүлөрдү кошумчалады:

**«الْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ»**

**«Мусулмандар өз шарттарында турушат»**.

Тирмизий «Сунан»ында Касир ибн Абдуллах ибн Амр ибн Авф Музанийден, ал атасынан, ал бабасынан риваят кылат: Расулуллах A мындай деди:

**«الصُّلْحُ جَائِزٌ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ، إِلاَّ صُلْحًا حَرَّمَ حَلاَلاً، أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا، وَالْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ، إِلاَّ شَرْطًا حَرَّمَ حَلاَلاً، أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا»**

**«Сулх мусулмандар арасында жайиз, арамды адал же адалды арам кыла турган сулх гана жайиз эмес, мусулмандар өз шарттарында турушат, адалды арам же арамды адал кыла турган шарт гана мындан сырткары»** (Тирмизий бул хадисти хасан сахих, деген).

О.э. Ибн Хиббан да «Сахих»инде Абу Хурайрадан ушундай лафз менен риваят кылган:

«الصُّلْحُ جَائِزٌ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ إِلاَّ صُلْحًا أَحَلَّ حَرَامًا أَوْ حَرَّمَ حَلاَلاً»

**«Сулх мусулмандар арасында жайиз, арамды адал кыла турган же адалды арам кыла турган сулх гана жайиз эмес»**.

Демек, аким бар болобу же болбойбу, ага карабастан, адамдар ортосун ислах кылуу шаръий түрдө талап кылынат. Бул маселедеги шаръий өкүм менин райым боюнча ушундай. Аллах Субханаху билүүчү жана хаким Зат.

**Корутунду:**

1 – Жаза-хаддарды Ислам менен башкара турган аким колдонот жана бул жаза хаддын колдонулушун важиб кылган күнөө үчүн каффарат болот. т.а. бул дүйнөдө жаза-хадын алган адам Акыретте ушул күнөөсү үчүн жазаланбайт. Бухарий «Сахих»инде Убада ибн Сомит Гдан риваят кылган, (Убада Бадр согушун көргөн жана Акаба түнүндө накибдердин бири болгон) Расулуллах A бир топ сахабалардын курчоосунда турганда мындай деди:

«بَايِعُونِي عَلَى أَنْ لاَ تُشْرِكُوا بِاللَّهِ شَيْئًا، وَلاَ تَسْرِقُوا، وَلاَ تَزْنُوا، وَلاَ تَقْتُلُوا أَوْلاَدَكُمْ، وَلاَ تَأْتُوا بِبُهْتَانٍ تَفْتَرُونَهُ بَيْنَ أَيْدِيكُمْ وَأَرْجُلِكُمْ، وَلاَ تَعْصُوا فِي مَعْرُوفٍ، فَمَنْ وَفَى مِنْكُمْ فَأَجْرُهُ عَلَى اللَّهِ، وَمَنْ أَصَابَ مِنْ ذَلِكَ شَيْئًا فَعُوقِبَ فِي الدُّنْيَا فَهُوَ كَفَّارَةٌ لَهُ، وَمَنْ أَصَابَ مِنْ ذَلِكَ شَيْئًا ثُمَّ سَتَرَهُ اللَّهُ فَهُوَ إِلَى اللَّهِ، إِنْ شَاءَ عَفَا عَنْهُ وَإِنْ شَاءَ عَاقَبَهُ»

**«Аллахка эч нерсени шерик кылбоого, уурулук, зина кылбоого, перзенттериңерди өлтүрбөөгө, колуңар жана бутуңар ортосунан ойлоп тапкан жалган-жалааны кылбоого, бирер маъруф иште итаатсыз болбоого мага байъат бергиле. Анан, силерден ким буга бапаа кылса анын ажр-сообу Аллахтын мойнунда, ким мунун бирөөсүн бузуп коюп, бул дүйнөдө жазасын алса, бул, ал үчүн каффарат болот, ал эми, ким мунун бирөөсүн бузуп койсо, Аллах аны жашырган болсо, анын өкүмү Аллахка калтырылат, кааласа кечирет, кааласа жазалайт»**. Биз ал затка ушуларга ылайык байъат бердик.

2 – Мамлекет да, туруктуу башкаруу да жок болгон жаңжалдашкан региондордо проблемалар орчундап кетишине жол бербөө керек. Ахли хал вал акд, уламалар жана сөзү өткөн таасирдүү адамдар буга аралашып, проблеманы сулх менен чечүүсү, муну бекем карманып калыс болуусу керек. Аллах Субханахунун Өзү жардам берүүчү.

Сиздин жаза-хаддар жөнүндөгү суроoңузга өзүмдүн туура деп тапкан пикирим боюнча ушундайча жооп бердим. Мында шаръий далилдерди, далил келтирүүнү, өкүм истинбат кылуу тараптарын баян кылдым. Аллах Субханаху билүүчү жана хаким Зат.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **30-мухаррам, 1435-х.**

**3-декабрь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

**Суроо:** Бир киши менен талкуулашып калдым. Ал беш убакыт намазды окуйт, бирок, жуманы адамдар менен бирге окубайт, жума күнү бешим окуйт экен. Мен анын бул ишин четке какканымда ал: «Жума намазы сахих болушу үчүн халифа болушу шарт», - деп жооп берди. Бирер фукаха ушундай дегенби? Хизбдин бул туурасындагы раъйы кандай? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:** Жума намазы халифа барбы же жокпу, ага карабастан, фарз. Буга далилдер белгилүү болуп айрымдары ушулар:

Аллах Субханаху ва Таала айтты:

{يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِذَا نُودِىَ لِلصَّلَوٰةِ مِن يَوۡمِ ٱلۡجُمُعَةِ فَٱسۡعَوۡاْ إِلَىٰ ذِكۡرِ ٱللَّهِ وَذَرُواْ ٱلۡبَيۡعَۚ ذَٰلِكُمۡ خَيۡرٌ لَّكُمۡ إِن كُنتُمۡ تَعۡلَمُونَ}

***«Эй момундар, качан жума күнүндөгү намазга чакырылса*** *(т.а. азан айтылса)**, дароо Аллахты зикир кылууга баргыла жана соода-сатыкты токтоткула! Эгер биле турган болсоңор мына ушул*** *(т.а. Аллахты зикир кылууга-жума намазын окууга шашылуу)* ***өзүңөр үчүн жакшыраак»*** [62:9]

Хаким өзүнүн Мустадрак китебинде Абу Мусадан Набий Aдын мындай дегенин риваят кылды:

**«اَلْجُمُعَةُ حَقٌّ وَاجِبٌ عَلَى كُلِّ مُسْلِمٍ فِي جَمَاعَةٍ إِلاَّ أَرْبَعَةَ: عَبْدٌ مَمْلُوكٌ، أَوِ امْرَأَةٌ، أَوْ صَبِيٌّ، أَوْ مَرِيضٌ»**

**«Жамаат жума намазы ар бир мусулманга важиб акыйкат. Төрт киши мындан сырткары: кул, аял киши, балагатка жетпеген бала жана оорулуу»**. Хаким айтты: «Бул хадис эки шейх (Бухарий жана Муслим) шартына ылайык сахих хадис, бирок, экөөсү аны риваят кылбаган». Насаий да Ибн Умардан, ал Набий Aдын аялы Хафсадан ушул хадисти риваят кылды: Набий A айтты:

**«رَوَاحُ الْجُمُعَةِ وَاجِبٌ عَلَى كُلِّ مُحْتَلِمٍ»**

**«Жумага баруу ар бир балагатка жеткен кишинин мойнундагы важиб»**.

Бул далилдерден жума имам (халифа) менен чектелип калбаганы ачык-айкын көрүнүп турат.

Муну үч мазхаб ээлери (Малик, Шафиий жана Ибн Ханбал) да айткан. Ханафийлер болсо төмөнкү жума шарттарын белгилешкен:

«Султан буга уруксат бериши же өзү же анын атынан расмий өкүл болушу керек. Себеби, Расулуллах A жана хулафаи рошидиндер доорунда ушундай болгон. Бул, эгер жума окула турган шаарда имам же анын орун басары болсо ушундай болот. Ошондуктан, эгер экөөсүнүн бири өлүм, же фитна, же ушуга окшогон нерсе себептүү жок болсо жана жума убагы келип калса, бул убакта адамдар өздөрүнөн бир кишини тандап, ага ээрчип жума окушат». Султандын уруксаты болушунун шарттыгы биздин райыбыз боюнча жогорудагы далилдерге ылайык маржух (күчсүз) раъй.

Корутунду: жума намазы халифа бар болушу же болбошуна, карабастан, фарз.

**29-шаъбан, 1433-х.**

**19-июль, 2012-м.**

# بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

*Суроо-жооб*

## Кызмат мөөнөтү бүткөндө сый акы алуу

*Суроо:*

Ассаламу алейкум, Аллах сизге тифик жана нусратын берсин.

Мүмкүн сиздин иштериңиз көп болсо керек. Аллах сизге жардам берсин. Мен суроомо жооп алууга муктажмын.

Көп жылдар бою өз ишин дыкат аткарып, ишине шалакылык кылбаган адам кызматы бүтөөр мөөнөтүндө жумуш берүүчүдөн сый акы талап кылуусунун шаръий өкүмү кандай?

Башкача айтканда, учурда иштеп жаткан азыркы мыйзамдарда каралган кызматчы кызмат мөөнөтү аяктаганда сый акы алуусу шаръий жактан туурабы? Жумуш берүүчү бул сый акыны кызмат кылган адамга берүүнү четке кагуусу анын акысын жеген жана арам иш кылган болуп саналабы?

Маалым болгондой, азыркы иштеп жаткан мыйзамда каралгандай, беш жылдан кем эмес иштеген кызматкердин айлыгынын үчтөн бири ар жылы ага сый акы катары берилиши керек. 5-10 жылдан кем эмес кызмат өтөгөн адамга айлыгынын үчтөн экиси ар бир жылына сый акы катары каралган. 10 жылдан ашык иштеген адамга толук бир айлыгы ар бир жылына сый акы катары каралган.

Аллах сизге берекесин берсин.

Зарыл болгондуктан жоопту тездетип берүүңүздү өтүнөм.

Саид Мари.

*Жооб:*

Ассааламу алейкум рахматулоохи уа баракаатуху.

Урматтуу мусулман бир тууганым. Мусулмандар хадисте келгендей шартташканына жараша болушат.

Тирмизи риваяты, бул хадисти хасан сахих деген:

وقال عنه حَدِيثٌ حَسَنٌ صَحِيحٌ: حَدَّثَنَا كَثِيرُ بْنُ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرِو بْنِ عَوْفٍ الْمُزَنِيُّ عَنْ أَبِيهِ عَنْ جَدِّهِ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ قَالَ: «وَالْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ إِلَّا شَرْطًا حَرَّمَ حَلَالًا أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا» **Бизге Касиир бин Абдуллоох бин Амр бин Авф, ал Музний атасынан чоң атасынан айтты: Пайгамбар A айтты: «Мусулмандар шартташкандыктарына жараша (болушат), адалды арам кылган же арамды адал кылган шарттарды гана (алышпайт)».**

Ушуга негизделип жумуш берүүчү менен кызмат өтөөчү адам «кызмат бүткөндө мындай сый акы болот» деп шарттышса, шартка жараша кызмат кылган адам кызматын бүткөндөн кийин сый акы алуусу анын акысы болуп саналат.

Ошондой эле жумуш берүүчү менен жумушчунун ортосундагы эмгек келишими учурда иштеп жаткан мыйзамда каралган «кызмат мөөнөтү бүткөн учурда мындай сый акы» алат деген шарттын негизинде түзүлсө, анда кызмат кылган адам кызматын бүткөн учурда келишим шартына ылайык сый акыны алуусу анын акысы болуп эсептелет.

Эгер, жогоруда айтылгандай шарттар каралбаса, анда жумуш берүүчү жумушчуга айлыгын гана берет, ага сый акы берилбейт.

Бул маселедеги менин туура көргөн басымдуу пикирим ушул. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

**Боордошуңар Ата бин Халил Абу Рушта** **11-ражаб, 1440-х.**
**18-март, 2019-ж.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Сикату Биллах тарабынан берилген

### 1 –Зекет важиб болгон эгиндер жана мөмөлөрдүн түрлөрү,

**Суроо:**

Улуу амирибиз жана шейхибиз, кайсы түрдөгү эгиндер жана мөмөлөргө зекет важиб болот? Мисалы, өсүмдүк майына да зекет бергендер бар. Бул маселенин өлчөөлөрү жана эрежелери кандай болот?

Белгилүү болгондой, рикazда (табылгада) хумс (бештен бирин байтулмалга тапшыруу) бар. Менин суроом төмөнкүдөй: эгер бир адам усманий аскерлерге таандык казынаны (сандык жана аскерлердин буюмдары) таап алса, бул адам ушул табылганын хумсун бергенден кийин ага ээлик кыла алабы же бул табылга исламий мамлекеттин мүлкү болуп, аны аманат катары сактап – Аллахтын уруксаты менен – Халифалык тикеленгенде бул табылганы Халифалыкка кайтарабы?

Аллах сизге береке берсин. Абу Хисамиддин – Таркумия – Халил – Палестина

**Жооп:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Зекети важиб болгон эгиндер жана мөмөлөрдүн түрлөрү: буудай, арпа, курма жана мейиз. Хадистерде зекет ушул төрт түрдөгү эгинге чектелген. Башка эгиндер зекет важиб болгон эгиндердин түрүнө кирбейт. Мунун далили төмөнкүдөй:

а) Муса ибн Талха Умар Гдан риваят кылган хадисте Умар Г айтты: «Албетте, Расулуллах А зекетти төрт түрдүү эгинге: буудай, арпа, курма жана мейизге белгиледи». Бул хадисти Табароний риваят кылган. Муса ибн Талхадан риваят кылынган дагы бир хадисте ал айтты: «Расулуллах А Муаз ибн Жабалды Яманга жибергенде аны буудай, арпа, курма жана жүзүмдөн садака алууга буюрду». Бул хадисти Абу Убайд риваят кылган. Бул хадистер эгиндер жана мөмөлөрдөн зекет болгону ушул төрт түрдөгү: буудай, арпа, курма жана мейизден алынышын жана башка түрдөгү эгиндер жана мөмөлөрдөн алынбашын баян кылат. Себеби, биринчи хадис чектөөгө далалат кылган إِنَّمَا лафзи менен келген.

б) Хаким, Байхакий жана Табароний Абу Муса жана Муаздан риваят кылат: Расулуллах А Абу Муса жана Муазды адамдарга дин иштерин үйрөтүү үчүн Яманга жиберип жатып мындай деди:

«لاَ تَأْخُذَا الصَّدَقَةَ إِلاَّ مِنْ هَذِهِ الْأَرْبَعَةِ: الشَّعِيرِ، وَالْحِنْطَةِ، وَالزَّبِيبِ، وَالتَّمْرِ»

**«Садаканы ушул төрт нерседен гана: арпа, буудай, мейиз жана курмадан алгыла»**. Бул хадис жөнүндө Байхакий «Ровийлери ишеничтүү жана муттасил (үзүлбөгөн)» деген. Бул хадисте зекеттин ушул төрт түрдүү эгин жана мөмөлөргө чектелиши ачык-айкын көрсөтүлгөн. Себеби, إِلاَّ лафзынан мурун четке кагууну же кайтарууну билдирген харф катышуусундагы сөз келсе, өзүнөн мурунку сөздү кийинки сөзгө чектеп коёт. Т.а. садаканы өзүнөн кийин келген ушул төрт түрдөгү эгин жана мөмөлөргө чектейт. Бул эгин жана мөмөлөр: арпа, буудай, мейиз жана курма.

в) Хадистерде келген буудай, арпа, курма жана мейиз лафздары жамид исмдер болгону үчүн бул лафздар башка эгин жана мөмөлөрдү мантукан да, мафхуман да өз ичине албайт. Анткени, булар сыпаттардын аттары да, маанилердин аттары да эмес. Бул ысымдар башка мааниде колдонулбаган жана алар бир канча маанилерге ээ эмес, алар ушул аталыштардын өзүнө гана чектелген.

Ошондуктан, бул лафздардан азык, кургак же запас кылып коюу маанилери алынбайт. Себеби, бул лафздар бул маанилер жана сыпаттарды билдирбейт. Зекеттин важибдигин ушул төрт түрдөгү эгин жана мөмөлөргө чектеп келген хадистер «Жамгыр суусу менен сугарылган жерлерден үшр алынат, ал эми, кол менен сугарылганга жерлерден үшрдүн жарымы алынат» деген хадистеги умумдукту билдирген лафздарды хостоп келет. Муну менен бул хадистин мааниси «Жамгыр менен сугарылган буудай, арпа, курма жана мейизден үшр алынат, кол менен сугарылса үшрдүн жарымы алынат» дегенди түшүндүрөт.

г) Бул төрт түрдөн башка түрдөгү эгин жана мөмөлөргө зекет важиб болбойт. Ошондуктан, жүгөрү, күрүч, ловия, нокот, жасмык жана булардан башка эгиндерден зекет алынбайт. О.э. алма, алмурут, шабдалы, өрүк, анар, апельсин, банан жана булардан башка мөмө түрлөрүнөн зекет алынбайт. Себеби, буларды буудай, арпа, курма, мейиз лафздары өз ичине албайт. О.э. буларды санап өткөн сахих далил да келбеген, бул жөнүндө ижма да жок жана бул жөнүндө кыяс да кылынбайт. Анткени, зекет ибадаттардан болуп ибадаттарда кыяс кылынбайт жана аларда наска чектелинет. О.э. бадыраң, ашкабак, баклажан, шалгам, сабиз сыяктуу жашылчалардан да зекет алынбайт. Умар, Али, Мужахид жана башкалардан риваят кылынышынча, жашылчалардан садака алынбайт. Муну Абу Убайд, Байхакий жана башкалар риваят кылышкан.

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан:

## هبة شادرمهнын зекет берүү жана бир жыл өтүү тууралуу суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум, менде зекет нисабына жеткен каражат бар, нисабга жеткенине болжол менен бир жылдай убакыт болду, зекет берүү убагы жеткенде болсо андан муктаждыгыма иштетип коюп, азыраак бөлүгү ашып калды... Бир жыл өткөнү үчүн ошол аслий каражатымдан зекет берүү мага фарз болобу?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Тээ нисабга жетмейинче жана толук бир жыл өтмөйүнчө малдан зекет берүү фарз болбойт. Али ибн Абу Талиб Набий Адан риваят кылган хадис буга далил болот:

**«إِذَا كَانَتْ لَكَ مِئَتَا دِرْهَمٍ، وَحَالَ عَلَيْهَا الْحَوْلُ، فَفِيهَا خَمْسَةُ دَرَاهِمَ، وَلَيْسَ عَلَيْكَ شَيْءٌ - يَعْنِي فِي الذَّهَبِ - حَتَّى يَكُونَ ذَلِكَ عِشْرُونَ دِينَارًا، فَإِذَا كَانَتْ لَكَ عِشْرُونَ دِينَارًا، وَحَالَ عَلَيْهَا الْحَوْلُ، فَفِيهَا نِصْفُ دِينَارٍ»**

**«Качан силердин эки жүз дирхамыңар болсо жана арадан бир жыл өтсө, андан беш дирхамын зекет бересиңер. Динарыңар болсо, ал жыйырмага жетмейинче** (бул алтын динардан) **зекетке эч нерсе бербейсиңер, качан силердин жыйырма динарыңар болуп жана арадан бир жыл убакыт өтсө, андан жарым динар зекет бересиңер»** (Абу Давуд риваяты).

Көңүл бура турган жери, миладий эмес, хижрий эсеп боюнча бир жыл өтүшү керек. Т.а. нисаб жеткен каражат 354 күнгө жетсе, бир жыл өткөн болуп эсептелет жана андан зекет берүү фарз болот, качан мусулманга зекет фарз болсо, зекет андан сакит болбойт.

Ушуга ылайык, сиздин нисабга жеткен малыңыз жогоруда айтканыбыздай хижрий эсеп менен толук бир жылга жетсе, андан зекет берүү фарз болот, бир жыл толгондон кийин анын бир бөлүгүнөн иштетилип кетишинин эч кандай мааниси жок, зекет фарз бойдон калат. Ошондуктан, иштетип койгон болушуңузга карабастан, албетте, андан зекет чыгарышыңыз керек.

Бир жыл өткөндөн кийин иштеткен болсоңуз ушундай болот. Ал эми бир жыл өтпөй туруп андан иштеткен болсоңуз, анда ошол бир жыл өткөндөн кийин калган каражаттан зекет берүү фарз болот.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **13-робиус-саний, 1436-х.**

**2-февраль, 2015-м.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

*Суроо-жооб*

## Халифалык жок учурунда зекеттин малы каякка берилет?

*Суроо:*

Ассаламу алейкум урматтуу шейх Аба Ясин, Аллах өмүрүңүзгө береке берсин.

Биз билгендей жайытта от алып жеген койлорго зекет берилет жана жайытта от алып жебеген колдо багылган койлорго зекет берилбейт. Бизде бир адам койлорун жылдын көп мезгилинде колдо багат, жылдын азыраак учурунда гана жайытка чыгарат. Анын максаты койлорун көбөйтүү, негизинен ал койлор жылдын көп мезгилинде колго багылгандыгы үчүн жылына эки тууйт. (Койлорду сатуу максатында эмес, көбөйтүү максатында). Ушуга зекет берилеби? Аллах сизге берекесин берсин.

Аттия Ал - Джабарин Палестина.

Асаламу алейкум, Аллах сизге жакшылыктарды берсин.

Халифалык жок учурда зекет кимге берилет?

Адель Арби..

*Жооб:*

Алейкуму салам рахматуллоохи уа баракаатуху.

Экөөңөрдүн тең суроооңор бир жактамада болгондуктан жооб төмөнкүчө:

Биринчиден: койдон, уйдан жана төөдөн бериле турган зекет.

1. Колго багылган төөдөн, уйдан, койдон зекет берилбейт. Анткени “жайытта кайтаруу” иллети түшүндүрө турган сыпаат. Өкүм иллет сыпаатына байланыштуу болот. Бул иллет сыпаатынын жок болушу менен өкүм да жок болот. Анын шарты иллет сыпааты, иллетти түшүндүрө турган сыпаат болушу шарт. Эгер иллетти түшүндүрбөй турган сыпаат болбосо, анда ага өкүм байланбайт. Дагы кайталайм, иллетти билдире турган сыпаатын шарты иллетти түшүндүргөн сыпаат болушу шарт. Пайгамбар A сөзүндөгүдөй: “Жайытта жайылган койдон зекет...”. (Бухаари риваяты). Кой бир заттын ысымы. Анын эки сыпааты бар: “жайытта кайтарылган” жана “колго багылган”. Зекет өкүмү жайытта кайтарылган койго байлангандыгына жана колго багылган малга байланбаганына далаалат кылат.

2. Буга далилдер төмөнкүлөр:

- Абу Дауд риваяты узун хадистин үзүндүсү. Абу Бакр Γдан Пайгамбар A айтты: “... жайытта кайтарылган койдон эгер кырка жетсе, андан бир кой зекет берилет...”.
- Абу Зар Γдан Пайгамбар A айтты: “Кайсы бир төөнүн, уйдун, жана койдун ээси зекетин бербесе, кыямат күнү мурдагы абалдарынан чоң жана семиз болуп келип мүйүздөрү менен челип туяктары менен тебелеп салышат”.
- Али Γдан айтты: “Колго багылган төөдөн садака жок”. Байхакий риваяты.
- Амр бин Динаар Γдан, Пайгамбар A айтты: “Кошко түшкөн өгүздөн садака жок”. Абиид риваяты. Абдуллоохи бин Жаабир Γдан айтты: “Кошко түшкөн (өгүздөн) садака жок”.

- Хааким “Мустадрак” китебинде Бахзин бин Хакиимден, ал атасынан жана чоң атасынан айты: Пайгамбар A айтканын уктум: ал айтты: “Жайытта жайылган ар бир кырк төөдөн бир сүт бере турган төө садака берилет...”. Хааким бул хадистин иснады сахих деген. Жайытта кайтарылган дегенде колго багылган эместикти түшүндүрөт.

3. Жогоруда баяндалгандай, ушул үч түрдөгү малдардан зекет берилет. Зекет бир жылдан ашык жайытта кайтарылган малдан берилет, ал эми колго багылган малдан зекет берилбейт, ошондой эле жер айдоого түшкөн өгүздөн берилбейт.

4. Корутундулап айтканда, жаныбарлардын баардыгынан эмес, малдардан гана зекет берилет. Кой, уй жана төөдөн. Ал сатык үчүн багылган баардык айбандардан зекет берилет. Башкача айтканда, насста далил келгендей товар катары, тактап айтканда алып-сатуу үчүн багылган баардык жаныбарлардан – түрүнө карабастан мейли кездеме же дан болсун, айырмасыз – зекет берилет. Буга далил төмөнкүчө:

- Самрата бин Жундуб Гдан айтты: “Пайгамбар A бизди соодага даярдаган нерсебизден садака чыгаруубузга буюрду”. Абу Дауд риваяты.
- Абу Зар Гдан Пайгамбар A айтты: “Бөздөн да садака берилет”. Даарукутний, Байхакий риваяты. Бөз – сатыла турган кездеме.

Экинчиден: суроодо келгендей, Халифа жок болсо, кимге зекет берилет? Тактап айтканда, рубайбиза акимдер зекет жыйнап алууга татыксыз, анда кимге берилиши керек деген маанидеги суроого жооб.

1. Зекет малдардан, же эгиндерден, же мөмө-жемиштерден, же акчадан, же соода-сатык товарларынан болсун, айырмасыз, Халифага зекет берилет. Же анын орун басарлары болгон валийлерге, аамилдерине берилет. Же зекетти жыйнап алуу үчүн дайындалган адамдарга берилет. Аллах айтат:

خُذْ مِنْ أَمْوَٰلِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ وَتُزَكِّيهِم بِهَا وَصَلِّ عَلَيْهِمْ ۖ إِنَّ صَلَوٰتَكَ سَكَنٌ لَّهُمْ ۗ وَٱللَّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ ﴿١٠٣﴾

***“Аларды тазалай турган малдарынан садака ал, аларга салават** (дуа) **кыл сенин дуаң аларга тынчтык. Аллах угуучу билүүчү”*** [9:103]

Аллах бул аятта элчисин мал ээлеринен зекет алууну буйруду. Пайгамбар A валий, аамилдерди жана мал ээлеринен зекет жыйнай турган адамдарды дайындаган. Ошондой эле курма, жүзүмдөрдөн түшүмдүн үшүрүн жыйнай тургандарды дайындаган. Пайгамбар Aдын учурунда адамдар ага зекеттерин беришкен же ал киши дайындаган адамдар валий, аамил жана сааъаттарга (зекет жыйнай турган адамдарга) зекеттерин беришкен. Иш ушундай нукта уланган. Андан кийин Халифаларга жана валийлерине берип келишкен...

Сахааба жана таабиъиндерден риваяттар келишинче, зекетти зекет бере турган адам өзү эле зекеттке муктаждарга берип койуусу жайиз. Тактап айтканда, акчалай түрдө болсо, Абу Абиид риваяты Кайсаан Умар Г эки жүз дирхам алып келип айтты: “Эй момундардын амири, бул менин малымдын зекети”. Умар Г ага айтты: “Барып, аны өзүң бөлүштүрүп бер”. Абу Абиидден дагы бир риваят, Ибн Аббаас Гдан, айтты: “Эгер, аны (зекетти) орду ордуна койсоң жана алардын бирин орунсуз деп эсептебесең, анда аны туура негизде кылган болосуң”. Ибрахим жана Хасандан риваят айтышты: “Аны (зекетти) ордуна кой жана жашыруун кыл”. Бул акчалай түрүндөгү зекет тууралуу болду. Аны зекет берүүчү Халифага, же валийлерине берет, же өзү таратып берсе да болот.

Ал эми малдар, эгиндер, мөмө-жемиштерди Халифага же ал дайындаган адамдарга берилүүсү зарыл. Абу Бакр Г зекетти бербегендерге каршы согуш жарыялады. Ал өзү дайындаган валийлерге жана зекетти жыйноочу алдамдарга зекеттерин бербей койушкан учурда мындай деди: “Алар Пайгамбар Aга берип келген чычкак улактарын беришпесе, Аллахка ант болсун аларга каршы согушамын”. Муттафакун алейи, Абу Хурайра Гдан. Эгер, Халифа болбосо, анда зекет берүүчү өзү зекетке муктаж деп ылайыктуу көргөн адамдарына тараттып берүүсү жайиз. Ал адамдар Куран аяттында айтылган адамдар: “Садака кембагалдарга, мискиндерге, зекет жыйноочуларга, жүрөктөрү (Исламга) байлангандарга, мукаатиб кулга, карыздарга, Аллах жолундагыларга жана мусаапырларга (берилет), бул Аллахтан болгон фарз Аллах билүүчү жана өкүмдар”.

Ислам түркүктөрүнө кандай кырдаал болбосун, ага амал кылынат, балким мүмкүнчүлүгү жетишинче алар аткарылат.

**Боордошуңар Ата бин Халил Абу Рушта** **28-жумаадил-уула, 1440-х.**
**3-февраль, 2019-ж.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ато ибн Халил Абу Роштанын «Фейсбук» тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору (фикхий)

### Мухаммад Абу Юсуфтун (Mohamed Abou Youssef) соода малдарынын зекети жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу шейхибиз, менде соода малдарынын зекети жөнүндө айрым суроолор бар. Зекет берилиши важиб болгон калдык соода малдары эсептелип чыккандан кийин зекет бериле турган малдардын кыйматын белгилеп чыгуу керек. Суроо сатуу үчүн кийинчерээк сатып алынган, бирок жыл толук айланганча сатылбаган товар жөнүндө. Мында ушул товар кайсы нарк менен бааланат? Сарп-каражат наркы мененби же анын базар наркы мененби? Т.а. сатуу наркы мененби же сатып алуу наркы мененби? Эгер, сатып алуу наркы менен десек, бул, белгилүү. Эгер, сатуу наркы менен десек, товар чекене нарк менен бааланабы же дүң нарк мененби? Товар башканын т.а. өкүлдүн колунда аманат сакталып турган болушу мүмкүн. Мында ал товар зекет берилип жаткан өлкөдөгү нарк менен бааланабы же товар турган өлкөдөгү нарк мененби? Көп жыл болсо да өтпөй калган товарларга – алар өзүнүн базар кыйматын жоготкон болсо да – өзүнчө, атайын зекет берилеби? Суроо узарып кеткени үчүн үзр сураймын. Аллах сизге барекет берсин.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Акчадан башка пайда көрүү максатында алып-сатылган бардык нерсе соода малдары болуп эсептелет. Мисалы, азык-түлүк, кийим-кече, мебель, өнөр жай продукциялары, айбандар, кен, жер, имараттар жана башка алып-сатылган нерселер.

Соода үчүн сатып алынган малдарга зекет берүү важиб болот. Самура ибн Жундубдан мындай дегени риваят кылынган: «Амма баъд, Расулуллах A бизди сатуу үчүн даярдап койгон нерселерибизден садака берүүбүздү буйруган». (Абу Давуд риваяты). Ал эми, Абу Зардан риваят кылынган хадисте Набий A:

«وَفِي البَزِّ صَدَقَتُهُ»

«**Кийимдин өз садакасы бар**» деди. (Дарукутний жана Байхакий риваяты). Бул хадисте соода кылына турган кийимдер жана кийим материалдары айтылууда. Абу Убайд Абу Амра ибн Хамастан, ал атасынан мындай дегенин риваят кылды: «Умар ибн Хаттаб алдымдан өтүп бара жатып: «Эй Хамас, малыңдын зекетин бер», - деди. Мен: «Тери жана саадактан башка малым жок», - дедим. Ошондо Умар: «Алардын кыйматын баалап зекетин бер», - деди». Абдуррахман ибн Абдулкарийден мындай дегени риваят кылынган: «Умар ибн Хаттаб заманында Байтул малга жооптуу болгон элем. Ал, Ато чыкканда соодагерлердин малдарын чогултуп бар болгонун да, гайыбын да эсептеп чыгып, кийин бар болгонунан барынын да, гайыбынын да зекетин алат эле». (Абу Убайд риваяты).

– Ахмад өзүнүн муснадында Малик ибн Авс ибн Хадасан Насрийден, ал Абу Зардан мындай дегенин чыгарган: «Мен Расулуллах Aдын:

«فِي الْإِبِلِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْغَنَمِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَقَرِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ»

«**Төөнүн өзүнүн садакасы бар. Койдун өзүнүн садакасы бар. Малдын өзүнүн садакасы бар. Кийимдин өзүнүн садакасы бар**» дегенин уктум».

– Нававий Мухаззаб шархы Мажмуъда ушуларды айтат:

«Соода малдарына зекет берүү важиб болот. Буга Абу Зар Г риваят кылган Набий Aдын ушул сөзү далил болот:

«فِي الْإِبِلِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَقَرِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ»

«**Төөнүн өзүнүн садакасы бар. Малдын өзүнүн садакасы бар. Кийимдин өзүнүн садакасы бар**». Анткени, соода менен малды көбөйтүү көздөлөт. Ошондуктан, жайытта отогон мал сыяктуу зекет сооданы да камтыды. Шафиий Г көрсөткөн эски жана жаңы нусустар соода зекетин берүүнүн

важибдигин кубаттайт. Асхабдын Шафиий Γ мазхабы соода зекетин важиб деп билишине келишишкени белгилүү...».

– Ибн Кудама Мугнийде ушуларды айткан:

«Көпчүлүк аалымдардын айтымында, соода малдарынын кыйматы барабарында зекет берүү важиб болот. Ибн Мунзир мындай деди: «Аалымдар соода кылына турган малдарга – эгер, аларга жыл айланса – зекет берилишине ижма кылышкан... Биз үчүн Абу Давуд өзүнүн иснады менен Самура ибн Жундубдан кылган ушул риваят далил:

**«كَانَ رَسُولُ اللهِ A يَأْمُرُنَا أَنْ نُخْرِجَ الزَّكَاةَ مِمَّا نُعِدُّهُ لِلْبَيْعِ»**

**«Расулуллах A бизге соода үчүн даярдап коюлган нерселерден зекет беришибизди буйруган».** Дарукутний болсо Абу Зардан мындай дегенин риваят кылат: «Мен Расулуллах Aдын:

**«فِي الْإِبِلِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْغَنَمِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ»**

**«Төөнүн өзүнүн садакасы бар. Койдун өзүнүн садакасы бар. Кийимдин өзүнүн садакасы бар»**, дегенин уктум. Зекет нерсенин өзү менен эмес, кыйматы менен берилиши важиб экендигинде ихтилаф жок. Амр ибн Хамастан, ал болсо атасынан мындай дегенин риваят кылган: «Мага Умар: «Малыңдын зекетин бер», - деп буйруду. Мен: «Саадактан жана териден башка малым жок го?», - дедим. Ошондо Умар: «Алардын кыйматын баалап, зекеттерин бер», - деди. Муну имам Ахмад жана Абу Убайд риваят кылды».

– Байхакий Сунан кубродо ушуларды чыгарган:

«Бизге Ахмад ибн Мухаммад ибн Харис факих хабар кылды, бизге Али ибн Умар хафиз жеткирди, бизге Абу Бакр Нисабурий хадис риваят кылды, бизге Ахмад ибн Мансур хадис риваят кылды, бизге Абу Асим Муса ибн Убайдадан хадис риваят кылды, мага Имран ибн Абу Анас Малик ибн Авс ибн Хадасандан мындай дегенин риваят кылды: «Биз Усмандын алдында олтурган элек. Ошондо Абу Зар келип калды. Ага, Эй Абу Зар, бизге Расулуллах Aдан бир хадис айтып бер дешти. Абу Зар: Мен Расулуллах Aдын:

**«فِي الْإِبِلِ صَدَقَتُهَا وَفِي الْغَنَمِ صَدَقَتُهَا وَفِي الْبَقَرِ صَدَقَتُهَا وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ»**

**«Төөнүн өзүнүн садакасы бор. Койдун өзүнүн садакасы бар. Малдын өзүнүн садакасы бар. Кийимдин өзүнүн садакасы бар»** дегенин уктум, деди»».

Ошондуктан, соода малдарына – эгер, алардын кыйматы алтын нисабына же күмүш нисабына жетсе жана жыл айланса – зекет важиб болот.

Мисалы, соодагер өз соодасын нисабга жетпеген мал менен баштап, жылдын акырында мал нисабга жетип калса, бул малга зекет берилбейт. Анткени, нисаб үчүн толук бир жыл айланган жок. Толук бир жыл өткөндөн кийин соодагер бул малга ушул нисаб боюнча зекет бериши важиб болот.

Эгер, соодагер соодасын нисабдан ашкан мал менен баштаса, мисалы миң динар менен баштап, жылдын акырында соодасы көбөйүп үч миң динар кыйматында пайда алып келсе, соодагер ошол соодасын баштаган миң динардын эмес, үч миң динардын зекетин бериши важиб болот. Анткени, үч миң болуп көбөйүү ушул миңге караштуу. Андан түшкөн пайданын жыл айланышы асл каражаттын жыл айланышынын дал өзү. Мисалы, улак жана козулардагы сыяктуу. Анткени, алар энелери менен кошуп эсептелип, зекет берилет. Алардын энелерине жыл айланышы аларга да айланат. Малдын пайдасында да ушундай. Анткени, ага жыл айланышы ушул пайданы алып келген асл малга жыл айланышы менен өлчөнөт. Ошондуктан, жыл бүткөндө соодагер өзүнүн соода малдарынын кыйматын аныктайт. Соодагер зекет катары берүү важиб болгон төө, мал, кой сыяктуу малдарынын, же кийим, өнөр жай продукциялары, жер жана имарат сыяктуу зекет катары берүү важиб болбогон малдарынын баарын алтын же күмүш менен баалап чыгат жана алтын нисабынын кыйматына же күмүш нисабынын кыйматына жетсе, алардын ондон төртүн, «2,5%»ын зекет кылып берет. Аларга важиб болгон зекетти жүгүртүүдө жүргөн акча менен берет. Алардын зекетин алардын өзүнөн бериши да жайиз. Ушунусу жеңил болсо ушундай кылат. Мисалы кой, мал, кийим менен соода кылган киши ушундай кылышы мүмкүн. Зекет важиб болгон кыймат кой, же мал, же кийим кыйматынын зекетинен болот. Соодагер алардан зекет кылып акчаларды бериши да же кой, мал жана кийимдин өзүн бериши да мүмкүн. Кайсыны кааласа ошону кылат.

Төө, мал, кой сыяктуу нерсенин өзүндө зекет важиб болгон соода малдарында чарба зекети эмес, соода малдарынын зекети берилет. Анткени, бул малдарга ээ болуудан максат аларды мүлк кылуу эмес, соода.

Бул шаръий вакиълик түшүнүлгөн болсо, суроонуздун жообу төмөнкүчө болот:

а) Соода малдары базар наркы менен бааланат т.а. зекет берүүнүн убагы келген учурдагы сатылуу кыйматы менен бааланат. Анткени, бул ушул малдардын чыныгы кыйматы. Алар сатып алынгандагы нарк менен бааланбайт. Анткени, бул нарк товардын чыныгы наркын билдирген базар наркынан аз же көп болушу мүмкүн. Ошондуктан, базар наркы негиз болот.

б) Сатуучу дүң соода кылса, анын товарлары дүң товарлар наркы менен бааланат. Чекене соода кылса, чекене нарк менен бааланат... Эми, эгер дүң соода менен чекене соода бир-бирине аралашып кетсе, экөөсүнүн соодасы ортосундагы нисбат алынат жана ушул нисбатка негизделет. Эгер, товардын жарымын дүң соода менен, жарымын чекене соода менен сатса товардын жарымы дүң баа менен, жарымы чекене баа менен бааланат ж.б.у.с.. Анткени, бул, товарлардын кыйматы жөнүндөгү акыйкатка жакыныраак иш.

в) Товар соодагердин өлкөсүндөгү нарк менен эмес, товар турган өлкөдөгү базар наркы менен бааланат. Анткени, товар турган өлкөдөгү базар наркы анын чыныгы кыйматына жакыныраак.

г) Бардык товарлар – өтпөй калганы да, өткөнү да – зекет берилген учурда бааланат. Анткени, товарлар – түпкүлүгүндө мал. Ошондуктан, өтпөй калган товарлар зекет берилген учурда өзүнүн базар кыйматы менен бааланат. Бул абалда алардын кыйматы өтпөй калышынан мурунку кыйматынан аз болушу табигый. Бул, ар жылы болот. Анткени, алар товарлар көрүнүшүндөгү акча. Ошондуктан, акчага жыл сайын зекет важиб болгондой, товарларга да зекет важиб болот.

д) Соода малдарына акча зекет кылып берилет. Зекет товардын өзүнөн болушу да жайиз. Мисалы, 2000 зекет берүү важиб болсо жана бир товардын наркы 500 болсо, зекет берүүчү 4 товарды зекет кылып бериши мүмкүн. Бул болсо өтпөй калган товарды берүүгө мүмкүн кылат. Анткени, мында зекет кылып берилип жаткан мал акча эмес, товар болот. Натыйжада, зекет берүүчүнүн кызыкчылыгы эсепке алынган болот.

Бул маселеде мен рожих көргөн раъй мына ушул. Валлаху Аълам ва Ахкам.

**25-жумадус-саний, 1437-х.**

**3-апрель, 2016-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (фикхий):

## Hamzeh Shihadehtin балагатка жетпеген баланын жана мажнундун малынан зекет берүүдөгү таклиф (мажбурият жүктөө) орду тууарсындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум! «Усули фикх» китебинде төмөнкү сүйлөм келген: «Аллах балагатка жетпеген балага жана мажнунга зекет, нафака жана камсыздоолорду өтөөнү фарз кылган, демек, ал мукаллаф (мажбурият жүктөлгөн адам) болуп эсептелет, анткени бул айрым өкүмдөр аркылуу ага жүктөлдү... деп айтылбайт. Себеби, бул фарздар балагатка жетпеген бала жана мажнундун амалына тиешелүү эмес, тескерисинче, анын малы жана зиммасына тиешелүү, малы жана зиммасы болсо таклиф орду

болуп эсептелет. Мындан тышкары, каламдын көтөрүлүшү туурасында **«Тээ балагатка жеткенге чейин»** жана **«Тээ эсине келгенге чейин»** деп ачык мөөнөт көрсөтүлгөн. Анткени, бул иллетти түшүндүрөт, анын иллети кичине жашта болуу жана акылдын жоктугу, мунун мал жана зиммага тиешеси жок, демек, истисна кылынбайт». Бул жерде «малы жана зиммасы болсо таклиф орду болуп эсептелет» деген сөз эмнени түшүндүрөт?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Сиз сурооңузда айткан тексттеги сөздөр аралашып кетип, ачык болбой калган. «Исламий шахсия китебинин 3-бөлүгүндө да ушундай текст келген: «Аллах балагатка жетпеген балага жана мажнунга зекет, нафака жана камсыздоолорду өтөөнү фарз кылган, демек, ал мукаллаф (мажбурият жүктөлгөн адам) болуп эсептелет, анткени, бул айрым өкүмдөр аркылуу ага жүктөлдү... деб айтылбайт. Анткени, бул фарздар балагатка жетпеген бала жана мажнундун амалына тиешелүү эмес, тескерисинче, анын малы жана зиммасына тиешелүү, малы жана зиммасы болсо таклиф орду болуп эсептелет. Мындан тышкары, каламдын көтөрүлүшү туурасында **«Тээ балагатка жеткенге чейин»** жана **«Тээ эсине келгенге чейин»** деп ачык мөөнөт көрсөтүлгөн. Анткени, бул иллетти түшүндүрөт, анын иллети кичине жашта болуу жана акылдын жоктугу, мунун мал жана зиммага тиешеси жок, демек истисна кылынбайт».

Тексттеги малы жана зиммасы болсо таклиф орду болуп эсептелет деген сөздөн максат, таклиф баланын зиммасы жана малына байланган болуп, ушул экөөнө түшкөн, баланын амалына жана мажнунга байланган эмес. Эми зекеттин балагатка жеткен жана акылы ордунда болгон кишиге фарз болушу анын малы жана зиммасына гана эмес, тескерисинче, амалына да тиешелүү. Ошол себептен улам, ал малынан зекет чыгарышы т.а. зекет берүү амалын кылышы фарз болгон. Ошондуктан, ал бул амалды кылбаса күнөөкөр болот. Бирок, балагатка жетпеген баланын жана мажнундун болсо зекет берүү амалын өтөшү фарз эмес. Анткени, аларга бул жүктөлбөгөн, шарият экөөнө тең эч нерсени фарз кылган эмес, тескерисинче, алардын малы жана зиммасына зекетти гана фарз кылган. Анткени, экөөндө тең мал жана зимма бар, фарз кылынуу малдагы зекетке жана зиммадагы милдетке таандык, экөөнүн өтөө амалына таандык эмес. Ошол себептен улам, мейли, малы жана зиммасына фарз болгон болсо экөөнө тең зекетти берүү милдети жүктөлбөгөн. Алардын малынан зекет чыгарып берүүнү болсо валийлери же валий ордундагы адам өтөп берет. Эгерде бала жана мажнун зекетти чыгарып бербесе күнөөкөр болбойт. Анткени, алар мукаллаф эмес, ал эми, эгерде күнөө пайда боло турган болсо да, экөөнүн иштерин аткарып берүүчү адамга болот.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **12-мухаррам, 1436-х.**

**5-ноябрь, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ато ибн Халил Абу Руштанын фейсбук баракчасынын колдонуучуларынын суроолоруна жооптору (фикхий)

## Мухаммададил Жамил Гавлийдин (محمد عادل جميل الغولي) Ислам мамлекети жок убакта зекет кимге берилиши туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Эй шейхибиз, бир ихтилаф бар: Зекет кимге берилет? Өкмөткө берилеби? Билебиз, өкмөт аны атайын көрсөтүлгөн орундарга сарптабайт! Же факир жана мискиндерге бөлүштүрүлөбү?! Кеңири далилдери менен түшүндүрүп берсиз деген үмүттөбүз, Аллах биз себептүү сизди жакшылык менен сыйласын.

Боордошуңуз Мухаммададил Жамил

**Жооп:**

Сурооңузду салам менен баштоону унутупсуз. Бирок, биз сизге жакшылыкты ыраа көрүп, жогоруда сиздин ордуңузга өзүбүз саламды кошуп койдук!

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Зекет Исламда төмөнкү таризде аткарылат:

1 – Алтын жана күмүштүн (акчалардын) зекетин мамлекеттеги зекет менен алектенген кишиге берүү жаиз. Мамлекет аны өз акылууларына жеткирет. О.э. зекет берүүчүнүн өзү да аны акылууларга бериши жаиз. Акылуулар ушул аят каримада айтылган сегиз тайпадан турат:

﴿إِنَّمَا الصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَالْمَسَاكِينِ وَالْعَامِلِينَ عَلَيْهَا وَالْمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمْ وَفِي الرِّقَابِ وَالْغَارِمِينَ وَفِي سَبِيلِ اللَّهِ وَابْنِ السَّبِيلِ فَرِيضَةً مِنَ اللَّهِ وَاللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ﴾

***«Албетте, садакалар** (т.а. зекеттер) **Аллах тарабынан фарз кылынган, ал жалаң гана факирлерге, мискиндерге, садака чогултуучуларга, көңүлдөрү** (Исламга) **дос-үлпөт кылынуучу кишилерге, моюндарды** (кулдарды) **азат кылууга, карыздар кишилерге жана Аллах жолунда** (т.а. жихадга же хажга бара жаткандарга) **жана жол жүргөн мусафырларга берилет. Аллах билимдүү жана даанышман»*** [9:60]

2 – Мал-жандыктын, эгиндин, мөмөлөрдүн зекети мамлекеттеги зекет менен алектенген кишиге берилет. Мамлекет аны акылууларына жеткирет. Бул түрдөгү нерселердин зекети мамлекет аркылуу эмес, зекет берүүчү аркылуу берилиши жаиз эмес.

3 – Бирок, булардын баары Ислам мамлекети бар болгон убакта болот. Аллах Таала Ислам Үммөтүн жарык күндөргө жеткирип, рошид Халифалыкты тикелөө менен нусрат берсе, мына ошондо мал-жандыктын, эгиндин, мөмөлөрдүн зекетин адамдар аркылуу эмес, мамлекет аркылуу берүү важиб болот. Алтын жана күмүштүн (акчадан), сооданын зекетин мамлекет жардамында да, түздөн-түз зекет ээси аркылуу да берүү мүмкүн.

4 – Бүгүн шаръий өкүмдөрдү колдонгон Халифалык мамлекети жок. Мындай убакта адамдар өз мүлктөрүнүн зекетин, мал-жандан болобу, эгин продукциялары болобу, соода мүлктөрү болобу, алтын жана күмүш малдары болобу, алардан алынган зекеттерди түздөн-түз адамдар өзүлөрү акылууларга берүүлөрү жаиз. Мында шаръий өкүмдөргө ылайык жана бул тууралында анык ишеним менен аткаруулары лазым, Аллах тавфик берсин.

«Ислам мамлекетиндеги малия» китебинде зекетти халифага берүү бабында мындай деп келген: «Зекет эмнеден болушуна карабастан, ал халифага, же халифа дайындаган валийге, же халифа дайындаган зекет жыюучуларга берилет. Аллах Таала айтат:

﴿خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ وَتُزَكِّيهِم بِهَا وَصَلِّ عَلَيْهِمْ إِنَّ صَلاَتَكَ سَكَنٌ لَّهُمْ﴾

***«****(Эй Мухаммад)****, сен алардын малдарынан бир бөлүгүн өздөрүн аруулап-тазалай турган садака катары алгын да алардын акыларына дуа кыл. Албетте, сенин дубаң алар үчүн бейпилдик болот»***

[9:103]

Аллах бул аятта Расулуна мал ээлеринен садака алууну буюрду. Расулуллах A жүзүм жана курманы чамалоо үчүн чамалоочуларды дайындаганы сыяктуу эле мал ээлеринен садака алуу үчүн садакага валий, аким жана садака жыюучуларды дайындаган. Адамдар Расулуллах A заманында зекетти Расулуллахка жана ал дайындаган валийге, аким жана садака жыюучуларга берген».

Алтын-күмүштүн т.а. акчанын зекетин адам өзү таратышы жана өз ордуна бериши жаиз экенине сахабалар жана табеиндерден риваяттар келген. Абу Убайда риваят кылат, Кайсан Умарга эки жүз дирхам зекет алып келип: «Эй момундар амири, бул малымдын зекети», деди. Умар ага: «Муну өзүң алып барып тарат», деди. Дагы Абу Абуйда Ибн Аббастын мындай дегенин риваят кылат: «Эгер зекетти өз орундарына берсеңер силер бул орундардагы кимдир бирөөнү муктаж деп эсептесебесеңер да зыяны жок».

Ибрахим менен Хасандын «Зекетти өз ордуна бергиле жана жашыргыла» дегени риваят кылынат. Бул алтын-күмүш т.а. акчанын зекети жөнүндө болду. Ал эми, мал-жандык, эгин жана мөмөлөргө келсек, булар албетте халифага же анын жардамчысына берилиши лазым. Мисалы, Абу Бакр Г зекетти бербегендерге каршы согушту, алар өз валийлерге жана валийлер жиберген адамдарга зекетти төлөөдөн баш тартышты. Ошондо Абу Бакр мындай деди: «Аллахка ант болсун, эгер мени Расулуллах Aга берип келишкен бир эле эчкинин улагынан тыйышканда, бул туурпасында албетте аларга каршы согушмакмын».

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **22-рамазан, 1438-х.**

**17-июнь, 2017-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Абу Хисамдын Исламий мамлекетте кайры мусулмандар ортосундагы казылык туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух... Набий A өз диндеринде калышына көнгөн Яман кафирлеринен араб мушриктерин истисна кылгандыгы маселесин айкындаштырып беришиңизди суранамын. Араб мушриктери туурасындагы бул истисна кылууну Ислам мамлекети китебинин 7-басылышынын 144-бетинде келген: «Акыркы эки топ өз этикаддарында жана ибадат кылып жаткан нерселеринде калтырылат», - деген умумду чектөө деп эсептейбизби? Бул эки тайпа: ахли китеп жана мушриктерби? Бул истисна кылуу конституция долбоорунун 27-беренесинин

(б) бөлүмүндө келген нерсени чектөө болуп да эсептелеби? (Же бул истисна кылуу мына ошол муунга гана хоспу? Ислам мамлекети китебинин 7-басылышынын 144-бетинде келген нерсе боюнча дагы бир суроону да кошумчалай кетмекчимин: «Мамлекет аларга өздөрүнөн болгон бир казыны дайындап берет, ал болсо алардын келишпестиктерин мамлекеттик мекемелерде көрүп чыгат». Ушул китептин 146-бетинде (д) бөлүмүндө төмөнкүлөр да келген: «... хос мекемелерде эмес, мамлекеттик мекемелерде алардын өздөрүнөн казылар болот». Мына ошол казылар ишинин табиятын жана алардын абалын ачыктап беришиңизди суранамын. Мен сизге суроо берүүдөн мурда Мукаддиматуд дастурда издеп таба албадым. (Т.а. мамлекеттик мекеме тарабынан Ислам менен өкүм кылуу жана башкасына Исламдан тышкаркы нерсе менен өкүм кылуу жаиз болобу?). Сиди калыс сыйлап каламын. Боордошуңуз Абу Билал.

**Жооп:**

Ва айлайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Сиздин сурооңуз Ислам мамлекети китебинин 146-бетиндеги төмөнкү текст жөнүндө экен:

«... бул мусулмандарга карата ушундай, ал эми исламий акыйдадан башка акыйдага этикад кылуучуларга келсек алар төмөнкүлөр:

4 – Мушриктер. Буларга: бутпарастар, сабиийлер, мажусийлер, индустар жана ахли китеп болбогондор кирет.

Акыркы эки топ өз этикаддары жана ибадаттарында калтырылат. Алар нике жана талак иштеринде өздөрүнүн диндеринин талаптарына моюн сунушат. Мамлекет алар үчүн өздөрүнөн казы дайындайт. Бул казы жогорудагы иштерде жүзөгө келген келишпөөчүлүктөрдү мамлекеттик сот мекемелеринде көрүп чыгат. Ал эми, тамак-аш жана кийим-кечелер туурасында аларга жалпы түзүм алкагында (т.а. Ислам шарияты уруксат берген алкакта) өз диндеринин өкүмдөрүнө ылайык мамиле кылынат. Ахли китеп болбогондорго да ахли китептер сыяктуу мамиле кылынат. Расулулла A мажусийлер туурасында: «**Аларга да ахли китептердей мамиле кылгыла**», - деген.

Ал эми, мамилелер жана жаза-чаралар мусулмандарга кандай болсо, кайрымусулмандарга да ошондой колдонулат. Ошондуктан, жаза чаралары кайрымусулмандарга да мусулмандарга аткарылгандай эле аткарылат. Кайрымусулмандардын мамилелери да мусулмандардын мамилелери ишке ашуусу жана бузулушундай эле, бирдей көрүнүштө ишке ашат жана бузулат. Мында бир адамды башкасынан эч кандай ажыратуу же кемсинтүү болбойт...».

Ушул китептин 147-бетинде төмөнкүлөр келген:

«Жыйынтык ушул, Исламий мамлекет өзүнүн ички саясатында өз жарандарына – алардын мусулман же кайрымусулман экендиктерине карабастан – Исламий шариятты колдонот. Анын аткарылышы төмөнкүдөй болот:

г) Кайрымусулмандар ортосунда нике жана талак иштери өздөрүнөн дайындалган казылар тарабынан өзүнчө мекемелерде эмес, мамлекеттик мекемелерде ажырым кылынат. Бул иштер алар менен мусулмандар ортосунда болсо, мусулман казылар тарабынан Ислам өкүмдөрүнө ылайык ажырым кылынат...».

Жетинчи берененин (б) бөлүмүндө да төмөнкүлөр келген:

«7-берене: Мамлекет – мусулман же кайрымусулман болсун – исламий жарандыкка ээ болгон бардык адамдарга Ислам шариятын төмөнкүдөй көрүнүштө колдонот:

б) Кайрымусулмандар өз этикаддарында жана ибадаттарында умумий түзүм алкагында калтырылат».

Биринчи суроонуздун жообу:

Мында мушриктер деп айтылганда араб мушриктери назарда тутулбайт, тескерисинче, алар Африкадагы кээ бир уруулар сыяктуу араб болбогон бутпарасттар. Алар өз диндерин таштоого мажбурланышпайт. Аларга мамлекет ахли китепке кылына тургандай мамиле кылат, болгону алар сойгон жаныбарлардын эти желбейт жана аялдарына үйлөнүлбөйт... Ал эми бут-санамдарга сыйына турган араб мушриктери туурасындагы шаръий өкүм – бул Ислам же өлүмдүн бирин тандоо. Бул кылымда алардан бирөө да калбаган, алар сахабалар – алардан Аллах ыраазы болсун – доорунда жок болуп бүтүшкөн. Ошол кылымда алардан ким Исламга кирбеген болсо аны мусулмандар өлтүрүшкөн. Биз аларга тиешелүү өкүмдөрдү Исламий шахсия китебинин экинчи бөлүмүндө төмөнкүдөй баян кылганбыз:

«Ал эми араб мушриктеринен сулх жана зимма талабы кабыл алынбайт. Тескерисинче, алар Исламга даъват кылынат. Исламга киришсе абалдарына коюлат, болбосо аларга каршы согуш кылынат. Аллах Таала айтат:

{ سَتُدۡعَوۡنَ إِلَىٰ قَوۡمٍ أُوْلِي بَأۡسٖ شَدِيدٖ تُقَٰتِلُونَهُمۡ أَوۡ يُسۡلِمُونَۖ }

**«*Жакында силер куч-кубат ээлери болгон бир коум*** *(менен согушууга)* ***чакырыласыңар.*** *(Ошондо же)* ***алар менен согушасыңар, же алар Исламга киришет*»**

[48:16]

Т.а. Исламга кирмейинче согушасыңар. Бул аят Расулуллах A согушкан араб бутпарастары жөнүндө түшүрүлдү. Бул аят араб мушриктери Исламга киришпесе, аларга каршы согушуу керектигине далил болду. Хасандан риваят кылат:

«أَمَرَ رَسُولُ اللَّهِ A أَنْ يُقَاتَلَ الْعَرَبُ عَلَى الإِسْلاَمِ، وَلاَ يُقْبَلَ مِنْهُمْ غَيْرُهُ، وَأَمَرَ أَنْ يُقَاتَلَ أَهْلُ الْكِتَابِ حَتَّى يُعْطُوا الْجِزْيَةَ عَنْ يَدٍ وَهُمْ صَاغِرُونَ»

**«Расулуллах A Исламга киришпесе арабдарга каршы согушууга, алардан мындан башкасын кабыл албоого буйруду. Пайгамбарыбыз ахли китепке каршы тээ алар кордолгон абалда өз колдору менен жизя беришкенге чейин согушууга буйруду»**. Абу Убайд айтат: Хасан бул орунда арабдар дегенде ахли китеп болбогон бутпарастарды назарда тутканын көрөбүз. Ал эми ахли китеп болгондорунан Расулуллах A жизяны кабыл алган. Бул бир нече хадистерде баян кылынган. Набий Aдын бутка сыйынуучу арабдардын биринен да жизя алганы сабит болбогон. Пайгамбарыбыз A «Фатх» аяты жана «Тообо» сүрөсү түшүрүлгөндөн кийин, алардан Исламга кирүүдөн, болбосо аларга каршы согушуудан башкасын кабыл албады. Пайгамбарыбыз Aдын Яман жана Нажрон калкы сыяктуу арабдардан жизя алганы туурасындагы риваятка келсек, Пайгамбарыбыз A жизяны ахли китеп болгон насроний жана яхудийлерден алган, буттарга сыйынуучу арабдардан албаган».

Экинчи суроонуздун жообу:

«... Мамлекет аларга өздөрүнөн болгон бир казыны дайындап берет, ал болсо алардын келишпестиктерин мамлекеттик мекемелерде көрүп чыгат...» жана «кайрымусулмандар ортосунда нике, талак иштери алардын диндери боюнча өздөрүнөн болгон казылар тарабынан хос мекемелерде эмес, мамлекеттик мекемелерде ажырым кылынат...» деген тексттерге келсек, мындан "мусулмандар казылары алардын ортосунда алардын шарияттары боюнча өкүм чыгарышат" деген маани чыкпайт. "Алардын ортосунда өкүм өздөрүнөн болгон т.а. кайрымусулмандардан болгон

казылар тарабынан чыгарылат. Бирок, мына ошол казылар үчүн өзүнчө атайын мекемелер болбойт, тескерисинче, аларга мамлекеттик мекемелердин имаратында казылык бөлмөлөрү бөлүнүп берилет жана алар идарий жактан мамлекеттик мекемелерге моюн сунушат" - деген маани назарда тутулган. Казыларды дайындоо алардын өздөрүнө таштап коюлбайт, тескерисинче бул мамлекет тарабынан тартиптештирүү менен болот. Ошондуктан, мамлекет аларга өздөрүнөн болгон казыларды дайындап берет, бул казылар алардын ортосунда нике, талак иштери боюнча жана ушуга тиешелүү нерселер боюнча өкүм чыгарышат. Бул нерсе "мамлекеттик мекемелер эки түрдүү өкүм т.а. Исламий өкүм жана кайрыисламий өкүм чыгарат" деген маанини түшүндүрбөйт, тескерисинче, мамлекеттик мекемелер Ислам менен гана өкүм чыгарышат. Бирок, бул мекемелерде идарий жактан ушул мекемелерге моюн суна турган өз алдынча бөлмөлөр ажыратып берилет. Бул бөлмөлөрдө мусулман болбогон казылар кайрымусулмандар ортосунда нике, талак жана ушуларга тиешелүү иштер боюнча жүз берген келишпөөчүлүктөр боюнча өздөрүнүн диндери жана шарияттарына ылайык өкүм чыгарышат, анткени, Шарият муну макулдаган.

**Боордошуңуз Ато ибн** — **16-жумадус-саний, 1436-х.**

**Халил Абу Рошта** — **5-апрель, 2015-м.**

**بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم**

*Суроо-жооб*

## Зулхижжанын баштапкы күнүндөгү орозо

*Суроо:*

Ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баракатуху, урматтуу аалым Халил Ата бин Абу Рушта Аллах сизди Өз коргоосуна алсын.

Менде зулхижжанын алгачкы он күнүндөгү орозого байланыштуу суроо бар. Бул соолих амалдарга байланыштуу мустахаб болуп саналабы? Же ал Пайгамбар Адан далил келбеген бидад амалы болуп саналабы? Мен бул жаата келген хадистерди окуп чыктым жана алардын ортосунда карама-каршылыктар бардай. Ошондуктан, бул хадистердин ортолорун жамдаса болобу? Бул тууралуу ачыктап берсеңиз, Аллах ыраазы болсун. (Рошиид Разий).

*Жооб:*

Алайкуму салам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Зулхижжанын абалкы тогуз күнү, айрыкча тогузунчу күн арафа тууралуу хадистер келген. Ошондой эле, зулхижжанын абалкы он күнүндө орозо тутуу абзел соолих амал экендигин билдирген хадистер келген. Ошондой эле, момундардын энеси Аиша Iдан Пайгамбар Адын зулхижжанын бул күндөрүндө орозо тутканын көрбөгөндүгү тууралуу хадис келген...

Ошондуктан, бул хадистерге назар салабыз жана алардын ортосун жамдоого да токтолбуз, ин шаа Аллах.

Биринчиден, зулхижжанын баштапкы он күнүндөгү орозо тууралуу келген хадистерге токтолобуз:

Зулхижжанын алгачкы тогуз күнүндө, айрыкча тогузунчу күн арафа күнүндө орозо тутуу тууралуу келген хадистер.

1. أخرج مسلم في صحيحه عَنْ أَبِي قَتَادَةَ قال: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صلى الله عليه وسلم «ثَلَاثٌ مِنْ كُلِّ شَهْرٍ وَرَمَضَانُ إِلَى رَمَضَانَ فَهَذَا صِيَامُ الدَّهْرِ كُلِّهِ، صِيَامُ يَوْمِ عَرَفَةَ أَحْتَسِبُ عَلَى اللَّهِ أَنْ يُكَفِّرَ السَّنَةَ الَّتِي قَبْلَهُ وَالسَّنَةَ الَّتِي بَعْدَهُ، وَصِيَامُ يَوْمِ عَاشُورَاءَ أَحْتَسِبُ عَلَى اللَّهِ أَنْ يُكَفِّرَ السَّنَةَ الَّتِي قَبْلَهُ»

- Аби Кутада айтты: Пайгамбар А айтты: «**Ар бир айдын үч күнү** (тутулган орозо) **жана ар бир рамазанда** (шаввалдын алты күнү менен бирге тутулган орозо) **бүтүндөй доордун** (бир жылдын) **орозосуна барабар. Арафа күнү тутулган орозодо Аллах бир жыл мурунку жана бир**

**жыл кийинки күнөөлөрдү кечирет деп** (үмүт кылам)**. Ашура күнүндөгү орозодо Аллах бир жыл мурунку күнөөлөрдү кечирет деп** (үмүт кылам)». (Муслим риваяты, сахих).

- «وأخرج مسلم في صحيحه عن أَبِي قَتَادَةَ الْأَنْصَارِيِّ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قال: وَسُئِلَ رسول الله صلى الله عليه وسلم عَنْ صَوْمِ يَوْمِ عَرَفَةَ فَقَالَ: «يُكَفِّرُ السَّنَةَ الْمَاضِيَةَ وَالْبَاقِيَةَ»».

- Аби Кутаада ансорий Гдан айты: Пайгамбар Адан арафа күнүндөгү орозо тууралуу суралганда айтты: «**Бир жыл мурунку жана кийинки күнөөлөр кечирилет**». (Муслим риваяты, сахих).

- «أخرج أحمد في مسنده عَنْ هُنَيْدَةَ بْنِ خَالِدٍ عَنِ امْرَأَتِهِ عَنْ بَعْضِ أَزْوَاجِ النَّبِيِّ صلى الله عليه وسلم قَالَتْ: «كَانَ رَسُولُ اللَّهِ صلى الله عليه وسلم يَصُومُ تِسْعَ ذِي الْحِجَّةِ» وأخرجه البيهقي في شعب الإيمان، وأخرجه أبو داود في سننه. Хунайдата бин Хоолид өз аялынан, ал Пайгамбар Адын кээ бир жубайларынын айтканын айтты: «**Пайгамбар А зулхижжанын алгачкы тогуз күнүндө орозо туткан**». (Ахмад муснадында, Байхакий Шагб «Ыйман», Абу Дауд «Сунан» китебинде риваят кылышкан).

2. Зулхижжанын он күнүндөгү соолих амал тууралуу:

«أخرج البخاري في صحيحه عن سعيد بن جبير عن ابن عباس عن النبي صلى الله عليه وسلم أنه قال: «ما العمل في أيام أفضل منها في هذه، قالوا: ولا الجهاد؟ قال: ولا الجهاد إلا رجل خرج يخاطر بنفسه وماله فلم يرجع بشيء»»

Саид бин Жубайр Г Ибн Аббастан Гдан, ал Пайгамбар Адан айтты: «**Бул күндөрдөгү амалдан эч бир амал абзел эмес**». Айтышты: «Жихад дагыбы?». «***Жихад*** **дагы эмес. Бир гана Аллах жолунда өз өмүрүн жана малын тобокелке салып чыгып кайра эч нерсеси менен кайтып келбеген адамдын** (амалы гана мындан жогору болот)». (Бухари риваяты, сахих).

«أخرج البيهقي في السنن الكبرى عن سعيد بن جبير عن ابن عباس عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «ما العمل في أيام أفضل منه في عشر ذي الحجة. قالوا: يا رسول الله، ولا الجهاد في سبيل الله؟ قال: ولا الجهاد في سبيل الله إلا رجل خرج بنفسه وماله في سبيل الله ثم لا يرجع من ذلك بشيء»». وأخرجه ابن حبان في صحيحه.

Саид бин Жубайр Г Ибн Аббастан Гдан, ал Пайгамбар Адан айтты: «**Бул күндөрдөгү амалдан эч бир амал абзел эмес**». Айтышты: «Аллах жолундагы жихад дагыбы?». «**Аллах жолундагы жихад дагы эмес. Бир гана Аллах жолунда өз өмүрүн жана малын тобокелке салып чыгып кайра эч нерсеси менен кайтып келбеген адамдын** (амалы гана мындан жогору болот)». (Байхаки «Сунан кубро» китебинде, Ибн Хибан «Сахихинде» риваят кылган).

3. Момундардын энеси Аиша Iдан риваят кылынган хадис:

أخرج مسلم في صحيحه حَدَّثَنَا أَبُو بَكْرِ بْنُ أَبِي شَيْبَةَ، وَأَبُو كُرَيْبٍ وَإِسْحَاقُ - قَالَ إِسْحَاقُ: أَخْبَرَنَا، وَقَالَ الْآخَرَانِ: - حَدَّثَنَا أَبُو مُعَاوِيَةَ، عَنِ الْأَعْمَشِ، عَنْ إِبْرَاهِيمَ، عَنِ الْأَسْوَدِ، عَنْ عَائِشَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهَا، قَالَتْ: «مَا رَأَيْتُ رَسُولَ اللهِ صلى الله عليه وسلم صَائِماً فِي الْعَشْرِ قَطُّ»

Абу Бакр бин аби Шайбата жана Абу Курайб жана Исхак бизге айтты: Исхак айтты: бизге айтты: экөө Абу Муавия Аъмаштан, Иброхимден жана Асвадан бизге айтты: Аиша Iайтты: «**Пайгамбар Адын зулхижжанын он күндүгүндө эч бир орозо тутканын көргөн жокмун**». (Муслим риваяты, сахих).

Экинчинден, далилдердин ортосун жамдоо:

Биринчи хадистерде Пайгамбар Адын зулхижжаанын алгачкы он күндүгүндө, айрыкча арафа күнүндө орозо тутканы тууралуу келди.

Экинчи хадистерде зулхижжанын абалкы он күндүгүндө соолих амалдардын абзелдиги тууралуу келди.

Момундардын энеси Аиша Iдан айтылган хадисте Пайгамбар А зулхижжанын баштапкы он күндүгүндө эч кандай орозо туткандыгын көрбөгөндүгү тууралуу айтылды.

Маалым болгондой, «Шахсия» китебинин үчүнчү бөлүгүндөгү теңдөө жана басымдуу кылуу бабынын жетинчи пунктунда мындай делген:

«Жетинчиден: тастыктоочу далил жокко чыгаруучу далилге караганда басымдуу кылынат. Эгер, тастыктоочу далил жана жокко чыгаруучу далилге бетме-бет болуп калса, илим көбөйүшүнө салым кошкондугу үчүн тастыктоочу далил басымдуу болуп саналат. Мисалы: Билал Гнун Пайгамбар Адын Байтул Харамга кирип, намаз окугандыгы тууралуу айткан хадиси Усама Гнун Пайгамбар Адын Байтул Харамга кирип, бирок, намаз окуган жок деген хадисине караганда басымдуу болуп эсептелет. Ошондуктан, Билал Гнун хадиси басымдуу болот».

Ушул себептен улам, тастыктоочу далил жокко чыгаруучу далилге караганда басымдуу болуп саналат. Башкача айтканда, Пайгамбар Адын зулхижжанын абалкы тогуз күнүндө, айрыкча арафа күнүндө орозо туткандыгы тууралуу келген хадистер момундардын энеси Аиша I айткан хадиске караганда басымдуу болуп эсептелинет. Тактап айтканда, зулхижжанын абалкы тогуз күнүндө, айрыкча арафа күнүндө орозо тутуу бидад эмес, балким сообу үлкөн амалдардан. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

Ушул жетиштүү деп ойлойм.

**Боордошуңар Ата бин Халил Абу Рушта** **29-зул-каада, 1440-х.**

**28-июль, 2019-ж.**

# بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

# Аялы бар зынакердин Исламдагы жазасы

*Суроо:*

Ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баракаатуху, урматтуу шейх. Мен суроо сурайын дедим эле, ага жооп бересиз деп үмүттөнөм.

Аялы бар зынакер адамды өлүм жазасына тартуу Ислам фикхинде шарттуу түрдөбү? Кээ бир уламалар, мисалы, шейх Абу Захра шарттуу хад катары эсептебейт. Бул пикирди шейх Мустафа Зарка да колдойт, ал муну таъзиир (эскертүү) берүү өкүмдөрүнө киргизет. Бул маселеде сиздин көз карашыңыз кандай?

Суроомо жооб бергениңиз үчүн Аллах ыраазы болсун.

Мухаммад Амин.

*Жооб:*

Алайкума асслам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Сен, аялы бар зынакердин Ислам фикхиндеги жазасы катийби, же ал хаддардын катарына киреби, же хадка кирбестен, таъзиир өкүмдөрүнө киреби, деп азыркы учурдагы кээ бир уламалар айтып жаткан нерсени сурап жатасың.

Анын жообу төмөнкүдөй:

1. Аялы бар зынакердин жазасы – өлгөнгө чейин таш бараңга алуу. Ал шарий өкүмдөр бабына кирет. Ал акыйда бабына кирбейт. Анын өкүмү башка шарий өкүмдөр сыяктуу эле анын далили катий болушу шарт кылынбайт, балким усулу фикхте маалым болгондой зонндун (күмөндүн) үстөмүрөөк тарабы алынышы жетиштүү болот. Ошондуктан, буга карата өкүмдүн далили катий же катий эмес болушуна этибар берилбейт. Балким, маанилүү нерсе бул нерсеге карата шариятта далил барбы ошого каралат. Шарият бул маселеге карата аялы бар зынакердин жазасы өлгөнгө чейин таш бараңга алуу экенин баяндаган, эч бир шек-күмөндү калтырбай турган сахих далилдер келген. Аны төмөндө айтып өтөбүз:

2. Азыркы учурдагы кээ бир аалымдар шарий далилдерди алууда туура жолду карманбай жатышканы көзгө урунууда. Анткени, алар шарий өкүмдөрдү алуу учурунда өкүмдөрдү дүйнөгө Батыш цивилизациясы таңуулап жаткан эл аралык мыйзамдарга жана адам укуктары жоболоруна дал келтирүү аркылуу алууга умтулуп жаткандыктары болуп жатат. Бул туура эмес жол. Анткени, талаб кылынып жаткан нерсе дүйнөгө таасир кылып жаткан эл аралык мыйзам же гумандуулук өкүмдөрүнө ылайыкташтыруу эмес, балким Аллахтын өкүмүн алуу болуп саналат. Шарий өкүм кандай келсе, ошондой алуу, аны ишке ашыруу жана бүткүл дүйнөнү шарий өкүмдү алууга чакыруу ваажиб. Анткени, бул өкүм баардык адамзат үчүн туура өкүм, себеби ал адамзаттын жаратуучусу тарабынан түшкөн өкүм. Аллах айтат:

﴿أَلا يَعْلَمُ مَنْ خَلَقَ وَهُوَ اللَّطِيفُ الْخَبِيرُ﴾

***«Жараткан зат** (Өзү жоктон бар кылган нерселерди) **билбейби?! Ал – мээримдүү жана кабардар зат»*** [67:14]

Табарак дагы айтат:

﴿أَلاَ لَهُ الْخَلْقُ وَالأَمْرُ﴾

***«Байкагыла, жаратуу жана буйруу Ага гана таандык»*** [7:54]

Ошондуктан, Батыш цивилизациясына шайкеш келтирип шарий өкүмдү алууга умтулуп жаткандардын сөздөрү этибарга алынбайт. Алар вакыйдын кысымы астында же кафирлерди ыраазы кылуу жаатында мындай кадамдарга барып жаткандыктарынын айырмасы жок, алардын сөзү этибарга алынбайт...

3. Үйлөнгөн зына кылуучунун жазасы – өлгөнгө чейин таш бараңга алуу. Бойдок зына кылуучунун жазасы жүз дарра уруу, бул Исламда хаддар бабына кирет. Зына хаддынын өкүмдөрү

«Жазалар түзүмү» китебинде майда баратына чейин баяндалган. Ошол китептен «Зына хады» бабында келген айрым нерселерди көрсөтүп өтөбүз:

«Айрымдар «зынакер аял жана зынакер эркектин хады – турмуш курган же бойдок болушуна карабастан – жүз дарра» дешет. Бул сөздөрүнө Аллах Тааланын:

{الزَّانِيَةُ وَالزَّانِي فَاجْلِدُوا كُلَّ وَاحِدٍ مِنْهُمَا مِائَةَ جَلْدَةٍ وَلاَ تَأْخُذْكُمْ بِهِمَا رَأْفَةٌ فِي دِينِ اللهِ}

***«Зынакер аял жана зынакер эркек – алардын ар бирине жүз даррадан ургула. Эгер, силер Аллахка жана Акырет күнүнө ыйман келтирүүчү болсоңор, Аллахтын** (бул) **өкүмүндө силерди аларга карата ырайым кылуу** (сезими) **кармабасын!»*** [24:2]

- деген аятын далил кылып: «Катъий жана ишеничтүү жол менен келген аятты жалгандыгынын ыктымалы болгон ахад жолу менен келген кабар үчүн тарк кылуу (таштоо) жайыз эмес. Себеби, бул иш Куранды сүннөт менен насх кылууга алып барат, негизи, мындай кылуу мүмкүн эмес» дешет. Сахабалар, табииндер жана алардан кийинки бардык кылымдардагы уламалардан түзүлгөн ахли илимдин аммасы болсо: «Бойдок зынакерге жүз дарра урулат, сакталган (турмуш курган) зынакер болсо өлгөнгө чейин ташбараң кылынат» дешет. Буга Пайгамбар ρ:

«رَجَّمَ مَاعِزًا»

**«Маизди ташбараң кылдырды»** деген кабарды жана Жабир ибн Абдулладан риваят кылынган:

«أَنَّ رَجُلاً زَنَى بِامْرَأَةٍ فَأَمَرَ بِهِ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَجُلِدَ ثُمَّ أُخْبِرَ أَنَّهُ مُحْصَنٌ فَأَمَرَ بِهِ فَرُجِمَ»

**«Бир киши бир аял менен зына кылды. Пайгамбар ρ ага дарра урууну буйруду. Кийин анын турмуш кургандыгынын кабары келгенде, аны ташбараң кылууга буюрду»**, - деген кабарды далил кылат.

Далилдерге назар таштаган адам көрөт, Аллах Тааланын:

{الزَّانِيَةُ وَالزَّانِي فَاجْلِدُوا كُلَّ وَاحِدٍ مِنْهُمَا مِائَةَ جَلْدَةٍ}

***«Зынакер аял жана зынакер эркек – алардын ар бирине жүз даррадан ургула»*** [24:2]

- деген аяты умумий мааниде келип жатат. Себеби, зынакер аял жана зынакер эркек сөздөрү умумийликти түшүндүргөн сөздөр болуп, турмуш курганга да, бойдокко да тиешелүү. Пайгамбар ρдын:

«وَيَا أُنَيْسُ اغْدُ عَلَى امْرَأَةِ هَذَا فَسَلْهَا, فَإِنِ اعْتَرَفَتْ فَارْجُمْهَا, فَاعْتَرَفَتْ فَرَجَمَهَا»

**«Эй Унайс, тигил аялдын алдына бар, эгер мойнуна алса, аны ташбараң кыл»** деген хадиси, Маиздин үйлөнгөн адам экенин сурап билгенден кийин аны ташбараң кылдырганы, Гадимияны ташбараң кылдырганы жана башка сахих хадистер ушул аятты хастап келип жатат. Т.а. андан сакталганды истисна кылып жатат. Демек, хадистер Куранды насх кылып эмес, хастап келип жатат. Куранды сүннөт менен хастоо болсо жайыз. Көптөгөн умумий мааниде келген аяттарды хадистер хастап келген.

Шаръий далилдер т.а. Китеп жана сүннөт далалат кылып жаткан шаръий өкүм – бойдок зынакерди Аллахтын Китебине амал кылып жүз дарра уруу, Пайгамбар ρдын сүннөтүнө амал кылып, бир жылга сүргүн кылуу. Бирок, сүргүн кылуу важып эмес, жайыз. Аны кылуу же кылбоо башчынын эркинде, каалаexistence, дарралайт дагы, сүргүн да кылат, кааласа, сүргүн кылбастан, дарралап гана коёт. Бирок, дарралабастан, сүргүн гана кылышы мүмкүн эмес. Себеби, анын жазасы дарралануу. Турмуш кургандын жазасы болсо, Аллахтын Китебин хастап келген Пайгамбар ρдын сүннөтүнө ылайык, өлгөнгө чейин ташбараң кылуу. Турмуш курганды дарралоо да, ташбараң кылуу да жайыз. Алгач дарраланат, кийин ташбараң кылынат. Дарраланбастан, ташбараң кылынышы да мүмкүн. Бирок, ташбараң кылбастан, болгону дарраланышы дурус эмес. Себеби, ага важиб болгон жаза – ташбараң кылуу.

... Турмуш кургандын жазасын баян кылган хадистер, далилдер көп. Абу Хурайра жана Зайд ибн Халидден риваят кылынат:

«إِنَّ رَجُلًا مِنَ الْأَعْرَابِ أَتَى رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ أَنْشُدُكَ اللهَ إِلاَّ قَضَيْتَ لِي بِكِتَابِ اللهِ, فَقَالَ: الْخَصْمُ الْآخَرُ وَهُوَ أَفْقَهُ مِنْهُ, نَعَمْ, فَاقْضِ بَيْنَنَا بِكِتَابِ اللهِ وَأْذَنْ لِي, فَقَالَ: رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قُلْ, قَالَ: إِنَّ ابْنِي كَانَ عَسِيفًا عَلَى هَذَا فَزَنَى بِامْرَأَتِهِ, وَإِنِّي أُخْبِرْتُ أَنَّ عَلَى ابْنِي الرَّجْمَ, فَافْتَدَيْتُ مِنْهُ بِمِائَةِ شَاةٍ وَوَلِيدَةٍ, فَسَأَلْتُ أَهْلَ الْعِلْمِ فَأَخْبَرُونِي أَنَّمَا عَلَى ابْنِي جَلْدُ مِائَةٍ وَتَغْرِيبُ عَامٍ, وَأَنَّ عَلَى امْرَأَةِ هَذَا الرَّجْمَ, فَقَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ

وَسَلَّمَ: وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَأَقْضِيَنَّ بَيْنَكُمَا بِكِتَابِ اللهِ, الْوَلِيدَةُ وَالْغَنَمُ رَدٌّ وَعَلَى ابْنِكَ جَلْدُ مِائَةٍ وَتَغْرِيبُ عَامٍ, وَاغْدُ يَا أُنَيْسُ إِلَى امْرَأَةِ هَذَا فَإِنِ اعْتَرَفَتْ فَارْجُمْهَا, قَالَ: فَغَدَا عَلَيْهَا فَاعْتَرَفَتْ فَأَمَرَ بِهَا رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَرُجِمَتْ»

**«Бир аърабий Пайгамбар ρдын алдына келип: «Эй Аллахтын Пайгамбары, сизден Аллахтын наамына ант ичип сураймын, мага Аллахтын Китеби менен өкүм кылыңыз», - деди. Ага караганда билимдүүрөөк болгон тиги атаандаш дагы: «Ооба, биздин ортобузда Аллахтын Китеби менен өкүм чыгарып бериңиз жана мага (сүйлөөгө) уруксат бериңиз», - деди. Пайгамбар ρ «Сүйлө» деди. Ал: «Уулум мунун ижарачысы эле, аялы менен зына кылыптыр, уулумду ташбараң кылышат экен деп угуп, ага жүз кой жана бир күң таван төлөдүм, кийин ахли илимден сурасам, уулума жүз дарра урулуп, бир жылга сүргүн кылынат экен, мунун аялы болсо ташбараң кылынат экен», - деди. Ошондо Пайгамбар ρ: «Жаным Анын колунда болгон Затка ант болсун, силердин ортоңордо Аллахтын Китеби менен өкүм чыгарамын – күң жана койлор кайтарылат, уулуңа жүз дарра жана бир жыл сүргүн белгиленет», - деди. Кийин асламдык бир кишиге: «Эй Унайс, мунун аялына бар, мойнуна алса, аны ташбараң кыл», - деди. Унайс аялдын алдына барганда, ал мойнуна алды. Пайгамбар ρ аны ташбараң кылууга буюрду»**. Хадисте Пайгамбар ρ турмуш курганды дарра урбастан ташбараң кылууга буйруду. Шаъбийден риваят кылынат:

«أنَّ عَلِيًّا رَضِيَ اللهُ عَنْهُ حِينَ رَجَمَ الْمَرْأَةَ ضَرَبَهَا يَوْمَ الْخَمِيسِ, وَرَجَمَهَا يَوْمَ الْجُمْعَةِ, وَقَالَ: جَلَدْتُهَا بِكِتَابِ اللهِ وَرَجَمْتُهَا بِسُنَّةِ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ»

**«Али τ бир аялды ташбараң кылганда, бейшемби күнү дарралап, жума күнү ташбараң кылды, анан: «Аллахтын Китеби менен дарраладым о.э. Пайгамбар ρдын сүннөтү менен ташбараң кылдым», - деди»**. Убада ибн Самиттен риваят кылынган хадисте Пайгамбар ρ:

«خُذُوا عَنِّي, خُذُوا عَنِّي, قَدْ جَعَلَ اللهُ لَهُنَّ سَبِيلًا الْبِكْرُ بِالْبِكْرِ جَلْدُ مِائَةٍ وَنَفْيُ سَنَةٍ, وَالثَّيِّبُ بِالثَّيِّبِ جَلْدُ مِائَةٍ وَالرَّجْمُ»

**«Менден алгыла, менден алгыла, Аллах алар үчүн бир жол белгилеген. Бойдок бойдок менен болсо – жүз дарра жана бир жыл сүргүн, жубан үйлөнгөн менен болсо, жүз дарра жана ташбараң», - деди.** Пайгамбар ρ турмуш кургандын жазасы дарралоо жана ташбараң деди. Али τ турмуш курганды дарралады дагы, ташбараң да кылды. Жабир ибн Сумрадан кылынган риваятта Пайгамбар ρдын Маъиз ибн Маликти ташбараң кылдырганы айтылган, бирок, дарралаганы айтылбаган. Бухарийдеги Сулайман ибн Бурайданын риваятында да Пайгамбар ρ Гамидияны ташбараң кылдырганы айтылган, бирок, дарралаганы айтылбаган. Муслимде келишинче, Пайгамбар ρдын буйругу менен жухайналык бир аял өз көйнөгүнө байланып, кийин ташбараң кылынган. Дарраланганы туурасында эч нерсе айтылбаган. Бул далилдер турмуш курганды ташбараң кылганын жана дарралабаганын көрсөтүп турат. Ушуга ылайык:

«وَالثَّيِّبُ بِالثَّيِّبِ جَلْدُ مِائَةٍ وَالرَّجْمُ»

**«Жубан үйлөнгөн менен болсо, жүз дарра жана ташбараң»** хадиси ташбараң кылуунун важибдигине, дарра уруунун болсо жайыздыгына далалат кылат. Дарралоо халифанын райына сунуш кылынат. Хадистерди биргелештирип, турмуш кургандын хады дарралоо жана ташбараң болуп белгиленди. Пайгамбар ρ Маъизди дарралабаганы туурасындагы Сумранын хадиси Убада ибн Самит риваят кылган:

«وَالثَّيِّبُ بِالثَّيِّبِ جَلْدُ مِائَةٍ وَالرَّجْمُ»

**«Жубан үйлөнгөн менен болсо, жүз дарра жана ташбараң»** хадисти насх кылат делбейт. Себеби, Сумранын хадиси Убаданын хадисинен кийин келгени далилденбеген. Ошондой болгон соң, андагы дарралоонун айтылганы аны бекер кыла албайт, өкүмүн насх кыла албайт. Кайсы бир хадистин мурун же кийинкилиги далилденбесе, насх болбойт. Алардын бирин экинчисинен басымдуу кылуучу карина да жок. Кайсы бир хадисте кошумча келген болсо, ошол кошумча важиб эмес, жайыз деп этибар кылынат. Демек, ташбараң кылуу важиб. Кошумча т.а. дарралоо болсо жайыз болуп, имамдын өкүмүнө калтырылат». (Китептеги цитата бүттү).

Корутундулап айтканда, үйлөнгөн зына кылуучунун жазасы – өлгөнгө чейин ташбараңга алуу. Буга далил Пайгамбар Адан эки сахих хадис китепте айтылган сахих хадистер. Бул таъзир бабынан эмес, хаддар бабына кирген жазалардан болуп эсептелет.

Аллах билүүчү жана өкүмдар.

# Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ато ибн Халил Абу Роштанын «Фейсбук» тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору (фикхий)

## Ийад Дананын (Eyad Dana) шаръий иллет жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллох, шейх, шаръий иллетке тиешелүү ушул суроого жооп берсеңиз: иллет Шариънин пенделердин фиълдерине тиешелүү хитабынын кайсы жеринен орун алган? Иллет иктиза хитабына киреби, же вазъ, же тахйир хитабынабы? Иллет менен сабабдын айырмасы кандай?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Шаръий өкүмгө – Шариънин пенделердин фиълдерине тиешелүү иктиза, же тахйир, же вазъ менен кылган хитабы деп таърифберилген... Иктиза – талап. Ал фиълди (амалды) кылууну талап кылуу жана аны таштоону талап кылуудан турат. Ал жазим (катъий) талап кылуудан жана гайрижазим (катъий эмес) талап кылуудан турат. Фиълди кылууну жазим талап кылуу фиълдин фарз экенин билдирет. Фиълди гайрижазим талап кылуу болсо анын мандуб экенин түшүндүрөт. Фиълди таштоону жазим талап кылуу фиълдин харам экенин билдирсе, гайрижазим талап кылуу анын макрухтугун түшүндүрөт. Булар төрт өкүм, бешинчиси тахйир болуп, ал мубахтыкты билдирет. Бул беш өкүм – таклиф өкүмдөрү... Алардын тушунда вазъ өкүмдөрү турат: сабаб, шарт, маниъ, рухсат, азийма, сиххат, бутлан жана фасад.

Көрүп турганыңыздай, иллет шаръий өкүмдүн таърифине кирбейт. Ал таклифий шаръий өкүмгө да, вазъ өкүмгө да кирбейт... Анткени, иллет шаръий өкүмгө далил катары болот. Ошондуктан, ал тартип жагынан шаръий өкүмдөн мурун келет жана анын үстүнө шаръий өкүм курулат. Т.а. иллет фаръий өкүм эмес, ал – далил. Демек, иллет өкүмгө себеп болот. Сабаб болсо өкүмдүн жүзөгө келгенин билдирген белги гана. Анткени, өкүмдү важиб кылган нерсе – жазим амрда келген далил. Сабабдын далили – өкүмдүн жүзөгө келгенин билдирген белгини камтыган нерсе.

Дагы да тунук болушу үчүн ушуларды айтабыз:

Иллет – шаръий өкүмгө себеп болгон иш. Анткени, шаръий өкүм ушул иллет себептүү шаръий өкүм болот. Ошондуктан, иллет өкүмгө далил, ага белги жана аны билдирүүчү. Бирок, ошону менен бирге, ал өкүмгө себеп болгон иш. Анткени, ал ушундай бир иш, шаръий өкүм ал себептүү шаръий өкүм болот. Ошондуктан, ал маъкулун нас болду. Ошондуктан, эгер наста иллет болбосо, настын маъкулу болбойт, бул абалда настын мантуку жана мафхуму болот, ага башкасы таптакыр кошулбайт. Бирок, наста иллет бар болуп, анда (наста) өкүм бир муфхим васф (түшүнүктүү сыпат) менен байланып келсе, бул абалда настын мантуку, мафхуму жана маъкулу болот жана ага башкасы да кошулат. Демек, иллет бар болсо, наста башка түрлөр жана окуялардан турган башка бөлүктөр да бар болот. Нас аларды өз мантуку жана мафхуму менен эмес, кошулуу жолу менен өз ичине камтыйт. Анткени, мантук жана мафхум настагы иллет менен бирге келет. Иллет өкүмдүн далилинде келиши мүмкүн. Мында өкүмгө хитаб далалат кылат жана хитабдагы иллет далалат кылат. Буга Аллах Тааланын ушул сөзү мисал:

﴿مَّا أَفَاءَ اللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِ مِنْ أَهْلِ الْقُرَىٰ فَلِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِي الْقُرْبَىٰ وَالْيَتَامَىٰ وَالْمَسَاكِينِ وَابْنِ السَّبِيلِ كَيْ لَا يَكُونَ دُولَةً بَيْنَ الْأَغْنِيَاءِ مِنكُمْ﴾

***«Аллах айыл-шаарлардын** (кафир) **элинен өз пайгамбарына олжо кылып берген нерселер – тээ силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн – Аллахтыкы, пайгамбардыкы жана** (пайгамбардын) **тууган-уруктары, жетимдер, бечера-мискиндер жана жолоочу-мусафырлардыкы»*** [59:7]

Ошондон кийин Аллах Таала мындай деди:

﴿لِلْفُقَرَاءِ الْمُهَاجِرِينَ...﴾

***«Кембагал мухажирлердики»*** [59:8]

Бул аят олжону кембагал мухажирлерге берүү өкүмүнө далалат кылды. Ошондуктан, Расул A аят назил болгон мына ушул олжону – ал Бану Назирдин олжосу эле – мухажирлерге гана берди, ансарлардан кембагал болгон эки кишиге гана берди, башкаларына берген жок.

Иллет Аллах Тааланын ушул сөзүндө да келген:

﴿كَيْ لَا يَكُونَ دُولَةً بَيْنَ الْأَغْنِيَاءِ مِنْكُمْ﴾

***«… тээ силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн…»*** [59:7]

Т.а. байлардын ортосунда гана айланып жүрө бере турган болуп калбашы үчүн, башкаларга да өтүшү үчүн дегени. Демек, бул иллет өкүмгө далалат кылды жана ал ушул шаръий өкүмгө себеп болду.

Сабаб болсо – ар бир захир, мунзабит (анык) васф болуп, самъий далил анын – өкүмдүн шаръий болушун эмес, өкүмдүн жүзөгө келгенин билдиргенине далалат кылат. Буга Аллах Тааланын ушул аяты:

﴿أَقِمِ الصَّلَاةَ لِدُلُوكِ الشَّمْسِ﴾

***«Күн оогондон*** *(баштап)* ***намазды толук аткаргыла»*** [17:78]

жана Набий Aдын ушул хадиси мисал:

**«إِذَا زَالَتِ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»**

«**Эгер, күн эңкейсе** (оосо) **намазды аткаргыла**». (Байхакий риваяты). Бул аят жана хадис күндүн ооосу намаз жүзөгө келгенин билдирген белги экенин баян кылууда. Мунун мааниси ушул: эгер ушул убакыт жүзөгө келсе намаз жүзөгө келет. Т.а. башка шарттар да толук табылса намазды аткаруу жайиз болот. Бардык сабабдар ушундай болот. Мисалы, Аллах Таала:

**﴿فَمَنْ شَهِدَ مِنْكُمُ الشَّهْرَ فَلْيَصُمْهُ﴾**

***«Силерден ким бул айга кбө болгон болсо, орозо кармасын»*** [2:185]

деди. Набий A болсо:

**«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ»**

«**Айды көрүп орозо туткула**» деди. (Бухарий риваяты). Бул аят жана хадис айдын чыгышы жана аны көрүү рамазанда орозонун жүзөгө келгенин билдирүү белгиси экенини баян кылууда.

Мындан болсо иллет менен сабабдын ортосундагы айырма анык болууда. Сабаб – өкүмдүн жүзөгө келгенин билдирген белги. Мисалы, күндүн оосу намаз (убакытысынын) жүзөгө келгенин билдирген белги. Иллет болсо – шаръий өкүмгө себеп. Анткени, иллет шаръий өкүмдүн жүзөгө келишине сабаб эмес, анын шаръий өкүм болушуна сабаб. Ошондуктан, ал өкүм далилдеринин бири болуп, ал наска окшойт. Буга мисал кылып Аллах Субханаху ва Тааланын:

**﴿إِذَا نُودِيَ لِلصَّلَاةِ مِنْ يَوْمِ الْجُمُعَةِ فَاسْعَوْا إِلَى ذِكْرِ اللَّهِ وَذَرُوا الْبَيْعَ﴾**

***«Жума күнүндөгү намазга азан айтылса, дароо Аллахтын зикрине баргыла жана соода-сатыкты токтоткула!»*** [62:9]

деген аятынан истинбат кылынган намаздан чалгытууну келтирүү мүмкүн. Анткени, чалгытуу шаръий өкүмгө себеп болду. Ал – жумага азан айтылганда сооданын харам болушу. Муну менен чалгытуу сабаб эмес, иллет болду. Күндүн оосу болсо мунун тескериси. Анткени, күндүн оосу иллет эмес. Анткени, бешин намазынын шаръий өкүм болушуна күндүн оосу себеп эмес. Т.а. күндүн оосу бешиндин жүзөгө келиши важиб болгонуна белги болот.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рошта** **13-ражаб, 1437-х.**

**20-апрель, 2016-м.**

## Жавд Ризван Ризаондун истихара намазы туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум. Мен истихара намазы кандай экендигин билмекчи элем. Истихара кылып жаткан (жакшылыкты сурап жаткан) киши истихара намазынан кийин түшүндө бирер нерсе көрөбү? Суроонун жообу тезирээк болот деген үмүттөмүн, Аллах сизди жакшылык менен сыйласын!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Набий A ушул хадисте истихара намазын түшүндүрмөгө зарылдык калтырбай турган даражада толук баян кылды:

Имам Бухарий жана башкалар Жабир ибн Абдуллах Hдан риваят кылышат: Жабир айтат, Расулуллах A бизге мындай деп бардык иштерде истихара кылууну кудум Куран сүрөсүнөн үйрөткөнү сыяктуу үйрөтөр эле:

**«إِذَا هَمَّ أَحَدُكُمْ بِالأَمْرِ، فَلْيَرْكَعْ رَكْعَتَيْنِ مِنْ غَيْرِ الفَرِيضَةِ، ثُمَّ لِيَقُلْ: اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْتَخِيرُكَ بِعِلْمِكَ وَأَسْتَقْدِرُكَ بِقُدْرَتِكَ، وَأَسْأَلُكَ مِنْ فَضْلِكَ العَظِيمِ، فَإِنَّكَ تَقْدِرُ وَلاَ أَقْدِرُ، وَتَعْلَمُ وَلاَ أَعْلَمُ، وَأَنْتَ عَلَّامُ الغُيُوبِ، اللَّهُمَّ إِنْ كُنْتَ تَعْلَمُ أَنَّ هَذَا الأَمْرَ خَيْرٌ لِي فِي دِينِي وَمَعَاشِي وَعَاقِبَةِ أَمْرِي - أَوْ قَالَ عَاجِلِ أَمْرِي وَآجِلِهِ - فَاقْدُرْهُ لِي وَيَسِّرْهُ لِي، ثُمَّ بَارِكْ لِي فِيهِ، وَإِنْ كُنْتَ تَعْلَمُ أَنَّ هَذَا الأَمْرَ شَرٌّ لِي فِي دِينِي وَمَعَاشِي وَعَاقِبَةِ أَمْرِي - أَوْ قَالَ فِي عَاجِلِ أَمْرِي وَآجِلِهِ - فَاصْرِفْهُ عَنِّي وَاصْرِفْنِي عَنْهُ، وَاقْدُرْ لِي الْخَيْرَ حَيْثُ كَانَ، ثُمَّ أَرْضِنِي. قَالَ: وَيُسَمِّي حَاجَتَهُ»**

**«Качан бирөө-жарымыңар бир ишти кылмакчы болсо, фарздан тышкары эки рекет намаз окуп, андан соң мындай деп дуба кылсын: Эй Аллахым, мен Сенин илимиң менен истихара кыламын** (жакшылыкты сураймын)**. Сенин кудуретиң менен кудурет сураймын. Сенин улуу фазлиңден сураймын. Албетте, Сен кудуреттүү болосун, мен кудуреттүү болбоймун. Сен билесин, мен билбеймин. Сен гоибдерди өтө жакшы билүүчү затсың. Эй Аллахым, эгерде ушул ишти мен үчүн динимде, турмушумда, ишимдин акыбетинде** (же азыркы ишимде жана келечекте) **кайырдуу** (жакшы) **деп билсең аны мага тагдыр кылгын, мага жеңил кылгын, андан соң аны мага берекелүү кылгын. Эгерде ушул ишти мен үчүн динимде, турмушумда, ишимдин акыбетинде** (же азыркы ишимде жана келечекте) **жаман деп билсең, аны менден, мени андан буруп жибер. Мага кайда болсо да жакшылыкты тагдыр кыл. Андан соң мени** (ушул жакшылык менен) **ыраазы кылгын.** (Адам ушундан кийин) **муктаждыгын айтсын»** (Имам Бухарий риваяты).

Ушул хадистен истихара намазынын кандай экендиги анык белгилүү болуп турат. Т.а. ким истихара кылмакчы болсо (Аллахтан жакшылыкты сурамакчы болсо), истихара намазына ниет кылып эки рекет нафл намаз окуйт, намазын окуп бүтүп, хадисте келген истихара дубасын кылат, ошону менен истихара намазы же истихара дубасы аяктайт. Истихара намазынын кандай экендиги мына ушул. А бирок, истихара намазына тиешелүү башка сөздөр да бар:

1 – Эгерде адам бир ишти ар тараптуу үйрөнүп чыккандан кийин аны кылмакчы болсо жана ушул иштин туура экендигине көбүрөөк божомол кылып, ага киришмекчи болсо, эки рекет намаз окуйт, истихара дубасын кылат жана ушул иштин кайырдуу болсо жетиштирүүсүн жана кайырсыз болсо, узак кылышын сурап Аллах Субханахуга жалбарган абалда ушул ишке кадам коёт. Башкача айтканда, ишти ар тараптуу үйрөнүп, анын туура экендигине көбүрөөк божомол кылбай туруп истихара намаз окубайт. Ишти ар тараптуу үйрөнүп, анын туура экендигине көбүрөөк божомол кылгандан кийин гана намаз окуп, ошол иштин жакшылык-берекелүү болушун сурайт жана ишке киришет. Хадиске назар салыңыз, анда

«إِذَا هَمَّ أَحَدُكُمْ بِالأَمْرِ، فَلْيَرْكَعْ رَكْعَتَيْنِ مِنْ غَيْرِ الفَرِيضَةِ، ثُمَّ لِيَقُلْ: اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْتَخِيرُكَ بِعِلْمِكَ...»

**«Качан бирөө-жарымыңар бир ишти кылмакчы болсо, фарздан тышкары эки рекет намаз окусун, андан кийн мындай деп дуба кылсын: Эй Аллахым, мен Сенин илимиң менен истихара кыламын** (жакшылыкты сураймын)**...»**, деп айтылды.

2 – Набий Адын истихараны түш көрүүгө байланыштырганы туурасында эч кандай сахих риваят келген эмес. Мага белгилүү болгондой, Расулуллах A адамдарды истихара кылууга көп үйрөткөн, а бирок, анын натыйжасын түшкө байлаган эмес. Жогоруда Жабир риваят кылган хадисте:

«فَاقْدُرْهُ لِي وَيَسِّرْهُ لِي، ثُمَّ بَارِكْ لِي فِيهِ»

**«Аны мага тагдыр кылгын, мага жеңил кылгын, андан соң аны мага береклүү кылгын»**, - деди о.э.

«فَاصْرِفْهُ عَنِّي وَاصْرِفْنِي عَنْهُ، وَاقْدُرْ لِي الْخَيْرَ حَيْثُ كَانَ، ثُمَّ أَرْضِنِي»

**«Аны менден, мени андан буруп жибер. Мага кайда болсо да жакшылыкты тагдыр кыл. Андан соң мени** (ушул жакшылык менен) **ыраазы кылгын», -** деди. Бул сөздөрдөн ал заттын истихараны түш көрүүгө байланыштырбаганы, тескерисинче, ишти Аллахтын жетиштирүүсүнө жана аны насип кылышына байлагандыгы көрүнүп турат. Т.а. адам истихара кылып, сураган ишин ишке ашырууга аракет кылат, ошондо эгерде ошол иш кайырдуу болсо, Аллах бул ишти ага тагдыр кылат жана ушул ишти ага насип кылат. Эгерде бул иш кайырдуу болбосо, андан бул ишти буруп жиберет. Демек, истихара бул ишти жана иштеги жакшылыкты Аллах Субханахунун ыктыярына тапшыруу болуп, Аллахтын Өзү истихарачыга тандап, ыраазы болуп, насип кылып берсин. Эгерде бул иштен Аллах Субханаху ыраазы болбосо, аны истихарачыдан узак кылсын.

3 – Жабир риваят кылган хадистеги

«فَاصْرِفْهُ عَنِّي وَاصْرِفْنِي عَنْهُ، وَاقْدُرْ لِي الْخَيْرَ حَيْثُ كَانَ، ثُمَّ أَرْضِنِي»

**«Аны менден, мени андан буруп жибер. Мага кайда болсо да жакшылыкты тагдыр кыл. Андан соң мени** (ушул жакшылык менен) **ыраазы кыл», -** деген сөздү кээ бир адамдар мындай түшүнөт: Көңүлүндүн тартышы Аллах ыктыяр кылгандыгынын белгиси, мунун мааниси мындай, качан истихарачынын көңүлү тартса, ишке киришсин, көңүлү тартпаса, андан алыстап, аны кылбасын. Себеби, анын ошол иштен узак болушу жүрөктүн каалабастыгы жана сыгылышы... Шавканий «Найлул автор»до Нававийдин мындай дегенин риваят кылат: «Истихарачы истихара кылгандан кийин көңүлү тартканын кылышы керек. А бирок, көңүлүнүн тартышына таянып албашы керек. Себеби, истихара кылышынан мурда ошол ишке напис-каалоосу тарткан болушу мүмкүн. Ошондуктан, ал алгач ыктыярын таштаган болсун. Антпесе, Аллахтан истихара кылган болбой калат, тескерисинче өз напис-каалоосунан истихара кылып сураган болуп калат. Кээде ал чын дилден жакшылыкты талап кылбаган, (өзүн) илим жана кудуреттен куру деп билип илим жана кудуретти Аллах үчүн деп тастыктабаган болушу да мүмкүн. Эгерде ал бул иште дили таза болсо (өзүн) илим жана кудуреттен, илим жана кудуретти өзүнүкү деп билүүдөн ыраак деп билет». Нававийдин пикири ушул. Ал эми менин көбүрөөк туура деп билген пикирим боюнча бул белги сахих эмес. Себеби, бул тууралуу нусуста келбеген . О.э. айрым кишилердин бул жаатта таянган хадисинин санады өтө эле заиф. Хадис уламалары мындай деген. Бул хадис төмөнкүдөй:

Ибн Саний «Амалул Явм ва Лайл»да төмөнкүнү (риваят кылган) иштеп чыккан: Бизге Абу Аббас ибн Кутайба Аскалоний мындай кабар кылды. Ага Убайдуллах ибн Химярий Иброхим ибн Ула ибн Назр ибн Анас ибн Маликтен, ал атамдан, ал атасынан, ал чоң атасынан риваят кылды: Анас айтат Расулуллах A мындай деди:

«يَا أَنَسُ، إِذَا هَمَمْتَ بِأَمْرٍ فَاسْتَخِرْ رَبَّكَ فِيهِ سَبْعَ مَرَّاتٍ، ثُمَّ انْظُرْ إِلَى الَّذِي يَسْبِقُ إِلَى قَلْبِكَ، فَإِنَّ الْخَيْرَ فِيهِ»

**«Эй Анас, качан бир ишти кылмакчы болсоң, Аллахтан жети жолу ошол иш туурасында истихара кылгын, андан соң жүрөгүңдүн тартышына кара. Анткени, жакшылык ошондо».** Ибн Хажар «Фатхул Барий»де мындай дейт: «... «Азкор»да Нававий «Истихарадан кийин көңүлү тарткан ишти кылат», дейт жана буга Расулуллахтын Анаска айткан «**Качан бир ишти кылмакчы болсоң, Аллахтан жети жолу ошол иш туурасында истихара кылгын, андан соң жүрөгүң тартышына карагын. Анткени, жакшылык ошондо**» хадистерин далил кылды. Эгерде бул хадис далилденсе, ал таянылуучу риваят болор эле. Бирок, анын санады өтө эле заиф...».

Ошондуктан, колубузда биринчи чекитте айткан нерсебизден башкасы калбады. Т.а. хадисте мындай келип жатат, ишти кылууга токтом кылынгандан кийин т.а. ишти толук үйрөнүп чыгууга жана ишке киришүүнү туура деп билүүгө негизделип ишке киришүүгө токтом кылынгандан кийин истихара кылынат. Мындай түшүнүүнүн туура экендигин Хаким «Мустадрак»та Абу Айюб Ансорийден риваят кылган төмөнкү хадис көрсөтүп турат: Расулуллах A мындай деген:

**«اكْتُمِ الْخطْبَةَ ثُمَّ تَوَضَّأْ فَأَحْسِنِ وُضُوءَكَ، ثُمَّ صَلِّ مَا كَتَبَ اللَّهُ تَعَالَى لَكَ، ثُمَّ احْمَدْ رَبَّكَ وَمَجِّدْهُ، ثُمَّ قُلِ: اللَّهُمَّ إِنَّكَ تَقْدِرُ وَلَا أَقْدِرُ، وَتَعْلَمُ وَلَا أَعْلَمُ، وَأَنْتَ عَلَّامُ الْغُيُوبِ، فَإِنْ رَأَيْتَ لِيَ فِي فُلَانَةٍ، - يُسَمِّيهَا بِاسْمِهَا - خَيْرًا لِي فِي دِينِي وَدُنْيَايَ وَآخِرَتِي فَاقْدُرْهَا لِي، فَإِنْ كَانَ غَيْرُهَا خَيْرًا لِي فِي دِينِي وَدُنْيَايَ وَآخِرَتِي فَاقْدُرْهَا لِي»**

**«Колуктунун кимдигин жашыргын. Андан соң чырайлуу көрүнүштө даарат алып, Аллах сага буйруган намазды оку. Андан кийин Аллахка хамд айтып, Аны улуула. Ошондон кийин мындай деп дуба кылгын: Эй Аллахым, Сен кудуреттүүсүң, мен кудуреттүү болбосмун. Сен билесиң, мен билбесмин. Сен гоибдерди өтө жакшы билүүчү затсың. Эй Аллахым, эгерде балан кызды – ошол кыздын атын айтат – мен үчүн диним, жашоом жана акыретимде кайырдуу деп билсең аны мага тагдыр кыл. Эгерде андан башкасы мен үчүн диним, турмушум жана акыретимде кайырдуу болсо ошону мага тагдыр кыл».** Ушул хадистен истихарачыда **белгилүү бир аялга үйлөнүү чечими болгондугу,** бирок аны билдирбей жашырганы, андан соң ушул иште Аллахка истихара кылып, аны Аллах Субханахунун колуна тапшырып койгону даана көрүнүп турат. Анткени, Аллах ошол иште жакшылык болсо, ага насип кылат. Эгерде ошол иштен башка иште жакшылык болсо, ошону насип кылат. Мында түш көрүүгө же көңүлдүн тартышына байланган жок.

Тыянак кылып айтканда, истихара маселесинде мен башка пикирлерге караганда көбүрөөк туура деп билген пикирим мындай:

Киши бирер ишти кылмакчы болсо, алгач аны ар тараптан үйрөнүп чыгат. Андан кийин ушул ишти кылууну туура деп билип кылмакчы болсо, ошондо эки рекет намаз окуйт жана истихара дубасын кылат. Аллах Субханахудан бул иште жакшылык бар болсо, аны насип кылышын, эгерде жамандык болсо андан буруп жиберишин сураган абалда, ишке киришет.

Т.а. иштин бардык тараптарын үйрөнүп, бул ишти кылууну туура деп билмейинче, истихара намазын окубайт. Иштин бардык тараптарын үйрөнүп, аны кылууну туура деп билсе, намаз окуп, истихара дубасын кылат жана ишке киришет... Хадиске көңүл буруңуз:

**«إِذَا هَمَّ أَحَدُكُمْ بِالأَمْرِ، فَلْيَرْكَعْ رَكْعَتَيْنِ مِنْ غَيْرِ الفَرِيضَةِ، ثُمَّ لِيَقُلْ: اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْتَخِيرُكَ بِعِلْمِكَ...»**

**«Качан бирөө-жарымыңар бир ишти кылмакчы болсо, фарздан тышкары эки рекет намаз окусун, андан соң мындай деп дуба кылсын: Эй Аллахым, мен Сенин илимиң менен истихара кыламын** (жакшылыкты сураймын)**...».** (Имам Бухарий риваяты).

**Ушул хадистен менин башка пикирлерге караганда көбүрөөк туура деп эсептеген пикирим мына ушул. Т.а. киши истихара намазын окуп, андан кийин эки иштин бирин түшүндө көрүүнү, же ага көңүлү тартышын күтүп отурбайт. Себеби, хадисте:**

**«إِذَا هَمَّ أَحَدُكُمْ بِالأَمْرِ...»**

**«Качан бирөө-жарымыңар бир ишти кылмакчы болсо…», - деп айтылууда. Азыр эле айтканымдай, менин башка пикирлерге караганда көбүрөөк туура деп эсептеген пикирим мына ушул.**

**Боордошуңуз** **1-жумадул-аввал 1437-х.**

**Ато ибн Халил Абу Рошта** **10-февраль, 2016-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жоопторунан:

## ИШИМ уюмунун Халифалыкты тикелегени туурасындагы жарыясы

ИШИМ (Ирак жана Шам Ислам Мамлекети) уюмунун Халифалыкты тикелегенин жарыялаганы туурасында суроо жолдогон бардык боордошторго... Ар бириңиздердин атыңыздарды атабаганым үчүн кечирим сураймын.

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Негизи, бул суроонун жообун мурун да жибергемин, ошентсе да кайрадан кайталамакчымын.

*мурун берилген жана жөнөтүлгөн жооп:*

**Урматтуу боордоштор!**

1 – Кайсы бир жамаат Халифалыкты тикелөөнү каалаcа, ал Пайгамбарыбыз Aдын жолуна ээрчүүсү важиб. Алардын бири, ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай ала турган ачык бийликтин болушу шарт жана ошол Халифалык жарыяланган аймакта мамлекеттүүлүк көрүнүшү көрүнүп туруусу керек. Пайгамбарыбыз Aдын Мадинаи Мунаварада Ислам мамлекетин тикелөөдөгү туткан жолу мына ушундай болгон. Ошол кезде Пайгамбарыбыз Aдын колунда ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай турган толук Исламий бийлик болгон жана ошол аймакта мамлекеттүүлүк көрүнүшү толук көрүнүп турган.

2 – Халифалыкты жарыялаган ИШИМ жамааты Иракта да, Сирияда да ачык түрдө бийликке ээ эмес жана ал ички-сырткы коопсуздукту камсыздай албайт. Жада калса, Халиф катары байъат берилген адам да өзүн ачыкка чыгара алган жок. Халифалык жарыяланганга чейин кандай жашырынып жүрсө, ошол бойдон калды. Бул болсо Пайгамбарыбыз Aдын Мадинадагы Ислам мамлекетин тикелеген жолуна тескери келет. Себеби, Пайгамбарыбыз Aга мамлекет тикеленгенге чейин өзүн жашырып жүрүү жайиз болгон болсо, мамлекет тикеленгенден кийин ал зат жашырынбастан, мамлекеттик иштер менен алек болгон. Элчилер жөнөтүп, элчилерди кабыл алган, кошуунду жетектеген жана келишпөөчүлүктөргө казылык кылган. Мына ушундайча мамлекет тикеленишинен мурунку жана кийинки абал айырмаланып турган. Ал эми Халифалыкты жарыялаган жамааттын бул жарыясы эч кандай мааниге ээ эмес. Себеби, бул жерде мурункудай эле вакиъси жок жарыяланган жасалма халифалыктар сыяктуу сценарий жүрүүдө. Эч кандай мамлекеттик көрүнүшкө, бийликке ээ болбой туруп о.э. мамлекеттин ички жана сырткы коопсуздугун камсыздабай туруп, өзүн «Халифа», «Махдий» деп жарыялоосу – өзүнүн жана ээрчүүчүлөрдүн туйгуларын кандыруудан башка нерсе эмес.

3 – Халифалык мамлекети – бул массалык мааалымат каражаттары жөн гана жарыялап коё турган бир жарыя эмес. Халифалык – бул жер жүзүнө тамыр жая турган, ички жана сырткы коопсуздукту Ислам бийлиги негизинде камсыздай турган, Ислам рисалатын даават жана жихад аркылуу ааламга алып чыга турган мамлекет. Бул мамлекеттин кандай тикеленишин, анын көрүнүшүн, экономикалык түзүмүн, мамлекеттер менен болгон мамилесин, саясатын шарият ачык түрдө баяндап берген.

4 – ИШИМдин бул жарыясы ал жамааттын вакиъсин өзгөртүп жибербейт. Ал жамаат булжарыяга чейин кандай болсо,андан кийин деле – Сирия жана Ирактагы өкмөткө каршы күрөшүп жаткан, ачык бир бийликке ээ болбогон башка куралдуу кыймылдар сыяктуу эле – куралдуу кыймыл бойдон калат. Эгер бул кыймылдардын кайсы бири ушул аймакта ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай ала турган, мамлекеттик көрүнүшкө ээ стратегиялык аймакты көзөмөлдөп, Ислам менен өкүм жүргүзө алса, анда шарият өкүмдөрүнө ылайык аларга ээрчилет. Себеби, Халифалыкты тикелөө жалгыз Хизб-ут-Тахрирге эле эмес, жалпы мусулмандарга фарз. Ким аны шарият өкүмдөрүнүн негизинде тикелесе, ага ээрчиш важиб болот. Ал эми азыркы окуя мындай эмес. ИШИМдин бул жарыясы, баарыбызга көрүнүп тургандай, ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай албай турган, ачык бир бийликке ээ эмес о.э. мамлекеттик көрүнүшкө да ээ эмес, куру жарыя болуп калды.

5 – Бирок бул жерде көңүл бурчу жагдай, бир аймакта туруп алып, жакшы иш кылып жатам деген ойдо, куру аталыштагы халифалык мамлекетин жарыялоо – мусулмандардын эңсеп келген Халифалык мамлекетинин баркын, маани-маңызын кетирүүдө. Айрыкча, чыныгы Халифалык мамлекети тикеленүүгө жакын калган учурда, мусулмандар ал Халифалык мамлекетин акыркы сабыры менен күтүп жатканучурда, ушундай болуп жатат. Мусулмандар «Хизб-ут-Тахрир Халифалыкты тикелөөдө Пайгамбарыбыз Aдын Мадинаи Мунавварада мамлекетти тикелеген жолдон жүрөт» деп билишет. Үммөт Хизб-ут-Тахрирди өз кучагына алып, мусулмандар өз ара ислам боордоштугун түшүнүп, мусулмандар Хизбдин Пайгамбарыбыз A минхажы негизиндеги Халифалыкты тикелеген ийгилиги менен шаттанышкан чакта, мына ошондо Халифалыкты жарыялоо мезгили келет.

6 – Жогоруда белгиленген беренелер о.э. ачык бийликке ээ болбой, коопсуздук камсыздалбай туруп, халифалыктын жарыялануусу – булардын баары суроо туудурат. Айрыкча, уюшуудагы пикирий негизи жок куралчан кыймылдардын арасына Батыш жана Чыгыш агенттеринин кирип келиши жеңил болгон учурда халифалыктын жарыяланышы да суроо туудурат. Батыш жана Чыгыштын Ислам жана Халифалыкка айла-амал кылуулары айдан-ачык. Алар анын атын өчүрө албагандыктан, анын ысымын куру аталышка айлантып, мусулмандар башын айландырууга абдан ынтызар. Халифалык – бул кафирлер оңой-олтоң айта бере турган жөн гана бир аталыш эмес. Балким, чыныгы Халифалыктын тикелениши кафирлерди эстен тандыруучу бир окуя болот!

7 – Биз Батыш-Чыгыштагы Ислам душмандарына дагы бир жолу тастыктайбыз, Халифалык кылымдар бою дүйнөнү башкарып келген – жана канчалык айла-амал кылынганына карабастан – ал кайрадан кайтып келет:

{وَيَمۡكُرُونَ وَيَمۡكُرُ ٱللَّهُۖ وَٱللَّهُ خَيۡرُ ٱلۡمَٰكِرِينَ}

***«Алар айла-амал кылышат, Аллах да айла-амал кылат, Аллах айлакерирээк»*** [8:30]

Аллах Халифалык үчүн бир хизбди чыгарды. Ал хизб – Аллахты зикр кылуудан эч бир мал-мүлк жана соода-сатык бура албай турган – жигиттерди камтыган. Алар бүткүл барлыгын Халифалыкка арнаган адамдар. Алар о.э. Халифалык, анын дастуру (конституциясы), идарий жихазы (башкаруу аппараты) жаатындагы өкүмдөрдү истинбат кылышкан. Жана да алар бул Халифалыкты тикелөөдө Пайгамбар Aдын сийратынан кылча чыкпастан иш алып барат. Алардын арасын эч бир бузукунун бузукулугу аралай албайт. Алар Аллахтын жардамы менен, кафир жана алардын малайларынын тил бириктирүүлөрүнүн таш-талканын чыгара турган, Ислам жана мусулмандардын душмандарынын айла-амалдарын – Аллахтын күч-кубаты менен – өз ийнине кайтара турган саясий аң-сезимдүү адамдар.

{وَلَا يَحِيقُ ٱلۡمَكۡرُ ٱلسَّيِّئُ إِلَّا بِأَهۡلِهِۦ}

***«Жаман айла-амал болсо жалаң өз ээлерин ороп жок кылат»*** [35:43]

**Азиз боордоштор!**

Исламий Халифалыктын тикелениши үлкөн бир иш болуп, ал адаштыруучу массалык маалымат каражаттары андан-мындан айтып коё турган жөн гана бир кабар эмес. Балким, ал – Аллахтын уруксаты менен – дүйнөнү дүңгүрөтө турган, мамлекеттер таразасын өзгөртө турган жана жаңы тарых жарата турган окуя болот. Пайгамбар а.с. башарат кылгандай, пайгамбарлык минхажындагы экинчи Халифалык кайрадан кайтып келет. Аны тикелегендер биринчи Халифалыкты тикелегендер сыяктуу болушат. Алар таква адамдар болуп, алар Үмөттү жакшы көрүшөт, Үммөт да аларды жакшы көрөт. Алар Үммөткө жолугуу менен шаттанышат, Үммөт да аларга жолугуу менен шаттанышат. Пайгамбарлык минхажы негизиндеги болочок Халифалыкты тикелөөчү адамдар мына ушундай сыпаттарда болушат. Ким ушундай сыпаттарга ээ болсо, Аллах аларга Халифалыкты берет. Биз ушундай сыпаттарга ээ болушубузду жана Халифалыкты тикелөөнү бизге беришин Аллахтан сурап калабыз.

{فَٱسۡتَبۡشِرُواْ بِبَيۡعِكُمُ ٱلَّذِي بَايَعۡتُم بِهِۦ}

***«Демек,*** *(эй момундар)**, бул түзгөн соодаңарга кубангыла. Мына ушул чыныгы улуу бакыт»*** [9:111]

Эй урматтуу бир туугандар! Аллахтын рахматынан үмүтсүз болбогула! Аллах силердин кылган дубаңарды, изги иштериңерди бекерге кетирбейт. Мүмкүнчүлгүңөрдүн болушунча бизге жардам бергиле. Эгер силер Аллах үчүн жакшылык кылсаңар, Аллах силердин жакшылыгыңарды дагы да көбөйтүп берет. Кайдагы бир маанисиз сөз силерди чыныгы амалдан буруп койбосун.

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

**Боордошуңар** **3-рамазан, 1435-х.**

**1-июнь, 2014-м.**

*мурун берилген жана жөнөтүлгөн жооптун соңу*

**Мен бул маселеге ушул жооп жетиштүү деп үмүт кыламын. Аллах силерди жетиштирсин, Өз коргоосунда сактасын, силерди жана бизди туура ишке хидаяттасын.**

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рушта** **4-рамазан, 1435-х.**

**2-июнь, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук тармагындагы колдонуучулардын берген суроолоруна жоопторунан (фикхий)

## Ahmad Nadhif тарабынан берилген каза-кадар жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, «Тайсир фи усули тафсир» китебинин (арабча текстинде) 44-бетинде мындай делет: «... Же наклий болот т.а. Аллах Субханаху тарабынан экендигинин катъийлиги Ал Заттын Китеби Кариминде накл кылынышы аркылуу болот же Расулуллах A тарабынан экендигинин катъийлиги Пайгамбар Aдан риваят кылынган мутаватир хадисте накл кылынышы аркылуу. Мисалы, гайб нерселерге, периштелерге, мурун түшүрүлгөн китептерге, өткөн пайгамбарларга, Акырет күнүнө, кадардын жакшысы жана жаманына ыйман келтирүү сыяктуу. Аллах Таала Ниса сүрөсүнүн 136-аятында айтат:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا آمِنُوا بِاللَّهِ وَرَسُولِهِ وَالْكِتَابِ الَّذِي نَزَّلَ عَلَى رَسُولِهِ وَالْكِتَابِ الَّذِي أَنْزَلَ مِنْ قَبْلُ وَمَنْ يَكْفُرْ بِاللَّهِ وَمَلَائِكَتِهِ وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَالًا بَعِيدًا﴾

***«Эй момундар, Аллахка, Анын пайгамбарына жана пайгамбарына түшүргөн Китебине о.э. мурун түшүрүлгөн Китептерине ыйман келтиргиле. Кимде-ким Аллахка, периштелерине, китептерине, пайгамбарларына жана Акырет күнүнө ишенбесе, демек, ал өтө катуу адашыптыр»*** [4:136]

Пайгамбар A болсо Жибрил алайхис саламдын ыйман жөнүндөгү суроосуна жооп берип мындай деди:

**«أَنْ تُؤْمِنَ بِاللهِ وَمَلَائِكَتِهِ وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ وَالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ مِنْ اللهِ تَعَالَى»**

**«Аллахка, Анын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, Акырет күнүнө, кадардын жакшысы да, жаманы да Аллах Тааладан деп ыйман келтиришиң»».** Менде бир суроо бар, анык түшүндүрүп беришиңизди суранамын. Эгер, ушул хадис мутаватир болсо, ал тургай, кадарга болгон ыйман анын негизине курулса, анда эмне үчүн ушул хадис Исламий шахсия китебинин 1-бөлүмүндө, исламий акыйда жөнүндөгү талкууда көрсөтүлбөгөн? Тескерисинче, китеп автору рохимахуллаху каза жана кадарга болгон ыйман аклий далил үстүнө курулушун айткан.

Аллах силерди эң жакшы сыйлык менен сыйласын, Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух,

Жооп берүүдөн мурун мен этибарыңызды эки нерсеге каратамын, бул эки нерсе сизге түшүнүксүз болгон көрүнөт: аяттарда, хадистерде келген «кадар» сөзү жана «каза жана кадар» термини. Экөөсү бир тема эмес, эки тема. Ошон үчүн «түзүм» китебинде же «шахсия» китебинде сиз окуган «каза жана кадар» темасы сиз суроо берген хадисте келген «кадардан» айырмаланат.

**Эми сиздин суроонузго төмөнкүдөй жооп беремин:**

1 – Муслим риваятында келген Набий Aдын Жибрил алайхис саламдын ыйман жөнүндөгү суроосуна жооп катары:

«أَنْ تُؤْمِنَ بِاللهِ وَمَلاَئِكَتِهِ وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ وَالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ»

**«Аллахка, Анын periштелерине, китептерине, расулдарына, Акырет күнүнө ыйман келтиришиң жана жана кадардын жакшысына да, жаманына да ыйман келтиришиң»** деген хадисине келсек, ал мутаватир хадис эмес, сахих ахад хабар, муну менен бирге, ал сиз суроонузда айткан «Тайсир фи усули тафсир» китебиндеги орунда сахих далил катары далил кылып көрсөтүлгөн. Себеби, бул жерде ыйман келтирүү талап кылынган нерсеге далил кылып келтирилди, ыйман келтирүү талап кылынган темага далил кылып келтирилген жок. Анткени, Исламга ыйман келтирүү талабы аят жана Расулуллах Адан риваят кылынган хадис менен, ал тургай, Расулуллах A жиберген кат менен да болот. Расул A падышаларга жиберген элчилер менен бирге Исламга даъват кылып каттарды жөнөткөн...

2 – Бирок, кадар акыйдадан экендигине, ошон үчүн аны инкар кылган кимсе кафир экендигине хужжат каим кылуу убагында жана ал (кадар) Аллахтын илими экендигин о.э. ар бир нерсе эзелтен Лавхул Махфузда жазып коюлгандыгын далил кылууда катъий далилдерге таянылат. Ошондуктан, бул убакта кадар эзелтеги тагдыр маанисинде экендиги туурасында катъий аяттар зикр кылынат т.а. жер-асмандагы кандай нерсе болбосун, баарын Аллах эзелтен билиши, аларды эзелтен тагдыр кылып койгондугу жана эзелтен Лавхул Махфузда жазылгандыгы жөнүндө каъий аяттар айтылат... Бул катъий аяттардын айрымдары ушулар, Аллах Таала айтат:

﴿إِلَّا امْرَأَتَهُ قَدَّرْنَا إِنَّهَا لَمِنَ الْغَابِرِينَ﴾

***«Анын аялына гана** (кутулуу жок). (Себеби), **Биз** (Аллах) **анын** (азап-укукбатта) **калуучулардан болушун тагдыр кылып койгонбуз»*** [15:60]

Бул аяттагы قدّر калимасынын мааниси – эзелтеги тагдыр. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَنْ يَتَوَكَّلْ عَلَى اللَّهِ فَهُوَ حَسْبُهُ إِنَّ اللَّهَ بَالِغُ أَمْرِهِ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لِكُلِّ شَيْءٍ قَدْرًا﴾

***«Ким Аллахка тобокел кылса, анда,** (Аллахтын) **Өзү ага жетиштүү. Албетте, Аллах Өзү** (каалаган) **ишине жетүүчү. Чындыгында, Аллах бардык нерсе үчүн кадар кылып койгон»*** [65:3]

Бул аяттагы ар бир нерсе үчүн кадар бар деген сөздүн мааниси – ар бир нерсе үчүн бир тагдыр жана белгилеп коюлган убакыт бар дегени, мында эзелтеги тагдыр назарга алынат. Аллах Таала айтат:

﴿قُلْ لَنْ يُصِيبَنَا إِلَّا مَا كَتَبَ اللَّهُ لَنَا هُوَ مَوْلَانَا وَعَلَى اللَّهِ فَلْيَتَوَكَّلِ الْمُؤْمِنُونَ﴾

***«Айткын: Бизге жалаң Аллах биз үчүн жазып койгон нерсе гана жетет. Ал биздин кожобуз. Демек, ыймандуу кишилер Аллахка гана таянышсын!»*** [9:51]

Бул аяттын мааниси «бизге Аллах эзелтен жазып койгон жана бизге тагдыр кылып койгон нерсе гана жетет, биз Аллахка тобокел кылуучуларбыз» дегени. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا مِنْ دَابَّةٍ فِي الْأَرْضِ وَلَا طَائِرٍ يَطِيرُ بِجَنَاحَيْهِ إِلَّا أُمَمٌ أَمْثَالُكُمْ مَا فَرَّطْنَا فِي الْكِتَابِ مِنْ شَيْءٍ﴾

***«Жерде сүйрөлүп жүргөн ар бир жаныбар, асманда канат кагып жаткан ар бир куш кудум силер сыяктуу** (Биздин кол астыбыздагы) **жамааттар. Китепте бир да нерсени койбой** (жазганбыз)**»*** [6:38]

Бул аяттын мааниси «алар да силерге окшош үммөттөр, силердин ырыскыңар, ажалыңар жана амалыңар жазып коюлгандай, алардын ырыскылары, ажалдары жана амалдары да жазып коюлган, Лавхул Махфузда эч бир нерсени калтырбастан жана эч бир нерседен кабарсыз болбостон (баарын жазып койдук)» дегени. Лавхул Махфуз Китеп деп аталды т.а. ар бир нерсе Лавхул Махфузда жазып

коюлган. Бул болсо Аллахтын илиминен кабар берет т.а. кандай гана нерсе болбосун Аллах баарын билет. Аллах Таала дагы айтат:

﴿عَالِمِ الْغَيْبِ لَا يَعْزُبُ عَنْهُ مِثْقَالُ ذَرَّةٍ فِي السَّمَاوَاتِ وَلَا فِي الْأَرْضِ وَلَا أَصْغَرُ مِنْ ذَٰلِكَ وَلَا أَكْبَرُ إِلَّا فِي كِتَابٍ مُبِينٍ﴾

***«Кайыпты билген Жаратуучу. Асмандар жана жердеги бир кымындай, андан да кичине*** *(же)* ***чоң бир да нерсе*** *(Андан)* ***жашыруун болбойт — албетте ачык Китепте бар болот»*** [34:3]

Т.а. Лавхул махфузда баары жазып коюлган. Бул аят далил катары көрсөтүлүп, Аллах илиминен кабар берип турат.

3 – Ушуну да айтуу зарыл, бул маанидеги кадар т.а. эзелтеги тагдыр, же Лавхул Махфузда жазып коюлушу, же Аллах Субханаху баланча иштин болушун билиши амал ишке ашуусунда Аллахтын илимине таянуу, амал кылуу каражаттарын албоо же сабабдар жана мусаббабдарга киришпөө маанисин түшүндүрбөйт. Анткени, бирер адам бир иштин болушун же болбошун билгидей, Аллахтын илими эч кимге ачылбаган. Ошондуктан, бирер нерсенин болушун же болбошун алдын ала билүү мүмкүн эмес, аны жүзөгө чыгаруу каражаттарына киришип, ал ишке ашырылгандан кийин гана билүү мүмкүн. Мына ошондон кийин амал болушу же болбошу жагынан болгон вакиълик ачыкталып маалым болот. Ошондуктан, Аллах илимине таянып амалды таштоо туура болбойт, бул нерсе сахабаларга орчундуу-түшүнүксүз болгондо Расул A аларды таянып калбоо туурасында эскертип, аларды амал кылууга буюрган. Бухарий Али караммаллаху важхахудан ушуну чыгарды:

**«فَقَالَ رَجُلٌ مِنْ الْقَوْمِ: أَلاَ نَتَّكِلُ يَا رَسُولَ اللهِ؟ قَالَ: لاَ، اعْمَلُوا فَكُلٌّ مُيَسَّرٌ، ثُمَّ قَرَأَ: فَأَمَّا مَنْ أَعْطَى وَاتَّقَى الآيَةَ»**

**«Ошондо коумдон бир киши:** (Аллахтын илимине) **таянбайбызбы, я Расулуллах? – деди. Пайгамбарыбыз: жок, амал кылгыла, ал бир киши жетиштирилген, деди кийин: «فَأَمَّا مَنْ أَعْطَى وَاتَّقَى», деген аятты кыраат кылды».** Бул хадис кадарга болгон ыйман таянып калууну түшүндүрбөшүн ачык-айкын көрсөтүп айтып турат. Себеби, кадар жана жазып коюлгандык т.а. Аллахтын илими эч бир адамга ачыкталбайт, ошондой болгон соң, кайсы нерсеге таянылат?

Ошондуктан, Расулуллах A «таянбайбызды?» деп сураган кишиге «Жок» деп жооп берди т.а. Аллах илимине таянуудан кайтарды, муну менен гана чектелбестен, ага «Амал кылгыла» деп айтты т.а. аны амал кылууга буюрду. Ошондуктан, кадарга болгон ыйман амал кылбоону түшүндүрбөйт.

Кадар жөнүндөгү сурооңузго жооп анык болду го деп үмүттөнөмүн.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **7-шаввал, 1436-х.**

**23-июль, 2015-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Раштанын Фейсбук тармагындагы колдонуучулардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Sawt Altahrir тарабынан берилген медициналык камсыздандырууга тиешелүү суроосуна жооп

**<u>Суроо</u>:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Мамлекеттик эмес мекеменин кызматкери медициналык камсыздандыруу компаниясы менен келишим түзгөн мекеменин камсыздандыруусунда катышуусунун өкүмү кандай?

Мекеме өкүлү болгон кызматкердин атайын медициналык камсыздандыруу компаниясы менен келишим түзүшүнүн өкүмү кандай?

**<u>Жооп</u>:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Сиз, эй боордош, суроого дагы да айкындык киргизсеңиз жакшы болмок…

Ошондуктан, эгер суроодон кызматкерлердин саламаттыгы өздөрү иштеп жаткан мекеме тарабынан камсыздандырылышынын өкүмү максат кылынган болсо т.а. мекеме кызматкерди жана үй-бүлөсүн дарылоонун акысына анын маянасынын бир бөлүгүн алып калса, мунун жообу төмөнкүдөй:

**Медициналык камсыздандыруу карата:**

Эгер ден соолукту камсыздандыруу жумуш ордунун келишимине байланыштуу болсо т.а. ден соолукту камсыздандыруу жеке өзүнчө келишим эмес, жумуштун шарттарынын бири болсо, жайиз. Эгер, ден соолукту камсыздандыруу өзүнчө келишим болсо, жайиз эмес.

Мунун тафсилаты төмөндөгүдөй: Эгер, иш ээси маянанын бир бөлүгүн алып калуу акысына жумушчунун жалгыз өзүн же үй-бүлө мүчөлөрү менен бирге дарылатууга жумушчу менен келишсе, жайиз. Себеби, асл келишим ижара келишими жана иш ээси жумушчуну же анын үй-бүлө мүчөлөрүн дарылатышы жумуш келишимине байланыштуу. Келишимдердеги шарттар тыюу салынганына нусус келген болсо гана тыюу салынат, мисалы, арамды адал же адалды арам кылуу сыяктуу. Анын жайиз болушу үчүн ага уруксат бере турган нусуска кажет жок, тыюу салынышына нусус келбеши керек. Т.а. ал амалдарга окшобойт. Амалдардагы асл шаръий өкүмгө байланыштуу. Ошондуктан, амалдарда кылууга уруксат берген нусус болушу керек. Келишимдерде болсо, шарттар жайиз, анын тыюу салынганына нусус келбеген болушу лазым. Касир ибн Абдуллах ибн Амр ибн Авф Музаний атасынан, атасы чоң атасынан риваят кылган хадисте Расулуллах A айтты:

«وَالْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ إِلَّا شَرْطًا حَرَّمَ حَلَالًا أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا»

**«Мусулмандар өз шарттарына бапаа кылуулары лазым, адалды арам же арамды адал кыла турган шартка бапаа кылышпайт»** (Термизий риваяты).

Бул бир жактан, башка жактан болсо, мында жумушчунун маянасынын бир бөлүгү алып калынат. Ушуга ылайык, иш ээси маянадан алып калуу акысына жумушчунун же анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн

ден соолугун камсыздандырат. Бул, жайиз, алгач эле жумушчу же үй-бүлөсүнүн ден соолугу камсыздарылыганбы, же оболу жумушчунун өзүнүн, кийинчерээк жумушчу менен иш ээсинин ортосунда өз ара ыраазылык менен анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн да ден соолугу камсыздандырылып, келишимдин бир бөлүгүнө айланып калганбы, мунун айырмасы жок. Булар – жайиз.

Ал эми, ден соолук камсыздандыруу өзүнчө бөлөк келишим болсо, жайиз эмес. Т.а. бир мекеме түзүлүп, бул мекеме коомчулукка «ким ооруп калганда дарылануууну кааласа, ай сайын бизге каражат өткөрүп турсун. Биз өткөрүлгөн бул каражат акысына анын дарыланышын кепилдейбиз» деп жарыялайт жана адамдар менен ошонун үстүндө келишим түзөт. Бул, белгисиз нерсе үстүндөгү келишим. Себеби, адам качан оорушу же оорусунун оор же жеңил болушун билбейт.

**Боордошуңуз** **26-зул-каъда, 1434-х.**

**Ато ибн Халил Абу Рушта** **2-октябрь, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (фикхий):

## ابوايهم المقدسيдин карыздын шаръий түрдө мүлккө ээ болуу себептеринин бири экендиги туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Сүйүктүү шайхыбыз. Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. «Исламдагы экономикалык түзүм» китебинде айтылышынча, мүлккө ээ болуу себептери бешөө: эмгек, мурас, жашоо үчүн мал-мүлккө болгон муктаждык, мамлекеттин өз малдарынан калкка бериши, жеке адамдар мал же эмгек сарптабай ала турган малдар. Бирок проблемабыз башка: карыз мал-мүлккө ээ болуу себептериненби же малды өстүрүү себептериненби? Проблемабызды ачыгыраак баян кылуу үчүн мен адамдар арасында пайда болгон төмөнкү мисалды келтиремин: элестетип көрүңүз, бир киши эч кандай мал-мүлккө ээ болбой туруп бирөөдөн миң динар карыз алды жана базарга барып, ага товар алып, андан кийин ошол товарды сатып 500 динар пайда тапты. 500дү да, 1000ди да колуна кармагандан кийин, карызды ээсине кайтарып берди. Бул иши мал-мүлккө ээ болуу үчүн себеппи? Же малды өстүрүү үчүн себеппи? Аллах сизге береке берсин жана сиздин колуңуз менен нусрат тартууласын. Сизди жакшы көрүүчү боордошуңуз Абу Айхам Макдисий.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Адам карыз катары алган мал колуна тийери менен анын мүлкүнө айланат, бул малдан каалаган тарапта эч кандай чегарасыз пайдалана берет, бирөөгө белек кылышы, өзүнө жана үй-бүлөсүнө жумшашы, соода ишине жана башка ишке коюшу... мүмкүн. Мында анын карыз берген адамдын малын кайтарууга милдеттүү экендиги таасирин тийгизбейт. Себеби, карыз анын мойнунда собит турат, малдын өзүнө анын тиешеси жок. Себеби, малдын дал өзү карыздар адамдын мүлкүнө айланып калат жана анын милдети мына ушул малдын дал өзүн эмес, тескерисинче окшошун төлөө.

Бир киши бирөөдөн карыз алса, бул мал анын мүлкүнө айланат. Аны соодага койсо, демек, ошол малды өстүрүү иштеринин бири менен алектенип жаткан болот, анын соодасы мүлктү өстүрүү себептерине кирет, мүлккө ээ болуу себептеринен эмес. Себеби, карызга алынган малдын асли соода кылып жаткан адамдын т.а. карыздар адамдын мүлкү болуп эсептелет. Ушуга ылайык, ошол соодадан киреше болгон мал-мүлк ошол аслий мал үчүн бир өсүү болот жана мүлккө ээ болуу себептерине тиешелүү болбойт. Бул нерсе карыз алган адамдын соодасында зыян көргөн убакта дагы да даана көрүнөт, себеби, бул зыян анын малына барып такалат, карыз берген адамдын малына эмес. Себеби, карыз алган адам соодасынан пайда көрдүбү же зыян тарттыбы, буга карабастан, карыз берген адам карыздын мөөнөтү жеткен убакта ага толук акылуу.

Демек, карызга мал алуу мүлккө ээ болуу себептеринин бири болуп, «мал же эмгек сарптабай» мүлккө ээ болуу беренесине кирет. Себеби, бул мал карыздар адамга мал-мүлккө ээлик кылуу жана андан шаръий өкүмдөргө ылайык пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет. Суроо берген боордош – карыздын карыздар адам тарабынан төлөнүшү «мал же эмгек сарптабай» мүлккө ээ болуу себептеринин 5-беренесине тескери деп ойлоп жаткан окшойт. Жок, андай эмес. Мал жана эмек сарптабай нерсе берүү т.а. белек, хадя, карыз жана садака берүүдө алган адамдан финансылык акы же кызмат акы талап кылынбайт. Башкача кылып айтканда, адам бирөөгө белек берсе, белегинин акысына андан финансылык акы же кызмат акы албайт. Эгерде карыз сураган кишиге ал карыз берсе, ал үчүн андан финансылык акы да, кызмат акы да албайт. Эгерде садака кылса, ал садака алган адамдан бул үчүн финансылык акы да, кызмат акы да албайт.

«Мал же эмгек сарптабай», сөзүнүн мааниси мына ушундай. Ошондуктан, белек – мүлккө мыйзамдуу жол менен ээ болуу себебинен болгондуктан – белек алган адамдын мүлкүнө айланат. Кудум ушул сыяктуу эле карыз да – мүлккө мыйзамдуу ээ болуу болгондуктан – карыз алган адамдын мүлкү болуп калат. Садака да кудум ушундай.

Инша Аллах, бул тууралуу жаркын элестетүү пайда болду деген үмүттөмүн.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **11-рамазан, 1436-х.**

**28-июнь, 2015-м.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

*Суроо-жооб*

**Коронавирустун кесепети**

*Суроо:*

2020-жылы 4-январда Кытай биринчи жолу COVID-19 аталышындагы вирус оорусу жайылып, айрыкча, ал Ухань шаарында таралып, андан ондогон адамдар жабырланганын билдирди. Кийин вирус бүт дүйнөгө жайылды. Көптөгөн өлкөлөр чек араларын жаап, жума намазда жана башка коомдук жайларда чогулууга тыюу салды... Бул илдет дүйнөлүк экономикага сокку урду. Америка менен Кытай бири-бирин айыптоого ала башташты... Бул вирус илдетинин келип чыккан орду эмне? Дүйнөлүк экономикага канчалык тескери таасирин берет? Кийин, бул ооруну туура дабалоонун жолу кандай? Бул илдет себебдүү жума намазын токтотуп коюу туура болобу?

*Жооб:*

Коронавирус илдети бул англис тилиндеги «Crown» (таажы) сөзүнөн алынган аталышта аталды. Анткени, электрондук микроскоп менен караганда анын көрүнүшү таажы сымал болгон. Ал биринчи жолу 1960-жылы Corona Viridi аталышы менен белгилүү болгон. Бул вирус түркүмүндөгү SARS вирусу 2003-жылы Гонконгдо жайылып, 8422 адам жабыркап, 916 адам мерт кеткен. 2004-2005-жылдары да вирустун ушул түркүмдөгү жаңы түрлөрү ачыкка чыккан. Андан кийинки жылдары да ушул түркүмдөгү вирустар белгилүү болду, айрыкча, 2012-2014-жылдары. Бирок, анын жайылуу чеги чектелүү болуп, кээ бир өлкөлөрдө гана орун алган. 2019-жылы декабрда Кытайдын Ухань шаарында 96% SARS-2 вирусуна окшош вирус тарап, ал 2019-жылы жүз бергендиги үчүн ага COVID 2019 аталышы берилди. Кыскартылып COVID-19 деп аталып калды. Андан биринчи кезекте жабыркагандардын көпчүлүгү Кытайдын Ухань шаарындагы деңиз жаныбарларын саткан базардагылар болду. Кийин вирус Кытайдын кошуна өлкөлөрүнө тарай баштады. Бул таажы вирусуна 96% окшош вирус жаргананатта да катталагандыктан, анын аслы (өзөгү) жарганат болгон деген пикир басымдуу болуп калды. Вирустан жабыркагандардын өлүмү күн санап көбөйө баштады. Алардын көпчүлүгү Кытайга туура келип, вирустан жабыркагандардын саны 81193кө жетип, өлгөндөр 3 миңден ашып кетти. Кийин илдет Италия, Иран, Испания, Франция жана Америкада күч алды. Бул вирус илдетинин тез таралышы дүйнө жүзүн сестентти. 2020-жылы 24-мартта бул вирустан жабыркагандардын саны 404000ге жетти, өлгөндөрдү саны 20 миңге чамалап бара жатат. («Deutsche Welle», 25.03.30). БУУнун генсекретары Антонио Гутерриш: «Эгер Таажы-19 вирусунун жайылышы ооздукталбаса, миллиондогон адамдар өлөт», - деди. («EuroNews», 19.03.20). Ушул себептен улам, көптөгөн өлкөлөр мектептерди, ЖОЖдорду, коомдук жайларды жапты. Ошондой эле, жалпы түрдө карантинге алынып, комендanттык сааттар киргизилди жана жума намаздары токтотулду... Ошондуктан, бул жаатта тактай турган маселелер пайда болду, алардын баяны төмөнкүдөй:

Биринчиден**: бул илдет бирөөлөр тарабынан атайын пайда кылындыбы же адамдардын ыплас иштеринен кайтаруу үчүн Аллахтын казасындагы башка оорулар сыяктуу эле табигый жүз берген илдетпи?**

Экиничиден**: капитализм бул маселени туура көрүнүштө дабалай алабы? Мындай кырдаал шаръий жактан кандай дабаланат?**

Үчүнчүдөн**: бул илдеттин мунай баасына жана дүйнөлүк экономикага тийизген кесепети кандай болот?**

**Төртүнчүдөн**: бул илдет себептүү жамаат менен намаз окууга жана жума намазына тыюу салуу жайизби?

**Бириничиден: илдеттин пайда болушу жана анын артында турган нерсе:**

1 – Алгач Таажы-19 вирус илдети Кытайда тарай баштаганда медицина илимий изилдөө борборлору бул вирус жаныбарлардан адамга жуккан дешти. Адатта бутпарастар жаман-жакшыны айырмалабастан, көзүнө көрүнгөндүн баарын жей бере турган калк болот. Биз жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Кытайдын Хубэйдеги Ухань шаары кооп-коркунучтуу эттерди саткан борбор катары саналат жана ушул шаар бул илдеттин чыккан очогу болуп калды.

Мына ушундайча бул таажы вирусу Кытайда жайылып, кийин Ирандагы Кум шаары аркылуу өтчү темир жолду Кытай компаниясы куруп жаткан Кытай жарандары аркылуу ирандыктарга жайылды. Анын натыйжасында, Иран Ортоңку Чыгыштагы таажы вирусу жайыла турган очокко айланды. Ошондой эле, Италия транспорт инфраструктурасы үчүн Кытай инвестициясына жол ачкан. Отчеттордо көрсөтүлгөндөй, Ломбардия жана Тоскана Кытай инвестициясы эң көп тартылган аймак болуп эсептелет. 21-февралда Ломбардияда алгачкы жолу таажы вирусу жуккан биринчи учур катталды жана бул аймак ушул илдет эң кеңири жайылган аймак болуп калды.

2 – Америка бул Таажы-19 пандемиясына каршы Кытай алгылыктуу күрөшө албай жаткандыгын жана илдет башталган учурда аны жаап жашыргандыгын айыптап, ага карата маалымат чабуулун кылды. Американы бул кадамына каршы Кытай ТИМинин басма сөз катчысы Чжао Ли Цзян кызуу кандуулук менен Твиттердеги баракчасында мындай деп жазды: «Америка аскерлери Кытайдын Ухань шаарына Таажы-19 вирусун алып келиши мүмкүн». («Шаркул Авсат», 13.03.20). Трамп Кытайга карата чабуулун кайрадан кайталап, мындай деди: «Дүйнө Кытайдын акырындык менен жаңы таажы вирусу тууралуу берген маалыматына эбегейсиз акча төлөйт». («Евроньюс», 19.03.20). Трамп 2020-жылы 16-мартта Твиттердеги баракчасына таажы вирусун Кытай вирусу деп сыпаттады. «Америка Кытай вирусу менен аба каттамдары сыяктуу өтө жабыркап жаткан тармактарга колдоо көрсөтөт». Кытай буга каршы жооп катары ТИМи аркылуу 2020-жылы 17-мартта мындай деди: «Бул комментарий Кытайдын атын булгайт, ошондой эле, бизди ачууландырды. Муну биз кескин четке кагабыз». («Россия сегодня», 18.03.20). Кытай Таажы-19 вирусун таратуунун артында Америка турат деп ага күмөн артканда Америка 2020-жылы 13-мартта Пекиндеги элчисин чакыртып алды. Америка ТИМинин жооптуусу мындай деди: «Кооптуу жана шылдыңчыл кутум теорияларды таратуу, биз дүйнөнүн жана Кытай элинин кызыкчылыгы үчүн мындай ыплас ишке эч качан барбастыгыбызды Кытай өкмөтүнө эскертип койууну каалайдык. Кытай бул дүйнөлүк пандемиянын башталышына роль жараткандыгы үчүн кийин айыптоолорго кабылып калышын алдын алууну каалап жатат». («Синьхуа» агентиги). «Пекин миллиондогон адамдарды карантинге алган катаал чараларды киргизгендигин, дүйнөгө даярданып алуу үчүн «баалуу убакытты» тартуулай тургандыгын, бул эл аралык коомчулук моюнга алган нерсе экендигин баса белгиледи». («Россия сегодня», 15.03.20).

3 – Таажы-19 (sars-cov2) вирусунун жайылышы тууралуу ушундай көрүнүштө Америка менен Кытай ортосунда сөз ыргытуу согушу орун алды. Бул эки мамлекет бири-бирин бул илдеттин таралышынын артында турат деп айыпташты. Ошону менен бирге, бул эки мамлекеттеги колдонулуп жаткан түзүм бул вирус илдетин таратуу артында турушу чындыктан алыс эмес, бирок, изилдөөлөрдөн кийин Америка же Кытай бул вирус илдетин таратуунун артында турат деген ишенимдүү далил болгон жок. Анткени, бул нерсе – вирусту

ким жуктурду же ким аны пайда кылып, кийин аны башкаларга таратты деген эки нерседе ачык-айкын көрүнөт:

Биринчиден: анткени бул эки өлкө тең ушул илдетке кулагына чейин батып турат!

**Жогоруда айтып өткөнүбүздөй жана 2020-жылы 23-мартта Кытайдын улуттук саламаттыкты сактоо комиссиясынын эсептөөлөрүнө ылайык, Кытайда жабыркагандардын саны 81272, өлгөндөрдүн саны 3273 болду. («Авму саабиг», 23.03.20). Эгер, Кытай бул илдетти таратуунун артында турган болсо, жок дегенде бул илдеттен кутулмак.**

Ал эми, «CNN Health» эсептөөлөрүнө ылайык, Америкада Таажы-19 вирусунан жабыркап өлгөндөрдүн саны 704кө жетти. Илдетке чалдыккандардын саны 52976 жетти. («CNN Arabic», 25.03.20). Бул көрсөткүч менен Америка Кытай жана Италиядан кийинки эле үчүнчү орунга чыкты... Акыркы иш-чараларга ылайык, жети штатта жалпы түрдө америкалыктардын үчтөн бири үйдөн чыкпоолоруна буйрук берилген. Жекшемби күнү Луизиана жана Огайо штаттары кеңейтилген карантинди жарыялады. Ал карантин Нью-Йорк, Калифорния, Иллинойс, Коннектикут жана Нью-Джерсини өз ичине алды. («Аль-Жазира» 23.03.20). Эгер, Америка бул вирус илдетин таратуунун артында турса, жок дегенде бул илдеттен кутулмак.

**Экинчиден: ушул Таажы-19 илдети бул эки мамлекеттин бири тарабынан жасалган деген сөз чындыкка дал келбейт. Анткени, бул вирус лабораторияда жасалган деген эч кандай ишенимдүү далил жок. «Nature Medicine» журналында айтылгандай: «Белгилүү коронавирустук түркүмдөрдүн геномунун ыраттуулугун салыштыруу маалыматы аркылуу Таажы-19 вирусу табигый түрдө келип чыккан деп ишенимдүү түрдө айта алабыз». Журнал минтип кошумчалайт: «Бул пикирди ушул вирустун молекулалык жалпы түзүлүшү тууралуу маалымат да тастыктап турат. Ким бул вирусту лабороторияда жасоону ишке ашырган болсо, анда, ал нерсе анын молекулалык түзүлүшүнөн көрүнмөк». (npr.org). Бул нерсе Орусия, Европа, Иран сыяктуу башка мусулман өлкөлөрүнө да тиешелүү. Анткени, бул өлкөлөр илдетти жуктуруу тарабынан алып караганда Америка же Кытайдын биринен таасирлениши басымдуу.**

Ошондуктан илдеттин пайда болушуна Аллах Куранда айткан себептен башка себеп калбайт:

﴿ظَهَرَ الْفَسَادُ فِي الْبَرِّ وَالْبَحْرِ بِمَا كَسَبَتْ أَيْدِي النَّاسِ لِيُذِيقَهُمْ بَعْضَ الَّذِي عَمِلُوا لَعَلَّهُمْ يَرْجِعُونَ﴾

***«Адамдардын кылган иштери себептүү аларды бул иштеринин убалын таттырып койуу үчүн жерде жана деңизде бузулуулар пайда болду, мүмкүн, алар*** *(адамдар жасаган иштеринен)* ***кайтар»***

[Рум:41]

Биз баарыбыз капиталисттер жана алардын жүгүртөктөрү дүйнө бойлоп кандай бузгунчу ыплас иштерди жасап жаткандарын айдан ачык билебиз. Алар жалаң гана пайда жана жеке кызыкчылык үчүн иш кылышат. Америка, Кытай, Орусия жана Европа аткаминерлеринин иштери буга аттын кашкасындай күбө. Алар өзүнүн элдери жана бүткүл дүйнө бактысыздык кебетесин кийгенине себепкер. Алардын адамзатка карата кылган кылмыштарын жер көтөр алгыс. Алар коргоосу жок адамдарды өзөктүк бомба жана байытылган уран менен бомбалашты. Өрттөөчү напалмалык бомбалар менен бомбалашты. Африка аймагын биологиялык, химиялык куралдарды сынай турган майданга айлантып, андагы урууларды

жапайы кыргынга учуратты. Индейлерди тукум курут кыргынына салгандары алардын маңадайында ташка тамга баскандай өчпөс болуп калды. Кытайдын уйгур мусулмандарына кылган жырткычтыгы бүтүндөй чектен ашты. Орусиянын Орто Азия мусулмандарына карата кылмышы, Сербиянын Балкандагы мусулмандарга кылган кылмыштары, ошондой эле, Орусиянын Шамдагы мусулмандарга карата кылган кылмыштары бүгүнкү күнгө чейин уланып жатат. Британиянын Индиядагы мусулмандарга жана кайрымусулмандарга карата кылган кылмышынын кесепети азыркы күнгө чейин уланып келүүдө. Мына ушундайча азыркы дүйнө мамлекеттерин башкарып жаткан акимдер адамзаты бүгүнкүдөй бактысыздыкка түшүшүнө бирден бир себепкерлер. Аллах айтат:

﴿فَأَصَابَهُمْ سَيِّئَاتُ مَا كَسَبُوا وَالَّذِينَ ظَلَمُوا مِنْ هَؤُلَاءِ سَيُصِيبُهُمْ سَيِّئَاتُ مَا كَسَبُوا وَمَا هُمْ بِمُعْجِزِينَ﴾

***«Алардын жасаган жаман амалдарынын кесепети өздөрүнө жетет. Алардан залим болгондорунун жасаган жаман амалдарынын кесепети өздөрүнө жетет. Алар азаптан кутула алышпайт»*** [Зумар:51]

**Экинчиден: капиталистер жана алардын жүгүртөктөрү бул маселени туура эмес дабалоосу. Бул маселени туура дабалоо – бул шарий дабалоо гана болуп саналат:**

- Капиталисттер жана алардын жүгүртөктөрү бул маселени үч этапта дабалоону жолго коюшту: биринчи, кырдаалды көзөмөлгө алуу**:**

**– Биринчи көргөн чаралары маселени жашыруу болду:**

1 – Кытайдын отчётунда көрсөтүлгөндөй, Кытай бийлиги алгач 2019-жылы декабрдын ортосунда бул вирус илдети тарап жатканын өз жарандарынан жана бүтүндөй дүйнөдөн жашырып, аны моюнга алган жок. Качан гана жыл аягында бул илдеттен жабыркагандар көбөйүп, өлүмдөр каттала баштаганда ачыкка чыгарды. Кытай-Америка маалымат каражаты «Шан Вэй Ван» кабарына ылайык: «Кытай бийлиги вирус илдети тарап жаткан Ухань шаарындагы деңиз азыгын саткан базарды январь айында гана жапкандыгы айтылды. Отчётто илдет тарап жаткандыгы тууралуу такталбаган маалымат таратты, мыйзамга тескери иш кылды деп 8 адамдын камалгандыгы көрсөтүлдү. Ошондой эле, Ухань бийлиги бул нерсени табигый көрүнүш катары санап 18-январда 40000 үй-бүлө катышкан жергиликтүү каада-салты өткөргөндүгү айтылды. («Ранее», 01.02.20).

2 – Ошондой эле, Кытай бийлиги Кытай элин бул вирус илдетинин олутуулугу тууралуу 31-декабрга чейин эскерткен жок. Пекин 31-декабрда Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмуна билдирип мындай деди: «Оорудан сактануу жана аны көзөмөл алуу мүмкүн». 23-январда Кытай бийлиги Ухань шаарын жаап, ага кирип чыгууга тыюу салды. («Масравы», 23.03.20).

**– Көрүлгөн экинчи чара – карантин жана жарым жартылай обочолонтуу:**

1 – Кошмо Штаттардын саламаттыкты сактоо кызматкерлери ишемби күнү жаңы коронавирусунун сегизинчи учурун тастыкташты. АКШ коргоо министрлиги чет өлкөдөн келгендер карантинге алынышы мүмкүндүгүн жана алар баш калкалоочу жай менен камсыз кылынат деп билдирди. Кытайдын ортосунда жайгашкан Хубэй аймагы жана андагы Ухань шаары карантинге алынган... («Sky News», 22.02.20).

2 – Америка Кошмо Штаттарында Нью-Йорк штатынын губернатору Эндрю Комо «биз карантиндебиз» жана «биз көрө турган эң катуу чара» деп аны баса белгиледи. Нью-Йоркто, Калифорнияда, Нью-Джерси жана Иллинойс шаарларында карантин койулуп, 85 миллиондон ашык адам азык-түлүк сатып алуудан жана кыска сейилдөөдөн башка жагдайларда үйлөрүндө калуулары милдетендирилди... («Deutsche Welle», 20.03.20).

**– Көрүлгөн үчүнчү чара – үйлөрдө дээрлик бүтүндөй обочолонуу:**

«Франс Пресс» эсептөөлөрүнө ылайык, карантиндик чечимдер, сунуштар же коменданттык сааттын киргизилиши себептүү, дүйнө жүзүндөгү жүз миллиондогон адамдар он бир миңден ашуун адамдын өмүрүн алган коронавирустун жайылышын ооздуктоо максатында өз үйлөрүндө обочолонуп жатууга мажбур болушту. Адамзаттын тарыхында болуп көрбөгөн мындай катаал чара ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай деңгээлде ишке ашырылууда... 30дан ашуун мамлекетте 800 миллиондон ашык адамды үйлөрүндө калууга чакырылды. Германияда бийлик коомдук жашоону чектөө чараларын күчөтүүнү жана көпчүлүк тургундарды үйлөрүндө калууга милдеттендирген чараларды караштырды. Европадагы эң көп жабыр тарткан өлкө Италия 4000 кишинин өмүрүн алган вирустан сактанууга даярданып, вирустун андан ары жайылышын ооздуктоо максатында эски континенттеги калкка карантин жарыялоону буйрук кылган биринчи өлкө болуп калды... Бардык сейил бактар жана коруктар ушул жекшемби күнү адамдар үчүн жабык болот жана италиялыктарды үйлөрүндө калууга мажбурлаган башка чектөөлөр да киргизилди. Бийлик өлкөдө 24 сааттын ичинде 627 адам вирустан көз жумгандыгын жарыялагандан кийин, бул көрсөткүч кризис башталгандан берки эң жогорку туу чокусу болуп калды... («Deutsche Welle», 21.03.20).

- Ушул үч ыкма каралып чыккандан кийин, алар көйгөйдү чечпегени белгилүү болот, тескерисинче, экономиканын ийгиликсиздигин дагы артырып дагы бир ийгиликсиздикке жеткире тургандыгы көрүнөт. Кийин бул илдет себептүү биз угуп-билип жүргөн капиталисттик коомдогу адамдар капиталисттик түзүмдүн зулумунан кыйналышын, андан чарчап чаалыгышын дагы артырат.

Демек, бул дарттын туура дарыланышы – Аллахтын мыйзамында көрсөтүлгөндөй – мамлекет ооруну башынан баштап байкап, ооруну анын келип чыгуу жерине чейин чектейт жана башка региондордогу дени сак адамдар иштей беришет...

Имам Бухарий өзүнүн «Сахих»инде Усама ибн Зайддан риваят кылган хадисте Набий ﷺ айтат:

**«إِذَا سَمِعْتُمْ بِالطَّاعُونِ بِأَرْضٍ فَلَا تَدْخُلُوهَا وَإِذَا وَقَعَ بِأَرْضٍ وَأَنْتُمْ بِهَا فَلَا تَخْرُجُوا مِنْهَا»**

**«Эгер, кайсы бир жерде кара тумоо оорусу чыккандыгын уксаңар, ага кирбегиле. Эгер, силер жашаган жерден чыкса, ал жерден чыкпагыла».**

Бухарий жана Муслимде келген о.э. Усама ибн Зайддан риваят кылынып, лафзы Муслимге таандык болгон дагы бир хадисте Пайгамбар алайхиссалам айтат:

**«الطَّاعُونُ رِجْزٌ أَوْ عَذَابٌ أُرْسِلَ عَلَى بَنِي إِسْرَائِيلَ أَوْ عَلَى مَنْ كَانَ قَبْلَكُمْ فَإِذَا سَمِعْتُمْ بِهِ بِأَرْضٍ فَلَا تَقْدَمُوا عَلَيْهِ وَإِذَا وَقَعَ بِأَرْضٍ وَأَنْتُمْ بِهَا فَلَا تَخْرُجُوا فِرَاراً مِنْهُ»**

**«Кара тумоо – жаман же азап, бани Исраилге же алардан мурункуларга жөнөтүлгөн. Кайсы жерде анын чыккандыгы тууралуу уксаңар, ал жакка кирбегиле, эгер, силер турган жерден чыкса, ал жерден качып чыкпагыла».**

Бухарий Аиша розияллаху анхадан риваят кылган хадисте Аиша энебиз айтат: «Пайгамбар Aдан кара тумоо тууралуу сурадым, ал мага мындай деди:

**«أَنَّهُ عَذَابٌ يَبْعَثُهُ اللَّهُ عَلَى مَنْ يَشَاءُ وَأَنَّ اللَّهَ جَعَلَهُ رَحْمَةً لِلْمُؤْمِنِينَ لَيْسَ مِنْ أَحَدٍ يَقَعُ الطَّاعُونُ فَيَمْكُثُ فِي بَلَدِهِ صَابِراً مُحْتَسِباً يَعْلَمُ أَنَّهُ لَا يُصِيبُهُ إِلَّا مَا كَتَبَ اللَّهُ لَهُ إِلَّا كَانَ لَهُ مِثْلُ أَجْرِ شَهِيدٍ»**

**«Ал – азап, Аллах аны кимге кааласа, аны жөнөтөт. Аллах аны момундарга рахмат кылды. Кимге кара тумоо жетип, ал өзү турган жеринде калып, ага Аллахтын гана жазган казасы жетээрин билип, сооп үмүт кылып сабыр кылса, ага шейиттин сообу берилет».**

Бул бардык мамлекеттерден озуп кеткен бир өлкөдөгү карантиндин бир түрү. Ал Аллахтын Пайгамбары жана Расулу жетектеген биринчи даражадагы цивилизациялуу мамлекетте, Аллахтын ыраазылыгына жетүү, Исламды жакшы үлгү кылып көрсөтүү үчүн колдонулган Исламий Халифалык мамлекеттинде ишке ашкан. Ибн Хажар Фатх Барий: Умар Γ Шамга карай чыгып Серагга  келгенде, Шамда эпидемия болуп жаткандыгы тууралуу кабар келди, Абдуррахман Ибн Авф Умар Γга Пайгамбар Aдын:

«إِذَا سَمِعْتُمْ بِهِ بِأَرْضٍ فَلَا تَقْدَمُوا عَلَيْهِ، وَإِذَا وَقَعَ بِأَرْضٍ وَأَنْتُمْ بِهَا فَلَا تَخْرُجُوا فِرَارًا مِنْهُ»

**«Эгер, кайсы бир жерде кара тумоо оорусу чыккандыгын уксаңар, ага кирбегиле. Эгер, силер жашаган жерден чыкса, ал жерден чыкпагыла»** деген хадисин айтты. Умар Γ ал жерден артка кайтып кетти. Башкача айтканда, кара тумоо тарагандыгы тууралуу кабарды уккандан кийин Умар Γ мусулмандар менен ал жакка кирбестен, артка кайтып кетти.

Демек, Ислам мамлекетти ооруну өз орду менен чектейт жана анын тургундары ошол жерде калат. Башка тургундар ал жакка киргизилбейт. Мамлекет өзүнүн мыйзамдуу шарий милдетин аткарышы үчүн, ал – камкор жана коопсуз мамлекет. Ислам мамлекети жугуштуу оорулардын жайылуусун алдын алууда ушул процедураларды аткаргандай эле, бардык жарандарга акысыз медициналык жардамдарды жана дары-дармектерди берет, ошондой эле, ооруканаларды, медициналык лабораторияларды жана мамлекеттик жарандардын билим алуусун жана коопсуздугун камсыздоо сыяктуу башка негизги муктаждыктарын камсыз кылат.

Ошентип, туура дабалоонун жолу – бул жугуштуу ооруну өз ордунда бөлүп алуу жана бейтаптардын ден соолугун чыңдоо, акысыз кам көрүү жана дарылоо болуп саналат. Ден соолугу чың адамдар өз ишин улантышат, ал эми, социалдык-экономикалык жашоо жугуштуу ооруга чейинкидей улануусу керек, антпесе, адамдардын коомдук жашоосу токтоп, үйлөрдө обочолонуп, анан экономикалык жашоо шал болуп же дээрлик жок болот, ошондуктан, анын натыйжасында башка кризистин улам-улам көбөйө беришине шарт жаралат.

**Үчүнчүдөн: бул оорунун (таажы вирусунун) мунайдын баасына жана андан кийин дүйнөлүк экономикага тийгизген таасири:**

**Дүйнөлүк экономика пандемиясыз эле кадимки кырдаалда да өсүшүн жайлатууда... Дүйнөнүн аракеттери кандайча карантинге жана толук же жарым-жартылай обочолонууга аргасыз болот? Бул чаралар дүйнөлүк экономиканы кыйроого алып келбесе, андан ары өсүшүн басаңдатат. Вирус дүйнөлүк сооданы алсыздандырып, мунай баасынын төмөндөшүнө алып келди. Мунайдын баасы өтө төмөн деңгээлге түштү. Бул Россия менен Сауд Арабиянын ортосунда баа согушун жаратты, анткени, Россия экономикада мунайга көбүрөөк таянат, ошондуктан, өзүнүн мунай өндүрүшүн көбөйтүүгө аргасыз болду. Америка Сауд Арабияны Россияга каршы туруу үчүн мунай өндүрүүнү көбөйтүүгө түрттү. 2020-**

**жылы 19-мартта Америка президенти Трамп Россияны коркутууга алып «Сауд Арабия менен Россиянын ортосунда болуп жаткан баалар согушуна ыңгайлуу учурда кийлигише тургандыгы» билдирди... («Al-Hurra American», 19.03.20). Сауд Арабия Орусияга каршы Американын базардагы үлүштөрүнүн эсебинде салгылашуу алып барууда, ушул айда үч жыл доор сүргөн мунай өндүрүшүн кыскартуу боюнча Саудия менен Орусиянын мурунку макулдашуусу жокко чыкты. Коронавирустун жайылуусуна байланыштуу глобалдуу суроо-талап кескин төмөндөгөндүктөн ушул аптада болжол менен мунай баасы 20 жылдын ичиндеги баалардын эң төмөнкү деңгээлине түшүп жаткан учурда өлкөлөр мунайды толук кубаттуулугунда өндүрүп жатышат. Brent фьючерстер аралашма мунайынын бир баррелинин баасы 28,75 долларга арзандады. Орустар Сауд Арабия менен Американын мамилесин билишкенине карабастан, Роснефтинин басма сөз катчысы Михаил Леонтьев Орусиянын маалымат агенттигине мындай билдирүү берди: «ОПЕК+ келишимин бир нече жолу узартуунун натыйжасында кыскартылган бардык майлардын дүйнөлүк базардагы орду америка сланец майы менен толук түрдө толукталып жана тез арада анын ордун толтурду». («Reuters», 08.03.20). Бирок, орустар буга каршы эч кандай чара көрө алышпады. Тескерисинче, Саудия Россия менен болгон кризисти күчөттү, мурунку (2,1 миллион баррелге кыскартуу) келишимин узартпоо чечимин кабыл алып, мунай өндүрүүнү көбөйтүүгө токтом кылды. (Дүйшөмбү күнү мунайга болгон баа 1991-жылы Булуңдагы согуштан кийинки эң чоң жоготууга учураган үчтөн бир баасына түшүп кетти).**

**Ошентип, Brent маркасындагы мунай фьючерстеринин баррели 22 пайызга төмөндөп 37,05 долларга барабар болуп, буга чейин 31 пайызга төмөндөп 31,02 долларга чейин төмөндөгөн 2016-жылдын 12-февралынан берки эң төмөнкү деңгээл болуп калды. («Reuters», 09.03.20). Кийин Саудия азиялык кардарларына мунайдын баасын 6 долларга арзандатты! Бүгүнкү күндө Россия «ОПЕК+» келишимине кайтып келүүнүн жана мунай өндүрүүнүн жаңы кыскартууларына жетишүү максатында ийкемдүүлүктү көрсөтүүнүн жолун издеп жатат!**

Ошентип, дүйнөлүк экономика коронавирустун жайылышы жана андан кийин мунайга болгон баанын төмөндөшү менен катуу силкинди. Эгер, бул абал улана турган болсо, дүйнөлүк экономика иш жүзүндө кыйроого учурашын тездейт**.**

**Төртүнчүдөн: мечиттерде жума жана жамааттык намаздарга тыюу салуу мүмкүнбү?**

Жугуштуу эпидемия жайылган учурда жамаат жана жума намаздарын токтотуу, негизинен жалпы түрдө болбойт. Бейтаптарды бөлүп, алардын жамаатка же жумага мечиттерге келүүсүнө тыюу салынат. Бардык чаралар ишке салынып, тазалыкты сактоо, стерилдештирүү, керек болсо маска кийүү милдеттендирилет жана башка чаралар ишке салынат. Кийин ден соолугу чың адамдар жума сайын намазын токтотпостон окушат. Эгер, мечиттерде намаз окугандардын арасында ооруга чалдыккандар бар шектелсе, текшерүү үчүн медициналык топторго уруксат берилет жана ден соолугу чың мусулмандар жума жана жамааттык намазды бузбастан окушуна шарт жаратуу менен чара көрүлөт. Жума жана жамаат намазы тууралуу келген далилдер топтому жуманын туруктуу үзгүлтүккө учурашын камтыбайт. Балким, жума намазына көп сандаган адамдардын келиши талап кылынбайт. Анын баянын төмөндө ачыктайбыз, кээ бир мусулмандар айрым жеке себептеринен улам жумага келе албашы мүмкүн. Ал төмөнкүдөй**:**

**1 – Жамааттык намазга байланыштуу: бул фарз кифая:**

Жамааттык намаз – фарз кифая, аны жүзөгө чыгаруу адамдарга важиб. Абу Дарда розияллаху анху риваят кылган хадисте Набий ﷺ айтат:

**«مَا مِنْ ثَلَاثَةٍ فِي قَرْيَةٍ وَلَا بَدْوٍ لَا تُقَامُ فِيهِمْ الصَّلَاةُ إِلَّا قَدْ اسْتَحْوَذَ عَلَيْهِمْ الشَّيْطَانُ، عَلَيْكَ بِالْجَمَاعَةِ فَإِنَّمَا يَأْخُذُ الذِّئْبُ مِنَ الْغَنَمِ الْقَاصِيَةَ»**

**«Айылдагы же бедиунден болгон үч адам намаздарын жамаат менен окубаса, аларга шайтан ээлик кылат. Жамаатты бекем карма, бөөрү бөлүнгөн койду алат». (**Абу Дауд риваяты, иснады хасан).

Бул жамаат намазы тууралуу болду. Ал – фарз кифая. Пайгамбар A менен биргеликте окулган жамаат намазына кээ бир мусулмандар келбей койушту. Пайгамбар A алардын үйлөрүн өрттөп жиберүү менен коркуткандан кийин өз жайларына таштап койду. Бухаари риваяты, Абу Хурайра Гдан, Пайгамбар A айтты:

**«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَقَدْ هَمَمْتُ أَنْ آمُرَ بِحَطَبٍ فَيُحْطَبَ ثُمَّ آمُرَ بِالصَّلَاةِ فَيُؤَذَّنَ لَهَا ثُمَّ آمُرَ رَجُلاً فَيَؤُمَّ النَّاسَ ثُمَّ أُخَالِفَ إِلَى رِجَالٍ فَأُحَرِّقَ عَلَيْهِمْ بُيُوتَهُمْ وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَوْ يَعْلَمُ أَحَدُهُمْ أَنَّهُ يَجِدُ عَرْقاً سَمِيناً أَوْ مِرْمَاتَيْنِ حَسَنَتَيْنِ لَشَهِدَ الْعِشَاءَ»**

**«Менин жаным колунда болгон Затка касам. Мен отун жыйнаттырып, кийин намазга азан айттырып, кийин ага бир адамды имамдык кылууга буйруп, кийин ага келбей койгон адамдардын үйлөрүнө барып өрттөп жиберүүнү абдан кааладым. Менин жаным колунда болгон Затка касам, алардын кайсы бири** (намазга келгенде) **бир майлуу жилик эт же койдун туягын таба тургандыгын билишсе, куптан намазына шексиз келишмек».**

Эгер жамаат намазы ар бир мусулманга фарз болгондо, аларды бул абалга калтырмак эмес. Бул куптан намазын жамаат менен окуу тууралуу болду. Жамаатын эң азы имам жана бир уючу адамдын болушу жетиштүү. Буга далил Малик ибн Хувайрис риваят кылган хадис. Малик айтат: «Биз Пайгамбар Aдын алдынан кайтууну каалаган учурда Пайгамбар A бизге мындай деди:

**«إِذَا حَضَرَتْ الصَّلَاةُ فَأَذِّنَا ثُمَّ أَقِيمَا وَلْيَؤُمَّكُمَا أَكْبَرُكُمَا»**

**«Эгер, намаз убактысы кирсе, азан айткыла, кийин коомат айтып экөөңөрдүн жашы улууңар имамчылык кылсын»**. (Муслим риваяты).

Жамаат менен намаз окуу шарий үзүр учурларында гана ташталат, мисалы, суук жана жаандуу күндөрү. Бухарий риваят кылган ушул хадис ал тууралуу келген:

**«كَانَ يَأْمُرُ مُؤَذِّناً يُؤَذِّنُ ثُمَّ يَقُولُ عَلَى إِثْرِهِ أَلَا صَلُّوا فِي الرِّحَالِ فِي اللَّيْلَةِ الْبَارِدَةِ أَوْ الْمَطِيرَةِ فِي السَّفَرِ»**

**«Пайгамбар A сапарда жаан жана суук күндөрү азан чакыртып, кийин анын артынан эле улооңордун үстүндө намаз окугула дечү». (**Бухари риваяты)**.**

**2 – Жума намазына келсек, ал фарз айн болуп, үзүр менен гана калтырылат. Буга далилдер көп:**

Аллах Таала айтат:

﴿إِذَا نُودِي لِلصَّلَاةِ مِنْ يَوْمِ الْجُمُعَةِ فَاسْعَوْا إِلَى ذِكْرِ اللَّهِ وَذَرُوا الْبَيْعَ﴾

***«Эгер, жума күнү жума намазына чакырылсаңар, сооданы таштап Аллахты эстөөгө шашылгыла»*** [Жума:9]

Бул аяттагы буйрук мубахтыктан кайтарган талап жазмды шарт кылган буйрук экенине далалат кылат. Хааким эки сахихтин негизинде «Мустадрак» китебинде Тарик бин Шихааб, Аби Муса аркылуу риваят кылган, Пайгамбар A айтты:

**«الْجُمُعَةُ حَقٌّ وَاجِبٌ عَلَى كُلِّ مُسْلِمٍ فِي جَمَاعَةٍ إِلَّا أَرْبَعَةٌ: عَبْدٌ مَمْلُوكٌ، أَوِ امْرَأَةٌ، أَوْ صَبِيٌّ، أَوْ مَرِيضٌ»**

**«Жуманы ар бир мусулман жамаат менен окуусу фарз, төртөө гана буга кирбейт: кул, же аял же, жаш бала, же оорулуу адам»**. (Хаким бул хадис эки шейхтин шартында сахих деген).

Душмандан коркон адамга важиб болбойт. Ибн Аббас Г кылынат, Пайгамбар A айтты:

**«مَنْ سَمِعَ النِّدَاءَ فَلَمْ يُجِبْهُ فَلَا صَلَاةَ لَهُ إِلَّا مِنْ عُذْرٍ، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ وَمَا الْعُذْرُ؟ قَالَ: خَوْفٌ أَوْ مَرَضٌ»**

**«Ким азанды угуп, ага жооп бербесе, анын намазы жок. Бир гана үзүр учурунда.** Сураштьы: «Я Расулаллах, үзүр эмне?». Айтты: **«Коркуу же оору».** (Байхакий «Сунан кубро» китебинде келтирген).

**Ушундайча жума ар бир мусулманга фарз, бир гана шарий насста келген адамдар мындан үзүрлүү болуп саналат. Алардан башкаларына шарий насс келген эмес, ошондуктан, аларга жума фарз айн болуп саналат. Бул шарий үзүрлөргө кыясталбайт. Шарий үзүр шарий насста келген шарий үзүр болуп саналат. Ага башкалары кирбейт. Ибадаттарды кыяс кылуу, анткени, кыястоо үчүн иллеттүү насс келген эмес, ошондуктан, ал кыясталбайт... Жума намазы үчүн жамаат санына жеткен адам болсо жетиштүү. Сахабалар жума намазы үчүн жамаат санына жеткен адамдардын болушуна ижма кылышкан. Белгилүү бир сандагы адамдын болушун шарт кылган эмес. Балким, жамаат болуу санына жеткен гана адамдардын болушу шарт. Анткени, жамаат болуу жогоруда айтылып өткөн хадисте көрсөтүлдү.**

Пайгамбар A айтты:

**«الْجُمُعَةُ حَقٌّ وَاجِبٌ عَلَى كُلِّ مُسْلِمٍ فِي جَمَاعَةٍ»**

**«Жуманы ар бир мусулман жамаат менен окуусу фарз, төртөө гана буга кирбейт: кул, же аял же, жаш бала, же оорулуу адам».**

**Канча адам окушунун саны да сахабалардын ижмасы аркылуу бекемделген. Жума намазын окуу үчүн белгилүү бир көп сандагы адамдын болуштугу тууралуу далил келген эмес. Балким, үч адамдан жогору жамаат болуп саналгандыгы сахаба ψдын ижмасы менен бекемделген. Анткени, жуманы окууда эки адам жамааттын санына жетпейт, үч адамдан жогорусу гана жума окуу үчүн жамаат саны болуп эсептелет. Ошондуктан, ушуга негизделип жума намазын окуу үч адамдан баштап важиб болот. Эгер, андан аз болушса, алар жума окуй алышпайт, анткени, алар жамаат болуп окуусу үчүн саны жеткен жок. Ижмада**

**жума окулушу үчүн аны окуй турган адамдардын жамаат боло турган саны болушу бекемделген. Ал – үч адамдан жогору.**

**Демек, Халифалык абалында жума же жамааттык намаз үзгүлтүккө учурабайт, тескерисинче, ага үзүрлүү болгон адам келбейт, калгандары катыша берет.**

**Бардык адамдар инфекцияга дуушар болушунун ыктымалдулугу бардык этияттык чараларды колдонгондон кийин да күчтүү күмөндү жаратат деген сөзгө келсек, бул ыктымалдуулук күчсүз. Анткени, айрыкча жамааттын эң аз саны – эки адам, жума окуу үчүн үч адам болушу жетиштүү. Эгер, мындай ыктымалдуулук бар деп эске алган учурда да, ал өз аймагына чектелет. Бул жерде бардык иш дыкаттык менен көзөмөлгө алынышы шарт. Ыктымалдуулук күчтүү болгон учурда да жума намазын же жамаат намазын жокко чыгара албайт. Балким, бардык этияттык жана сактануу чараларын ишке ашыруу, сактануу менен жума окулат. Сактануу дегени фарзды таштоо дегенди билдирбейт. Балким, жугуштуу илдеттен баардык этияттык, сактануу иш чараларын ишке салуу менен оорулуу адамдардын келишине тыйуу салуу аркылуу жума окулат.**

**Бул маселе боюнча басымдуу туура чечим: эгер, мамлекет жогоруда көрсөтүлгөндөй, жайылып кетиши мүмкүн болгон илдетти алдын ала турган текшерүү, сактануу жаатында күч аракетин жумшабастан туруп мечиттерди жапса, адамдарга жумага жана жамаат үчүн мечиттерге баруусуна жол бербесе, анда, мамлекет жума жана жамаат намаздарынан тоскондугу үчүн чоң күнөөкөр болуп саналат.**

Жыйынтыктап айтканда, мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер колонизатор динсиздердин кадамдары артынан кадамдап жүрүшкөндүктөрү чынында абдан кейиштүү. Эгер, бул өлкөлөр белгилүү бир ооруну дарылоодо кыйналып жатышса, алар алардын артынан ээрчишти. Эгер, алар теңсиз болгон бир чечим сунушташса да, мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер аны кол чаап колдоп, туура чечим деп эсептешти. Таажы-19 вирусу өлкөлөрдү сенектик абалга кептеп, жалпы коомдук турмушту токтотуп койуу абалына кептегени аянычтуу көрүнүш. Мусулман өлкөлөрү буга окшогондун бир далайын башынан өткөргөн. Мусулмандар хижранын 18-жылы Шамда Румга каршы согуш алып барып жатканда кара тумоо капташына дуушар болгон... Ушул сыяктуу эле, алтынчы кылымдын ортосунда «Шакфа» деген балээге кабылган жана ал азыр «Аль-Джамра» деп аталат. Ал оору Шамдан Мароккого чейин созулган жана ал азыр Staph бактериялары аталышындагы тери инфекциясы кесепетинен пайда болгон жара болуп эсептелет. Ошондой эле, хижрий 8-кылымдын орто ченинде (хижрий 749-жылы) Дамаскта мусулмандар «улуу чума» деп аталган нерсе дуушар болгон, ушул учурлардын бардыгында мечиттер жабылган эмес жана жума, жамаат намаздары токтотулган эмес. Ошондой эле, адамдарды үйүнө камаган эмес. Балким, оорулуу адамды обочолонтуп, дени сак адамдар жихадды жана өз иштерин улантып, мечитерге барып Аллахтан бул оорудан арылтуу үчүн дуа кылышкан. Бул нерсе алар оорулууларды дарылап, аларга кам көргөндөн кийинки кадамдары болгон, бул анык акыйкат.

**﴿فَمَاذَا بَعْدَ الْحَقِّ إِلَّا الضَّلَالُ﴾**

***«Акыйкаттан кийин бир гана адашуу бар»*** [Юнус:32]

**8-шаъбан, 1441-х.**

**26-март, 2020-м.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

## Суроо-жооб

## Курандын окулушун накл кылуу (сөзмө-сөз бири-бирине айтып жеткирүү) менен Курандын жазылышын накл кылуунун ортосундагы айырма. (Бикр Шамий (بكر الشامي)

**Суроо:**

Ассаламу алайкум рохматуллохи уа барокаатуху.

Мага бул хадисти шархтап берсизби, аны түшүнүүдө бүдөмүк болуп калды. Бул хадис тууралуу уламалардын сөздөрүн да карап чыктым, бирок, бүдөмүктүк кеткен жок.

Ибн Шихааб айтты: Мага Харижату бин Зайд Зайд бин Сабиттен укканын айтты: Мусхафты (Куранды) нускалап жаткан (көчүрүп жазып жаткан) учурда Ахзабдан бир аятты таппай калдым. Пайгамбар Aдын ал аятты окуганын укчумун. Ал аятты издедик, аны Хузайма бин Сабит Ансарийден таптык. Ал:

﴿مِنْ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ﴾

***«Момундардын арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар»*** [Ахзаб 23]

Ушул жерден мен түшүнбөй жаткан нерсе, сахабалар ал жалгыз болгондугу себебдүү таватур даражасына жетпегендигине карабастан, андан муну кандайча кабыл алышты? Анын күбөлүгү эки күбөгө тете деп карганда да таватур даражасына жетпейт да?

Аллах сизге берекесин берсин.

**Жооб:**

Алайкуму ассалам рохматулохи уа барокатуху.

Көрүнүп тургандай, сага Пайгамбар Aдан бизге Курандын окулушунун накл кылынышы менен Пайгамбар Aдын көз алдында жазылган Курандын жазылышын накл кылынышы ортосундагы айырмада бүдөмүк жаралып калган. Бизге Пайгамбар Aдан Курандын окулушунун накл кылынышы сахабалардын ижмасы менен таватур жолу аркылуу келген. Ал Кыямат күнгө чейин Аллахтын коргоосунда ошондой калат. Аллах айтат:

﴿إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ﴾

***«Биз зикрди түшүрдүк, биз аны сактоочубуз»*** [Хижр 9]

Ал эми, бизге Пайгамбар Aдын көз алдында жазылган Курандын накл кылынышында сахаба ψдар өздөрүнүн жаттагандарын эмес, балким, Пайгамбар Aдын көз алдын жазылган Куранды кандай болсо, ошондой топтоону максат кылышкан. Алар жазылган Куранды топтоолору жетиштүү болмок, бирок, сахаба ψдар ар бир Куран жазылган барак Пайгамбар Aдын көз алдында болгондугуна тактык болушу үчүн эки күбө болушун шарт кылышкан. Бул нерсе Аллахтан тафики менен Анын китебин сактоо үчүн кошумча аракет болгон. Аллах айттат:

﴿لَا يَأْتِيهِ الْبَاطِلُ مِنْ بَيْنِ يَدَيْهِ وَلَا مِنْ خَلْفِهِ تَنْزِيلٌ مِنْ حَكِيمٍ حَمِيدٍ﴾

***«Анын алдынан да, артынан да батыл келбейт. Мактоолуу өкүмдар заттан түшкөн»*** [Фуссилат 42]

Мына ушул маселенин баяны төмөнкүдөй:

**Биринчиден Куранды чогултуу маселеси:**

Куранды чогултуу маселеси боюнча «Шахсия» китебинин биринчи бөлүгүндөгү «Куранды чогултуу» бабында кеңири токтолгонбуз. Ошондой эле, «Тайсиирул вусуул илал усуул» китебиндеги «Курандын түшүшү жана анын жазылышы» жана «Курандын чогултулушу» бабында да токтолуп өткөнбүз. Суроо салып жаткан адам ушул эки китепке назар салып, майда баратына чейин далилдери менен карап чыкса болот. Бул маселени өз жолунда түшүнүүгө жеңил болушу үчүн Аллахтын жардамы менен китептеги кээ бир цитаталарды көрсөтөмүн:

1 – Менин «Тайсиирул вусуул илал усуул» аттуу китебимдин «Куранды чогултуу» бабындагы цитата:

«... муртаддарга каршы согуштан улам Куранды жатка билген карылардын көпчүлүгү шейит болуп кетишинен Абу Бакр Γ чочулады. Анкени, алар Курандын аят жана сүрөөлөрүн тартиби менен жатка билгендер эле. Абу Бакр Γ Пайгамбар Α көрсөткөндөй сүрөнүн аяттарын тартиби менен топтоону буйурду. Пайгамбар Αдын көз алдында жазылганы тастыкталуусу менен биргеликте ар бир сүрөөнүн аяттары тартиби менен жазылган бөлүктөр (тери жана кабыктардан болгон Куран жазылган барактар) чогултулду. Сахаба ψдар Куран жазылган ар бир бөлүкчө (баракча) Пайгамбар Αдын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болуштугун шарт кылышты. Сахаба ψдар жазылган Куран жатталган Куранга дал келиштигине гана чектелишпестен, эки күбө бул Куран Пайгамбар Αдын көз алдында жазылган деп күбөгө өтүүлөрүн да шарт кылышты. Курандын ар бир аяты сахаба ψдын мутаватир жолу аркылуу жыйналган. Ошондуктан, Тауба сүрөөсүнүн акыркы аяты «Хузайма Γдан гана жазылгандын» башка эч ким бул аят Пайгамбар Αдын көз алдында жазылгандынгына күбө боло алышпагандыгын көрүшкөндө аны жыйноону токтуп турушту, бирок алар да бул аятты катий түрдө жатка билишкен, жатка билгендиктерине карабастан, анын Пайгамбар Αдын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болушу шарты негизинде аны чогултулуп жаткан Курандын аят-сүрөөлөрүнө кошуудан токтоп турушту. Качан гана аларга далил болгонго чейин токтоп турушту. Анткени, Пайгамбар Α Хузайма Γнун күбөлүгү эки адилеттүү мусулмандын күбөлүгү катары санагандыгын билишкенден кийин гана анда жазылган аятты жыйнашкан. Сахаба ψдын Курандын аят-сүрөөлөрүн жыйноодогу бул кадамдары нак жана так болуштугуна болгон кошумча кадамдары болгон. Анткени, сахаба ψдар Куран жазылган баракчаларды жыйноодогу максаттары өздөрү жатка билген Куранды жыйноо эмес, балким, Куран жазылган баракча Пайгамбар Αдын көз алдындан жазылышын тактап жыйноо болгон.

Ошондуктан, Абу Бакр Γ Пайгамбар Α өзү тастыктаган тартипте Курандын аят жана сүрөөлөрүн ирети менен жазылган бөлүктөрүн (баракчаларын) жыйнаган болуп саналат. Башкача айтканда, Курандын бардык сүрөөлөрүнүн аяттары жазылган ар бир бөлүкчөнү (баракчаны) ирээти менен тартиптештирип бир орунга жыйноо болгон». (Цитата бүттү).

2 – «Шахсия» китебинин биринчи бөлүгүндөгү Абу Бакр Γнун Пайгамбар Αдын көз алдында Курандын аят жана сүрөөлөрү жазылган тери баракчаларынын жыйноосу тууралуу цитатаны келтирем:

«… ушуга негизделип Абу Бакр Γнун Куранды жыйноого болгон буйругу Куранды бир китеп кылып жазууга болгон буйрук эмес, балким, Пайгамбар Αдын көз алдына жазылгандыгына эки күбөнүн күбөгө өтүү шарты менен, Курандын сүрө аяттары жазылган тери баракчаларын бир орунга тартиби менен жыйноо болуп саналат. Бул жыйналган Куран аят-сүрөөлөрү жазылган тери баракчалары Абу Бакр Γнун көзү тирүү мезгилинда анын алдында болду. Кийин Умар Γнун алдында болду. Кийин Умар Γнун осуяты менен момундардын энеси Хафса энебиздин алдында болду.

Бул Абу Бакр Γнун Куранды жыйноосунун көрүнүшү болду. Ал эми, Усман Γнун халифа болгондон кийин экинчи же үчүнчү жылы Куранды нускалоосуна келсек, башкача айтканда, хижрий жыйырма бешинчи жылы Хузайфа бин Яман Шам жана Ирак эли менен биргеликте Армения жана Азербайжанды фатх кылуу казатында эле, ал алардын Куранды кыраат кылуудагы ихтилафтарын көрүп, андан кооптонду. Ал Мадинага келгенден кийин Усман Γга барды. Ибн Шихаб Анас бин Малик ага айтты: «Хузайфа бин Яман Шам жана Ирак эли менен биргеликте Армения жана Азербайжанды фатх кылуу казатында эле, ал алардын Куранды кыраат кылуудагы ихтилафтарын көрүп, андан кооптонду. Ал Усман Γга келип айтты: «Эй момундар амири, бул үммөткө жөөт жана насронийлерге жеткен карама-каршылыктардын жетип калышын алдын ал» деди. Усман Γ Хафса Γга киши жиберип, жыйналган Куран жазылган тери баракчаларын бер. Аны нуска кылып көбөйтүп, кайра сага кайтарабыз деди. Хафса Γну ал жыйналган Курандын тери баракчаларын Усман Γга берип жиберди. Усман Γ Зайд бин Сабит, Абдуллах бин Зубайр, Саид бин Аас, Абдурахман бин Харис бин Хишамды жыйналган Курандын тери барачаларын мусхаф кылып нускалоого буйруду. Жыйналган Курандын тери баракчаларынан бир нече мусхаф кылып нускалагандан кийин Усман Γ аны кайра Хафса Γга берип жиберди. Нускалап алынган мусхафтарды аймактарга жиберип, мындан башка бардык Куран жазылган тери баракчаларын же баракчалардын бардыгын өрттөөгө буйурду».

Нускалап алынган мусхафтардын саны жетөө болчу. Аларды Меккеге, Шамга, Яманга, Бахрейнге, Басрага, Куфага жөнөтүп, бирөөнү Мадинада алып калды.

Ушуга негизделип Усман Γнун иши Куранды жыйноо эмес, балким, Пайгамбар Aдын көз алдында жазылып мутаватир жолу аркылуу накл кылынгандан кийин аны Абу Бакр Γ тарабынан жыйналган Куранды кандай болсо, ошондой гана нускалоо болгон. Усман Γ Хафса энебиздин алдындагы жыйналган Курандын тери баракчаларын бир нече китеп кылып нускалоодон башка ага эч нерсе алымча-кошумча кылган эмес. Адамдарды Курандын ушул жазылган тартибинде гана окууга жана жазууга бириктирген. Башка тартипте жазуу жана окууга тыйуу салган. Куранды ушундай тартипте жазууга токтолунган. Анткени, Пайгамбар Aдын көз алдында ушундай тартипте жазылган. Ошондой эле, Абу Бакр Γ жыйнаган Куран жазылган тери баракчалары да ушул тартипте жазылган. Кийин мусулмандар башкасын эмес, ушул эле нускадан нускалап алышкан. Ошондуктан, Усман Γнун нускалаган нускадагы расм (жазуу тартибинде) гана жазуу важиб саналат. Ошондуктан, бардык нускаланган нускалар ушул расмда гана нускаланат…».

3 – Өзүң көрүп тургандай, бул жердеги маселе Куранды тилават кылуу тарабынан накл кылуу болуп саналбайт. Куранды Пайгамбар Aдан тилават тарабынан накл кылуу сахаба ψдар тарабынан мутаватир жолу аркылуу накл кылынган. Ал эми, Усман Γнун учурундагы бул Пайгамбар Aдын көз алдында жазылган Куранды кандай болсо, ошондой накл кылуу болуп саналат. Ошондуктан, Курандын ушундай тартипте жазылышы тафикий болуп саналат жана аны лаазым тутуу важиб. Куранды бул расм (жазуу тартибинен) бөлөк тартип менен жазуу арам. Андан бөлөкчө кылып жазуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, Усманий расмында жазылган жазуу эрежесин лаазым тутуу важиб. Ошондуктан, Куранды толук мусхаф кылып жазууда ушул жазуу тартиби гана Куранга таандык болуп саналат. Ал эми, Куранды мусхаф кылып эмес, таалим берип үйрөттү же башка нерселер үчүн жазыла турган учурда бул Усманий расмдан бөлөк тартип менен жазса жайиз. Мисалы, таалим берип доскага мусхафта жазылган ﴿الرِّبَوا﴾ сөзүн (الربا) деп жазса болот. Анткени, Пайгамбар Aдын тастыгы жана сахаба ψдын ижмаасы мусхафтын өзүнө гана таандык, буга кыясталбайт. Анткени, ал иллети жок тафикий болуп саналат. Буга кыяс кирбейт.

**Экинчиден: сен сурап жаткан хадис Бухари риваятында төмөнкүдөй келген**:

(4604. Бизге Муса айтты, бизге Ибрахим айтты, бизге Ибн Шихааб айтты: Анас бин Малик ага айтты: Хузайфа бин Яман Шам жана Ирак эли менен биргеликте Армения жана Азербайжанды фатх кылуу казатында эле, ал алардын Куранды кыраат кылуудагы ихтилафтарын көрүп, андан кооптонду. Ал Усман Γга келип айтты: «Эй момундар амири, бул үммөткө жөөт жана насронийлерге жеткен карама-каршылыктардын жетип калышын алдын ал» деди. Усман Γ Хафса Γга киши жиберип Курандын жыйналган тери баракчаларын бер, аны нуска кылып көбөйтүп кайра сага кайтарабыз деди. Хафса Γну ал жыйналган Курандын тери баракчаларын Усман Γга берип жиберди. Усман Γ Зайд бин Сабит, Абдуллах бин Зубайр, Саид бин Аас, Абдурахман бин Харис бин Хишамды

жыйналган Курандын тери барачаларын мусхаф кылып нускалоого буйурду. Усман Γ Куранды нускалоочулардын үчөөсү Курайштан болгондорго кайрылып мындай деди: «Эгер, силер жана Зайд бин Сабит Куранды жазууда бир нерседе карама-каршы болуп калсаңар, аны Курайш тилинде жазгыла, анткени, ал Курайш тилинде түшкөн. Алар Куранды тери баракчалардан бир нече мусхаф кылып нускалашты. Усман Γ тери баракчаларга жазылган Куранды кайра Хафса Γга кайтарып берди. Нускаланып алынган мусхафтарды аймактарга жиберди жана андан башка баракчаларга же мусхафка жазылган Курандарды өрттөөгө буйурду.

Ибн Шихааб айтты: Мага Харижата бин Зайд бин Сабит Зайд бин Сабиттен укканын айтты: айтты: Куранды мусхаф кылып нускалаган учурда Ахзаб сүрөөсүнөн бир аятты таппай калдым. Пайгамбар A аны окуганын укчум. Биз аны издей баштадык аны Хузамата бин Сабит Ансорийден таптым. Ал:

﴿مِنْ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ﴾

***«Момундар арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар»*** [Ахзаб 23]

Ал аятты Ахзаб сүрөсүнө кошуп мусхафка киргиздик.

Хадисте айтылгандай, Усман Γнун учурунда Абу Бакр Γ мезгилинде топтолуп, кийин Хафса Γнун үйүндө сакталып турган Куран жазылган тери баракчалардан, мусхаф кылып нускалап алуу үчүн Курайштан болгон үчөө менен биргеликте Зайд бин Сабитти Куранды нускалоого буйруган учурда болгондугу айтылып жатат. Тактап айтканда, Пайгамбар Aдын көз алдында жазылган Куран тери баракчаларынан Куранды нускалап алуу учурунда болгон окуя. Тилаватты накл кылуу эмес, балким, Куранды Пайгамбар Aдын көз алдында жазылган тери баракчалардан кандай жазылган болсо, ошондой кылып нускалап мусхаф кылып алуу учурундагы болгон окуя. Бул нерсеге таватур болуштугунун зарылчылыгы жок, балким, сахих кабардын болуштугу жетиштүү болгон. Бирок, сахаба ψдар тактык жана этияттыкты да өздөрүнө лаазым тутуп Пайгамбар Aдын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болушутугун шарт кылышты. Ал эми, Куранды тилават тарабынан накл кылуу биз айтып өткөндөй Пайгамбар Aдан сахабалар таватур жолу менен накл кылышкан.

Мына ушундайча Өз китебин сактоочу.

﴿إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ﴾

***«Биз зикрди түшүрдүк, биз аны сактоочубуз»*** [Хижр 9]

Үчүнчүдөн: ачыктап кете турган дагы эки маселе бар.
Биринчи: бир гана Хузайма Γда жазылган кайсы аят:
Экинчи: ал аят Хузаймат Γда болгонбу же анын атасында болгонбу...
Буга жооп Аллахтын тафики менен төмөнкүдөй:

1 – Аятка байланышкан биринчи маселе: Бухарий эки риваят келтирген 4311 жана 4604, ал төмөнкүдөй:

Биринчиси: 4311. «Бизге Абу Яман айтты, бизге Шугайб Зухрийден айтты, айтты бизге Ибн Сабак Зайд бин Сабит ансорийден айтты. Ал вахийди жазгандардан болчу. Айтты: Абу Бакр Γ Ямама казатында каза болгондордун артынан эле мага киши жиберди. Мен ага барганда ал жерде Умар Γда бар экен. Абу Бакр Γ айтты: Мага Умар келип Ямама күнүндө көптөгөн адамдар курман болду. Мен башка жердеги казаттарда да көптөгөн карылардын курман болуштугу менен коштолуп Курандын көпчүлүгү жок болуп кетишинен кооптонуп жатам. Бир гана аны жыйноо менен сактап каласыңар. Мен Куранды жыйноону туура көрүп жатам деп айтты деди. Абу Бакр Γ айтты: Мен Умарга Пайгамбар Γ кылбаган нерсени кантип кылам деп айттым деди. Умар Γ айтты: Аллахка касам болсун, албетте мында жакшылык бар деди. Умар бул сөзүн, Аллах менин жүрөгүмдү бул ишке ачкычакты

кайра-кайра мага айта берди. Мен Умардын пикирин туура көрдүм. Зайд бин Сабит айтты: Умар анын алдында сүйлөбөстөн отурду. Абу Бакр Γ айтты: Сен акылдуу адамсың, Пайгамбар Aга вахий жазып жүргөнүңдө сен жөнүңдө күмөндөнгөн эмеспиз. Сен Куранды жыйна. Аллахка ант болсун, Курандын ордуна тоону накл кыл десе, мага ошол жеңилирээк болмок. Мен айттым Пайгамбар A кылбаган нерсени кантип кылмак элеңер. Абу Бакр Γ айтты: Аллахка касам болсун, бул иште албетте жакшылык бар. Ал бул сөзүн Аллах Абу Бакр жана Умардын жүрөгүн ачкан ишке карата менин жүрөгүмдү да ачкычакты кайталай берди. Мен туруп Куранды жыйноо ишин баштадым жана аны баракчаларга, тери баракчаларына, сөөктөргө, бактын кабыктарына жазылгандардан жана адамдардын зээнинен жыйнадым. Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын Хузайма ансорийден таптым, андан башкасынан тапкан жокмун:

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُم﴾

***«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды** (каалабаган) **акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болон элчи келди!»*** [Тауба 128]

Бул эки аяттын акырына чейин. Куран жыйналган баракчалар Абу Бакрдын алдында каза болгонго чейин болду. Кийин Умардын алдында каза болгонго чейин болду. Кийин Хафса бинт Умардын алдында болду». Хадисте айтылгандай, бул окуя Абу Бакр Γнун учурунда орун алган. Ошондой эле, Хузаймата Γдан табылган эки аят бул Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аяты болгон.

Экинчи: 4604. «Бизге Муса айтты, бизге Ибрахим айтты, бизге Ибн Шихаб айтты: Анас бин Малик ага айтты: Хузайфа бин Яман Шам жана Ирак эли менен биргеликте Армения жана Азербайжанды фатх кылуу казатында эле, ал алардын Куранды кыраат кылуудагы ихтилафтарын көрүп, андан кооптонду. Ал Усман Γга келип айтты: Эй момундар амири, бул үммөткө жөөт жана насронийлерге жеткен карама-каршылыктардын жетип калышынын алдын ал деди. Усман Γ Хафса Γга киши жиберип Курандын жыйналган тери баракчаларын бер. Аны нуска кылып көбөйтүп кайра сага кайтарабыз деди. Хафса Γну ал жыйналганда Курандын тери баракчаларын Усман Γга берип жиберди. Усман Γ Зайд бин Сабит, Абдуллах бин Зубайр, Саид бин Аас, Абдурахман бин Харис бин Хишамды жыйналган Курандын тери барачаларын мусхаф кылып нускалоого буйурду. Усман Γ Куранды нускалоочулардын үчөөсү Курайштан болгондорго кайрылып мындай деди: Эгер, силер жана Зайд бин Сабит Куранды жазууда бир нерседе карама-каршы болуп калсаңар аны Курайш тилинде жазгыла, анткени, ал Курайш тилинде түшкөн. Алар Куранды тери баракчалардан бир нече мусхаф кылып нускалашты. Усман Γ тери баракчаларга жазылган Куранды кайра Хафса Γга кайтарып берди. Нускаланып алынган мусхафтарды аймактарга жиберди жана андан башка баракчаларга же мусхафга жазылган Курандарды өрттөөгө буйурду».

Ибн Шихаб айтты: Мага Харижата бин Зайд бин Сабит Зайд бин Сабиттен укканын айтты: айтты: Куранды мусхаф кылып нускалаган учурубузда Ахзаб сүрөсүнөн бир аятын таппай калдым. Пайгамбар A аны окуганын укчум. Биз аны издей баштадык аны Хузамата бин Сабит Ансорийден таптым. «***Момундардын арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар».*** Ал аяты сүрөөгө кошуп мусхафка киргиздик». Хадисте айтылгандай, бул окуя Усман Γ учурунда болгондугу айтылып жатат. Ошондой эле, Хузайма Γдан табылган аят Ахзаб сүрөсүнүн:

﴿مِنْ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ﴾

***«Момундардын арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар»*** [Ахзаб 23]

аяты экендиги да айтылды. Бухарий риваят кылган бул эки хадиске (4311, 4604) терең назар салынса, башкача айтканда, санаддары сахих бул эки хадиске терең назар салынса төмөнкүлөр айкын болот:

а) Бул эки хадис тең аяттын таватур жолу менен болуштугу жөнүндө эмес, балким, аны жазуу тууралуу болуп жатат. Ошондой эле хифздин таваатур болуштугу тууралуу болгон жок. Бардык аяттарды Пайгамбар Адан сахаба Гдын жамааты жатка билген. Сахаба ψдар Пайгамбар Адын көз алдында жазылган Куранды накл кылууну каалашкан. Алар адамдар өздөрү жаттаган нерсесин жазып тамгаларда карама-каршылыктарга барууларын каалашкан эмес, балким Пайгамбар Адын көз алдында кандай жазылган болсо, ошондой түрдө Куранды накл кылууну каалашкан. Мына ошондуктан:

﴿إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ﴾

***«Биз зикр түшүрдүк, Биз аны сактоочубуз »*** [Хижр 9]

деп айткан Улуу өкүмдар Заттын тафики жана аны сакттоого ынтызарлыкка умтулуу менен Куранды мусхаф кылып басып чыгууда бир гана Усманий эреже тартипте жазуу шарий өкүмү истинбат кылынган.

б) Тери жана кабык барактарына жазылган Куранды жыйноо бул сахих хадисте айтылгандай, Абу Бакр Гнун учурунда болгон. Ошондой эле, ар бир жазылган барака эки күбөнүн болгону да сахих далил. Ал эми, Усман Г учурунда, Абу Бакр Г мезгилинде жыйналып Хафса I үйүндө сакталып турган тери жана кабык баракчаларынан Куранды мусхаф кылып нускалап алуу үчүн Усман Г Зайд бин Сабит Г башка үчөөнү Куранды бир нече мусхаф кылып нускалоо буйруп, аны ишке ашырганы орун алган.

Ошондуктан, Усман Г учурунда Куранды нускалоо мезгилинде жазылган аяттын жок болуп, аны таппай издөөгө орун жок. Балким, бул окуя Абу Бакр Гнун учурунда Куран жазылган тери жана кабык баракчаларын жыйноо, топтоо учурунда орун алган. Башкача айтканда, Тауба сүрөөсүнүн акыркы эки аяты жазылган баракчаны:

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُمْ بِالْمُؤْمِنِينَ رَءُوفٌ رَحِيمٌ * فَإِنْ تَوَلَّوْا فَقُلْ حَسْبِيَ اللَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا هُوَ عَلَيْهِ تَوَكَّلْتُ وَهُوَ رَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ﴾

***«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды*** *(каалабаган)* ***акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болон элчи келди»*** [Тауба 128-129]

Ошондуктан, Усман Г учурундагы Куранды мусхаф кылып нускалап алуу мезгилинде бул аяттар жазылган баракча жок болуп калышы мүмкүн эмес. Анткени, Куран жазылган тери жан кабык баракчаларын жыйноо жана топтоо Абу Бакр Г учурунда болгон. Усман Г учурунда ушул топтолгон Куран жазылган тери жана кабык баракчаларынан аны нускалап көчүрүп жазып алуу гана орун алган. Ошондуктан, Бухарий риваятында келген 4604 саны астында келген хадис дираят жагынан четке кагылат.

«Ибн Шихаб айтты: Мага Харижата бин Зайд бин Сабит Зайд бин Сабиттен укканын айтты: айтты: Куранды мусхаф кылып нускалаган учурубузда Ахзаб сүрөөсүнөн бир аятты таппай калдым. Пайгамбар А аны окуганын укчум. Биз аны издей баштадык, аны Хузайма бин Сабит Ансорийден таптым:

﴿مِنْ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ﴾

***«Момундардын арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар»***

[Ахзаб 23]

Ал аяты сүрөөгө кошуп мусхафка киргиздик».

2 – Тауба сүрөөсүнүн акыркы эки аяты жазылган баракча бир гана Хузаймата Γ табылышы тууралуу бул Хузайма Γбу же анын атасыбы? Буга жооп төмөнкүдөй:

– Бухарий эки риваят келтирген: 4311- 4603.

Жогоруда айтылып өткөн №4311 хадисте келген...

Мен туруп Куранды жыйноо ишин баштадым жана аны баракчаларга, тери баракчаларына, сөөктөргө, бактын кабактарына жазылгандардан жана адамдардын зээнинен жыйнадым. Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын Хузамата ансорийден таптым, андан башкасынан тапкан жокмун.

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُمْ بِالْمُؤْمِنِينَ رَءُوفٌ رَحِيمٌ * فَإِنْ تَوَلَّوْا فَقُلْ حَسْبِيَ اللَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا هُوَ عَلَيْهِ تَوَكَّلْتُ وَهُوَ رَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ﴾

***«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды*** *(каалабаган)* ***акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болгон элчи келди. Эгер, жүз үйрүсө, айткын Аллах жетиштүү, андан башка кудай жок, Ага гана тобокел кылдым, Ал арштын роббиси»*** [Тауба 128-129]

аятынан башталып Бараа сүрөсүнүнү акырына чейин эле.

– 4603. «Бизге Муса бин Исмаил Иброхим бин Саид айтты, бизге Ибн Шихаб Убайд бин Сабактан айтты, Зайд бин Сабит айтты: Абу Бакр Γ Ямама казатында каза болгондордун артынан эле мага киши жиберди. Мен ага барганда ал жерде Умар Γ бар экен. Абу Бакр Γ айтты: Мага Умар келип Ямама күнүндө көптөгөн адамдар курман болду. Мен башка жердеги казаттарда да көптөгөн карылардын курман болуштугу менен коштолуп Курандын көпчүлүгүн жок болуп кетишенен кооптонуп жатам. Бир гана аны жыйноо менен сактап каласыңар. Мен Куранды топтоону туура көрүп жатам деп айтты деди. Абу Бакр Γ айтты: Мен Умарга Пайгамбар A кылбаган нерсени кантип кылам деп айттым деди. Умар Γ айтты: Аллахка касам болсун, албетте мында жакшылык бар деди. Умар бул сөзүн, Аллах менин жүрөгүмдү бул ишке ачкычакты кайра-кайра мага айта берди. Мен Умардын пикирин туура көрдүм. Зайд бин Сабит айтты: Умар анын алдында сүйлөбөстөн отурду. Абу Бакр Γ айтты: Сен акылдуу адамсың, Пайгамбар Γга вахий жазып жүргөнүңдө сен жөнүндө күмөндөнгөн эмеспиз. Сен Куранды жыйна. Аллахка ант болсун, Курандын ордуна тоону накл кыл десе, мага ошол жеңилирээк болмок. Мен айттым, Пайгамбар A кылбаган нерсени мен кантип кылмак элем. Абу Бакр Γ айтты: Аллахка касам болсун, бул иште албетте жакшылык бар. Ал бул сөзүн Аллах Абу Бакр жана Умардын жүрөгүн ачкан ишке карата менин жүрөгүмдү ачкычакты кайталай берди. Мен туруп Куранды жыйноо ишин баштадым жана аны баракчаларга, тери баракчаларына, сөөктөргө, бактын кабыктарына жазылгандардан жана адамдардын зээнинен жыйнадым. Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын Хузаймата ансорийден гана таптым, андан башкасынан тапкан жокмун.

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُمْ﴾

***«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды*** *(каалабаган)* ***акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болгон элчи келди!»*** [Тауба 128-129]

Тауба сүрөсүнүн акырына чейин. Куран жыйналган баракчалар Абу Бакрдын алдында каза болгонго чейин болду. Кийин Умардын алдында каза болгонго чейин болду. Кийин Хафса бинт Умардын алдында болду…».

Анын бул сөзүнөн: Мен туруп Куранды жыйноо ишин баштадым жана аны баракчаларга, тери баракчаларына, сөөктөргө, бактын кабыктарына жазылгандардан жана адамдардын зээнинен жыйнадым. Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын Хузамата ансорийден гана таптым, андан башкасынан тапкан жокмун.

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُمْ﴾

***«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды** (каалабаган) **акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болгон элчи келди!»*** [Тауба 128-129]

Тауба сүрөсүнүн акырына чейин.

Бул эки хадиске терең назар салынса хадисте аты аталган сахаба Хузаймата бин Сабит ансорий Г өзү анын атасы эмес. Буга далил Абу Бакр Г Куран жазылган тери кабык баракчаларды жыйноодо алардын ар бири Пайгамбар Адын алдында жазылгандыгына эки күбө болуштугун шарт кылган. Зайд Г ар бир аяттын Пайгамбар Адын көз алдында жазылгандыгына экиден күбө таба алган бир гана Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын бир гана Хузайма Гда жазылгандыгынан бөлөк эч кимден таба алган эмес. Бир риваятта анын атасынан башка эч кимден таба алган эмес. Ошондуктан, бул эки аят жазылган барак табылган кишинин күбөлүгү эки күбөлүккө тете болушу керек. Болбосо Абу Бакр Г талап кылган ар бир Куран жазылган барак Пайгамбар Адын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болушу шарты табылбай калат.

Пайгамбар Адан Хузаймата бин Сабит ансорий Гнун күбөлүгүн эки күбөлүкө барабар катары санаган сахих далил келген. Бул хадистеги окуя кудум Куран жазылган тери жана кабык баракчаларын жыйноо абалы үчүн болгондой. Өкүмдар улуу, кемчиликсиз Аллах Өз китебин тилават тарабынан да, расм тарабынан да сактоочу. Хузаймата Г күбөлүгү тууралуу айтылган хадис төмөнкүдөй:

Ахмад муснадында, Абу Дауд сунанында келтирген: Ахмаддын риваяты: «Бизге Абу Яман Зухрийден айтты: Мага Умарату бин Хузаймата ансорий айтты: анын амекиси айтты: Ал Пайгамбар Адын асхабдарынан болгон. Пайгамбар А бир арабийден ат сатып алды. Пайгамбар А анын акчасын берүү үчүн аны артынан баруусун талап кылды. Пайгамбар А тез-тезден басып жөнөдү. Арабий шашпастан жай баракат басты. Адамдар аны каршы тосуп атын соодалаша баштады. Алар Пайгамбар А аны сатып алганын билишкен жок. Ал турган кээ бир Пайгамбар А сатып алган баадан жогору баа берип жиберишти. Арабий Пайгамбар Ады чакырып, эгер бул атты сатып ала турган болсоң, сатып ал, болбосо мен аны сатам деди. Пайгамбар А анын чакырыгын уккан соң айтты: Мен аны сенден сатып алган жокмунбу? деди. Арабий айтты: Жок, Аллахка ант болсун, сен аны сатып алган жоксуң деди. Арабий менен Пайгамбар А экөө тартыша кетишти, адамдар экөөнү жабалактап калышты. Арабий айтты: Мен сага аны сатканыма келген мусулмандардан күбө келтир деди. Бир гана акыйкатты айткан Пайгамбар А арабийге: Сага кайгы болсун деди. Ошол маалда Хузайма Г келип Пайгамбар А менен арабийдин тартышып жатканын укту. Арабий: Мен аны сага сатканыма күбө келтир деди. Хузайма Г: Сен аны Пайгамбар Ага сатканыңа мен күбө болом деди. Пайгамбар А Хузайма Гга келип: Эмне менен күбөлүк кылып жатасың (содалашы жатканда жок элең) деди. Хузайма Г: Я Расулуллах, сенин тастыгың менен деди. (Сен вахийди алып келгениңди тастыктап туруп ушуну кантип тастыктабай калмак элек). Пайгамбар А Хузайма Гнун күбөлүгүн эки адамдын күбөлүгү катары санады. Хаким Мустадракта эки шейхтин шартында сахих деп келтирген: « ... бул хадис иснады жана риваятчылары эки шейхтин шарты менен сахих, ал экөө келтирген эмес).

Ушунун баары тастыктап тургандай, Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аяты жазылган барак Хузайма Гдан гана табылып, башкасынан табылбаганы бул Хузайма Г атасы эмес, балким, анын өзү экендигин тастыктап турат. Анткени, Куран жазылган барак ал Пайгамбар Адын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болуштугу шарты Хузайма Гнун атасына эмес, балким, өзүнө дал келип жатат... Көрүнүп тургандай, кээ бир учурларда Хузайма Г менен Абу Хузайманын аттары алмаштырылып кеткен учуралар бар. Ошондуктан, жогорулардан айкын болгондой, бул жердеги сахабий Хузайма бин Сабит ансорий Г**.**

Сенин сурооңо жана жогоруда айтылып өткөн эки маселеге жооп ачык-айкын болду, иншаа Аллах. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

**Бурадарыңар Ата ибн Халил Абу Рушта** **12-робиул-аввал, 1441-х.**

**9-ноябрь, 2019-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагындагы колдонуучулардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Kamalkamal Kamal тарабынан Куръандын жамдалышы, жети кыраат жана

﴿وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ﴾

## аятынын тафсири туурасында берилген суроолоруна жооп

**<u>Суроолор</u>:**

Урматтуу боордошум, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

1 -Шахсия китебинин 3-бөлүгүнүн «Биринчи далил – Китеп» темасынын төртүнчү бөлүмүндө мындай делген: «Талкуу анын Куръан экендигинде эмес, балким, анын алдыга же кийинкиге коюлушунда…». Мындан эмне максат көздөлгөн?

2 -Кырааттарга карата айрымдар мутаватир кырааттарды жетөө деп эсептейт, айрымдар болсо он дешет. Бул маселедеги туура раъй кандай болот?

3 -Усманий мусхафка жана араб маанилерине ылайык варид болушу ахад болгон кырааттарга кандай мамиледе болобуз? Мындай кыраат менен Куръан окуу жайизби?

Мусхафта жазылган аяттарга ылайык келбеген варид болушу ахад болгон аз учураган кырааттарга кандай мамиледе болобуз?

4 -Жети харф (Жети харф: Куръан кыраатынын жети түрү – жети араб диалектиси) маселесинде сиздин белгилүү бир тандооңуз барбы?

5 -Менде дагы башка суроо да бар, бул суроо тафсирге тиешелүү болгондуктан сиз үчүн оор эмес деп үмүт кыламын. Суроо:

﴿وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ﴾

***«Силерди да, амалыңарды да Аллах жараткан»*** [37:96]

аятынын тафсири жөнүндө. Мен окуган айрым тафсирлерде «ما»нын масдария болушу да туура болот деп айтылган. Алардын кайсы бирин күчтүүрөөк деп эсептейбиз? Мунун «каза жана кадар» маселесине карата исламий агымдарга таасири кандай?

Аллах ишиңизге береке берип фатхты насип кылсын. Сизге Аллахтын саламы, раъматы жана берекеси болсун.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

1 – Сиз айткан «Шахсия» китебинин 3-бөлүгүндөгү нерседе чаташтык бар. Ал кайра каралып, оңдолгондон кийин төмөнкүдөй болду:

«Төртүнчү: Куръанды жамдоо Расулуллах Адан аны накл кылуудан башкача. Накл кылуу – Расулуллах Адан оозеки сөз аркылуу угуу. Талкуунун темасы да ушул. Ал эми, Куръан аяттарын бир Мусхафка жамдоого келсек, талкуу анын Куръан экени жөнүндө болбогон. Хафиздердин жазып бериши аркылуу Куръан жамдалбады, Расулуллах Адын алдында жазылган беттерди жамдоо жана ар бир сүрөнү Расулуллах А тастыктагандай жайгаштыруу, хафиздердеги Куръанга аны салыштыруу жана аны бир жайга коюу менен болду».

2 – Мутаватир кырааттар:

а) Мутаватир кырааттар – жетөө. Мусулмандар Расулуллах А доорунан тартып Аллах каалаган убакка чейин ушул кыраатты окушат. Усман Г Мусхафтары сөз жана жазуу түрүндө жамдаган кырааттар ушулар. Тобеиндер жана таба тобеиндерден бир катар кыраат аалымдары бул кырааттарды жана алардын санаддарын жамдашкан, өздөрүнө чейин жетип келген санатын кеңири баян кылып жана бардык тараптарын текшерип китептерде далилдешкен.

Төмөндөгүлөр жети кыраат алламалары болуп эсептелет:

- Нафиъ ибн Абдуррахман ибн Абу Нуайм Лайсий Абу Рувайм, мединалык Куръан окутуучусу (хижрий 169-жылы Мединада дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Калун (болжол менен хижрий 220-жылы Мединада көз жумган) жана Варш (хижрий 197-жылы Мисирде дүйнөдөн кайткан).
- Абдуллах ибн Касир Абу Маъбад, Амр ибн Алкама Кананий Дарий Маккийдин Мавласы (Меккеде хижрий 45-жылы туулуп, ошол жерде 120-жылы дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү экөө: Буззий - Ибн Абу Бузза Мекке муаззини (хижрий 250-жылы Меккеде көз жумган) жана Канбал Маккий Махзумий (хижрий 291-жылы Меккеде дүйнөдөн кайткан).
- Абу Амр ибн Ала Мазаний, Басра калкынын Куръан окутуучусу (Меккеде хижрий 68 же 70-жылы төрөлүп Басрада чоңойгон, хижрий 154-жылы Куфада дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Даврий (хижрий 246-жылы дүйнөдөн кайткан) жана Сусий (261-жылы дүйнөдөн кайткан).
- Абдуллах ибн Амир Яхсабий, Шам калкынын кырааттагы имамы, ал тобеиндерден болуп, хижрий 118-жылы Дамаскта дүйнөдөн кайткан. Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Хишам ибн Аммар Дамашкий (хижрий 245-жылы дүйнөдөн кайткан) жана Ибн Закван Дамашкий (хижрий 173-жылы төрөлүп 242-жылы Дамаскта жүйнөдөн кайткан).
- Асим ибн Абу Нужуд Асадий (хижрий 127-жылдын аягында дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Шуъба Куфий Асадий (хижрий 194-жылы Куфада дүйнөдөн кайткан) жана Хифс Асадий Баззор Куфий (хижрий 190-жылы дүйнөдөн кайткан).
- Хамза ибн Хабиб Зайят Куфий, хижрий 80-жылы төрөлүп 156-жылы Халванда дүйнөдөн кайткан. Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Халаф ибн Хишам Баззар (хижрий 229-жылы Багдадда дүйнөдөн кайткан) жана Халлад ибн Халид Куфий (хижрий 220-жылы Куфада дүйнөдөн кайткан).
- Касоий Куфий, Куръан кыраат жана нахв аалымы (хижрий 120-жылы төрөлүп 189-жылы дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Абу Харис Лайс ибн Хулд Багдадий (240-жылы дүйнөдөн кайткан) жана Хафс Даврий (ал жогорудагы Абу Амрдын да ровийи).

Азыркы учурда басылып чыгып жаткан мусхафтар Усман Г доорунда жазылган мусхафтардын формасы менен Хифс ибн Асимдин кыраатына ылайык басылып чыгарылат. Бул жерде, өзгөчө

Африканын айрым региондорунда Нафиъден Варш жана Калун риваят кылган кыраатка ылайык басылып чыккан башка мусхафтар да бар.

Ибн Мужахид (хижрий 324-жылы дүйнөдөн кайткан) аты менен белгилүү болгон Ахмад ибн Муса ибн Аббас жети кыраатты жамдаган белгилүү уламалардан эсептелет. Ал жети кыраатты аныктап, аларды тартипке келтирип, жети кыраат уламаларын белгилеп өткөн «Ас-Сабъату фил кироъат» деген китебинде бул кырааттарды жазып калтырган. Анын бул китеби кыраат үйрөнүүчүлөрүнүн негизги булагына айланды. Ибн Мужахид кырааттарды жазууда абдан катуу шарттарга амал кылды. Ал зобт (аныктык) жана аманат менен таанылган, өмүр бою кыраат илимин бекем кармаган, анын риваятын жана андан дарс алууга баары келишишкен кишилердин гана риваятын алды. Мунун акыбетинде, ал биз жогоруда айтып өткөн жети кишинин кыраатын топтоду.

Б) Шамсиддин Абулхайр ибн Жазрий (хижрий 833-жылы дүйнөдөн кайткан) кырааттардын санаттары туурасында изденүү алып барып башка дагы үч кыраатты тапты. Ал бул кыраттарды да кудум мутаватир жети кыраатка окшош Усманий мусхафка тескери эмес деп өз көз карашын билдирди, муну өзүнүн «ан-Нашр фил кироъатил ашр» деген китебинде далилдеди жана өзү кошкон үч алламанын ысымын айтып өттү:

Абу Жаъфар Язид ибн Каъкаъ Маданий (хижрий 130-жылы дүйнөдөн кайткан);

Яъкуб ибн Исхак Хазрамий Куфий (хижрий 205-жылы дүйнөдөн кайткан);

Халаф ибн Хишам Абу Мухаммад Баззор Асадий Багдадий (хижрий 229-жылы дүйнөдөн кайткан).

Мен жети кыраатка да көңүл коюп, «Тайсирул вусул илал усул» деген китебимде аларды санаддары жана ровийлери менен айтып өттүм. Ибн Жазрий айтып өткөн үч кыраатты үйрөнбөдүм. Ибн Жазрий жана башка уламалар бул кырааттарды да жети кырааттын катарына кошкон. Инша Аллах, келечекте бул үч кыраат туурасында да изденүү алып барам деп үмүт кыламын.

3 – Ал эми, мутаватир болбогон кырааттарга келсек, бул кырааттар Усманий мусхаф жазуусуна ылайык келеби же жокпу, ага карабастан, аны менен кыраат кылуу жайиз эмес. Себеби, ал Куръан эмес. Куръан – Расулуллах Aдан мутаватир жолу менен накл кылынган кырааттар.
4 – Куръандын жети харфта түшүшү:
Расулуллах A айтты:

«إِنَّ هَذَا الْقُرْآنَ أُنْزِلَ عَلَى سَبْعَةِ أَحْرُفٍ، فَاقْرَءُوا مَا تَيَسَّرَ مِنْهُ»

**«Куръан жети харфта түшүрүлгөн. Анын жеңил болгонун окугула»** (муттафакун алайх).

Дагы айтат:

«أَقْرَأَنِي جِبْرِيلُ عَلَى حَرْفٍ فَرَاجَعْتُهُ، فَلَمْ أَزَلْ أَسْتَزِيدُهُ وَيَزِيدُنِي حَتَّى انْتَهَى إِلَى سَبْعَةِ أَحْرُفٍ»

**«Жибриил мага бир харфта окутту, мен кайталадым. Мен көбөйтүүнү сураганымды уланттым, ал көбөйттү. Ал тургай, жети харфка жеткенден кийин бүтүрдү»** (Бухарий риваяты).

Уламалар жети харфтан эмне максат көздөлгөндүгүндө ихтилаф кылышкан. Алардын айрымдары мутаватир кырааттардагы тилдик айырманы изилдешти жана аларды жети топко жамдашкан: «Иъроб жактары, зияда жана нуксан, алдыга жана артка сүрүү, калб кылуу (харфтарды алмаштыруу) жана бадал келтирүү, лафздын таркик, тафхим, имала, фатх сыяктуу түрлөрү…». Дагы айрымдары мутаватир кырааттар өз ичине алган араб тилдерин изилдешти…

Мен бул маселени жакшы үйрөнүп чыккандан кийин төмөнкүгө жыйынтык кылдым: жети харф – бул араб тили алынган араб урууларынын диалектилери. Куръан түшкөн доордо бул диалектилер фасоха (сөзгө чечен) арабдар ортосунда атаандаштыктын орду болгон. Мутаватир кырааттар ушул уруулардын диалектисинен чыкпаган. Бул уруулар Куръан түшүрүлгөн убактагы фасохат тилинде сүйлөшкөн белгилүү жети уруулар: Курайш, Тамим, Кайс, Асад, Хузайл, Кинананын бир бөлүгү жана Таийлердин бир бөлүгү.

Бул жыйынтыкты ушул маселедеги эң туура тарабы деп эсептеймин т.а. жети харфтын мааниси – ушул жети уруунун диалектиси. Бирок, бул, Куръандын ар бир сөзүн ушул жети уруунун диалектиси менен окуса боло берет дегени эмес. Тескерисинче, Расулуллах Aдан мутаватир жол менен накл кылынган кырааттар менен гана окуу жайиз. Мутаватир болбогон кыраатта окуу жайиз эмес. Себеби, мутаватир болбогон кыраат Куръан эмес.

5 – Эми:

{وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ}

***«Силерди да, амалыңарды да Аллах жараткан»*** [37:96]

аятынын тафсирине келсек, бул жерде «ما» сөзү мавсула (салыштырма ат атооч). Т.а. бул Аллах Таала силерди жана силер ибадат кылып жаткан буттарды жаратты дегени. Аяттын нассы (тексти) ушуга далалат кылат. Аллах Субханаху ва Таала айтат:

{فَرَاغَ إِلَىٰٓ ءَالِهَتِهِمۡ فَقَالَ أَلَا تَأۡكُلُونَ ﴿٩١﴾ مَا لَكُمۡ لَا تَنطِقُونَ ﴿٩٢﴾ فَرَاغَ عَلَيۡهِمۡ ضَرۡبَۢا بِٱلۡيَمِينِ ﴿٩٣﴾ فَأَقۡبَلُوٓاْ إِلَيۡهِ يَزِفُّونَ ﴿٩٤﴾ قَالَ أَتَعۡبُدُونَ مَا تَنۡحِتُونَ ﴿٩٥﴾ وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ ﴿٩٦﴾}

***«Анан** (Ибрахим) **акырын алардын буттарынын алдына келип: «**(Алдыңардагы) **даамдардан жебейсиңерби? Эмнеге сүйлөбөйсүңөр?!» деди. Андан соң аларга жакын келип, оң колу**(ндагы балта) **менен урду. Ошондо** (коуму) **анын алдына шашып жетип келишкенде, айтты: «Өзүңөр жонуп-жасап алган нерселерге сыйынасыңарбы?! Силерди да, амалыңарды да Аллах жараткан»***

[37:91-96]

Көрүнүп тургандай:

{وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ}

аяты:

{قَالَ أَتَعۡبُدُونَ مَا تَنۡحِتُونَ}

аятынан кийин келип жатат. Бул жерде сөз буттар жөнүндө болду.

«ما»ны масдария деп тафсир кылышкан жана мындан «Аллах силерди жана амалыңарды жаратты» деп түшүнүп, натыйжада, Аллах инсандын иштерин жаратат деп тыянак кылышкан, эгер алар Аллах аларды жана иштерди жаратты деген мааниде токтошкондо т.а. Аллах аларда ишти аткаруу мүмкүнчүлүгүн, ишти аткаруу үчүн күч-кайратты жаратты деген мааниде токтошкондо аят маанисинен анчейин алысташмак эмес. Бирок, алар «Аллах амалдарыңарды жаратты» сөзүн «Аллах силерди ушул амалдарды кылууга мажбурлады» деп тафсир кылышты. Т.а. алар түшүнүшкөндөй,

Аллах бизди ар ишибизге мажбурлады, бизде бирер ишти аткарууда, жакшы иштерди кылууда да, жаман иштерди кылууда да ыктыяр жок. Табигый болгондой, бул – ката. Себеби, инсандын ыктыярдуу иштери бар. Ал бул иштерди өз ыктыяры менен аткарганы үчүн ага сооп же жаза алат. Аллах бизди ар бир ишибизди аткарууга биздин ыктыярыбызсыз мажбур кылат деген – ката…

{فَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٍ خَيۡرٗا يَرَهُۥ + وَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٖ شَرّٗا يَرَهُۥ}

***«Демек, ким** (дүйнө тирүүлүгүндө) **бир кымын мисалынча жакшылык кылса,** (Кыямат Күнүндө) **ошону көрөт. Ким бир кымын мисалынча жамандык кылса, аны да көрөт!»***[99:7-8]

Каза жана кадар о.э. анын исламий фиркаларга алакасы темасы узун тема болуп, ал бардык тафсилаты менен Шахсия китебинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн. Сиз ошол бөлүккө кайрылыңыз. Аллах сиз менен бирге.

**Боордошуңуз** **18-зул-каъда, 1434-х.**

**Ато ибн Халил Абу Рушта** **24-сентябрь, 2013-м.**

# بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

*Суроо-жооб*

## Эл аралык саясаттагы маанилүү аймак

*Суроо:*
Ассаламу алайкум рохматуллохи уа баракаатуху.

Аллах жакшылык иштерди аткарууга сиздин жана биздин колубузга күч кубат берсин, туура жолдогу экинчи Халифалыктын шаттыгы менен бизди шаттандырып, анын аскерлеринен кылсын.

Иш алып барган мамлекеттер жана ири державалар өздөрүнүн кызыкчылыгын жүзөгө чыгаруу үчүн артыкчылык берген «маанилүү аймак» аталышындагы бир аймакты белгилеп алат. Ошондой эле Хизб дагы Исламий мамлекетти тикелөө үчүн белгилүү бир аймакты мажал (орун) кылып белгилеп алат. Суроо: Аллахтын жардамы менен тикелене турган келерки Халифалык да Исламды даават жана жихад менен дүйнөгө жаюу үчүн артыкчылык бере турган өзүнө маанилүү аймакты белгилеп алабы? Аллах ыраазы болсун. (Мухаммад Аяд).

*Жооб:*
Алайкуму салам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Бизге дуа кылганыңыз үчүн Аллах сага да береке жакшылыктарын берсин...

Сен суроонду айтып өткөн «Маанилүү аймак» термини эл аралык майданда иш алып барып жаткан ар кандай мамлекет үчүн зарыл. Халифалык мамлекетти – мабдаий мамлекет. Ал жергиликтүү эмес, дүйнөлүк мамлекет. Анын акыйдасы инсан үчүн акыйда болгондуктан дүйнөлүк акыйда. Анын түзүмү инсан үчүн болгондуктан дүйнөлүк түзүм болуп саналат. Аллах айтат.

﴿وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا كَافَّةً لِلنَّاسِ بَشِيراً وَنَذِيراً﴾

***«Биз сени** (Мухаммад) **баардык адамдар үчүн сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү кылып жибердик»***

[Сабаъ 28]

Жаабир бин Адиллахи Γ айтты: Пайгамбар A айтты:

«أُعْطِيتُ خَمْساً لَمْ يُعْطَهُنَّ أَحَدٌ مِنْ الْأَنْبِيَاءِ قَبْلِي نُصِرْتُ بِالرُّعْبِ مَسِيرَةَ شَهْرٍ وَجُعِلَتْ لِي الْأَرْضُ مَسْجِداً وَطَهُوراً وَأَيُّمَا رَجُلٍ مِنْ أُمَّتِي أَدْرَكَتْهُ الصَّلَاةُ فَلْيُصَلِّ وَأُحِلَّتْ لِي الْغَنَائِمُ وَكَانَ النَّبِيُّ يُبْعَثُ إِلَى قَوْمِهِ خَاصَّةً وَبُعِثْتُ إِلَى النَّاسِ كَافَّةً وَأُعْطِيتُ الشَّفَاعَةَ»

**«Мага менден мурдагы Пайгамбарларга берилбеген беш нерсе берилди. Бир айчалык аралыктан коркуу сала турган нусрат менен нусратталдым. Баардык жер мечит жана таза кылынып берилди. Үммөтүмдөн кайсы адам кайсы жерде намаз окууну кааласа, ошол жерде намаз окуй берет. Олжолор адал кылынды. Пайгамбарлар өз коомуна жиберилсе, мен бүткүл адамзат үчүн жиберилдим. Шафаат берилди».** (Бухари).

Ошону менен биргеликте Халифалык бүткүл дүйнөгө назар салат жана анын баардык ордун саясаты, иш аракети үчүн орун катары карайт. Пайгамбар Aдын хадисинде келгендей, Савбан Γ айтты: Пайгамбар A айтты:

«إِنَّ اللَّهَ زَوَى لِي الأَرْضَ فَرَأَيْتُ مَشَارِقَهَا وَمَغَارِبَهَا، وَإِنَّ مُلْكَ أُمَّتِي سَيَبْلُغُ مَا زُوِيَ لِي مِنْهَا»

**«Мага жердин батышы да, чыгышы да көргөзүлдү. Сары же кызыл жана ак байлыгы да берилди. Тактап айтканда, алтын, күмүш. Мага айтылды: Сенин мүлкүң сага көргөзүлгөн жерге чейин». (**Ибн Мажа, Сунан). Бирок, бул дегени Халифалык тышкы саясат планын койгондо баардык мамлекеттерге карата койот дегенди билдирбейт. Ошондой эле, дүйнөгү баардык аймактарга көңүлүн бирдей буруп карайт дегенди билдирбейт. Балким, Халифалык дааватка, экономикалык, саясий жана аскерий кызыкчылыгына жараша маанилүү аймакты белгилейт. Ошол белгилген маанилүү аймакта күчүнүн барынча өз саясатын ишке ашырууга аракет кылат. Бул маанилүү аймак даават кызыкчылыгына жараша өзгөрүп турат...

Пайгамбар Aдын жана анын сахаабаларынын сиросуна назар салынса, Пайгамбар A Мадина мунавварда мамлекетти тикелгенден кийин араб жарым аралын маанилүү аймак кылып белгилегени ачык көрүнөт. Кийин көп өтпөстөн араб жарым аралындагы жеңиштерген жеткенден кийин маанилүү аймак кеңейип Шам, Ирак жерлерин камтыды. Кийин Хулафаи Рошидиндер келди, мамлекеттин маанилүү аймагы андан да кеңейип Шам, Ирак, Фарс, Мисир, Түндүк Африканы ж.б. камтыды. Мына ушундайча Халифалык белгилеген маанилүү аймак Халифалыктын жеңиштерге жетүү аркасынан жана кырдаалдардын өзгөрүүсү менен өзгөрүп кеңейип бара берет...

Ушуга негизделип Аллахтын жардамы менен туура жолдогу тикелене турган экинчи Халифалык – Аллахтын каалоосу менен – биринчи Ислам мамлекетинин сиросун кайра кайтарат. Мамлекет даават кызыкчылыгына жараша жана кырдаалга байланыштуу стратегияны белгилеп, план иштеп чыгат жана ага жараша маанилүү аймакты белгилейт. Ал белгилеген маанилүү аймак алкагында Исламды дүйнөгө жаюу үчүн услуб, ыкмаларды ишке салат. Даават кызыкчылыгына жана кырдаалга байланыштуу бул маанилүү аймакты кайрадан карап да чыгат. Ислам мамлекети китебинин «Мамлекеттин тышкы саясаты» бабында мамлекет өз саясатына жетүү максатында планындагы ыкмаларды карап чыгуусу жана учурдагы кырдаалды эсепке алаары айтылган:

«Ушуга негизделип Ислам мамлекетинин башка эл жана мамлекеттер менен боло турган саясий алакасы Исламды жаюуга жана аларга дааваты көтөрүп чыгууга гана негизделет. Анын ишке ашыруу

жолу – жихад. Бирок, мамлекет тарабынан ишке ашыруу үчүн план жана ыкмалар иштелип чыгып жолго койулат. Мисалы, Пайгамбар A Мадинга келиши менен кээ бир иштерди кылгандай, мамлекет кээ бир душман өлкө менен жакшы кошуна келишимдерин кылуусу жана башкалары менен согуш алып баруусу, же Абу Бакр Г бир убакта эле Шам жана Ирак өлкөлөрүнө аскердерди бет алдырганы сыяктуу, мамлекет баардык душмандарына согуш жарыялоосу, же Пайгамбар A Худайбия келишимин түзгөндөй дааватка болгон жалпы пикирди бекемдеп алуу үчүн убактылуу тынчтык келишимин түзүү сыяктуу... Мамлекет даават кызыкчылыгына жараша бир мамлекет менен соода келишимин түзөт, башкасы менен түзбөйт. Даават кызыкчылыгына жараша бир мамлекет менен мамиле алака кылат, башкасы менен кылбайт. Кээ бир мамлекеттер менен даават ыкмалары негизинде иш алып барса, кээ бир мамлекеттепр менен пландарды ачуу үчүн суук согуш негизинде иш алып барат. Мына ушундайча мамлекет даават кызыкчылыгына жана иштин түрүнө жараша пландарды иштеп чыгып, жолго койот. Бирок, мунун баары жихад жолу менен Исламды жаюу үчүн гана белгиленет». (Цитата бүттү).

Мамлекет үчүн маанилүү аймакты белгилөө бул китепте айтылып өткөндөн алыс эмес.

**Бурадарыңар Ато ибн Халил Абу Рушта** **25-зул-хижжа, 1440-х.**

**26-август, 2019-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Абу Ясир тарабынан берилген полиция же башка иштерде бийлик менен бирге иштөөнүн өкүмү жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Боордош, менин бир суроом бар, мен Халилур-Рохман шаарында жашаймын, биздин бул зыянкеч бийликтен канча мусийбат көргөнүбүздү баары жакшы билет, бул бийликтин вакиъси да баарына маалым, суроом эки бөлүктөн турат:

Биринчи, бийлик аппаратына таандык болгон бардык адамдар күнөөкөр болушабы т.а. анда иштөө (мисалы, жол кыймылынын полицейи болуп иштөө) таптакыр мүмкүн эмеспи?

Экинчи, алардын мекемелеринде куруучу, шыбакчы, сырдоочу… ж.б.у.с. болуп иштөөнүн өкүмү кандай?

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Бийликте полицей болуп иштөө:

– Абу Яъла өз «Муснад»ында жана Ибн Хиббан өз «Сахих»инде риваят кылат (сөзү Абу Яълага таандык): Абу Саид жана Абу Хурайра риваят кылат, Расулуллах A мындай деди:

**«لَيَأْتِيَنَّ عَلَى النَّاسِ زَمَانٌ يَكُونُ عَلَيْكُمْ أُمَرَاءُ سُفَهَاءُ يُقَدِّمُونَ شِرَارَ النَّاسِ، وَيَظْهَرُونَ بِخِيَارِهِمْ، وَيُؤَخِّرُونَ الصَّلاَةَ عَنْ مَوَاقِيتِهَا، فَمَنْ أَدْرَكَ ذَلِكَ مِنْكُمْ، فَلاَ يَكُونَنَّ عَرِيفًا وَلاَ شُرْطِيًّا وَلاَ جَابِيًا وَلاَ خَازِنًا»**

**«Адамдарга ушундай заман албетте келет: үстүңөрдө акмак амирлер туруп, алар адамдардын эң жамандарын алдыга чыгырып, аларды адамдардын эң жакшылары деп көрсөтүшөт, намазды убагынан өткөрүп жиберишет, анан, силерден ким ошол доорго жетсе, жардамчы да, полицей да, салык жыйноочу да, казыначы да болуп иштебесин»**. Бул хадисте Расулуллах A акмак амирлердин колу астында ушул төрт вазыйпада иштөөдөн мутлак кайтарды.

– Бирок, Табароний Сагирде жана Авсатта Абу Хурайрадан төмөнкүдөй риваят кылат:

**«فَمَنْ أَدْرَكَ مِنْكُمْ ذَلِكَ الزَّمَانَ فَلاَ يَكُونَنَّ لَهُمْ جَابِيًا، وَلاَ عَرِيفًا، وَلاَ شُرْطِيًّا»**

**«Силерден ким ошол доорго жетсе, алар үчүн эч качан салык жыйноочу да, жардамчыда, полицей да болбосун»**. Бул риваятта «алар үчүн эч качан… болбосун», деди. Т.а. бул кайтаруу мукайяд болуп, «لهم»дагы лам хостоо үчүн келген. Башкача айтканда экинчи хадистеги кайтаруу ошол акимдер үчүн иштөөгө тиешелүү, мисалы, алардын атайын коргоочусу, коопсуздук мекемеси, алардын малдарына казыначылык кылуу жана башка ушул сыяктуу акимдер үчүн атайын коопсуздук вазыйпалары.

Усул коидаларына ылайык мутлак мукайядга амал кылынат, демек, хадистеги кайтаруу акимдерди жана алардын коопсуздугун коргоо үчүн атайын полицияда иштөөгө тиешелүү. Мисалы, өкмөт башчысы жана анын жардамчыларынын атайын сакчылары, алардын казыначылары, коопсуздук кызматкери ж.б.у.с..

Ал эми, жөнөкөй полиция мекемесинде иштөө жайиз. Табигый болгондой, жайиз дегени адамдарга зулум кылууну же укуктарын тебелеп-тепсөөнү түшүндүрбөйт, тескерисинче, бул иште акыйкатты издөөнү түшүндүрөт. Бул, полиция мекемесинде гана эмес, ар бир идарада ушундай болушу керек. Ошондуктан, жол кыймылынын полицейи жана башка ушуга окшогон иштерде иштөө жайиз.

Эми, ал мекемелерде куруучу, шыбакчы, сырдоочу сыяктуу жалданма жумушта иштөөгө келсек, бул – жайиз. Себеби, мубах иштерде мусулман менен да, кайрымусулман менен да ижарага-иш акыга иштөө жайиз. Бирок, амалий согуш абалында мүмкүн эмес, анткени, мунун өзүнө хос шаръий өкүмдөрү бар. Ибн Мажа Ибн Аббастан риваят кылат: **«Бир күнү Набий A муктаж болуп калды, мындан Али Г кабар таап, Расулуллах Aды тамактандыруу үчүн бирер нерсе табуу максатында көчөгө иш издеп чыкты. Бир яхудийдин багына келип, багын он жети чака суу менен суугарып берди, ар бир чака үчүн бир курма ала турган болду. Яхудий ага кургатылган курмадан он жети даана тандап алуу ыктыярын берди, Али аны Набий Aга алып келди»**. Тирмизий да ушуга окшош риваят келтирген. Бул болсо, эгер мубах иштерде кайрымусулмандын колунда жалданма жумушчу болуп иштөө жайиз болгон соң, демек, амал кылбаган мусулмандын колунда иштөө да жайиз экенине далил.

Демек, мубах иштерде бийликке жалданма жумушчу болуп иштөө жайиз.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **29-ражаб, 1434-х.**

**8-июнь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Абу Касим жана Abdullah Abdulrahman тарабынан берилген эркек жана аялдардын интернет аркылуу байланышы жөнүндөгү суроолорго жооп

**Суроолор:**

Abdullah Abdulrahman:

Жыйындардын биринде интернетте сүйлөшүүлөр кандай таризде алып барылат деген талкууда мындай сөздөр айтылды: «Интернет дүйнөсү - фаразий (виртуалдык) дүйнө, ошондуктан, интернетте жазган киши сөзүнө жоопкер эмес о.э. эркектер менен аялдардын ортосундагы сүйлөшүүнүн – кандай гана сөз болбосун – эч кандай мааниси жок, себеби, бул сүйлөшүү ихтилят (аралашуу) эмес».

Ушул сөздөр туурабы? Ушуну ачыктап бериңиз, сизге Аллах береке берсин!

Абу Касимден:

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Фейсбук же электрондук почтада эки жыныстын уят сөз сүйлөп олтурушунун өкүмү жөнүндөгү суроо»

Бул маселеге көбүнчө азыркы жаштар, өзгөчө балагатка жеткендер туш келет. Ошондуктан, бул маселени түшүндүрүү зарыл. Жаштарыбыз күнөөкөр болуп калышпасын, биз күнөө иш болгон, мүмкүн, чоң күнөө болгон иштен коомубузду сактап калалы.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Экөөңөрдүн сурооңар бири-бирине окшош. Биз мурун ушундай суроого жооп берген элек. Силерге ушул жоопту дагы кайталап айтамын:

Кээ бир адамдар иштерди философиялаштырып таштайт да, бири: фейсбук аркылуу байланышуу аралашуубу? – деген суроону берет. Кудум аралашуунун өзү гана арам болуп, аралашуу болбосо арам эместей! Экинчиси болсо, интернет фаразий дүйнө деген суроого көңүлдү тартат, кудум ал элестүү дүйнө болуп, каалагандай кыялданса боло бере тургандай! Айрымдар фейсбук аркылуу байланышууга карата шаръий өкүмгө таасир кылуучу айрым нерселерде билимсиздик кылат же бул иш, ырас, аралашуу болбогон соң, демек, сүйлөшүү боло берет ж.б.у.с. деп, билимсиздик же ачык-айкындыктын жоктугу себептүү нерселерди аралаштырып жиберет…

Маселе андай эмес. Бир адам башка бир адамга кат аркылуу кайрылса – эгер, адам бул катты анык алган болсо – анда, бул нерсе бир адам башка бир адамга түздөн-түз кайрылгандыктын өкүмүнө кирет. Бул жерде каттын колдо жазылган болушу менен кандайдыр бир жабдык аркылуу жазылганынын айырмасы жок. О.э. каттын бирөө аркылуу жиберилгени менен интернет, фейсбук же башка бирер каражат аркылуу жиберилгенинин да айырмасы жок. Маанилүүсү, кат жазган адам чынында эле кат жөнөткөнү жана катты алган адам чынында эле катты алганы анык болушу шарт. Ошондуктан, өкүм манатын (шаръий өкүм ылайык келе турган вакиъни) үйрөнүү ушул жактан бирдей болот.

Ошондуктан, катка карата өкүм бир, адам ал үчүн эсеп-китеп кылынат, себеби, кат анын амалдарынын бири. Расулуллах A мындай дейт:

«إِنَّ اللهَ تَجَاوَزَ عَنْ أُمَّتِي مَا حَدَّثَتْ بِهِ أَنْفُسَهَا، مَا لَمْ تَعْمَلْ أَوْ تَتَكَلَّمْ»

**«Аллах Үммөтүмдүн көңүлүндө болгон нерселерди – эгер амалда кылбаган же сүйлөбөгөн болсо – кечирет»** (Имам Бухарий жана Муслим Абу Хурайра Гдан риваят кылды, лафз Бухарийдики).

О.э. Расулуллах A Исламды жеткирүү үчүн падышалар жана акимдерге кат жазып жөнөткөнү жөнүндө сахих риваяттар бар. Бул болсо, кат аркылуу жеткирүү түздөн-түз кайрылуу сыяктуу шаръий өкүм экенин далилдейт.

Имам Бухарий риваят кылат: Ибн Аббас мындай деди: Мага Абу Суфян ибн Харбдын кабар беришинче, ал Расулуллах A менен Курайш кафирлери ортосунда келишим болуп турганда Шамга соодага барган Курайш кишилери менен бирге эле. Ошондо Шамдын бир жайында биздин алдыбызга Рум падышасынын элчиси келди… Кийин падыша Расулуллах Aдын катын алдыртты, катта мындай делген эле:

«بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ، مِنْ مُحَمَّدٍ عَبْدِ اللَّهِ وَرَسُولِهِ، إِلَى هِرَقْلَ عَظِيمِ الرُّومِ، سَلاَمٌ عَلَى مَنِ اتَّبَعَ الهُدَى، أَمَّا بَعْدُ: فَإِنِّي أَدْعُوكَ بِدِعَايَةِ الإِسْلاَمِ، أَسْلِمْ تَسْلَمْ، وَأَسْلِمْ يُؤْتِكَ اللَّهُ أَجْرَكَ مَرَّتَيْنِ، فَإِنْ تَوَلَّيْتَ، فَعَلَيْكَ إِثْمُ الأَرِيسِيِّينَ وَ: {يَٰٓأَهۡلَ ٱلۡكِتَٰبِ تَعَالَوۡاْ إِلَىٰ كَلِمَةٖ سَوَآءِۭ بَيۡنَنَا وَبَيۡنَكُمۡ أَلَّا نَعۡبُدَ إِلَّا ٱللَّهَ وَلَا نُشۡرِكَ بِهِۦ شَيۡـٔٗا وَلَا يَتَّخِذَ بَعۡضُنَا بَعۡضًا أَرۡبَابٗا مِّن دُونِ ٱللَّهِۚ فَإِن تَوَلَّوۡاْ فَقُولُواْ ٱشۡهَدُواْ بِأَنَّا مُسۡلِمُونَ}...»

**«Бисмиллархир Рохманир Рохим, Аллахтын пендеси жана расулу Мухаммаддан Рум падышасы Хираклга. Хидаятка ээрчигендерге салам болсун! Амма баъд: Албетте мен сени Исламга даъват кыламын, Исламды кабыл алгын, саламат болосуң. Аллах бул үчүн сага эки эсе ажр-сооп берет. Эгер баш тартсаң, арисийлер күнөөсү сенин мойнуңда болот: *«Эй китеп берилгендер, бизге да, силерге да теңдеш болгон бир сөзгө келгиле: жалгыз Аллахка ибадат кылалы, Ага эч нерсени шерик кылбайлы жана бири-бирибизди Аллахтан башка кудай кылып албайды. Эгер алар*** *(т.а. ахли китептер)* ***ушул даъваттан баш тартышса, анда силер*** *(эй момундар)****: «Күбө болгула, биз мусулмандар – жалгыз Аллахка моюн сунуучуларбыз», деп айткыла!»*** [3:64]

Ушуга ылайык, ушул суроого жооп төмөнкүдөй болот:

1 – Өз ара кат алышуу жөнөкөй почта аркылуу болобу, интернет, же фейсбук, же твиттер, же башка каражаттар аркылуу болобу, анын өкүмү бир т.а. кадыресе сүйлөшүүдөн айырмаланбайт. Мунусу фараз дүйнө, тигиниси реалдуу дүйнө делбейт, мындай сөздөр илимсиздик жана күнөөгө алып барат. Мисалы, бир намахрам аялга түздөн-түз арам сөз айтсаңыз, шаръий түрдө ага жаза аласыз. Өз ара кат алмашуу да дал ушундай: кат алышуу болгону далилденгенден кийин, кудум түздөн-түз сүйлөшүү болгондой жаза берилет.

Ошентип, намахрам аял менен шариятта уруксат берилген зарылдыксыз бири-бирин көрүп туруп сүйлөшүү дурус болбогондой, өз ара кат алышуу да дал ошондой. Демек, бул маселеде бири-бирин көрүп турганда эмнени дурус болсо, кат жазууда да ошол нерсе дурус, бири-бирин көрүп турганда эмне дурус болбосо, кат алышууда да ошол нерсе дурус эмес.

2 – Намахрам эркек менен аял шариятта уруксат берилген зарылдыксыз аралашуусу арам. Бирок, аралашуу гана арам эмес. Мисалы, сиз алыста турган бир намахрам аялды жаман сөз менен чакырышыңыз арам, ал тургай, ал аял сизге жакын жайда болбосо да. Эгер базарда бирер аялга

товар сатып жатып ага лаззат менен карасаңыз, бул да арам, базарда соода үчүн аралашуу мубах болсо да арам. Эгер бирер коомдук транспортто намахрам аялга – ал тургай, ал жаныңызда олтурбаган болсо да – фахш (бузуку) сөз айтсаңыз, бул да арам…

Ушундай эле эгер сиз кат алышууда бирер сөз жазсаңыз – кудум көрүр туруп сүйлөшкөндөй – бул катыңыз үчүн жоопкер болосуз…

3 – Биз ар бир муслим жана мусլиманы, өзгөчө, тегерегибиз уятсыздыкка толуп ташкан, мындан качып кутулуунун аргасы болбой жаткан, Аллах Субханаху тарапта гана баанек болгон учурда, ушул даъватты жеткирген жана жеткирип жаткан таза жигит-кыздарыбызды шарият өкүмдөрүнө бекем амал кылууга, арамдан гана алысташпай, айрым мубахтар жанында арамдардын бар болушунан коркуп, айрым мубахтардан да алысташууга чакырабыз. Анткени, сахабаи кирамдар арамга кирип калуудан коркуп бир нече мубах амалдардан алыс жүрүшкөн.

4 – О.э. ар бир муслим жана муслиманы, айрыкча, даъватты жеткирүүчү жигит-кыздарыбызды ушул жаңы каражаттардан Исламды таасирдүү жол менен жаюуда натыйжалуу, ошол эле учурда, хикмат жана аң-сезим менен пайдаланууга, ар бир таштанды күлдөн эле эмес, ал тургай, бул күлдүн чаңынан да алыс жүрүүгө чакырабыз.

Аллах Субханахудан момундарга куш кабар беришин о.э. таза, пакиза абалда калышыбызды, ушул аркылуу бул дүйнө жана Акыретте ийгиликке жетишибизди сурап дуба кыламын.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **22-зул-хижжа, 1434-х.**

**27-октябрь, 2013-м.**

**بِسْــمِ اللهِ الرَّحْمٰــنِ الرَّحِيــم**

**Мечитке туташ жайгашкан дааратканаларды кулптап коюу же пайдалангандыгы үчүн акы алуу мүмкүнбү? Мечиттин короосунан адамдарга сатып, акчасын мечитке иштетүү же мечит короосуна үй же дүкөн куруп, аларды ижарага берип, акчаларын мечиттин пайдасына иштетүү жайызбы?**

**Жооп:** 1) Мечит беш убакыт намаз окуу үчүн даярдалган жай болуп, ал жабык имараттарды да, короо аянтын да өз ичине алат. Мечит вакф болуп, сатылбайт жана анда намаз окуудан эч бир мусулман тыйылбайт.

2) Бул жайдын бир да бөлүгү намаздан башка нерсе үчүн т.а. ал үчүн вакф кылынган нерседен башкасы үчүн ажыратылышы мүмкүн эмес. Мечит короосуна дүкөн куруу же үй жана ушуга окшогон нерселерди куруу үчүн мечиттен жер бөлүп берүү мүмкүн эмес.

3) Эгер, мечит менен бирге имам же муаззин үчүн үйлөр, же даарат, же ушул сыяктуу нерселер үчүн пайдаланыла турган, же дүкөндөр үчүн майдан да вакф кылынган болсо жайыз т.а. вакф кылынган мечит долбоорунда төмөнкүлөр айтылган болсо: а) намаз окула турган майдан, б) анын айланасынан жашоо үчүн бөлүнгөн майдан, в) жалпы адамдар пайдаланышы үчүн айланасынан бөлүнгөн майдан, мисалы, даараткана жана суу краны, г) дүкөндөр жана ушул сыяктуу нерселер үчүн бөлүнгөн майдан болсо жайыз. Мечит жана мечит иштери үчүн берилген кошумча жерлер вакф жерлери болуп, андан чыккан киреше мечит пайдасына сарпталат.

4) Жогоруда айтылгандай, мечитке кошуп берилген жерлер да вакф болуп эсептелет. Ошондуктан, негизи даараткана жана суулар намазкандар үчүн болуп, андан акы бербестен пайдаланышат. Ошондуктан, намаз убактарында т.а. даараткана жана сууларды иштетүү намаз үчүн болсо, алардан пайдаланганы үчүн акы алынбайт. Себеби, бул нерсе намазкандарга кыйынчылык

туудурушу мүмкүн. Бул болсо арам. Бирок, алардан пайдалануу намаз үчүн болбогон убактарда болсо, андан пайдаланганы үчүн акы алып, акчаны мечит иштерине иштетсе болот.

Негизи, намазкандардан дааратканадан пайдаланганы үчүн акча алынбайт. Бир гана намаз убагынан башка убакта мечит пайдасына алына турган акылар мындан сырткары. Бул да акы алуу үчүн бирер себеп болгон учурда гана болот. Мисалы, дааратканалар намазкандар пайдалануулары үчүн таза жана жарактуу болушу керек. Ошондуктан, намаз убагы болбогон убакта пайдалангандардан акы алынат.

Бул нерсе намаз убактарында гана ачып коюла турган мечиттерге тиешелүү. Ал эми, чоң шаарлардагы дээрлик дайыма ачык тура турган мечиттерде дааратканалардан пайдалануу көбүнчө намаз үчүн болгондуктан, акы алынбайт.

**Тыянак:** Дааратканалардан пайдалануу көп абалдарда намаз үчүн болгон убактарда акы алынбайт. Себеби, вакф мечиттерде намазкандардын даарат алууларына чектөө коюп, кыйынчылык туудуруу дурус эмес, бул арам.

Эгер, дааратканалардан пайдалануу көбүнчө намаз үчүн болбогон убактарда болсо, анда мечит иштерине иштетүү үчүн акы алса да, албаса да болот.

Бирок, чоң шаарлардагы азан убагында келгендер үчүн да, азандан кийин келген намазкандар үчүн да дээрлик дайыма ачык мечиттерде т.а. дааратканадан пайдалануу көбүнчө намаз үчүн болгон мечиттерде акы алынбайт.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын

## суроолоруна жооптор (фикхий)

## Имам Нававий (Imam Annawawy): мукаллид жана муттаби

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Аллах сизге күч-кубат жана саламаттык берсин.

Кадырлуу амирим жана бурадарым, суроомо жооп берүүгө убакыт табасыз деген үмүттөмүн.

Мен «Тайсиирул усуул илаа усуул» деген китебиңиздин 273-бетинен төмөнкүнү окудум: «Бул жерде таштала турган суроо ушул: таклид кылган (ээрчиген) адам бир маселеде эле ээрчип жаткан мужтахиддин райын таштап башка бир мужтахидди райына ээрчисе болобу? Бул суроого мындай жооп берилет: Таклид кылган адамга шарий өкүм бул – ал өзү ээрчип жаткан мужтахиддин истинбат кылып чыгарып берген шарий өкүм ага шарий өкүм болуп саналат. Башкача айтканда, таклид кылып жаткан адам бир маселеде бир мужтахиддин истинбат кылып чыгарып берген шарий өкүмүнө амал кылып жаткан болсо, анда ал ушул эле маселеде башка бир мужтахиддин истинбат кылып чыгарган шарий өкүмүнө таклид кылып өтүп кетиши болбойт. Анткени ал биринчи таклид кылган мужтахиддин истинбат кылып чыгарган шарий өкүмүнө шарий өкүм катары амал кылып жаткан. Ошондуктан, бул

шарий өкүм ага карата шарий өкүм болуп саналат». Менде ушул жерде суроо туулуп жатат: мисалы, менин энем араб тилин билбейт. Ал Шаафи рахимахуллах истинбат кылган шарий өкүмдөргө амал кылып жатат, мисалы намазда. Кийин болсо орус тилине которулган башка мужтахиддин намаз тууралуу истинбат кылган шарий өкүмдөрүн окуду. Мисалы, Имам Малик рахимахуллахтын истинбат кылган өкүмдөрүн. Аны ал орус тилинде окуду. Энем ушуну менен Шаафи рахимахуллах истинбат кылган шарий өкүмдөрүнө амал кылганды токтотуп Имам Малик рахимахуллах истинбат кылган шарий өкүмдөрүнө амал кылганга өттү. Бул жердеги суроо: ушундай кылган шарий жактан туура болобу? Тактап айтканда араб тилинен башка тил менен таржиих кылуу (өкүмдөрдүн күчтүү тарабын тандоо) мүмкүнбү? Далилдер араб тилинде болушу гана этибарга алынабы? Бул суроону сурап жаткандыгым себеби мен жашаган аймакта көптөгөн мусулмандар бир эле маселеде бир мужтахиддин истинбат кылган шарий өкүмүн таштап башка мужтахиддин истинбат кылган шарий өкүмдөрүнө өтүп кетип жатышат. Ошол эле маалда алар араб тилин билишпейт. Алар аят хадистерди орус тилинде окушат жана аны шарий далил катары келтиришет. Ушул суроого түшүнүктүү кылып жооп беришиңизди өтүнөм. Рахмат!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Бу маселе төмөнкүдөй:

Эгер мусулман адам бир мазхабга таклид кылса, башкача айтканда намазды Ханафий мазхабдын өкүмдөрү негизинде окуса, кийин Шаафи мазхабы негизиндеги шарий өкүмдөрү негизинде намаз окууга өтө турган болсо, бул болбойт. Бирок төмөндө айтыла турган нерселерди лаазым тутуу аркылуу өтсө болот:

1 – Бир маселеде башка мужтахиддин райына өтүүдө шарий жол менен таржиих кылуу аркылуу болуусу зарыл. Өкүмдүн жеңилдигине, өз нафсисине туура келүүсүнө карап өттүгө болбойт. Анткени көңүл каалоого ээрчүү харам. Аллах айтат:

﴿فَلَا تَتَّبِعُوا الْهَوَى﴾

***«Көңүл каалоого ээрчибе»*** [4:135]

Аллах Субханаху дагы мындай деген:

﴿فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ﴾

***«Эгер, бир нерседе талашып тартышсаңар Аллахка жана анын расулуна кайтаргыла!»*** [4:59]

Ошондуктан таклид кылып жаткан адам бир мужтахиддин райынан экинчи мужтахиддин райына өтүп жатканда Аллах жана Анын Расулу ыраазы боло турган шарий таржиих кылуу жолу менен өтүүсү зарыл.

Шарий таржиих аркылуу өтүү көңүл-каалоо менен өтүүнү жокко чыгарат. Таклид кылган адам эки мазхабдын бирөөсүнө өтүүдө шарий таржиих кылуу аркылуу кылбаса көңүл каалоого ээрчиген болуп саналат. Мындай кылуу «Аллахка жана Анын Расулуна кайтаргыла» деген аяттын маанисине тескери келет. Таклид кыла турган адам эки мужтахиддин биринин райын алуудагы же бир шарий өкүм менен башка шарий өкүмдүн ортосунда шарий таржиих кылууда лаазым болгон шарттар көп. Алардын эң негизгилери: илимдүүрөк болушу, туура түшүнүү идиреги күчтүү болуусу жана адилеттүү болушу шарттары. Таклид кылган адам кимди илимдүү, адилеттүү деп билгенине жараша мужтахидге таклид кылат. Себеби адилеттүү болуу шарты күбөлүккө өтүп жаткан адамдын күбөлүгүн кабыл алууда шарт болуп саналат. Ошондой эле шарий өкүмдү истинбат кылып чыгарып берүү дагы

бул шарий өкүм деп күбөлүккө өтүү катары саналат. Ошондуктан, аны истинбат кылып чыгарып жаткан мужтахиддин адилеттүү болушу шарт. Шарий өкүмдөрдү истинбат кылып жаткан адам адилеттүү болушу бирден бир зарыл болгон шарттардын катарына кирет. Ошондуктан, шарий өкүмдү үйрөтүп жаткан мугалим болобу же мужтахид болобу айырмасыз, андан шарий өкүм алынып жаткандыктан ал адилеттүү болушу шарт. Бул эң зарыл шарт. Ким Шаафи рахимахуллахты илимдүү жана туура деп билип, анын мазхабын карманса, анда ал адам башка мазхабга көңүл-каалоосу негизинде өтүп кетүүсү мүмкүн эмес. Балким, ал өз мазхабынан башка мазхабга бир шарий далилидин негизинде таржиих кылуу менен гана өтө алат. Бул таржиих кылуу да көңүл-каалого ээрчүү менен эмес, шарий далил аркылуу таржиих кылуу менен гана болот. Ошол эле маалда, таклид кылган адам өзү карманып жаткан мазхабдагы башка маслелерди таржиих кылбастан, аны таштап башка мазхабга бүтүндөй өтүүсү болбойт!

2 – Адамдар шарий өкүмдү билүүдө эки түргө бөлүнөт. Биринчиси мужтахид. Экинчиси мукаллид. Алардын үчүнчү түрү жок. Анткени, адам турмушта өз ижтихадынан келип чыгып бир шарий өкүмдү карманат же башка бирөөнүн ижтихадынан келип чыккан шарий өкүмдү карманат. Шарий өкүмдү карманууда абал мына ушул эки абалдан тышкары чыкпайт. Ушуга негизделип баардык мужтахид болбогон адамдар – кандай болуштарына карабастан – мукаллид болушат. Таклид кылуу маселеси – мужтахид же мужтахид эмес болушуна карабастан – шарий өкүмдү башка бирөөдөн алуу болуп саналат. Анткени, мужтахид өзү ижтихадчы болсо дагы бир маселеде башка мужтахиддерге таклид кылуусу шарий жактан мүмкүн. Ушул учурда бул маселеде ал мужтахид да, мукаллид да болуп саналат. Ушуга негизделип бир шарий өкүмдө мужтахид башка мужтахиддин райына ээрчигендиктен ал ошол маселеде мужтахид эмес, мукаллид болуп эсептелет.

3 – Мужтахид – ижтихад кылуу шарттарын толук билген, араб тили боюнча кеңири маалыматка ээ, китеп, сүннөттүн бөлүмдөрүн жетиштүү билген, далилдер ортосунда карама-каршылык болгон учурда аларды жамдай алуу, күчтүү тарабын тандай алуу жана теңдей алуу жагынан да терең илимге ээ болушу керек. Андан кийин алардан шарий өкүмдү истинбат кылып чыгуу кудуретине ээ болуусу керек. Мужтахид өз ижтихады менен бир маселеде бир шарий өкүмдү ижтихад кылып чыккандан кийин ал ушул маселеде башка мужтахидге таклид кылуусу жаиз эмес. Балким, өз ижтихадынан келип чыккан шарий өкүмгө амал кылат. Ал өз ижтихадынан келип чыккан шарий өкүмгө гана амал кылуусу керек болот, аны таштоосу мүмкүн эмес. Бирок, өзү ижтихад кылганда таянган далили заиф (алсыз) экендиги билинген учурда жана башка мужтахиддин ушул маселедеги таянган далили күчтүү экендигин билсе, ошондо гана ал өз ижтихадынан келип чыккан шарий өкүмдү таштап, далили күчтүү тарабын алат. Ошондой эле далили күчтүү тарабын кабыл албастан, далили күчсүз өз ижтихадында калуусу ага харам болот. Бул маселенин баардыгы эгер мужтахид бир маселеде иш жүзүндө ижтихад кылып шарий өкүмдү истинбат кылып чыккан учурда боло турган нерсе. Ал эми, мужтахид бир маселде мурдатан ижтихад кылбаса, анда ал бул маселеде ижтихад кылбастан эле бул маселеде башка мужтахиддерге таклид кылса жайиз. Анткени, ижтихад кылуу фарз айн эмес, фарз кифая болуп саналат. Эгер бир маселеге карата мурдараак башка бир мужтахид тарабынан ижтихад кылынган болсо, ал маселеге карата кайрадан ижтихад кылуусу мужтахидге ваажиб эмес. Балким, ал маселеге карата мужтахид ижтихад кылса да, кылбастан башка мужтахиддин ижтихадына таклид кылса да жайиз. Тактап айтканда, мужтахид өз ижтихадын таштап, башка райды кармануда далилдин күчтүүсүнө карап таржиих кылуу аркылуу гана өтөт.

4 – Бул мужтахиддин таклид кылуусу тууралуу болду. Ал эми, мужтахид эместин таклид кылуусу эки түрдүү болот: муттабий, аамий. Ал экөөнүн бир мазхабдан экинчи мазхабга өтүүдө ар бири үчүн шарттар бар. Бул экөө бир мазхабдан экинчи мазхабга өтүүдө жеңилине, көңүл-каалоосуна карап өтүүлөрү мүмкүн эмес. Балким, муттабий да, аамий да шарий таржиих кылуу аркылуу өтүүлөрү ваажиб:

– Муттаби бул кээ бир шарий илимдерди билген адам. Алардын негизгилери:

а) Араб тилин белгилүү бир денгээлде билүүсү. Куранды, хадисти арабча окуганда анын мааннисин түшүнө алуусу. Маанисин түшүнө алуусу деген анын ар бир сөзүн түшүнүүнү түшүндүрбөйт, балким, араб сөздөрүнүн маанисин сурап билип түшүнө алуусу.

б) Котормодон болсо да мутаватир, сахих, хасан, заиф хадистердин далаалаттарын билүүсү. Хадис китептеринен сахихтерин билүү илими болушу. Мисалы: Бухариден же Муслимден окуган хадистерин сахихтерин биле алуусу. Ошондой эле Тирмизийден окуган хадисин ал тууралуу

Тирмизий айткандарын биле алуусу. Мисалы: хасан же сахих экендигин. Ошону менен бирге эле сахих хасан хадистердин маанисин заифтен айырмалап түшүнө алуусу.

Муттаби эгер далилин сүрүштүрбөстөн бир мазхабга таклид кылып жүрсө жана кийин амалдардын өкүмдөрү тууралуу башка мужтахиддин далилин билсе, мындай абалда далилин билбеген мазхабын таштап далилин билген мазхабга өтөт. Мындай учурда, ал амалдардын өкүмдөрүнүн далилин билген мазхаб шарий жактан ага карата басымдуу (таржиих) болуп саналат.

Башкача айтканда, муттаби бир мазхабдан экинчи мазхабга өтүүсү шарий таржиих кылуу аркылуу гана болот. Тактап айтканда, муттаби өзү далилин билген өкүмгө амал кылат, далилин билбеген өкүмгө амал кылууну таштайт. Бул ага шарий таржиих болуп саналат.

Ал эми, аамий болсо анын шарий илими жок. Араб тилин билбейт. Ошондой эле китеп, сүннөт жана далилдер тууралуу да илими жок адам. Ал Аллахка мазхабы же шейхи кандай көрсөтүп берсе ошондой сыйынат. Мындай абалда кандай маселе болушуна карабастан, бир мазхабдан экинчи мазхабга өтө албайт. Бир гана шарий таржиих кылуу аркылуу өтөт. Аамийдин таржиих кылуусу өзү таклид кылган адамга болгон ишеними аркылуу болот. Мисалы, таклид кылган адамын таква, ага көпчүлүк адамдар ээрчиген, өзүнүн атасы таклид кылган, адамдарга илим үйрөткөндүгү аркылуу ага бекем ишеним жаратуусу менен болот. Мындай абалда аамий мазхабын таштап башка мазхабга өтө албайт. Бирок, жогоруда айтып өткөнүбүздөй өзү таклид кылган мазхабынан башка мазхабдын далили күчтүү деп ага бир адамдын үйрөтүүсү ошол адамды таклид кылып жаткан адам өз мазхабында таква илимдүү экендигине ишенип кадыржам болсо, ал ишеним жаратып жаткан адамы Ханафий мазхабында намаз окуп ага намаз өкүмдөрүн түшүндүрүп берсе жана ошол жаатта анын илимдүү экендигине бекем ишенип кадыржам болсо, бул абалда ал ишеним жана кадыржамдык таржиихи менен намазында Шаафи мазхабынан Ханафи мазхабына өтөт.

Тактап айтканда, аамий бир райдан экинчи райга өтүүдө таржиих кылуу менен гана өтөт. Аамий үчүн таржиих кылуу – бул өзү таклид кылып жаткан мазхабдан башка мазхаб тууралуу далилдерди үйрөтүп жаткан адамды өз мазхабында таква, адилеттүү, илимдүү деп ага бекем ишенип кадыржам болуусу таржиих болуп саналат. Ал качан үйрөтүп жаткан адамга таква, илимдүү деп ага ишенип кадыржам болсо өзү карманып жургөн мазхабын таштап, үйрөтүп жаткан адамдын мазхабын кармануусу жайиз.

5 – Эгер таклид кылууга илими жетип таклид кылган мужтахидинен башка мужтахиддин райын кармануну кааласа, анда ал таржиих кылуу аркылуу гана болот. Далилин билбей таклид кылып, кийин далилин билип башка мужтахидге таклид кылуунун же өзү таклид кылган мужтахиди далили башка мужтахиддердин далилине караганда күчтүү деп ишенип таклид кылуунун айырмасы жок. Шарий таржиих кылуу аркылуу гана бир райды таштап экинчи райга өтүлөт. Ал эми, анын илими кандайдыр бир маселеде таклид кылууга жетпесе, таклид кылууну эми баштап жатса, анда ал кайсы мужтахид болбосун далилдерине, илимдүрөөк экендигине ишенип кадыржам болгон мужтахидине таклид кыла берет.

Эске сала кетчү нерсе, бир маселеде толук түрдө бир мужтахидге таклид кылуу ваажиб. Мисалы, намаз маселесинде толук түрдө (даарат алуу, кыям, рукуларда) бир мужтахидге таклид кылынат. Мунун өкүмдөрүнүн баары бир мужтахиддин райынан алынат. Намаз өкүмдөрүндө Ханафийдикин алып, даaратта Шаафийдики алынбайт. Балким, баардыгында бир мужтахиддин гана райы алынат. Ал эми, намаздан тышкары орозо, ажылык сыяктуу намаздан тышкары маселелерде башка мужтахиддин райын карманса жайиз.

6 – Ушуларга негизделип, сиздин суроонуздогу бир туугандарыбыз. Алар араб тилин билишпегендиктен, өздөрүн муттабинин катарында санап далилдерди котормолор аркылуу алып, биринчи карманган мазхабдарын таштап башка мазхабга өтүүлөрү туура эмес. Себеби, өздөрүн муттаби саноолорунун вакыйы муттабинин вакыйына дал келбейт. Анткени, алар араб тилин билишпейт. Ошондуктан, котормолор мазхабды таштап башкага өтүүгө жетишсиздик кылат. Балким, аамий сыяктуу ага бирөө таржиих кылып берүүсүнө муктаж. Далилдердин арабчасын окуп

түшүндүрүп берип, бул мазхабдын далилдерине караганда бул мазхабдын далилдери күчтүү деп түшүндүрүп берген ишенимдүү адамга муктаж. Анын таквалыгына, илимине, түшүнүгүнө ишенип кадыржам болсо гана ал таклид кылган мазхабын таштап, өзү ишенип жаткан адам көргөзгөн мазхабга өтсө болот. Тактап айтканда, бул бир туугандар бир мазхабдан экинчи мазхабга өтүүдө араб тилин билбей туруп котормолорду окуулары жетиштүү эмес. Балким, аамий сыяктуу ага күчтүү далилдерди көргөзүп бере турган жана өзү анын таквалыгына, илимдүүлүгүнө ишенген бир адамдын болуусу зарыл.

Бул маселеде менин раъйым ушул, валлаху аълам ва ахкам.

**Бурадарыңыз Ата ибн Халил Абу Рошта** **15-жумадул-аввал, 1439-х.**

**1-февраль, 2018-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Muhamad Abdallah тарабынан берилген муробаха келишиминин өкүмү жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Урматтуу амирибиз жана шейхибиз Ато ибн Халил Абу Рушта, менин суроом төмөнкүдөй: Муробаха келишиминин өкүмү кандай: жайизби, же фасидби, же батылбы? Боордоршторубуз муробаха келишимин түзүшкөн эле. Бир аз убакыт өткөндөн кийин бул келишимдин жайиз эместигин билишти. Капитал берген биринчи тарап сарптаган капиталын о.э. пайданын бир бөлүгүн алып койду. Азыр болсо, бул келишимдин жайиз эместигин билгенден кийин пайданын калганын да талап кылууда.

Адал жана арамдык жагынан бул келишимдин табияты кандай болот? Бул акчалар адалбы же арамбы? Капитал берген тарап бул капиталды жана пайданын бир бөлүгүн алып алгандан кийин калган пайданы да талап кылууга акысы барбы? Акыйкатта болсо, бул боордоштор «Амалдардагы асл – шаръий өкүм менен чектелүү» коидасын билишет.

Бизге ушул маселени түшүндүрүп бериңиз. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын. Абу Сухайл – Берлин.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Суроонузда келгендей, сиз капитал ээси акчасын экинчи тарапка соода же башка иш кылышы үчүн беришин жана бул шерик капитал ээсине кепилденген пайданы беришин муробаха деп атагансыз. Бул, Исламда жайиз эмес. Ислам уруксат берген нерсе мындай: капитал ээси капиталын экинчи тарапка соода үчүн берет, ал эми, түшкөн пайда – эгер киреше болгон болсо – алдын ала келишилген үлүштөр боюнча алардын ортосунда бөлүштүрүлөт. Эгер, пайда жок болсо, анда, эч бир тарап эч нерсе албайт. Эгер зыян болсо, зыянды капитал ээси көтөрөт. Эмгек кылган экинчи тарап болсо эмгегине күйөт. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, капитал ээсине белгилүү бир көлөмдөгү кепилденген киреше белгиленбейт.

Исламда музораба келишими бар. Музораба – бул акча менен эмгек ортосундагы ширкаттын (компания) бир түрү. Ширкат – шарият уруксат берген мамилелерге кирет. Абу Хурайрадан риваят кылынган хадисте Набий A айтты:

«إِنَّ اللَّهَ يَقُولُ: أَنَا ثَالِثُ الشَّرِيكَيْنِ، مَا لَمْ يَخُنْ أَحَدُهُمَا صَاحِبَهُ، فَإِذَا خَانَهُ خَرَجْتُ مِنْ بَيْنِهِمَا»

**«Аллах Таала айтты: Эгерде эки шерик бири-бирине кыянат кылбаса, Мен алардын үчүнчүсүмүн. Эгер, алардын бири шеригине кыянат кылса, Мен алардын арасынан чыгамын».** Абу Давуд риваяты. Сахабалар ψ музорабанын жайиздигине ижма кылышкан. Ибн Абу Шайбанын Мусаннафинде келишинче Умар Γ жетимдин малын музорабага берген. Музарабадагы пайдага келсек, ал эки шериктин келишилген шартына ылайык бөлүштүрүлөт. Зыян болсо, малдын мойнуна түшөт. Абдурраззак Санъаний өзүнүн Мусаннафында Али Γдан музораба жөнүндөгү: **«Зыян малга түшөт, пайда болсо шериктердин шартына ылайык болот»** деген сөзүн риваят кылган.

Шарияттта муробаха термини сатуу жана сатып алууда колдонулат жана иш (эмгек) келишимдеринде колдонулбайт. Аны иш келишимдеринде да колдонуп жаткандар аны шаръий ордунан башка орунда колдонуп жатышат. Себеби, муробаха сөздүктө пайда алууну түшүндүрөт т.а. «малды муробахага (пайдалуу) саттым» же «аны муробахага сатып алдым» деп айтылат.

Терминде сатуучу малын өзү сатып алган көлөмгө белгилүү бир пайданы кошуп сунуш кылышына (мисалы: бул 100 сомго түштү, үстүнө 20 сом кошуп ал деши) муробаха деп аталат. Ал аманат (ишенич) соодасы катарына кирет, мында сатуучунун малды сатып алган баасын айтуудагы чынчылдыгына таянылат.

Муробаха шаръий түрдө жайиз. Себеби, ал сатуучу сатып алган баага кошумча пайда кошулуп сатылууда. Эгер сатуучу: «Мен сизге бул малды өзүм сатып алган бааны үстүнө пайда коюп саттым» деп кардарга бааны маалым кылса же кардар муну кабыл кылса, бул – жайиз. Себеби, бул белгилүү (ачык-айкын) байъ (соода) болуп эсептелет.

**Бoордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **19-ражаб, 1434-х.**

**29-май, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Ahla Arch тарабынан берилген тообо кылуу жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум… Аллах сизге жардамчы болсун жана иштериңизге тавфик берсин!

Мен сизге өзүм үчүн белгисиз болгон бир суроону бермекчимин: киши күнөөсү үчүн тообо кылса жана ошол күнөөнү дагы кайра кылса, ага мурунку күнөөсү да кайра жазылабы? Себеби, «калыс тообо – эч качан бул күнөөгө кайра барбоо» деп келген. Аллах Тааланын:

{يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ تُوبُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ تَوۡبَةٗ نَّصُوحًا}

***«Эй момундар Аллахка калыс тообо кылгыла»*** [66:8]

деген сөзүндө күнөөсү үчүн тообо кылып, бул күнөөгө кайра эч качан барбаган киши айтылган, дешет.

Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Күнөө үчүн калыс тообо кылуунун төрт шарты бар: ушул күнөөдөн бүтүндөй баш тартуу, бул күнөөсү үчүн бушайман болуу, бул күнөөгө кайра барбоого катуу чечим кылуу, эгер бул күнөө адам акысы менен байланыштуу болсо, ошол адамга акысын кайтарып берүү же анын кечиримин алуу керек. Ушулардын баарында Аллах Субханахуга калыс болуу шарт. Аллах ашкере-жашыруун нерсени билүүчү.

Аллах Субханаху ва Таала момундарга күнөөлөрү кечирилиши үчүн калыс тообо кылууга буюрду, Аллах Жалла ва Ала айтат:

{يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ تُوبُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ تَوۡبَةٗ نَّصُوحًا عَسَىٰ رَبُّكُمۡ أَن يُكَفِّرَ عَنكُمۡ سَيِّـَٔاتِكُمۡ وَيُدۡخِلَكُمۡ جَنَّٰتٖ تَجۡرِي مِن تَحۡتِهَا ٱلۡأَنۡهَٰرُ}

***«Эй момундар Аллахка калыс тообо кылгыла, балким, Роббиңер күнөөңөрдү кечирип, силерди астынан дайралар агуучу бейиштерге киргизээр»*** [66:8]

Ким ушул шарттар менен чын дилден жана калыс тообо кылса – Аллахтын изни менен – анын күнөөсү кечирилет. Ибн Мажа Абу Убайда ибн Абдуллахтан, ал атасынан риваят кылат: Расулуллах A мындай деди:

**«التَّائِبُ مِنَ الذَّنْبِ، كَمَنْ لاَ ذَنْبَ لَهُ»**

**«Күнөө үчүн тообо кылган киши – кудум күнөөсү жок кишидей»**.

Ал эми, «калыс тообо – адам бул күнөөгө эч качан кайтпашы» жөнүндө Расулуллах Aдан риваят кылынган хадиске келсек, ал заиф хадис.

Имам Ахмад «Муснад»ында риваят кылат: Бизге Хажарий кабар берди, ал Абу Ахвастан, ал Абдуллахтан риваят кылды, Расулуллах A мындай деди:

**«التَّوْبَةُ مِنَ الذَّنْبِ: أَنْ يَتُوبَ مِنْهُ، ثُمَّ لَا يَعُودَ فِيهِ»**

**«Күнөө үчүн тообо кылуу – ал үчүн тообо кылып, кийин ага кайтпоо»**. Бул хадистин марфу (Расул Aга нисбат берилген) санады заиф, сахихи мавкуф (т.а. сахабанын сөзү). Ошондуктан, калыс тообо – киши бул күнөөгө таптакыр кайтпоого бекем жана калыс чечим кылышы. Эгер кайтса, дагы бекем чечим, калыстык менен, истигфар айтып тообо кылсын, күнөөм кечирилбейт деп бул күнөөсүнө кайтпасын. Калыстык жана ыклас менен дагы тообо кылып, истигфар айтсын, анткени, Аллах жашырын жана ашкере нерсени билүүчү… Аллах Субханаху айтат:

{وَٱلَّذِينَ إِذَا فَعَلُواْ فَٰحِشَةً أَوۡ ظَلَمُوٓاْ أَنفُسَهُمۡ ذَكَرُواْ ٱللَّهَ فَٱسۡتَغۡفَرُواْ لِذُنُوبِهِمۡ وَمَن يَغۡفِرُ ٱلذُّنُوبَ إِلَّا ٱللَّهُ وَلَمۡ يُصِرُّواْ عَلَىٰ مَا فَعَلُواْ وَهُمۡ يَعۡلَمُونَ}

***«Алар ушундай заттар, эгер кандайдыр бир ылайыксыз, бузгунчу иш кылып коюша же өздөрүнө зулумдук кылышса, дароо Аллахты эстеп, күнөөлөрүн магфират кылышын сурай турган, ар кандай күнөөнү жалгыз Аллах гана кечирет, алар билип туруп кылган күнөөлөрүн улантпай турган адамдар»*** [3:135]

Ушул аятта ишарат кылынган истигфардын сыпаты хасан хадисте келген: Имам Ахмад риваят кылат, бизге Вакиъ айтты, бизге Мисъар жана Суфян айтты… Али Гдан риваят кылды, ал айтты: Мага Абу Бакр Г чынчыл сүйлөдү, ал Набий Aдын мындай дегенин уккан экен:

**«مَا مِنْ رَجُلٍ يُذْنِبُ ذَنْبًا فَيَتَوَضَّأُ فَيُحْسِنُ الْوُضُوءَ قَالَ مِسْعَرٌ وَيُصَلِّي وَقَالَ سُفْيَانُ: ثُمَّ يُصَلِّي رَكْعَتَيْنِ فَيَسْتَغْفِرُ اللَّهَ عَزَّ وَجَلَّ إِلاَّ غَفَرَ لَهُ»**

**«Бирер киши күнөө кылып, кийин даарат алса, муну чырайлуу кылса –** Мисъар: **«…жана намаз окуса,** деди, Суфян болсо: **«…кийин эки ирекет намаз окуса,** деди **– кийин Аллах Азза ва Жаллага истигфар айтса, Ал албетте күнөөсүн кечирет»**. Бул хадисти Тирмизий, Ибн Мажа жана Насаий да риваят кылган, Ибн Хиббан аны сахих деген. Тирмизий, Ибн Мажа жана Насаий риваятында «Ал албетте күнөөсүн кечирет», дегенден кийин ушул аятты окуду, делген:

{وَٱلَّذِينَ إِذَا فَعَلُواْ فَٰحِشَةً أَوۡ ظَلَمُوٓاْ أَنفُسَهُمۡ ذَكَرُواْ ٱللَّهَ فَٱسۡتَغۡفَرُواْ لِذُنُوبِهِمۡ وَمَن يَغۡفِرُ ٱلذُّنُوبَ إِلَّا ٱللَّهُ وَلَمۡ يُصِرُّواْ عَلَىٰ مَا فَعَلُواْ وَهُمۡ يَعۡلَمُونَ}

***«Алар ушундай заттар, эгер кандайдыр бир ылайыксыз, бузгунчу иш кылып коюша же өздөрүнө зулумдук кылышса, дароо Аллахты эстеп, күнөөлөрүн магфират кылууну сурай турган, ар кандай күнөөнү жалгыз Аллах гана кечирет, билип туруп кылган күнөөлөрүн улантпай турган адамдар»***

[3:135]

Ушул таризде ким күнөөсү үчүн тообо кылса жана кийин дагы ушул күнөөсүнө кайтса, ал калыс жана ыклас менен кайрадан тообо кылышы, Аллах Субханахудан кечирим сурашы, Аллах тообосун кабыл алышына үмүт кылышы керек. Күнөөнүн кайталанышы тообо эшигин жаап койбойт. Бирок, жогоруда айтканыбыздай: «күнөө үчүн калыс тообо кылуунун төрт шарты бар: ушул күнөөдөн бүтүндөй баш тартуу, бул күнөөсү үчүн бушайман болуу, бул күнөөгө кайра барбоого катуу чечим кылуу, эгер бул күнөө адам акысы менен байланыштуу болсо, ошол адамга акысын кайтарып берүү

же анын кечиримин алуу керек. Ушулардын баарында Аллах Субханахуга калыс болуу шарт. Аллах ашкере-жашыруун нерсени билүүчү».

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Murat Eroğlu тарабынан берилген

## 1 - Мухаммад сүрөсү Бадр согушунан кийин түшкөнүнүн далилдери

**Суроо:**

Ассаламу алайкум, менин суроом төмөнкүдөй:

Шейх Набаханий ] «Мухаммад сүрөсүнүн төртүнчү аяты Бадр согушунан мурун түшкөн» деп айтат. Мунун кандай далили бар? Көпчүлүгү бул аятты Бадр согушунан кийин түшкөн деп айтат. Муну түшүндүрүп берсеңиз. Дагы суроом: эгер турмуш курган күң зина кылып койсо, анын жазасы ташбараң кылуу болобу?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух…

Мага суроońуздун түрк тилиндеги тексти келди, суроо араб тилине которулгандан кийин мен ага жооп бердим. Жооп түрк тилине да которулду. Жооп төмөнкүдөй:

Биринчи: Сиз Мухаммад A сүрөсүндөгү ушул аятты сурагансыз:

{فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرْبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثْخَنتُمُوهُمْ فَشُدُّواْ ٱلْوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعْدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلْحَرْبُ أَوْزَارَهَا ۚ ذَٰلِكَ وَلَوْ يَشَآءُ ٱللَّهُ لَٱنتَصَرَ مِنْهُمْ وَلَٰكِن لِّيَبْلُوَاْ بَعْضَكُم بِبَعْضٍ ۗ وَٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ فَلَن يُضِلَّ أَعْمَٰلَهُمْ}

***«Ошондуктан,*** *(эй момундар)****, качан силер*** *(согуш майданында)* ***кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула! Эми качан алардын*** *(көптөрүн)* ***кырып*** *(жеңгениңерден кийин аларды туткун кылып алып)* ***аркан менен байлагыла! Андан соң же*** *(аларды азат кылып жиберүү менен)* ***жакшылык көрсөткүлө же*** *(аларды бошотуп жиберүү үчүн)* ***фидя-таван алгыла. Тээ согуш жүктөрүн таштагыча*** *(т.а. согуш токтогончо силерге буйрулган иш)* ***мына ушул. Эгер Аллах каалаcа алардын үстүнөн*** *(согушсуз да)* ***үстөм болор*** *(т.а. аларды жок кылып жиберер)* ***эле, бирок, Ал Зат силердин кээ бириңерди кээ бириңер менен сыноо үчүн*** *(силерди согушка буюрду)****. Аллах жолунда өлтүрүлгөн заттардын иштерин Ал Зат эч качан бекерге кетирбейт»*** [47:4]

Мухаммад A сүрөсү Бадр согушунан мурун түшкөн. Мунун далили төмөнкүдөй:

1 – Расулуллах A Бадр күнүндө туткундар жөнүндө өкүм кылган. Бул болсо туткундар жөнүндөгү өкүм түшкөнүн түшүндүрөт. Себеби, Расулуллах A вахий түшүшүнөн мурун өкүм кылбаган.

2 – Куръани Каримде туткундар жөнүндөгү өкүм Мухаммад A сүрөсүндө гана келген.

{فَإِمَّا مَنًّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً}

***«Андан соң же*** *(аларды азат кылып жиберүү менен)* ***жакшылык көрсөткүлө же*** *(аларды бошотуп жиберүү үчүн)* ***фидя-таван алгыла»***. Бул болсо, аят туткундар колго алынган Бадр согушунан мурун түшкөнүн түшүндүрөт.

3 –

{فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرۡبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنًّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً}

***«Ошондуктан,*** *(эй момундар)*, ***качан силер*** *(согуш майданында)* ***кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула! Эми качан алардын*** *(көптөрүн)* ***кырып*** *(жеңгениңерден кийин аларды туткун кылып алып)* ***аркан менен байлагыла! Андан соң же*** *(аларды азат кылып жиберүү менен)* ***жакшылык көрсөткүлө же*** *(аларды бошотуп жиберүү үчүн)* ***фидя-таван алгыла»*** аяты فإذا «качан» сөзү менен башталып андан кийин لقيتم «беттешкениңерде» деген өткөн чак феъли келип жатат т.а. беттешүү али ишке ашпаган. Бул болсо, аяттагы өкүм согуш болушунан мурун түшкөнүн түшүндүрөт. Демек, аят согуш болушунан мурун туткундар өкүмүн баян кылган жана буга чейин туткундар колго алынып туткундар жөнүндөгү өкүм керек болгон Бадрдан башка согуш жүз бербеген.

4 – Аллах Тааланын:

{حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ}

***«Эми качан алардын*** *(көптөрүн)* ***кырып*** *(жеңгениңерден кийин аларды туткун кылып алып)* ***аркан менен байлагыла!»*** деген сөзү согушта туткунга алуу ишке ашкан убакытты баян кылат. Душмандын көптөгөн аскерлери өлтүрүлгөндөн кийин туткунга алуу болгон. Демек, аят Бадр согушунан мурун түшкөн, себеби, «***Эми качан алардын*** *(көптөрүн)* ***кырып***» деген абал Бадрдан мурун жүз берген. Туткунга алуу маселеси жаңы, жүз бере элек вакиъни билдирет.

5 – Ошондуктан, аяттын мантуку бул сүрө согуш болушунан мурун түшкөнүнө далалат кылат. Бул аят согуш болушунан мурун жана исхан (кыргын) жүз беришинен мурун туткундар өкүмүн баян кылып түшкөн. Мухаммад сүрөсү Бадр согушунан кийин түшкөн деп айтылган риваяттар да бар, бирок, эгер аят менен хадисти жамдоо мүмкүн болбосо, таржих (артыкчылык) хадистен көрө аятка берилет. Эгер, аят менен хадисти жамдоо мүмкүн болгондо жамдоо туура болот эле. Бул жерде болсо, жамдоо мүмкүн эмес. Себеби, хадисте туткундар өкүмү Бадрдан кийин түшкөн деп айтылса, аят туткундар өкүмү Бадрдан мурун түшкөнүнө далалат кылат. Ошондуктан, таржихке амал кылынып аятка тескери келген хадистерден аят таржих кылынат.

Муну Мухаммад сүрөсүндө гана туткундар өкүмү бар экендиги, туткундар жөнүндөгү өкүм керек болгон Бадрдан башка согуш болбогону, Расулуллах A Бадр согушунда туткундар жөнүндө өкүм кылганы о.э. ал зат вахий менен гана өкүм кылышы да тастыктайт жана кубаттайт.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

# Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын суроолоруна жооптор (фикхий)

## Фарах Фархад (فرح فرحات): нике келишими

**Суроо:**

Бисмиллахир Рохманир Рохим, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Кадырлуу амирибиз, Аллаз сизди Өз коргоосуна алсын.

Сууроом төмөнкүчө:

Үйлөнүүдөгү «иникод» жана «сихха шарты» ортосундагы айырмачылык тууралуу? Бул экөөнүн үйлөнүү келишимине (акдына) кандай таасири бар? Үйлөнүү келишими качан батыл болуп, качан фаасид (бузулган) болоорун ачыктап берсеңиз? Рахмат.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

1 – Бул суроонун жообу «Исламдагы ижтима түзүмү» китебинде толук баяндалган:
«Үйлөнүү акды ижааб жана кабул (айтуу жана кабыл алуу) аркылуу ишке ашат. Ижааб – бул үйлөнүп жаткан тараптын биринчи тарабынан айтыла турган сөз. Кабул – бул үйлөнүп жаткандардын экинчи тарабынан кабыл алынып айтыла турган сөз. Үйлөнүүдөгү иникод шарты төртөө:

<u>Биринчи шарт</u>: ижаб жана кабул сөздөрү бир жерде айтылуусу керек. Башкача айтканда, сени жубайлыкка алдым деп биринчи тараптын айтуусу жана экинчи тарап мен макулмун деп айтуусу бир жерде болуусу шарт. Бул шарт үйлөнүп жаткан эки тарап тең нике кыюучу жайга келген учурда болот. Ал эми, үйлөнүүчү тараптардын бири башка жакта болуп нике кыюучу жайга келбесе, анда ага биринчи тарап кат аркылуу кайрылат. Аны экинчи тараптын макул деп кабыл алуусу менен нике келишими түзүлөт. Бирок, мындай учурда биринчи тарап жазган катты экинчи тарап эки күбөө алдында окуйт же окутат. Эки күбөө окулуп жаткан катты так даана угушу, же мага баланча жуучу түшүп жатат мен ага макулмун деп угуза айтуусу шарт.

<u>Экинчи шарт</u>: Үйлөнүп жаткан эки тарап тең бири-биринин сөздөрүн так даана угуулары жана түшүнүүлөрү шарт. Башкача айтканда, жуучу түшүп жаткан тараптын сөзүн жуучу түшүлүп жаткан тарап аны даана түшүнүшү керек. Эгер жуучу түшүп жаткан тараптын сөзүн жуучу түшүлүп жаткан тарап түшүнбөсө, мисалы жуучу түшүп жаткан тарап французча мен сени жубайлыкка алдым деп айтса, жуучу түшүлүп жаткан тарап анын маанисин түшүнбөстөн эле (ал айткан сөздүн максаты жубайлыкка алуу болуп жатканын түшүнбөстөн) ал айткан сөздү кайталап койсо, бул жерде иникод шарты ишке ашпай калат. Эгер, экинчи тарап жуучу түшүп жаткан тараптын сөзүнүн маани маңызын түшүнсө анда иникод шарты ишке ашат.

<u>Үчүнчү шарт</u>: Үйлөнүп жаткан тараптар ижаб жана кабул шарттарын ишке ашырып жатканда карама-каршылыктар болбошу керек.

Төртүнчү шарт: Үйлөнүп жаткан тараптарга шарият уруксат берген болушу керек. Тактап айтканда, аял мусулман же ахли китаб, эркек болсо мусулман болушу шарт.

Ушул төрт шарт толук болсо нике кыюудагы иникод шарты толук ишке ашкан болот. Ушул шарттардын бирөө эле жок болуп калса, иникод шарты толук ишке ашпаган болуп саналып, батыл өкүмү берилет. Башкача айтканда, нике кыюудагы иникод шарты түп тамырынан туура эмес болгондугун түшүндүрөт.

Нике кыюудагы иникод шарттары ишке ашкандан кийин анын сихха шарттары да толук болушун талап кылат. Сихха шарты үчөө:

1 – Нике кыйылып жаткан аял никеге жарамдуу болушу. Мисалы, эже-сиңдини бир учурда бир эркекке нике кыюуга болбойт;
2 – Нике бир гана валийдин уруксаты менен кыйылат. Аял валийсиз өзүн да, өзүнөн башканы да күйөгө бере албайт. Ошондой эле аял өзүнүн валийисиз өкүл да боло албайт. Эгер кылса никеси сихха (туура ишке ашкан) болбойт;
3 – Нике кыюучу жайда балагатка жеткен, акылы толук эки күбөнүн болушу. Ал экөө нике кыйылып жаткан тараптардын сөздөрүн угуп маанисин түшүнүшү шарт. Ижаб жана кабул сөздөрүндө үйлөнүүнү максат кылгандыгын даана түшүнүүлөрү керек.
Ушул шарттар толук ишке ашса сихха шарттары толук ишке ашкан болот. Ушул шарттардын бирөө ишке ашпай калса нике кыюу фаасид (бузулган) болот. Ушундан кийин «Ижтима түзүмү» китебинде бул шарттардын далилдерин да баяндап өткөнбүз... Анда эгер иникод шарттары толук болбой калса, нике келишими батыл болот. Сихха шарттары толук болбой калса нике келишими фаасид (бузулган) болот.

2 – Фаасид менен батылдын айырмасын баяндай турган болсок. Батыл дегени нике кыюудагы иникод шарттары түп тамырынан шариятка каршы келүүсү. Башкача айтканда, негизги шарттары бузулгандыгы себептүү харам болот. Ал эми, фаасиддеги негизги шарттар (иникод шарттары) шариятка дал келет. Бирок, кийинки (иникод шарттарына байланышпаган) шарттарында шариятка каршы келгендигин түшүндүрөт. Ибадаттарда фаасид болбойт. Балким, ибадаттардын шартары бүтүндөй аслына (негизине иникодго) байланышкан. Ошондуктан, ибадаттарда батыл өкүмү болот. Фаасид алакаларга, акддарга байланыштуу шарттарга айтылат. Мисалы: Бооз малдын ичиндеги нерсени сатуу түпкүлүгүнөн (аслынан) батыл болуп саналат. Анткени ал аслынан харам болгон.
Ал эми, бедуин менен болгон соода фаасид соода болуп саналат. Анткени, бедуин товардын баасын билбегендиги себептүү, кийин базар баасын көргөндөн кийин ал соода келишимин бузуу же бузбоо ыктыярына ээ болот.

Дагы бир мисал, акционердик компания аслынан батыл болуп саналат. Анткени, ал негизги шарий шарттарды камтыбаган жана анык өнөктөштүк да жок. Ал эми, өнөктөштөр шарий шарттардын негизинде келишишсе, бирок өнөктөштөрдүн бирөө белгилүү бир өлчөмдө пайда алып турушун шарт кылса, анда бул өнөктөштүк келишими фаасид болот. Анткени, шарияттын асл шарттарында өнөктөш үчүн белгилүү бир пайда болуп турушу шарты жок. Эгер алар пайда пайызына келишишсе, анда келишимде фаасиддик кетип, келишим туура ишке ашкан болот.
Мына ушундайча батыл менен фаасиддин ибадаттарда айырмасы болбойт. Ибадаттардын баардыгында сахих (туура ишке ашкан ) же сахих эмес болот. Намаз сахих же батыл болот. Андан башка болбойт. Ал эми батыл менен фаасид соода, ижара, өнөктөштүк сыяктуу алакага байланышкан келишимдерде айырмаланат.

Ал эми никеде батыл менен фасид экөө тең шариятка каршы келген иштер. Бирок, батыл аслындагы шарттардын толук болбой калышы. Мындай учурда аял эркек ортосунда кошулуу жүз берип калса, ал зынаа болуп саналат. Андан болгон бала да алардын баласы болуп саналбайт. Идда да жок, махр да берилбейт, алардын никеси нике да болуп саналбайт. Ал аслынан батыл болуп саналат. Ал эми, нике кыюу келишими фаасид болуп калса, тактап айтканда никедеги иникод

шарттары эмес, сихха шарттары толук болбой калса, абал башкача. Андай учурда, мисалы, нике келишими фаасид болуп ишке ашып үйлөнгөн тараптар кошулуп жиберсе, анда асар (белгилүү шарий иштер) ишке ашырылышы керек болот. Эгер, кошулуша элек болсо, нике акды фаасид болуп, ага асар болбойт. Балким, сихха шарттарын толукташы керек болот. Ал эми, нике акды фаасид болгон мезгилде кошулуп коюшкан учурда асар иштер төмөнкүдөй аткарылышы керек:

– Махрдын берилиши, тактап айтканда, фаасид никеде кошулуу ишке ашса махрын берет. Набий ﷺ айтты:

**«أَيُّمَا امْرَأَةٍ نَكَحَتْ بِغَيْرِ إِذْنِ وَلِيِّهَا فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ فَإِنْ دَخَلَ بِهَا فَلَهَا الْمَهْرُ بِمَا اسْتَحَلَّ مِنْ فَرْجِهَا...»**

**«Кайсы бир аял валийинин уруксаты жок нике кыйдырса анын никеси батыл, батыл, батыл. Эгер ага кошулунса ага махр берилсин»**. (Имам Тирмизий риваят кылган жана хасан деген). Набий ﷺ бул хадисте фаасид нике менен нике кыйдырган аялга махр берилишин шарт кылды. Башкача айтканда, валийинин уруксаты жок нике кыйдырган аялга эгер кошулунса ага махр берилишин шарт кылды. Анткени, Пайгамбар ﷺ махрды кошулууга байланыштырды, тактап айтканда, эгер кошулуп койсо ага махр берилиши керек деди.

– Мындан башка дагы эгер кошулуп койсо, фаасид никеге тийиштүү асарлар бар... Бирок, ал маселелерде фикхий талаш-тартыштар бар. Мисалы, идда күтүшү, насаб, мураска ээ болушу сыяктуу иштерде талаш-тартыштар бар. Ким аны кааласа китептерден кеңири карап алса болот. Аллах туурасын билүүчү.

**Бурадарыңыз Ата ибн Халил Абу Рошта** **29-жумадул-аввал, 1439-х.**

**15-февраль, 2018-м.**

# بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Атасы кызын анын макулдугусуз күйөөгө бергүүсүнүн өкүмү

*Суроо:*

Ассаламу алайкум рохматуллохи уа баракатуху.

Менде суроо бар, ал суроомо тез арада жооб алууну өтүнөм.

Кызды анын ыраазылыгысыз күйөөгө берүү мүмкүнбү?

Нике келишими ишке ашып, бирок, нике түнү (кошулуу түнү) азыркыга чейин боло элек болсо, бул маселени чечүүнүн кандай жолу бар? Мен кол коюуга мажбурланган жокмун, балким, мага кол сураган жигит эшик алдында турат дешти, мен ага макул болдум. Бирок, мен бул кабылдоону кысым, мажбур астында кабыл алгандай болдум, анткени, мени менен эч ким сүйлөшкөн жок.

Назик Angels.

*Жооб:*

Алайкуму ассалам рохматуллохи уа баракатуху.

Бул маселе тууралуу «Ижтима түзүмү» китебинин үйлөнүү бабында кеңири айтып өткөнбүз. Ошондой эле, бул маселе жаатында айтылган Пайгамбар Адын хадисине да кеңири токтолгонбуз.

وعن عبد الله بن بريدة عن أبيه قال: «جاءتْ فتاةٌ إلى رسولِ اللهِ ص فقالتْ: إن أبي زَوَّجَني ابنَ أَخيهِ لِيَرْفَعَ بي خَسيسَتَهُ. قال فَجَعَلَ الأمرَ إليها فقالتْ «قد أَجَزْتُ ما صَنَعَ أبي، ولكنْ أردْتُ أن أُعْلِمَ النساءَ أنْ ليسَ إلى الآباءِ مِنَ الأمْرِ شيءٌ» أخرجه ابن ماجه».

Абдуллохи бин Бурайда Г атасынан айтты: «Пайгамбар Aга жаш кыз келип айтты: «Мени атам өз кадыр баркын көтөрүү үчүн тууганынын баласына күйөөгө берди». Пайгамбар A ишти кыздын колуна тапшырды. Кыз айтты: «Атам кылган нерседен аттап өттүм (аткарган жокмун). Бирок, күйөөгө чыгуу

ыктыярында аталар эч кандай ишти кызга мажбурлай албастыгын аялдарга билдирип койууну кааладым». (Ибн Мажа риваяты).

Аби Аббас Шихааб Аддин Ал Бусиирий Ал Кинаний Ашаафигийге (хижрий 840-жылы дүйнөдөн кайткан) таандык «Мисбааху Зужаажати фии завааид Ибн Маажа» китебинде келген:

عَن عبد الله بن بُرَيْدَة عَن أَبِيه قَالَ جَاءَت فتاة إِلَى النَّبِي فَقَالَت إِن أبي زَوجنِي من ابْن أَخِيه ليدفع بِي خسيسته قَالَ: «فَجعل الْأَمر إِلَيْهَا فَقَالَت قد أجزت مَا صنع أبي وَلَكِن أردْت أَن تعلم النِّسَاء أَنه لَيْسَ للآباء من الْأَمر شَيْء» وقال هَذَا إِسْنَاد صَحِيح رِجَاله ثِقَات...».

Абдуллохи бин Бурайда Γ атасынан айтты: «Пайгамбар Aга жаш кыз келип айтты: «Мени атам өз пастыгын мен аркылуу кетирүү үчүн тууганынын баласына күйөөгө берди». Пайгамбар A ишти кыздын колуна тапшырды. Кыз айтты: «Атам кылган нерседен аттап өттүм (аткарган жокмун). Бирок, күйөөгө чыгуу ыктыярында аталар эч кандай ишти кызга мажбурлай албастыгын аялдарга билдирип койууну кааладым». Айтты: мунун иснады сахих жана риваятчылары ишенимдүү.

Ошондуктан, ушуга негизделип атасы кызынын макулдугун алышы шарт. Башкача айтканда, нике шартындагы сунуштоо жана кабыл алуу шарттары ыктыярдуу, ыраазылык менен ишке ашуусу үчүн кыздын макулдугу шарт.

Бул боюнча «Ижтима түзүмү» китебиндеги үйлөнүү бабында кеңири баяндаганбыз. Ал төмөнкүчө:

«Эгер, аялга жуучу салынган болсо, аны кабыл алуу же кайтаруу анын гана акысы болуп, валийлеринен эч бир кишинин буга акысы жок. О.э. өзүнүн уруксатысыз эч бир киши аны турмушка бериши же аны никеден кайтарышы мүмкүн эмес. Ибн Аббас Расулулла ρдан риваят кылат:

**«الثَّيِّبُ أَحَقُّ بِنَفْسِهَا مِنْ وَلِيِّهَا، وَالْبِكْرُ تُسْتَأْذَنُ فِي نَفْسِهَا وَإِذْنُهَا صُمَاتُهَا»**

**«Жубан өзүнө валийинен көрө акылуураак. Бакирадан болсо уруксат суралат. Анын уруксаты – унчукпагандыгы»**. (Муслим риваяты). Абу Хурайрадан риваят кылынат: Расулулла ρ айтты:

**«لاَ تُنْكَحُ الأَيِّمُ حَتَّى تُسْتَأْمَرَ, وَلا الْبِكْرُ حَتَّى تُسْتَأْذَنَ. قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ, وَكَيْفَ إِذْنُهَا قَالَ: أَنْ تَسْكُتَ»**

**«Жесирден кеңеш суралмайынча, бакирадан болсо уруксат суралмайынча нике кылынбайт»**. «Я Расулулла, анын ыраазылыгы кандай болот?» - деп сурашканда, «**унчукпай турушу**» деп жооп берди (муттафакун алайх). Ибн Аббастан риваят кылынат: «Бир кыз Расулулла ρга келди жана атасы аны мажбур турмушка берип жатканын айтты: Ошондо Пайгамбар ρ анын өзүнө ыктыяр берди». Хансо бинти Хаззом ал-Ансорийден риваят кылынат. «Атасы аны эрге берди. Ал болсо жубан эле. Ал бул ишти жактырбады. Кийин Расулулла ρдын алдына келгенде, анын никесин бекер кылды». Бул хадистер аял турмушка чыгууга ыраазы болмоюнча, никеси нике болбошуна ачык далил. Эгер ал бул никени кайтарса, же өзү мажбуран турмушка чыкса, келишим бекер болот. Эгер өз чечиминен кайтса же ыраазы болсо, никеси нике боло берет». (Китептеги цитата бүттү).

Ошондуктан, өзүң көрүп тургандай, бул маселе боюнча биз жогоруда айтып өткөн нерседе толук жооб бар деп үмүттөнөм. Аны дагы кайталаймын: «Бул хадистер аял турмушка чыгууга ыраазы болмоюнча, никеси нике болбошуна ачык далил. Эгер ал бул никени кайтарса, же өзү мажбуран турмушка чыкса, келишим бекер болот. Эгер өз чечиминен кайтса же ыраазы болсо, никеси нике боло берет».

Аллах билүүчү жана өкүмдар.

**14-жумаадил-ахир, 1441-х.**
**8-февраль, 2020-ж.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Күч-кубат ээлеринен нусрат талаб кылуу

*1. суроо:*

Ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баракаатуху. Урматтуу Шейх Ата, менин суроом нусрат талаб кылууга байланыштуу. Хизб көптөгөн орундарда Пайгамбар A Мекке коому катып калган учурда башка уруулардан нусрат талаб кылууга баргандыгын белгилейт...

Ушул жерде менде жана хизбден окуп жаткан, ошондой эле, хизб эмес көптөгөн адамдарда Пайгамбар A Исламды мушриктерге кандай көрүнүштө сунуштап жеткиргендигинде бүдөмүктөр бар. Пайгамбар A биринчи аларды нусрат кылууга чакырды беле? Же Исламга чакырды беле? Же биринчи Исламга чакырып, андан кийин нусрат кылууга чакырды беле? Эгер, уруу башчыларын ыйман келтирди деп ала турган болсок, башкача айтканда, алар ыйман келтириши менен эле курбанчылык кылууга даяр болушканбы? Мисалы, алардын Исламга кирүүсүн Пайгамбар A четке каккан дегенге болобу?

Зияд Уалвила.

**2. суроо:**

Эгер, уруксат берсеңер мендеги суроо: Пайгамбар A кафирлерден алар кафирликте турушканда эле алардан нусрат талаб кылды беле? Же алардан биринчи ыйман келтирүүнү талап кылды беле? Кафирден нусрат талаб кылуу мүмкүнбү?

Суроом күңүрт болуп калгандай, башкача айтканда: Набий A мушриктерден алар ширкте турушканда нусрат талап кылдыбы? Же алардан нусрат талап кылуудан мурда, алардын Исламга кирүүсүн шарт кылдыбы? Же Набий Aдын максаты алар исламга киреби же кафир бойдон калабы, айырмасыз, нусрат талап кылуу болду беле?

Кемел Салах.

**3. суроо:**

Аллах Набий Aды араб урууларына Таифке нусрат талаб кылып баруусуна буйруду беле? Же нусрат талап кылуу ишинде Пайгамбар A күчтүү урууларды тандадыбы? Пайгамбар A нусрат талап кылгандар – артынан күч кубат ээлерин ээрчите ала турган саясий жетекчилер беле же аскерий жетекчилер беле?

Башкача айтканда, Набий A мадиналыктардан нусрат талап кылганда, алар саясий жетекчилер болгонбу же аскерий жетекчилер беле?

Фази Иброхим.

*Жооб:*

Алайкума ассалам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Суроолор окшош болгондуктан, Аллахтын жардамы менен баарыңарга бирдей жооп беремин.

1. Набий A ар бир ишти Аллахтан вахийсиз кылган эмес. Бул тууралуу үчүнчү «Шахсия» китебинде Пайгамбар Aдын иштери бабында баяндалган, ал төмөнкүдөй:

Пайгамбар Aдын иштери үч бөлүктөн турат:

«Үчүнчү бөлүк: Пайгамбар Aдын табиятына жана ага гана таандык иштерден тышкаркы иштердин баардыгында талаш жок Набий Aды ээрчүүгө баардык мусулмандар буйрулган. Анын сөзү жана сүкүтү шарий далил болгону сыяктуу эле, иштери да талаш жок шарий далил болуп саналат. Ага амал кылуу ваажиб. Анткени, Аллах айтат:

﴿لَّقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللَّهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ﴾

***«Чындыгында, Аллахтын элчисинде силер үчүн эң жакшы үлгү бар»*** [33:21]

﴿إِنْ أَتَّبِعُ إِلَّا مَا يُوحَىٰ إِلَيَّ﴾

***«Мен мага вахий кылынган нерсеге гана ээрчийм»*** [46:9]

﴿قُلْ إِنَّمَا أَتَّبِعُ مَا يُوحَىٰ إِلَيَّ مِن رَّبِّي﴾

***«Айткын мен бир гана Роббимден вахий кылынган нерсеге ээрчийм»*** [7:203]

Бул аяттарда Набий Aдын иштери жалпы түрдө ачык-айкын, даана айтылып, Пайгамбар Aдын баардык иштерин өз ичине алат. Ошондой эле, анын сөздөрүн жана сүкүт сактаганын да өз ичине камтыйт. Ошондуктан, Пайгамбар Aдын табиятына жана ага гана таандык иштерден сырткаркы баардык иштеринде ага ээрчүү ар бир мусулманга ваажиб. Анткени, Набий A бир гана вахий кылынган нерсеге ээрчиген. Бирок, Пайгамбар Aдын иштерине ээрчүү ваажиб дегенде ал зат кылган иштерди кылуу ваажиб дегенди билдирбейт, балким иштин түрүнө карата ээрчүү ваажибдигин

билдирет. Эгер, иш ваажиб болсо, аны кылуу ваажиб болот. Эгер, иш мандуб болсо, аны кылуу мандуб болот. Эгер, иш мубах болсо, аны кылуу мубах болот. Ошондуктан, иштин түрүнө карата ага ээрчүү ваажиб болот. Бул Пайгамбар Aдын буйруктарына ээрчүүнүн ваажибтиги сыяктуу Аллах айтат:

﴿فَلْيَحْذَرِ الَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنْ أَمْرِهِ أَن تُصِيبَهُمْ فِتْنَةٌ أَوْ يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ﴾

***«Анын буйругуна тескери иш тутуп жаткандар аларга фитна же катуу азап жетип калышынан сактанышсын»*** [24:63]

Бул аят Пайгамбар Aдын буйруган нерсесине моюн сунуу ваажиб экендигине далаалат кылып турат. Бирок, буйруган ишти кылуунун ваажибдигине далаалат кылган жок. Балким, аны кылуу буйрулган иштин түрүнө жараша болот. Эгер, аны кылуу ваажиб болсо, ал ишти кылуу ваажиб. Эгер, буйрулган иш мандуб болсо, ал ишти кылуу мандуб болот. Эгер, иш мубах болсо, аны кылуу мубах. Ошондой эле, Набий Aдын иштеринде да аны ээрчүү ваажиб болот. Бирок, иштин түрүнө жараша ээрчүү ваажиб болот».

2. Мына ушундайча Пайгамбар A Аллахтын уруксаты менен нусрат талап кылган. Бул иш биъсаттын онунчу жылы Пайгамбар Aга карата кастык күчөп турган өз ара аракеттенүүнүн акыркы этабында орун алган.

Сироо китептеринде мындай келет:

«Кутаада айтат: Хадижа I Меккеде хижраттан үч жыл мурун дүйнөдөн кайты. Ал Набий Aга эң биринчи ыйман келтиргендерден эле. Айтты: Кийин Хадижа бинт Хувайлид жана Абу Талиб бир жыл ичинде дүйнө салышты. Пайгамбар Aга эки кайгы арты-артынан келди. Хадижа жана Абу Талибдин дүйнө салышы. Хадижа I Исламда Пайгамбар Aдын эң жакын жардамчысы болгон жана Пайгамбар A аны менен жашаган. Айтты: Зияд Букааи ибн Исхактан айтты: Хадижа жана Абу Талиб бир жылда дүйнө салышты. Бул Пайгамбар A Мадинага хижрат кыла электен үч жыл мурун, биъсаттын онунчу жылы болгон. Ибн Кутайба айтат: Хадижа I Абу Талибден кийин үч күн өткөн соң дүйнөдөн кайткан. Байхакий да ушул мааниде айткан...».

Ваакидийден: «Хадижа I Абу Талибден отуз беш күн мурда каза болгон. Мындан башкача да айтылган орундар бар. Абу Талиб каза болгондон кийин Курайш Абу Талиб тирүү мезгилинде кыла албай жүргөн иштерин Пайгамбар Aга карата кыла баштады. Ал тургай, Курайш акылсыздарын Пайгамбар Aга каршы тукуруп башынын ылдый топурак чачтырды. Пайгамбар A үйүнө башы ылдый топурак болгон боюнча кирди. Кыздарынын бирөө туруп, ал заттын башын жууп ыйлады. Пайгамбар A: «Кызым, ыйлаба, Аллах атаңды Өз коргоосуна алуучу», - деди. Дагы мындай деди: «Курайш мага карата Абу Талиб өлгөнгө чейин кыла албай жүргөн иштерин кылып жатат»».

3. Ушундай оор кырдаалда Аллах Набий Aды эки улуу иш менен кубандырып сыйлады. Ал эки улуу иш: Исро Мираж жана дааватты коргоо үчүн мамлекет тикелөө максатында уруулардын күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылуу болду. Бул жерде Исро Миражга токтолбойбуз. Нусрат талап кылуу биринчи Таифтен башталды. Алар ага оң жооп беришкен жок. Тескерисинче, акылсыздарын Набий Aга каршы тукуруп, ташбараңга алышты. Кийин нусрат талаб кылуу амалы токтолбостон уланды...

Пайгамбар A нусрат талап кылганда уруу башчыларынын майда баратынан эмес, балким эң таасирдүүлөрүнөн талап кылган. Алардан нусрат талап кылуудан мурда аларды Исламга чакырган. Эгер, алар аны кабыл алышса, алардан Аллахтын өкүмүн ишке ашырып Аллах жолунда жихад алып бара турган мамлекетти тикелөө нусратын ачыктан-ачык талап кылган. Ошондуктан, алардын кээ бирлери Пайгамбар Aдан кийин бийлик аларга калышын шарт кылышты. Кээ бирлери арабдар менен жихад кылууга макул болуп, бирок, Фарстар менен согушпоо шартын койушту. Алардын мисалы:

Пайгамбар Aдын сиросу, Ибн Касир, 155/2.

Хафиз Абу Наъиим Абдуллах бин Ажлах Яхя бин Саъид Умавийден, экөө тең Мухаммад бин Сааиб Калбийден, ал Ибн Аббастан айтты: Пайгамбар A мага: «Сенден да агаңдан мени коргой ала турган күчтү көрө алган жокмун. Эртең мени менен базарга бирге чыгып, уруулардын жыйындарына чогуу бара аласыңбы?», - деди. Араб урууларынын жыйындары болчу.

Айтты: Айттым, бул Кинда жана анын айланасындагылар. Булар Ямандан ажылык кылып келгендердин эң көрүнүктүүлөрү. Бул Бакр бин Ваилдин жыйыны. Бул бани Аамир бин Саъсаъа, каалаганыңды танда. Киндадан баштады. Аларга келип: «Кайсы коомдонсуңар деди?». Айтышты: Яманданбыз. Айтты: «Ямандын кайсынысынан?». Айтышты: «Киндадан». Айтты: «Киндаданын кайсынысынан?». Аытышты: «Бани Амр бин Муьавиядан». Айтты: «Силерди жакшылыка чакырайынбы?». Айтышты: «Ал эмне?». Айтты: «Бир Аллахтан башка кудай жок деп күбөлүк берүүңөр, намаз окуп Аллахтан келген нерсеге ыйман келтирүүңөр». Абдул бин Ажлах айтты:

«Менин атам мага өзүнүн коомундагы аксакалдардан Кинда Пайгамбар Aга эмне деп айтканын айтты». Алар айтышты: «Эгер, сен жеңишке жетишсең, сенден кийин мүлк (бийлик) бизге калабы?». Набий A айтты: «Мүлк Аллахтыкы, аны Өзү каалгандай кылат». Айтышты: «Анда, сен алып келген нерсеге биздин муктаждыгыбыз жок».

Абу Бакр Г айтты: «Кийин биз тынчтык өкүм сүрүп турган жана аксакалдары оор басырыктуу болгон межлиске келдик». Абу Бакр Г алдыга чыгып аларга салам берди. Али Г айтты: «Абу Бакр ар дайым жакшылык иштерде алдыда жүрчү». Абу Бакр аларга айтты: «Кайсы коомдонсуңар?». Айтышты: «Бани Шайбан бин Саьлабданбыз». Абу Бакр Г Пайгамбар Aга карап: «Сен үчүн ата-энем садага, булардын коомунда булардан бөлөк барктуулары жок». Дагы бир риваятта «булар коомунун кашкасы (таасирдүүлөрү)» деди. Бул межлисте Мафрук бин Амр, Хааниъ бин Кубайс, Мусана бин Хаариса, Нуьман бин Шариик бар эле. Бул межлисте Абу Бакрга жакын саналган адам Мафрук бин Амр болчу. Мафруктун өз межлисиндегилерге тили өтөт эле. Анын өрүлгөн эки чачы көкүрөгүнө түшүп турчу жана межлистеги Абу Бакр Г эң жакындардан болгон. Мафрук айтты: «Курайштын тууганы да сени мененби?». Абу Бакр Г айтты: «Ал Аллахтын элчиси экендиги силерге да жетсе керек, мына ал». Мафрук айтты: «Анын ошондой экендиги тууралуу бизге да жеткен». Кийин Набий Aга карап: «Эй Курайштын тууганы эмнеге чакырасың?», - деди. Пайгамбар A алдыга чыгып отурду, Абу Бакр Г аны кийими менен көлөкөлөдү. Пайгамбар A айтты: «Бир Аллахтан башка Кудай жок экендигине, Анын шериги жок экендигине күбөлүк берүүгө жана мен Анын элчиси экендигиме күбөлүк берүүңөргө чакырам. Аллах мени буйруган нерсени толук жеткирүү үчүн мага жардам берип, мени коргоого алууңарды чакырамын. Курайш Аллахтын ишине каршы чыкты, элчисин жалганчыга чыгарды. Акыйкаттан көрө, батылга ээрчүүгө канааттанды. Аллах эч муктажсыз зат...». Мафрук ага айтты: «Дагы эмнеге чакырасың, эй Курайштын тууганы?. Аллахка ант болсун, бул, жер ээлеринин сөзү эмес. Эгер, алардын сөзү болгондо биз билет элек». Пайгамбар A бул аятты окуду:

﴿إن الله يأمر بالعدل والإحسان وإيتاء ذي القربى وينهى عن الفحشاء والمنكر والبغي، يعظكم لعلكم تذكرون﴾

***«Аллах адилеттүүлүккө, жакшылыкка буйруйт. Жакындарга күйүмдүү болууга о.э. күнөө, мункар, зулум иштерден тыйылууга буйруйт. Эстетме алышыңар үчүн (Аллах) силерге насаат кылат»*** [16:90]

Мафрук айтты: «Аллахка ант болсун, эй Курайштын тууганы чындыгында сен эң жакшы кулк мүнөзгө, жакшы амалдарга чакырдың. Сени жалганчыга чыгарып, сага каршы чыгып жаткандар жалгандан токума кылып жатышыптыр».

Ал сөзгө Хааниъ бин Кубайсты аралаштыргысы келип: «Бул Хааниъ бин Кубайс, биздин дин билги адамыбыз», - деди... «Биздин артыбызда коомубуз бар, аларсыз бир келишим кылууну туура көрбөйбүз. Бирок, сен да караштырып көр, биз да караштырып көрөбүз...». Ал сөзгө Мусаннаны да аралаштыргысы келип: «Бул Мусанна, биздин аскерий адамыбыз», - деди. Мусанна айтты: «Сенин сөзүңдү уктум. Сенин сөзүң эң жакшы, эй Курайштын тууганы. Сенин айткандарың мени таң калтырды. Жооб Хааниъ бин Кубайстын жообу. Биз динибизди таштап, сен биз менен отурган межлисте ага ээрчидик. Бирок, биз эки тоскоолдук ортосундабыз, бири – Ямама, экинчиси – Самават».

Пайгамбар A ага айтты: «Бул эки тоскоолдук эмне?». Ал айтты: «Анын бири – арабдын туфууф жери. Экинчиси – Фарс жери жана Кисро дарыясы. Биз Кисро менен эч бир окуяга катышпастыкка жана жаңыча бир нерсени колдобоого келишим кылганбыз. Сен чакырып жаткан нерсе падышалар жаман көрө турган нерсе. Ал эми, араб жери тарабынан келе турган нерсе болсо, анын жагдайы кабыл алына турган нерсе. Ал эми, Фарс жери тарабынан келе турган нерсенин жагдайы кабыл алынбай турган нерсе. Эгер, араб жери тарабынан келе турган нерседе сени коргоп, сага жардам берүүнүн калаасаң, анда сага жардам беребиз, эгер Фарс жагынан келе турган нерсе болсо, аны кыла албайбыз».

Пайгамбар A айтты: «Чындыкты айтууңар менен жаман жооп бербедиңер. Аллахтын дини бир гана аны ким баардык тарабы менен камтып алса гана тикелеленет».

Сиро, Ибн Хишам, 424 /1.

«Пайгамбар A өзүн Бани Аамирге сунуштоосу».

Ибн Исхак айтты: Захрий мага айтты: Пайгамбар A Бани Аамир бин Саъсахга келди. Аларды Аллах Азза ва Жаллага чакырды жана өзүн аларга сунуштады. Алардын бирөөсү айтты: Анын аты Байхарата бин Фирос. Ибн Хишам айтты: Фирос бин Абдиллаах бин Салмат бин Кушайр бин Каьб бин Робииъат бин Аамир бин Саъсаъат айтты: «Эгер, бул баланы мен Курайштардан алганымда арабдардын баарын аны менен жок кыла алат элем». Кийин айтты: «Эгер, биз сенин ишиңе баят берсек, кийин сени Аллах сага каршы чыгып жаткандардын үстүнөн үстөм кылса, сенден кийин иш

бизге калабы?». Пайгамбар A айты: «Иш Аллахка таандык, аны Өзү каалагандай кылат». Пайгамбар Aга айтты: «Өзүңсүз бизди арабдарга жем кылууну каалап жатасыңбы, Аллах сени үстөм кылгандан кийин иш бизден башкага болобу? Андай болсо, сенин ишиңе биздин муктаждыгыбыз жок».

Акырында экинчи Акаба анташуусунда ачык көрүнүп тургандай, анташуу Мусаб менен бир жыл Исламды үйрөткөн мусулмандар менен болгону ачык көрүнүп турат... Кийин экинчи акаба анташуусу, кийин хижрат, кийин мамлекетти тикелөө ишке ашты. Анын баяны төмөнкүчө:

Ибн Хишамдын «Хадаику анваар сиро» китебинде жана башка сиро китептеринде келгендей, «Кийин Мусаб бин Умайр Меккеге кайтты. Аны менен биргеликте Ансарлардан болгон мусулмандардын бир тобу биъсаттын он экинчи жылы өз коомундагы мушриктердин ажылык кылуучулары менен бирге Меккеге сапар алышты. Алар Меккеге келишкенден кийин Пайгамбар A алар менен ташрик күндөрү Акабада жолугушууну убадалашты. Аллах алар менен Пайгамбарына жардам берүүнү, Исламды улуулоону жана ширкти кордоону каалаган учур... Каъб айтты: «Кийин биз ажылыкка чыктык. Набий A менен ташрик күндөрү Акабада жолугушууну убадалаштык». Айтты: «Ажылыктан бошогондон кийин Пайгамбар A менен убадалашкан түн кирип келди. Биз ал түндө сапар улоолорубуздун жанында комубуз менен бирге уктадык. Түндүн үчтөн бири өткөндөн кийин Пайгамбар A менен убадалашкан жерге, эч кимге билгизбей жашыруун түрдө бардык. Акаба өрөөнүндө чогулганыбыздан кийин биз жетимиш үч эркек жана аялдарыбыздан эки аял бар болчу». Айтты: «Биз Акабада чогулгандан кийин Пайгамбар Aды күттүк». Айтты: «Бизге Пайгамбар A сүйлөп, Куран окуду. Аллахка чакырды. Исламга үндөдү. Кийин айтты: «Мен силер менен аялдарыңарды жана балдарыңарды коргогондой, мени коргошуңарга антташам». Айтты: «Бароо бин Маъруур колунан кармап айтты: «Ооба. Сени акыйкат менен жиберген Заттка касам, сени балдарыбызды жана аялдарыбызды коргогондой коргоого ант беребиз, я Расулуллох, сага баят беребиз. Аллахка ант болсун, биз жоокер элбиз, биз аны улуулардан мурас кылып алганбыз». Бароо Набий A менен сүйлөшүп жатканда сөзгө Хасам бин Тайихаан аралашып айтты: «Я Расулуллох, биз менен адамдардын (жөөттөрдүн) ортосунда келишим бар. Биз аны бузабыз. Биз сага жардам бергенден кийин Аллах сени үстөм кылган соң бизди таштап, коомуңа кетип калбайсыңбы?». Пайгамбар A жылмайып айтты: «Тескерисинче, канга кан, бузууга бузуу, мен силерденмин, силер мендерсиңер. Силер согушкан менен согушам, силер согушпаган менен согушпаймын...». Ибн Исхак айтат: «Мага Убадата бин Валид бин Убаадата бин Соомит, ал атасы Валидден, ал чоң атасы Убаадата бин Соомиттен айтты: «Ал накибдердин бири болгон жана биринчи Акаба анташуусундагы он экинин бири болгон». Айтты: «Пайгамбар Aга согуш баятын бердик. Кыйынчылыкта да, жеңилдикте да, жакса да, жакпаса да угууга жана моюн сунууга баят бердик. Өзүбүздөн жогору койууга жана иш ээлеринен ишти талашпоого, кайда болбосок да Аллах үчүн жаманатты кылуучунун жаманатты кылуусунан коркпостон акыйкатты айтууга баят бердик».

4. Мына ушундай көрүнүштө нусрат баяты болгон жана Мадинада Исламдын орношуна өбөлгө болгон экинчи Акаба антташуусу ишке ашты. Кийин Хижрат болуп мамлекет тикеленди. Ушунун баарынан көрүнүп тургандай, Пайгамбар A биъсаттын онунчу жылынан кийин нусрат талап кылууга Аллах тарабынан буйрулган. Башкача айтканда, Акаба анташуусунан үч жыл мурда. Тактап айтканда, Набий Aга нусрат талап кылуу амалдары вахий кылынган. Набий A уруулардагы күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылып, аларды издей баштаган. Пайгамбар A Мадинаны Ислам мамлекетин тикелөөгө, Ислам жана мусулмандарды улуу кылууга жарактуу деп билген. Ошондой болсо да, Пайгамбар A Мадинага хижрат кылууну качан Аллах көргөзгөндөн кийин жана ага уруксат бергенден кийин гана кылды. Бухаари сахихинде келгендей: «Ибн Шихаб айтты: «Мага Урвата бин Зубайр айтты: Аиша I айтты: «Мен ата-энемдин бир гана динде жүрүшкөнүн гана билем. Бизге ар бир күнү Пайгамбар I келчү... Пайгамбар I мусулмандарга айтты: «Мен силердин хижрат кыла турган жериңерди көрдүм, ал эки кара таштуу аймактын ортосундагы курмалуу жер». Мадинга хижрат кылуучулар хижрат кылышты. Хабашияга хижрат кылгандардын да бардыгы Мадинага хижрат кылышты. Абу Бакр Мадина тарапты көздөй даярдана баштады. Пайгамбар I ага айтты: «Шашпа, мага уруксат берилишин үмүт кылып жатам». Абу Бакр Г айтты: «Сен үчүн ата садага, ошону үмүт кылып жатасыңбы?». Набий A айтты: «Ооба». Ибн Шихаб айтты: Урвата айтты: Аиша I айтты: «Биз чак түштө атам Абу Бакрдын үйүндө отурганбыз, кимдир бирөө атам Абу Бакрга «Бул кийимин башына ороп келе жаткан – Пайгамбар A» деди. Бул убакта Пайгамбар A биздин үйгө келчү эмес». Абу Бакр Г айтты: «Ата-энем садага болсун, бул убакытта ал бизге бир иш менен келе жатат». Аиша Г айтты: «Пайгамбар A келип уруксат сурады. Ага уруксат берди жана ал үйгө кирди». Пайгамбар A Абу Бакр Гга айтты: «Сенин алдыңдагыларды чыгар». Абу Бакр Г айтты: «Я Расулуллох, ата-энем

сен үчүн садага, алар сенин ахлиң (жакындарың)». Набий A айтты: «Мага чыгууга уруксат берилди». Абу Бакр Г айтты: «Ата-энем, сен үчүн садага, я Расулуллох, биргеби?». Пайгамбар A айтты: «Ооба».

- Пайгамбар A нусрат талап кылууну Аллах ага вахий аркылуу уруксат бергенден кийин баштаган.
- Пайгамбар A нусрат талап кылууда биринчи Исламга чакырган, эгер, Исламды кабыл алышса, нусрат берүүгө чакырган.
- Пайгамбар A нусратты талап кылууда нусрат берүүгө кудуреттүү болгон уруу башчыларынан талап кылган, майда барат башчыларынан эмес. Ошондой эле, мааниге ээ шаарлардан талап кылган. Айыл, кичинекей аймактардан жана бедиундерден талап кылган эмес. Башкача айтканда, Аллахтын өкүмүн орнотуп, Аллах жолунда жихад кылып Пайгамбар Aга жардам бере ала турган кудуреттүүлөрдөн талап кылган. Бул нерсе алардын Пайгамбар Aга шарт койгондуктарында ачык көрүнүп турат. Бири Пайгамбар Aдан кийин бийликти өзүлөрүнө калуусун шарт кылса, бири арабдар менен согушууга макул болуп, фарстар менен согушууга макул болушпаганы сыяктуу шарттарда ачык көрүнүп турат.

Ушул жооп жогорудагы үч бир тууганыма жетиштүү болот деп үмүт кыламын, Аллах билүүчү жана өкүмдар.

**Боордошуңар Ато бин Халил Абу Рушта** **22-мухаррам, 1441-х.**
**21-сентябрь, 2019-ж.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Суроо-жооб

## Таштап кетүүчүлөр жана нусраттын кечигиши тууралуу

**Суроо:** Эгер суроо аярлуу болсо алдын ала үзүр сурайм. Айрыкча суроонун экинчи жактамасы. Бирок, бул нерсе көптөн бери жүрөктү өйүп келген. Эгер, жооб болсо жакшы. Эгер, жооб болбосо ал деле жакшы. Менимче суралуучу суроочуга караганда абалды жакшы түшүнүнөт жана ага карата ылайыктуу жооб бере алат деп ойлойм. Менин суроом эки жактамадан:

Экинчи: ушунча узак жылдардан бери көздөлгөн максатка жетпей жаткандык нусрат талап кылуу толук түрдө өз көрүнүшүндө болбой жаткандыкты түшүндүрбөйбү?

Суроонун башында айтып өткөнүмдү дагы кайталайм, эгер суроом аярлуу болсо, айрыкча экинчи суроо... эгер жооб берилсе жакшы, жооб берилбесе деле капа болбойм. Мен суроо узатып жатам, менин Хизбке болгон мамилем абдан жакшы, анын фикрат жана тарыйкатын туура деп билем. Мен бул суроону бергенимдеги максат фитна козгоону эмес, туурасын билип алууну көздөдүм. Аллах кыянатчыны да, ичте эмне сакталганын да билүүчү. Ассаламу алайкум рахматулоохи уа баракаатуху.

**Жооб:** Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

**2 – Экинчи суроого жооб:**

Жооб берүүдөн мурда Пайгамбар ﷺдын нусрат талаб кылган кээ бир окуяларын айтып өтүүнү туура көрдүм:

Пайгамбар ﷺга даават иштеринде тирек болгон момундардын энеси Хадича розияллоху анха жана Курайш мушриктеринен коргоп келген Пайгамбар ﷺдын абасы Абу Талиб кайтыш болгондон

кийин бул учур биъсаттын (Пайгамбарлыктын) онунчу жылына туура келди. Бул жыл кайгы жылы деп да аталып калды. Мындан кийин Аллах Өз элчисин эки улуу иш менен кубаттады. Исроо Мээраж жана нусрат талаб кылууга уруксаттын берилиши... Пайгамбар ﷺ нусратты ондон ашык жолу талап кылды, Сакииф, Бани Аамир, Бани Шайбаан, Бани Ханиифа... ж.б.. Алардын бири да Пайгамбар ﷺга жооп беришпеди. Тескерисинче, алардын кээ бирлери Пайгамбар ﷺга карата жаман ирээтте жооп беришти, ал тургай алар ал затты таш бараң кылгандыгы себебтүү Пайгамбар ﷺ каны кепичине толду... Кийин Пайгамбар ﷺ Мусабды розияллоху анхуну Мадинага жиберди. Аллах ага Мадинаны фатх кылды, кубат ээлери болгон Мадинанын эли анын чакырыгына жооп берип, ажылык убагында Меккеге келип экинчи акаба анташуусунда нусрат баятын беришти. Кийин Пайгамбар ﷺ Мадинага көчтү жана ал жерде мамлекет тикеледи.

Бул жерде суроо келип чыгат: Пайгамбар ﷺ нусрат талаб кылуунун жакшы өз көрүнүшүндө кылбай коюп алар ага жооп бербей коюштубу? Же Мусаб розияллоху анху Пайгамбар ﷺдан да нусрат талаб кылууну жакшы өз көрүнүшүндө кылгандыгы себебтүү ага жооп бериштиби? Жооб албетте жок. Анткени, андай болушу мүмкүн эмес. Анткени, Пайгамбар ﷺ даават алып баруунун устаты эле. Ар бир нерсенин ишке аша турган убагы бар:

﴿إِنَّ اللَّهَ بَالِغُ أَمْرِهِ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لِكُلِّ شَيْءٍ قَدْرًا﴾

***«Албетте Аллах Өзү*** *(каалаган)* ***ишине жетүүчү. Чындыгында, Аллах бардык нерсе үчүн өлчөө белгилеп койгон»*** [65:3]

Эй бир тууганым, биз Пайгамбар ﷺды ээрчийбиз. Нусратты да талаб кылабыз. Күчүбүздүн жетишинче аны туура өз көрүнүшүндө кылууга аракет кылабыз. Ар бир иште Аллахка тобокел кылабыз. Аллахтын жардамы менен ар бир иш өз көрүнүшүндө ишке ашышына кадыржам болуу үчүн аны дыкаттык менен караштырып чыгабыз.

Бирок, бул жолдо жүрүүдө акылыбыз жана жүрөгүбүз эки нерсеге байланган:

Биринчиси, Халифалыкты тикелөө иши канчалык жогору алып барылбасын Улуу, Кудуреттүү, Күчтүү Аллах гана анын качан жана кайсы жерде турарын белгилейт.

Экинчи, Аллахтын сүннөтүнө ылайык Халифалык кол куушуруп отурган жалкоолордун колу менен тикеленбейт. Асмандан periштелер да түшүп биздин оордубузга аны тикелеп койбойт. Аллахтын жардамы менен ал чын ыклас менен даават жүгүн көтөргөн момундардын колу менен тикелеленет. Эгер, Аллах аларга нусраты тездетсе алар шугур кылуучулардан болушат. Эгер, кечиктирсе кол куушуруп отуруп калбастан, сабыр кылып Аллахтын рахматынан үмүт үзүшпөй аракет кылышат... Аларга өлүм келгенге чейин ушул абалда иш кылышат.

**Корутунду:**

1 – Нусрат талап кылуу жакшы өз көрүнүшүндө кылынбай жаткандыктан ал кечигип жатат дегендик туура эмес. Пайгамбар ﷺ ондон ашык жолу нусрат талап кылды, ага жооп беришпеди. Ал аны эң жакшы көрүнүштө кылган, андан да жакшы көрүнүшү бул дүйнөдө жок. Мусаб розияллоху анху Пайгамбар ﷺдай эң жакшы көрүнүштө нусрат талап кыла алган жок, бирок ага жооп беришти. Ошондуктан, ар бир иштин өз мөөнөтү бар.

2 – Биз Аллахтын жардамы менен ар ишти өз көрүнүшүндө туура кылууга аракет кылабыз. Улуу кадыр Зат бул улуу ишти бизден мурдагыларга ишке ашырып бергендей, бизге ишке ашырышына кадыржамбыз.

﴿وَاذْكُرُوا إِذْ أَنْتُمْ قَلِيلٌ مُسْتَضْعَفُونَ فِي الْأَرْضِ تَخَافُونَ أَنْ يَتَخَطَّفَكُمُ النَّاسُ فَآوَاكُمْ وَأَيَّدَكُمْ بِنَصْرِهِ وَرَزَقَكُمْ مِنَ الطَّيِّبَاتِ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ﴾

***«Эстегиле силер аз алсыз элеңер адамдардын силерге кол салышына коркот элеңер. Аллах силерди Өз коргоосуна алып Өз нусраты менен күчтөндүрдү. Жакшы нерселер менен ырысыкыландырды. Билким шүгүр кыларсыңар!»*** [8:26]

Аллах Өз коргоосуна эле албастан, нусраты менен күчтөндүрөт жана жакшы ырыскы( олжолор) менен ырыскыландырат. Аллахка мактоо-шүгүрлөр болсун.

Сөз аягында суроо берүүчүгө салам айтам жана ага жакшылыктарды тилеп дуа кылам.

**11-шаввал, 1439-х.**

**24-июнь, 2018-м.**

# بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын суроолоруна жооптор (фикхий) Mourad Maalej: «Пластикалык хирургиянын» шарий өкүмү

**Суроо:**

Ассаламу алайкум уа рахматуллоохи уа баракаатуху. Пластикалык хирургиянын шарий өкүмү кандай? Аллах сизге ийгилик берсин!

**Жооп:**

Уа алейкум ассалам уа рахматулоохи уа баракаатуху!

1. Эгер пластикалык операция дарылануу бабында кылынса жайиз. Мисалы, денедеги оору себептүү, же күйүп калуу, же авто кырсыкка кабылып, же тубаса денесиндеги айыпты кетирүү, маселен, ашыкча манжасын кестирүү, же кош манжасын ачтыруу сыяктуу иштерде шарий жактан жайиз. Мунун далили Арфата бин Асад Г айтты:

أُصِيبَ أَنْفِي يَوْمَ الْكُلَابِ فِي الْجَاهِلِيَّةِ فَاتَّخَذْتُ أَنْفًا مِنْ وَرِقٍ فَأَنْتَنَ عَلَيَّ فَأَمَرَنِي رَسُولُ اللَّهِ أَنْ أَتَّخِذَ أَنْفًا مِنْ ذَهَبٍ

**«Мен жахил доордо Кулаб күнү мурунумдан жабыркагам. Күмүштөн мурун жасап алгам. Мага ал жагымсыз жыт чыгарчу. Пайгамбар А алтындан мурун жасап алуумду буйруду»**. (Тирмизи, Аннасааи риваяты. Бул хадисти Албани хасан хадис десе, Абу Иса хасан гориб хадис деген).

Бул хадисте ачык далалат кылып тургандай пластикалык операцияны дарылануу жаатында кылуу жайиз экендигин түшүндүрүп турат.

2. Ал эми дарылануу эмес, сулуулануу жаатында кылына турган болсо, ал жайиз эмес, анын далили төмөнкүдөй:

Алкамата Гдан Абдулла айтты:

لَعَنَ اللهُ الْوَاشِمَاتِ وَالْمُسْتَوْشِمَاتِ وَالْمُتَنَمِّصَاتِ وَالْمُتَفَلِّجَاتِ لِلْحُسْنِ الْمُغَيِّرَاتِ خَلْقَ اللهِ تَعَالَى

**«Аллахтын жаратканын өзгөртүп сулуулануу үчүн денесине чектиргендерге, чеккендерге** (татуаж), **кашын тердиргендерге, тергендерге, тишинин ортосун ачтыргандарга Аллахтын наалаты болсун!»**. (Бухарий жана Муслим риваяты).

Хадисте айтылгандай сулуулануу үчүн тишинин ортосун ачтыруу – харам иш. Ал сулуулануу үчүн деп иллеттенип келди. Тактап айтканда, сулуулануу үчүн тишинин ортосун ачтыруу харам. Бирок,

сулуулануу үчүн эмес, дарылануу үчүн кылса жайиз. Араб тилинде «фалаж» сөзү экилик жана төрттүк тиштердин ортолорун акырындап ачтырып тегиздөө маанисинде колдонулат. Тактап айтканда, сулуулануу үчүн тиштерин өгөөлөтүп, чоңун кичинесине теңеп араларын ачтырып, тиштерин быдырайта көргөзүп жаш балдардыкындай кылдыруу. Башкача айтканда, оорудан дарылануу үчүн эмес, сулуулануу үчүн кылдыруу – шарий жактан харам. Анткени, хадисте сулуулануу үчүн деп иллеттенип келди. Эгер, сулуунануу үчүн эмес, оорудан дарылануу үчүн кылынса жайиз.

Имам Навави Муслимдин риваятындагы хадисти шархтап мындай дейт: *«Мутафалижаат сөзү фаа жана жимдин фатха менен келиши. Мындагы максат экилик жана төрттүк тиштердин араларын өгөлөтүү. Фалаж сөзүндө фаа менен ламдын фатха менен келиши экилик жана төрттүк тиштеринин ортосунда кичине ачык аралык болушу. Мындайды жашы өтүп калгандар кылдырат. Тиштеринин ортосун жакындаштырып, тишин сулуу көргөзүү. Тиштердин аралары кичине ачык болушу кичинекей, жаш балдарда болот... Ал эми сулуулануу үчүн тиштеринин араларын ачтыруу арам иш экендигине хадис ишара кылып турат. Оорудан дарылануу үчүн же тиштеги бир айыпты кетирүү үчүн кылынса, бул шарий жактан жайиз. Аллах туурасын билүүчү».*

Мына ушундайча сулуулануу үчүн бул иллет болуп, андай амал харам. Ал эми, дарылануу максатында кылынса, ал шарий жактан жайиз. Ал эми, сулууланып, жасануу максатында кылынса, бул шарий жактан жайиз эмес.

Ушул менин басымдуу пикирим. Туурасын Аллах билүүчү!

**Бурадарыңыз Ата ибн Халил Абу Рошта** **25-ражаб, 1439-х.**
**12-апрель, 2018-м.**

## بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

**Суроо:**

Камарий айлардын башында айды көрүү маселеси ар жылы рамазанда бул жердеги мусулман диаспорабызда козголот… Рамазан башталганын далилдөө үчүн көз менен көрүүнүн ордуна астрономиялык эсептөөлөрдөн пайдалануу жөнүндөгү кеп-сөздөргө карата биздин мамилебиз кандай? Ал маржух (күчтүү болбогон) райбы же мардуд т.а. батыл райбы? Башкача айтканда, ал үчүн бирер шибхи далил (далилге окшош нерсе) барбы же жокпу? Эгер ал – мен түшүнгөндөй – мардуд раъй болсо, бул раъйга ээрчигендердин кармаган орозосунун өкүмү эмне болот? Белгилүү болгондой, бул жерде Австралияда жана башка Батыш мамлекеттеринде бул раъйга ээрчип жаткан бир нече адамдар бар жана алардын саны көбөйүп баруудa.

Дагы бир нерсе, эгер орозо кармаган киши көз менен көрүүгө тескери иш кылганы өзүнө айкын болуп калса, ал эмне кылат? Мында ал үчүн бирер оордук болбойбу? Биз талкуулашкандардын биринин айтышынча, айды көрүүгө таянып орозо кармоо амалий иш эмес имиш, себеби – дейт ал – айды көргөнү чыгышат, бирок, аны көрө алышпайт же көрүлгөнү жөнүндө ихтилаф кылышат, бул болсо, дагы бир проблемага себеп болот! Бул маселе жөнүндөгү раъй кандай? Бүгүн эсептөөлөр жаңы ай чыгышын анык белгилеп берүүдө, ал тургай ай көрүнбөгөн тагдырда да аны көрүү мүмкүнчүлүгүн аныктап коюуда. Ошондой болгон соң, намаз убактыларын эсептегенибиздей иш оңой болушу үчүн эмнеге эсептөөлөргө таянбашыбыз керек?

**Жооп:**

Варид болгон далилдерге ылайык, рамазан орозосун кармоодо айды көз менен көрүүгө таянылат. Андай далилдердин бири ушул хадис саналат:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ، فَإِنْ غُبِّيَ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا عِدَّةَ شَعْبَانَ ثَلاَثِينَ»

«**Айды көрүп орозо кармагыла** (орозону баштагыла)**, айды көрүп ооз ачкыла** (орозону бүтүргүлө), **эгер асманды булут каптап турган болсо, шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла**».

Ал эми, астрономиялык эсептөөлөргө ээрчигендердин далил деп таянып жатышкан нерселерине келсек, аларды бул маселеге далил кылып келтирүү мардуд болуп (четке кагылып), алар бул маселеге туура келбейт. Алар далил катары көрсөтүшкөнүнүн белгилүүлөрү экөө:

Биринчиси: Расул A хадиси:

«إِنَّا أُمَّةٌ أُمِّيَّةٌ، لاَ نَكْتُبُ وَلاَ نَحْسُبُ، الشَّهْرُ هَكَذَا وَهَكَذَا»

**«Биз** (арабдар) **амий** (сабатсыз) **калкпыз, жазууну да, эсепти да билбейбиз, ай болсо баланча, баланча болот»**. Бухарий.

Бул хадисте муфхам васф – «أمية амий» сөзү мафхумга амал кылууну талап кылган иллет экенин түшүндүрөт т.а. эгер амий калк болбогонубузда албетте эсепти иштеткен болот элек… деген мафхум – бар болсо да, бирок, усулда белгилүү болгондой, бул нерсе сахих эмес. Бул мафхум бекер кылынат (ага амал кылынбайт), себеби «أمية амий» васфи үстөм орунга чыгып калды. Арабдардын көпчүлүгү амий болгон. Мындан сырткары бул мафхум нас менен бекер кылынган:

«فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا الْعِدَّةَ ثَلاَثِينَ»

**«Эгер, асманды булут каптап турган болсо, анда санакты толук отуз кылгыла»** (Бухарий). Аны менен бирге бирер чектөө айтылбады. Т.а. эгер булут, же жаан, же көрүүгө тоскоолдук кылган бирер нерсе себептүү айды көрүүгө мүмкүндүк болбосо, анда, ал тургай ай чыгып, бирок, аны булут тосуп турган болсо да шаръий өкүм айды толук отуз күн кылып белгилөөгө буйруйт. Ушуга ылайык, хадис мантукуна амал кылынат, анын мафхуму болсо бекер болуп калат.

Көп абалда мафхумга амал кылуу шарттарында колдонулуучу нерсе мына ушундай. Эгер, ал үстөм орунга чыкса, же аны бирер нас бекер кылса, ал бекер болуп калат (ага амал кылынбайт). Аны бекер кылуучу наска мисал:

{وَلَا تَقْتُلُوٓاْ أَوۡلَٰدَكُمۡ خَشۡيَةَ إِمۡلَٰقٖ}

***«(Эй инсандар), балдарыңарды жокчулуктан коркуп өлтүрбөгүлө, аларга да, силерге да Биз Өзүбүз ырыскы беребиз. Аларды өлтүрүү, шек-күмөнсүз, чоң ката»***[17:31]

Бул аяттагы «خشية إملاق кембагал болуп калуудан коркуп» сөзү муфхам васф болуп, ал үстөм орунга чыгып алган. Себеби, арабдар кембагалдыктан коркуп балдарын өлтүрүшөт эле. Кийин бул мафхум ушул:

{وَمَن يَقۡتُلۡ مُؤۡمِنٗا مُّتَعَمِّدٗا فَجَزَآؤُهُۥ جَهَنَّمُ}

***«Ким атайылап бир момунду өлтүрсө, анын жазасы тозок, ошол жайда түбөлүк калат»*** [4:93]

деген аят менен да бекер кылынган. Ошондуктан, бул мафхум бекер болуп калат, «балдарды кембагалдыктан коркуп өлтүрүү арам, ошондуктан, бай болуп туруп баланы өлтүрүү адал болот», делбейт! Тескерисинче, баланы өлтүрүү эки абалда тең арам, кембагалдыктан келип чыгып өлтүрөбү же байлыктан келип чыгып өлтүрөбү, айырмасыз, арам. Буга:

{لَا تَأۡكُلُواْ ٱلرِّبَوٰٓاْ أَضۡعَٰفٗا مُّضَٰعَفَةٗ}

***«Эй момундар,** (берген карызыңарды) **бир нече эсе кылып алуу менен сүткордук кылбагыла! Аллахтан корккула!** (Ошондо) **балким, нажат табарсыңар»*** [3:130]

деген аят да мисал болот. Себеби, «أضعافاً مضاعفة бир нече эсе» сөзү муфхам васф болуп саналат. Ал да үстөм ордуна чыгып калган. Себеби, арабдар бир нече эсе риба алышат эле. Кала берсе бул мафхум:

{وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْۚ}

***«Аллах соооданы адал, сүткордукту арам кылган»*** [2:275]

деген аят менен бекер кылынган. Ошондуктан, бул мафхум бекер болуп калат. Демек, «көп пайыздуу риба – арам, ал эми, аз пайыздуу риба – жайиз» деп айтылбайт. Тескерисинче, риба – анын көлөмү көп болушуна карабастан – арам. Себеби, «أضعافاً مضاعفة бир нече эсе» мафхуму – айтып өткөнүбүздөй – бекер болуп калган (ага амал кылынбайт).

Демек, «أمية амий» сөзүнүн мафхуму – баян кылып өткөнүбүздөй – бекер болуп калган. Т.а. эгер, булут же жамгыр себептүү айды көз менен көрүүнүн мүмкүнчүлүгү болбосо, анда, айды толук отуз кылып аягына жеткирүү важиб болот, эсепти билебизби же билбейбизби, мунун айырмасы жок.

Экинчи: алардын намаз убактылары эсепке таянылат го, демек, орозо убагы да эсепке таянылат, деген сөздөрүнө жооп төмөнкүдөй:

Орозо жөнүндө варид болгон настарды күзөткөн киши алар намаз жөнүндө варид болгон настардан айырмаланышын байкайт. Себеби, орозо жана орозодон чыгуу көз менен көрүүгө байланыштуу кылып коюлган.

{فَمَن شَهِدَ مِنكُمُ ٱلشَّهۡرَ فَلۡيَصُمۡهُۖ}

***«Демек, силерден ким бул айга күбө болсо орозо кармасын»*** [2:185]

**«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ»**

**«Айды көрүп орозо туткула жана айды көрүп орозодон чыккыла».** Демек, көз менен көрүү. Бирок, намаз жөнүндөгү настар убакыттын болушуна байланыштуу кылып коюлду.

{أَقِمِ ٱلصَّلَوٰةَ لِدُلُوكِ ٱلشَّمۡسِ}

***«Күн оошу менен намазду толук аткаргын»*** [17:78]

**«إِذَا زَالَتْ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»**

**«Эгер күн оосо намаз окугула»**. Демек, намаз убакытка байланыштуу кылып коюлду. Ошондуктан, кайсы каражат менен убакыттын болгонун билсең намаз окуй бересин. Мисалы, чак

түштөн өткөн убакытты билүү үчүн күнгө карайсың, ар бир нерсенин көлөкөсү ал сыяктуу же анын эки эсеси болгонун билүү үчүн көлөкөсүнө карайсың. Булар намаз убактылары жөнүндөгү хадистерде келген. Эгер, ушуну аткарып, ишеничиң бекем болсо намаз сахих болот. Эгер муну кылбай, астрономиялык эсеп кылып, мисалы, чак түштөн өткөн убакыт баланча саат экенин билип, күндү же көлөкөнү карап олтурбай саатыңа карасаң да намаз сахих болот. Т.а. намаз убагы болгонун ар кандай каражат аркылуу билсең намаз сахих боло берет. Эмнеге? Себеби, Аллах Субханаху намазда убакыт киришин талап кылды, анын киргенине ишенич пайда кылууну сага берди, ишенич пайда кылуунун эч кандай абалын белгилеп бербеди. Ал эми, орозо туурасында айды көрүп орозону кармоону талап кылды, ошондуктан, сага сабабды белгилеп берип эле калбастан, мунун үстүнө эгер булут тосуп калып айды көрө албасаң – ал тургай, ай булут артында бар болсо да жана сен анын бар экенине астрономиялык эсептөөлөр менен ишеним пайда кылган болсоң да – орозо кармабоону айтты.

Ушул маселедеги биздин райыбыз мына ушундай. Демек, орозону кармоону жана рамазандан чыгууну белгилөөдө астрономиялык эсептөөлөр жайиз болбойт, шаръий көрүү важиб.

– Эми астрономиялык эсептөөлөр боюнча орозо кармагандардын орозосу эмне болот деген суроого келсек, эгер алар айды көрүп рамазандан деп эсептелген күндөрдө орозо кармашкан болсо, ал сахих орозо. Ал эми, эгер көз менен көрүүгө ылайык рамазандын бирер күнүн өткөрүп жиберишкен болсо, алар андан жоопкер болушат жана анын казасын кармап берүүлөрү важиб болот.

Биз канааттанып адамдарга мына ушул нерсени баян кылып жатабыз. Биз аларды өзүбүздүн райыбызга мажбурлай турган бир «таякка» ээ эмеспиз, биз аларга бул райды жакшы ыкма, жакшы хикмат менен гана баян кылып жатабыз. Биз бул маселени кагылышуу, карама-каршылык катары карап жатканыбыз жок, ийри сызыктын жанында түз сызыкты сызып берүүдөбүз. Аллах Субханахунун Өзү туура жолго хидаяттоочу.

– Айды көрүү жолун кармануу маселени татаалдаштырып коёт, себеби, бири ай аягында орозо кармаса, башкасы бүгүн айт деп чыгат, бири рамазандын биринчи күнү орозо кармабаса, башкасы келип ай көрүндү, бүгүн рамазан деп айтат, ошентип, бул иш татаалдашат, деген кеп-сөзгө келсек, буга жооп төмөнкүдөй:

Бул тема башкасына караганда жеңилирээк. Себеби, мусулман айды көрүү боюнча маалыматына таянып орозо тутат жана орозодон чыгат. Мисалы, ал ай көрүлбөдү деген маалыматына ылайык орозо кармаса же орозодон чыкса, ошондон кийин ага бирөө келип ай көрүнгөнүн сахих билдирүү менен билдирсе, ага ээрчиши важиб болот. Анткени, бул, Расулуллах A хадиси менен сабит болгон. **«Ансардан болгон бир жамааттан төмөндөгү риваят кылынды: «Бизге шаввал айы көрүнбөй калды, ошондуктан, орозо тута бердик. Күндүздүн аягында бир кербен келип, кече айды көрүшкөнү жөнүндө Набий A алдында күбөлүк беришти. Ошондон кийин Расулуллах A орозодон чыгууну, эртеңден айтка чыгууларын буюрду».** (Ахмад).

Өтмүштө ай көрүлгөнү жөнүндөгү кабардын башка жайга жетиши оңой болбогон. Бул абалды Расул A менен жүз бергенин күзөтүү мүмкүн. Себеби, көрүлгөнү жөнүндөгү кабар Расул Aга кундуз убагында жетип келди. Расул A жана Мадинадагы мусулмандар айды көрүшпөгөндүктөн орозо кармап алышкан эле. Келген кербендегилер Расул Aга ай көрүнгөнү жөнүндө кабар беришкен соң Расул A мусулмандарга орозодон чыгууну буюрду жана ошол күн рамазандын акыркы күнү болду. Демек, Расул A Мадинада ай көрүнбөгөнү үчүн орозо кармап, ай санагын толук жеткирди. Пайгамбарыбызга ай башка жайда көрүнгөнүнүн кабары келген соң Пайгамбарыбыз орозодон чыгууну буюрду. Себеби, ошол күн шаввал айы эле т.а. рамазан санагын толук жеткирүү болбой, айт эле.

Бул болсо оңой. Себеби, ар бир регион айды көрмөкчү болуп аны издейт. Эгер аны көрбөсө жана башка жайда көрүнгөнү жөнүндө сахих кабар келбесе орозо кармайт же орозодон чыгат. Эгер көрүлгөнү жөнүндө кабар келсе мына ушуга таянышы важиб болот. Себеби:

**«صُومُوا لِرُؤْيَتِه...»**

**«Айды көрүп орозо кармагыла…»** хадиси баарына хитаб болот.

Эми сиздин: алар «амалий иш эмес» дешет, деген сөзүңүзгө келсек, эмнеге ал амалий эмес экен? Австралия калкы шаввал айын издеп аны көрүшпөсө жана аларга анын башка жайда көрүлгөнүнүн кабары келбесе орозо кармашсын. Эгер, кабар аларга күндүзү келсе Расулуллах A кылгандай орозодон чыгуулары важиб болот. Себеби, мына ушул күн айт болот… Кала берсе, азыр кабарлар оңой жетип келет… Ошондуктан, амалий эмес деген сөз негизсиз, далилсиз сөз. Ал ибадатта акыйкатты издеген мусулман үчүн хужжат болбойт.

Эми, эсептөөлөр айдын чыгышын анык белгилей алат деген сөзгө келсек, бул туура. Бирок, айды көрүү мүмкүнчүлүгүн берет деген сөз туура эмес. Себеби, астрономдор күн батып бара жатканда айдын көрүнүшү туурасында убакытты ар түрдүү белгилешет. Ошондой болсо да, биз айдын чыгышынын акыйкаты менен эмес, аны көрүү менен орозо кармайбыз жана орозодон чыгабыз. Расулуллах A бизди ушуга буюрган:

**«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ، فَإِنْ غُبِّيَ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا عِدَّةَ شَعْبَانَ ثَلاَثِينَ»**

«**Айды көрүп орозо туткула** (орозону баштагыла), **айды көрүп ооз ачкыла** (орозону бүтүргүлө), **эгер асманды булут каптаган болсо, шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла**». Себеби, рамазан айы бар болушу, бирок, булут тосуп турганы себептүү көрүнбөй калышы мүмкүн. Ошондо биз бул хадиске ылайык санакты толук жеткиребиз. Демек, орозо кармоонун далилдеринде келгендей айды көрүү важиб. Эгер, орозо убакыты намаз убакыты сыяктуу көрүү менен шарт кылынбаганда, ошондо убакытты эсеп менен белгилөө туура болот эле. Бирок, орозонун далилдери көрүүнү негиз кылып келди. Намаздын далилдери болсо көрүү шарт кылбай, убакыт болгонуна ишеним пайда кылууга байланыштуу болуп келди.

**«إِذَا زَالَتْ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»**

**«Эгер күн оосо намазды окугула…»**. Биз муну жогоруда баян кылдык.

**20-рамазан, 1433-х.**

**8-август, 2012м-**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагындагы колдонуучулардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Adi Victori тарабынан берилген сүткорго тиешелүү суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум!

Биз жетекчибизди сүйөбүз. Уруксатыңыз менен, мен сүткордукка байланыштуу суроо берсем.

Сүткордук кылмышын жасаган кимсе тозокто түбөлүк калабы, жокпу?

«Тайсир фи усулит тафсир» китеби, Бакара сүрөсүнүн 275-аяты.

Чоң рахмат, аты-жөнүм Adi Victoria, Индонезиянын Самаринда шаарынанмын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Сүткордук менен мамиле кылган кимсе эки түрдүү болот:

Биринчиси: сүткордуктун арамдыгына ыйман келтирет, ага карабастан, сүткордук кылат. Бул, чоң күнөөнү жасаган кимсе болуп, бул дүйнөдө ал Халифалык мамлекети тарабынан жазаланат. Эгер, бул дүйнөдө шаръий жазаны албаса, Акыретте жазага тартылып, тозоко түшөт жана эгер, сүткордукту адал дебеген болсо, ал жерде түбөлүк калбайт. Т.а. сүткордукту арам деп ишенип, бирок, ал күнөөнү кылган болсо, тозокто түбөлүк калбайт. Күнөөкөр кимсе мусулман абалда өлүм тапса, тозокто түбөлүк калбайт. Себеби, Расулуллах ρ Анас ибн Малик риваят кылган муттафакун алайх хадисте мындай деди:

**«يَخْرُجُ مِنَ النَّارِ مَنْ قَالَ: لاَ إِلَـهَ إِلاَّ اللَّهُ...»**

**«Ла илаха иллаллох, деген киши тозоктон чыгат»** т.а. ал жерде түбөлүк калбайт.

Экинчиси: сүткордукту адал деп билет жана ушул абалында өлүм табат, ал динде анык белгилүү болгон өкүмдү инкар кылганы себептүү кафир эсептелет. Себеби, сүткордук Куръанда субуту да, далалаты да катъий аяттар менен арам кылынган. Ошондуктан, кимде-ким сүткордукту адал деп билсе жана ушундай бойдон өлүп кетсе, кафир болуп, тозокто түбөлүк калат. Т.а. сүткордук кылып, анын арамдыгын инкар кылган кимсе куфрда кетет жана тозокто түбөлүк калат.

Буга далил Бакара сүрөсүнүн 275-аяты:

{ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ ٱلرِّبَوٰاْ لَا يَقُومُونَ إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِي يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ مِنَ ٱلۡمَسِّۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمۡ قَالُوٓاْ إِنَّمَا ٱلۡبَيۡعُ مِثۡلُ ٱلرِّبَوٰاْۗ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْۚ فَمَن جَآءَهُۥ مَوۡعِظَةٞ مِّن رَّبِّهِۦ فَٱنتَهَىٰ فَلَهُۥ مَا سَلَفَ وَأَمۡرُهُۥٓ إِلَى ٱللَّهِۖ وَمَنۡ عَادَ فَأُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ}

***«Сүткордук кылган адамдар** (Кыяматта) **кудум жин тийген-акылдан азган сымал турушат. Буга себеп алардын: «Бай** (алды-сатты) **да сүткордуктук өзү го?» - дешкендиктери. Акыйкатта болсо, Аллах байды адал, сүткордукту арам кылган.***

***Демек, кимге Роббисинен үгүт-насаат жеткен соң*** *(сүткордуктан)* ***токтосо, анда мурунку өткөнү өзүнө жана анын иши Аллахка*** *(тапшырылат).* ***Ким*** *(сүткордукка)* ***кайтса, ошолор тозокулар жана анда түбөлүк калышат»*** [2:275]

Ушул аяттын аягы:

{قَالُوٓاْ إِنَّمَا ٱلۡبَيۡعُ مِثۡلُ ٱلرِّبَوٰاْ}

***(«Бай*** *(алды-сатты)* ***да сүткордуктук өзү го?»*** *-* ***деген)*** кимселерге жаза катары келди.

Т.а. алар сүткордукту кудум соодагердик сыяктуу адал кылып алып, Аллах Субханахунун:

{وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ}

***(…Аллах байды адал, сүткордукту арам кылган…),*** деген аятына куфр келтиришти.

Эгер, аларга сүткордуктун арамдыгы, адал эместиги жеткирилген учурда алар буга ыйман келтирип, тообо кылышса, сүткордук менен мамиле кылууну токтотуп, каражаттарынын өз баасы менен чектелишсе, Аллах Субханаху Өз рахматы-фазилети менен алардын өткөн күнөөлөрүн кечирет. Эгер сүткордук адал, деген пикирлеринде бекем туруп алышса жана Аллах Тааланын:

{وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ}

***(…Аллах байды адал, сүткордукту арам кылган…),*** деген аятына куфр келитирүүнү улантып, ушул абалда өлүшсө, анда алар:

{أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ}

***«ошолор тозокулар жана анда түбөлүк калышат»*** [2:275]

Ушул шаръий нусустардан чыгарылган тыянак төмөндөкүдөй:

5 – Кимде-ким сүткордуктун арамдыгына ыйман келтирген абалда аны кылса, ал күнөөкөр фасык болот жана мусулман абалда өлсө тозокто түбөлүк калбайт, тозокто Аллах каалаганча жазаланат, кийин Аллах Субханахунун уруксаты менен андан чыгат.

6 – Кимде-ким сүткордуктун арамдыгын инкар кылган абалда аны кылса т.а. аны адал кылып алып, ушул абалда өлүм тапса, ал кафир абалында өлгөн болот жана тозокто түбөлүк калат.

Аллах Субханаху бизди Аллах арам кылган нерселерди арам, адал кылган нерселерди адал деп билген, шаръий өкүмдөргө туура баш ийген садык момундардан кылсын, Аллах бул дүйнөдө мына ошолорду Ислам менен азиз кылып, аларга душмандары үстүнөн нусрат берет, аларды Акыретте да Ислам менен азиз кылып, Өзүнүн бейиштерине киргизет жана пайгамбарлар, сыддыктар, шейиттер, салихтер менен бирге кылат, алар кандай гана жакшы шериктер!

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **28-шаъбан 1434-х.**

**7-июль, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Ибрахим Абу Фатхийдин риба малы жөнүндөгү суроосуна жооп

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу амирибиз, Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын жана кадамыңызды бекем кылсын!

Бир адам сүткордук негизине курулган бүгүнкү күндөгү банктардын биринде өзүнө эсеп ачат жана кийинчереек анын ушул эсебине пайыз кошулганы айкын болду. Биз Аллах Таала Куръани Каримдин мухкам (ачык-айкын) аятында:

{وَإِن تُبۡتُمۡ فَلَكُمۡ رُءُوسُ أَمۡوَٰلِكُمۡ لَا تَظۡلِمُونَ وَلَا تُظۡلَمُونَ}

***«Эгер тообо кылсаңар, мал-мүлкүңөр өзүңөргө – залим да, мазлум да болбойсуңар»*** [2:279]

дегенин билебиз. Бирок, заманыбыздын айрым шейх жана уламалары банктан бул малды алууга уруксат беришүүдө. Алар малдын пайдасын банкта калтыруу менен банктын дагы башка арам ишти кылышына жардам бербөө үчүн малдын пайдасын банкта калтырбоо керек деп айтышат.

**Суроо:**

Бул адам пайыз катары кошулган малды эмне кылышы керек? Аны  алып, кембагалдарга ихсан кылса же өзүнүн карыздарына берсе, болобу? Бул малдан кембагалдарга ихсан кылынса, сообу барбы? Ушуга жооп берсеңиз, Аллах сизге береке берип, кадамыңызды бекем кылсын!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Бул адам сүткордук малын эмне кылуу керектигине жооп алуудан мурун, банк менен сүткордук негизинде мамиле кылууну дароо токтотушу жана Аллах Субханахуга калыс тообо кылышы керек. Аллах Субханаху мындай дейт:

{يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ تُوبُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ تَوۡبَةً نَّصُوحًا}

***«Эй момундар, Аллахка калыс тообо кылгыла»***

{إِلَّا ٱلَّذِينَ تَابُواْ وَأَصۡلَحُواْ وَٱعۡتَصَمُواْ بِٱللَّهِ وَأَخۡلَصُواْ دِينَهُمۡ لِلَّهِ فَأُوْلَـٰٓئِكَ مَعَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ وَسَوۡفَ يُؤۡتِ ٱللَّهُ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ أَجۡرًا عَظِيمًا}

***«Тообо кылып, өздөрүн оңдогон жана Аллахка байланып, диндерин Аллах үчүн калыс кылган заттар – мына ошолор гана момундар менен бирге болушат жана тез арада Аллах момундарга улуу ажр-сооп тартуу кылат!»***

Имам Тирмизий Анас Гдан ушул хадисти чыгарган, Набий A мындай дейт:

**«كُلُّ ابْنِ آدَمَ خَطَّاءٌ وَخَيْرُ الْخَطَّائِينَ التَّوَّابُونَ»**

«**Адам баласынын баары ката кылуучу жана ката кылуучулардын жакшылары – тообо кылуучулар**».

Тообо туура болушу жана Аллах тообо кылуучунун күнөөсүн кечириши үчүн тообо кылуучу кылган күнөөдөн тыйылышы, бул кылмышына бушайман болушу жана аны кайра кылбоого бекем чечим кабыл алышы керек. Эгер күнөө бирер адамдын акысына байланыштуу болсо, мындай зулумга учурагандарга өз акыларын кайтаруу же алардын кечиришине жетишүү шарт болот. Эгер, тообо кылуучу малды алардан уурулук же талап-тоноо жолу менен алган болсо, малды өз ээлерине кайтарышы жана мындай ыплас кесиптен шаръий жол менен четтеши керек. Себеби, арамдан мал табуунун акыбети абдан аянычтуу. Имам Ахмад Абдуллах ибн Масъуд Γдан ушул риваятты иштеп чыккан, Расулуллах A мындай дейт:

«...وَلاَ يَكْسِبُ عَبْدٌ مَالاً مِنْ حَرَامٍ... إِلاَّ كَانَ زَادَهُ إِلَى النَّارِ»

**«... пенде арамдан мал таппасын, антпесе, аны тозок үчүн топтогон болот...».**

Имам Тирмизий Каъб ибн Ужрадан ушуну иштеп чыккан, Расулуллах A ага мындай дейт:

«يَا كَعْبَ بْنَ عُجْرَةَ، إِنَّهُ لاَ يَرْبُو لَحْمٌ نَبَتَ مِنْ سُحْتٍ إِلاَّ كَانَتِ النَّارُ أَوْلَى بِهِ»

**«Эй Каъб ибн Ужра, тыюу салынган нерсе менен улгайган этке** (жанга) **тозок гана жакшыраак».**

Эми, ушул адамдын малына банк тарабынан сүткордук кошулганына жана андан кандай кутулууга келсек, мунун жообу төмөнкүдөй:

1 – Эгер, бул адам банкка «Мен коюлган капиталдын өзүн гана аламын» десе жетиштүү, банк капиталдын өзүн берет...

2 – Эгер, банк мыйзамдары боюнча буга уруксат жок болсо, мыйзамдуу түрдө ал капиталы менен кошо пайданы да алышы шарт болсо, антпесе, банктан капиталын да ала албай турган болсо, анда, адам капиталын пайда менен кошуп алып, пайдадан кутулат. Ушул пайдадан кутулуу жолу ушул: аны садака катары бирер жакшы жайга коёт, бирок, бул садакасын эч кимге билдирбейт. Себеби, бул мал арам мал болуп, андан кутулушу шарт. Мисалы, бирер мечитке бирөөгө билдирбей коёт же садка кылып жатканын билдирбей бирер кембагал үй-бүлөгө берет ж.б.у.с....

3 – Ал эми, садкасынан ажр-сооп алышына келсек, арам малга ажр-сооп албайт. Аны жакшылыкка сарпташы садака эмес, себеби, ал адал мал эмес... Бирок, ал четтегени үчүн т.а. банк менен арам мамилени бекер кылып, арам малдан четтегени үчүн, инша Аллах, ажр-сооп алат, Аллах Субханаху пенделеринин тообосун калып алат жана жакшы амал кылган кишин ажрсыз калтырбайт.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **28-жумадул-аввал, 1435-х.**

**29-март, 2014-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Сикату Биллах тарабынан берилген

### 1 – Риказга байланыштуу өкүмдөр жөнүндөгү суроолорго жооп

2 – Суроонун экинчи бөлүгү т.а. риказ жөнүндө айта турган болсок, ким риказ таап алса анын бештен бирин Ислам мамлекетине тапшырат. Мамлекет аны мусулмандар пайдасына иштетет. Табылганын калган төрт бөлүгү тапкан адам үчүн калат. Бул адам табылганы башка жерден таппаган болушу шарт.

Эгер, бүгүнкү күндөгүдөй Ислам мамлекети жок болсо табылганы тапкан адам анын бештен бирин факирлер, мискиндерге берет жана мусулмандардын пайдасына иштетет, бул бабдагы акыйкатты издейт (т.а. факирлер жана мискиндерге бергени жакшыбы же мусулмандардын пайдасынабы, ушул туурасында изденет).

Бул маселенин далили төмөнкүдөй:

а) Риказ – акча, мүлк, жерге көмүлгөн алтын, күмүш, баалуулуктар, берметтер же булардан башка асыл буюмдар жана куралдар сыяктуу байлыктар. Булар мисирликтер, бабилдиктер, ассурийлер, сасанийлер, румдуктар, гректер жана булардан башка илгерки коумдордун көмүлгөн казыналары болушу, падышалары жана улуу адамдарынын кабырынан же ойрондуга учураган өтмүштөгү шаарлардан табылган акчалар, баалуулуктар жана берметтер болушу да мүмкүн. Мындан тышкары жахилият доорундагы же Исламдын өтмүш доорундагы жерге көмүлгөн алтын жана күмүш теңгелер болушу да мүмкүн. Булардын баары риказ болуп эсептелет.

Риказ «ركز, يركز» (жашырылды) феълинен иштикак кылынган. Эгер найза көмүп коюлса, ركز الرمح найза жашырылды, деп айтылат. Жашыруун үн «рикз» деп айтылат, Аллах Таала айтат:

{أَوۡ تَسۡمَعُ لَهُمۡ رِكۡزًا}

***«Же үндөрүн угасыңбы?!»*** [19:98]

Ал эми, маъдан (кен) – Аллах Таала жер-асманды жараткан күндө жараткан алтын, күмүш, жез, коргошун жана башка кен байлыктары. Маъдан «عدن» (бир жайда орношуу) феълинен иштикак кылынган. Бейиш түбөлүк кала турган жай болгону үчүн «Адн» деп аталган. Маъдан адамдар көмгөн байлыктар эмес, тескерисинче, Аллах Таала жер астында жаратып койгон байлыктар. Ушунусу менен ал риказдан айырмаланат. Себеби, риказ – адамдар көмгөн байлыктар.

б) Риказ жана маъдан өкүмдөрүнүн асли төмөндөгү хадистер: Абу Хурайра Г риваят кылган хадисте Набий А айтты:

**«اَلْعَجْمَاءُ جُرْحُهَا جُبَارٌ، وَفِي الرِّكَازِ الْخُمْسُ»**

**«... Риказдан хумс берилет»** (хумс – бештен бир). Бул хадисти Абу Убайд риваят кылган. Абдуллах ибн Амрдан риваят кылынган хадисте Набий Адан эски урандылардан табылган байлык жөнүндө суралганда:

**«فِيهِ وَفِي الرِّكَازِ الْخُمْسُ»**

**«Мындан жана риказдан хумс берилет»**, деген. Али ибн Абу Талиб Гдан риваят кылынган хадисте Набий А айтты:

«وَفِي السُّيُوبِ الْخُمْسُ. قَالَ: وَالسُّيُوبُ عُرُوقُ الذَّهَبِ وَالْفِضَّةِ الَّتِي تَحْتَ الْأَرْضِ»

**«Суюбда хумс бар. Суюб – жер астындагы алтын жана күмүш заты»**.

в) Ушуга ылайык, көрүстөндөрдөн, коргондордон, мурунку коумдордун шаарларынан, өлүк (иштетилбеген, эч кимге таандык эмес) жерлерден, эски урандылардан табылган алтын, күмүш, баалуу жасалгалар, асыл таштар жана булардан башка көмүлгөн ар кандай байлыктар, бул байлыктар жахилият доорунда көмүлгөнүнө же мусулмандар көмгөнүнө карабастан, ким бул баалуулуктарды таап алса, бул, ошол адамдын мүлкү болот. Бул адам табылганын бештен бирин байтулмалга берет.

О.э. бирөөнүн мүлкү болбогон өлүк жерден табылган алтын же күмүш (заты болобу же кени болобу, айырмасыз) ид (агын суу сыяктуу) болбогон т.а. көлөмү чектелген ар кандай кен таап алган адамдын мүлкү болот. Ал бул байлыктын бештен бирин байтулмалга берет. Бирок, бул көмүлгөн байлыктын көлөмү чектелбеген кен болсо, бул кен умумий мүлк болуп, мунун тафсилаты башкача.

Риказ же маъданды таап алган адамдан алына турган хумс фай даражасында болот жана ал файдын өкүмүн алат. Ал байтулмалдын олжо жана хирож деванына өткөрүлөт, олжо жана хирож сарптала турган орундарга сарпталат. Бул иш халифага тапшырылган, халифа өз ижтиходына ылайык Үммөттүн иштерин башкарууга жана кызыкчылыктарын жүзөгө чыгарууга иштетет.

г) Бирер адам өзүнүн мүлкү болгон жер же имараттан риказ же кен таап алса, бул, анын мүлкү болот. Ал бул жер же имаратты мурас кылып алганбы же сатып алганбы, мунун айырмасы жок. Эгер, бирер адам башка адамдын жери же имаратынан риказ же кен таап алса, бул, таап алган адамдын эмес, жер же имарат ээсинин мүлкү болот.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **5-мухаррам, 1435-х.**

**8-ноябрь, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолору жооптору:

## Абу Хаттаб Макдисий (ابو خطاب المقدسي) тарабынан риказ өкүмү туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын! Ушуну түшүндүрүп берсеңиз, эмне үчүн риказ зекет бөлүмүнө эмес, хирож бөлүмүнө киргизилген, риказ нисабга жетсе, анын бештен бири берилеби? Аллах кайратыңызга кайрат кошсун!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Бухарий жана Муслим Ибн Шихабдан, ал Саид ибн Мусайябдан, ал Абу Салама ибн Абдуррахмандан, ал Абу Хурайра Γдан ушул риваятты чыгарган: Расулуллах A мындай дейт:

«وَفِي الرِّكَازِ الْخُمُسُ»

**«Риказда бештен бири берилет».**

Риказ – көмүп коюлган мүлк же чектелүү кен болуп, ким аны өзүнүн жеринен же үйүнөн таап алса, ал анын мүлкү болот. Ким бирөөнүн жеринен же үйүнөн риказ же кен булагын таап алса, бул риказ же кен таап алган адамдын эмес, ошол жердин же үйдүн ээсинин мүлкү болот, риказ табылышы менен анын бештен бири Байтулмалга берилет жана аны кечиктирүүгө тыюу салынат.

Эми, риказдын зекет же фай (олжо) болушу туурасындагы суроосуна келсек, жооп ушул, ал зекет эмес, фай. Далилдер: Абу Убайда Мужалидден, ал Шаъбийден риваят кылат: «Бир киши Медина сыртында көмүлгөн миң динар таап алып, аны Умар ибн Хаттабга алып келди, Умар анын бештен бирин т.а. эки жүз динарды алып, калганын кайтарып берди, кийин эки жүздү айланасындагы мусулмандарга таратты, андан да артып калды: «Динарлар ээси кайда?», деп сурады, ээси ордунан турду, Умар ага: «Бул динарды алгын, ал сеники», деди».

Шаъбийдин ушул хадисинен айкын болуп жаткандай, Умар риказ таап алган кишиден риказдын бештен бири гана алган, бештен биринен калган бөлүгү аны таап алган кишиге кайтарылган жана риказдан алынган бештен бир бөлүк зекет эмес, фай катары болгон. Эгер, зекет болгондо аны зекет бериле турган орундарга сарптамак жана риказды таап алган кишиге да үлүш берилбейт эле, себеби, ал киши бай болгон, ал эми, зекет байга берилбейт.

Ошондуктан, риказдын кыйматы канча болбосун, анын бештен бири Байтулмалга, бештен биринен калган бөлүгү таап алган кишиге берилет. Бул, зекет болбогону үчүн нисабга өлчөнбөйт, риказдын кыйматы нисабга жетеби же жетпейби, айырмасы жок. Анын бештен бири мусулмандардын Байтулмалына берилиши керек. Бүгүнкү күндө мусулмандардын Байтулмалы жок убакта риказдын бештен бири мусулмандардын кызыкчылыгы үчүн же муктаж мусулман кишилерге сарпталат, риказды таап алган киши экөөсүнүн кайсы бирине жумшаса, өз эрки.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **23-зул-каъда, 1435-х.**

**18-сентябр, 2014-м.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

**Суроо:**

Бизге жигиттердин биринен төмөдөгү суроо келди, силерге анын текстин сунуш кылабыз:

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. Бул жерде Сирияда Расулуллах Aдын роясы жөнүндө тартышуулар көбөйдү. Алардын катарында «Шам исламий комитетинин» интернеттеги сайтына да «Бул жерде сириялыктар бекем амал кылышы важиб болгон анык бир белгиленген роя барбы?» деген суроо берилди. Жооп төмөнкүдөй болду: «Расулуллах Aдан согуш рояларына тиешелүү бир түс же бир форма варид болбогон. Себеби, Набий Aдын роясы кара болгону, кээде болсо ак болгону сабит болгон. Сары түстө болгон деген сөз да бар. Айрымдар ойлоп жаткандай Набий A ушул рояларга бирер нерсени жаздырганы сабит болбогон. Ибн Аббастан варид болгон Набий Aдын роясына «Ла илаха иллаллох, Мухаммадур Росулуллох» деп жазылган деген риваятына келсек, уламалар айткандай, ал батыл хадис».

Ушул тема боюнча жооп беришиңизди суранамын. Аллах силерди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:**

Биринчи: Лива жана роя түсү: Варид болгон сахих жана хасан шаръий далилдер лива ак түстө, роя болсо кара түстө болгонуна далалат кылат. Бул далилдердин айрымдары ушулар:

1 – Насаий өзүнүн Сунан Кубро китебинде жана Термизий Жабирден риваят кылат: Набий A:

«**دَخَلَ مَكَّةَ وَلِوَاؤُهُ أَبْيَضُ**»

**«Меккеге киргенде ал кишинин ливасы ак эле».** Ибн Абу Шайба өзүнүн Мусаннафында Амрадан мындай дегенин риваят кылды:

«**كَانَ لِوَاءُ رَسُولِ اللَّهِ A أَبْيَضَ**»

**«Расулуллах Aдын ливасы ак эле».**

2 – Ахмад, Абу Давуд жана Насаий өзүнүн Сунани Кубросунда Юнус ибн Убайд ибн Мухаммад ибн Косимдин мындай дегенин риваят кылды: Мени Мухаммад ибн Косим Баро ибн Азибдин алдына Расулуллах A роясы кандай болгону жөнүндө сурап келүү үчүн жиберди. Баро ибн Азиб:

«**كَانَتْ سَوْدَاءَ مُرَبَّعَةً مِنْ نَمِرَةٍ**»

**«Роя кара түстө, төрт бурчтуу, намирадан болгон».**

3 – Тирмизий жана Ибн Мажа Ибн Аббастан мындай дегенин риваят кылды:

«**كَانَتْ رَايَةُ رَسُولِ اللَّهِ A سَوْدَاءَ، وَلِوَاؤُهُ أَبْيَضَ**»

**«Расулуллах Aдын роясы кара, ливасы болсо ак эле».**

Багавий Шархи Суннада Амрадан мындай дегенин риваят кылды:

«**كَانَ لِوَاءُ رَسُولِ اللَّهِ A أَبْيَضَ، وَكَانَتْ رَايَتُهُ سَوْدَاءَ...**»

**«Расулуллах Aдын ливасы ак, роясы болсо кара эле...».**

Экинчи: Эми сары түстө да болгон деген сөзгө келсек, бул Абу Давуд жана Байхакий хадисинде келген. Бул хадистин санадында кеп-сөз бар. Бул хадис төмөнкүдөй: Бизге Укба ибн Мукрам хадис риваят кылды, бизге Салм ибн Кутайба Шаъирий Шуъбадан, ал Симактан, ал өз коумунан болгон бир кишиден, ал болсо алардан болгон башка бирөөдөн мындай дегенин риваят кылды: «Мен **«Расулуллах Адын роясы сары экенин»** көрдүм». Көрүп тургаңардай, бул хадис санадында эки белгисиз адам бар, ошондуктан, ал заиф.

Үчүнчү: **«Али Гнун Сиффийн күнүндөгү роясы кызыл болуп, ага Мухаммадур Расулуллах, деп жазылган эле. Анын кара роясы да болгон»** деген риваятына келсек, анык көрүнүп тургандай, ал Расулуллах Адан риваят кылынган хадис эмес, ал бир сахабанын иши. Мындан тышкары бул риваяттын өзү да **«анын кара роясы да бар эле»** деп турат. Белгилүү болгондой, Расулуллах Адын хадисине таянылат.

Төртүнчү: Расулуллах А роясынын түсү жана ливасынын түсү т.а. мамлекеттин расмий роясы жана ливасы…

Ал эми, айрым уруулардын согуштарда айырмаланып туруу үчүн өзүнө таандык түстөгү рояны тандап алышканына келсек, бул жайиз. Мисалы, Шам армиясы согушта кара роя менен бирге башка түстөгү рояны, Мисир армиясы кара түстөгү роя менен бирге дагы башка түстөгү рояны тандап алышы мүмкүн. Себеби, бул мубахтар катарына кирет. Табаронийдин Кабиринде Мазида Абдийден мындай дегени варид болгон: **«Набий А ансарларга сары түстүү роя тапшырды».** Ибн Абу Асимдин «Ахад ва масаний» китебинде Курз ибн Самадан мындай дегени варид болгон: **«... Набий А Бани Сулаймга кызыл роя тапшырды».** Булардын баары мубахтар катарына кирет. Бүгүнкү армиялардын аскерий бөлүктөрү мамлекеттин расмий байрагынан тышкары ушул аскерий бөлүктөрдү айырмалап турган белгилерди да кабыл алган. Армияларды ар кандай аталыштар менен айырмалоо да мубахтар катарына кирет. Мисалы, ар бир армияга номер коюлат. Же бирер вилаят же райондун аты менен аталат. Мисалы, Шам армиясы, Халаб армиясы.

Бешинчи: Рояга жазыла турган сөздөргө келсек, Табароний Авсатта ушуну риваят кылат: «Бизге Ахмад ибн Ришдин хадис риваят кылып айтты: Бизге Абдулгаффар ибн Давуд Абу Салих Харроний хадис риваят кылып мындай деди: Бизге Хайян ибн Убайдуллох риваят кылып мындай деди: Бизге Абу Мижлаз Лахик ибн Хумайд Ибн Аббастан мындай дегенин риваят кылды:

**«كَانَتْ رَايَةُ رَسُولِ اللَّهِ A سَوْدَاءَ وَلِوَاؤُهُ أَبْيَض، مَكْتُوبٌ عَلَيْهِ: لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ مُحَمَّدٌ رَسُولُ اللَّهِ»**

**«Расулуллах Адын роясы кара, ал эми, ливасы ак болуп, ага Ла илаха иллаллох, Мухаммадур Расулуллох, деп жазылган эле».** Бул хадис Ибн Аббастан ушул санад менен гана риваят кылынган. Аны Хайян ибн Убайдуллах гана риваят кылды.

Хайян ибн Убайдуллахтын ишеничтүүлүгү жөнүндө ихтилаф кылынган:

а) Ибн Хиббан өзүнүн «Сикот» китебинде (6/230) аны ишеничтүү риваятчылар катарында айтып өткөн.

7491 - Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр Бани Адийдин мавласы Абу Мижлаз жана анын атасынан риваят кылат, андан Муслим ибн Иброхим жана Муса ибн Исмаил риваят кылган.

б) Ал жөнүндө Захабий өзүнүн «Мизанул иътидал» китебинде (1/633) мындай деген:

«2388 - Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр басралык шейх Абу Мижлаздан хадис риваят кылган. Бухарий мындай деди: Солт анын хадистерди аралаштырып жибергенин айткан». Солт – Ибн Мухаммад Абу Хумам. Ал жөнүндө Абул Хажжаж Миззий өзүнүн «Тахзибул камал фи асмаир рижал (2/79)» китебинде мындай деген:

Абу Хумам Солт ибн Мухаммад Харикий – ал Араб Булуңундагы Амман жанындагы Харик аралына таандык. Бухарий сахихте андан риваят кылган.

Хайяндын карыган убактагы ихтилаты (аралаштырып жибериши) себептүү Укайлий аны өзүнүн «Зуафаул кабир» (1/319) китебинде заифтер катарына киргизип мындай деген:

«Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр Басрий… Мага Адам ибн Муса хадис риваят кылып айтты, мен Бухарийдин мындай дегенин уктум: Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр, Солт андан ихтилатты зикр кылган».

Ал жөнүндө Захабий өзүнүн «Мугний фи зуафа» (1/198) китебинде мындай деген: «Хайян ибн Убайдуллах Абу Зухайр Басрийдин Абу Мижлаздан кылган риваяты хужжат эмес».

Ошентип, Хайян ибн Убайдуллох жөнүндө ихтилаф бар. Себеби, айрымдар аны ишеничтүү кишилер катарына киргизсе, башкалар заифтер катарына киргизген. Себеби, ал картайган убакта хадистерди аралаштырып жиберген. Ушуга карабастан, тема роя жана ливага «Ла илаха иллаллох, Мухаммадур Росулуллох», деп жазылганы жөнүндө болгону үчүн ихтилаттын бул жазууга эч зыяны жок. Айрыкча, аны менен Расулуллах A ортосунда санадда эки ишеничтүү ровий: Абу Мижлаз Лахик ибн Хамид жана Ибн Аббас бар экени үчүн мунун зыяны жок. Ошондуктан биз роя жана ливага эки шахадат сөздөрүн жазууну табанний кылдык.

**15-шаввал, 1433-х.**

**1-сентябрь, 2012-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Мухаммад Адиб Халил тарабынан берилген

**«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»**

## «Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар» хадисинин сахихтиги жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух! Аллах сизди жакшылык менен сыйласын, сизди Өз нусраты менен колдосун жана Халифалык мамлекетин тикелөө менен кубантсын. Урматтуу шейхибиз, сизге берип жаткан ушул суроомду хизбий боордоштордон сураган элем, алар: Бул хадис фикх китептеринде бар, ошонун өзү кифая, деп жооп берди. Бирок, биз өз пикирлерибизде эң күчтүү далилдерди кылдаттык менен издеп тапкандардан болушубуз керектигин билебиз. Биз табанний кылган, хадис өкүмдөрүнө алакадар ушул:

**«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»**

**«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар»**, деген хадис «Исламий шахсия» китебинин 3-бөлүгүнүн ижма жөнүндөгү темасында сахабаларды мактап келген. Аны Розин риваят кылганы айтылган. Ал эми, «Дурари сунния» хадистер энциклопедиясынан бул хадисти издөө менен ушул нерсе айкын болду, бул хадис мавзу (ойлоп табылган) хадис экен о.э. Розин ким өзү, Розин атындагы муснад топтом барбы? Боордошуңуз Абу Ахмад.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!.

Бул хадис айрым хадис китептеринде келген:

1 – Ибн Баттанын «Ибанатул кубро» китеби. Ал Абу Абдуллах Убайдуллах ибн Мухаммад ибн Хамадан Укбарий болуп, Ибн Батта Укбарий аты менен белгилүү (хижрий 387-жылы дүйнөдөн кайткан). Хадистин тексти төмөнкүдөй:

Мага Абу Юсуф Яъкуб ибн Юсуф айтты: бизге Абу Яхя Закария ибн Яхя Сажий айтты: бизге Муса ибн Исхак Анварий айтты: бизге Ахмад ибн Юнус айтты: бизге Абу Шихаб Хамза ибн Абу Хамзадан, ал Амр ибн Динардан, ал Ибн Аббастан риваят кыллы: Расулуллах A мындай деди:

«إِنَّمَا أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ، فَبِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

**«Албеттте сахабаларым жылдыздар сыяктуу, анан, алардан кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар»**.

2 – Абу Умар Юсуф ибн Абдуллах ибн Мухаммад ибн Абдулбир ибн Асим Намрий Куртубийдин (хижрий 463-жылы дүйнөдөн кайткан) «Жамиу баянил илми ва фазлих» китеби. Хадистин тексти төмөнкүдөй:

Бизге Ахмад ибн Умар айтты: бизге Абд ибн Ахмад айтты: бизге Али ибн Умар айтты: бизге казы Ахмад ибн Камил айтты: бизге Абдуллах ибн Ровх айтты: бизге Саллам ибн Сулайм айтты: бизге Харис ибн Гусайн Аъмаштан, ал Абу Суфяндан, ал Жабирден риваят кылды, Расулуллах A мындай деди:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

**«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар»**. Абу Умар: «Бул хужжат боло турган санад эмес, себеби, Харис ибн Гусайн белгисиз адам», деген.

Ушул эки хадис шектүү, ошондуктан, айрым мухаддистер аны заиф деген. Бирок, биз бул хадисти хасан санайбыз, себеби, ал фукахалардын китептеринде келген жана алар бул хадисти өкүмдөрдү истинбат кылууда колдонушкан. «Исламий шахсия» китебинин 3-бөлүгүндө биздин назарыбыздагы хасан хадистин аныктамасы мындай көрсөтүлгөн:

«Хасан хадис эки бөлүк болот:

1 – Бул ушундай хадис, санады кишилери арасында аныкталбаган киши болуп, анын хадис риваят кылуу жөндөмү, адилеттик жана күнөөкөрдүгү белгисиз болот. Бирок, ал белгилүү болуп, риваяттарында көп жаңылыштык кетирбейт жана жалганчылыкта айпталбайт.

2 – Бул ушундай хадис, анын риваятчылары чынчылдык жана аманаткөйлүк менен белгилүү болгон, бирок, сахих хадис ровийлеринин даражасына жетпейт. Хасан хадис кудум сахих хадис сыяктуу хужжат болот. Имамдар, алардын шакиртери жана башка улама-фукахалардын китептеринде келген хадистер хасан хадис эсептелет жана алар хужжат болот. Себеби, алар ушул хадисти өкүмгө далил кылып келтиришкен же андан өкүм истинбат кылышкан. Бул хадис усули фикх

китептеринде келгенби же фикх китептериндеби, айырмасы жок, бул китептер этибарлуу китеп болушу шарт. Мисалы: «Мабсут», «Умм», «Мудавванатул кубро» сыяктуу». (Текст аяктады).

Ушул хадис фукахалардын бир нече китептеринде келген:

1 – «Мабсут».
Автору: Мухаммад ибн Ахмад ибн Абу Сахл Шамсул Аимма Сарахсий (хижрий 483-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин казылык темасында мындай делген:

«… Ал Аллахтын Китебиндеги нерселер менен өкүм кылышы керек, эгер ага бирер нерсе келсе, аны Аллахтын Китебинен таба албаса, Расулуллах Адан келген нерсе менен өкүм кылышы шарт, эгер андан да таба албаса, Расулуллах Адын сахабаларынан ψ келген нерсе менен өкүм кылышы кажет. Биз муну жогоруда баян кылдык. Кыскасы, эгер ал белгилүү бир сахабалардын ψ биринин сөзүн сахих деп тапса, ошону менен өкүм кылат жана аны Расулуллах Адын ушул:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

**«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар»**, деген сөздөрүнө негизделип, бул далилди киястан жогору коёт. Себеби, ага сахабадан Г жетип келген нерсенин (Расул Адан) угуу мүмкүнчүлүгү болгон. Анткени, сахабалар Расулуллах Адан бир нерсени угуп, кийин ошону менен чыгарышчу…».

2 – «Хашия Тахтавий ала Марокил Фаллах шархи нурул изах».
Автору: Ахмад ибн Мухаммад ибн Исмаил Тахтавий Ханафий (хижрий 1231-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин Сүннөт темасында мындай делген:

«… Ханафийлерде сүннөт – мурун айтып өткөнүбүздөй – Расулуллах А же ал кишиден кийин сахабалары кылган амал, «Сираж»да: Расулуллах А же сахабаларынын бири кылган амал делген. Себеби, ал киши:

«عَلَيْكُمْ بِسُنَّتِي وَسُنَّةِ الْخُلَفَاءِ الرَّاشِدِينَ مِنْ بَعْدِي»

**«Менин жана менден кийинки хулафаи рошидиндердин сүннөтүн бекем кармагыла»**

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

**«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар»**, деп сахабаларынын сүннөтүнө ээрчүүгө буюрган.

3 – «Ал-Баян ват-тахсил вал-шарх ват-тавжих ват-таълил лимасаилил мустахрижа».
Автору: Абу Валид Мухаммад ибн Ахмад ибн Рушд Куртубий (хижрий 520-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин мусулмандардын эки тайпасынын бири-бири менен согушуусу жөнүндөгү маселеде төмөндөгүлөр келет:

«… Себеби, Аллах Таала Өз Китебинде жана Расулунун тили менен аларды мактап, мындай деди:

{كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ}

***«Адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар»*** [3:110]

{وَكَذَٰلِكَ جَعَلۡنَٰكُمۡ أُمَّةٗ وَسَطٗا}

***«О.э. силерди васат Үммөт кылдык»*** [2:143]

т.а. адилеттүү, эң жакшы үммөт кылдык.

{مُّحَمَّدٞ رَّسُولُ ٱللَّهِۚ وَٱلَّذِينَ مَعَهُۥٓ}

***«Мухаммад Аллахтын Расулу жана аны менен бирге болгондор...»*** [48:29]

Расулуллах A мындай деди:

**«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»**

**«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар»**.

**«عَشَرَةٌ مِنْ قُرَيْشٍ فِي الْجَنَّةِ»**

**«Курайштан он киши бейиште»**. Ал киши ушундай деп Али, Талха жана Зубайрды тилге алды, ахли сүннөт жана хак имамдарынын сөзү: Али Γ жана ага ээрчигендер тууралык жана акыйкат үстүндө болушкан, Талха жана Зубайр каталык кылышкан, бирок, аларды буга ижтихаддары алып барган, ошондуктан, аларга ошол ишти кылуу фарз болгон, себеби, алар экөөсү тең ижтихад калкынан эле».

4 – «Захира».
Автору: Абу Аббас Шихабиддин Ахмад ибн Идрис ибн Абдуррахман Маликий, Карофий аты менен белгилүү (хижрий 684-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин имам Малик усулу жөнүндөгү талкуусунда мындай деп айтылат:

«... Себеби, имам Малик назарында, асл-негиз – амалды ахад хабардан жогору коюу о.э. кияс да ахаддан жогору, бул Абхарийдин ижтихады. Эгер (шаръий өкүмдү) Сүннөттөн таба албаса, сахабалар ψ сөздөрүн алат, эгер алар ихтилаф кылган болушса, алардын сөздөрүнөн амал кылынганын алат, эгер амал кылынганы болбосо, сөздөрүнөн тандап алат жана алардын баарына хилаф кылбайт. О.э. (эгер Сүннөттөн таба албаса), ал – бардык сахабаларга хилаф кылса да – ижтихад кылышы керек, деген сөз да бар. Биринчинин (т.а. сахабалар ψ сөздөрүн алат, дегендердин) хужжаты Расулуллах Aдын:

**«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»**

**«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисиңер да хидаят жолун табасыңар»**, деген сөздөрү болуп калат. Эгер муну кыла албаса, уламалар менен машварат кылгандан кийин усулга ылайык иш тутат».

5 – Имам Шафиий мазхабы фикхи жөнүндөгү «Хавил кабир» китеби.
Автору: Мавардий аты менен таанылган Абу Хасан Али ибн Мухаммад ибн Мухаммад ибн Хабибул Басрий Багдадий (хижрий 450-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин сахабалар жөнүндөгү темасында мындай делет:

«Төртүнчү бөлүм: сахабалар. Аларга таклид кылуу алар айткан пикирлердеги абалдарына карап ар түрдүү болот. алардын абалдары төртөө...

Үчүнчү абал: алардын бири ушундай бир пикирди айтат, бул пикирдин таралганы белгилүү эмес жана сахабалар анын тескерисин да айтышпаган, демек, бул ижма эмес. Бул пикир амал кылуу зарыл болгон хужжат болобу, жокпу? Бул жөнүндө эки түрдүү сөз бар:

Бири: «Кадим» китебинде айтылган, ал Малик жана Абу Ханифанын да мазхабына туура келет. Ага ылайык, сахабанын бул пикири амал кылынышы зарыл болгон хужжат. Пайгамбар Aдын ушул сөзү буга далил:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

**«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар»**. О.э. сахабалардын айрымдары башка бирөөлөрдүн сөзүн анын далилин сурабай ала берет эле, демек, бул алардан пикири хужжат экенине далалат кылат».

6 – «Кашшафул кинаъ ан матнил икнаъ».
Автору: Мансур ибн Юнус ибн Салахиддин ибн Хасан ибн Идрис Бахутий Ханбалий (хижрий 1051-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин «(Ихрамда) аң уулоого чыгып өлтүргөн олжонун жазасы» бөлүмүндө мындай делет (кашанын ичинде жазылган сөздөр Бахутийдин шархтары):

«… Ал (т.а. аң уулоо) эки түрдө болот: бири, анын мисли (окшошу) берилет т.а. айбандын кыймат жагынан эмес, көрүнүшү жагынан окшошун берүү важиб болот (аятта келгени үчүн ушундай). Ал (т.а. мисли төлөнө турган аң уулоо) эки түрдүү болуп, алардын бири сахабалар кылган өкүм боюнча болот (т.а. сахабалардын баары эмес, бир бөлүгү өкүм кылган болсо да. Сахабанын аныктамасы болсо жогоруда хутбада айтылып өттү. Буга Расулуллах Aдын ушул сөзү далил:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

**«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар»**.

«عَلَيْكُمْ بِسُنَّتِي وَسُنَّةِ الْخُلَفَاءِ الرَّاشِدِينَ الْمَهْدِيِّينَ عَضُّوا عَلَيْهَا بِالنَّوَاجِذِ»

**«Менин сүннөтүмдү жана рошид, махдий халифалар сүннөтүн бекем кармагыла, ага азуу тишиңер менен жабышкыла»**. Имам Ахмад жана имам Тирмизий риваяты. Буга дагы бир далил сахабалар тууралыкка эң жакын, хитаб оруңдарын жакшы билишет, алардын өкүмү башкалар үчүн – кудум аалымдын өкүмү амий үчүн хужжат болгондой – хужжат эле). Мисалы, төө күш уулаган киши төө курмандык кылат (Умар, Усман, Али, Зайд жана көптөгөн уламалар ушундай өкүм кылышкан, себеби, ал көрүнүшү менен төөгө окшогон куш, ошондуктан, төө ага мисл болду, демек, ал нусустук умумийге кирет. Хиракий аны куштардын бир бөлүгү деп этибар кылган, себеби, аны канаттары бар)».

7 – Мугний.
Автору: Абу Мухаммад Муваффакиддин Абдуллах ибн Ахмад ибн Мухаммад ибн Кудама Жамаилий Макдисий, кийин Димашкий Ханбалий, Ибн Кудама Макдисий аты менен белгилүү болгон (хижрий 620-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин «Алтынчы бөлүм: жөрмөлөп жүргөн айбанды (ихрамда) уулоонун жазасы ага окшогон айбан» бөлүгүндө мындай делет:

«… Имам Маликтин айтымында, бул туурасында өкүм каралып чыгат, себеби, Аллах Таала мындай дейт:

{يَحۡكُمُ بِهِۦ ذَوَا عَدۡلٖ مِّنكُمۡ}

***«... Ага өзүңөрдөн болгон эки адилет адам өкүм кылат»*** [5:95]

Набий Aдын ушул сөздөрү биздин далил:

**«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»**

**«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар»**.

**«اقْتَدُوا بِاللَّذَيْنِ مِنْ بَعْدِي: أَبِي بَكْرٍ، وَعُمَرَ»**

**«Менден кийинки эки кишиге - Абу Бакр жана Умарга ээрчигиле»**. Себеби, сахабалар туура өкүмгө жакын, илимде мыкты болушуп, алардын өкүмдөрү башкалар үчүн – кудум аалымдын өкүмү амий үчүн хужжат болгондой – хужжат болот. Алардын бизге жетип келген өкүмдөрүнүн бири: Гиенанын таваны кой (ихрамда болсо), бул, Умар, Али, Жабир жана Ибн Аббастын өкүмү».

Көрүп турганыңардай, ушул хадис ханафий, маликий, шафиий жана ханбалий мазхабындагы этибарлуу фукахалардын китептеринде колдонулган.

Эми, Розинге келсек, бул темага дагы кайрылып, тереңирээк изденип көрөбүз, инша Аллах.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **26-шаввал, 1434-х.**

**2-сентябрь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Зияд Зияд тарабынан берилген

### 1 – Ислам мамлекетинин иш жүзүндө согуш абалында болгон мамлекет менен алакасы жөнүндөгү суроолорго жооптор

**Суроо:**

Экинчи: Ислам мамлекетинин иш жүзүндө согуш абалында болгон мамлекеттер менен алакасы:

Менимче, сиз дагы эле Мукаддима китебинин эски нускасын окуп жаткан көрүнөсүз. Себеби, сиз айткан 188-берене хижрий 1431-жылы, миладий 2010-жылы чыккан нускада 189-берене болуп келген. Эски нускада согуш абалындагы сулх темасы кеңири баян кылынбаган. Т.а. таянылa турган нускада болсо мунун тафсилаты баян кылынган. Биз бул нускада туруктуу сулхтун жайиз эместигин баян кылып өттүк. Себеби, туруктуу сулх жихадды бекер кылуу дегени. Ал эми, убактылуу сулх мусулмандар али фатх кылбаган жердеги кафир мамлекет менен болсо жайиз. Расулуллах A Курайш менен түзгөн Худайбия сулху буга далил болот. Себеби, Курайш мусулмандар фатх кылбаган жерде болгон.

Ал эми, басып алынган исламий жердеги мамлекет менен убактылуу да, туруктуу да сулхтун түзүлүшү жайиз эмес. Буга Курайш менен түзүлгөн Худайбия сулху ылайык келбейт. Себеби, бул экөөсүнүн вакиъси башкача. Себеби, Курайштын вужуду мусулмандар али фатх кылбаган жерде болгон. Ал эми, яхудий мамлекетинин вужуду мусулмандардан басып алынган жерде. Ошондуктан, бул экөөсүнүн вакиъси бири-биринен айырмаланат, бул мамлекетке Худайбия сулху ылайык келбейт. Мусулман өлкөлөрүндөгү мыйзамсыз акимдер яхудийлер менен түзгөн сулх болсо да, болбосо да, алар жок кылынмайынча жана басып алынган жер өз калкына кайтарылмайынча иш жүзүндөгү согуш абалы туруктуу сакталып калышы важиб.

{وَأَخْرِجُوهُم مِّنْ حَيْثُ أَخْرَجُوكُمْ}

***«Жана силерди*** *(кууп)* ***чыгарган жайдан аларды да кууп чыгаргыла!»*** [2:191]

Себеби, басып алган мамлекет менен сулх түзүү – басып алган мамлекетти моюнга алууну т.а. анын пайдасы үчүн басып алынган жерден баш тартууну түшүндүрөт. Бул болсо, шаръий түрдө мүмкүн эмес, бул чоң кылмыш болуп, муну кылган киши катуу күнөөкөр болот.

Бул тема Мукаддима китебинде кеңири баян кылынган.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **16-шаъбан, 1434-х.**

**25-июнь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Зияд Зияд тарабынан берилген

## 2 – Согуш майданына чыккан аялдардын өкүмү

**Суроо:**

Урматтуу боордошубуз, шейхибиз, амирибиз Ато мырза… Ассаламу алайкум!

1 – Мен бир жигит менен талкуулашып жатып согуштагы аялдар маселесинде ихтилаф кылып калдым. Бул аялдарга кошуунду кайраттандыруу үчүн согуш майданына чыккан аялдардын өкүмү ылайык келеби же туткундардын өкүмү ылайык келеби. Белгилүү болгондой, бүгүнкү күндө колуна курал алып эркек кишилерге окшоп согушуп жаткан учкуч, артиллериячы жана деңиз флотунда кызмат кылып жаткан аялдар бар.

2 – Халифалык мамлекетинин дастур долбоорунда 188-берененин төртүнчү пунктунда мындай делет: «Израиль сыяктуу иш жүзүндө согуш абалындагы мамлекеттер менен бардык мамилелерде согуш абалы негиз кылып алынат. Биз менен алардын ортосунда убактылуу келишим болсо да, болбосо да, иш жүзүндө согуш абалындагыдай мамиле кылынат. Алардын бардык жарандарынын мамлекетке киришине тыюу салынат». Мен Дастур мукаддимасына кайрылып бул берененин т.а. бул төрт нуктанын тафсилатын таба албадым. Менин суроом ушул, Халифалык мамлекети биздин жерлерибизди басып алган яхудий мамлекети менен сулх түзүшү жайизби?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Биринчи: Согуш майданына чыккан аялдардын өкүмү – алар согуш майданына кошуунду кайраттандыруу үчүн чыкканбы же кошуун менен биргеликте согушуу үчүнбү, айырмасыз – мына ушул өкүмдүн өзү болот. Кошуунду кайраттандыруу үчүн согуш майданына чыккан аялдарды өлтүрүү жайиз эмес, ал эми, согушкан аялдарды өлтүрүү жайиз. Муттафакун алайх хадисте Нафиъден риваят кылынат, Абдуллах Гдын айтышынча, Расулуллах Адын казатынын биринде бир аял өлтүрүлгөн абалда табылды. Ошондо Расулуллах А аялдар жана балдарды өлтүрүүдөн кайтарды. О.э. Абу Давуд Умар ибн Мураккаъ ибн Сайфий ибн Рабахтан риваят кылган сахих хадисте ал айтты: Мага атам бабам Рабах ибн Рабиъден риваят кылып айтты: Биз Расулуллах А менен бир казатта бирге элек. Ошондо Расулуллах А адамдардын бир нерсе үстүндө топтолуп турушканын көрдү. Кийин бир кишини алардын алдына жиберип: «Тигил адамдар эмнеге чогулуп турушканын билип келгин» деди. Ал адам келип: «Алар бир өлтүрүлгөн аялдын үстүндө топтолуп турушат», деди. Ошондо Расулуллах А:

**«مَا كَانَتْ هَذِهِ لِتُقَاتِلَ»**

**«Бул аял согушпаган экен»**, деди. Бул хадис, эгер аял согушкан болсо, өлтүрүлүшү жайиздигин түшүндүрөт.

Бул жааттагы айырмачылык ушундай. Бирок, мындан башка өкүмдөрдө кошуунду кайраттандыруу үчүн чыккан аялдар менен кошуун менен бирге согушуу үчүн чыккан аялдардын ортосунда айырма жок.

Булар согуш майданына чыккан аялдар жөнүндө болду. Ал эми, аялдар согуш майданына чыкпай, үйүндө калышса, аларга зыян жеткирилбейт.

Кандай гана абал болбосун, аялдарга шаръий өкүмдөрдү колдонуу майдан командачысына эмес, халифага байланыштуу. Халифа душманга мамиле кылууда аскерий саясаттын талабына ылайык иш жүргүзөт. Бул иштер аскерий мамилелерден болуп, бул туурасындагы иш халифага калтырылган. Халифа бул туурасында шаръий өкүмдөргө ылайык өз райы менен жана душманга карата позиция талап кылгандай иш жүргүзөт.

Ал эми, туткундардын өкүмү эркек согушкерлерге колдонулат. Себеби, туткун сөзү эгер белгиленбей келсе эркек согушкерге каратылган болот. Туткундардын өкүмү Мухаммад А сүрөсүндө баян кылынган.

{فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرْبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثْخَنتُمُوهُمْ فَشُدُّواْ ٱلْوَثَاقَ فَإِمَّا مَنًّۢا بَعْدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلْحَرْبُ أَوْزَارَهَا ۚ ذَٰلِكَ وَلَوْ يَشَآءُ ٱللَّهُ لَٱنتَصَرَ مِنْهُمْ وَلَٰكِن لِّيَبْلُوَاْ بَعْضَكُم بِبَعْضٍ ۗ وَٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ فَلَن يُضِلَّ أَعْمَٰلَهُمْ}

***«Ошондуктан,** (эй момундар)**, качан силер** (согуш майданында) **кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула-өлтүргүлө! Ал эми, качан алардын** (көптөрүн) **кырып** (жеңгениңерден кийин аларды туткун кылып) **аркан менен байлагыла! Андан соң же** (аларды азат кылып жиберүү менен) **жакшылык көрсөткүлө же** (аларды бошотуп жиберүү үчүн) **фидя-таван аласыңар, тээ согуш жүктөрүн таштагыча** (т.а. согуш токтогончо силерге буйрулган иш) **мына ушул. Эгер, Аллах каалаtouch алардын үстүнөн** (согушсуз да) **үстөм болот** (т.а. аларды жок кылып жиберээр) **эле, бирок, Ал Зат силердин кээ бириңерди кээ бириңер менен сыноо үчүн** (силерди согушка буюрду). **Аллах жолунда өлтүрүлгөн заттардын амалдарын эч качан бекерке кетирбейт»***

[47:4]

Т.а. аларга ырайым көрсөтүлүп коюп жиберилет же алардын акысына акча же аларга окшогон (мусулман же зиммий) туткундар таван кылып алынат. Мындан башкасы мүмкүн эмес.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

*Суроо-жооб*

## Согуш туткундарынын Курандагы өкүмү айырбаштоо же жөн эле берүү болуп саналат

*Суроо:*

Ассаламу алайкум рохматуллоох.

Биздин китептерде Саъд бин Муъаздын Бани Курайза жөөттөрүнө карата чыгарган өкүмүндө эркектерин өлтүрүү, малдарын тартып алуу жана аялдарын туткунга алуу тууралуу айтылган. Бирок, Куранда катий түрдө туткундардын өкүмү айырбаштоо же жөн эле берүү деп так көрсөтүлүп турат. Ошондуктан, Саъд бин Муъаздын Бани Курайза жөөттөрүнө карата чыгарган өкүмү Куранга каршы келеби? Бул риваят четке кагылабы же башка жолу барбы?

Набиил Абу Абад.

*Жооб:*

Алайкуму ассалам рохматулоохи уа баракатуху.

Сенин суроођо «Исламий шахсия» китебинин 2-бөлүгүндө «Согуш туткундары» бабында кыска жооб бар. Анда Саъд бин Муъаз Г жөөттөргө карата чыгарган өкүмү тууралуу төмөнкүдөй келген:

«Мусулмандар душмандарынан туткунга алышса, бул туткундардын иши түздөн-түз халифага коюп берилет. Аларды туткунга алгандардын да, же согуш командачысынын да, же кошуун амиринин да бул жаатта эч кандай райы болбойт. Себеби, мухориб (согуш кылынган душман) туткунга түшүп калса, анын иши халифанын райына коюп берилет. Мында халифа туткундар жөнүндөгү шаръий өкүмгө амал кылат. Туткундар жөнүндөгү өкүм Курандын катъий нассы менен сабит болгон, бул өкүм мындай, халифа туткундарга ырайым көрсөтүүнүн же алардан фидя алуунун бирин ыктыяр кылат. Демек, туткундар жөнүндөгү өкүм: ырайым көрсөтүү же фидя өндүрүү. Буга Алла Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

{فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرۡبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلۡحَرۡبُ أَوۡزَارَهَاۚ }

«***Ошондуктан, качан силер кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула! Эми качан аларды кырып*** *(жеңгениңерден кийин аларды туткунга алып)* ***аркандар менен байлагыла! Андан кийин же ырайым көрсөтөсүңөр же фидя аласыңар, анткени муну менен согуш жүктөрүн койгонго чейин*** *(т.а. токтогонго чейин силерге буюрулган иш)* ***мына ушул***» [47:4]

Туткундар жөнүндөгү өкүмдө бул ачык көрүнүп турат. (…) Демек, булардын бардыгынан ачык көрүнүп тургандай, халифа туткундар туурасында эки иштин бирин тандашы керек. Же ырайым көрсөтүшү керек, же фидя алышы керек. Мындан башкасына жол жок. Ал эми, Набий Адын Бани Курайза адамдарын өлтүргөндүгү жөнүндөгү риваятка келсек, бул алар согуш туткундары болгону үчүн эмес, тескерисинче, өкүм чыгаруучунун өкүмүнө ылайык болгон.

(...) Ушул себептен улам, туткундар жөнүндөгү өкүм халифанын алар жөнүндө ырайым көрсөтүү же фидя алуудан бирин тандоосу болуп кала берет. Мындан башка өкүм болбойт. Бул өкүм Кыяматка чейин түбөлүктүү калат». (Китептеги цитата бүттү).

Туткундардын өкүмү Куранда ачык, даана көрсөтүлгөндөй, жөн эле берүү же айырбаштоо.

Аллах айтат:

{فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرۡبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلۡحَرۡبُ أَوۡزَارَهَاۚ }

***«Ошондуктан, качан силер кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула! Эми качан аларды кырып*** *(жеңгениңерден кийин аларды туткунга алып)* ***аркандар менен байлагыла! Андан кийин же ырайым көрсөтөсүңөр же фидя аласыңар, анткени муну менен согуш жүктөрүн койгонго чейин*** *(т.а. токтогонго чейин силерге буюрулган иш)* **мына ушул»** [47:4]

Бул Курандагы туткундар боюнча ачык-айкын өкүм. Бирок, бул өкүм мусулмандар согушуп туткундап алган туткундардын өкүмү.

Ал эми, Бани Курайза жөөттөрү менен болгон окуя бул бабдан эмес. Башкача айтканда, туткундар бабынан эмес. Балким, Пайгамбар A Бани Курайза менен согушуу үчүн аларды курчоого алганда, алар согушпастан Пайгамбар Aга моюн сунуп келишкен жана Саъд бин Муъаз Г аларга карата өкүм чыгарышын макулдашкан. Абу Саъид Худрий Г айтты: «Бани Курайза Саъд бин Муъаз Гнун өкүм чыгарышын өтүнүшкөндөн кийин Пайгамбар A аны чакырты. Ал Пайгамбар Aдан ыраак эмес эле. Ал эшек менен келди. Ал жакындаганда Пайгамбар A айтты: «Төрөңөргө тургула». Ал келип Пайгамбар Aдын жанына отурду. Пайгамбар A ага айтты: «Булар сенин өкүм чыгарышыңа макул». Ал айтты: «Мен эркектеринин өлтүрүлүшүн жана бала-чакасынын туткундалышына өкүм чыгарамын». Пайгамбар A айтты: «Чындыгында, сен алар тууралуу падышанын өкүмүн чыгардың». (Бухари риваяты). Аиша I айтты: «Саъд Хандак согушунда жарадар болду. Аны курайштык Хибан бин Кайс Бани Маъиис бин Амир бин Луавий атып, анын колундагы кан тамырын үзүп кетти. Пайгамбар A аны жакыныраак алып келиш үчүн мечиттин жанына чатыр тиктирди. Набий A Хандактан кайтып келгенден кийин куралын койуп жуунду. Ошол маалда Жабейил υ келип, анын башындагы чаңды күүп айтты: «Куралыңды коюп койдуң». Набий A айтты: «Аллахка ант болсун, аны койгон жокмун». Жабрейил υ айтты: «Аларга аттан». Набий A айтты: «Кайда?». Жабрайил υ Бани Курайза тарапка ишаара кылды. Пайгамбар A аларга келди. Алар анын өкүм чыгарышына моюн сунуп келишти. Набий A аларга өкүм чыгарууну Саъд бин Муазга кайтарды. Саъд Г айтты: «Мен алардын эркектери өлтүрүлүшүнө, балдары-аялдары туткундалышына жана малдары тартып алынышына өкүм чыгарам». (Бухари риваяты).

Бул хадистерде баяндалгандай, Бани Курайзаны мусулмандар туткундап алышкан эмес. Аларга туткун өкүмү да түшпөйт. Хадистерде баяндалгандай, алар Набий Aдын өкүм чыгарышына, кийин Саъд бин Муъаздын өкүм чыгарышына макул болушту. Башкача айтканда, алар өкүм чыгаруучунун өкүмүнө макул болуп келишти. Алардын эркектери өлтүрүлүшүнө, аялдары-балдары туткундалышына жана малдары тартып алынышына өкүм кылынды.... Саъд бин Муъаз Гнун бул өкүмү Аллахтын алар тууралуу өкүмүнө дал келди.

Ушуга негизделип Курайза окуясы менен Курандагы туткундар өкүмү ортосунда эч кандай карама-каршылык жок. Анткени, бул эки маселе бири-биринен айырмаланган маселелер. Ошондуктан, хадиси шариф – Куранга каршы келди деп – дираят жагынан четке кагылат дегенге орун жок.

Жооб түшүнүктүү болду деп ойлойм.

**Боордошуңар Абу бин Халил Абу Рушта** **3-роббиул-аввал, 1441-х.**
**31-октябрь, 2019-ж.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Hatem M. Faour тарабынан берилген «Согуш кылууну ниет кылуу кандай болот?» деген суроосуна жооп

**Суроо:**

Урматтуу шейх Ато Абу Рушта мырза

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Расулуллах A:

«مَنْ مَاتَ وَلَمْ يَغْزُ، وَلَمْ يُحَدِّثْ بِهِ نَفْسَهُ، مَاتَ عَلَى شُعْبَةٍ مِنْ نِفَاقٍ»

**«Кимде-ким согуш кылбай, жада калса, бул нерсеге өзүн ниеттендирбей өлсө эки жүздүүлүктүн бир даражасында өлүптүр»** деген. Өзүн ниеттендирүү кандай болот? Аллах сизге береке берсин жана бардык жакшылыктарга жетиштирсин.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Муслим сахихинде Абу Хурайра Гдан риваят кылынган хадисте Расулуллах A мындай дейт:

«مَنْ مَاتَ وَلَمْ يَغْزُ، وَلَمْ يُحَدِّثْ بِهِ نَفْسَهُ، مَاتَ عَلَى شُعْبَةٍ مِنْ نِفَاقٍ»

**«Кимде-ким согуш кылбай, жада калса, өзүн ниеттендирбей өлсө эки жүздүүлүктүн бир даражасында өлүптүр».** Бул хадисти Ахмад Муснадында, Абу Давуд Сунанында, Насаий Сунанында жана Хаким Мустадракта риваят кылган.

Мунун мааниси ушул: мусулман адам (эгер үзүрлүү болбосо) халифа фатх кылуу жана Исламды жаюу үчүн согушка сапарбар кылса согушка чыгамын деп бекем чечим кылат о.э. эгер кафирлер мусулман өлкөсүнө чабуул кылса – эгер ал кудуреттүү болсо жана үзүрлүү болбосо – коргонуу согушуна катышамын деп бекем чычим кылып, чечиминде жана ниетинде бекем турат. Бул нерсе Исламда жихад маанилүү экенин түшүндүрөт. Табароний Муъжами Кабирде Абу Умамадан, ал Набий Адан риваят кылган хадисте Набий A айтты:

«ذُرْوَةُ سَنَامِ الْإِسْلَامِ: الْجِهَادُ فِي سَبِيلِ اللهِ لَا يَنَالُهُ إِلَّا أَفْضَلُهُمْ»

**«Ислам өркөчүнүн чокусу – Аллах жолунда жихад кылуу. Бул чокуга алардын абзелдери гана жетет»**. Ибн Абу Асим Абу Зардан, ал Набий Адан риваят кылган хадисте Набий A айтты:

«ذِرْوَةُ سَنَامِ الْإِسْلَامِ: الْجِهَادُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ لَا يَنَالُهُ إِلَّا أَفْضَلُهُمْ»

**«Ислам өркөчүнүн чокусу – Аллах жолунда жихад кылуу. Бул чокуга алардын абзелдери гана жетет»**.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **25-сафар, 1435-х.**

**28-декабрь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагы колдонуучуларынын суроолоруна жоопторунан:

## Aboudhia Taki тарабынан берилген шарт коюлган соода келишимине тиешелүү суроого жооп

**Суроо:**

Сатылган товар акчасын ай сайын бөлүп-бөлүп төлөө белгиленип о.э. штраф шарты көрсөтүлгөн болсо, бул шарт боюнча – эгер сатып алган кардар төлөмдү төлөй албай же өз убагында төлөөнү кечиктирсе – төлөмдүн баасы көтөрүлүп кете турган болсо, бул келишим шаръий болобу?

**Жооп:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Соода келишими кечиктирилип бериле турган т.а. бөлүп-бөлүп төлөнө турган баа менен, тез (накталай) бериле турган баа менен да жайиз. Бирок, сатып алган кардар бааны төлөөгө кудуретсиз болуп калса, бааны көтөрүү жайиз эмес. Эгер, төлөм бай адам тарабынан кечитирилип жаткан болсо, анда, мамлекет тарабынан ага жаза белгиленет т.а. анын үстүнөн төлөмдү кечиктирүү доо арызы коюлат. Абу Давуд Амр ибн Шаридден, ал атасынан, атасы Расулуллах Aдан риваят кылды. Расулуллах A мындай дейт:

«لَيُّ الْوَاجِدِ يُحِلُّ عِرْضَهُ، وَعُقُوبَتَهُ»

**«Бай, төлөөгө кудуреттүү кимсе төлөмдү созуп жүрсө, анда, ага бул жөнүндө орой айтуу жана жаза колдонуу адал болот»** (бул жөнүндө орой айтуу т.а. төлөмдү кечиктирдиң деп орой сүйлөө).

Эгер, төлөмдү кечиктирүүгө кембагалдык (төлөөгө кудуретсиздик) себеп болуп жаткан болсо, анда, убакыт ага берилет. Аллах Субханаху айтты:

{وَإِن كَانَ ذُو عُسْرَةٍ فَنَظِرَةٌ إِلَىٰ مَيْسَرَةٍ}

***«Эгер** (карыздар) **начар болсо, байыганга чейин күткүлө!»*** [2:280]

Т.а. төлөм мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн мөөнөт берилет…

Ушуга ылайык, эгер, соода келишими накталай берүү же бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен түзүлгөн болсо, анда, баа эки тарапка тең мажбурий болуп калат. Ошондуктан, баа – төлөөгө кудуреттүү болбой калганы үчүн – көтөрүлбөйт. Антпесе, риба болуп калат. Рибанын бул түрү жахилиятта кеңири жайылган болчу. Шафиийден мындай дегени риваят кылынган: «Жахилият рибасынын бири ушул эле, карызды кайтаруунун убагы келгенде карыз берген адам карыздарга: карызды төлөйсүңбү же риба кыласыңбы (көбөйтүп бересиңби), дечү. Төлөм кийинкиге сүрүлсө, анда, төлөмдүн баасы көтөрүлгөн».

Кыскасы, баштапкы келишилген баа эки тарапка тең мажбурий. Убагында төлөй албаганы үчүн бааны көтөрүү жайиз болбойт, төлөмдү төлөө үчүн мөөнөт берип бааны көтөрүү да жайиз эмес. Антпесе, риба болуп калат.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рушта** **27-ражаб, 1434-х.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын сурооолоруна жооптор (фикхий)

## Абу Ихсан Манасра (Abu Ihsan Manasra): колго тийбеген станок соодасы

**Суроо:**

Кадырлуу шайхыбыз, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Менин суроом келишимге байланыштуу. Менин 400 чарчы метр аянттагы имаратым бар. Ал имаратта мага тиешелүү жыгач станок бар. Ошол жыгач станокту сатып алуу үчүн мага бир адам келди. Мен станокту ага саттым. Ал сатып алган жыгач станок ордунда эле кала бериши үчүн, менден имаратты ижарага беришимди сурады. Мен ага имаратты да ижарага берип, келишим түздүк. Маалым болбондой, станок көчүрүлүп кетпестен ижарага алынган имаратта т.а өз ордунда калды. Имараттын ачкычы станокту сатып алган жана имаратты ижарага алган адамдын колунда. Ал адам имаратка зыян келтирбестен ага толук ээлик кылат. Ушундай абалда станокту сатуу т.а ордунан көчүрүлбөстөн сатуу шарий шарттарга толук жооп береби? Же станок ордунан көчүрүлбөстөн ижарага алынган имаратта турган жеринен сатылгандыктан келишим шарий жактан батыл болуп саналабы? Ушул суроого тез арада жооп берүүңүздү өтүнөм рахмат.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Соодада сатылган товар сатып алгандын колуна толук көчүп өтүүсү шарт. Бирок бул таразага тартылган, саналган, өлчөнгөн нерселерде гана шарт болуп саналат. Мисалы, кездеме сатса, же күрүч сыяктуу тамак-аш сатса, же саналган банан, дарбыз, коон сатса. Ушулардын бардыгында, тактап айтканда, таразага тартылып, саналып, өлчөнүп сатылган нерселердин бардыгында сатып алган кишиге товар толук көчүп өтүүсү шарт. Буга арыштап кулачтап саткан нереселер да кирет. Башкача айтканда, товарды сатып алган киши товарды толук түрдө көчүрүп алып кетүүсү шарт. Ошондой эле сатуучу да товарды сатышы үчүн товар толук түрдө анын колунда, же кампасында, же дүкөнүндө, болушу шарт. Ошондуктан, сатуучу товарды өз колуна толук албай туруп соода кылуусу шарий жактан болбойт. Пайгамбар ﷺ айтат:

«مَنْ ابْتَاعَ طَعَامًا فَلَا يَبِعْهُ حَتَّى يَسْتَوْفِيَهُ»

**«Ким азык-түлүк сатып алса, ага толук ээлик кылмайын сатпасын»**. (Имам Бухарий риваяты). Имам Муслим Ибн Умардан риваят кылат:

«وَكُنَّا نَشْتَرِي الطَّعَامَ مِنْ الرُّكْبَانِ جِزَافًا فَنَهَانَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنْ نَبِيعَهُ حَتَّى نَنْقُلَهُ مِنْ مَكَانِهِ»

**«Биз кербенчилерден азык түлүктү дүңүнөн сатып алчубуз. Пайгамбар ﷺ биз ал товарларды ордунан көчүрүп кеткенге чейин сатуубуздан кайтарды»**. Имам Муслим Набий ﷺдан риваят кылат: Ал мындай деди:

«مَنْ ابْتَاعَ طَعَامًا فَلَا يَبِعْهُ حَتَّى يَكْتَالَهُ»

**«Ким азык-түлүк сатып алса, аны өлчөп алганга чейин аны сатпасын»**. Хаким ибн Хизамдан риваят кылынат: Мен: Я Расулуллах, товар сатып алсам мага андан эмнеси харам жана эмнеси халал болот деп сурадым. Айтты:

«فَإِذَا اشْتَرَيْتَ بَيْعًا فَلَا تَبِعْهُ حَتَّى تَقْبِضَهُ»

**«Эгер, товар сатып ала турган болсоң, аны толук колуңа өткөрүп алгычакты сатпа».** (Имам Ахмад риваяты). Зайд ибн Сабиттен риваят кылынат: «Расулуллах ﷺ сатып алуучулар товарды өз карамагына өткөрүп алгычакты аны сатуудан кайтарды». (Абу Давуд риваяты). Имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында Ибн Умардан ушуну риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«مَنْ اشْتَرَى طَعَامًا بِكَيْلٍ أَوْ وَزْنٍ فَلَا يَبِيعُهُ حَتَّى يَقْبِضَهُ»

**«Ким азык-түлүктү таразалап же өлчөп сатып алса, аны толук өз колуна өткөрүп алганга чейин сатпасын».**

Жогорудагы хадистерде ачык баяндалгандай таразалап, өлчөнүп, саналып сатылган нерселерде ошондой эле таразаланып, өлчөнүп, саналып сатыла турган азык түлүктүн баардык түрлөрүндө толук түрдө сатуучунун колуна өтүп, аны алып кетүүсү шарт.

Ал эми таразаланып, саналып, өлчөнүп сатылбаган нерселерде сатуу учурунда аны толук түрдө колго алуу шарт эмес. Мисалы, жерди, коргонду, жаныбарларды. Жер, короо-жай көчүрүлбөйт, алар кыймылсыз мүлктөр. Ал эми, жаныбарлар болсо далил келгендиги себептүү толук түрдө колго өтүүсү шарт эмес. Ибн Умардан риваят кылынат: «Ал Умардын жаш төөсүн минип бараткан. Набий ﷺ: «Аны мага сат», деди. Умар айтты: «Ал сеники». Пайгамбар ﷺ аны сатып алды. Кийин мындай деди: «Я Абдулла, аны эмне кылсаң өзүң бил». Хадисте айтылгандай Расулуллах ﷺ Умардан аны сатып алды жана аны колуна кармабастан туруп Умардын баласы Абдуллага сатты.

Имам Муслим да өзүнүн «Сахих»инде Амирден риваят кылат: Мага Жаабир бин Абдулла айтты: «Мен бир төөнү минип бараткам. Ал төө чарчагандыктан чөктүрүүгө аракет кылдым. Ошол маалда мага Набий ﷺ келип дуа кылды жана аны бир чапты. Ал мурда эч жүрүп көрбөгөндөй жүрүш менен баса баштады. Пайгамбар ﷺ мага айтты: Аны бир укуяга (акча бирдиги) сат. Мен айттым: Жок. Кийин кайрадан: Аны мага сат деп айтты. Мен аны бир укуяга саттым, анын ичиндегисин үй-бүлөмө энчилеп койдум. Кийин көздөгөн жерибизге жеткенден кийин төөнү алып келип бердим, мага акчасын санап берди. Кийин кайтып кеттим. Менин артымдан кайра келип мындай деди: Мен сенин төөңдү сатып алып жатканымда арзан баалап койгондой болуп жатам. Төөңдү ал жана дирхамдар сенде кала берсин». Хадисте айтылгандай, Пайгамбар ﷺ Жаабирден төөсүн сатып алды жана андан ошол замат төөнү алган жок, балким Жаабир Мадинга жеткенге чейин төөнү минип келди. Кийин болсо ал төөнү Жаабирге белек кылып берип койду.

Ушуга негизделип жаныбарларды жана ага окшогон нерселерди адатта таразаланып же өлчөнүп же саналып сатылбаган нерселерде сатып алууда толук колго алуу шарт эмес

Бул жердеги басымдуу көз караш сиз сурап жаткан жыгач станок жаныбарлар сыяктуу эле сатып алуу учурунда толук колго алуу шарт эмес. Башкача айтканда, аны ордунан көчүрбөстөн эле сата берсе болот. Жыгач станокту сатып алган киши аны ордунан көчүрүп кетиши же кетпешинин

айырмасы жок, соода келишими толук түрдө шарий шарттарга дал келет. Соодаңызга Аллах береке берсин.

Мен ушуну рожих деп санадым, валлаху аълам ва ахкам.

([1] Увкия: 37.44 граммга барабар өлчөө)

**Бурадарыңыз Ата ибн Халил Абу Рошта** **22-жумадул-аввал 1439-х.**

**8-февраль, 2018-м.**

## بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

*Суроо-жооб*

## Салам (алдын ала акчасын берип койгон) соода алакасынын шаръий өкүмү жана үй курула электен мурда аны сатуунун өкүмү?

*Суроо:*

Бисмиллаахи рахмаанир рахиим

Аллах сизди коргоосуна алсын.

Бул суроого сизден канааттандырарлык жооп таба аламбы: куруучу компаниялар (phoprolos) үйлөрдү кура электен мурда сатуусу салам соодасы болуп эсептелеби же жокпу? Бул шаръий жактан туура болуп саналабы? Башкача айтканда кура электен мурда эле ага ээлик кылуу?

Фаре Фархат.

*Жооб:*

Алейкуму салам рахматуллоохи уа баракаатуху.

Сен эки нерсени сурап жатасың. Биринчиси: үйдү кура электен мурда сатуу салам соодасы болобу же жокпу? Сенин суроондон түшүнүлө турган нерсе: эгер ал салам соодасынын бабына кирсе, анда ал шаръий жактан жайиз болот, анткени салам шаръий жактан жайиз эсептелет деген нерсе түшүнүлүп жатат. Экинчиси: үйдү кура электен мурда сатуу шаръий жактан жайизби?

Биринчинин жообуна келсек, үйдү кура электен мурда сатуу салам соодасынын бабына кирбейт. Анын баяны төмөнкүдөй: салам соодасы бул: «Бир аздан кийин белгилүү бир мөөнөттө товар алуу үчүн акчасын алдын ала берүү. Же бир товар алыш үчүн анын орун басары катары ошого окшош эле бир таварды белгилүү бир мөөнөткө берүү». Бул соода шаръий жактан жайиз. Бул соода алакасына таразага тартыла турган, эсептеле турган, чен өлчөм кылына турган нерселелер кирет. Экинчи «Шахсия» китебинде мындай деп келет:

«Саламдын жайиздиги сүннөт менен сабит. Ибн Аббастан мындай дегени риваят кылынат:

**«قَدِمَ النَّبِيُّ A الْمَدِينَةَ وَهُمْ يُسْلِفُونِ فِي الثِّمَارِ السَّنَةَ وَالسَّنَتَيْنِ فَقَالَ: مَنْ أَسْلَفَ فِي تَمْرٍ فَلْيُسْلِفْ فِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»**

**«Набий A Мединага келгенде, алар мөмөнү бир жыл, эки жылга «салаф» соода кылышат эле. Пайгамбарыбыз: Ким курманы салаф соода кылса белгилүү бир өлчөө, белгилүү бир вазн менен белгилүү бир мөөнөткө салаф кылсын, - деди»**. Муслим риваяты. Абдуррахман ибн Абза жана Абдулла ибн Абу Авфадан мындай дегендери риваят кылынган:

«كُنَّا نُصِيبُ الْمَغَانِمَ مَعَ رَسُولِ اللهِ A فَكَانَ يَأْتِينَا أَنْبَاطٌ مِنْ أَنْبَاطِ الشَّأْمِ فَنُسْلِفُهُمْ فِى الْحِنْطَةِ وَالشَّعِيرِ وَالزَّبِيبِ إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى، قَالَ: قُلْتُ أَكَانَ لَهُمْ زَرْعٌ أَوْ لَمْ يَكُنْ لَهُمْ زَرْعٌ؟ قَالاَ: مَا كُنَّا نَسْأَلُهُمْ عَنْ ذَلِكَ»

**«Биз Расулуллах A менен бирге олжолорду колго түшүрөт элек. Алдыбызга Шам набатийлери** (ажамга аралашып кеткен арабдар) **келип турушат эле, биз алар менен буудай, арпа жана мейизде белгилүү бир мөөнөткө салаф соодасын жүргүзөт элек. Мен: Алардын эгиндери бар беле же жок беле? - деп сурадым. Алар: Бул жөнүндө алардан сурабайт элек, - деп жооп беришти»**. Бухарий риваяты. Башка риваятта мындай деп келген:

«إِنَّا كُنَّا نُسْلِفُ عَلَى عَهْدِ رَسُولِ اللَّهِ A وَأَبِى بَكْرٍ وَعُمَرَ فِى الْحِنْطَةِ وَالشَّعِيرِ وَالتَّمْرِ وَالزَّبِيبِ إِلَى قَوْمٍ مَا هُوَ عِنْدَهُمْ»

**«Биз Расулуллах A, Абу Бакр жана Умар заманында бир коум менен буудай, арпа, курма жана мейизде салаф соодасын кылат элек. Аларда бул нерселер жок эле»**. Абу Давуд риваяты. Бул хадистердин бардыгы саламдын жайиз экендигине ачык далил болот. Эми кайсы нерселерде салам жайиз жана кайсыларында жайиз эместигине келсек, бул нерсе хадисте жана ижмада ачык көрүнүп турат. Муну мындай түшүнөбүз: Салам – ээ болбогон нерсенин соодасы жана толук ээ болбогон нерсенин соодасы. Бул эки соодага тыюу салынган. Салам мындан насс менен мустасна кылынды жана тыюу андан башка соодага хос болду. Ошондуктан, салам дурус боло турган нерсе насста көрсөтүлгөн болушу керек. Насска кайрыла турган болсок, салам кайл жана вазн менен өлчөнө турган о.э. эсептеп алына турган бардык нерседе жайиз экендигин көрөбүз. Кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерседе саламдын жайиздиги Ибн Аббас риваят кылган хадис менен сабит болгон. Расулуллах A:

«مَنْ أَسْلَفَ فِي تَمْرٍ فَلْيُسْلِفْ فِي ثَمَنٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

**«Ким курмада салаф кылса, маалым бир баада жана маалым бир вазнда маалым бир мөөнөткө кылсын»**, - деген. Ибн Аббастын башка риваятында мындай деп келген: Расулуллах A:

«مَنْ أَسْلَفَ فِي شَيْءٍ فَفِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

**«Ким бир нерсени салаф соода кылса, маалым бир өлчөө, маалым бир вазн менен маалым бир мөөнөткө кылсын»**, - деди. Бухарий риваяты. Бул болсо, салам кылына турган мал кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерселерден болушуна далил болот. Эми саламдын эсептеле турган бардык нерседе жайиз экендигине келсек, мисалы азыкта салам жайиздигине ижма кылынган. Бул ижманы Ибн Мунзир накл кылган. Бухарий риваят кылып айтат: Бизге Шуъба хадис риваят кылды: Мага Мухаммад же Абдулла ибн Абу Мужалид кабар берди: **«Абдулла ибн Шаддад ибн Хад жана Абу Бурда салам жөнүндө ихтилаф кылып, тартышып калып, мени Ибн Абу Авфа Гнун алдына жиберишти. Мен андан бул жөнүндө сураган элем, ал: Биз Расулуллах A, Абу Бакр жана Умар заманында буудай, арпа, мейиз, курмада салаф кылат элек, - деди»**. Бул хадис азыкта салам жайиз экендигине далалат кылып жатат. Азык кайл менен, же вазн менен, же санак менен өлчөп алынат. Азык кобз кылып алуу шарт кылынган нерселер түркүмүнөн болгону үчүн кобз кылуу ага тиешелүү болгону сыяктуу жана эгер азык кайл, же вазнда, же санакта ашыкча кылып алына турган болсо риба болуп калганы үчүн риба ушул ашыкча кылып алууга тиешелүү болгону сыяктуу, бул өкүм т.а. саламдын жайиздиги да азык өлчөнө турган кайл, вазн же санактын бардыгына тиешелүү. Азык кайл, вазн же санак менен өлчөнгөнү үчүн да салам ага тиешелүү болду. Хадисте саламдын кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерседе жайиз экендиги айтылып, санак менен өлчөнө турган нерседе жайиздиги айтылбаган болсо да, азыкта саламдын жайиздигине ижма кылынганы эсептеп алына турган нерсени да салам кылуу жайиз боло турган нерселер түркүмүнө киргүүчү кылып коёт.

Бирок, салам кылына турган нерселердин сыпаты анык белгилүү болушу керек. Мисалы Иран буудайы, Бруней курмасы, Мисир пахтасы, Индия жибеги, Түркия анжири сыяктуу. Кайл же вазн да анык васф кылынып, белгилүү болушу керек. Мисалы, Шам соъсу, Ирак ратлы, килограмм, литр сыяктуу» цитата бүттү.

Ошондуктан, салам соодасына таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала турган нерселердин бардыгы кирет.

Ал эми, кайсы нерселер таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала турган нерселер болушун билүү бул нерселердин вакыйына идирек кылынышы менен болот. Ал нерселер окшош нерселер бабына киреби же окшош эмес кымбат баалуу нерселер бабына киреби, ошону айырмалоо керек.

Окшош нерселер: анын окшошун базардан табууга мүмкүн болгон нерселер. Мисалы, бир сыпаттагы бир килограмм ун айырмасы жок өзүндөй эле башка бир килограмм ун сыяктуу.

Ал эми кымбат балуу нерселер анын окшошун базардан табууга мүмкүн эмес нерселер. Башкача айтканда, ал бири-бирине окшош нерселер сыяктуу эмес, кайталангыс өзүнчө нерселер. Мисалы, үй, ага окшош башка үй болбойт, анткени ар бир үй өз-өзүнчө айырмаланып бири-бирине окшошпойт. Мисалы, анын салынышы, жайгашкан жери, архитектуралык түзүлүшү сыяктуу нерселерде эч качан бири-бирине окшошпойт...

Таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала турган бири-бирине окошош нерселер: буудай, ун, арпа, курма, мейиз ж.б.у.с. Бул нерселердин сыпатын өзгөчөлөнтпөстөн алардын окшошун базардан табууга болот. Башкача айтанда, бул нерселер бири-бирине окшош нерселер. Бул нерселер менен салам соодасын жүргүзгөн учурда сатуучу сатып алуучуга белгилүү бир мөөнөттөн кийин ага белгилүү бир салмакта, же чен өлчөмдө, же белгилүү бир эсепте товардын белгилүү бир түрүн белгилебестен ушул эле товардын окшошун ага кайтарып берүүгө убадалашат. Башкача айтканда, товардын кымбат баалуу сортун эмес, ага окшошун кайтарып берүүгө убадалашат. Мисалы, сатуучу бир сыпаттагы тонна ун берсе, сатып алуучу мейли ал баланча жердин уну, же аны сатып алганы, же белек катары алганы айырмасы жок, кайсы жактан таап берсе, аны сатуучу алышы керек болот. Бул нерселердин баары соода келишимин кылып жатканда эч кандай кыйматы жок. Балким, окшош нерсенин ортосундагы айырмачылыкты кетире турган белгиленген ошол түрдөгү нерсени белгилүү бир мөөнөттө таап бериши кыйматка ээ. «Навави Равзату тоолиб» китебинде окшош нерселердин жактамасын аныктоо бабында 5-бөлүк 19-18-беттеринде окшош нерселердин беш жактамасын келтирген, анын акыр жагында мындай дейт: «Экинчи жактаманын туурасын мындай айтууга болот. таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган нерселерде салам соодасын кылуу жайиз».

Үйлөр салам соодасына кирбейт. Анткени, ал таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала тургандардын катарына кирбейт. Ал окшош нерселерден эмес. Курула элек кандай гана үй болбосун – ал башка үйлөргө салыштырылып сүрөттөлүшүнө карабастан – башка үйлөрдөн айырмаланып турат. Мисалы, салына турган орду, жасалгалары сыяктуу нерселерде. Башкача айтканда, үй салам соодасына кирген окшош нерселер бабына кирбейт. Ошондуктан, ал салам соодасына кирбейт.

Ушуга негизделип, курула элек үй салам соодасынын бабына кирбейт. Салам соодасы тууралуу келген далилдер да аны өз ичине камтыбайт. Ошондуктан, шаръий жактан үйдү салам соодасы аркылуу сатуу же алуу жайиз эмес.

Ал эми, курула элек үйдү сатуунун өкүмү жөнүндөгү экинчи суроонун жообуна келсек, бул тууралуу 2016-жылы 31-мартта берилген суроодо жооб бергенбиз. Анда мындай делген:

«Курула элек батирлерди сатуу.

А. Адам өзү ээлик кыла элек нерсени сатуусу жайиз эмес. Бул тууралуу көптөгөн хадистер келген:

عَنْ حَكِيمِ بْنِ حِزَامٍ قَالَ: أَتَيْتُ رَسُولَ اللَّهِ فَقُلْتُ: يَأْتِينِي الرَّجُلُ يَسْأَلُنِي مِنَ البَيْعِ مَا لَيْسَ عِنْدِي، أَبْتَاعُ لَهُ مِنَ السُّوقِ، ثُمَّ أَبِيعُهُ؟ قَالَ: «لَا تَبِعْ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ».

**Хаким бин Хизаам Г айтты: Пайгамбар Ага келип айттым: «Мага бир киши келип, менде жок нерсени базардан сатып келип, кийин ага сатууну сурады». Пайгамбар А айтты: «Өзүңдө жок нерсени сатпа»**. Тирмизи риваяты, «Сунан» китеби.

«عن عَبْدَ اللَّهِ بْنَ عَمْرٍو أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ قَالَ: «لَا يَحِلُّ سَلَفٌ وَبَيْعٌ، وَلَا شَرْطَانِ فِي بَيْعٍ، وَلَا رِبْحُ مَا لَمْ يُضْمَنْ، وَلَا بَيْعُ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ». Абдуллоох бин Амр Г Пайгамбар А айтты: «**Бир соодада салаф жана соода болбойт, бир соодада эки шарт болбойт. Кепилдене элек (товар колуна тийе элек) соодада пайда көрүү болбойт. Өзүңдө жок (ээлик кылбаган) нерсени сатуу болбойт»**. Тирмизи риваяты.

Ошондуктан курула элек үйдү же батирди сатуу шаръий жактан жайиз эмес. Анткени, адам ага ээлик кыла элек, ал тургай анын орду да жок.

Б. Корутундулап айтканда, курула элек үйдү сатуу жаиз эмес. Анткени, анын орду да жок. Соода шаръий жактан туура болушу үчүн жок дегенде анын каркасы, дубалы турган болушу керек. Үрптө үй туруп калыптыр деген таризде болсо гана сатууга болот. Бул, мендеги талаш-тартышты кетире турган туура басымдуу көргөн пикир. Айрыкча, бул маселеге байланыштуу маселелер өтө эле көп учурда.

Г. Жыйынтыктап айканда, Исламда соода келишимдери бул сыяктуу талаш-тартыштарга чек койот, сатуучу сата турган нерсесине ээлик кылуусу жана сата турган нерсесинин орду болушу, сатып алуучу бул нерселерди сатуучудан толук талап кылуусу менен болот. Аллах тафик берүүчү» цитата бүттү.

4-ражаб, 1440-х.
11-март, 2019-ж.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ато ибн Халил Абу Роштанын фейсбук баракчасындагы коноктордун суроолоруна жооптор (фикхий)

## Юсуф Абу Ислам «يوسف ابو اسلام»: эваз акысына карызга кепил болуу

**Суроо:**

Ассаламу алайкум... фазилеттүү шайх жана улуу амирибиз...

Аллах сизди ар кандай жамандыктан сактасын.

Мындай суроо бермекчимин, бир киши соодагерлерден карыз. Башка бир киши ошол соодагерлер карыздын көлөмүн төмөндөтүшү акысына өз капчыгынан алардын акыларын төлөө жөнүндө сүйлөшүү өткөрүүнү сунуштоодо. Ошону менен бирге карыздын көлөмү азайтылгандан кийин артып калган каражатты карыз берүүчү менен ортодо бөлүп алууну айтууда. Ушул нерсе жайызбы? Аллах сизге берекет жана ишиңизге жардам берсин.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Суроoңуздан ушуну түшүндүм, сиз соодагерден карызсыз... О.э. башка бир адам сиздин ордуңузга соодагерлерге карызды төлөмөкчү. Бирок, ал соодагерлер менен карыздын көлөмүн азайтып, калган бөлүгүн бөлүшүп алмакчы. Мисалы карыз 10000 болсо, аны 8000ге төмөндөтүп, ошонун 1000ине ээ болмокчу. Т.а. сиздин ордуңузга карызды төлөгөнү үчүн калган каражаттын жарымына ээ болмокчу. Башкача айтканда, натыйжасы сизге келе турган эваз акысына т.а. карыз берүүчүлөр менен ал бөлүп ала турган пайыз акысына сиздин ордуңузга карызды төлөмөкчү.

Эгер, мен туура түшүнгөн болсом, суроoңуз ушундай. Бул сыяктуу мамиле жайыз эмес. Анткени, бул жерде маселенин вакиъси ошол адам сиздин ордуңузга карызды төлөөдө кепил болуу маселесине кирет. Исламда кепилдиктин өзүнө таандык шарттары бар, кепилдик эвазсыз (акысыз) болушу зарыл. Ал эми, силердин мамилелеңерде эваздуу кепилдик болууда, бул түрдөгү кепилдик жайыз эмес. Кепилдиктин далили анык белгиленген, кепилдик – бул кепил адам карыз болгон адамдын карызын өз мойнуна алышы. Кепил, кепилденген жана кепилдик берилген киши анык белгилениши, бул нерсе эвазсыз болушу шарт... Абу Давуд Жабирден риваят кылынган хадис буга далил:

**«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ لَا يُصَلِّي عَلَى رَجُلٍ مَاتَ وَعَلَيْهِ دَيْنٌ فَأُتِيَ بِمَيِّتٍ فَقَالَ أَعَلَيْهِ دَيْنٌ قَالُوا نَعَمْ دِينَارَانِ قَالَ صَلُّوا عَلَى صَاحِبِكُمْ فَقَالَ أَبُو قَتَادَةَ الْأَنْصَارِيُّ هُمَا عَلَيَّ يَا رَسُولَ اللَّهِ قَالَ فَصَلَّى عَلَيْهِ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فَلَمَّا فَتَحَ اللَّهُ عَلَى رَسُولِ اللَّهِ ﷺ قَالَ أَنَا أَوْلَى بِكُلِّ مُؤْمِنٍ مِنْ نَفْسِهِ فَمَنْ تَرَكَ دَيْنًا فَعَلَيَّ قَضَاؤُهُ وَمَنْ تَرَكَ مَالًا فَلِوَرَثَتِهِ»**

«Расулуллах ﷺ карыз болгон кишиге жаназа окубайт эле. Бир күнү бир маййитти алып келишкенде ал киши: **«Маййиттин карызы барбы?»**, - деп сурады. Адамдар: «Ооба, эки динар карызы бар», - дешкенде, Расулуллах ﷺ: **«Андай болсо, досуңарга жаназаны өзүңөр окугула»**, - деди. Ошондо Абу Катада ансарий: «Эй Аллахтын расулу, бул эки динарга мен кепилмин», - деген соң Расулуллах ﷺ жаназа окуду. Аллах Таала Расулуллах ﷺды үстөм кылгандан кийин: **«Мен момун киши үчүн анын өзүнөн да жакшыраакмын, ким карыз болгон абалда кеткен болсо аны төлөймүн, ким мал калтырса мураскорлоруна»**, - деди». Ушул хадистен көрүнүп тургандай, Абу Катада маййиттин карызын өз мойнуна алды т.а. төлөнүшү важиб болгон карызды өз мойнуна алды. О.э. кепилдик, кепил жана кепилдикке түшүп жаткан киши анык белгиленген. Башкача айтканда, анын мойнундагы акыга эвазсыз кепил болду. Ушуга ылайык, бул хадис кепилдиктин анык шарттарын жана анын байлануу шарттарын өз ичине алат.

Мындан улам, эгер ошол киши сиздин карызыңызды төлөөдө сизге кепил болсо, бул үчүн эваз талап кылбаса бул жайыз, бирок эваз талап кылса жайыз эмес.

Дагы кайталап айтамын, эгер сурооңузду жогоруда айтканымдай түшүнгөн болсом, бул маселеде мен рожих деп билген жооп ушундай. Аллах – билүүчү жана хикматтуу... Бирок, маселе мен түшүнгөндөй болбосо, аны бизге түшүндүрүп бериңиз, Аллах кааласа, башка сапар жооп берүүгө аракет кылабыз.

**Бурадарыңар Ато ибн Халил Абу Рошта** **2-жумадул-аввал, 1439-х.**

**19-январь, 2018-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Abo Ali тарабынан берилген алуу-сатуу өкүмдөрү жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Биз билгендей, алтынды жана күмүштү же башка ар кандай нерселерди колдон-колго гана сатып алуу жайиз. Бул нерселерди карызга алуу да жайиз эмес. Бирок, биз кээде туз же нанды карызга алабыз. Биздин бул ишибиз арамбы же башкачабы? Муну айкындаштырып беришиңизди каалаймын. Аллах сизге береке берсин.

Боордошуңуз Абу Али – Палестина.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух…

1 – Расулуллах A айтты:

**«اَلذَّهَبُ بِالذَّهَبِ، وَالْفِضَّةِ بِالْفِضَّةِ، وَالْبُرُّ بِالْبُرِّ، وَالشَّعِيرُ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرُ بِالتَّمْرِ، وَالْمِلْحُ بِالْمِلْحِ مِثْلاً بِمِثْلٍ سَوَاءً بِسَوَاءٍ يَداً بِيَدٍ. فَإِذَا اِخْتَلَفَتْ هَذِهِ الْأَصْنَافُ فَبِيعُوا كَيْفَ شِئْتُمْ إِذَا كَانَ يَداً بِيَدٍ»**

**«Алтынга алтын, күмүшкө күмүш, буудайга буудай, арпага арпа, курмага курма жана тузга туз, окшошуна окшош, теңме-тең, колдон-колго сатылат. Эгер, бул түрлөр ар түрдүү болуп колдон-колго сатылса каалагандай саткыла»**. Бухарий жана Муслим Убада ибн Сомит Гдан риваят кылган.

Соода түрүнө кирген ушул нерселер ар түрдүү болгондо каалагандай сатылышы жайиздигинин далили ачык-айкын келип жатат. Т.а. бул нерселер өзүнүн окшошуна сатылышы шарт эмес, колдон-колго сатылышы шарт. «الْأَصْنَافُ түрлөр» сөзү жалпы мааниде берилген т.а. алты нерсеге жалпы болуп келген жана алар далил менен гана истисна кылынат. Далил болбогон орунда буудайды арпага же буудайды алтынга, арпаны күмүшкө, курманы тузга, курманы алтынга же тузду күмүшкө сатуу – айырбаштоо кыйматы жана баасы канчалык айырмаланбасын – жайиз. Бирок, бул нерселер колдоп-колго сатылышы т.а. карызга сатылбашы керек. Алтын жана күмүшкө ылайык келген нерсе кагаз акчаларга да ылайык келет.

2 – Риба түрүнө кирген нерселерди бири-биринин ордуна колдон-колго сатуу важиб. Эгер бул түрдөгү нерселер т.а. буудай, арпа, туз жана курманы сатып алууда бирер нерсе күрөөгө коюлса колдон-колго болушу важибдигинен истисна варид болгон. Себеби, Муслим Айша Iдан риваят кылган хадисте келишинче, Расулуллах A «Бир яхудийден белгилүү бир мөөнөткө азык сатып алды жана темир соотун күрөөгө берди». Т.а. Расулуллах A карызга азык сатып алды, бирок, күрөөгө нерсе берди. Хадисте:

**«اَلطَّعَامُ بِالطَّعَامِ مِثْلاً بِمِثْلٍ وَكَانَ طَعَامُنَا يَوْمَئِذٍ الشَّعِيرُ»**

**«Тамакка тамак, окшошуна окшошу сатылат. Ошол күндөрдө биздин тамагыбыз арпа болгон»** деп келгендей, алардын тамагы ошол убакта риба түрүнө кирген нерселерден болгон. Ушуга ылайык, эгер сатуучуга бирер нерсе күрөөгө калтырылган болсо риба түрүнө кирген бул төрт түрдөгү нерселерди карызга сатып алуу жайиз болот.

3 – Эгер карызга алуучу менен карызга берүүчү бири-бирине ишенишсе күрөөгө кажет жок. Буга Аллах Субханаху ва Тааланын ушул сөзү далил болот:

{وَإِن كُنتُمْ عَلَىٰ سَفَرٍ وَلَمْ تَجِدُوا۟ كَاتِبًا فَرِهَـٰنٌ مَّقْبُوضَةٌ ۖ فَإِنْ أَمِنَ بَعْضُكُم بَعْضًا فَلْيُؤَدِّ ٱلَّذِى ٱؤْتُمِنَ أَمَـٰنَتَهُۥ وَلْيَتَّقِ ٱللَّهَ رَبَّهُۥ}

***«Эгер сапарда болсоңор жана жазуучу таба албасаңар, кол менен кармала турган күрөө алгыла. Эгер бири-бириңерге аманат койсоңор, аманат коюлган** (киши) **аманатын аткарсын жана Роббиси Аллахтан корксун!»*** [2:283]

Бул аят карима, эгер карызга берүүчү менен карызга алуучу бири-бирине ишенсе сапарда күрөөгө нерсе коюлушуна кажет жоктугун түшүндүрөт. Бул – Аллах Субханаху ва Таала:

{فَإِنْ أَمِنَ بَعْضُكُم بَعْضًا فَلْيُؤَدِّ ٱلَّذِى ٱؤْتُمِنَ أَمَـٰنَتَهُۥ}

***«Эгер бири-бириңерге ишенсеңер, ишенилген** (киши) **аманатты аткарсын»*** [2:283]

дегендей – эгер алар бири-бирине ишенсе риба түрүнө кирген төрт нерсени т.а. буудай, арпа, туз жана курманы карызга берүүдө күрөөгө нерсе коюуга кажет жоктугуна да ылайык келет. Себеби, мындай абалда күрөөгө нерсе коюлушуна кажет жоктугуна аят ачык-айкын далалат кылып жатат.

4 – Ушуга ылайык, риба түрүнө кирген төрт нерсени т.а. буудай, арпа, туз жана курманы күрөөгө нерсе коюу акысына же бири-бирине ишенишсе күрөөгө нерсе койбостон карызга сатып алуу жайиз.

Бирок, бул үчүн ишенич зарыл болгондуктан, карызга берүүчү менен карызга алуучу бири-бирин таанып, бири-бирине ишениши керек болгону үчүн – бул болсо, ар дайым эле ишке аша бербейт – мусулман адам арамга жакын болуп калбоо максатында риба түрүнө кирген бул нерселерди карызга сатып албаганы абзел. Бири-бирине болгон ишенич анык, катъий болсо гана, сатуучу жана сатып алуучу ар бири мындан кадыржам болсо гана бул нерселерди карызга сатып алуу жайиз болот. т.а. сиз сураган тузду карызга сатып алуу, эгер аят каримадагы:

{فَإِنْ أَمِنَ بَعْضُكُم بَعْضًا}

***«Эгер бири-бириңерге ишенсеңер»*** шарты жүзөгө чыкса гана жайиз.

5 – Маалымат үчүн: Ибн Батталдын Сахихи Бухарийге жазган шархынын «белгилүү бир мөөнөткө тамакты сатып алуу» бөлүмүндө мындай делет: «Белгилүү бир мөөнөткө жана белгилүү бир баага тамакты сатып алуунун жайиздиги туурасында илимдүүлөр арасында ихтилаф жок».

Жазирийдин «Төрт мазхабдагы фикх» китебинде мындай делет: «Эгер, эки товардын бири акча, экинчиси тамак болсо (төлөмдү) кечиктирүүгө мүмкүндүк берилет».

Ибн Каййим «Мугний»де бул төрт түрдөгү нерсени бири-бирине карызга сатуунун арамдыгы жөнүндө сүйлөп мындай дейт: «Бул нерселер акчага же башка аялдардын жасалгалары үчүн сатылса гана (жайиз), себеби, муктаждык ушуну талап кылат».

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта**

**22-шаввал, 1434-х.**

**29-сентябрь, 2013-м.**

**بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم**

## Суроо-жооб
## Өз баасына сатылган күрөө

**Суроо:**

Ассаламу алейкум рохматуллохи уа баракаатуху.

Мен төмөнкү негизде сатылган нерсе тууралуу сурайын дедим: унаа жарым баасы төлөнүп, калган баасы жеке чек менен төлөнө тургандай болуп сатылып алынса, бирок, сатуучу күмөн жаратып жаткан калган наркын алгычакты унаадан пайдаланууга бербей турган шарт койсо, бул адалбы же арамбы? Аллах ыраазы болсун.

Мухаммад Аль-Каиси.

**Жооб:**

Сатуучу буюмун карызга саткандан кийин аны күрөөгө алып калуусу жайиз эмес. Анткени, бул «өз баасында сатылган күрөө» бабына түшөт. Бул маселе боюнча факихтердин райы ар түрдүү. Кээ бири шарттардын негизинде аны туура көрсө, кээ бири аны жаиз эмес дешет. Ошондой эле, кээ бирлери бир абалдарын негизинде жаиз дешсе, кээ бирлери жаиз дешпейт... Мен бул жерде басымдуу катары санай турганым – жаиз эмес. Анткени, унаа же үй карызга же бөлүп төлөө шарты менен сатылса, алар сатып алгандын мүлкү болуп саналат жана ал аны толук пайдалануу укугуна ээ болот. Ал аны сатууга, ижаарага берүүгө, анда жашоого, бирөөнү жашатып пайдалануу укугуна ээ болуп, ал анын толук мүлкүнө айланат. Мындай учурда сатуучу карызга сатып алган тарап карызын толук жапкычакты сабыр кылып күтүүсүнө туура келет же саткан буюмун эмес, башка нерсени күрөөгө алып калуусу мүмкүн. Саткан унаасын эмес, анын ордуна кичине алтындын бөлүгүн күрөөгө алып калган сыяктуу, сатуучу алган бул күрөөсүн сатып алуучу карызын толук төлөгөнгө чейин өзүндө кармайт, качан карыз төлөнүп бүткөндө бул күрөөнү ээсине кайтарып берет.

«اشترى رسول الله من يهودي طعاماً بنسيئة فأعطاه درعاً له رهناً» أخرجه مسلم من طريق عائشة رضي الله عنها». «Пайгамбар A бир жөөттөн насыяга азык сатып алды, жөөткө күрөө катары соотту берди» деген сахих хадис келген. (Муслим риваяты, Аиша Iдан риваят кылынган). Карызды төлөө мөөнөтү келип, карыздар тарап аны төлөөдөн баш тартса же төлөй албаса, анда күрөөгө алынган нерсе сатылып, канча карыз болсо, ал алынып калып, калган бөлүгү карыздар адамга кайтарылып берилет. Анткени, хадистин негизинде күрөөгө коюлган нерсе күрөөнүн ээсиники болуп саналат.

«لا يُغلَق الرهن من صاحبه الذي رهنه» رواه الشافعي من طريق سعيد بن المسيِّب». Пайгамбар A айтты: «Күрөө күрөө ээсинен жабылбайт (тосулбайт)». (Саид бин Мусаййиб жолунан Шаафи риваят кылды). Башкача айтканда, карыздан ашыгы карыз ээсине кайтарылып берилет.

Ал эми, сатуучу карызга саткан же бөлүп бөлүп төлөө шарты менен саткан нерсени күрөөгө алып калуусу жайиз эмес. Анткени, бул карызга сатылган же бөлүп-бөлүп (келишимге ылайык, бир жыл же андан аз мөөнөт ичинде) төлөө шарты менен сатылган соода толук соода болуп, сатып алуучу ага толук ээлик кылуу укугуна ээ болот. Эгер, сатуучу карызга саткан же бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен саткан нерсесин күрөөгө алып кала турган болсо, анда, сатып алуучунун укугун бузуп, анын мүлкүнө кол салган болуп саналат. Анткени, карызга же бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен жүргүзүлгөн соода толук соода болуп, сатып алуучу ага тоолук ээлик кылуу укугуна ээ болот жана аны каалгандай иштетет. Соода келишими ишке ашкандан кийин сатуучу саткан нерсесин күрөөгө алып калуусу жаиз эмес. Анткени, бул нерсе сатып алуучуну сатып алган нерсесин пайдалануудан тосот.

Бул тууралуу 2015-жылы 24-майда кеңири көлөмдө жооб бергенбиз, ошону кайталап өтөмүн:

«Бул маселе фикхте «өз баасына сатылган күрөө» аталышы менен белгилүү. Башкача айтканда, сатылган нерсе сатып алуучу анын наркын толук төлөп бүтмөйүнчө сатуучунун алдында күрөөгө калат. Пайгамбар A айткан хадистегидей соода болсо, бул маселе жүз бербейт.

«قال رسول الله  في الحديث الذي أخرجه البخاري عَنْ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللَّهِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا: «رَحِمَ اللَّهُ رَجُلاً سَمْحاً إِذَا بَاعَ، وَإِذَا اشْتَرَى، وَإِذَا اقْتَضَى». Жаабир бин Абдиллаахи Г айтты: Пайгамбар A айтты: «Сатканда, сатып алганда жана талап кылганда жеңилдик кылган  адамды Аллах ырайымына алды». (Бухари риваяты). Бирок, кээ бир учурда эки тарап товарды биринчи алуу же анын наркын биринчи төлөө жаатында пикир келишпестиктерге барат. Сатуучу соода келишими аяктагандан кийин сатылган товарды анын баасы төлөнгүчөктү өзүндө кармап (күрөөгө алып) турууну туура көрөт. Анын натыйжасында, жогоруда айтылган маселе келип чыгат. Бул маселе жаатында факихтер ар түрдүү пикирде. Алардын кээ бирлери шарттардын негизинде муну жаиз дешет, кээ бирлери жаиз дешпейт, дагы кээ бирлери бир абалда жаиз дешип, башка абалда жаиз эмес дешет...

Бул маселени үйрөнүп чыккандан кийинки менин басымдуу пикирим төмөнкү негизде:

1. Сатыла турган товар өлчөнүп, же таразага тартыла турган, же ченеле турган нерсе болушу... Мисалы: күрүч сатуу, же пахта сатуу, же кездеме сатуу сыяктуу...

2. Сатыла турган товар өлчөнбөй же таразага тартылбай турган нерсе болуусу... Мисалы: унаа, же үй, же мал жаныбарларды сатуу сыяктуу...

Экинчиден, сатыла турган нерсенин наркы:

1. Товар наккалай сатылуусу: башкача айтканда, товар накталай он миңге сатылып алынып, анын акчасы ошол учурда берилүүсү...
2. Товардын насыяга сатылуусу: башкача айтканда, товар он миңге сатылып алынып, акчасы кийинчерек берилүүсү...
3. Товардын баасынын бир аз бөлүгү берилип, калган баасы кийинкиге калтырылуусу, мисалы: товар он миңге сатылып, биринчи үч миң берилип, кийин бир ай, же алты ай, же бир жылдан кийин калган акчалары берилгени сыяктуу, же ай-айга бөлүп төлөө сыяктуу.

Үчүнчүдөн: жогоруда айтылып өткөн маселелер боюнча шарий өкүмдөр да ар түрдүү:

Биринчи абал: сатыла турган товар ченелип өлчөнбөй, таразага тартылбай турган нерсе болуусу, мисалы: үй, же унаа, же мал жаныбарларды сатуу...

1. Товардын накталай акчага сатылуусу. Башкача айтканда, унаа жүз миң накталай акчага сатылуусу. Накталай акчага сатылгандыгы соода келишиминде так көрсөтүлүшү керек.

Бул абалда сатуучу товарды акча берилгичекти өзүндө кармап туруусу жаиз. Тактап айтканда, накталай акчасы төлөнгүчөктү товарды өзүндө күрөө катары кармап турат. Буга далил Тирмизи Абу Имаамадан риваят кылган хадис, бул хадисти «хасан хадис» деген.

أخرجه الترمذي وقال عنه "حديث حسن" عن أبي أمامة قَالَ: سَمِعْتُ النَّبِيَّ  يَقُولُ فِي الخُطْبَةِ عَامَ حَجَّةِ الوَدَاعِ: «العَارِيَةُ مُؤَدَّاةٌ، وَالزَّعِيمُ غَارِمٌ، وَالدَّيْنُ مَقْضِيٌّ. Айтты: Пайгамбар A коштошуу ажылыгында минтип айтканын уктум: «Суралып алынган

нерсе кайтарылышы керек. Кепилдике алуучу – милдеттүү. Карыз төлөнүшү шарт». Муну далил кылуунун жолу сатып алуучу товарды сатып алганда акчасын бере элекке чейин карызга сатып алган абалдагыдай болот. Хадистеги «карыз төлөнүшү шарт» дегендеги маани товарды накталай акчага сатып алгандан кийин биринчи кезекте карыз төлөнүшү керектигин билдирип жатат. Башкача айтканда, товар накталай акчага сатылып алынгандан кийин анын акчасын биринчи кезекте берүү шартын билдирет. Касааний «Бадааиги санааиг» китебинде хадиске түшүндүрмө берип мындай дейт: «Пайгамбар A «карыз төлөнүшү шарт» деген сөзү аркылуу жалпы түрдө карыздын төлөнүшү шарт экендигин билдирип жатат. Эгер, накталай акчага сатылып алынган товарды алууда акчасы кечиктирилсе, бул карыз төлөнүшү шарт деген насска тескери келет».

Ушуга негизделип, сатуучу сатып алуучу акчаны бергичекти товарды өзүндө кармап туруусу жаиз. Анткени, соода келишими карызга эмес, накталай акчага келишилген соода келишими болуп саналат.

2. Товардын насыяга сатылуусу. Мисалы: унаа он миңге сатылып, анын акчасы бир жылдан кийин берилүүсү. Бул абалда сатуучу товардын акчасы төлөнгүчөктү аны өзүндө кармап туруусу жаиз эмес. Анткени, соода келишими сатуучунун макулдугу менен насыя негизинде ишке ашкан. Ошондуктан, сатуучу товарды насыяга саткандыгы үчүн товардын акчасын алып бүтүү кепилдиги катары аны өзүндө кармап туруусу жаиз эмес. Сатуучу товарды өзүндө кармоо менен өз укугун жоготот. Ошондуктан, сатуучу товарды өзүндө кармабайт, балким, сатып алуучуга өткөрүп берет.

3. Товардын баасынын бир аз бөлүгү берилип, калган бөлүгү кийинкиге калтырылуусу, мисалы: товар он миңге сатылып, биринчи үч миң берилип, кийин бир ай, же алты ай, же бир жылдан кийин калган акчалары берилгени сыяктуу, же ай-айга бөлүп төлөө сыяктуу.

Бул абалда сатуучу соода келишимине ылайык, товардын баасынын биринчи бөлүгү берилгичекти аны өзүндө кармап туруусу жаиз. Андан кийин товардын калган акчаларын алуу максатында товарды өзүндө кармап туруусу жаиз эмес. Анын баянын жогорку 1 жана 2-абзацта айтып өттүк.

Корутундулап айтканда, сатуучу товарды накталай акчага саткан учурда акчасын алгычакты товарды өзүндө кармап туруусу жаиз. Башкача айтканда, соода келишиминде көрсөтүлгөндөй, товар накталай акчага сатылган учурда сатуучу сатып алуучу товардын акчасын төлөгүчөктү товарды өзүндө күрөө катары кармап турушу мүмкүн.

Ошондой эле, сатуучу товардын жарым бөлүгү берилип, жарым бөлүгү кийинкиге калтырылган соода келишими учурунда келишимге ылайык, товардын жарым баасын алгычакты товарды өзүндө кармап тура алат. Андан кийин товарды сатып алуучуга өткөрүп берет. Сатуучу товардын калган акчаларын да алуу максактында товарды өзүндө кармап туруусу жаиз болбойт.

Бул жерде сатып алуучу товарды колго ала электен мурда аны кантип күрөөгө койо алат деп айтылбайт. Башкача айтканда, ага ээлик кыла электен мурда. Анткени, күрөөгө койула турган нерсе бир гана аны сата ала тургандай болсо гана күрөөгө койууга жарамдуу болот. Сатылып алынып жаткан товар бир гана аны толук түрдө сатып алгандан кийин гана күрөөгө койууга жарамдуу болот. Буга далил Байхаки риваятындагы Пайгамбар Aдын хадиси. Ибн Аббас Г айтты: قال رسول الله لعتاب بن أسيد: «إني قد بعثتك إلى أهل الله، وأهل مكة، فانههم عن بيع ما لم يقبضوا». Пайгамбар A Атааб бин Асиид Гга айтты: «Мен сени Мекке элине амир кылып жөнөтүп жатам, аларды ээлик кыла элек нерселерин сатуудан тыйгын».

«عن حَكِيمِ بْنِ حِزَامٍ قَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، إِنِّي أَبِيعُ بُيُوعاً كَثِيرَةً، فَمَا يَحِلُّ لِي مِنْهَا مِمَّا يَحْرُمُ عَلَيَّ؟ فَقَالَ: «لَا تَبِيعَنَّ مَا لَمْ تَقْبِضْ». Табароний Хаким бин Хизаамдан риваят кылат, айтты: «Я Расулуллах, мен көптөгөн нерселерди сатам, алардын кайсынысы мага адал жана кайсынысы арам?». Айтты: «Ээлик кыла элек нерсеңди сатпа». Бул хадистерде ээлик кыла элек нерсени сатуудан тыйуу ачык түрдө айтылды. Анан кантип аны күрөөгө коюу мүмкүн болот?

Андай делбейт, себеби, бул эки хадисте таразага тартылып, ченелип өлчөнүп сатыла турган нерселер тууралуу гана айтылды. Ал эми, сатыла турган нерсе унаа, үй, мал жаныбарлар болсо, аны колго ала электен мурда сатуу жаиз. Анын далили, Бухаари Ибн Умар Гдан риваят кылат:

عَنِ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا، قَالَ: كُنَّا مَعَ النَّبِيِّ فِي سَفَرٍ، فَكُنْتُ عَلَى بَكْرٍ صَعْبٍ لِعُمَرَ، فَكَانَ يَغْلِبُنِي، فَيَتَقَدَّمُ أَمَامَ القَوْمِ، فَيَزْجُرُهُ عُمَرُ وَيَرُدُّهُ، ثُمَّ يَتَقَدَّمُ، فَيَزْجُرُهُ عُمَرُ وَيَرُدُّهُ، فَقَالَ النَّبِيُّ لِعُمَرَ: «بِعْنِيهِ»، قَالَ: هُوَ لَكَ يَا رَسُولَ اللَّهِ، قَالَ: «بِعْنِيهِ» فَبَاعَهُ مِنْ رَسُولِ اللَّهِ فَقَالَ النَّبِيُّ : «هُوَ لَكَ يَا عَبْدَ اللَّهِ بْنَ عُمَرَ، تَصْنَعُ بِهِ مَا شِئْتَ». Айтты: «Биз Пайгамбар A менен бирге сапарда болдук, мен Умардын озоо төөсүн минген элем, ал мага баш бербей, улам элдин алдына оозуп кетип жатты, аны Умар ооздуктап, улам кайра артка кайтарып жатты. Пайгамбар A Умарга айтты: «Аны мага сат». Айтты: «Ал сеники, Я Расулуллах». Айтты: «Аны мага сат». Аны Пайгамбар Aга сатты. Пайгамбар A айтты: «Я Абдуллах бин Умар, ал сеники, аны эмне кылсаң өзүң билесиң».

Бул хадисте сатылып алынган нерсе колго алына электен мурда тартуу кылынгандыгы ачык айтылды. Ошондуктан, бул хадис сатылып алынган нерсе колго алына электен мурда ага ээлик кылуу угуна далалат кылып жатат. Ошондой эле, аны сатууга да далалат кылды. Анткени, сатуучу ага ээлик кылуу укугунан ажырады.

Ошондуктан, сатылып алынган нерсени колго алына электен мурда сатуу мүмкүн болгондой, аны күрөөгө койуу да мүмкүн болот. Бирок, бул нерсе таразага тартылып, ченелип өлчөнбөй турган нерселерде гана болот. Мисалы: унаа, үй, мал жаныбарлары сыяктуу нерселерде. Соода келишими накталай акчага келишилген учурда же товардын баасынын бир аз бөлүгүн берип, калган бөлүгү кийин бериле турган негизде соода келишими болсо, анда, накталай акчаны алгычакты же товардын баасынын биринчи бир аз бөлүгүн алгычакты сатуучу товарды күрөө катары өзүндө кармап туруусу жаиз.

Экинчи абал: сатыла турган нерсе таразага тартылып, ченелип өлчөнө турган нерсе болуусу, мисалы: күрүч, же пахта, же кездемелер сыяктуу. Бул абалда сатыла турган товар накталай акчага, же насыяга, же бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен сатылган болсо, аны сатуучу өзүндө кармап туруусу жаиз эмес.

Эгер, насыяга сатылган болсо, биз жогоруда айтып өткөндөй, товарды өзүндө кармап тууруусу жаиз эмес.

Эгер, накталай акчага сатылган болсо, сатуучу товарды өзүндө кармап туруусу жаиз болбойт. Башкача айтканда, күрөө катары кармап туруусу болбойт. Анткени, таразага тартылып, ченелип өлчөнө турган нерселерде, жогоруда айтылып өткөн Пайгамбар Адын хадисине ылайык, колго ала электен мурда күрөөгө алуу жаиз эмес. Сатуучу бул жерде товарын накталай акчага сатууда эки нерсенин бирин ыктыяр кыла алат.

Сатуучу товарын сатып алуучуга накталай акчага сатат жана ага товарын берет. Сатып алуучу анын акчасын ошол учурда берүүсү же кийинчерек берүүсүнүн айырмасы жок, товарды күрөө катары өзүндө сактабай сатып алуучуга берип, акчасын сабыр кылып күтөт. Же товарын сатпай койот. Башкача айтканда, сатуучу товарын күрөөгө алып калуу жагдайына кептелбестен эле аны сатпай койуу ыктыярында.

Ушуга негизделип, сатыла турган товар таразага тартылып, ченелип өлчөнө турган нерсе болуп, соода келишими накталай акчага же насыя негизинде ишке аша турган болсо, бул учурда сатуучу товардын акчасын алуу максатында товарды өзүндө күрөө катары кармап туруусу жаиз эмес.

Менин басымдуу катары сананган пикирим ушул. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рошта** — **22-жумаадил-ахир, 1441-х.**
**16-февраль, 2020-ж.**

# Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:
# Шам Из тарабынан берилген түштү айтуу жана социалдык жоопкердик мыйзамы жөнүндөгү суроолорго жооптор

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

1 – Мен дарыкана кызматчысы болуп иштеймин. Бизде социалдык жоопкердик мыйзамына баш ийүү милдеттүү болуп, белгиленген төлөмдү төлөбөстөн иштөөгө уруксат берилбейт. Алар бизден белгилүү бир каражатты алып аны банкка жайгарышат. Бул, мыйзамда жазылган. Эгер, кесиптештерибиздин бири каза болуп калса социалдык жоопкердик фонду каза болгон адамдын үй-бүлөсүнө 25 миң Иордания динарын берет. Бул жайизби?

Мен бул каражаттар жөнүндө үй-бүлөмө эмнени сунуштасам болот? Үй-бүлөмдөгүлөр мен төлөгөн каражатты кайтарып алып калганын садака кылып жиберсе болобу же аны фондго кайтарабы? Алар эмне кылышы керек? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:**

1 – Социалдык жоопкердик мыйзамы жөнүндө айта турган болсок, булар ар түрдүү болот. Эгер, социалдык жоопкердик мыйзамы профсоюздардагы пенсиялык мыйзамына окшош болсо т.а. дарыканачылар профсоюзу силерди пенсиялык мыйзамына катышууга, белгиленген төлөмдү төлөөгө мажбур кылат жана катышпасаңар дарыканачы болуп иштешиңерге уруксат бербейт т.а. сиз катышпастан же белгиленген төлөмдү төлөбөстөн дарыканачы болуп иштөөгө уруксат ала албайсыз… Кийин белгилүү бир жашка жеткениңизден соң сизге пенсия төлөйт же каза болгонуңузда үй-бүлөңүзгө белгилүү бир көлөмдө каражат берет. Эгер, абал ушундай болсо, мында катышуу жайиз. Себеби, бул мубах ишке уруксат алуу ордунда болуп, бул жайиз. Эгер, анда катышуу жана каражат төлөө ыктыярдуу болсо о.э. бул нерсе ишке уруксат алууга таасир кылбаса катышуу жайиз эмес.

Ал эми, фонддун акчаларын сүткордук менен банкка жайгаштырууга жөнүндө айта турган болсок, эгер, бул сиздин ыраазылыгыңызга байланыштуу болсо т.а. анын ушул максатта иштетилишине сиз ыраазы болсоңуз иштетилип, ыраазы болбосоңуз иштетилбесе, бул убакта ал сүткордук максатында иштетилишине ыраазы болушуңуз жайиз эмес. Ал эми, эгер акча сиздин ыраазылыгыңызсыз эле сүткордук максатында иштетилсе т.а. аны иштетилиши сиздин ыктыярыңызда болбосо, эгерде сиздин катышууңуз жана төлөм төлөшүңүз иштөөгө уруксат алуудан тышкарыга өтпөсө, мунун сизге зыяны жок.

Бул абалда т.а. сиздин катышууңуз иштөөгө уруксат алуу үчүн гана болгон абалда сиз каза болгондо фонд тарабынан үй-бүлөңүзгө бериле турган каражат жөнүндө айта турган болсок, үй-бүлөңүз аны алышы жайиз жана ал мурас боюнча берилиши мүмкүн. Мен бул каражаттын бир бөлүгүн факир жана мискиндерге берүүнү насаат кыламын. Себеби, бул абзел жана жакшыраак. Аллах жакшы амалдарды кылышыңыз үчүн өмүрүңүздү узун кылсын.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **4-зул-каъда, 1434-х.**
**10-сентябрь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору: Хамид Насух тарабынан берилген «фа»нын далалаты жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Тайсирул вусул илал усул» деген баалуу китебиңизде Иллет далили талкуусунда Набий Адын:

**«مَلَكْتِ أَمْرَكِ فَاخْتَارِي»**

**«Мен сага ыктыяр бердим – каалаганыңды танда»** деген сөзүндөгү «фа» иллетти түшүндүрөт. Себеби, ал өтмө болуп эсептелет. Ал эми, Аллах Субханаху ва Тааланын «Аларды дарралагыла» деген сөзүндөгү «фа» «өтмө болбогон сабабия» деп келет.

Мен бул экөөсүн дыкат үйрөнсөм да айырмалай албай жатамын.

Муну түшүндүрүп беришиңизди үмүт кылам. Аллах сизди жер жүзүндө динди тикелөөгө жетиштирсин, вассаламу алейкум.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Араб тилинде лугавий (лексикалык) түзүлүшү т.а. мантуку (түздөн-түз мааниси) менен иллетти түшүндүргөн «лам» жана «кай» сыяктуу харфтар бар. «Лам»га Аллах Субханаху ва Тааланын ушул сөзү мисал болсо:

{لِئَلَّا يَكُونَ لِلنَّاسِ عَلَى ٱللَّهِ حُجَّةٌۢ بَعْدَ ٱلرُّسُلِ}

***«Бул Пайгамбарлардан үчүн адамдар үчүн Аллахка каршы далил болуп калбастыгы үчүн»*** [4:165]

Ал эми, «кай»га Аллах Тааланын:

{كَيْ لَا يَكُونَ دُولَةًۢ بَيْنَ ٱلْأَغْنِيَآءِ مِنكُمْ}

***«Тээ силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбасын үчүн»*** [59:7]
деген сөзү мисал болот. О.э. өзүнүн лугавий түзүлүшү т.а. мантуку менен иллетти түшүндүрбөгөн т.а. далалатынан келип чыгып иллетти түшүндүргөн харфтар да бар. Бул харфтардын бири «фа», ал өзүнүн мантуку т.а. лугавий түзүлүшү менен иллетти түшүндүрбөйт. Себеби, арабдар «фа»ны иллет үчүн түзүшпөгөн, ал бириктирүүнү, же тартипти, же бирер ишти сөз айтылган убакта эле жүз бергенин түшүндүрө турган байлоочу болуп, же мафхуму менен иллетти түшүндүрө турган сабабия болуп, же мафхуму менен сабабды түшүндүрө турган сабабия болуп келет.

«Фа»нын бириктирүүнү, же тартипти, же бирер ишти сөз айтылган убакта эле жүз бергенин түшүндүрө турган байлоочу болуп келишин түшүнүүдө проблема жок. Бирок, проблема анын сабабия жана таъкиб болуп келишинде. Т.а. «фа»дан кийин келген сөз андан мурунку сөзгө мусаббаб болот. Башкача айтканда, өзүнөн мурунку сөзгө таъкиб болот. Ушул жерде аны сабаб үчүн келгенби, же иллет үчүнбү, муну аныктоодо чаташтык жүз берет.

Аларды бири-биринен айырмалап алуу үчүн иллеттин да, сабабдын да хусусияттарын билүү зарыл. Ошондуктан, «фа»ны колдонуудан келип чыккан мафхумга т.а. далалатынан келип чыккан нерсеге каралат. Эгер, ага иллеттин хусусияттары ылайык келсе иллетти түшүндүрөт, эгер сабабдын хусусияттары ылайык келсе, сабабды гана түшүндүрөт.

Биз кең тармактуу болгон иллет жана сабабдын хусусияттарына о.э. алардын ортосундагы айырма киришпестен аларды айырмалап алуунун оңой жолун баян кылуу менен чектелебиз. Бул аркылуу анын сабабды же иллетти түшүндүрүшүн оңой айырмалап алуу мүмүн. Бул айырма өкүм маселени ээрчишинде. Эгер, маселе менен өкүм бир убакта болсо «фа» иллетти түшүндүрөт. Эгер, маселе өкүмдөн мурун болсо жана бир убакта болбосо сабабды түшүндүрөт.

Ушуга негизделип Расулуллах Адын:

**«مَلَكْتِ أَمْرَكِ فَاخْتَارِي»**

«**Мен сага ыктыяр бердим – каалаганыңды танда**» деген сөздөрү менен Аллах Тааланын:

{ٱلزَّانِيَةُ وَٱلزَّانِي فَٱجۡلِدُواْ كُلَّ وَٰحِدٖ مِّنۡهُمَا مِاْئَةَ جَلۡدَةٖ}

***«Зинакер аял жана зинакер эркек – алардын ар бирине жүз балактан ургула»*** [24:2]
деген сөзү ортосун айырмалоодо жүз берген чаташтыкка тиешелүү сурооңузду үйрөнүп чыгабыз. Буга киришүүдөн мурун мен сизге «**Мен сага ыктыяр бердим – каалаганыңды танда**» деген хадистин маанисин түшүндүрүп өтөмүн. Бул хадис бир канча усул китептеринде, алардын катарында Амидийдин «Ихкам фи усулил ахкам» китебинде, Ибн Хумам аты менен таанылган Камал ибн Мухаммаддын «Фатхул кадир» китебинде келген. Бул хадисте Расулуллах А Барирага тандоо ыктыярын берди. Ал бир кулга турмушка чыккан эле, кийин азат кылынып хур болгон убакта Расулуллах А ага эри менен калуу же калбоону тандоодо ыктыяр берди. Себеби, ал азат аялга айланды, демек, өз ыктыярына ээ болду. Бул хадисти Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Бухарий Айша Iдан риваят кылат, ал айтты: «Мен Барираны сатып алдым… кийин аны азат кылдым, аны Набий А чакырды жана эри менен калуу же калбоодо тандоо ыктыярын берди. Ошондо ал: «Эгер ал (эри) мага баланча-баланча нерселерди берсе да анын жанында калбайт элем (т.а. чөрүлүктөн азат болот элем)», деди жана өзү (жалгыз) калууну тандады». Муслим Айша Iдан риваят кылышынча, «Ал Барираны ансарлардан сатып алган… Расулуллах А ага тандоо ыктыярын берди, анын эри кул эле». Эми, биринчи мисалдын мааниси ачык-айкын болгондон кийин – табигый болгондой, экинчи мисалдын мааниси өз-өзүнөн ачык-айкын – бул эки мисалды көрүп чыгабыз:

1) Биринчи мисалды карасаңыз, ал ажырашуу тандоосун көрсөтүп турат. Ал азат болушу менен дароо эле ажырашууну тандады. Бул маселе өкүм менен бир убакта болду: азат болдубу, демек, тандоо укугуна дароо ээ болду. Ошондуктан, бул жердеги «фа» – өкүм маселе менен бир убакытта келгени үчүн – иллетти түшүндүрөт, дейбиз.

2) Экинчи мисалда болсо, зына иши дарралоо менен бир убакта болбойт, андан мурун болот. Ошондуктан, бул жердеги «фа» сабабды түшүндүрөт, себеби, маселе (зина) өкүмдөн (дарралоодон) мурун болгон. Ар бир сабабдын «фа»сы ушундай болот. Мисалы, Байхакий Сунани Кубродо Хаббаб ибн Араттан риваят кылган: Биз Расулуллах Ага күндүн ысыктыгынан даттандык, ар мындай деди:

**«إِذَا زَالَتِ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»**

«**Эгер күн оосо, ошондо намаз окуй бергиле**».

Бул жерде «фа» сабабды түшүндүрөт т.а. күндүн оошу намаздын сабабы, бул жерде күндүн оошу намаздан мурун болушу анык.

Ушуга ылайык, бирер кишиге «фа»нын далалатын – ал иллетти түшүндүрө турган «фа»бы же сабаббы – түшүнүүдө проблема болуп калса, өкүмдүн маселе менен бир убакытта келүү-келбешине карасын, эгер бир убакта келсе, ал – иллет, эгер андан кийин келсе, ал – сабаб. Табигый болгондой, бул «фа»нын далалаты арасындагы айырманы ажыратууга карата ушундай жана мунун иллеттин башка түрлөрүнө алакасы жок.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **4-шаъбан, 1434-х.**
**13-июнь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору: Абу Мухаммад Савалима тарабынан берилген такия жөнүндөгү суроого жооп

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу аалым Ато ибн Халил Абу Рушта, Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын!

Ушул суроолорума жооп берүүгө убакыт табасыз деген үмүттөмүн:

**Суроо:**

Иорданиянын вакфтар, исламий иштер жана ыйык нерселер министри «Расулуллах A такия (диний итикадын жашырууну) иштеткен, такия Куръанда да, хадиси шарифте да келген, такия шиа мазхабына таандык деген ишеним ката», деп, буга далил катары:

{إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ}

***«Бирок ким дили ыйман менен ырахат алган абалда** (куфр калимасын айтууга) **мажбур кылынса,** (анын ыйманына зыян жетпейт)»* [16:106]

аяты менен Расулуллах Aдын:

**«إِنَّ فِي مَعَارِيضِ الْكَلاَمِ لَمَنْدُوحَةٌ عَنِ الْكَذِبِ»**

**«Сөздү бура сүйлөөдө жалгандан** (сактануу үчүн) **кеңдик бар»**, деген сөздөрүн келтирди о.э. бул министр Расулуллах Aдан бир бадавий: Сиз кайдансыз, деп сураганда «Суудан», деп жооп бергенин, муну менен жек көрүндү сууну назарга алганын келтирип, казыларга карап: «Акыры, бул такия эмеспи», деди. О.э. шиаларды кафирге чыгарууну четке кагып казыларга да катуу наразылык билдирди жана шиалар Ла илаха иллаллоху Мухаммадур Росулуллох, деп күбөлүк беришкен соң, алар да мусулман экенин баса белгиледи.

Министрдин айтымында, шаръий такия менен шиалардын такиясы ортосундагы айырма мындай: шиалар такияны дин усулдары жана итикад талаптарынын бири деп билишет, ал тургай, такия кылбаган кишини дини да, итикады да жок деп билишет. Шаръий такия болсо, усул эмес, фар - жузъий (экинчи даражалуу) маселелерге кирип, мусулман адам аны ташташынын зыяны жок.

Суроо: такия маселесине ушул аят жана хадистерди далил кылуу туурабы?

Шаръий такия менен шиалардын такиясы ортосундагы министр айткан айырма туурабы?

Аллах Таала айтат:

{لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ فَلَيۡسَ مِنَ ٱللَّهِ فِي شَيۡءٍ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً}

***«Момундар момундарды таштап коюп, кафирлерди дос тутушпасын! Ким ушундай кылса, анда, ал Аллах тарабынан эч нерседе эмес** (Аллахка чоочун)**, бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»*** [3:28]

Ибн Жарир айтат: «Аллах ушул аятта зикр кылган такия кафирлерден такия кылуу болуп эсептелет». Саид ибн Жубайр: «Исламда такия жок, ал ахли харб үчүн», деген.

Ушул аят каримадан такия көздөлгөнбү?

Шиалардын Куръанды өзгөртүү жөнүндөгү сөздөрүнө жана хулафаи рошидиндерди ψ наалатташып, саййидибиз Али каррамаллаху Фну илахийлештиришине карабастан, аларды мусулман десек болобу?

Сизге ыраазычылык билдиремин!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Бул министр үч маселени бир калыпка салып, аларды бири-бирине аралаштырып жиберген, биз ага терең киришүүнү каалабайбыз!

Биринчи маселе:

{إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً}

***«бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»*** [3:28]

аятындагы такия, экинчи маселе:

{إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ}

***«Бирок ким дили ыйман менен ырахат алган абалда*** *(куфр калимасын айтууга)* ***мажбур кылынса,*** *(анын ыйманына зыян жетпейт)»* [16:106]

аят каримасы, үчүнчү маселе: Абу Бакр Байхакий (хижрий 458-жылы дүйнөдөн кайткан) «Шуабул иман»да Мутарриф ибн Абдуллахтан риваят кылган хадис, Мутарриф мындай дейт: Биз Имрон ибн Хусайн менен Басрадан Куфага карай жолго чыктык, Имрон мындай деди: «Бура сүйлөөдө жалгандан (сактануу үчүн) кеңдик бар». Бул мавкуф (сахабанын сөзү) абалында сахих. Аны Ибн Аъробий (хижрий 340-жылы дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Муъжам»ында марфу абалда келтирип, мындай деген: «Бизге Давуд ибн Зибрикан Саидден, ал Катададан, ал Зурора ибн Абу Авфадан, ал Имрон ибн Хусайндан риваят кылып, мындай деди: Набий A мындай дейт:

**«إِنَّ فِي الْمَعَارِيضِ مَنْدُوحَةً عَنِ الْكَذِبِ»**

«**Бура сүйлөөдө жалгандан** (сактануу үчүн) **кеңдик бар**».

Ушул үч маселенин ар биринин өз орду бар, алардын эч бирин башкасынын ордуна коюу жайиз эмес. Муну ачыктоо үчүн мындай дейбиз:

Биринчи: Шаръий түрдө жайиз болгон такия мусулман менен кафирлер ортосунда болот: Мусулман кафирлердин өкүмдарлыгы астында жашап, эгер аларга карата достук билдирбесе алардан катуу азарларга туш келе турган болсо, ал кафирлерге жүрөгү менен эмес, оозу менен достук билдириши жайиз. Бирок, мусулман мусулмандын алдында жүрөгүндөгү нерсенин тескерисин билдириши жайиз эмес. Алдындагы мусулмандын кандай болушу, катардагы мусулмандардан же залим сыяктуу өзгөчөлөрүнөн болушунун айырмасы жок, ага такия кылышы шаръий түрдө мүмкүн эмес.

Буга аят кариманын тексти жана темасы далил:

{لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ فَلَيۡسَ مِنَ ٱللَّهِ فِي شَيۡءٍ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةًۗ وَيُحَذِّرُكُمُ ٱللَّهُ نَفۡسَهُۥۗ وَإِلَى ٱللَّهِ ٱلۡمَصِيرُ}

***«Момундар момундарды таштап коюп, кафирлерди дос тутушпасын! Ким ушундай кылса, анда, ал Аллах тарабынан эч нерседе эмес*** *(Аллахка чоочун)****, бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус, Аллах силерди Өзүнүн*** *(азабынан)* ***эскертет жана Аллахтын Өзүнө гана кайтасыңар»*** [3:28]

Аяттын темасы болсо анын текстинде ачык-айкын көрүнүп турат т.а. момундардын кафирлерге дос болушу, достук билдирүүсү. Аяттын текстинде:

{لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ}

***«Момундар момундарды таштап коюп, кафирлерди дос тутушпасын!»*** делди. Эгер, бирер аят же хадистер белгилүү бир темада келген болсо, мына ушул темага хас болот, башка теманы өз ичине албайт.

Ушул аят хижрат кылбай, Меккеде, Курайш кафирлеринин өкүмдарлыгы астында, ыктыярга ээ болбогон мусулмандардын абалы жөнүндө түшкөн. Эгер, бул мусулмандар аларга достук билдирбей, душмандык билдиришсе, катуу азаптарга туш келишет эле. Ошондуктан, бул аят карима аларды истисна кылып (өзгөчөлөнтүп), төмөндөгү маанини түшүндүрдү:

Момундар кафирлер менен достошуусу – кандай түрдөгү достук болбосун – арам. Аллах Субханахунун:

{وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ فَلَيۡسَ مِنَ ٱللَّهِ فِي شَيۡءٍ}

***«Ким ушундай кылса, анда, ал Аллах тарабынан эч нерседе эмес*** *(Аллахка чоочун)****»***, деген сөзү менен бул нерсе катуу арам болду. Кийин бул аят башка абалды т.а. Меккеден хижрат кылбай, Курайш кафирлеринин өкүмдарлыгы астында, ыктыярга ээ болбогон мусулмандардын абалына окшогон абалды истисна кылды. Себеби, эгер бул мусулмандар аларга достук билдирбей, душмандык билдиришсе, катуу азаптарга туш келет эле.

Ушуга ылайык, мусулман киши куфр менен өкүм жүргүзүп жаткан залим жана фасик мусулман акимдин азарынан коркуп, ага достук билдириши арам. О.э. өз пикириңерге каршы бир мусулманды жек көрүүңүздү жашырып, ага достук билдиришиңер да арам. Кафир же фасик, залим мусулман алдында өзүңүздү Исламга моюн сунбагандай, этибар бербегендей кылып көрсөтүүңүз жайиз эмес. Себеби, бул жана буга окшогон иштердин баары мунафыктык болуп, шарият аны мусулмандарга арам кылган. Демек:

{إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً}

***«Бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»*** мазмуну Меккеде мушриктер арасында болгон мусулмандардын абалына чектелген. Т.а. мусулмандар кафирлердин өкүмдарлыгы астында болгон, алар алдында ыктыярга ээ болбой, өкүмдарлыгын кулатууга кудуретсиз болгон абалга чектелген.

Табарий (хижрий 310-жылы дүйнөдөн кайткан) өз тафсиринде мындай дейт: «Аллах Тааланын:

{لَّا يَتَّخِذِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَوۡلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ فَلَيۡسَ مِنَ ٱللَّهِ فِي شَيۡءٍ إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً}

***«Момундар момундарды таштап коюп, кафирлерди дос тутушпасын! Ким ушундай кылса, анда, ал Аллах тарабынан эч нерседе эмес*** *(Аллахка чоочун)****, бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»*** деген сөзүнүн тафсири жөнүндө Абу Жаъфар айтат: Бул аят Аллах Азза ва Жалла момундарды кафирлерди жардамчы, таянса боло турган көмөкчү кылып алуудан кайтаруу болуп эсептелет. Бирок, мусулмандар алардын өкүмдарлыгы астында болуп, өз жаны үчүн алардан коркушса, аларга оозунда гана достук билдиришсе болот, бирок, алардын куфрлары туурасында аларга жасакерленбөөсү, бирер мусулманга каршы кандайдыр бир аракеттер менен аларга жардам бербеши керек».

Демек, алар айтып жаткан такия т.а. момун залим аким, же күчтүү кафир, же ага каршы пикирдеги киши жана ушуга окшогондор алдында жүрөгүндө болгон нерсенин тескерисин көрсөтүүсүн айтып жаткан такия четке кагылат. Бул – арам, себеби, ал мунафыктык эсептелип, ал эми, мунафыктыктын ар кандай түрү арам.

Экинчи:

{مَن كَفَرَ بِٱللَّهِ مِنۢ بَعۡدِ إِيمَٰنِهِۦٓ إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ}

***«Кимде-ким Аллахка ыйман келтиргенден кийин*** *(дагы кайра)* ***кафир болсо*** *(Аллахтын казабына дуушар болот)****. Бирок, кимдин дили ыйман менен ырахат алган абалда*** *(куфр калимасын айтууга)* ***мажбур кылынса,*** *(анын ыйманына зыян жетпейт)****»*** [16:106]

аят карима ыймандан кийин куфр келтирүү т.а. Исламдан муртад болуу темасына таандык. Фукахалар тилинде бул абал «өлүм коркунучу жаралып, мажбурланган адамдын мажбур кылынышы», деп айтылат. Шаръий түрдө этибарга алынган бирден-бир абал мына ушул, буга мажбурланган кишиден өкүм алып таштала турган бардык абалдар кирет. Негизи, шариятта истисна кылынган мажбурланган абал – анык өлүм коркунучу пайда болгон абал. Бул аят Аммар ибн Ясир H жөнүндө түштү. Аммарды колго алып кыйноого салышты, ата-энесин, куфр келтирүүдөн баш тартышканы үчүн анын көз алдында өлтүрүштү… Аммар ибн Ясирди абдан катуу кыйноого салышты, ал да ата-энесине окшоп өлтүрүлүү астында калды. Ошондо Аммар куфр калимасын айтып жиберди. Табарий айтат: Бизге Ибн Абдулаъла айтып берди, ага Мухаммад ибн Савр Муаммардан, ал Абдулкарим Жазарийден, ал Абу Убайддан ибн Мухаммад ибн Аммар ибн Ясирден риваят кылды, Абу Убайд мындай дейт: Мушриктер Аммар ибн Ясирди кармап, азапташты, акыры, ал алар каалаган айрым нерсени (сөздү) айтып жиберди. Кийин ал муну Набий Aга айтты, ал зат Аммардан: «Жүрөгүң эмне дейт?», деп сурады, Аммар «Жүрөгүм бир гана ыйман менен кадыржам болот», деп жооп берди, ошондо Набий A: «Эгер алар муну дагы башташса, сен да дагы ушул сөздү айткын», деди». Ошентип, ушул аяттын түшүү себеби Аммар окуясы болду, анын темасы – Исламдан муртад болуу, ушул хос абал – анык өлүм коркунучу. Ушунун өзү гана бул аяттын:

{إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً}

***«Бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»*** [3:28]
аятына эч кандай алакасы жок экенине жетиштүү болот. Мындан тышкары:

{إِلَّا مَنۡ أُكۡرِهَ وَقَلۡبُهُۥ مُطۡمَئِنُّۢ بِٱلۡإِيمَٰنِ}

***«Бирок, кимдин дили ыйман менен ырахат алган абалда*** *(куфр калимасын айтууга)* ***мажбур кылынса,*** *(анын ыйманына зыян жетпейт)»* [16:106]
аяты маккий (Меккеде түшкөн) болуп, ыйман темасы жөнүндө түшкөн,

{إِلَّآ أَن تَتَّقُواْ مِنۡهُمۡ تُقَىٰةً}

***«Бирок, аларга силер абайлап мамиле жасооңор дурус»*** [3:28]
аяты болсо маданий (Мединада түшкөн) болуп, ал момундар кафирлерди дос тутуусу жана биз жогоруда баян кылган абалдын истисна кылынышы темасы жөнүндө түшкөн. Ушул себептен улам, бул экөөсү бири-биринен башка абал болуп, бири экинчисине киришпейт жана алардагы абал да, тема да өзгөчө болгону үчүн бири-бирине байланбайт. Эгер, мусулман кафирлердин өкүмдарлыгы астында калып, ыктыярга ээ болбосо, аларга жасакерленип, Исламдан муртад болушу жайиз эмес. Ал өз дининин өкүмдөрүн өтөөгө кудуреттүү болбой калса, өлкөсүнөн хижрат кылышы керек болот. Бул жагдай аларга жүрөктөн эмес, оозунда гана достук билдирүү жайиздигинен айырмаланат. Бирок, мусулман өзү үчүн анык өлүмдөн корккон, куфр келтирүүгө мажбурланган абал болсо, бул абалда куфрду билдириши жана ыйманды жашырышы жайиз. Эки аят кариманын ортосунда ачык-айкын айырма көрүнүп турат.

Үчүнчү: Расулуллах Aдын марфу жана мавкуф абалда риваят кылынган:

**«إِنَّ فِي الْمَعَارِيضِ مَنْدُوحَةً عَنِ الْكَذِبِ»**

«**Бура сүйлөөдө жалгандан** (сактануу үчүн) **кеңдик бар**», хадиси таврия кылуу (эки учтуулук) темасында келген. Ал жалган сүйлөө же ичинде жашырган нерседен башка нерсени билдирүү эмес, тескерисинче, туура сөз, чынчылдык бөлүмүнө кирет. Т.а. анда эки маанилүү: бир мааниси алысыраак, дагы бири жакыныраак болгон сөз колдонулат, ошондо ойго дароо анын жакын мааниси келет, түпкүлүгүндө болсо, андан алыс мааниси көздөлгөн болот. Хадистеги **الْمَعَارِيضِ** – бура сүйлөө сөзүнүн мааниси ушундай.

«Мухтори сихах»та мындай делген: «…жана «**تَعْرِيض**» сөзү «**تَصْرِيح**» сөзүнүн тескериси, сөдөгү «**الْمَعَارِيضِ**» сөзү ошондон алынган, нерсени башка нерседен таврия кылуу-жашыруу, дегени». Абу Убайд «**الْمَنْدوحَةُ**» сөзүн кеңдик, беймаралдык, деген. Демек, хадис - мааризже таврия иштетүү жалгандан сактануу жолу, деген маанини түшүндүрөт. Расулуллах A «Силер кайдансыңар?», деп сураган карыяга «Суудан», деп жооп бергени да такия эмес, таврия эсептелет. Ибн Хишам Сийратында мындай деп айтылат: «Расулуллах A жана Абу Бакр Γ Курайш кабарларынан маалым болушту… Кийин алар Бадрдан алыс эмес жерге токтоп эс алышты, кийин ал зат жана сахабаларынын бири атка минди». Ибн Хишам айтат: «Ошол киши Абу Бакр Сиддик болчу. Ибн Исхак айтты: мага Мухаммад ибн Яхя ибн Хиббан айтты: ал зат бир араб карыя алдында токтоп, андан курайштыктар жөнүндө, Мухаммад жана анын сахабалары жөнүндө, алар туурасында эмнелерди билишин сурады. Карыя: Силер кайдан экениңерди айтмайынча, мен муну айтпайт, деди. Расулуллах A: Эгер сиз айтсаңыз, биз да айтабыз, деди. Ал: Кезек-кезеги мененби? - деди. Расулуллах: Ооба, ошондой, деди. Карыя айтты: Мага келген кабарга ылайык, Мухаммад жана анын сахабалары баланча күнү жолго чыгышкан. Карыя Расулуллах жетип келген жерди айтып: Эгер мага кабар кылган киши чын сүйлөгөн болсо, алар бүгүн баланча жерге жетип барышкан. Кабар табышымча, курайштыктар да баланча күнү жолго чыгышкан жана эгер мага кабар кылган киши чын сүйлөгөн болсо, алар бүгүн баланча жерде, деди жана курайштыктар турган жерди айтты. Ал сөзүн сүйлөп болгон соң: Эми, силер кайдансыңар? деп сурады. Ошондо Расулуллах A: Биз сууданбыз, деди да, бурулуп кетти. Карыя: Кайсы суудан, Ирак суусунанбы? деп калды. Ибн Хишам айтат: Айтымдарга караганда, ал карыя Суфян Замарий болгон».

Расулуллах A карыянын «силер кайдансыңар», деген суроосуна «биз сууданбыз», деп жооп берүү менен таврия жана бурма сөз колдонду. Себеби, «суунун» жөнөкөй суу мааниси да, түйүлдүк пайда боло турган нутфа, деген мааниси да бар. Ошондуктан, карыянын оюна дароо суусу көп айыл же регион келди. Анткени, арабдар баланча сууга токтоду, дешет. Демек, Расулуллах A такия колдонбоду, себеби, такия иштетүү мүмкүн эмес, мусулман кафирлердин өкүмдарлыгы астында, алардын жамандык жана азарларынан кутулуу үчүн эч кандай эрки болбой жашаган абалда гана такия колдонуу мүмкүн. Мындан башка абалда такия иштетүү жайиз эмес, себеби, ал жалган жана

мунафыктык болуп калат… Садикул масдук (чынчыл жана тастыкталган) Расулуллах A мындан аруу, албетте!

Ошондуктан, вакуф министри «Расулуллах A такия колдонгон» деп ал зат жөнүндө туура эмес сүйлөгөн. Мүмкүн, ал бул жоопту окуп, Аллах Субханахуга истигфар айтар, тообо кылар. Ар бир мусулман туура жолго хидаят табышын жана катасы үчүн тообо кылышын каалайбыз, үмүттөнөбүз:

«كُلُّ ابْنِ آدَمَ خَطَّاءٌ وَخَيْرُ الْخَطَّائِينَ التَّوَّابُونَ»

**«Ар бир Адам перзенти каталык кылуучу, каталык кылуучулардын эң жакшысы – тообо кылуучулар»** (Имам Тирмизий риваяты).

Эми, жаъфарий мазхабына ээрчиген шиаларга келсек, түпкүлүгүндө, алар – мусулман. Ал эми, ким Куръанды өзгөртүү же Али Гну илахийлештирүү жөнүндө сүйлөсө, ал кафир болот, мусулмандардан эсептелбейт.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **29-шаъбан, 1434-х.**
**8-июль, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан:

## ناصر رضا محمد عثمانнын таъзир берүү, анын тафсилат жана өкүмдөрү тууралысындагы суроосуна жооп

**Суроо:** Ассаламу алайкум шайхым жана амирим Аллах сизди жана сиз себептүү бизди урматтуу кылсын, сиздин берген жообуңузда «шарият таъзир берүүнү киргизип, анын өкүм түрлөрүн да кеңири баян кылган» деген сүйлөм бар. Ошол өкүмдөр жана түрлөрдүн тафсилаттары эмнелерден турат?

**Жооп:**

Сиздин суроoңуз 2015-жыл 2-январдагы суроонун жообунда келген сүйлөм жөнүндө болуп жатат, анда мындай деп келген эле:

«Ал эми таъзир берүү чаралары шарият анык жаза белгилебеген, тескерисинче жаза белгилөөнү Халифа же казыга калтырган күнөөлөргө колдонулат... Алар тарыйкат өкүмдөрүнөн. Шариятта жазалар түрү белгиленбеген шаръий өкүмдөрдү аткаруу үчүн эч кандай тарыйкат коюлбаганын түшүндүрбөйт. Себеби, шарият таъзир берүүнү киргизип, анын өкүмүнүн түрлөрүн да кеңири баян кылган. Бул жерде шарият баян кылган түрдүү жазалардан кайсы бирин тандоо жана күнөөнүн вакиъсине ылайык жазаны тандоону Халифанын ыктыярына калтырган. Т.а. шарият бул өкүмдөрдү колдонуу көрүнүшүн – аларга амал кылбаган адамга жаза белгилөө максатында – баян кылды. Бирок, бул жазалардын өлчөмү жана түрү кандай болушун Халифанын же анын орунбасарынын ыктыярына калтырды».

Биз жогорудагы суроонун жообунда созуп жибербөө үчүн тафсилаттарга киришпегенбиз... Сиздин бул суроoңузга жооп берүүдө да тафсилатка киришпейбиз. Себеби, таъзир талкуусу чоң жана кеңири болуп, жаза-чаралар түзүмү китебинде толук баяндалган. Бирок, ошондой болсо да андан айрымдарын келтиребиз:

1 – Таъзир хад жана кылмыштардан айырмаланат. Себеби, хад жана кылмыштар шарият тарабынан анык белгиленген жазалар. Алардын ордун алмаштыруу, ашык же кем кылуу мүмкүн эмес. Ал эми таъзир берүү чарасы анык белгиленген жана дал өзүн кылуу шарт болгон жаза эмес.

Мындан тышкары, хад жана кылмыштарда кечирим кабыл алынбайт жана аким аны бекер кыла албайт. Таъзир берүү чарасы болсо мунун тескериси болуп кечирилиши жана бекер кылынышы мүмкүн.

2 – Шарият казы жазалоосу жаиз боло турган таъзирге тиешелүү түрдүү жаза чараларын шаръий нусустар менен белгилеп койгон, алардан башкасы менен жазалоо жаиз эмес. Себеби, жаза бир амал болуп, анын жаиз болушу үчүн далил шарт. Бул жерде анык жаза менен жазалоодон тосо турган далил керек деп айтылбайт, себеби, аслдык жазанын жоктугу. Анык жаза менен жазалоо үчүн далил керек болот. Ал эми аслдык жазанын жоктугу маселесине келсек, анын умумий далили адамды урматтоо жана ага азап бербестик негизине курулган. Анык жаза колодонуу үчүн ушул жазага уруксат бере турган далил керек, анык жазага уруксат бере турган далил келбеген соң, жазалоо мүмкүн эмес.

Бул жерде таъзир маселесинде акимге толук ыктыяр берилген, ал каалаган жаза менен таъзир бере берет деп айтылбайт. Себеби, акимге ушул жазанын көлөмүн белгилөө ыктыяры гана берилген, башкасы эмес. Шореъ жазалардын түрлөрүн дайындаган, казы мына ушул жазалар менен чектелиши шарт т.а. Шореъ казы чектелиши шарт болгон жаза түрлөрүн дайындаган. Казы андан башкасы менен жазалашы мүмкүн эмес, тескерисинче, алардын ичинен өзү татыктуу деп тапканын тандайт. Ошондуктан, аким таъзир берип жаткан кезде шаръий өкүмдөргө чектелиши жана Шариъ дайындаган жазалар менен жазалашы шарт.

3 – Шарият айрым анык жаза чаралардан кайтарган болсо айрымдарына уруксат берди, таъзир маселесинде ошолор менен чектелүү важиб. Мисаы, от менен күйгүзүүдөн кайтарды, демек от менен күйдүрүү аркылуу жазалоо жаиз эмес. Бухарий Абу Хурайрадан мындай хадисти риваят кылган: «От менен Аллах гана азаптайт», Бухарий Икримадан кылган риваятта Набий A:

«لاَ تُعَذِّبُوا بِعَذَابِ اللهِ»

**«Аллахтын азабы менен азаптабагыла», -** деген**.** Т.а. от менен күйдүрбөгүлө. Абу Давуд сунан китебинде ибн Масъуддан кылган риваятта Набий A айтат:

«إِنَّهُ لاَ يَنْبَغِي أَنْ يُعَذِّبَ بِالنَّارِ إِلاَّ رَبُّ النَّارِ»

**«От менен от ээси гана азаптайт».** Булар от менен күйдүрүп жазалоо арамдыгы жөнүндөгү ачык далилдер, бул түргө электр тогу сыяктуу күйдүрүүчү касиети бар нерселер да кирет.

4 – Шарият таъзир жаатында бир нече жазаларга уруксат берди, аларды башкасына алмаштырууга болбойт, аларды анык баян кылып койгон. Төмөндө алардын айрымдарын келтиребиз:

а) Өлтүрүү жазасы: Халифа хадга тиешелүү кылмыштарга кирбей турган чоң кылмыштарда таъзир берүүнү өлтүрүүгө чейин жеткириши мүмкүн. Буга Исламий мамлекеттин курамынан бөлүнүүгө чакыруу кылмышы кирет, бул тууралуу хадисте мындай деп келет:

«مَنْ أَتَاكُمْ وَأَمْرُكُمْ جَمِيعٌ عَلَى رَجُلٍ وَاحِدٍ، يُرِيدُ أَنْ يَشُقَّ عَصَاكُمْ، أَوْ يُفَرِّقَ جَمَاعَتَكُمْ، فَاقْتُلُوهُ»

**«Кимде-ким ишиңер бир кишиде жамдалып турган кезде келип биримдигиңерди бузмакчы же жамаатыңарды бөлмөкчү болсо, аны өлтүргүлө»,** (Имам Муслим Арфажадан риваят кылган). Ошондуктан, Халифа мындай адамды өлтүрүү менен таъзирин берип коюшу жаиз... Т.а. Халифанын таъзир берүү жаатында өлтүрүүгө чейин барышы жаиз.

б) Таяктоо: Т.а. камчы же ушул сыяктуу нерсе менен уруу... Бирок, уруу жана сабоо аркылуу таъзир берүү он сокку же он камчыдан ашып кетпеши керек, себеби, бул нерсе хадистин текстинде ачык келген. Бухарий Абдуррохман ибн Жабирден ал болсо Набий Aдан риваят кылат:

«لاَ عُقُوبَةَ فَوْقَ عَشْرِ ضَرَبَاتٍ إِلاَّ فِي حَدٍّ مِنْ حُدُودِ اللهِ»

**«Аллахтын хаддарында гана он соккудан ашыгы менен жазалоо бар».**

Ошондой болгон соң таяктоого өкүм кылынганда он камчыдан ашып кетпеши керек...

в) Таъзирде айрым күнөөлөргө айып пул төлөнөт, бул тууралуу бир нече риваяттар бар болуп, Абу Давуд Сунан китебинде Абу Хурайрадан риваят кылган хадисте Расул A айтат:

«ضَالَّةُ الْإِبِلِ الْمَكْتُومَةُ غَرَامَتُهَا وَمِثْلُهَا مَعَهَا»

**«Адашып калган төөнү жашыргандыктын айып төлөмү, ошол төөнүн өлчөмүндөй»** т.а. кимде-ким адашып калган төөнү ээсинен жашырып айтпаса, төөнү ээсине кайтарып дагы ошол төөнүн өлчөмүндө айып пул төлөйт. О.э. зекет бербегендин таъзири анын мал-мүлкүнүн жарымын алып коюу менен болот. Булар Расул A таъзир берүүдө айып пул өндүрүү менен жазалоого буйруганына далилдер.

г) Таъзирде камакта кармоо да жаиз, шаръий камак – бул шаардабы, үйдөбү, мечиттеби же жазалоо үчүн атайын курулган камактабы айырмасыз, адамды өз алдынча аракеттенүүдөн тосуп коюу. Камакта кармоо шарияттагы жазалоо ыкмаларынын бири экендигинин далили Термизий Бахз ибн Хаким атасынан ал болсо чоң атасынан риваят кылган хадисте келген: **«Набий A курулай доомат тууралсында бир кишини камакта кармады, андан кийин азат кылды».**

Набий A учурунда камак үйдө же мечитте болгон эле, Абу Бакр учурунда да ушундай болду, өкмөт үчүн өзүнчө камак жок эле. Ал эми Умар Г учурунда Сафван ибн Умайянын короосу 4000 дирхамга сатып алынып камакка айландырылды. Умар хажв кылгандарды (адамдарды күлдүрүү үчүн ар нерсени сүйлөөчү адамдар) камакта кармады, аззориёт, мурсалот, анназият жана ушул сыяктуулар жөнүндө суроо бергени үчүн Сабигди камакка алды... Камак мөөнөтү чектелген болушу важиб, ошондуктан өмүр бою камак жазасы шаръий жактан жаиз эмес. Тескерисинче, белгилүү бир адамга чыгарылып жаткан камак жазасынын мөөнөтү чектелген болушу керек.

Камактын мааниси камоо, иштетүү эмес. Себеби, иштетүү камактан башка нерсе. Ошондуктан, эгерде бир адамдын үстүнөн камакка алууга өкүм чыгарылса аны иштетүү жаиз эмес. Себеби, камак сөзү иштетүү маанисин өз ичине албайт. Камоо жана иштетүүгө өкүм чыгаруу жаизби? Же камоо менен эле чектелүү керекпи? - деген суроонун жообу, машакаттуу болобу же жеңилби иштетүү менен жазалоо жөнүндө шаръий нусус келбеген. Ошондуктан, иштетүү менен жазалоого болбойт, тескерисинче, камакта камоо маанисине чектелүү керек.

д) Насаат: Т.а. казы күнөөкөрдү Аллахтын азабынан коркутуп насаат кылат. Аллах Тааланын төмөнкү аяты буга далил болот:

﴿واللاتي تخافون نشوزهن فعظوهن﴾

***«Аялдарыңардын итаатсыздыгынан корксоңор, алгач аларга насаат кылгыла»*** [4:34]

**Булар аким ал менен жазалоосу жаиздигине шаръий далил келген таъзир берүү жаатындагы айрым жазалар. Акимдин шариятта жаиздигине нусус келген жазаны гана белгилөөсү жаиз.**

Айткандарыбыз бул жаатта жетиштүү болду деп үмүттөнөмүн.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **27-ражаб, 1436-х.**

**16-май, 2015-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Murat Eroğlu тарабынан берилген

## 2 – Турмушка чыккан зинакер күңдүн өкүмү жөнүндөгү суроого жооп:

Экинчи: Турмуш курган күңдүн өкүмүнө келсек, анын өкүмү элүү дарра. Аллах Тааланын ушул сөздөрү буга далил:

{فَإِذَآ أُحۡصِنَّ فَإِنۡ أَتَيۡنَ بِفَٰحِشَةٖ فَعَلَيۡهِنَّ نِصۡفُ مَا عَلَى ٱلۡمُحۡصَنَٰتِ مِنَ ٱلۡعَذَابِۚ ذَٰلِكَ لِمَنۡ خَشِيَ ٱلۡعَنَتَ مِنكُمۡۚ وَأَن تَصۡبِرُواْ خَيۡرٞ لَّكُمۡۗ وَٱللَّهُ غَفُورٞ رَّحِيمٞ}

***«Эми эрге тийген соң, эгер бузукулук кылышса, аларга азат аялдарга бериле турган азаптын жарымы берилет. Бул*** *(т.а. күңдөргө үйлөнүү уруксаты)* ***араңардагы бузулуп кетүүдөн корккон кишилер үчүн. Сабыр кылып*** *(үйлөнбөй турушуңар)* ***өзүңөр үчүн жакшыраак. Аллах кечиримдүү жана мээримдүү»*** [4:25]

{نِصۡفُ مَا عَلَى ٱلۡمُحۡصَنَٰتِ}

***«Азат аялдарга бериле тургандын жарымы»***нын мааниси т.а. турмуш курбаган азат аялга белгиленген хаддын (жазанын) жарымы дегени. Турмуш курбаган азат аялдын жазасы жүз дарра, мунун жарымы элүү дарра болот. Аяттагы «мухсинадан» турмуш курган зинакер азат аял эмес, турмуш курбаган зинакер азат аял назарга алынган. Себеби, турмуш курган зинакердин жазасы ташбараң, мунун жарымын аткаруу мүмкүн эмес. ***«Азат аялдарга бериле тургандын жарымы»***, сөзүнүн келиши күңдүн жазасы турмуш курбаган зинакер азат аялга бериле турган жазанын жарымы т.а. жүз дарранын жарымы – элүү дарра болушуна карина болот. Т.а. мамлекет күңгө элүү дарра жаза колдонот. Жаза чараларды жекем адамдар эмес, мамлекет колдонот жана бул, идирек кылынышы зарыл болгон маанилүү нерсе.

Бирок, сиздин турмуш курган зинакер күң жөнүндө сурашыңыз көңүлүмдү өзүнө тартты. Бүгүнкү күндө күңдөр жок. Ошондой болгон соң, сиз эмнеге бул жөнүндө сурап жатасыз?

Мен муну менен азат кызматкер аялды назарга алганыңыздан кооптономун. Бул кызматкер аял күң деп каралбайт. Т.а. алар азат аялдардын жазасынын жарымы колдонула турган күңдөр эмес. Азат кызматкер аялдардын өкүмү азат аялдардын өкүмү менен бирдей. Бул нерсе жакшы идирек кылынышы зарыл. Т.а. аятта бирөөнүн колундагы мүлк болгон күңдүн өкүмү айтылган. Мындай күңдөр азыркы убакта жок. Ал эми, кызматкер аялдарга келсек, алар – азат аялдар.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **24-шаъбан, 1434-х.**

**3-июль, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Haitham Alamourдун биротоло төрөбөй турган кылып коюу боюнча өткөрүлө турган операциялар жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Фазилаттуу шайхыбыз, менде жооп берүү ушунчалык зарыл болгон бир медициналык суроо бар. Мен врачмын, аялдар ооруканасы жана төрөтканада иштеймин, ал жерде түйүлдүктүн же аялдын өмүрүнө коркунуч пайда болсо кесарево (курсагын жарып баланы алуу) операциялары кылынат.

Кээ бир түйүлдүктөр аялдар кош бойлуулук маалында ушунчалык оор боло турган оорулардан азап тартышат, мындай абал аларды кош бойлуу болбостукка, же эң эле жок дегенде 3-4 жыл кош бойлуу болуудан сактанууга мажбур кылат. Ошондуктан, бул аялдар кош бойлуу болууга жол бербей турган каражаттардан пайдаланууга мажбур болушат. Бирок, кээ бир аялдарга бул каражаттар узагыраак убакыт кош бойлуу болбой туруу жаатында пайда бербейт, натыйжада алар бири-бирине жакын убакыттарда кош бойлуу болуп кала беришет. Бул болсо, алар бири-бирине жакын убакта көп кесарево операцияларына дуушар болгону үчүн алардын өмүрүнө коркунуч туудурат. Аялдар арасында омурткасында кемирчек барлары да бар, өтө көп кан кете тургандары бар. Натыйжада врачтар аял кош бойлуу болбосун үчүн фалоп каналын (трубаны) бүтүндөй жаап таштоо жолун кармануугa мажбур болушат. Аялдар арасында ооруканага келип өзүнүн кош бойлуу болушу мүмкүн эместигин, кош бойлуу болууга жол бербей турган каражаттарды колдоно албастыгын, ошондуктан фалоп каналын бүтүндөй жаап таштоону каалай тургандыгын дааба кылуу абалдары көбөйүп кетти. 32 жаштагы жана 36 жаштан ашпаган аялдар бар. Бул аялдар адис врачтан фалоп каналын бүтүндөй жаап таштоо үчүн өзүн кесарево операция кылууну сурап катуу туруп алышат.

Суроо төмөнкүдөй, аялдын абалын анын кош бойлуулук баскычтарында күзөтүп бара турган жана кош бойлуулук аялда оор болуп жатканын көрүп «фалоп каналын бүтүндөй жаап коюу операциясын кылуу зарыл» деген чечим кабыл ала турган мына ошол врач жөнүндөгү шаръий өкүм кандай? Текшерип отурбастан аялдын сөзү менен – эгерде аялдын айткандары анык болбосо – операция кылган врач жөнүндөгү өкүм кандай?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Кош бойлуу болууга убактылуу жол бербестик – азл кылуу жөнүндөгү белгилүү далилдерге ылайык – жаиз болот...

Ал эми, кош бойлуулукка бүтүндөй жол бербестик жана бүтүндөй төрөбөс кылып коюу арам. Мисалы, кош бойлуу болууга бүтүндөй жол  бербей турган, наслды (тукум улоону) үзүп коё турган дарыларды колдонуу, кош бойлуу болууга бүтүндөй жол бербей турган жана наслды үзүп коё турган хирругиялык операцияларды кылуу арам. Мындай кылуу таптакыр жаиз эмес. Анткени, буга бычып коюу өкүмү туура келип калат, ушул өкүмдүн астына кирип, бычып коюу өкүмүн алат. Анткени, мындай дарыларды колдонуу – кудум бычып коюу наслды үзүп койгону сыяктуу – наслды үзүп коёт. Бычып коюудан ачык нахий (кайтаруу) келген. Саъд ибн Абу Ваккастан мындай дегени риваят кылынган: **«Расулуллах A Усман ибн Мазъундун өзүн бычып алышын четке какты, эгерде ага уруксат бергенде биз да албетте өзүбүздү бычып алат элек».** Мутафаккун

алайх. Усман ибн Мазъун Набий Адын алдына келип: **«Я Расулуллах, мен бойдоктук машакаттуу болуп жаткан адаммын, мага өзүмдү бычып алышыма уруксат берсеңиз, - деди. Ошондо Пайгамбарыбыз: Жок, бирок сен көп-көп орозо карма, - деди».** Башка лафз менен келген хадисте болсо Усман ибн Мазъун: **«Я Расулуллах, мага өзүмдү бычып алышыма уруксат бересизби? – деди. Пайгамбарыбыз: Аллах бизге анын ордуна ханиф улуу рухбандык** (рохибдик)ти **кылып берди, - деди».** Анастан болсо мындай дегени риваят кылынды: **«Набий А бизди үйлөнүүгө буюруп жана тарки дүйнөчүлүктөн катуу кайтарып: Мээримдүү, көп балалуу болуу үчүн үйлөнгүлө, анткени мен кыямат күнүндө** (башка) **үммөттөргө силердин көптүгүңөр менен сыймыктанамын, - деп айтчу».** Бул хадисти Ахмад чыгарды.

Кала берсе наслды бүтүндөй үзүп коюу Шореънин насл жана төрөгөндү үйлөнүүдөн көздөлгөн негизги максат кылып койгонуна да тескери келет. Аллах Таала адамдарга милдет кылып мындай деди:

{وَٱللَّهُ جَعَلَ لَكُم مِّنۡ أَنفُسِكُمۡ أَزۡوَٰجٗا وَجَعَلَ لَكُم مِّنۡ أَزۡوَٰجِكُم بَنِينَ وَحَفَدَةٗ}

***«Аллах силер үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратып, жуптарыңардан силер үчүн балдарды, неберелерди пайда кылды»*** [16:72]

Ошондуктан, демек бүтүндөй төрөбөс кылып коюу операциялары эркек жана аялга арам.

Ал эми, эгерде аял кош бойлуу болсо жана ишенимдүү адис врачтар «түйүлдүктүн курсакта калышы энеге өлүм коркунучун пайда кылат» деген чечимге келишкен болсо, анда түйүлдүктү түшүрүп жиберип, эненин өмүрүн куткарууга уруксат берилет. Анткени, Ислам өмүрдү куткарууга даъват кылган...

Ал эми аялдын өзүнүн оорулуу экендиги, ошондуктан кош бойлуулук өмүрүнө коркунуч туудурушунан коркушу жөнүндөгү сөздөрүнө келсек, ал чындыктан алыс болгон сөз. Анткени, оорулуу абалында кош бойлуу болгон жана кош бойлуулукту улантып соо-саламат бала төрөгөн жана Аллах сак-саламаттык неъматын берген канчалаган аялдар бар... Ошону менен бирге – азыр гана айтып өткөнүбүздөй – аял кош бойлуу болсо да, бирок, ишенимдүү, адис врачтар «кош бойлуулуктун уланышы эненин өмүрүнө да, түйүлдүктүн өмүрүнө да өлүм коркунучун туудурат деген» чечимге келишкен болсо ошондо гана түйүлдүктү түшүрүү жаиз болот.

Ушуга ылайык, демек бүтүндөй төрөбөс кылып коюу арам. Ошондуктан, аялды кош бойлуулук маалында дабалоо матлуб (зарыл болгон) иш. Эми эгерде ишенимдүү, адис врачтар бул түйүлдүк аялдын өмүрүнө да, түйүлдүккө да өлүм коркунучун пайда кылат деген чечимге келишсе анда кош бойлуулук маалында аялдын өмүрүн сактап калуу да матлуб иш болот. Мындайда түйүлдүктү түшүрүү жаиз. Ал эми аялдын талабы боюнча кош бойлуулукка бүтүндөй жол бербестик үчүн дарылоо арам.

Врачтар бул ишке жеңил карабашы керек о.э. кош бойлуулуктун жана оорунун диагнозун коюуда бар болгон билимдерин ишке салышы керек... Анткени, бул аманат, ошондуктан, врач буга катуу амал кылышы, акыретин дүйнөнүн бир матасына – бул мата канчалык даражага жеткен болбосун – сатып жибербеши керек.

{فَمَا مَتَٰعُ ٱلۡحَيَوٰةِ ٱلدُّنۡيَا فِي ٱلۡأٓخِرَةِ إِلَّا قَلِيلٌ}

***«Акырет алдында бул дүйнө матасы өтө аз нерсе го?!»*** [9:38]

Сөзүмдүн аягында мен жубайларга наслды көбөйтүүнү жана перзенттерин жакшы тарбиялоого катуу көңүл бурууну насаат кыламын. Анткени, Расулуллах A кыямат күнүндө алардын көптүгү менен сыймыктанат. Байхакий сунан кубродо Абу Умама Гдан мындай дегенин чыгарды: Расулуллах A:

«تَزَوَّجُوا فَإِنِّي مُكَاثِرٌ بِكُمُ الْأُمَمَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ...»

**«Үйлөнгүлө, анткени мен кыямат күнүндө үммөттөргө силердин көптүгүңөр менен сыймыктанамын...», -** деген. Ушуга окшош хадисти Хаким да эки сахих мустадракта Маъкил ибн Ясор I анхудан, Баззор болсо өзүнүн муснадында Анас Гдан чыгарган о.э. башкалар да чыгарган.

Аллах Субханаху солих эркектер жана солиха аялдарды дос тутат.

**Боордошуңз** **23-ражаб, 1435-х.**

**Ато ибн Халил Абу Рошта** **22-май, 2014-м.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ато ибн Халил Абу Роштанын фейсбук баракчасындагы коноктордун суроолоруна жооптор (фикхий)

## Najmeddine Khcharem: генетикалык анализге таянып баланын насабын аныктоо

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Урматтуу шайх, киши генетикалык анализге таянып баланын насабын четке кагышы мүмкүнбү?

Аллах сизге береке берсин.

**Жооп:**

Оболу, келишпестик пайда болгон ар кандай маселени ырастоо үчүн туура ырастоо каражаттарынан пайдалануу жана айкын болушу үчүн болгон күчтү жумшоо жайиз, ДНКны аныктоо жана текшерүү каражаттары ушуларга кирет. Ар кандай маселеде туура пикирге жетүү үчүн ар кандай ырастоо каражаттарынан пайдалануу мүмкүн. Белгилүү бир маселеге хос шаръий нусус келген болсо гана, моюн толгобостон ушул нусуска чектелүү важиб...

Маалым болгондой, ар бир инсанда жана тирүү жанзатта ДНК кислотасынын бир бирикмеси болот. Ал спираль сыяктуу бири-бирине байланган эки чынжырга окшойт. Химиялык жактан алып караганда, ал кислота жана фосфат молекулаларынан түзүлөт. Спиралдын ар бир бөлүгү азаттуу негизден турат. Башкача айтканда ар бир чынжыр кислота, фосфор жана азаттуу негизден турат, алардын ар бири нуклеотид деп аталат.

Бу нуклеотиддер бекем формада тартиптешкен. Нуклеотиддерден түзүлгөн чынжыр англисче ген деп аталган заттарга бөлүнөт. Ар бир ген өзүнө таандык сыпатка ээ болуп, зарыл маалыматты сактайт.

Гендер ата-энелердин тукумдук өзгөчөлүктөрүн балдарга алып өтөт... Бул Аллах Таала насабды бир-бирине байлоо үчүн жараткан бир-бирине окшош өзгөчөлүктөр. Эгер, ДНК кислотасы жана ата менен баланын ортосундагы туукмдук маалыматтардын натыйжалары жөнүндө теориялык ой жүгүртсөк, башкача айтканда бардык шериктерден аруу Аллах белгилеп койгон ушул тукумдук маалыматтардан тукумдук чындыкты тапсак, бул баланын насабы атага барып такалышын көрсөтөт.

Бирок, адис эксперттердин айтымында, анализ маалында адистердин катасы же алынган үлгүгө микроб түшүп калышы акыбетинде ДНК натыйжалары ката болуп калышы мүмкүн. О.э. ДНК натыйжаларынын тууралыгы жөнүндө жана бул натыйжага башка факторлор таасир кылгандыгы жөнүндө күмөн пайда болушу мүмкүн...

Ошондуктан, жогоруда айтылган себептерге ылайык, каталык жүз беришинин ыктымалы бар болгондуктан ДНКнын натыйжалары катъий далилдикке жарабайт. Бул каталар оңдолсо, бул натыйжаларды тастыктоо үчүн шаръий нусус берилбеген ар кандай маселени ырастоо үчүн каражат кылып алса болот. Бирок, шаръий нусус берилген болсо, моюн толгобостон шаръий нусусту алуу важиб...

Мисалы аты-жөнү белгисиз денени аныктоодо... Же төрөт үйлөрүндө баланын кайсы энеге таандык экенин аныктоодо ар кандай ырастоо каражаттарынан пайдалануу мүмкүн. Аларга ДНК натыйжаларынан пайдалануу да кирет. О.э. аты-жөнү белгисиз дене табылган аймакта жашаган кишилер менен олуттуу текшерүү өткөрүү, төрөт үйүндө иштеген жумушчулар менен текшерүү өткөрүү жана мындан башка туура натыйжага алып баруучу туура ырастоо каражаттарын колдонуу жайиз. Анткени, бул иштерди ырастоодо хос шаръий нусус берилген эмес, демек бул ырастоо умумий нусустарга кирет. Бирок, бирер маселени ырастоодо шаръий нусус берилген болсо, анда жалаң гана ошол шаръий нусуска чектелинет.

**Экинчи:** эми сиздин баланын насабын четке кагуу жөнүндөгү сурооңузго жооп берсек... Бул маселе жөнүндө хос шаръий нусус берилген, ошондуктан ошол нусуска чектелинет. Мунун эки тарабы бар:

1 – ДНК натыйжалары бул маселеге жарабайт, анткени баланын насабын ырастоодо жана четке кагууда Исламда өзүнө хос далилдер бар. Насаб ошол далилдер негизинде тастыкталат же четке кагылат. Буга ДНК текшерүү натыйжалары аныкталгандан кийин чыгарылган фатвалар таасир кылбайт. Анткени Мисирде, жеке менчик мүлк министрликтеринде, Кувейтте ушул маселе жөнүндө түрдүү пикирлер бар. Айрымдар ырастоодо жана четке кагууда ДНК натыйжалары жайиз десе, айрымдар четке кагууда гана жайиз дешет. Дагы айрымдар эр-катындык болсо насабды ырастоодо жайиз, бирок зинада жайиз эмес дейт. Айрым Батыш сакафатынан таасирленген жана өзүн факих деп көрсөткөндөр зина абалдарында да насабды ырастоодо жайиз дешет.

2 – Бу маселедеги туура өкүм – бул насаб жөнүндө шарият анык белгилеп берген өкүм. Биз бул тууралуу «Ижтима түзүмү» китебинде кенен түшүндүргөнбүз. Китепте насаб маселеси жөнүндө минтип келген:

*«Хомиладар (кош бойлуу) болуунун эң аз мөөнөтү алты ай, адаттагы мөөнөтү – тогуз ай. Эр өз аялы менен турмуш курган убакыттан алты ай жана андан көбүрөөк убакыт өтүп, аялы төрөсө, бала анын баласы болот. Бул туурасында Пайгамбар ρ айткан:*

«الْوَلَدُ لِلْفِرَاشِ»

***«Бала – төшөк ээсиники»*** *(муттафакун алайх). Тыянактап айтканда, аял өз эрине аял болуп турган убакытта жана никесине алты айдан көбүрөөк убакыт өтүп төрөсө, бул бала эрдин баласы болот.*

*Бирок, аялы алты ай же андан көбүрөөк убакыт өтүп бала төрөсө жана бул бала эринен болбогондугу аныкталса, табылышы зарыл болгон бир канча шарттар менен эри бул баланы «меники эмес» деп четке кагышы мүмкүн, эгер айтылган шарттар табылбаса, анын четке кагышынын мааниси болбойт. Каалайбы же баш тартабы, бала баары бир аныкы болуп кала берет. Бул шарттар төмөндөгүлөр:*

*Биринчиси: Наристе тирүү төрөлгөн болушу керек. Анткени, өлүк туулган наристенин насабынан баш тартылбайт. «Бул менин балам эмес» делбейт. Себеби, шаръий өкүм өлүк туулган баланы четке кагууга колдонулбайт.*

*Экинчиси: Ата ачыктан-ачык же бирер ишара менен бул бала анын баласы экендигин моюнга албаган болушу керек. Эгер ачыктан-ачык же бирер ишара менен бул бала анын баласы экендигин моюнга алган болсо, мындан кийин баланын насабын четке кагышы мүмкүн эмес.*

*Үчүнчүсү: Баланы четке кагуу белгилүү бир убакыт жана белгилүү бир абалдарда болушу керек т.а. төрөлүш убактысы, төрөө үчүн керектүү нерселерди сатып алуу убактысы, эр үйдө болбогон убакта аял төрөгөндүгүнөн кабар тапкан убактысы. Бул айтылып өткөн убакыттардан же абалдардан башка убакта баланын насабын четке кагуу этибарга алынбайт. Ушуга караганда, аялы төрөп, эри аны четке кагууга мүмкүнчүлүгү болуп туруп четке какпаса, бала анын насабынан эсептелет жана мындан кийин баланы четке кагууга атанын укугу болбойт. Баланын туулгандыгын билген жана аны тануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон абалда атага ыктыяр берилет. Бала төрөлгөнүн билип, аны четке кагууга мүмкүнчүлүгү болуп туруп, аны четке какпаса, бала анын насабынан болду деп эсептелет. Себеби, Расулуллах ρ айткан:*

**«الْوَلَدُ لِلْفِرَاشِ»**

***«Бала – төшөк ээсиники».*** *Эгер ата баланын туулгандыгын билбегендиги жөнүндө дааба кылса жана ал бейкапар калуу ыктымалы болгон жерде, мисалы, башка айылда, же башка шаарда болгону үчүн аны тастыктоо мүмкүн болсо, ал өз сөзүн ант ичип тастыктайт. Себеби, асл – билбегендик. Эгер анын сөзүн тастыктоо мүмкүн болбосо, мисалы, эр аялы менен бир үйдө болгон болсо, анын даабасы кабыл алынбайт. Себеби, мындай абалда билбей калышы мүмкүн эмес. Эгер эр: «Бала туулганын билген элем, бирок, аны четке кагууга акылуу экенимди билбеген элем» десе, же «муну да билчү элем, бирок, ошол замат четке кагуум керектигин билбеген экенмин» десе, жана ал жалпы элдин көпчүлүгү сыяктуу эле муну билбей тургандардан болсо, анын бул даабасы кабыл алынат. Себеби, бул өкүмдү жалпы элдин көпчүлүгү билбейт жана бул жатта Исламды жакында кабыл алган кишиге окшойт. О.э. ал сыяктуу кишилер билбей турган ар кандай өкүмдү билбеши үзүр деп кабыл алынат. Эгер билбей калышы мүмкүн болбогон иш болсо, анын билбеши үзүр деп кабыл алынбайт.*

*Төртүнчүсү: баланы четке кагуунун артынан наалатташуусу керек же наалатташуу аркылуу баланы четке кагышы керек. Толук түстө наалатташуу менен баланы четке какса гана бала анын насабынан деп эсептелбейт.*

*Мына ушул төрт шарт табылса, бала атанын насабынан болбогон деп эсептелип – энесине нисбат берилет. Ибн Умар риваятына караганда:*

**«أَنَّ رَجُلاً لاَعَنَ امْرَأَتَهُ فِي زَمَنِ رَسُولِ اللهِ ﷺ وَانْتَفَى مِنْ وَلَدِهَا فَفَرَّقَ رَسُولُ اللهِ ﷺ بَيْنَهُمَا، وَأَلْحَقَ الْوَلَدَ بِالْمَرْأَةِ»**

***«Расулуллах ρ заманында бир киши аялы менен наалатташты жана ал төрөгөн баланы четке какты. Расулуллах ρ жубайларды ажыратып жиберип, баланы энесине нисбат берди».*** *Эгер баланы тануу шарттары табылбаса, бала танылбайт жана эрдин насилинен*

*деп эсептелет. Бул бала перзенттиктин бардык укуктарына ээ болот. Жогоруда төрөлгөн бала эрден болгон же болбогондугу жөнүндө кайчы пикир туулгандагы абал жөнүндө айтылды. Эми аял бала төрөгөндүгү жөнүндө эр менен аял ортосунда жаңжал болуп калса т.а. аял жубай болуп жашап жаткан учурда эринен бала төрөгөндүгүн дааба кылса, эри болсо аялынын бала төрөгөндүгүн жокко чыгарса, аял өз даабасын бир мусулман аялдын күбөлүгү менен далилдейт. Мындай абалда бир аялдын күбөлүгү жетиштүү болот. Себеби, насил-насаб төшөктүн болушу менен анык болот. Күбөлүк шарттары табылган бир аялдын күбөлүк бериши менен баланын төрөлгөндүгү далилдениши мүмкүн».*

**Ушуга ылайык баланын насабы ДНК натыйжалары менен четке кагылбайт, жогоруда айтылган шарият белгилеген шарттар менен четке кагуу жайиз.**

**Үчүнчүдөн:** эске сала кетсек, Ислам насаб маселесине чоң маани берген, бул жөнүндөгү айрым нусустарды көрсөтүп өтөбүз:

- Бухарий сахихинде Саъд Гдан чыгарган хадисте мындай дейт: Мен Расулуллах Адын мындай дегенин уктум:

«مَنِ ادَّعَى إِلَى غَيْرِ أَبِيهِ، وَهُوَ يَعْلَمُ أَنَّهُ غَيْرُ أَبِيهِ، فَالْجَنَّةُ عَلَيْهِ حَرَامٌ»

**«Ким бир кишинин атасы эместигин билип туруп, аны атам деп дааба кылса, ага жаннат харам».**

- Ибн Мажжа Абдуллах ибн Амрдан риваят кылган хадисте Расулуллах А айтат:

«مَنِ ادَّعَى إِلَى غَيْرِ أَبِيهِ لَمْ يَرَحْ رِيحَ الْجَنَّةِ، وَإِنَّ رِيحَهَا لَيُوجَدُ مِنْ مَسِيرَةِ خَمْسِمِائَةِ عَامٍ»

**«Ким атасы болбогон кишини атам деп дааба кылса, жаннат жытын жыттабайт. Жаннаттын жыты беш жүз жылдык аралыктан жыттанып турат».**

- Насаий «Сунанул кубро» китебинде Абу Хурайрадан чыгарган хадисте ал киши айтат: Расулуллах ﷺ наалатташуу аяты назил болгондон кийин мындай деп айтып жатканын укканмын:

«حِينَ نَزَلَتْ آيَةُ الْمُلَاعَنَةِ: أَيُّمَا امْرَأَةٍ أَدْخَلَتْ عَلَى قَوْمٍ مَنْ لَيْسَ مِنْهُمْ، فَلَيْسَتْ مِنَ اللهِ فِي شَيْءٍ، وَلَنْ يُدْخِلَهَا اللهُ جَنَّتَهُ، وَأَيُّمَا رَجُلٍ جَحَدَ وَلَدَهُ، وَهُوَ يَنْظُرُ إِلَيْهِ احْتَجَبَ اللهُ مِنْهُ، وَفَضَحَهُ عَلَى رُءُوسِ الْأَوَّلِينَ وَالْآخِرِينَ»

**«Кайсы аял бир коомго алардан болбогон баланын нисбатын берсе, Аллахтын рахматынан куру калат жана Аллах аны эч качан жаннатына киргизбейт. Кайсы киши өз баласы экенин билип туруп аны четке какса, Аллах аны рахматынан алыс кылат жана мурунку жана кийинкилерге шерменде кылат».**

**7-робиус-саний, 1439-х.**

**25-декабрь, 2017-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Абу Абу Зайд тарабынан берилген түйүлдүктүн жынысын аныктоо жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Менин суроом мындай: эмбрион (түйүлдүк) өстүрүү жараянында түйүлдүктүн жынысын алдын ала белгилөөнүн шаръий өкүмү кандай? Рахмат, Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Биринчиден: Түйүлдүктүн жынысын алдын ала белгилөө жөнүндөгү суроого жооп берүүдөн мурун жасалма түрдө уруктандыруу жөнүндө кыскача баян кылып өтөбүз:

Эр-катындын перзент көрүшүнө жолто болгон кээ бир абалдар бар. Бул абалдар яйцеклетка (аялдын жыныс клеткасы) сперматозоиддер (эркектин урук клеткасы) менен табигый түрдө уруктанышына тоскоолдук кылат. Мисалы, жатындын моюнчасы бүтөлүшү, же жатындын түтүгүнөн өтө алгыстык, же табигый уруктанууга жетиштүү болбогон сперматозоиддердин начар кыймылдоосу жана башка адистерге белгилүү себептер болушу мүмкүн. Бүгүнкү күндө медицина тармагындагы хазараттын жетишкендиги экстракорпоралдык уруктандыруу - «ЭКУ» (яйцеклетканы жатындан сырткарыда белгилүү бир шарттарда пробиркада уруктандыруу) мүмкүнчүлүгүн берет. ЭКУ учурунда аялдын денесинен яйцеклетка (суперовуляцияны стимулдаштырган «Кломид» сыяктуу препараттардын жардамында) бөлүнүп алынып, «in vitro» («пробирка ичинде») шартында жасалма түрдө уруктандырылат. Уруктандырылган эмбрион инкубатор шартында сакталып, 2-5 күн ичинде өстүрүлөт, андан кийин эмбрион андан аркы өнүгүүсү үчүн жатындын көңдөйүнө жайгаштырылат. Эгер, Аллах Субханаху бул уруктанган эмбриондон бала жаралышын тагдыр кылса, эмбрион жатындын көңдөйүнө жабышып, өсүп нутфага (кан), кийин түйүлдүккө айланат. Эгер Аллах Субханаху тагдыр кылбаган болсо, эмбрион өлөт жана жок болот.

Ушуга ылайык, шаръий өкүм төмөнкүдөй:

Эгер уруктандыруу табигый жол менен жүзөгө чыкпай жаткан болсо, анда, никеде турган эр-катын ЭКУ жолу менен перзент көрүүгө аракет кылышы жайиз. Себеби, бул дабалануу болуп эсептелет. Расулуллах A дарыланууга буюрат. Абу Давуд Усама Ибн Шурайктан риваят кылган хадисте Пайгамбар A мындай деген:

«تَدَاوَوْا فَإِنَّ اللهَ عَزَّ وَجَلَّ لَمْ يَضَعْ دَاءً إِلاَّ وَضَعَ لَهُ دَوَاءً غَيْرَ دَاءٍ وَاحِدٍ الْهَرَمُ»

**«Дарылангыла, себеби, Аллах Азза ва Жалла бирер дартты берген болсо, албетте анын дабасын да берген, бир дарттын – өлүмдүн гана дабасы жок».**

Бирок, мындай түрдөгү дарылануу эки шарт менен жайиз болот:

Биринчи: ЭКУ жараянында сахих никеде болгон эр-катындын уруктары колдонулушу керек. Рувайфаъ ибн Сабит Ансарийден риваят кылынышынча, Расулуллах A мындай дейт:

«لاَ يَحِلُّ لِامْرِئٍ يُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ أَنْ يَسْقِيَ مَاءَهُ زَرْعَ غَيْرِهِ»

**«Аллахка жана Акырет күнүнө ыйман келтирген киши өзүнүн суусу менен жат эгинди суугарышы адал эмес».** (Ахмад риваяты). Демек, аялдын яйцеклеткасын эринин гана уругу менен уруктандыруу жайиз.

Экинчи: ЭКУ процедурасы жана уруктандырылган клетканы аялдын жатынына өткөрүү – Батышта болуп жаткандай – эринин өлүмүнөн кийин эмес, тирүүлүгүндө болушу керек. Батыштыктар уруктандырылып тоңдурулуп коюлган яйцеклетканы аял каалаган убакта өзүнүн жатынына өткөрүшүндө эч кандай тоскоолдук, тыюу жок деп билишет. Аялдын эри тирүүбү же өлгөнбү, айырмасы жок! Исламда мындай көрүнүш адал эмес. Себеби, аял тирүү эри жок кош бойлуу болушу арам жана буга жаза белгиленген. Бул, эрсиз аял кош бойлуу болгондой зинанын бир түрү деп каралат. Ошондуктан, аял эрсиз кош бойлуу болсо, ал күнөөкөр саналып, арам жана чоң күнөөнү кылган болот. Буга Умар жана Али Гнун сөздөрү далил. Бир да сахаба Умар жана Алинин бул сөздөрүн четке какпаган. Акыйкатта болсо, бул маселе эгер сабит болбогондо сахабалар албетте аны четке кагат эле. Ушуга ылайык, бул маселе ижма болуп эсептелет.

Демек, эринин тирүү кезинде яйцеклетканы жатындын сыртында уруктандыруу, кийин аны аялдын жатынына өткөрүү жайиз. Ошентип «пробирка балдары» деген нерсе жогорудагы шарттар менен жайиз.

Экинчиден: түйүлдүктүн жынысын алдын ала белгилөө:

Илгертен бери адамдар өздөрүнүн балдарынын жынысын тандоого, каалабаганын болсо мүмкүнчүлүктөгү жолдор аркылуу жок кылууга урунуп келишкен.

* Мисалы, жахилиятта адамдар согушта жардамчы болушу жана текти сактоо үчүн уул бала туулушун каалашкан. Ошондуктан, алар кыз балдарды тирүүлөй көмүп салышкан:

{وَإِذَا ٱلۡمَوۡءُۥدَةُ سُئِلَتۡ ۞ بِأَيِّ ذَنۢبٖ قُتِلَتۡ}

***«Тирүүлөй көмүлгөн** (ар бир) **кыздан кандай күнөө себептүү өлүтүрүлгөнү суралганда»*** [81:8-9]

* Кош бойлуу аялдын курсагындагы нерсени сүрөткө түшүрүү мүмкүнчүлүгүн берген каражаттар пайда болгондон кийин, эгер түйүлдүк эр-катын каалабаган жыныста болсо, аны эненин курсагынан түшүрүп жиберүү үчүн аборттон пайдаланыла баштады.
* Бул жерде башка эски ыкмалар да бар.
* Учурда, айрыкча жаңы заманбап технологиялык жабдыктар өнүккөндө түйүлдүктүн жынысын тандоого тиешелүү изилдөөлөр пайда болду. Алардын эң көзгө көрүнгөндөрүнүн бири ушул эки жол:

Биринчи: Алар бул жолду жынысты тандап уруктандыруунун эң техникалык жолу деп айтышат. Бул жол пробиркада аялдын (X) хромосомасын эркектин (Y) хромосомасынан ажыратып алуу үчүн эркектин уругун текшерүүнү талап кылат т.а. хромосомалар ар түркүн ыкмалар менен адамдын денесинен тышкарыда ажыратылат жана бул үчүн медициналык техникалык аралашуу зарыл болот.

Окумуштуулар ушул идеяны карманышат: адамга тиешелүү бардык белгилер 46 хромосомада камтылган, алардын экөөсү жыныска байланыштуу: X жана Y. Аял жынысынын хромосомасы XX менен, эркек жынысынын хромосомасы XY менен белгиленет. Y-хромосома бир гана эркекте болот. Бала (түйүлдүк) атадан жана энеден бирден жыныстык хромосоманы алат. Аял балага X хромосоманы гана бере алат, эркек болсо X же Y хромосоманы берет. Ушуга ылайык, эгер яйцелетка X-хромосоманы камтыган сперматозоид менен уруктанса, анда аял жынысындагы түйүлдүк пайда болот, эгер Y-хромосома менен уруктанса эркек жынысында болот. Ушуга таянып, адистер X-хромосома сперматозоид менен Y-хромосома сперматозоидди бири-биринен ажыратып алышат,

кийин түйүлдүк эркек жынысында болушун максат кылышса алдын ала аялдан алынган яйцеклетканы Y-хромосома сперматозоид менен, эгер аял жынысында болушун каалашса X-хромосома сперматозоид менен уруктандырышат.

Экинчи: бул ыкма аз гана айырмасы болбосо, жогорудагы биринчи ыкмага окшойт. Бул жол пробиркада яйцелеткаларды уруктандыргандан кийин ишке ашат. Яйцеклеткалар уруктандырылгандан кийин текшерилип көрүлөт, XX менен уруктанган яйцеклетка аял жынысындагы, ал эми, XY менен уруктанган яйцеклетка эркек жынысындагы бала болот. Ошентип, ким уул баланы каалаexcel, анын жатынына XY менен уруктанган яйцеклетка жайгарылат, ким кыз баланы кааласа, анын жатынына XX менен уруктанган яйцеклетка жайгарылат. Бул эки жол максат жагынан бири-бирине окшош. Болгону, биринчисинде уруктандыруудан мурун сперматозоид текшерилип көрүлөт жана Y-хромосома X- хромосомадан бөлүнүп алынат, экинчисинде болсо, уруктанган яйцеклетка т.а. «эмбрион» текширилет жана ушундан кийин эркек жынысындагы эмбрион аял жынысындагы эмбриондон ажыратып алынат.

Адамдын байыртадан бери төрөлө турган баланын жынысын тандоого тиешелүү аракеттери мына ушулар.

Суроо боюнча вакиъ изилденип түшүнүктүү болгондой кийин шаръий өкүмдү төмөнкүдөй баян кылабыз:

а) Күтүлбөгөн, кааланбаган бөбөктү өлтүрүү – арам. Себеби, ал бир жанды атайын өлтүрүү болуп эсептелет. Анын Акыреттеги жазасы – тозокто түбөлүк калуу.

{وَمَن يَقْتُلْ مُؤْمِنًا مُّتَعَمِّدًا فَجَزَآؤُهُۥ جَهَنَّمُ خَـٰلِدًا فِيهَا وَغَضِبَ ٱللَّهُ عَلَيْهِ وَلَعَنَهُۥ وَأَعَدَّ لَهُۥ عَذَابًا عَظِيمًا}

***«Ким атайылап бир момунду өлтүрсө, анын жазасы жаханнам болуп, ошол жайда түбөлүк калат. Дагы ал Аллахтын казабына жана каргышына дуушар болот, Аллах ал үчүн чоң азапты даярдап койгон»*** [4:93]

Анын бул дүйнөдөгү жазасы болсо – канын төгүү менен өч алуу т.а. өлтүрүлгөндүн валийи кечирбесе же дия албаса – өлтүрүү.

б) Эненин курсагындагы түйүлдүктү – ата-эне каалабаган болсо, мисалы, түйүлдүк кыз болсо, ал эми, ата-эне уул болушун каалагандагы – өлтүрүүгө келсек, ал да арам жана ал үчүн жаза белгиленген. Бухарий жана Муслим Абу Хурайра аркылуу ушул хадисти риваят кылды, лафз Бухарийдики: **«Хузайлдан эки аял бири-бири менен урушуп, бири экинчисин таш менен согуп, аны жана курсагындагы нерсесин өлтүрүп койду. Ошондон кийин** (туугандары) **Расулуллах Адын алдына өкүм үчүн келишти. Расулуллах A анын түйүлдүгүнүн диясын бир жакшы кул же чөрү деп өкүм кылды».**

в) Эркек жынысын же аял жынысын тандап алуу үчүн яйцеклетканы уруктандырууда сперматозоиддердин X жана Y хромосомаларын бири-биринен бөлүү же уруктандырылган эмбриондордун эркек жынысындагыларын аял жынысындагыларынан бөлүү, андан кийин тандалган жыныстагы эмбрионду аялдын жатынына жайгаштыруу – булардын баары жайиз эмес. Себеби, бул иштер дабалануу эмес т.а. кош бойлуу боло албай жаткан аял кош бойлуу болуу үчүн аткара турган дабалануу болуп эсептелбейт. Башкача айтканда, аялдын яйцеклеткасын табигый жол менен эринин сперматозоиди менен уруктандыруу мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан пробиркада яйцеклетканы уруктандыруу үчүн аракет кылынган дарылануу эмес. Бул иштер эркектик жана аялдык хромосомаларды камтыган сперматозоиддерди бири-биринен ажыратып алуу же эмбриондорду бөлүп алуу саналат жана табигый жол менен кош бойлуу боло албаган аялдардын дабалануусу

болуп эсептелбейт. Бул иштерди авратты ачпай жана көрсөтпөй аткаруу мүмкүн эмес. Себеби, аялдын яйцеклеткасын бөлүп алуу жана аны аялдын жатынына жайгаштыруу үчүн авратты көрсөтүүгө туура келет, негизи, авратты көрсөтүү арам. Бул арам (авратты көрсөтүү) дарыланууда гана жайиз болот, андыктан бул амалдар дарылануу саналбаган соң, демек, алар арам болуп, таптакыр жайиз эмес.

Сөзүмдүн аягында ушуну айтмакчымын, Аллах Субханаху:

{ٱقْرَأْ وَرَبُّكَ ٱلْأَكْرَمُ + ٱلَّذِى عَلَّمَ بِٱلْقَلَمِ + عَلَّمَ ٱلْإِنسَـٰنَ مَا لَمْ يَعْلَمْ}

***«Оку! Сенин Роббиң** (адамзатка) **калемди** (жазууну) **үйрөткөн өтө берешен Зат. Ал Зат инсанга анын билбеген нерселерин үйрөттү»*** [96:3-5]

деп айткан илимди шарият өкүмдөрүнө ылайык жакшылыкка иштетүү мүмкүн жана бул себептүү ушул илим ээсине ажр-сооп берилет. О.э. аны жамандыкка да иштетүү мүмкүн, мында илим ээси күнөөкөр болот жана акыбетте кыйроого жүз тутат. Батышта болуп жаткандай тектин башаламан аралашуусун, спермаларды, яйцеклеткаларды тоңдуруп коюуну жана эмбрион банктарын… алардын сатылышын… көрүп чачың тик турат. Аллах Субханаху бул карасанатайлар жөнүндө абдан ырас айткан:

وَلَقَدْ ذَرَأْنَا لِجَهَنَّمَ كَثِيرًا مِّنَ ٱلْجِنِّ وَٱلْإِنسِ ۖ لَهُمْ قُلُوبٌ لَّا يَفْقَهُونَ بِهَا وَلَهُمْ أَعْيُنٌ لَّا يُبْصِرُونَ بِهَا وَلَهُمْ ءَاذَانٌ لَّا يَسْمَعُونَ بِهَآ ۚ
أُوْلَـٰٓئِكَ كَٱلْأَنْعَـٰمِ بَلْ هُمْ أَضَلُّ ۚ أُوْلَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلْغَـٰفِلُونَ

***«Алардын дилдери бар го, аңдап сезе алышпайт, көздөрү бар го, көрө алышпайт, кулактары бар го, уга алышпайт. Алар кудум үй айбандары сыяктуу, алар** (акылсыздык, түшүнбөстүк) **жагынан үй айбандарынан да төмөн. Дал ошолор акыйкаттан бейкапар калган кимселер»*** [7:179]

Аллах Субханаху бул аалам жөнүндөгү илимдерди берди жана инсанды ал билбеген нерселерин үйрөттү. Аллах ыйман келтиргендердин ыйманын бекемдөө үчүн жана кафир болгон кимселер кор болуп, бул дүйнөдө шерменде, Акыретте болсо оор азапта болушу үчүн инсанга акыл, пикирлөө жана түшүнүү касиеттерин берди.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **10-сафар, 1435-х.**

**13-декабрь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагындагы колдонуучулардын берген суроолоруна жоопторунан:

## Abu Yala Natshe тарабынан берилген уюм же топ менен мабдаий хизбдин айырмасы жөнүндөгү суроосуна жооп

**<u>Суроо</u>:**

Ассаламу алайкум

Биз сизди көрүүгө ынтызарбыз, Халифалык – инша Аллах – жакында бизди өз көлөкөсүнө алар.

Менин бир суроом бар: تكتل – уюм же كتلة – топ менен мабдаий хизбдин айырмасы эмне?

Жооп:

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

1 – تكتل - уюм жана كتلة - топ экөөсү тең бирдей мааниде болуп, адамдардын белгилүү бир максат үчүн белгилүү бир робита негизинде чогулушу айтылат. Бул чогулууну топ десе да, уюшуу десе да боло берет.

2 – تكتل - уюм сөзү كتلة – топ сөзүнө караганда айтылышта күчтүүрөөк. Себеби, харф жана харакаттарда зиядалык мааниде да зиядалыкты түшүндүрөт. Демек تكتل - уюм лафзы күчтүү аракат кылуучу كتلة – топтон чоңураак жамаатты түшүндүрөт.

3 – Ал эми, мабдаий хизб болсо уюм табанний кылган фикратка байланыштуу. Эгер, уюм мабдага негизделсе т.а. акыйдага жана бул акыйдадан келип чыккан түзүмгө негизделсе, ал мабдаий хизб болот. Эгер мабдаий хизбдин акыйдасы жана акыйдадан келип чыккан түзүмү туура болсо, анда уюм туура болот. Эгер мабданын акыйдасы жана акыйдадан келип чыккан түзүмү туура эмес болсо, анда уюм туура эмес жана адашкан уюм болот.

**Боордошуңуз** **22-зул-каъда, 1434-х.**

**Ато ибн Халил Абу Рушта** **28-сентябрь, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

**Mysite Fantastica суроосу:**

Ассаламу алайкум, кадырман боордош!

Мен үйлөнбөгөн мусулманмын, Аллах Тааланы жана Исламды сүйөм, хабибибиз жана саййидибиз Мухаммад ﷺ алып келген өкүмдөр колдонулушун каалаймын.

Мен динди да, ахлакты да карманбаган чөйрөдө жашаймын. Бизде Исламдын болгону аты жана символу гана бар… мектептерибизде Исламга тескери программалар негизинде билим берилет... Суроом төмөнкүдөй: мен үйлөнүүнү каалабаймын, себеби, балдарымды мен «чокту кармап тургандай» Ислам нугунда кармап тура албашымды шексиз билемин. Перзенттерим өздөрүнө зыяндуу болгон билимдерди алышын да, мен жумуш менен алек болгонум үчүн аларга таалим бере албашымды да, азыркы шартта аялым иштөөгө мажбур болушун да билемин. Кыскасы, бир нече хадистерде үйлөнүү – диндин жарымы экени айтылганын анык окуганмын, дагы бир хадисте Үммөттүн фасыктары – бойдоктор делген. Ошондой болгон соң, мен үйлөнбөсөм чынында эле динимди толук кылбаган боломбу?! Суроомо жооп бересиз деген үмүттөмүн жана сизден чексиз ыраазымын.

**Абдуллах Ахъяров суроосу:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Менин эки суроом бар:

1 – Мен үйлөнүүнү каалаймын. Качан бирер кызды тапсам, аны менен жолугушуу үчүн валийинен уруксат сураймын. Ал эми, кыздын коргоочусу болгон жана мени таанибаган атасы кызы менен жолугушуума уруксат берет. Адатта бул жолугушуу сейил бакта же кафеде (коомдук жайда) өтөт. Бул жолугушуу кыздын үйүндө өткөрүлгөнү жакшы эмеспи? Себеби, адатта карындаштарыбыз көчөдө жолугушканда чечкиндүү болушпайт жана «жок» деген жооптуу беришет.

2 – Бизде Крымда көпчүлүк боордоштор үйлөнөбүз дешет го, бирок, көпчүлүк карындаштарыбыз таалим алуу сүннөт деген нерсени шылтоолошуп турмушка чыкпайт жана таалим алууну турмушка чыгуудан абзел көрүшөт. Мен ушуну сурамакчымын, бул карындаштарыбыз Аллах Субханаху ва Таала алдында турмушка чыгуусу абзелби же бүгүнкү күндөгү илманий окуу жайларында таалим алуусу абзелби?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Абдуллах Ахъяров менен Mysite Fantastica тарабынан берилген суроолордо үйлөнүү абалына байланыштуу окшоштук жактары бар. Ушул себептен улам, менин төмөндөгү жообум экөөсүнө тең тиешелүү, Аллах эки жигитти туура жолго баштасын.

1 – Аллах Субханаху инсанды жаратты о.э. эркек менен аялдын жуптарын жаратып, аларды Өзүнүн муъжизаларынан кылды, шаръий өкүмдөргө ылайык турмуш куруу аркылуу экөөсүнүн ортосунда сүйүү жана мээримдүүлүк пайда кылды. Аллах Субханаху мындай дейт:

{وَمِنْ ءَايَـٰتِهِۦٓ أَنْ خَلَقَ لَكُم مِّنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَٰجًا لِّتَسْكُنُوٓا۟ إِلَيْهَا وَجَعَلَ بَيْنَكُم مَّوَدَّةً وَرَحْمَةً ۚ إِنَّ فِى ذَٰلِكَ لَـَٔايَـٰتٍ لِّقَوْمٍ يَتَفَكَّرُونَ}

***«Анын аяттарынын бири – Ал Зат силер бирге турушуңар үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратышы жана ортоңордо мээрим жана сүйүү пайда кылышы, албетте, мында пикирлеген коум үчүн аят-ибраттар бар»*** [30:21]

2 – Ислам турмуш куруууга үндөйт, себеби, көздү башка бирөөлөрдөн буруунун, намысты сактоонун жана динди коргоонун эң туура жолу мына ушул:

Имам Бухарий Абдуллах Γдан ушул риваятты келтирет: Абдуллах айтат: Биз Набий A менен бирге элек, ал зат мындай деп айтты:

«مَنِ اسْتَطَاعَ البَاءَةَ فَلْيَتَزَوَّجْ، فَإِنَّهُ أَغَضُّ لِلْبَصَرِ، وَأَحْصَنُ لِلْفَرْجِ، وَمَنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَعَلَيْهِ بِالصَّوْمِ، فَإِنَّهُ لَهُ وِجَاءٌ»

**«Ким баатка** (т.а. үйлөнүү жүгүн көтөрүүгө) **кудуреттүү болсо, үйлөнсүн. Себеби, ал – көздү тосуучу жана авратты сактоочу. Кимде-ким кудуреттүү болбосо, орозо кармасын. Себеби, орозо – аны** (тайылуудан) **сактоочу».**

Хаким «Мустадрак»та Анас ибн Малик Γдан ушул риваятты келтирген: Анас айтат, Расулуллах A мындай деди:

«مَنْ رَزَقَهُ اللهُ امْرَأَةً صَالِحَةً، فَقَدْ أَعَانَهُ عَلَى شَطْرِ دِينِهِ، فَلْيَتَّقِ اللهَ فِي الشَّطْرِ الثَّانِي»

**«Кимди Аллах салиха аял менен ырыскыландырган болсо, демек, дининин жарымына жардамдашыптыр, андыктан, ал экинчи жарымында Аллахтан таква кылсын»** (Хаким бул хадистин иснадын сахих деген жана ага Захабий да кошулган).

3 – Кала берсе, тыйылуу үчүн турмуш куруууга аракет кылып жаткан адам Аллах Субханахунун жардамына жетишкен үч адамдын бири эсептелет: Имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында иштеп чыккан бир риваятта Абу Хурайра Γ Набий Aдын мындай дегенин риваят кылат:

«ثَلاَثَةٌ كُلُّهُمْ حَقٌّ عَلَى اللهِ عَزَّ وَجَلَّ: عَوْنُهُ الْمُجَاهِدُ فِي سَبِيلِ اللهِ عَزَّ وَجَلَّ، وَالنَّاكِحُ لِيَسْتَعْفِفَ، وَالْمُكَاتَبُ يُرِيدُ الْأَدَاءَ»

**«Үч киши Аллах Азза ва Жалланын жардамына акылуу: Аллах Азза ва Жалла жолунда жихад кылып жаткан киши, тыйылуу үчүн нике куруп жаткан киши жана өзү үчүн төлөм берүүнү каалап жаткан мукатаб** (кул)**».**

4 – Расулуллах A кудуреттүү болуп, бирок, турмуш курбоону кайтарган. Насаий келтирген бир риваятта Набий Aдын «бычуудан кайтарганы» айтылат. Бул риваятты Ибн Мажа да келтирет.

5 – Расулуллах A ата-энеге дини жана кулку аларга жаккан бир жигит кызынын колун сурап келсе бул жигитке кызын берүүгө буюрган. Имам Термизий риваят кылган хадисте Абу Хурайра Расулуллах Aдын мындай дегенин риваят кылат:

«إِذَا خَطَبَ إِلَيْكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ دِينَهُ وَخُلُقَهُ فَزَوِّجُوهُ، إِلاَّ تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الأَرْضِ، وَفَسَادٌ عَرِيضٌ»

**«Качан дини жана кулку силердин ыраазылыгыңарга татыктуу бирер киши кызыңарга жуучу болуп келсе аны үйлөндүрүп койгула. Андай кылбасаңар жер жүзүндө фитна жана үлкөн бузгунчулук жайылат».**

Ибн Мажа муну төмөндөгүдөй лафзда риваят кылат:

«إِذَا أَتَاكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ خُلُقَهُ وَدِينَهُ فَزَوِّجُوهُ، إِلاَّ تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الْأَرْضِ وَفَسَادٌ عَرِيضٌ»

**«Качан дини жана кулку силердин ыраазылыгыңарга татыктуу бирер киши алдыңарга келсе аны үйлөндүрүп койгула. Андай кылбасаңар, жер жүзүндө фитна жана үлкөн бузгунчулук жайылат».**

6 – Муну менен бирге, Расулуллах A эрин, перзенттерин, үй-бүлөсүн коргоочу дин ээси болгон салиха аялды тандоо керектигине да буюрган. Имам Бухарий иштеп чыккан хадисте Абу Хурайра Γ Набий Aдын мындай дегенин риваят кылат:

«تُنْكَحُ الْمَرْأَةُ لِأَرْبَعٍ: لِمَالِهَا وَلِحَسَبِهَا وَجَمَالِهَا وَلِدِينِهَا، فَاظْفَرْ بِذَاتِ الدِّينِ، تَرِبَتْ يَدَاكَ»

**«Аялдын төрт жагы этибарга алынып тандалат: малы, насабы, жамалы жана дини. Андыктан, сен – куруп кеткир – дин ээсин танда».**

7 – Эми, сиздин «бир хадисте Үммөттүн фасыктары – бойдоктор делген» сөзүңүзгө келсек, бул заиф хадис. Ал төмөнкүдөй келген: Имам Ахмад өзүнүн «Мустадрак»ында бир кишиден, ал киши Абу Зардан риваят кылышынча, бир киши Расулуллах Aдын алдына кирди, анын ысымы Уккаф ибн Бушр Тамимий эле. Ага Набий A – Эй Уккаф, аялыңыз барбы, деп сурады, жок, деп жооп берди, ал зат – биздин сүннөтүбүз нике, силердин жаманыңар – бойдоктор, деди. Бул хадистин санады заиф, себеби, бул хадистин санадында Абу Зардан риваят кылган бир кишинин кимдиги белгисиз. Бул риваятты «Кабир»де Табароний жана башкалар да Бакия ибн Валид жолунан риваят кылышкан, эки хадис тең Муавия ибн Яхядан, ал Сулайман Ибн Мусадан, ал Макхулдан, ал Газиз ибн Харистен, ал Атийя ибн Буср Мазанийден риваят кылынган: Атийя айтты, Уккаф ибн Вадоа Хилалий Расулуллах Aдын алдына келди... ж.б.у.с. Бул хадис Муавия ибн Яхя бар экени себептүү да, Бакия ибн Валид бар экени себептүү да заиф эсептелет.

Ошондуктан, бойдокторду эң жаман адамдар деп болбойт. Тескерисинче, бойдоктор да, башкалар да өз аракеттерине карап жаман болушу мүмкүн.

Корутунду: Расулуллах A кудуреттүү болгон кишини үйлөнүүгө буюрду, себеби, киши өз динин сакташы, намысын коргошу жана көзүн башка бирөөлөрдөн бурушу үчүн эң жакшы жол – үйлөнүү. О.э. Расулуллах A «бычуудан» т.а. үйлөнүүдөн бүтүндөй үзүлүүдөн кайтарган. Ушуга ылайык, эгер сиз, суроо берүүчү, үйлөнүүгө кудуреттүү болсоңуз мен сизге ушуну сунуш кыламын: үйлөнүү үчүн салиха аял тандаңыз, жакшы үй-бүлө курууга бар күчүңүздү жумшаңыз, Аллах үчүн ниетиңизди калыс кылыңыз, Расулуллах Aга калыс болуңуз, мына ошондо сиз перзенттериңизди салих кылып өстүрүүгө да – инша Аллах – кудуреттүү болосуз, Аллах Субханаху салихтердин досу.

8 – Украиналык жигиттин суроосуна келсек, анын жообу төмөнкүдөй:

а) Расулуллах A үйлөнмөкчү болгон кишиге аялды көрүүгө буюрду. Имам Тирмизий Бакр ибн Абдуллах Музанийден, ал Мугира ибн Шуъбадан ушул хадисти иштеп чыккан: Мугира бир аялга жуучу койгондо Набий A ага:

«انْظُرْ إِلَيْهَا، فَإِنَّهُ أَحْرَى أَنْ يُؤْدَمَ بَيْنَكُمَا»

**«Аны көргүн, себеби, ортоңорду бекемдөөнүн эң жакшы жолу ушул»**, деди. «Баб»да Мухаммад ибн Масламадан, Жабирден, Абу Хумайддан, Абу Хурайрадан «бул хадис хасан» делген. Хаким да аны иштеп чыгып, эки шейхтин шарты менен сахих, деген, ага Захабий да кошулган.

Кыздын колун сураган жигит анын үй-бүлөсүнө барышы жана көрүүгө мубах болгон кыздын бармактарын жана жүзүн көрүшү мүмкүн. Бирок, кыз менен хилватта болушу же аны менен көчөгө чыгышы... мүмкүн эмес, себеби, жигит ага жат. Ошондуктан, мен суроодо келген текстке таң калдым, анда келишинче, сиз кызды үйүндө көрүүнү кааласаңыз, үй-бүлөсү болсо: «Жок, сиз аны менен көчөгө чыгыңыз жана көрүңүз» дешкен, назарымда, суроодо бирер чаташтык бар окшойт.

б) Кызга дини жана кулкунан ыраазы болсо арзый турган бир киши келсе, кыздын университетте окушу турмушка чыгышына караганда жакшыбы, деген маанидеги суроого келсек, Расулуллах Aдын ушул сөзүнө амал кылуу туура болот:

«إِذَا خَطَبَ إِلَيْكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ دِينَهُ وَخُلُقَهُ فَزَوِّجُوهُ، إِلاَّ تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الأَرْضِ، وَفَسَادٌ عَرِيضٌ»

**«Качан дини жана кулку силердин ыраазылыгыңарга татыктуу бирер киши кызыңарга жуучу болуп келсе аны үйлөндүрүп койгула. Андай кылбасаңар жер жүзүндө фитна жана үлкөн бузгунчулук жайылат».**

Ибн Мажа муну төмөнкүдөй лафзда риваят кылган:

«إِذَا أَتَاكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ خُلُقَهُ وَدِينَهُ فَزَوِّجُوهُ، إِلَّا تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الْأَرْضِ وَفَسَادٌ عَرِيضٌ»

**«Качан дини жана кулку силердин ыраазылыгыңарга татыктуу бирер киши алдыңарга келсе аны үйлөндүрүп койгула. Андай кылбасаңар жер жүзүндө фитна жана үлкөн бузгунчулук жайылат».**

Бул хадисте эгер кыздын валийлери жигиттин дининен жана кулкунан айып табышпаса жигитти четке кагуусу катъий кайтарылгандыгы көрүнүп турат. Эгер, кыздын үй-бүлөсү бул жигит дининде, адамдар менен болгон мамилесинде, жүрүм-турумунда шаръий өкүмдөргө кандай баш ийишин сураштырып, жигиттин дини жана кулкуна ыраазы болушса – Аллахтын уруксаты менен – анда, валийлерге жигитти четке кагууга тыюу салынат же кыздын университетте окуп жатканын шылтоолоп бул жигитке турмушка чыгуудан кайтарышына тыюу салынат. Тескерисинче, алар ыраазы болушуп, кызын турмушка чыгуудан тыйбашы керек. Себеби – инша Аллах – динди коргоодогу, бекемдөөдөгү эң туура жол мына ушул.

Сөзүмдүн аягында мен ар бир кудуреттүү кишиге салиха аялга үйлөнүүнү сунуш кыламын, себеби, ал бул дүйнө хасанасы (сыйлыгы) болуп эсептелет. «Умдатул карий, шархи сахихи Бухарий» китебинде Али Γ дейт:

{وَمِنۡهُم مَّن يَقُولُ رَبَّنَآ ءَاتِنَا فِي ٱلدُّنۡيَا حَسَنَةٗ وَفِي ٱلۡأٓخِرَةِ حَسَنَةٗ وَقِنَا عَذَابَ ٱلنَّارِ}

***«Дагы алардын арасында ушундай адамдар да бар, алар: Оо Роббибиз, бизге бул дүйнөдө да жакшылык бер, Акыретте да жакшылык бер жана бизди тозок азабынан сактагын, дейт»*** [2:201]

аят каримасындагы бул дүйнө жакшылыгы – салиха аял, Акырет жакшылыгы – бейиш».

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **17-робиус-саний, 1435-х.**

**17-февраль, 2014-м.**

## **<u>Суроо:</u>** Жөнөкөй фильмдерди көрүү үчүн кинотеатрларга кирүү жайызбы?

Белгилүү болгондой, фильмдерди көрүү чыныгы денени эмес, балким, сүрөттөрдү көрүү болуп саналат. Ошондой болгон соң, ахлакий бузукулукту келтирип чыгара турган фильмдерди көрүү жайызбы? Мындай фильмдерди көрүү үчүн кирип жаткан мусулман адамга карата кандай мамиледе болушубуз важып: Ага амру-маъруф кылып, аны жамандыктан кайтарабызбы же аны өз абалына таштап коёбузбу?

**<u>Жооп:</u>** <u>Олуттуу, пайдалуу</u> фильмдерди көрүү үчүн кинотеатрларга кирүү жайыз. Бирок, залдагы аялдардын орундук саптары эркектердин орундук саптарынан өзүнчө бөлөк болушу шарт. Себеби, ал да бирер маруза же жыйынга катышууга окшойт. Бул нерсе бир гана <u>эркектердин орундук саптары аялдардыкынан өзүнчө бөлөк болуу</u> шарты менен жайыз.

Бирок, ушул шарттар менен болгон бул жайыздыкты залда отурган аялдардын айрым авраттарына көз түшүп калышынан корккондугу себептүү жана залдагы көрүүчүлөрдөн туура эмес сөздөрдү (мүмкүн болбогон сөздөрдү) угуп калуудан корккондугу себептүү таштап кетиши абзелирээк.

Бирок, ахлакий бузукулукту келтирип чыгара турган фильмдерди көрүү таптакыр жайыз эмес. Жада калса, алар чыныгы дене эмес, балким, сүрөт болгон күндө да таптакыр жайыз эмес. Себеби, бул жааттагы шаръий коида «арамга алып бара турган васита да арам» деген коида болуп, бул коида боюнча васита арамга албетте алып барышы шарт кылынбайт, балким, ушундай күмөндүн үстөм болушунун өзү жетиштүү. Анткени, мындай фильмдер адамдарды көбүнчө арамга жетелейт. Ошондуктан, демек, жогоруда айтылган шаръий коида аларга дал келет.

Ошондуктан, демек, мындай фильмдерди көрүү үчүн кирүү да, аларды сатып алуу да жайыз эмес.

Эми Хизб жигиттери мына ушундай фильмдерди көрүү үчүн кирип жаткан мусулмандарга карата кандай мамиледе болуу керектигине келсек, көбүнчө мындай фильмдерди көрүү үчүн амру-маъруф да, нахий-мункар да пайда бербей турган, таасир кылбай турган селсаяк кимселер киришет. Роббинин Өзү ырайым кылбаса, мындай кимселердин иши кыйын. Ошого карабастан, эгер жигиттер бирер күчтүү ыкманы жана хикмат менен тыйып коюу, кайтаруу жолун табышса, мына ошону ишке салышсын. Мүмкүн, бул суроону берген киши өзүнүн айрым жакындарын көздө тутуп жаткандыр, аларды мындай жаман абалда көрүү аны кайгыга салып, ошондуктан, аларды бул жолдон кайтармакчы болгон болушу мүмкүн. Эгер андай болсо, аларга амру-маруф, нахий-мункар кылсын, ылайык ыкманы тандап колдонсун. Ажеп эмес, Алла аларды хидаяттаса. Бул үчүн ага Алланын уруксаты менен, албетте, сооп-сыйлык болот.

Бүгүнкү күндө мусулмандарды ар тараптан балээлер, каргашалар ороп алды. Буга бирден-бир себеп, алардын Халифалыгынын жоктугу. Ошондуктан, мусулманга бүгүнкү күндө ылайык болгон нерсе, жада калса, мубах болгон оюн-күлкүгө да убакыт ажыратпашы керек. Ошондой болгон соң, эгер, мусулман адам өз убактысын – Алла сактасын – арам болгон көңүл ачуулар менен өткөрсө, бул кандай абал болот? Муну өзүңөр элестетип көрө бергиле. Эй боордоштор, силердин важып милдетиңер зор күч сарптап, бирок, хикмат менен мусулмандарды туура жолго жолдошуңар. Анткени, алар бүткүл убактыларын жакшы иштерди кылуу, Халифалыкты кайра тикелөө жана Үммөттү бул каргаша, төмөндүктөн куткаруу үчүн бүткүл күчүн аябай аракет кылуу менен өткөрүшсүн.

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ато ибн Халил Абу Раштанын «Фейсбук» колдонуучулары тарабынан берилген суроолорго жооптору (фикхий)

### Kareim Siamдын хавл жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Хавл бул жыл да, жыл эсеби да эмес. Ал экөөсүнөн айырмаланып, 10 айды түзөт. Аллах Тааланын:

﴿وَحَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلَاثُونَ شَهْرًا﴾

***«Аны** (боюнда) **көтөрүү жана аны** (сүттөн) **ажыратуу** (мөөнөтү) **отуз ай»*** [46:15]

деген аятына ылайык хавл мына ушундай. Эгер, отуз айдан тогуз ай кош бойлуулук убагын алып салсак, жыйырма бир ай калат т.а. бир хавл он жарым айга барабар экени ачыкталат. О.э. Аллах Тааланын ушул каламы:

﴿يُرْضِعْنَ أَوْلَادَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾

***«Толук эки хавл эмизишет»*** [2:233]

Т.а. төрөгөндөн кийин жыйырма бир ай дегени. Демек, зекет да ар он жарым айда болот жана бул ар жети жылда сегиз ирет зекет беришибизди түшүндүрөт.

**Жооб:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Чамасы, суроонузду Ислам саламы менен баштоого убактыңыз жетпеген көрүнөт! Кандай болбосун, макул, сиздин ордуңузга өзүбүз саламды коюп, жообубуздан мурда алик алып коё бердик! Акыры, саламга бакылдык кылбашыңыз жакшы эмеспи, эй Карим?!

Суроонузга эки сабабтан улам жооп бербеймин деген фикир келген эле. Биринчиси, жыл маанисиндеги хавл «حول» лугатта да, шарияттa да сабит нерсе. Экинчиси, сиз жооб алуу үчүн суроо бербей жатасыз. Сиз өзүңүзгө «хавл он жарым айды түзөт» деп чечип алгансыз жана анын үстүнө – суроодо келгендей – ибадат т.а. зекетти белгилеп алгансыз!

**Бирок, бул маселени ар тараптуу ойлонуп көргөн соң, суроонуз кээ бир инсандарды чалгытып койбошу үчүн жооб берүүнү туура деп чечтим. Аллахтын тавфики менен, кеп мындай:**

Биринчиден: лугатта хавл «حول» мааниси жыл же жыл эсеби деп келет. Бул сөз абдан белгилүү болгондуктан айрым энциклопедияларда хавлга түшүндүрмө берилбестен эле жыл же жыл эсеби деп келген. Кудум бул сөз бардык адамдар тарабынан моюнга алгандай! Хавл «حول» сөзүнүн мааниси жөнүндө айрым лугаттардан үзүндүлөрдү көрсөтүп өтөмүн:

– «Лисанул араб»: «حول» сөзү «عام» жыл маанисин түшүндүрүп... анын көптүк мааниси «أعوام» болот.
– «Сихаху тажил лугат ва сихахул арабийя»: Хавл «حول» сөзү жыл маанисин билдирет.
– «Комусул мухит»: «حول» сөзү жыл маанисин билдирет. «حول» сөзүнүн көптүп мааниси: أَحْوَالٌ, حُؤُولٌ, حُوُولٌ.
– «Тажул урус»: Хавл «حول»: өзүнүн өзгөрүшү, күндүн айлануусу жагынан алганда жыл маанисин түшүндүрөт.
– «Комусул фикхий»: «حول» сөзү жыл маанисин түшүндүрөт.

Экинчиден, Куръани Карим ачык-айкын арабча сөз болуп, ал араб тилинде тафсир кылынат, ушул сабабтан улам тафсирлерде минтип келген:

– Тафсири Табарий – Жамиул баян Т Шакир (5-31):

Абу Жаъфар айтат: «Аллах Тааланын ﴿حَوْلَيْنِ﴾ сөзү эки жыл дегенди түшүндүрөт. Мага Мухаммад ибн Амр хадис риваят кылган: Бизге Абу Асим Исадан, ал Ибн Абу Набихтен, ал Мужахидден хадис риваят кылды,

﴿وَالْوَالِدَاتُ يُرْضِعْنَ أَوْلَادَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾

***«Энелер балдарын толук эки хавл эмизишет»*** [2:233]

деген эки хавл эки жылды билдирет».

– Зажжаждын «Маанил Куръан ва эърабуху» (1\312):

﴿حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾ ***«толук эки хавл»*** – бала төрөлгөн күндөн баштап, эмчектен чыккан чейинки жыйырма төрт ай.

Тафсири Багавий - Таййиба (1-277):

﴿حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾ ***«толук эки хавл»*** т.а. эки жыл. Бул «Камал»да да айтылган.

Үчүнчүдөн: Эми сиз ушул:

﴿وَحَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلَاثُونَ شَهْرًا﴾

***«Аны*** *(боюнда)* ***көтөрүү жана аны*** *(сүттөн)* ***ажыратуу*** *(мөөнөтү)* ***отуз ай»*** аятын айтып, кийин кош бойлуулук 9 ай болот, бул 9 ай алынган соң 21 ай калат деп:

﴿وَالْوَالِدَاتُ يُرْضِعْنَ أَوْلَادَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ لِمَنْ أَرَادَ أَنْ يُتِمَّ الرَّضَاعَةَ﴾

***«Энелер балдарын толук эки хавл эмизишет.*** *(Бул хукм)* ***эмизүүнү толук кылмакчы болгон адамдар үчүн»,*** аятында айтылган эки хавл 21 айды түзөт деген сөздөрүңүзгө келсек, сиз түшүнүүдө жана өлчөөдө жаңылышкансыз! Сиз кош бойлуулук мөөнөтүн тогуз ай гана болот деп ойлогонсуз, бул болсо туура эмес. Себеби, кош бойлуулук мөөнөтү алты ай, жети ай, сегиз ай жана тогуз ай болот. Бирок, хавл 12 ай болушу анык-сабит. Ошондуктан, ушул эки аяттын тафсири мындай болот:

﴿وَالْوَالِدَاتُ يُرْضِعْنَ أَوْلَادَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ﴾

***«Энелер балдарын толук эки хавл эмизишет»*** аяты, энелер толук эки жыл (24 ай) эмизишет деген маанини билдирет жана:

﴿وَحَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلَاثُونَ شَهْرًا﴾

***«Аны*** *(боюнда)* ***көтөрүү жана аны*** *(сүттөн)* ***ажыратуу*** *(мөөнөтү)* ***отуз ай»*** аяты, кош бойлуулуктун эң аз мөөнөтү алты айды түзөт, анткени, эмизүүнү толук кылуу т.а. 24 айда аягына жетет. Демек, эң аз кош бойлуулуктун убагы 30-24=6 ай болот. Бул бардык фукахалар арасында белгилүү болуп, бул туурасында ихтилаф кылышпаган.

Төртүнчүдөн: Ошентип, сиз түшүнүү жана өлчөөнү жакшы жүргүзбөгөнсүз, натыйжада, өзүңүз сабит-анык хавлды өзгөртүп алгансыз, кийин ушул өзгөртүп алганыңызды сабит-анык кош бойлуулук мөөнөтү деп алгансыз! Акыбетте, аятка тескери маани берип, хавл он жарым айды түзөт деген тыянак чыгаргансыз. Бул жаңылыштык гана болуп калбастан, адашуу дагы!

Маселе айкындашкан болсо керек деп ойлоймун... Аллах сизди иштериңизде рушд-хидаятка баштасын.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рашта** **10-жумадус-саний, 1438-х.**

**9-март, 2017-м.**

## Суроонун жообу

**Суроо:** Жеңүүчү тайпа (Голиб тоифа) туурасында бир нече хадистер келген. Бул хадистер кандай тафсирленет? «Бул хадистерден усул аалымдары же хадис аалымдары көздөлгөн» деген сөздөр туурабы? Айрым учурларда ал же бул жамааттын «бул хадистерде айтылгандарга биз туура келебиз» деп жатышканын угуп калабыз, эми муну кантип аныктаса болот? Алла сиздерди Өз рахматына жетиштирсин.

**Жооп:** Мунун жообу эки бөлүмдөн турат:

Биринчи: Жеңүүчү тайпа туурасында келген хадистердин шархы.

Экинчи: Ушул хадистерге карата кандай мамиледе болуу.

<u>Биринчиси:</u> Жеңүүчү тайпа туурасында бир нече хадистер келген:

- Бухарий Мугыйра ибн Шуъбадан рыбаят кылышынча, Расулулла ρ мындай деген: «**Үммөтүмдүн бир тайпасы ар дайым жеңүүчү болуп бара берет, ал тургай, Алланын буйругу келген кезде да, алар жеңүүчү болуп турган болушат**».
- Муслим Савбандан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ρ мындай деген: «**Үммөтүмдүн бир тайпасы ар дайым акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп бара берет. Кимдир бирөөлөрдүн колдоп-кубаттабашы ага зыян жеткирбейт. Ал тургай, Алланын иши-буйругу келген кезде да ушул абалында турган болот**».
- Муслим Жобир ибн Абдулладан рыбаят кылышынча, ал Пайгамбар ρдын мындай дегенин уккан экен: «**Үммөтүмдүн бир тайпасы кыямат күнүнө чейин акыйкат үстүндө күрөшүп, жеңүүчү болуп бара берет. Кийин Ийса ибн Марям соллаллоху алайхи ва саллам түшөт. Ошондо алардын амири (Ийсага): «Кел, бизге намаз окуп бер» (имам болуп бер), - дейт. Ошондо ал Алланын бул үммөткө болгон ызат-сыйын көрүп: «Жок силер бири-бириңерге амирсиңер», - дейт**».
- Муслим рыбаят кылышынча, Пайгамбар ρ мындай деген: «**Бир тайпа мусулмандар кыямат күнүнө чейин акыйкат үстүндө согушуп, каршылаштарынын үстүнөн жеңүүчү болуп бара берет**».
- Муслим Укба ибн Омирден рыбаят кылышынча, ал киши «мен Пайгамбар ρдын мындай деп жатканын укканмын» дейт: «**Бир тайпа үммөтүм Алланын иши-буйругу негизинде согушуп, душмандарын жеңип бара берет, каршылаштары ага жапаа жеткизбейт. Ал тургай, Алланын иши-буйругу келген кезде да ушул абалда турган болот**».
- Термизий Савбандан рыбаят кылышынча, Расулулла ρ мындай деген: «**Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп бара берет. Алланын иши-буйругу келгенге чейин кимдиндир колдоп-кубаттабашы аларга зыян жеткирбейт**».
- Абу Довуд Имрон ибн Хусайндан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ρ мындай деген: «**Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө согушуп, каршылаштарынын үстүнөн жеңүүчү болуп бара берет. Ал тургай, алардын акыркылары Масийх Дажжал менен согушат?**».
- Имам Ахмад Жобир ибн Абдулладан рыбаят кылышынча, ал киши «мен Расулулла ρдын мындай деп жатканын уктум» дейт: «**Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө согушуп, кыямат күнүнө чейин жеңүүчү болуп бара берет**».
- Ахмад рыбаят кылышынча, Расулулла ρ мындай деген: «**Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп, душмандарын жеңип бара берет. Өздөрүнө жолуккан (табийгый) мусибат-тарткылыктарды эсепке албаганда, каршылаштары аларга зыян жеткизбейт. Ал тургай, Алланын иши-буйругу келген кезде да, ушул абалында турган болушат. «Я Расулулла, алар каерде (болушат)?» - деп суралды, ошондо ал зат: «Байтул Макдисте жана Байтул Макдистин айланасында», - деди**».
- Табароний «Ал-Кабир»де келтирген хадисте: «**Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп, өздөрүнө каршы согушкандарды жеңип бара берет. Каршылаштары аларга зыян жеткизбейт. Ал тургай, Алланын иши-буйругу келген кезде да алар ушул абалда турган болушат. «Я Расулулла, алар каерде (болушат)?» - делгенде, ал зат: «Байтул Макдисте», - деди**».
- Ахмад Абу Умомадан рыбаят кылган хадисте алардын Байтул Макдисте болору келтирилип, «Байт» сөзү «Макдис»ке изофа кылынган. Табароний «Ал-Авсат»та Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте мындай делет: «**Алар Дамашк дарбазаларынын алдында жана анын айланасында, Байтул Макдис дарбазаларынын алдында жана анын айланасында согуш кылышат.**

**Кимдиндир колдоп-кубаттабаганы аларга зыян кылбайт. Кыямат күнүнө чейин жеңүүчү болуп калышат»** («Фатхул Барий»ден).

- **«Үммөтүмдүн бир тайпасы Дамашк дарбазаларынын алдында жана анын айланасында, Байтул Макдис дарбазаларынын алдында жана анын айланасында согуш кылууда уланышат. Кимдиндир колдоп-кубаттабастан таштап коюшу аларга зыян кылбайт. Кыямат кайым болгонго чейин акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп калышат».** (Муттакий Хиндийдин «Канзул Уммол» китебинен).

Ушул тайпа туурасында айтылган хадистерди тадаббур кылып (бир сыйра көздөн кечирип), бири-бирине салыштыруудан төмөндөгүлөр белгилүү болот:

1. Ал тайпа мусулмандардын бардыгы эмес, балким, мусулмандардын бир бөлүгү гана. Себеби, «тайпа» деген сөз нерсенин бир бөлүгүнө карата айтылат. «Комус»та да: «Нерсенин бир тайпасы – анын бир бөлүгү» делген.
2. Ал акыйкат негизинде т.а. Ислам негизинде жүрөт.
3. Алар «Акыйкат үстүндө согуш кылышат», «Алланын буйругу негизинде согушушат».
4. Ал күч-кудуретке ээ болуп, душман кошууну менен согушат да, аны жеңип, бүтүндөй чегинтет, анын үстүнөн ачык жеңишке жетишет. Алар жөнүндө: «Акыйкат үстүндө согушуп, каршылаштарынын үстүнөн жеңүүчү болуп бара берет», «Алланын иши-буйругу негизинде согуш кылып, душмандарды жеңилүүгө учуратып бара берет» делген.
5. Бул тайпа «Дамашк дарбазаларынын алдында жана анын айланасында, Байтул Макдис дарбазаларынын алдында жана анын айланасында согуш кылышат». Демек, алар Шам журттарында жана анын айланасындагы аймактарда душман менен согушуп, анын үстүнөн жеңишке жетишет.

Бул сыпаттардан белгилүү болгондой, бул тайпа Ислам негизинде иш алып барат, анын жолунда согушат жана душманды бардыгынын көз алдында ачык жеңе турган күч-кудуретке ээ болот. Себеби, душман бир канча мамлекет жана кошуундарга ээ. Ушундай болгон соң, душманды жеңе турган кошуун да Исламий мамлекеттеги күчтүү исламий кошуундан турушу керек жана кошуунду халифа же кошуун башчы башкарышы керек. Ошондо душман менен согушуп, аны шермендележерче жеңилүүгө учуратып, жеңишке жетишет. О.э. бул тайпа Шам журту менен анын айланасындагы аймактардан келип чыгышы керек, мамлекет куруп, кошуун курап, душман менен согушуп, аны чегинтип, анын үстүнөн жеңишке жетишиши керек. Т.а. бул тайпа мамлекетке жана кошуунга ээ болуп, душманды жеңилүүгө учуратып, анын үстүнөн жеңишке жетишет же мамлекет жана кошуун тикелөө үчүн иш алып барат. Кийин душман үстүнөн ийгиликке жетишип, аны чегинтет жана жеңүүчү болот.

Менин оюм боюнча, бул сыпаттар – душман менен согушуу, анын үстүнөн жеңишке жетишүү – Пайгамбар ρдын жана ал заттын сахабаларынын дооруна туура келет. О.э. Исламдын алгачкы дооруна да жана душман менен согушуп, аны чегинтип, анын үстүнөн жеңишке жетишкен Ислам Мамлекетинин ар бир халифасы менен кошуун башчысына да дал келет.

Бул сыпаттар кресттүүлөрдү жеңилүүгө учураткан Салахуддин менен анын кошуунуна да, ошондой эле, монгол-татарларды жеңилүүгө учураткан Кутз, Бейбарс менен алардын кошуундарына да туура келет.

Менимче, бул сыпаттар бизге да туура келет. Анткени, биз күчтүү Исламий мамлекет – туура жолдогу Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылып жатабыз. Ал Халифалык болсо, душман менен согушат, аны чегинтет, анын үстүнөн жеңишке жетишет. Жөөт вужудун жоготот, Расулулла ρ башарат кылганындай, Римди фатх кылат.

Мен ушундай деп билем.

Бирок, бул тайпанын сыпаты Исламий мамлекети да, Исламий мамлекет ичиндеги кошууну да болбогон эч бир жамаатка туура келбейт. Себеби, анын мамлекети жана кошууну болбосо, душманды жеңилүүгө учуратып, анын үстүнөн жеңишке жетише албайт. Кыскасы, мамлекет жана мамлекеттеги кошуун болбосо, жөөт мамлекетин жок кыла албайт жана Америка же Британияны да жеңе албайт. Демек, бул тайпа – душман менен согуша турган мамлекети же мамлекет ичиндеги кошууну болбогон жамааттарга туура келбейт. Себеби, ошол жеңүүчү тайпа болгону согушуу менен гана сыпатталып калбастан, душманды чегиндирип, анын үстүнөн жеңишке жетишүү менен да сыпаттанууда. Негизи, душман мамлекетине жана кошуунуна ээ болгон соң, аларды мамлекетке да, кошуунга да ээ болбогон жамааттардын чегиндириши, анын үстүнөн жеңишке жетишиши мүмкүн эмес.

Ошондой эле, ал тайпа Исламий мамлекет – Халифалыкты тикелөө үчүн иш алып барбай турган жамаатка да туура келбейт. Себеби, ал мындай иш алып барбаса, мамлекеттерди да, кошуундарды

да жеңилүүгө учурата албайт. Себеби, согушуу жана душманды жеңүү – ушул тайпанын негизги сыпаты. Бул нерсе болуп өткөнбү, же эми болобу, мунун айырмасы жок.

Ушуга караганда, бул тайпа – усул аалымдарына да, хадис аалымдарына да, эгер алар душман менен согушуп, аны чегиндирүүчү жана анын үстүнөн жеңишке жетишүүчү мамлекетти тикелөө үчүн иш алып барышпаса – туура келбейт.

«Сахихи Бухарий»деги «Пайгамбар ρдын «бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп, согушуп бара берет, алар – ахли илимдер» деген рыбаятындагы «алар ахли илимдер» деген сөз мусаннифтин (түзүүчүнүн) сөзү, Пайгамбар ρдын сөзү эмес. Себеби, Асколоний «Фатхул Барий»де ушул бапты шархтап: «Рыбаяттагы «…алар ахли илимдер» деген сөз мусаннифтин сөзү» деп келтирген.

Ушуну да айта кетүү керек, душманга каршы калыс согушкан ар кандай тайпа – мейли, душман үстүнөн жеңишке жетише албаса да – ажрга (сооп-сыйлыкка) ээ болот. Ал тургай, душманга каршы ыклас менен кылынган жеке тартиптеги согушка да ажр бар. Ар кандай жамаат жакшылык иш-амалдардын бирөөсүн кылса, ага да ажр бар, мейли ал жеке тартиптеги амал болсо да. Ар кандай тайпа Исламий илимдер менен алектенсе – усул илими болобу же хадис илими болобу, айырмасыз – мейли, бул фардий (жеке тартиптеги) амал болсо да, бул иштерде ага ажр бар. Бирок, бул орунда маселе бул туурасында эмес, балким, ал же бул тайпаны жеңүүчү тайпа деп сыпаттоо туурасында болууда.

Ал же бул тайпа жеңүүчү тайпа сыпатына ээ болушу үчүн Расул ρдын хадистеринде айтылган сыпаттарды өзүндө толук камтыган болушу шарт.

Бул хадистер топтолуп, биргеликте тадаббур кылынып, анан тафсир кылынса, жогорудагы тыянактар келип чыгат. Мен туура деп билген тыянактар мына ушулар.

Хадистеги «жеңүүчү болуп бара беришет» деген сөзгө келсек, бул «үзүлүш болбойт» дегени эмес, тескерисинче, душман үстүнөн жеңишке жетишүү кыямат күнүнө чейин мезгил-мезгили менен болуп турат. Т.а. душман үстүнөн жеңиш бир жолу болуп, кийин душман бизди түбөлүк жеңет дегени эмес, балким жеңишибиз кыямат күнүнө чейин мезгил-мезгили менен арты-артынан боло берет. Бул нерсе турмуш чындыгында болуп өткөн. Исламдын алгачкы доорунда капырга үстөм болуп, жеңишке жетиштик, кийинчерээк чегинген учур болду, кайра жеңишке жетиштик.

وَتِلْكَ الْأَيَّامُ نُدَاوِلُهَا بَيْنَ النَّاسِ

*- «... бул күндөрдү (т.а. жеңиш жана жеңилүү күндөрүн) адамдар арасында айландырып турабыз».* [3:140]

Кресттүүлөр келди, кийин алар жеңилүүгө учурашты. Монгол-татарлар келди, кийин алар да жеңилүүгө учурашты. Биз алсырап чегиндик, кийин кайтып Константинополду фатх кылдык, ал Исламбулга айланды… Халифалык түгөтүлдү, эми болсо ал Алланын уруксаты менен кайтып келет, жакында Палестинаны басып алган жөөт вужудун жок кылат, Алланын изни менен Римди фатх кылат. Жогорудагы сыпаттарга ээ тайпа акыйкат үстүндө согушуп бара берет, ал тургай, алардын сүйөнүүчү Масийх Дажжал менен согушат. Хадистеги этибарлуу жай, Ийса алайхис-салам кыямат күнүнөн мурунураак түшкөн кезинде, мусулмандардын мамлекети жана амири бар экендигин, мунун натыйжасында, алар душман үстүнөн ачык жеңишке жетишкендигин көрөт.

Кыскасы, «жеңүүчү болуп бара беришет» деген сөз «үзүлүш болбойт» деген маанини түшүндүрбөйт, балким, «бул дүйнө мусулмандар кыямат күнүнө чейин жеңишке жетишип тура турган доорлордон куру эмес» деген маанини түшүндүрөт.

Пайгамбар ρдын «Сахихи Бухарий»де рыбаят кылынган сөзү да ушуга кирет:

**«Качан кыямат кайым болгонго чейин бул үммөттүн иши туура, ийилбестен улана берет».**

Бул хадистен «үммөттүн иши туура, ийилбестен үзгүлтүксүз уланып турат» деген маани чыкпайт. Анткени, үммөт ишинин туура кетиши айрым доорлордо, айрыкча, Халифалык кулатылгандан кийин үзүлүп калды.

Бул – дүйнөдө үммөттүн иши кыямат күнүнө чейин туура кете берет, ийилбейт, ийилсе кайра түзөлбөйт, Халифалык кетпейт, кеттиби эми кайтпайт – дегени эмес. Тескерисинче ал кайтат, ийилген болсо кайра тууралaнат. Кыскасы, үммөттүн кыямат күнүнө чейин туура кетиши мезгил-мезгили менен уланып барат.

Бул жооптун биринчи бөлүгү болду жана ал маселенин негизги тарабы болсо керек. Бирок, мындан башкача тафсир кылуу мүмкүн эмес деп айтмакчы эмесмин, болгону ушу туура болсо керек деп билемин.

Экинчи тарап – бул хадистерге карата кандай мамиледе болуу керектигине келсек:

Пайгамбар ρдын мусулмандарга жакшылык алып келүүчү иштер туурасында башарат берген хадистерине карата сахабалар (Алла алардан ыраазы болсун) жана сүннөткө көркөм түстө ээрчигендер кандай амалий мамиледе болушса, ошондой мамиледе болуш керек. Алар Пайгамбар ρдын Константинополь менен Римдин фатх кылынышы жөнүндөгү хадистерин уккан же окуган кездеринде, бул башараттарды өз колдору менен жүзөгө чыгарууга катуу умтулушту. Натыйжада, Алла биринчи фатхты Мухаммад Фатих рахимахуллага насип этти жана бул фатх себептүү Константинополь Исламбул атын алды. Хадисти угушту да, ушул хадис өз колдорунда жүзөгө чыгышы үчүн, кала берсе, Расулулланын фатх кылуучуну «**Анын (т.а. Исламбулду фатх кылуу үчүн жиберилген кошуундун) амири кандай ажайып амир, анын кошууну да кандай ажайып ээ**» деп сыпаттаган жакшылыкка жетишүү үчүн, бул ишке олуттуу киришип кетишти. Ошондуктан, халифалардын көпчүлүгү Константинополду фатх кылуу үчүн эчендеген кошуундарды жиберишти. Абдан көпчүлүк сахабалар, атүгүл Абу Айюб τ сыяктуу кары жаштагы сахабалар да ушул улуу фазилатка жетишүү максатында ошол кошуундун сабында болушту.

Айтор, жеңүүчү тайпа тууралсындагы хадистерде Пайгамбарыбыз ρ анын сыпаттарын билдирди, анын фазлин, душман менен согушушун, душман үстүнөн жеңишке жетишишин баяндап берди. Бул болсо капыр мамлекеттер менен алардын кошуундарын жеңе турган Исламий мамлекет жана мусулман кошуун менен гана болот. Ушундай болгон соң, Ислам Мамлекетин – туура жолдогу Халифалыкты тикелешибиз үчүн, анын кошуундарынын сабында болуп, душманга каршы согушуп, анын үстүнөн жеңишке жетишишибиз үчүн белди бекем бууп, жең түрүнүп ишке киришели. Муну менен Пайгамбарыбыз ρдын хадиси шарифтеринде айтылган ошол тайпанын катарында болушубузду үмүт кылабыз.

Акыры келип, эң маанилүү бир иш калды. Бирок, бул иш а же бу тайпанын «ошол тайпага биз туура келебиз» деши эмес. Балким, маселе мында, кимде-ким жеңүүчү тайпа болууну каалаcа, ошол тайпаны мүнөздөп келген  сыпаттарды жүзөгө чыгарып, Исламий мамлекетти жана Исламий кошуунду пайда кылуу үчүн иш алып барсын, бул кошуун болсо, капыр душман Америка, Британия, жөөт жана башкалар менен согушуп, алардын үстүнөн ачык жеңишке жетишет. Ошондо ал жеңүүчү тайпанын сабында болгон болуп эсептелет. Ушундай экен, кимде-ким жеңүүчү тайпанын катарынан орун алмакчы болсо, Алланын уруксаты менен ошол тайпанын сыпаттарын өзүндө камтыган абалда аракет алып барсын.

Ошол тайпанын сабында болушубузду, Исламий мамлекет – туура жолдогу Халифалыктын тикеленишинин күбөсү болушубузду, душман үстүнөн жеңишке жетишүүчү Ислам лашкерлеринин катарында болушубузду Алла Субханахудан сурап калабыз.

Алла Субханаху динине жардам берүүчүлөргө жардам берүүчү зат о.э. Ал күчтүү жана азиз.

**7-рамазан 1425-х.**
**21-октябрь 2004-м.**

# بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

## Суроо-жооб

## «Дуа казаны кайтарат» деген хадис кандай түшүнүлөт?

**Суроо:**

«Исламий пикирлөө» китеби биздин табанний кылынган китептерден  саналат. Ушул китепте дуа казаны да, тагдырды да, ошондой эле, Аллахтын илимин да өзгөртпөйт деп келген. Бирок, Куран жана сүннөттө бул түшүнүккө каршы келген насстар бар. Набий ﷺдан:

«لَا يَرُدُّ الْقَضَاءَ إِلَّا الدُّعَاءُ»

«**Каза бир гана дуа менен кайтарылат**», деген хадис бар. Бул маанидеги көптөгөн хадистерди кездештирүүгө болот. Бул хадис тастыктап тургандай дуа казаны өзгөртөт. Ошондуктан, биздин

китепте келген түшүнүк менен бул насстарда келген карама-каршылыктардын ортосунда кандай алака кылынат? Аллах ыраазы болсун.

**Жооб:**

Сенин суроондо көрүнүп тургандай, «Исламий пикирлөө» китеби эмес, «Исламий пикир» китебинде келген нерседен суроо салып жатасың, ошондой эле, суроодо да каталар орун алган. Ал ката «биздин табанний кылынган китептерден саналат» дегениң. Ал китеп табанний кылынган китеп эмес. Ал китеп «Идарий топтом» китебинде «Хизб чыгарган табанний кылынбаган китептер» бабында аты аталган китеп. Белгилүү этибар үчүн амирдин же башка бир мүчөнүн аты аталышынын айырмасы жок, ал китеп халкаларда окутулбайт. Сен суроо салып жаткан нерсе бул китептеги ушул цитата тууралуу болуп жатат: «Бирок, ачык-айкын боло турган нерсе дуа Аллахтын илиминдеги нерсени өзгөртпөйт. Казаны кетирбейт жана тагдырды да өзгөртпөйт. Себеби, жок эч бир нерсе болбойт. Анткени, Аллах боло турган нерсенин баардыгын анык билген зат. Аллахтын казасы шек-күмөнсүз боло турган нерсе. Эгер, дуа казаны кайтара турган болгондо, анда, каза болмок эмес. Кадарды Аллах пайда кылган, аны дуа кетире албайт...». Сен бул жерде айтып өткөн нерсе хадисте келген:

**«إِنَّ الدُّعَاءَ يَرُدُّ الْقَضَاءَ»**

«**Дуа казаны кайтарат**» деген, дагы бир риваятта:

**«لَا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلَّا الدُّعَاءُ»**

«**Кадар бир гана дуа менен кайтарылат**» деген нерсеге каршы келет деп жатасың. Ошондой эле, бул карама-каршылыктардын ортосун кандай байланыштырабыз, деп суроо салдың.

Жообго киришүүдөн мурун кириш сөз катары бул ишке байланышкан кээ бир нерселерге токтолуп өтөмүн:

1 – Аллах Таала айтат:

﴿وَقَالَ رَبُّكُمُ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ إِنَّ الَّذِينَ يَسْتَكْبِرُونَ عَنْ عِبَادَتِي سَيَدْخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ﴾

***«Роббиңер айтты: «Мага дуа кылгыла, мен аны кабыл аламын. Мага ибадат кылуудан текеберленгендер тозокко кордологон абалда киришет»»*** [Гофир 60]

– Хаким Мустадрак китебиндеги риваятта Абу Хурайра Гдан айтты: Пайгамбар А айтты:

**«لَيْسَ شَيْءٌ أَكْرَمَ عَلَى اللَّهِ مِنْ الدُّعَاءِ»**

**«Аллахка дуадан өткөн урматтуу нерсе жок».** Ахмад Муснадында Абу Саид Гдан Пайгамбар А айтты:

**«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يَدْعُو بِدَعْوَةٍ لَيْسَ فِيهَا إِثْمٌ وَلَا قَطِيعَةُ رَحِمٍ إِلَّا أَعْطَاهُ اللَّهُ بِهَا إِحْدَى ثَلَاثٍ إِمَّا أَنْ تُعَجَّلَ لَهُ دَعْوَتُهُ وَإِمَّا أَنْ يَدَّخِرَهَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ وَإِمَّا أَنْ يَصْرِفَ عَنْهُ مِنْ السُّوءِ مِثْلَهَا قَالُوا إِذاً نُكْثِرُ قَالَ اللَّهُ أَكْثَرُ»**

**«Кайсы бир мусулман туугандык катнашын үзбөй, дуасында күнөө нерсе жок Аллахка дуа кылса, Аллах ага үч нерсенин бирөөсүн берет: анын дуасын кабыл алат, же Акыркетке сактап койот, же дуасынчалык жамандыкты андан кетирет.** Айтышты: «Анда дуаны көбөйтөлү». Пайгамбар А айтты: «**Аллах көбүрөөк кылуучу**». Хаким Мустадрак китебинде ушул эле хадисти Абу Саид Гдан келтирген.

Бул далилдерден көрүнүп тургандай, Аллах момун пендесин Ага көбүрөөк дуа кылуусун жакшы көрөт. Ошондой эле, Ахмаддын Муснадында келгендей, ага дуасына жооп катары үч нерсенин бирөөсү менен жооп кайтарылары да айтылды. Анын дуасына жооп кайтарылары Лавхул Махфузда жазылган. Эч бир нерсе эзелтен жазуусуз калтырылбаган. Тактап айтканда, бардык боло турган нерсенин бардыгы жарала электен мурда эле Лавхул Махфузда жазылынган, анын баяны төмөндө айтылат.

2 – Эгер, маселеге тийиштүү катий далил болсо, ал катий өкүмдү берет. Ошондой эле, маселенин өзүнө тийиштүү санады сахих зонний далил келип катий далил менен карама-каршы негизде болсо, эки далилдин ортосун жамдаштырууга аракет кылынат. Анткени, эки далилди жамдаштырып амал кылуу анын бирөөсүн жокко чыгаргандан жогору турат. Эгер, экөөнүн ортосун жамдаштырууга ылаажы табылбаса, анда, катий далилге амал кылынат. Зонний далили дираят жагынан четке кагылат, анткени, анын санады сахих. Эгер, санады зоиф (алсыз) болсо, анда, ал зоиф болгондугу үчүн четке кагылат.

3 – Кадар жөнүндөгү далилдер:

Аллах Таала айтат:

﴿وَكَانَ أَمْرُ اللَّهِ قَدَراً مَقْدُوراً﴾

***«Аллахтын иши өлчөнүп ченелеген** (тагдырланган, кадарланган)**»*** [Ахзаб 38]

Бул жердеги قدرا (кадарланган) сөзүнүн мааниси – эзелтен тагдырланган иш. مقدورا (макдуура) сөзүнүн мааниси – анын болушу шек-күмөнсүз иш экендигин билдирет. Башкача айтканда, ал тагдырланган иштин болушу анык, шек-күмөнү жок.

Аллах айтат:

﴿ومَا يَعْزُبُ عَنْ رَبِّكَ مِنْ مِثْقَالِ ذَرَّةٍ فِي الْأَرْضِ وَلا فِي السَّمَاءِ وَلا أَصْغَرَ مِنْ ذَلِكَ وَلا أَكْبَرَ إلا فِي كِتَابٍ مُبِينٍ﴾

***«Асман жана жердеги бир да кыпындай иш, андан кичинеси да, чоңу да Роббиңден сырткары калбайт.*** *(Бардыгы)* ***ачык китепте*** *(жазылган)****»*** [Юнус 61]

﴿عَالِمِ الْغَيْبِ لا يَعْزُبُ عَنْهُ مِثْقَالُ ذَرَّةٍ فِي السَّمَاوَاتِ وَلا فِي الأَرْضِ وَلا أَصْغَرُ مِنْ ذَلِكَ وَلا أَكْبَرُ إلا فِي كِتَابٍ مُبِينٍ﴾

***«Жерден жана өзүңөрдөн*** *(өзүңөргө)* ***жеткен мусибат Биз аны жарата электен мурда китепке*** *(жазып койгонбуз),* ***бул иш Аллахка жеңил»*** [Хадид 22]

– Ошондой эле, кадар (тагдыр) же Лавхул Махфузда жазылгандыгы боюнча хадистер келген:

Абу Хурайра Гдан: Пайгамбар A мага айтты:

**«جَفَّ الْقَلَمُ بِمَا أَنْتَ لاَقٍ»**

**«Сен тушуга турган иштердин калеми кургаган».** (Бухарий риваяты). Башкача айтканда, сен тушуга турган иштер эзелтен эле жазылган... Умар Г Пайгамбар Ага Жабрейил υдын келиши жана Ислам ыймандан сурашы жөнүндөгү хадисте: Жабрейил υ айтты: «Мага ыймандан кабар берчи». Пайгамбар A айтты:

**«أَنْ تُؤْمِنَ بِاللَّهِ وَمَلائِكَتِهِ وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ وَتُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ»**

**«Аллахка, Анын периштелерине, китептерине, элчилерине, Кыямат күнүнө, тагдырдын жаманына жана жакшысына ыйман келтиришиң».** (Муслим риваяты). Башкача айтканда, Аллах тагдырдын жаманын жана жакшысын махлуктарды жарата электен мурда тагдырлап койгон... Жаабир Г айтты: Пайгамбар A айтты:

**«لاَ يُؤْمِنُ عَبْدٌ حَتَّى يُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ حَتَّى يَعْلَمَ أَنَّ مَا أَصَابَهُ لَمْ يَكُنْ لِيُخْطِئَهُ وَأَنَّ مَا أَخْطَأَهُ لَمْ يَكُنْ لِيُصِيبَهُ»**

**«Пенде тагдырдын жаманына, жакшысына ыйман келтирмейинче, жана ага жете турган мусибат ага сөзсүз жетишин, ага жазылбаган мусибат ага жетпешин билмейинче, ал ыймандуу боло албайт».** (Тирмизий риваяты).

Абу Аббас Абдуллах бин Аббас Гдан айтты: Бир күнү Пайгамбар Aдын артында турган элем. Пайгамбар A айтты:

**«يا غُلاَمُ، إِنِّي أُعَلِّمُكَ كَلِمَاتٍ، احْفَظْ اللَّهَ يَحْفَظْكَ، احْفَظْ اللَّهَ تَجِدْهُ تُجَاهَكَ، إِذَا سَأَلْتَ فَاسْأَلِ اللَّهَ، وَإِذَا اسْتَعَنْتَ فَاسْتَعِنْ بِاللَّهِ، وَاعْلَمْ أَنَّ الأُمَّةَ لَوْ اجْتَمَعَتْ عَلَى أَنْ يَنْفَعُوكَ بِشَيْءٍ لَمْ يَنْفَعُوكَ إِلاَّ بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللَّهُ لَكَ، وَلَوْ اجْتَمَعُوا عَلَى أَنْ يَضُرُّوكَ بِشَيْءٍ لَمْ يَضُرُّوكَ إِلاَّ بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللَّهُ عَلَيْكَ، رُفِعَتْ الأَقْلاَمُ وَجَفَّتْ الصُّحُفُ»**

**«Эй бала, мен сага бир сөздөрдү үйрөтөм. Аллахты эске тут, Аллах сени сактайт. Аллахты жадыңда сакта, Аны алдыңдан табасың. Эгер сурасаң, Аллахтан сура. Эгер таянсаң, Аллахка таян. Билгин, эгер сага бир жамаат адам биригип келип, сага пайда беребиз дешсе, сага Аллах жазган гана пайданы бере алышат. Эгер, сага биригип келишип, бир зыян жеткиребиз дешсе, сага Аллах жазган гана зыянды жеткире алышат. Калемдер көтөрүлгөн, барактар кургаган».** (Тирмизий риваяты).

4 – Эми, бир риваятта дуа казаны кайтарат деп келген, бир риваятта кадарды кайтарат деп келген эки хадиске келебиз:

– Хаким Мустадрак китебинде эки шейхтин шартында сахих хадис риваят кылган: Ибн Аббас Г Савбаан Гдан Пайгамбар A айтты:

**«إِنَّ الدُّعَاءَ يَرُدُّ الْقَضَاءَ»**

**«Дуа казаны кайтарат».** Дагы бир риваятта Хаким Абдуллах бин Аби Жаъдан Савбаан Гдан айтты: Пайгамбар A айтты:

**«لَا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلَّا الدُّعَاءُ»**

**«Кадар бир гана дуа менен кайтарылат».** Хаким айтат: «Бул хадистин иснады сахих. Эки шейх муну риваят кылбаган».

5 – Кадар тууралуу келген, айрыкча, катий далалат кылган аяттар каралып чыкса, бул далилдерден асман-жердеги бардык нерселер тагдырлап жазып коюлгандыгы ачык-айкын түшүнүлөт. Бул барлыкта болгон жана боло турган нерселердин бардыгын Аллах жарата электен мурда эзелтен эле жазып тагдырлап койгон. Ошондой эле, Аллах тагдырлап жазып койгон нерсе

шек-күмөнсүз болот, андан качып кутулуу мүмкүн эмес. Башкача айтканда, тагдырды эч бир нерсе кайтара албайт.

Жогоруда айтылып өткөн эки хадистен «дуа кадарды кайтарат» же «каза дуа менен кайтарылат» деген хадистерден бир эле маани түшүнүлөт. Ошондуктан, бул жерде кадар тууралуу келген катий далилдер менен бул хадистердин ортосунда карама-каршылык билдирген маани жаралып калат. Ошон үчүн, жогоруда айтылып өткөндөй, биринчи кезекте бул хадистер менен катий далилдердин ортосун жамдаштырууга аракет кылынат. Эгер, жамдаштыруу мүмкүн болбосо, хадис дираят жагынан четке кагылат...

6 – Ушуга негизделип, бул маселени Аллахтын тафики менен төмөнкү негизде карап чыгабыз:

а)

«لَا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلَّا الدُّعَاءُ»

«**Кадар бир гана дуа менен кайтарылат**» деген хадистин негизги мааниси Лавхул Махфуздагы нерсени кайтарат дегенди түшүндүрөт. Эгер, мындай мааниде болсо, хадис дираят жагынан четке кагылат. Анткени, Лавхул Махфуздагы жазылып тагдырланган нерсе шек-күмөнсүз анык болот, андан качып кутулуу да мүмкүн эмес жана аны эч ким, эч нерсе кайтара албайт. Ал карама-каршы да келбейт. Башкача айтканда, Лавхул Махфуздагы нерсе өчпөйт. Ушуга негизделип, эгер, хадис менен катий далилдердин ортосун жамдаштыруу мүмкүн эмес болсо, хадис дираят жагынан четке кагылат. Катий далилге амал кылынат, анткени, кадарланган нерсе сөзсүз түрдө болот аны эч ким, эч нерсе кайтара албайт. Бирок, хадисти дираят жагынан четке кагуудан мурда катий далил менен зонний далилдин ортосун жамдаштырууга болгон аракетти жумшоо важиб. Анткени, эки далилге тең амал кылуу анын бирин жокко чыгаруудан жакшы.

б) Усулда сөздүн негизги маанисинен тосо турган карина жаралса, анда, сөздүн өтмө (каймана) маанисин колдонууга аракет кылынат. Бул жерде хадистеги сөздүн негизги маанисин колдонууга тоскоолдук жаратып жаткан нерсе – жогоруда айтылып өткөн катий далилдер. Ошондуктан, тилдик мааниге карата каймана маанини колдонуунун бул жерде мүмкүндүгү бар. Хадистеги каза жана кадар сөздөрүнүн каймана маанисинен тийгизген таасир (кесепет) түшүнүлөт. Башкача айтканда, себебди айтуу менен мусабабды максат кылуу. Мисалы, «Жамгырдан жер көгөрдү» деп айтканың сыяктуу. Себебден (жамгырдан) мусабабды максат кылдың (жер көгөрдү.) Бул жерде да «кадар» дегендеги өтмө маани андан келип чыккан натыйжа кесепет көздөлгөн. Бул учурда хадистеги маани кадарды же казаны кайтаруу эмес. Балким, анын кесепетин кайтаруу түшүнүлөт. Мисалы, момун адамга каза тагдырланган иш түшсө, ооруп калса, же баласын жоготсо, же соодада зыянга учурап калса ж.б.у.с. иштерде бул жерде дуа бул нерселердин кесептин кайтарат. Али Гдан риваят кылынды: Пайгамбар А мага витрде кунут дуасындагы сөздөрдү айтышымды үйрөттү:

«اللَّهُمَّ اهْدِنِي فِيمَنْ هَدَيْتَ... وَقِنِي شَرَّ مَا قَضَيْتَ...»

«**Аллахым, Өзүң хидаяттагандардын арасында мени да хидаятта... Өзүң тагдырлаган нерсеңдин жамандыгынан сакта...**». Эгер, момун адам Аллах ага тагдырлаган нерсенин жамандыгынан сактоону Аллахтан сурап көптөн көп дуа кылса, Аллах ага тагдырланган иштин кесепетин жеңилдетип, ага сабыр кылууга жардам берет. Ага тагдырланган нерсенин жетишине карабастан, андан кийинки жашоосунун жакшы уланып кетишине өбөлгө берет. Башкача айтканда, тагдырланган нерседен жеңил желпи өтүшүнө Аллах жардам берип, кудум анын дуасы казаны кайтаргандай эле түр жаралып калат. Канчалаган адамдар тагдыр сыноосуна кабылып сабыры сынып кеткендери бар. Канчалаган адамдар тагдыр сыноосуна кабылып, тили Аллахты эстөө жана бул тагдыр сыносунан жамандыгынан Аллахтан коргоо тилеп дуа кылуу менен нымдалып, тагдыр сыноосунан жеңил өтүп кеткендер бар. Кудум анын дуасы казаны кайтаргандай түр жаратып анын кесепетин кайтарат.

Хадистен ушул маани түшүнүлөт. Башкача айтканда, каза бул анык боло турган шек күмөнү жок иш. Бирок, момун ыклас жана чын жүрөктөн дуа кылуусу анын кесепетин кайтарат. Тактап айтканда, аны жеңилдетип, ага сабыр кылууга, аны көтөрүп кетүүсүнө Аллах жардам берет жана андан ары жашоосу жакшы уланып кетишине өбөлгө берет. Ушунун баары Аллахтын Лавхул Махфузунда жазылган, Аллах Өзү аны эзелтен билген жана тагдырлаган. Башкача айтканда, Лавхул Махфузда бул пенде ушундай мусибатка же жакшылыкка тушугат деп эзелтен тагдырланган. Бул пенде анын жамандыгынан Аллахтан коргоо тилеп, Ага дуа кылат Аллах ага жардам берип, ага сабыр кылуусун жеңилдетип, андан жеңил өтүшүнө жардам берет деп да жазылган. Дуа кылуусу казанын кесепетин кайтарып кудум казаны кайтаргандай түр жаралат.

Менин басымдуу көз карашымда хадис ушундай мааниде түшүнүлөт, Аллах билүүчү жана өкүмдар.

7 – Буга кошумча билип койо турган дагы кошумча маанилүү нерсе бар:

а) Менин «Тайсиирул вусуул илал усуул» аттуу китебимде минтип келет:

Дуанын кабыл болушу кадардагы, же Лавхул Махфуздагы, же Аллахтын илиминдеги нерсени өзгөртүү дегенди түшүндүрбөйт. Башкача айтканда, Аллах пендесинин дуа кылаарын билген эмес деген маани келип чыкпайт. Балким, Аллах эзелтен махлуктарды жарата электен мурда билген. Кадар бул Аллахтын илими, тактап айтканда, барлыктагы бардык нерсе жаратыла электен мурда Лавхул Махфузда жазылган. Аллах баланча пендесинин дуа кылаарын да жана анын дуасы кабыл болушун да Лавхул Махфузга жазып койгон. Дуа Аллахтын илиминде же Лавхул Махфуздагы жазылган нерседе жаңы бир нерсени пайда кылбайт. Ошондой эле, дуанын кабыл болушунда да жаңыча бир нерсе пайда болбойт. Балким, бардык нерсени, гайыбды билүүчү зат Аллах эзелтен пендеси эмне айтарын, эмне кыларын билген. Бардыгы эзелтен жаратыла электен илгери жазылган. Пендесинин кандай дуа кыларын да Аллах кандай болсо, ошондой кылып жазып койгон. Ошондой эле, анын дуасына Аллах кандай кааласа, ошондой кабыл болоору да эзелтен жазылган. Дуа жана анын кабыл болушу Аллахтын илиминен тышкары эмес. Балким, дуа да, кабыл болушу да, бардыгы Лавхул Махфузда үтүр, чекитине чейин жазылган. Аллах гайыбды да, гайыб эмести да билүүчү зат.

﴿لَا يَعْزُبُ عَنْهُ مِثْقَالُ ذَرَّةٍ فِي السَّمَاوَاتِ وَلَا فِي الْأَرْضِ﴾

***«Аллахтан асман жана жердеги заррачалык** (кыпындай) **да нерсе тышкары эмес»*** [Сабаъ 3]

б) Мухамад Хусейн Багавий (хижрий 516-жылы көз жумган) өзүнүн «Сүннөт шархы» китебинде мындай дейт: Бизге Абдул Ваахид бин Ахмад Малхидий айтты, Абдуллах бин Аби Жад Савбаан Гдан айтты: Пайгамбар A айтты:

«لا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلا الدُّعَاءُ»

**«Кадар бир гана дуа менен кайтарылат».** Айттым: «Абу Хатим Сижистаний айткан: «Пенденин ар дайым дуа кылуусу ага келген казаны жеңилдетет, кудум аны кайтарганы сыяктуу...».

в) Хасан Нуриддин Мулла Харвий Кориге (хижрий 1014-жылы көз жумган) таандык «Мишкаати масабих» китебинин шархы болгон «Миркати мафаатиих» китебинде келген:

««لا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلا الدُّعَاءُ» **«Каза бир гана дуа менен кайтарылат»** деген сөздө каза бул анык боло турган кайтарымсыз тагдырланган иш... же казаны кайтаруу дегендеги негизги маани – анын жеңилдетүү көздөлгөн, кудум ал болбой калган сыяктуу...».

Ушул жетиштүү деп ойлоймун, бүткүл ааламдардын Роббисине мактоолор болсун.

**16-робиул-аввал, 1441-х.**
**13-ноябрь, 2019-м.**

# بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын суроолоруна жооптор (фикхий)

## Мухсин Азамат «محسن العظامات»: фиркалар жөнүндөгү хадис

**Суроо:**

Амирибиз, Аллах сизди Өз коргоосуна алсын.

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Мен фиркалар жөнүндөгү хадистин «كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً **Алардын баары жаннатта болушат, бирөөсү гана жаннатта эмес**» деп келген экинчи риваятын чыгара (санадына байлай) албадым. Яъни, бул риваятты Хаким гариб лафз менен сахих деген. Макдисий болсо, ал машхур « كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةٌ **Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес»** деп келген хадистен

сахихирээк дептир. Эгер, убакыт таап, ушул нерсени мага көрсөтүп берсеңиз, жакшы болмок, Аллах илимиңизге жана убактыңызга береке берсин.

Амирибиз, Хаким аны сахих деди дегени жөнүндө айта турган болсом, ал Ажлунийдин «Кашфул хафа» китебинин 150-бетинде келген жана анын тексти төмөнкүчө: «Аны Шаъроний «Мизан»да Ибн Нажжардын хадисинен риваят кылды. Хаким аны гариб лафз менен сахих деди. Ал минтип келген:

«سَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى نَيِّفٍ وَسَبِعِينَ فِرْقَةً، كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً»

**«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет, алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес».** Дайламийдин бир риваятында «الْهَالِكُ مِنْهَا وَاحِدَةٌ **Алардын кыйроого учурай турганы бирөө болот»** делген. Уламалар бул кыйроого учурай турган тайпаны «الزنادقة **зиндиктер**» дешкен. Мен бул риваяттагы «الزنادقة **зиндиктер**» деген сөз менен келген кошумчалоону мавзу деп түшүнөмүн. Лекин, менин сураганым, Хаким «الزنادقة» деген кошумча сөзү жок келген риваятты каерде сахих деген?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Биринчи: Умматтын фиркаларга бөлүнүү жөнүндөгү суроонуз. Бул маселеде келген хадистер үч түрдөн турат:

1 – Умматтын жетимиш үч фиркага бөлүнүшү айтылган;
2 – Жетимиш үч фиркага бөлүнүү «كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةً» деген кошумчалоо менен айтылат;
3 – Жетимиш үч фиркага бөлүнүү «كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً» деген кошумчалоо менен айтылат.
Биринчи түрдөгү хадис сахих, аны заиф деген эч кимди билбейм.

– Абу Давуд өзүнүн «Сунан»ында Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:
«افْتَرَقَتْ الْيَهُودُ عَلَى إِحْدَى أَوْ ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً وَتَفَرَّقَتِ النَّصَارَى عَلَى إِحْدَى أَوْ ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلاَثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً»

**«Яхудийлер жетимиш бир же жетимиш эки фиркага бөлүндү. Насронийлер жетимиш бир же жетимиш эки фиркага бөлүндү. Менин Умматым жетимиш үч фиркага бөлүнөт».**

– Тирмизий өзүнүн «Сунан»ында Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:
«تَفَرَّقَتْ الْيَهُودُ عَلَى إِحْدَى وَسَبْعِينَ أَوْ اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً وَالنَّصَارَى مِثْلَ ذَلِكَ وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلاَثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً»

**«Яхудийлер жетимиш эки же жетимиш үч фиркага бөлүндү. Насронийлер да кудум ушундай. Менин Умматым жетимиш үч фиркага бөлүнөт».** Саъддан, Абдуллах ибн Амрдан жана Авф ибн Маликтен алынган риваяттарды Абу Иса ушул бабда хасан сахих деген.

– Хаким өзүнүн «Мустадрак»ында Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:
«افْتَرَقَتِ الْيَهُودُ عَلَى إِحْدَى أَوِ اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، وَافْتَرَقَتِ النَّصَارَى عَلَى إِحْدَى أَوْ اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلاَثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً»

**«Яхудийлер жетимиш эки же жетимиш үч фиркага бөлүндү. Насронийлер жетимиш эки же жетимиш үч фиркага бөлүндү. Менин умматым жетимиш үч фиркага бөлүнөт».** Бул хадис Муслим шарты менен сахих, лекин аны эки шайх чыгарбаган жана бул хадистин күбөлөрү-шавахиди (хадистин текстинде бир сахабийдин башка бир сахабийге лафзан жана маънан ээрчүүсү) бар, Захабий да ага макул болгон.

Экинчи түрдөгү хадис болсо, «كُلُّهَا فِي النَّارِ إلاَّ وَاحِدَةً **Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес»** деген кошумчалоо менен көптөгөн риваяттарда сахихтиги же хасандыгы айтылган.

– Тирмизий өзүнүн «Сунан»ында ушуну риваят кылган: Бизге Мухаммад ибн Гайлан риваят кылды. Мухаммад ибн Гайлан айтат: Бизге Абу Давуд Хафрий Суфяни Саврийден, ал Абдуррахман ибн Зияд Африкийден, ал Абдуллах ибн Язидден, ал Абдуллах ибн Амрдан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

**«... وَإِنَّ بَنِي إِسْرَائِيلَ تَفَرَّقَتْ عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ مِلَّةً كُلُّهُمْ فِي النَّارِ إِلَّا مِلَّةً وَاحِدَةً قَالُوا وَمَنْ هِيَ يَا رَسُولَ اللَّهِ قَالَ مَا أَنَا عَلَيْهِ وَأَصْحَابِي»**

**«Бану Исраил жетимиш эки фиркага бөлүндү. Менин умматым жетимиш үч фиркага бөлүнөт. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес.** Алар кимдер, я Расулуллах, деп сурашканда: **Менин жана асхабдарымдын жолунан жүргөндөр**, деди**».** Абу Иса бул хадис хасан гариб деди.

– Ибн Мажа өзүнүн «Сунан»ында ушуну риваят кылган: Бизге Амр ибн Усман ибн Саид ибн Касир ибн Динар Химсий хадис риваят кылып айтты: Бизге Уббад ибн Юсуф хадис риваят кылып айтты: Бизге Сафван ибн Амр – Рошид ибн Саъддан, ал Авф ибн Маликтен хадис риваят кылып айтты: Расулуллах ﷺ мындай деди:

**«افْتَرَقَتْ الْيَهُودُ عَلَى إِحْدَى وَسَبْعِينَ فِرْقَةً فَوَاحِدَةٌ فِي الْجَنَّةِ وَسَبْعُونَ فِي النَّارِ وَافْتَرَقَتْ النَّصَارَى عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً فَإِحْدَى وَسَبْعُونَ فِي النَّارِ وَوَاحِدَةٌ فِي الْجَنَّةِ وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ لَتَفْتَرِقَنَّ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً وَاحِدَةٌ فِي الْجَنَّةِ وَثِنْتَانِ وَسَبْعُونَ فِي النَّارِ قِيلَ يَا رَسُولَ اللَّهِ مَنْ هُمْ قَالَ الْجَمَاعَةُ»**

**«Яхудийлер жетимиш бир фиркага бөлүндү. Алардын бирөөсү жаннатта, жетимиши тозокто. Насронийлер жетимиш эки фиркага бөлүндү. Алардын жетимиш бири тозокто, бирөөсү жаннатта. Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант болсун, менин Умматым жетимиш үч фиркага бөлүнүп кетет. Алардын бирөөсү жаннатта, жетимиш экиси тозокто болот.** Я Расулуллах, алар кимдер, делгенди: **Алар – жамаат,** деп жооп берди**».**

– Ахмад өзүнүн «Сунан»ында ушуну риваят кылат: Бизге Абу Мугира хадис риваят кылып айтты: Бизге Сафван хадис риваят кылып айтты: Бизге Азхар ибн Абдуллах Хавзаний хадис риваят кылып айтты: Абу Мугира – башка жерде Харазий делген – Абу Амир Абдуллах ибн Лухайдан риваят кылат: Биз Муавия ибн Абу Суфян менен бирге хаж кылдык... Меккеге келгенибизде ал бешим намазын окуганы туруп мындай деди; Расулуллах ﷺ айткан:

**«إِنَّ أَهْلَ الْكِتَابَيْنِ افْتَرَقُوا فِي دِينِهِمْ عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً وَإِنَّ هَذِهِ الْأُمَّةَ سَتَفْتَرِقُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ مِلَّةً يَعْنِي الْأَهْوَاءَ كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلَّا وَاحِدَةٍ وَهِيَ الْجَمَاعَةُ»**

**«Ахли китабдар өз дининде жетимиш эки фиркага бөлүнүп кетти. Бул Уммат болсо жетимиш үч фиркага, яъни нафстарына берилген коомго бөлүнөт. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана, яъни жамаат гана тозокто эмес».**

– Табароний «Сагир»де риваят кылат: Бизге Иса ибн Мухаммад Симсар Васитий хадис риваят кылып айтты: Бизге Вахб ибн Бакия хадис риваят кылып айтты: Бизге Абдуллах ибн Суфян Маданий – Яхя ибн Саид Ансарийден, ал Анас ибн Маликтен хадис риваят кылып айтты: Расулуллах ﷺ мындай деди:

**«تَفْتَرِقُ هَذِهِ الْأُمَّةُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً كُلُّهُمْ فِي النَّارِ إلاَّ وَاحِدَةً، قَالُوا: وَمَا هِيَ تِلْكَ الْفِرْقَةُ؟ قَالَ: مَا أَنَا عَلَيْهِ الْيَوْمَ وَأَصْحَابِي»**

**«Бу уммат жетимиш үч фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес.** Бул кандай фирка, деп сурашканда, минтип жооп кылды: **Алар**

**бүгүн мен жана асхабдарым баскан жолдон жүргөндөр».** Бул хадисти Яхядан бир гана Абдуллах ибн Суфян риваят кылган.

– Байхакий «Далаили нубувват»та ушуну чыгарган: Бизге Абу Хасан ибн Фазл Каттан хабар берип айтты: Бизге Абдуллах ибн Жаъфар Нахвий хабар берип айтты: Бизге Якуб ибн Суфян хадис риваят кылып айтты: Бизге Абул Яман хадис риваят кылып айтты: Бизге Сафван – Азхар ибн Абдуллахтан, ал Абу Амир Абдуллах ибн Лухайдан хадис риваят кылып айтты: Абдуллах ибн Лухай мындай дейт: Биз Муавия менен хаж кылдык... Меккеге жеткенибизде бешим окууга туруп мындай деди: Расулуллах ﷺ айткан:

**«إِنَّ أَهْلَ الْكِتَابِ افْتَرَقُوا فِي دِينِهِمْ عَلَى اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً، وَإِنَّ هَذِهِ الْأُمَّةَ سَتَفْتَرِقُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ مِلَّةً يَعْنِي الْأَهْوَاءَ، كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةً، وَهِيَ الْجَمَاعَةُ»**

**«Ахли китабдар өз дининде жетимиш эки фиркага бөлүнүп кетти. бул Уммат болсо жетимиш үч фиркага, яъни нафстарына берилген коомго бөлүнүп кетет. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес, ал – жамаат».**

– Хаким «Мустадрак»та эки сахих негизинде риваят кылат: Бизге Абу Аббас Мухаммад ибн Якуб хадис риваят кылып айтты: Мухаммад ибн Исхак Саганий – Абу Яман Хакам ибн Нафиъ Бахронийден, ал Сафван ибн Амрдан, ал Азхар ибн Абдуллахтан, ал Абу Амир Абдуллах ибн Лухайдан риваят кылып айтты: Биз Муавия ибн Абу Суфян менен хаж кылдык... Меккеге жеткенибизде Меккеде бешим окууга туруп мындай деди: Расулуллах ﷺ айткан:

**«إِنَّ أَهْلَ الْكِتَابِ تَفَرَّقُوا فِي دِينِهِمْ عَلَى اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً، وَتَفْتَرِقُ هَذِهِ الْأُمَّةُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلَّا وَاحِدَةً وَهِيَ الْجَمَاعَةُ...»**

**«Ахли китабдар өз дининде жетимиш эки фиркага бөлүнүп кетти. Бул Уммат болсо жетимиш үч фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес, ал – жамаат».** Хаким бул санаддар менен ушул хадистин сахихтигине хужжат кылынат деди жана буга Захабий да макул болду.

– Абу Давуд өзүнүн «Сунан»ында риваят кылат: «Бизге Ахмад ибн Ханбал менен Мухаммад ибн Яхя хадис риваят кылып айтышкан: Бизге Абу Мугира – Сафвандан, ал Амр ибн Усмандан, ал Бакиядан хадис риваят кылат: Бакия айтты: Мага Сафван лафзда эмес маънада ушуга жакын хадис риваят кылып айткан: Мага Азхар ибн Абдуллах Харазий хадис риваят кылып айтты: Абу Амир Хавзаний – Муавия ибн Абу Суфяндан риваят кылат: Муавия бизге мындай деди: Эсиңерде болсун, Расулуллах ﷺ мындай деген:

**«أَلَا إِنَّ مَنْ قَبْلَكُمْ مِنْ أَهْلِ الْكِتَابِ افْتَرَقُوا عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةً، وَإِنَّ هَذِهِ الْمِلَّةَ سَتَفْتَرِقُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ: ثِنْتَانِ وَسَبْعُونَ فِي النَّارِ، وَوَاحِدَةٌ فِي الْجَنَّةِ، وَهِيَ الْجَمَاعَةُ»**

**«Эсиңерде болсун, силерден мурунку ахли китабдар жетимиш эки фиркага бөлүнүп кеткен. Бул миллат болсо жетимиш үч фиркага бөлүнүп кетет. Алардын жетимиш экиси тозокто, бирөөсү гана жаннатта болот жана ал – жамаат».** Албаний муну хасан деген.

Эми «كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ فِرْقَةً وَاحِدَةً **Алардын баары жаннатта болот, бир фирка гана жаннатта эмес»**, деген кошумчалоосу менен келген үчүнчү түрдөгү хадистерге келсек, бул риваятты көпчүлүгү заиф деген:

– Укайлий «Зуафаи кабир» китебинде мындай чыгарган:

Бизге Мухаммад ибн Марван Кураший хадис риваят кылып айтты: Бизге Мухаммад ибн Убада Васатий хадис риваят кылып айтты: Бизге Муса ибн Исмаил Жабалий хадис риваят кылып айтты: Бизге Муаз ибн Ясин Зайят хадис риваят кылып айтты: Бизге Абрад ибн Абу Ашрас хадис риваят кылды: Абрад Яхя ибн Саидден, ал Анас ибн Малик Гдан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَفَرَّقَ أُمَّتِي عَلَى سَبْعِينَ أَوْ إِحْدَى وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، كُلُّهُمْ فِي الْجَنَّةِ إِلَّا فِرْقَةً وَاحِدَةً، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ، مَنْ هُمْ؟ قَالَ: الزَّنَادِقَةُ وَهُمُ الْقَدَرِيَّةُ»

**«Умматым жетимиш бир же жетимиш эки фиркага бөлүндү. Алардын баары тозокто болот, бир фирка гана тозокто эмес.** Я Расулуллах, алар кимдер, деп сурашканда, мындай деди: **Алар зиндиктер, яъни кадариялар».**

Укайлий айтты: Муаз ибн Ясин Зайят Абрад ибн Ашрастан риваят кылган, Абрад болсо белгисиз киши жана анын хадиси махфуз эмес.

– Укайлий «Зуафаи кабир» китебинде дагы мындай риваят кылат: Бизге Хасан ибн Али ибн Халид ибн Лайсий хадис риваят кылып айтты: Бизге Нуайм ибн Хаммад хадис риваят кылып айтты: Бизге Яхя ибн Яман хадис риваят кылды: Яхя ибн Яман Ясин Зайяттан, ал Яхя ибн Саид ансорийдин иниси Саъд ибн Саидден, ал Анастан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى بِضْعٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلَّا فِرْقَةً وَاحِدَةً، وَهِيَ الزَّنَادِقَةُ»

**«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары жаннатта болот, бир фирка гана жаннатта эмес, алар – зиндиктер».**

Укайлий айтты: Бул хадистен сахихтик чыкпайт. Чамасы, Ясин аны атасынан же Абраддан риваят кылган болсо керек. Бул хадистин асли Яхя ибн Саидге да, Саъдга да тиешеси жок.

– Ибн Жавзийдин «Мавзуат» китебинде «Китаби сунна ва заммул бидъада – ифтироки хазихил умма» бабында мындай делет: Бизге Абдулваххаб ибн Мубарак хабар берип айтты: Бизге Ибн Бакрон хабар берип айтты: Бизге Атикий хабар берип айтты: Бизге Мухаммад ибн Марван Кураший хадис риваят кылып айтты: Бизге Мухаммад ибн Убада Васитай хадис риваят кылып айтты: Бизге Муса ибн Исмаил хадис риваят кылып айтты: Бизге Муаз ибн Ясин Зайят хадис риваят кылып айтты: Бизге Абрад Ибн Ашрас хадис риваят кылды: Абрад Яхя ибн Саидден, ал Анас ибн Маликтен риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى سَبْعِينَ أَوْ إِحْدَى وَسَبْعِينَ فِرْقَةً كُلُّهُمْ فِي الْجَنَّةِ إِلا فِرْقَةً وَاحِدَةً قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ مَنْ هُمْ؟ قَالَ: الزَّنَادِقَةُ وَهُمُ الْقَدَرِيَّةُ»

**«Умматым жетимиш же жетимиш бир фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары жаннатта болот, бир фирка гана жаннатта эмес.** Я Расулуллах, алар ким, деп сурашты. **Зиндиктер жана кадарийлер,** деп жооп берди**».** Бул хадисти хафиз Ахмад ибн Адий, Муса ибн Исмаилдин Халаф ибн Ясинден, ал Абраддан риваят кылды.

Экинчи жол: Бизге Абдулваххаб ибн Мубарак хабар берип айтты: Бизге Ибн Бакрон хабар берип айтты: Бизге Атикий хабар берип айтты: Бизге Юсуф ибн Дахил хадис риваят кылып айтты: Бизге Укайлий хадис риваят кылып айтты: Бизге Хасан ибн Али ибн Халид ибн Лайсий хадис риваят кылып айтты: Бизге Нуайм ибн Хаммад хадис риваят кылып айтты: Бизге Яхя ибн Яман хадис риваят кылды: Яхя ибн Яман Ясин Зайяттан, ал Яхя ибн Саид ансорийдин иниси Саъд ибн Саидден, ал Анастан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«تَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى بِضْعٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلا فِرْقَةً وَاحِدَةً وَهِيَ الزَّنَادِقَةُ»

**«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет. Алардын баары жаннатта болот, бир фирка гана жаннатта эмес, алар зиндиктер».**

Үчүнчү жол: Бизге Жарир хабар берип айтты: Бизге Ушарий хабар берип айтты: Бизге Дарикутний хадис риваят кылып айтты: Бизге Абу Бакр Мухаммад ибн Усман Сайдаланий хадис риваят кылып айтты: Бизге Ахмад ибн Давуд Сижистаний хадис риваят кылып айтты: Бизге Усман ибн Аффан Кураший хадис риваят кылып айтты: Бизге Абу Исмаил Айлий хадис риваят кылды: Абу Исмаил

Айлий – Хафс ибн Умардан, ал Мисъар ибн Саъд ибн Саидден риваят кылат: Мен Анас ибн Маликтин мындай дегенин укканмын: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин укканмын:

«تَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى بِضْعٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ الزَّنَادِقَةُ»

**«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет, алардын баары жаннатта болот, зиндиктер гана жаннатта эмес»**. Анас: Биз аларды кадарийлер деп билчүбүз, деди.

Бу хадистердин Расулуллах ﷺдан экени сахих эмес, анткени алардын ар бириндеги санадда бир же бирден ашуун жайда заифтик бар:

– Ибн Жавзий «Мавзуат»та жогорудагы үч риваятты келтирип мындай деген:
«Хадис илиминде көп эмгек кылган аалымдар айткан: Абрад «Ал биринчи риваяттагы санаддагы кишилердин бири» ойлоп табуучу каззаб. Андан риваятты Ясин алып, санадын алмаштырды жана аралаштырды, Усман ибн Аффан аны уурдады. «Усман үчүнчү риваяттагы санад кишилеринин бири».

Абрадга келсек, Мухаммад ибн Исхак ибн Хузайма аны каззаб жана ойлоп табуучу деген.

Ясин болсо, «ал экинчи риваяттагы санад кишилеринин бири», Яхя ал жөнүндө мындай деген: Анын хадисинин эч бир кадыры жок. Насаий мындай деген: Хадиси ташталган кимсе.

Усманга келсек, накл уламалары мындай деген: Хадиси ташталган, анын хадисин жазуу жаиз эмес, этибар үчүн гана болсо урухсат.

Хафс ибн Умарга келсек, «ал үчүнчү риваяттагы санад кишилеринин бири», Абу Хатим Розий аны каззаб деген. Укайлий болсо, ал имамдардан батыл жолдор менен риваят кылган адам деген».

– Ибн Хажар Аскаланийдин «Лисанул мизан» китебинде мындай делет: «362 – Абрад ибн Ашрас – Яхя ибн Саид Ансорийден... Ибн Хузайма аны каззаб жана ойлоп табуучу деген».
Демек, «**كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً** **Алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес»** деген кошумчалоосу бар хадис сахих эмес.

Экинчи: Суроoңузда: «Хаким аны гариб лафз менен сахих деди. Ал минтип келген:

«سَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى نَيِّفٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً»

**«Умматым жетимиштен ашуун фиркага бөлүнүп кетет, алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес»»**, - деген сөзүңүзгө келсек, мен аракет кылдым, лекин Хакимдин сахих дегенин таба албадым. Ошондой болсо да, сиз айткан нерсе мен билбеген жана менин көзүмө илинбеген орунда болушу мүмкүн. Анткени, бул маселе хадистеги кошумчаны заиф деп айткан мухаккик уламалар менен токтоп калбайт.

Үчүнчү: Умматтын жетимиш үч фиркага бөлүнүүсү жөнүндөгү кошумчалоосу жок хадис сахих жана «كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةٌ **Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес»** деген биринчи кошумчалоосу бар хадисти көпчүлүгү хасан деген. Ал эми «كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً **Алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес»** деген кошумчалоосу бар хадисти көпчүлүгү заиф деген, аны сахих же хасан дегендер өтө аз.

Демек, мен ушуну рожих санаймын, «كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلاَّ وَاحِدَةٌ **Алардын баары тозокто болот, бирөөсү гана тозокто эмес**» деген биринчи кошумчалоосу бар хадисти алса болот. Ал эми « كُلُّهَا فِي الْجَنَّةِ إِلاَّ وَاحِدَةً **Алардын баары жаннатта болот, бирөөсү гана жаннатта эмес»** деген кошумчалоосу бар хадисти албоо керек. Жогоруда ушул эки кошумчалоо туурасында айткандарыбыз риваяттарга ылайык ушинтип белгиленди.

Мен рожих санаганым ушул: валлаху аълам ва ахкам.

**Бурадарыңыз Ата ибн Халил Абу Рошта** **24-робиул-аввал, 1439-х.**

**11-январь, 2018-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагындагы колдонуучулар берген суроолорго жоопторунан:

## Демонстрациялар, жүрүштөр жана мусулмандардын эки сап болуп чыгышканы туурасындагы хадис менен байланыштуу суроо

Moadh Seif Elmi суроосу:

Ассаламу алайкум, улуу шейх азирети! Мусулмандардын эки сап болуп чыгышканы, бирине Умар, экинчисине Хамза башчылык кылганы туурасындагы хадис заифпи? Ыраазылык билдиремин!

Andalusi Maqdisi Andalus суроосу:

Ассаламу алайкум, улуу азирети!

Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын, сиздин демонстрациялар жөнүндөгү суроодогу жообуңузда ушул хадисти далил кылган элеңиз:

Абу Нуайм Ахмад ибн Абдуллах ибн Ахмад ибн Исхак ибн Муса ибн Махрон Асбаханий (хижрий 430-жылы көз жумган) өзүнүн «Хулятул авлия табакатул асфия» китебинде Ибн Аббастан риваят кылат: «Мен Умар Гдан сурадым: Эмне үчүн сиз Фарук деп аталгансыз? Ал мындай деди: Хамза менден үч күн мурун Исламга кирди. Кийин Аллах менин да жүрөгүмдү Исламга ачты. Ошондо мен: Расулуллах A кана? деп сурадым. Карындашым: Ал зат Сафадагы Аркам ибн Аркамдын үйүндө, деди. Ошол үйгө бардым... Кийин: Ашхаду алла илаха иллаллоху вахдаху ла шарика лаху ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху, дедим. Ошондо үйдөгүлөр ушундай такбир айтышты, муну мечиттегилердин баары укту. Мен: Я Расулуллах, биз дүйнөдөн кайтсак да, тирүү болсок да акыйкат үстүндө эмеспизби, деп сурадым. Ал зат айтты: Болбосочу, жаным колунда болгон Аллахка ант болсун, сиз дүйнөдөн кайтсаңыз да, тирүү болсоңуз да албетте акыйкат үстүндөсүз. Мен: Анда эмнеге жашырынып жатабыз, сизди акыйкат менен жөнөткөн Аллахка ант болсун, сиз албетте чыгасыз, дедим. Кийин ал затты чаң тозоң көтөргөн эки саптын ичинде алып чыктык. Бир сапка Хамза, экинчи сапка мен башчылык кылдым. Кийин мечитке кирдик, Курайш мага жана Хамзага карап, болуп көрбөгөндөй тынчсызданып калышты. Ошол күнү Расулуллах A мени Фарук (ажыратуучу) деп атады жана Аллах акыйкат менен батылды ажыратты».

Бул хадис үйрөнүлүп чыкты: Албаний аны инкар кылынган дептир, көпчүлүк хадисчилер да аны заиф дешиптир. Менин суроом эки тараптуу: Заиф хадисти далил кылса болобу? Эгер, болсо, анда, аны качан далил кылабыз жана аны кандай мухакама кылабыз? Эгер, болбосо, анда, сизде – Аллах

илимиңизди бизге пайдалуу кылсын – суроомдо көрсөтүлгөн хадистен да башка хадис барбы? Аллах сизге береке берсин жана сиздин колуңуз менен фатхтар берсин!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалом ва рохматуллохи ва барокатух!

Эки суроо бир темада экен, андыктан, силерге төмөнкүдөй жооп беремин:

Кадырлуу боордоштор, силер бирер риваятты заиф деген кишини окуган болсоңуз, ошол риваят шексиз заиф болуп калбайт. Мисалы, Бухарий жана Муслимдеги хадистерди кээ бир «шейхтер» заиф дешкен т.а. алар эки имам иштеп чыккан жана экөөсүнүн бул риваяттарын Үммөт ыраазы болуп, көңүлү толуп кабыл алган хадистерди заиф дешкен. Бухарий жана Муслим риваяттын санад жана матн жагынан сахихтиги туурасында үлкөн өлчөөлөрдү карманышкан. Ошого карабастан, эки имамдын хадистерин заиф деген кимселер табылып турат!

Туура, хадистин заифтиги анык көрүнсө, аны далил кылуу мүмкүн эмес. Бирок, кээде мухаддистер же алардан айрымдары бир хадисти заифтикке өкүм кылышкан болушса, калгандары аны хасан, далил кылууга жарактуу экенине өкүм кылышкан. Хадис жана анын усулу туурасында илими бар киши бул маселени жакшы билет жана ал мухаддистер-мужтахиддер назарында белгилүү маселе. Натыйжада, бул хадисти кимдер далил кылганын, кимдер далил кылбаганына күбө болосуң. Биз бул туурасында «Шахсия» китебинин биринчи бөлүгүндөгү «Макбул хадис жана мардуд хадис» о.э. «Хадисти шаръий өкүмгө далил кылуу» бөлүмүндө кеңири баян кылганбыз.

Эми, сахабалардын Меккеде Умар Гнун Исламга кириши артынан ачыкка чыгышканы жөнүндөгү суроого келсек:

1 – Суроодогу жоопто келген бул риваят Абу Нуайм Ахмад ибн Абдуллах ибн Ахмад ибн Исхак ибн Муса ибн Махрон Асбаханий (хижрий 430-жылы дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Хулятул авлия табакатул асфия» китебинде риваят кылган. Абу Нуайм ишеничтүү хафиз. Ал жөнүндө Заркалий «Аъламу нубала»да мындай деген:

«Абу Нуайм (хижрий 336-430-жыл, миладий 948-1038-жыл) Ахмад ибн Абдуллах ибн Ахмад Асбаханий болуп, ал киши тарыхчы, хафиз жана риваятта ишеничтүү кишилерден. Асбаханда төрөлгөн жана ошол жерде көз жумган. Адабияттары: он томдуу «Хулятул авлия табакотул асфия», «Маърифату Сахаба», ал кишиден эки томдуу кол жазма да калган, Истамбулдагы Топкапи сарайда «Ахмад III» музейинде 551-жылкы кыраати бар, «Табакатул мухаддисин ва руват», «Далаилун Нубувват», эки томдуу «Зикру ахбари Асбахан» о.э. «Шуаро».

2 – Муну менен бирге, эки сап болуп чыгуу туурасында бир гана риваят эмес, башка сахих риваяттар да бар:

– Хакимдин «Мустадрак ала сахихайн» китебинде мында риваят келет: «... Усман ибн Абдуллах ибн Аркам бабасы Аркамдан риваят кылат: Аркам бадрлык болгон жана Расулуллах A анын Сафа алдындагы үйүндө жашаган. Акыры кырк мусулман эркек даяр болушту, алардын эң акыркы Исламды кабыл алганы Умар ибн Хаттаб Г эле. Алардын саны кыркка жеткенде мушриктерге ачыкка чыгышты...». Хаким – бул санады сахих хадис деген, эки шейх аны иштеп чыгышпаган, Захабий Хакимге кошулган.

– Ибн Саъддын «Табакату кубро» китебинде мындай делет: «... Яхя ибн Имран ибн Усман ибн Аркамдан риваят кылынат: Мен Усман ибн Аркамдан уккан элем, «Мен Исламды кабыл алган алтынын уулумун, атам алтынын алтынчысы болгон, анын үйү Меккедеги Сафа жанында болуп, Набий A ошол жерде алгач Исламды баштаган жана адамдарды Исламга даъват кылган, көпчүлүк адамдар Исламга киришкен. Ал зат дүйшөмбү кечесинде «Аллахым, Исламды Умар ибн Хаттаб же Амр ибн Хишамдан турган эки эң сүйүктүү кишилер менен кудуреттүү кылгын», деп дуба кылды. Эртеси эртең менен Умар ибн Хаттаб келип, Аркамдын үйүндө Исламга кирди. Ошондо ал жерден ачыкка чыгылып, такбирлер жаңырды, Байтуллах таваф кылынды жана Аркамдын үйү Ислам үйү деп аталды».

– Ибн Исхак «Сирати Набавия»да мындай дейт: «Ошондо Умар: Аллахка ант болсун, албетте биз Исламга чакырууга акылуубуз, Меккеде Аллахтын динин албетте үстөм кылабыз, эгер коумубуз бизге зулум кылууну кааласа, аларга каршы согушабыз, эгер коумубуз бизге адилеттүүлүк кылса, муну кабыл алабыз, деди. Кийин Умар жана сахабалар ачыкка чыгышып, мечитте отурушту. Курайш мушриктери Умардын Исламга киргенин көрүшкөн соң, эмне кыларын билбей калышты».

– Ушул эки сап болуп чыгуу темасы «Имтоу асма»да Такийюддин Макризийден, «Тарихи хамис фи ахвали анфуси нафис»те Хусайн ибн Мухаммаддияр Бакрийден, «Сирати Нубувват фи завъил Куръан ва Суннат»та Мухаммад Абу Хашбадан, «Рохикил махтум»да Сафию Рахмандан жана башкалардан да риваят кылынган.

3 – Ушуга да көңүлдү буруу зарыл, демонстрация жана жүрүштөрдүн жайиздигине ушул риваяттар гана далил кылынбайт. Себеби, демонстрация жана жүрүштөр пикир билдирүү ыкмаларынын бири болуп, бул баракчалар, жыйындар, документалдуу фильмдер, видеолор сыяктуу каражат жана ыкмаларга окшойт. Түпкүлүгүндө, каражат жана ыкмалар мубах, эгер айрымдарынын арамдыгы туурасында далил келген болсо, албетте аларга тыюу салынат. Бул ыкма жана каражаттар адамдарды Исламды жеткирүүгө аракеттендирүү максатында пайдаланылат. Хизб-ут-Тахрир мындай иш-чараларды өзүнө ыңгайлуу таризде аткарат т.а. Хизб бул ыкма жана каражаттарды өзү, өзүнүн байрактары астында уюштурат жана башкарат, өзүнүн кайрылуулары менен алып барат, өзүнүн жетекчилиги астында адамдарды топтойт, башка хизбдер менен кызматташтыкта ошолордун байрактары менен алып барбайт. Себеби, Хизб аткара турган жана амал кыла турган нерсе бул эмес, биз өз каалобуз жана жетекчилигибиз менен эмне колубуздан келсе, ошону кылабыз. Кудуреттүү боло албаган убактыларыбыз да болгон, кудуреттүү болгон убактыларыбыз да болгон. Бул басма сөз бөлүмдөрү услубуна окшойт, мисалы, Абу Иброхим ] доорунда басма сөз бөлүмдөрүнүн иши өтө кыйын болгон, Абу Юсуф ] доорунда болсо анчейин кыйын болбогон жана ал киши мага Хизбдин Иорданиядагы расмий сүйлөөчүсү вазыйпасын жүктөгөн. Бүгүн болсо көрүп турганыңардай, басма сөз бөлүмдөрүбүз көңүлдөгүдөй.

4 – Кыскасы, кадырлуу боордоштор, биз аткарып жаткан ар бир амалыбызды, шилтеп жаткан ар бир кадамыбызды терең пикирлеп, ойлонуп кылабыз, мында арамдан алыстап гана калбастан, арамдын кыпыны көрүнгөн нерсеге да жакындашпайбыз, жашыруун да, ашкере да, чоң иштерде да, кичине иштерде да Аллах Субханаху ва Таалага таянабыз... Себеби, биз тоолор баш тарткан иштерди желкебизге алганбыз, эмне деп ойлойсуз, эгер жүрөктөрүбүз, тилдерибиз жана бардык мүчөлөрүбүз шарият өкүмдөрүнө бекем баш ийбегенде, жолубузду улантып кете алар белек?! Албетте, Аллахтан жардам, эң жакшы иштерге хидаят сурайбыз жана Аллах салихтердин досу.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **10-шаъбан, 1435-х.**

**8-июнь, 2014-м.**

## Ажылыктагы ифаза (ажылардын багыты)

**<u>Экинчи суроо</u>:**

Аллах Тааланын «Бакара» сүрөсүндөгү ушул сөзү түшүнүксүз болуп калды:

{فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ فَٱذۡكُرُواْ ٱللَّهَ عِندَ ٱلۡمَشۡعَرِ ٱلۡحَرَامِۖ وَٱذۡكُرُوهُ كَمَا هَدَىٰكُمۡ وَإِن كُنتُم مِّن قَبۡلِهِۦ لَمِنَ ٱلضَّآلِّينَ + ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ وَٱسۡتَغۡفِرُواْ ٱللَّهَۚ إِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٞ رَّحِيمٞ}

***«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин Машъарул Харамда Аллахты зикр кылгыла! Ал Зат силерди – мурун адашкандардан болсоңор да – туура жолго хидаят кылганы сыяктуу силер да Ал Затты зикр кылгыла! Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө жана Аллахтан*** *(күнөөңөрдү)* ***кечирүүсүн сурангыла! Албетте, Аллах кечиримдүү, ырайымдуу»*** [2:198-199]

Биринчи аят

{فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ فَٱذۡكُرُواْ ٱللَّهَ عِندَ ٱلۡمَشۡعَرِ ٱلۡحَرَامِۖ}

***«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин Машъарул Харамда Аллахты зикр кылгыла!»*** [2:198]

Арафаттан Машъарул Харамга т.а. Муздалифага түшүүнү (ифаза кылууну) түшүндүрөт. Ал эми,

{ثُمَّ أَفِيضُواْ}

***«Андан соң түшкүлө»*** [2:199]

деп айтылган кийинки аят ал жерде дагы башка ифаза, Муздалифадан Минага ифаза кылуу бар экендигин түшүндүрөт. Мындан эки ифаза т.а. биринчиси ажылардын Арафатта токтошу жана Муздалифага ифаза кылышы, экинчиси ажылардын Муздалифада токтошу жана Минага ифаза кылыш түшүнүлөбү? Бизге белгилүү болгондой, токтоо Арафатта болот жана ошол жайдан ифаза болот.

Буга айкындык киргизип bересиз деп үмүт кыламын. Аллах силерди жакшылык менен сыйласын.

**<u>Жооп</u>:**

Ифаза бир жолу Арафаттан Муздалифага болот. Мына ушул ифаза деп аталат. Муну баян кылуу үчүн силерге бул эки аяттын маанисин түшүндүрүп берем:

{فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ}

***«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин»*** [2:198]

Т.а. эгер силер Арафаттан көпчүлүк болуп жолго аттансаңар. Ифаза деп куюлуп аккан ташкын суу айтылат.

Бул жерде «عَرَفَاتٍ» сөзү «عرفة» сөзүнүн көптүгү эмес, бул ажылыктагы белгилүү жай маанисинде жана ал көптүк лафзындагы ысым. Бул ысымдын көптүгү жана бирдиги жок. Т.а. ал жерде токтоо жайынын – ар бири «عرفة» деп аталган, көптүгү «عَرَفَاتٍ» болгон бөлүктөрү жок. «عرفة» да, «عَرَفَاتٍ» да бир мааниде т.а. белгилүү жайдын аты. «عَرَفَاتٍ»тагы «ت» таънис «то»су эмес. Ошондуктан, ал сарф коидаларын кабыл алат.

{وَإِن كُنتُم مِّن قَبۡلِهِۦ لَمِنَ ٱلضَّآلِّينَ}

***«Мурун адашкандардан болсоңор да»*** [2:198]

Силер Расулуллах A силерге хидаят алып келишинен о.э. ажылык жана башка нерселердин өкүмдөрүн баян кылып беришинен мурун адашкандардан болгон болсоңор да…

Машъарул Харом – Ибн Умар H айткандай – бүткүл Муздалифа. Муздалифа о.э. жам деп да айтылат.

{ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ وَٱسۡتَغۡفِرُواْ ٱللَّهَۚ إِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٞ رَّحِيمٞ}

***«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө жана Аллахтан** (күнөөңөрдү)* ***кечирүүсүн сурангыла! Албетте, Аллах кечиримдүү, ырайымдуу»*** [2:198-199]

Эй Мекке калкы, силердин ифазаңар да башка адамдардыкындай болсун т.а. Муздалифадан эмес, Арафаттан Муздалифага болсун. Курайш жахилиятта – башка адамдар сыяткуу Арафатта эмес – Муздалифада токтоону адат кылган. Башка адамдар Арафатта токточу. Бул жерде Курайштын ушул адаты бекер кылынган. Курайш жахилиятта Харамдан болбогон Арафатта токтобочу, Харам ичиндеги Муздалифада токтошуп: «Биз Байтул Харамда жашоочуларбыз, ошондуктан, Харамдан чыкпайбыз», - деп айтышат эле. Алар «Хумс» деп аталышып, Муздалифада адамдардан өзүнчө жайда токтошчу. Кийин Аллах Субханаху ва Таала Курайшты адамдардан айырмаланбастан Арафаттан ифаза кылууга о.э. мурунку каталары себептүү кечирим суроого буюрду. Аллах калыс пенделерин кечирүүчү жана ырайымдуу.

Бухарий жана Муслим (лафз Бухарийдики) Хишам ибн Урвадан, ал атасынан, атасы Айша Iдан риваят кылат: **«Курайш жана анын дининде болгондор Муздалифада токтошчу жана Хумс деп аталышат эле. Башка адамдар Арафатта токтойт эле. Ислам келгенден кийин Аллах Пайгамбары Aды Арафатка келүүгө, кийин ал жерде токтоп кийин ал жерден ифаза кылууга буюрду».** Бул буйрук Аллах Субханаху ва Тааланын ушул сөзү:

{ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ}

***«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө»*** [2:198-199]

Ушул мааниге ылайык «ثم» мурдагы ушул

{وَتَزَوَّدُواْ فَإِنَّ خَيۡرَ ٱلزَّادِ ٱلتَّقۡوَىٰۚ وَٱتَّقُونِ يَٰٓأُوْلِي ٱلۡأَلۡبَٰبِ}

***«Дагы** (ажылык кылуу үчүн жолго чыгуудан мурун зарыл азык-түлүк менен) **камданып алгыла! Эң жакшы азык Аллахтан коркуу-таквалык. Менден корккула, эй акыл ээлери!»*** [2:197]

аятынын акырына атф болот. Т.а. аяттарда маани жагынан алга сүрүү жана кечиктирүү бар, кудум маани тартиби төмөнкүдөй: «Жана ажылык кылуу үчүн жолго түшүүдөн мурун зарыл азык менен камданып алгыла! Эң жакшы азык Аллахтан коркуу. Менден корккула, эй акыл ээлери! Кийин Курайш жахилият доорунда кылганы сыяктуу Муздалифадан эмес, адамдар түшкөн тараптан т.а. Арафаттан түшкүлө. Эми Арафаттан түшүп, Аллахтын буйругун аткарганыңардан кийин Муздалифага баргыла жана Машъарул Харамда т.а. Муздалифада Аллахты зикр кылгыла! Ал Зат силерди – мурун туура жолго хидаяттанбай адашкандардан болгонуңардан кийин – акыйкат жолго хидаят кылганы сыяктуу силер да Ал Затка хамд айткыла».

Бул суроону берүүгө үндөгөн нерсе – суроо берүүчү «ثم - атф харфы, ал иштерде ортодо бир аз үзүлүү болгон тартипти билдирет. Т.а. ثمдан кийинки иш андан мурдагы иштен бир аз кийин болгону түшүнүлөт», деп окуп алган жана ушуга ылайык бул эки аятты төмөнкүдөй түшүнүп алган көрүнөт:

Мурунку аятты ушундай түшүнгөн:

{فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ فَٱذۡكُرُواْ ٱللَّهَ عِندَ ٱلۡمَشۡعَرِ ٱلۡحَرَامِ}

***«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин Машъарул Харамда Аллахты зикир кылгыла!»*** [2:198]

т.а. Муздалифада, себеби, ажылар бул убакта Муздалифага жеткен болот.

Кийинки аятты мындай түшүнгөн:

{ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ}

***«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө»*** [2:199]

«ثم»дын суроо берүүчүнүн зээниндеги маанисине ылайык: т.а. силер Муздалифага жеттиңер, Аллахты зикр кылганыңардан жана багымдаттан кийин Минага түшкүлө. Т.а. ал (суроо берүүчү)

{ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ}

***«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө»*** [2:199]

аятын: кийин Муздалифадан Минага түшкүлө, деп түшүнгөн жана бул түшүнүк анда суроонун пайда болушуна себеп болгон.

Бул аят мындай түшүнүлбөйт. Биз муну эки жактан баян кылабыз:

Биринчи жак: Бухарий жана Муслим

{ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ}

***«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө»*** [2:199]

аятынын түшүшүнүн себеби жөнүндө кылган риваятка ылайык аяттын мааниси: «Силер Муздалифадан эмес, Арафаттан ифаза кылгыла» деп түшүнүлөт. Аллах бардык ажыларга, алардын катарында Курайшка да Арафаттан ифаза кылууну фарз кылды.

Экинчи жак: «ثم» иштердин аткарылышында ортодо бир аз үзүлүү болгон тартипти билдирет. Т.а. кийинки иш болууда мурунку иштен бир аз кийин болот. Бирок «ثم» айрым абалдарда мындан башкача да колдонулат. Мында «ثم»дан кийин келген иш болууда сөздө андан мурун айтылган иштен мурда жүз берет. Бирок, бул нерсе каринага жана көздөлгөн бир максатты билдирүүгө муктаж. Арабдар «أعجبني ما صنعت اليوم ثم ما صنعت أمس أعجب мени бүгүн кылган ишиң таң калтырды, кечеги ишиң болсо таң калычтуураак эле» деп айтышат. Бул жерде кечеги иш бүгүнкү ишке атф болуп жатат. Т.а. кийинки иш мурунку ишке – алардын арасында тартип болбогон абалда – атф болуп жатат. Бирок, түпкүлүгүндө «ثم»дын арабдар арасында белгилүү маанисине ылайык оболу мурдагы иш, андан бир аз мөөнөт өткөн соң кийинки иш болушу керек. Ошондуктан, мындан башкача түрдө колдонулушу үчүн карина зарыл, дедик. Мындай колдонуудан максат этибарды тартуу лазым болгон ишти билдирүү болот. Себеби, фасохаттуу араб тилинде колдонуудагы тартиптин өзгөрүшүнөн бир максат көздө тутулат.

Арабдардын жогорудагы сөздөрүн үйрөнүп чыксак, «ثم»дан кийинки иш андан мурун айтылган иштен мурда болгонуна далалат кылуучу карина - «أمس кече» сөзүнүн «ثم»дан кийин, «اليوم бүгүн» сөзүнүн «ثم»дан мурун колдонулганын көрөбүз.

Бул сөздөн көрсөтүү көздөлгөн максат – бүгүнкү иштин кыйматын түшүрүү. Сөздүн зохирий мааниси кечеги ишти мактоо, акыйкаты болсо аткаруучунун кудуретин айыптоо. Т.а. ал бир иште алга жылуу ордуна артка карап кетти, натыйжада бүгүнкү иш кечегиге караганда азыраак болду.

Аят каримадагы карина аяттын түшүү себеби, аны Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Көрсөтүү көздөлгөн максат болсо Курайштын адатын бекер кылуу. Курайш адаты боюнча Муздалифада токтоп, Арафатта токтоо үчүн барбайт эле. Т.а. Аллах Таала мурдагы аятта Арафаттан Муздалифага ифаза кылууну айткандан кийин аны дагы айтты жана Арафаттан Муздалифага ифаза кылуу Курайшка да кудум башкаларга важиб болгондой важиб экендигин эстетти.

Ифаза кылуу Арафаттан Муздалифага болушу айкындашты деп үмүт кыламын.

{ثُمَّ أَفِيضُواْ}

***«Андан соң түшкүлө»*** [2:199]

деп келген кийинки аят мааниде

{فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٍ}

***«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин»*** [2:198]

деп келген аяттан мурун болот. Араб тилинде алдыга жана кийинкиге сүрүү анык бир максат үчүн болот. Бул жердеги максат Курайштын жахилияттагы өздөрүн башка адамдардан ажыратуу адаттарына чек коюу болгон.

**16-зул-каъда, 1434-х.**

**22-сентябрь, 2013-м.**

# بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Ҳизб ут-Таҳрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Раштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын суроолоруна жооптор (фикхий)

## Taqi Naserдин суроосуна жооп: Байъаттын белгилүү бир убакытка чектелиши жаизби?

**Суроо:**

Ассаламу алайкум рахматуллоохи ва баракаатух!

Менин суроом үммөт менен халифанын ортосундагы ыраазылык келишими болгон баят тууралуу. Халифаны азыркы системадагыдай төрт-беш жылга чектелген белгилүү бир мөөнөткө шайлоо мүмкүнбү? Ушуга далил барбы?

Аллах сиздин колунуз менен Ислам жеңишин берсин.

**Жооп:**

Жооб: Алайкуму салаам рахматуллоохи ва баракаатух!

1 – Баят тууралуу келген шарий далилдер белгилүү бир мөөнөткө чектөөнү четке кагат. Себеби, Пайгамбар Aга жана туура жолдогу хулафаи роошидиндерге берилген баят – Аллахтын китеби жана сүннөт менен өкүм жүргүзүүгө гана берилген. Баят мына ушуга гана байланган. Тактап айтканда, китеб жана сүннөт менен өкүм жүргүзүүгө гана байланган. Эгер Халифа Аллахтын китеби жана Пайгамбардын сүннөтү менен өкүм жүргүзүүнү таштаса, шарий өкүмгө ылайык, ал Халифалык вазыйпасынан ажырайт. Бул тууралуу Халифаны ишинен четтетүү иш чарасы жана мазоолим башкы казынын ыйгарым укуктары темасында шарий далилдер толук түрдө берилген. Баятты мындан башка нерсеге байлоо мүмкүн эмес, анткени, ал баят тууралуу келген шарий далилдерге тескери келип калат. Баяттын шарий далили китеб жана сүннөт менен өкүм жүргүзүүгө гана байланган. Бул сүннөт жана сахабалардын ижмасы менен далилденген

Ал эми сүннөткө келсек: Убаадата Соомит р.а айтты: Расулуллоох A бизди чакырды, биз ага баят бердик. Бизден ал ушул нерселерге баят алды:

«أَنْ بَايَعْنَا عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي مَنْشَطِنَا وَمَكْرَهِنَا، وَعُسْرِنَا وَيُسْرِنَا، وَأَثَرَةٍ عَلَيْنَا، وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الْأَمْرَ أَهْلَهُ»

**«Биз оорчулук-жеңилчиликте да, кыйынчылык-жыргалчылыкта да да угуп моюн сунууга жана иშти өз ээлеринен талашпоого баят бердик».** Ошондо айтты:

«إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللهِ فِيهِ بُرْهَانٌ»

**«Бирок** (баш ийбейсиңер)**, качан ачык куфрду көрсөңөр жана ага каршы Аллахтын китебинен далилиңер болсо»** (Бухарий, Муслим).

Яхя бин Хусайндын чоң энеси умму Хусайн айтты: анын айтып жатканын уктум, ал айтты: Русулуллох A айтты:

«إِنْ أُمِّرَ عَلَيْكُمْ عَبْدٌ مُجَدَّعٌ ـ حَسِبْتُهَا قَالَتْ ـ أَسْوَدُ، يَقُودُكُمْ بِكِتَابِ اللهِ تَعَالَى، فَاسْمَعُوا لَهُ وَأَطِيعُوا»

**«Мурду кетик кул силерге амир болсо да, ал Аллахтын китеби менен силерди жетектесе, аны угуп ага баш ийгиле ».**

Ушул далилдерден көрүнүп тургандай, баяттагы угуп жана баш ийүү Аллахтын китеби жана Пайгамбар Aдын сүннөтү менен өкүм жүргүзүлүүсүнө гана байланган. Качан ачык куфрду көргөндө, тактап айтканда, шариятка катий каршы иштерди көргөндө, угуп баш ийилбейт. Ал эми сахаабалардын ижмаасы болсо: хулафаи роошидиндерге берилген баятта, алардын Аллахтын китеби жана Пайгамбар Aдын сүннөтү менен өкүм жүргүзүүлөрүнө гана байлаган. Белгилүү бир мөөнөткө байланган эмес. Аларга берилген баят көптөгөн сахаабалардын р.а. катышуусу менен ишке ашкан. Ошондуктан халифага берилген баят белгилүү бир мөөнөткө чектелбегендиги да ушул сахаабалардын ижмаасы менен ижмаа болуп калат. Халифага моюн сунуу анын Аллахтын китеби жана Пайгамбар Aдын сүннөтү менен өкүм жүргүзүүсүнө байланган. Тактап айтканда, Аллах түшүргөн китеб менен өкүм жүргүзүүсүнө, эгер антпесе, ага баш ийилбейт.

Муьамар бин Рошид «Жаамиь» китебинде риваят кылат: Абу Бакр бизге мындай хутба кылды: «Эй адамдар, мен силерге амир болуп шайландым. Мен силердин жакшыңар эмесмин. Мен Аллахтын китеби жана Пайгамбар Aдын сүннөтүнө баш ийгенимде, силер да мага баш ийгиле. Эгер мен Аллахтын китеби жана Пайгамбар Aдын сүннөтүнө баш ийбесем, силердин мага баш ийүүңөр да жок. Намазыңарды өтөгүлө, Аллах силерди ырайымына алсын».

Ушул далилдерден көрүнүп тургандай, баят белгилүү бир мөөнөткө чектелген эмес, балким Халифанын Аллахтын китебине жана Пайгамбар Aдын сүннөтүнө баш ийүүсүнө байланган. Халифа Аллах түшүргөн өкүм менен өкүм жүргүзө берсе, ага баш ийүү улана берет. Качан гана Халифа Аллах түшүргөн өкүм менен өкүм жүргүзүүнү токтотуп, ага каршы иш тутса, анда ага баш ийилбейт жана анын мөөнөтү бүтөт, мейли, ал бийликке келгенине жарым ай болсо дагы.

Бул боюнча мазолим казысынын ыйгарым укуктары жана Халифаны иштен четтетүү темаларында шарий далилдери менен толук берилген.

2 – Ал эми халифаны белгилүү бир мөөнөткө шайлоо тууралуу айтып жаткандардын далилдери да, далилге окшош нерселери да жок. Бул боюнча 2013-жылы 4-июнда чыккан суроо-жоопто кеңири токтолгонбуз, каалоочулар болсо ага кайрылса болот.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рашта** **26-мухаррам, 1438-х.**

**27-октябрь, 2016-м.**

## Суроого жооп

**Суроо:** Халифалык ыраазылык жана ыктыяр акды (келишими). Үммөт Абдуррахман ибн Авфка аларды башкара турган адам Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен башкарышына кошумча эки шейхтин (Абу Бакр жана Умар) жолун да шарт кылып койгон. Мындан байъат акдында Үммөт халифа үчүн белгилүү бир мөөнөттү белгилөөнү да шарт кылышы жайиздигин түшүнүүбүз мүмкүнбү? Муну түшүндүрүп беришиңизди үмүт кылабыз. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:** Жооп берүүдөн мурун ушуларды эске салып коймокчумун:

а) Мусулман адам акд-келишимдерде адалды арам же арамды адал кыла турган шарттан бөлөк каалаган нерсесин шарт кылып коюшу мүмкүн. Бухарий Бариранын азат кылынышы жөнүндө Аиша Iдан риваят кылган хадиси шарифте келишинче, Расулуллах A адамдар алдында туруп Аллахка хамду-сана айткандан кийин мындай деди:

«أَمَّا بَعْدُ، مَا بَالُ رِجَالٍ يَشْتَرِطُونَ شُرُوطًا لَيْسَتْ فِي كِتَابِ اللَّهِ، مَا كَانَ مِنْ شَرْطٍ لَيْسَ فِي كِتَابِ اللَّهِ فَهُوَ بَاطِلٌ، وَإِنْ كَانَ مِائَةَ شَرْطٍ، قَضَاءُ اللَّهِ أَحَقُّ، وَشَرْطُ اللَّهِ أَوْثَقُ، وَإِنَّمَا الوَلاَءُ لِمَنْ أَعْتَقَ»

**«Амма баъд, Аллахтын Китебинде болбогон шарттарды шарт кылып коё турган кишилердин абалы эмне болор экен. Аллахтын Китебинде болбогон шарт, жүз шарт болсо да – батыл. Аллахтын казасы эң хак жана Аллахтын шарты эң бекем. Албетте, валийлик азат кылган кишиники».**

Термизий Касир ибн Абдуллах ибн Авф Музанийден, ал атасынан, атасы чоң атасынан риваят кылган сахих хадисте Расулуллах A айтты:

«وَالْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ، إِلاَّ شَرْطًا حَرَّمَ حَلاَلاً، أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا»

**«Мусулмандар өз шарттарына бапаа кылуулары керек, адалды арам же арамды адал кыла турган шартка гана бапаа кылышпайт».**

б) Демек, мусулман адам акддарда арамды адал же адалды арам кыла турган т.а. Аллахтын шариятына тескери шарттардан башка шарттарды шарт кылышы жайиз. Аллахтын шариятына тескери шарт батыл шарт болуп, ал жайиз эмес.

в) Мужтахиддин башка бир мужтахидге ээрчүүсү жайиз. Бул, сахабалар карманган жол. Ошого ылайык, эгер мусулман адам бир мужтахидге кандайдыр бир маселеде башка бир мужтахидге ээрчишин, антпесе, ага байъат бербешин шарт кылып койсо, бул жайиз. Анткени, мужтахиддин башка бир мужтахидге ээрчиши жайиз.

«Шахсия» китебинин биринчи китебинин 157-бетинде «Таклид вакиъси» бөлүгүндө төмөнкүчө келет:

1. «Эгер мужтахидде бир маселе туурасында ижтихад кылуусу үчүн жөндөмү бар болсо жана ал ушул маселеде ижтихад кылып, бир өкүмгө жетип барса, бул жетип барган өкүмүнө тескери көрүнүштө башка мужтахиддерге ээрчүүсү жайиз эмес. Болгону, төмөнкү төрт абалдын биринде гана өз ижтихады менен жеткен райынан баш тартуусу мүмкүн:

2\. 1. Эгер, мужтахидге өз ижтихадында таянган далили заифтиги жана башка мужтахиддин далили анын далилинен күчтүү экендиги белгилүү болсо, дароо өз өкүмүнөн баш тартып, далили күчтүү өкүмдү алуусу важиб…

3\. 2. Эгер, бирер мужтахидге башка бир мужтахиддин далилдерди өз вакиълигине байлоого кудуреттүүлүгү, викиъни же далилдерди түшүнүп жетүүсү күчтүүрөөк экени, самъий далилдерди көбүрөөк билүүсү сыяктуу абзелдиктери белгилүү болсо, белгилүү бир маселени же проблемаларды түшүнүп жетүүдө өзүнө караганда анын туура жол тутушуна ишенсе, өз ижтихады менен жеткен өкүмдү таштап, ишенимдүүрөөк деп билген мужтахиддин ижтихадына ээрчүүсү жайиз.

4\. 3. Эгер, халифа мужтахид истинбат кылган өкүмгө тескери өкүмдү киргизсе, мужтахиддин өз ижтихадын таштап, халифа киргизген өкүмдү алуусу важиб…

5\. 4. Мусулмандардын пайдасы үчүн, аларды бириктирүү максатында мужтахид өз ижтихадынан баш тартып, мусулмандардын келишүүсү назарда тутулуп жаткан өкүмдү алуусу жайиз. Кудум Усманга байъат кылынып жаткан убакта жүз берген окуя сыяктуу… Бирок бул нерсе мужтахид үчүн важиб эмес, жайиз. Себеби, Али τ өз ижтихадын таштап Абу Бакр жана Умар τнун ижтихадына ээрчүүгө көнбөгөн убакта эч ким Алинин бул ишин каралабады. Демек, өз ижтихадын таштап башкага ээрчүүсү важиб эмес, жайиз.

Жогорудагылар - өзү иш жүзүндө ижтихад кылып, бирер маселеде бир өкүмгө ээрчиген мужтахид жөнүндөгү пикирлер. Ал эми, мужтахид бирер маселеде ижтихад кылбаган болсо, бул маселеде башка мужтахиддин ижтихадын алуусу да мүмкүн… Сахих кабарларда келгендей, Умар Γ Абу Бакр Γга: «Биздин райыбыз сиздин райыңызга караштуу», - деп айткан. Дагы ушундай кабарлар бар, Умар τ эгер бирер чатакты чечүүдө Куран жана Сүннөттөн чечим таба албаса, Абу Бакр τнун ушундай проблеманы кантип чечкенине кызыгар эле. Эгер Абу Бакр τнун ушундай проблеманы чечкенин көрсө, ал да ушул чечимди алат эле. Ибн Масъуд τ болсо Умардын сөзүн алар эле. Мындай абалдар сахабалардын көз алдында болуп өткөн, бирок алардын эч кимиси муну четке каккан эмес. Бул болсо, сүкүт ижмасы болуп эсептелет».

г) Халифага байъат берүү нусустары мөөнөт шарт кылынышына карама-каршы келет. Анткени, Расулуллах Aга жана хулафаи рошидиндерге байъат берүү Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен өкүм жүргүзүүгө ылайык болгон. Байъаттын шарты мына ушул. Эгер, халифа Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулуллах Aдын Сүннөтү менен өкүм жүргүзүүнү таштаса, халифаны четтетүү абалын о.э. мазалим махкамасы укугун кеңири баян кылып келген шаръий өкүмдөргө ылайык анын башкаруусу аягына жетет. Халифа үчүн башка шартты белгилөө байъат нусустарына тескери болгону үчүн жайиз эмес. Байъат нусустарында Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулу Aдын Сүннөтү менен өкүм жүргүзүү деп келген. Бул – Сүннөт жана сахабалар ижмасы менен сабит:

Сүннөткө келсек, Бухарий Убада ибн Самиттен риваят кылган хадисте ал айтат: Расулуллах A бизди даъват кылды. Биз ал кишиге байъат бердик. Бизден байъат алганда, кубанычта да, кайгыда да, оор күндөрүбүздө да, жеңил күндөрүбүздө да кулак салып, итаат кылууга, өзүбүздөн абзел көрүшүбүзгө, ишти ээсинен талашпоого байъат беришибизди айтып:

«إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللهِ فِيهِ بُرْهَانٌ»

**«Эгер, ачык куфрду көрсөңөр жана силерде бул жөнүндө Аллахтан анык хужжат болсо гана,** (ошондо гана талашууңар мүмкүн), **деди»**. Бул хадисти Муслим да риваят кылган.

Муслим Яхя ибн Хусайндан, ал (чоң) энеси Умму Хусайндан риваят кылышынча, Расулуллах A:

«إِنْ أُمِّرَ عَلَيْكُمْ عَبْدٌ مُجَدَّعٌ أَسْوَدُ، يَقُودُكُمْ بِكِتَابِ اللهِ تَعَالَى، فَاسْمَعُوا لَهُ وَأَطِيعُوا»

**«Үстүңөргө бир кара кул амир болуп дайындалса да – ырас, ал силерди Аллахтын Китеби менен башкарган соң – ага кулак салып итаат кылгыла»,** деди.

Булардын баарынан, ырас Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулу Aдын Сүннөтү менен өкүм жүргүзүлгөн соң, байъат жана итааттын уланышы анык көрүнүп турат. Ачык куфр т.а. шарияткa катъий карама-каршылык көрүнсө итаат кылынбайт.

Сахабалар ижмасына келсек, хулафаи рошидиндердин байъаты белгиленген мөөнөткө эмес, Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулу Aдын Сүннөтүнө ылайык болгон. Аларга байъат берүү сахабалардын көз алдында ишке ашкан. Ошондуктан, бул, мөөнөт белгиленбешине ижма болуп калды. Халифанын халифалыкта турушу Аллах Таала жана Расулу Aга итаат кылышына т.а. Аллах түшүргөн шарият менен өкүм жүргүзүүсүнө байланыштуу. Муаммар ибн Рошид «Жамиъ»синде мындай келтирет: Бизге Абу Бакр Г кайрылып айтты: «Эй адамдар, мен силерге башчы болуп дайындалдым жана мен силердин жакшыңар эмесмин. Мен Аллах жана Расулуна итаат кылсам, мага итаат кылгыла. Эгер, Аллах жана Расулуна асийлик кылсам, мага итаат кылуу силерге важиб эмес. Намазга тургула. Кудай силерди Өз рахматына алсын».

Бул далилдерден халифалык мөөнөтү белгиленбегени, халифа Аллах Таалага жана Расулу Aга итаат кылышы байъат текстинде анык көрсөтүлгөнү көрүнүп турат. Ырас, халифа Аллахтын шарияты менен өкүм жүргүзгөн соң, анын башкаруусу уланат. Эгер, ал катъий нусуска тескери иш кылса, анын башкаруусу аягына жетет, ага бир же эки ай болгон болсо да. Бул иш халифаны четтетүү жана мазалим казысы жөнүндө келген шаръий өкүмдөргө ылайык болот.

д) Умар Гдан кийин халифаны шайлоодо жүз берген иштер жөнүндө айта турган болсок, алар Абдуррахман ибн Авфка ушундай бир халифага байъат берүүнү шарт кылып коюшкан, эгер бул халифага андан мурунку эки халифанын доорунда жүз берген маселе туш келсе о.э. Абу Бакр жана Умар бул маселеде өкүм кылган болсо, бул маселеде ижтихад кылбай аларга ээрчиши важиб. Али Г бул шартты четке кагып ар бир маселеде өзү ижтихад кылышын айтты. Усман Г болсо бул шартты кабыл алды. Ошондуктан Усман Гга байъат берилди. Халифага мындай шарттардын шарт кылынышы жайиз. Халифа үчүн да бул шарттарды кабыл алып ээрчиши же кабыл албай ижтихад кылышы жайиз. Мужтахиддин башка бир мужтахидге ээрчиши – жогоруда сахабалар доорунда бир мужтахиддин башка мужтахидге ээрчигени жөнүндө айтып өткөнүбүздөй – шаръий түрдө жайиз.

Жыйынтык ушул: акддарда шаръий нусустарга тескери болбогон шарттын коюлушу жайиз. Эгер, шаръий нусустарга тескери болсо жайиз эмес. Халифа үчүн мөөнөттү белгилөөнү шарт кылуу Сүннөт менен жана сахабалар ижмасы менен сабит болгон байъат нусустарына тескери. Бул нусустар – Аллах Субханаху ва Тааланын Китеби жана Расулу Aдын Сүннөтү менен өкүм жүргүзүлүшү. Демек, байъат берилиши көздөлүп жаткан халифага мөөнөттү белгилөөнү шарт кылып коюу жайиз эмес.

**16-жумадус-саний, 1434-х.**

**6-апрель, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жоопторунан:

## Omar Almukhtar тарабынан берилген халифанын муавинди иштен бошотуу укугу туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

«Мукаддиматуд дастур» китебинде – халифада өз муавинин иштен алуу укугу бар экени, бул өкүлгө киястап алынганы, бирок өзгөчө абалдарда аны иштен алууга тыюу салган нусус келген болсо, буга акысы жок экени кеңири айтылган. Мен халифа өз муавинин иштен алышына тыюу салган ушул өзгөчө абалдар кайсылар экенин ачыктап беришиңизди суранамын. Жообуңуздан мурун сизге береке сураймын, вассаламу алайкум, Аллахтын коргоосунда болуңуз.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

«Мукаддиматуд дастур» китебинде мындай делген: «Ал эми, халифанын орун басары эсептелген муавин бийлик-укукту халифадан алганы үчүн аны иштен алуу укугуна халифа ээ жана бул өкүлгө киясталып ушундай. Себеби, өкүл дайындоочу өз өкүлүн өкүлдүктөн алуу укугуна ээ. Бирок, өзгөчө абалдарда аны иштен алууну тыюу салган нусус келген болсо, аны иштен ала албайт».

Бу жердеги «Бирок, өзгөчө абалдарда аны иштен алууну тыюу салган нусус келген болсо, аны иштен ала албайт» деген сөз муавинге эмес, өкүлгө тиешелүү, анткени, түпкүлүгүндө өкүлдүк жайиз бүтүм болуп, өкүл дайындоочу да, өкүл катары дайындалуучу да бул бүтүмүн каалаган маалда бекер кылууга акысы бар. Бирок, фукахалар бүтүм мажбурий болуп калып, өкүл дайындоочу үчүн өкүлдөн өкүлдүктү алууга акысы болбогон белгилүү бир абалдарды айтып өтүшкөн, мисалы, өкүл душмандыкка өкүл болгону сыяктуу. Бул жөнүндө Абу Ханифа: «Качан өкүлдүккө бирөөнүн акысы тиешелүү болсо, өкүлдөн ушул акы-укук ээсинин уруксатысыз өкүлдүктү алып коюу мүмкүн эмес», деген. Бул жерде дагы фукахалар өкүл өз вакил кылуучусунан өкүлдүктү ала албашын баса белгилеген башка айрым абалдар да бар.

Кыскасы, сиз сураган сүйлөмдүн мааниси сиз түшүнгөндөн башкача. Анткени, өзгөчө абалдарда аны иштен алышына тыюу салган нусус келген болсо, буга акысы жок дегенде муавин эмес, өкүл дайындоочу гана түшүнүлөт. Себеби, муавинди ар дайым халифа иштен алууга акысы бар жана аны иштен алышы дурус болбогон эч кандай өзгөчө абал жок.

Бул сүйлөм мына ушундай түшүнүлөт. Себеби, далил көрсөтүү укук маселесинде болуп, муавин халифа үчүн өкүл сыяктуу эсептелет. Ушул себептен улам, өкүлдүккө киястап алынганда, халифа аны иштен алууга акысы бар, өкүл дайындоочу өз өкүлүнөн укукту алышы жайиз, бул муавинге да туура келген асл өкүлдүк өкүмүнөн келип чыгып ушундай болгон. Халифа укугунда өзгөчө абалдар келбейт, андыктан, ал ар кандай убакыт муавинди иштен алышы жайиз.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **20-рамазан, 1435-х.**

**18-июль, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ато ибн Халил Абу Раштанын фейсбук баракчасындагы зияратчылардын берген суроолоруна жообдору (фикхий)

## Ахмад Абу Ийд (أحمد أبوعيد)дын биз бийликке жетип мамлекетти курууда Расул Aдын тарыйкатына амал кылууга мажбур эмеспиз деп жаткандарга ишеничтүү жооп кандай болушу туурасындагы суроого жооб

**Суроо:**

Ассаламу алайкум... шейхибиз.. мен «Биз бийликке жетип мамлекетти тикелөөдө Расул ∴дын тарыйкатына амал кылууга мажбур эмеспиз» деп жаткандарга кандай ишеничтүү жообун беришим мүмкүн...?

**Жооб:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Кыскача айтканда ишеничтүү жооб төмөнкүдөй:

1 – Биз бийликке жетүүдө Расул Aдын тарыйкатына амал кылууга мажбур эмеспиз деп айтып жаткан кишиге ушул суроолорду бериңиз:
Даарат алмакчы болсоң дааратты билүү үчүн кайсыл далилдерди издейсиң? Даарат далилдеринби же хаж далилдеринби? Ошондо ал албетте даарат далилдерин дейт...

Андан ушуну сураңыз: Орозо хукмдарын билмекчи болсоң орозо далилдерин издейсиңби? Же орозону кандай кармоо керектигин билүү үчүн жихад далилдерин издейсиңби? Ал орозо хукмдарын билүү үчүн албетте орозо далилдерин издешин айтат.

Андан ушуну сураңыз: намаз хукмдарын билмекчи болсоң намаз далилдерин издейсиңби? Же бул туурасында зекет далилдерин издейсиңби? Ал албетте намаз далилдерин издешин айтат.

**Хукмдарын билмекчи болгон ар кандай маселе жөнүндө ушундай жооп берет. Себеби, анын шарияттагы далилдерин издейт.**

Эми андан мамлекетти кандай тикелөө керектигин билүү жөнүндө сураңыз. Акыры, ал мамлекетти тикелөө жөнүндө Расул Aдан варид болгон шаръий далилдерди издейт эмеспи? Аны мисалы жихад, же намаз, же зекет далилдеринен издебейт го... Тескерисинче, мамлекетти тикелөө далилдерин издейт. **Расул A мамлекетти өз ара аракеттешүү баскычында нусрат талаб кылуу тарыйкаты менен тикеледи. Демек, мамлекетти тикелөө тарыйкаты – нусрат талаб кылуу.**

Эми ушундай суроо пайда болот: нусрат талаб кылуу фарзбы, же мандуббу, же мубахпы? Эгер, фарз болсо, анда мамлекетти тикелөөдө ушул тарыйкатты кармануудга мажбур болобуз. Бул теманы үйрөнүп чыксак ушуларга күбө болобуз:

Нусрат талаб кылуу – фарз. Буга далил Расул A бул тарыйкатты – кыйынчылык-машакатка карабастан – өзгөртпөгөнү. Мисалы, Расул A Сакиф уруусунан нусрат талаб кылды, алар жаман көрүнүштө четке кагып, Расул Aдын мубарак буттарын кан жалатышты... Ошондо да Расул A бул тарыйкатты өзгөртпөдү. Тескерисинче, уруулардан нусрат талаб кылууну улантты. Мисалы, Бану

Шайбандан жана Бану Амирден нусрат талаб кылды. Пайгамбарыбыз A он жолудан ашуун нусрат талаб кылды. Уруулар кабыл алышпады. Ошого карабастан, Расул A кыйынчылык-машакатка учураганына карабастан бул тарыйкатты башкасына өзгөртпөдү. **Усулда кыйынчылыкка карабастан талабдын кайталанышы бул талабдын фарз экенине карина болот.**

Т.а. нусрат талаб кылуу фарз... Анткени, ал – мамлекетти тикелөөдө Расул A карманган жалгыз тарыйкат. Пайгамбарыбыз бул тарыйкатты – Аллах ал затты ансарлар менен сыйлаганга чейин – карманды. Ансарлар ал кишиге экинчи Акаба байъатын беришти. Мына ошондон кийин Пайгамбарыбыз Мадинага хижрат кылды жана мамлекетти тикеледи.

Жүрөгү бар же өзү күбө болуп акыйкатка кулак салган киши үчүн жетиштүү кыскача жооб ушул. Бирок, кибр кимселерге келсек, алардын хужжаты четке кагылат. Себеби, алардын ар бири мисалы даарат алуу үчүн даарат далилдерин издөө керектигин моюнга алат. Орозо кармоо үчүн орозо далилдерин издөө керектигин жана намаз окуу үчүн намаз далилдерин издөө керектигин моюнга алат... Өзү аткармакчы болгон амал туурасында башка амалдын далилдерин издебейт. Ошондуктан, анын мойнундагы важиб – эгер акыл жүргүзсө – мамлекет курмакчы болсо мамлекетти тикелөө далилдерин издөө керектигин моюнга алышы. **Бул жерде Расул A өз амалы жана сөзү менен баян кылып көрсөтүп берген нусрат талаб кылуудан башка далилдер жок. Расул A өз ара аракеттешүү баскычынын акырларында нусрат талаб кылуу менен алектенди... Бул тарыйкат фарз. Бул тарыйкаттын важибдиги жөнүндө ишеничтүү жана жетиштүү кыскача жооб ушул. Биз мамлекетти тикелөөдө ушул тарыйкатка ылайык аракет кылып жатабыз.**

Сөзүмдүн соңунда сизге салам жолдоп, Аллах Субханахудан сиздин колуңуз менен жакшылык эшиктерин ачышын сураймын.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рашта** **2-жумадул-аввал, 1438-х.**

**30-январь, 2017-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Юсуф Юсуф тарабынан берилген «Үммөт Халифалыкты тикелөөдөгү кыйынчылыктарды көтөрүүгө даярбы» деген суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу аалымыбыз боордош Ато ибн Халил!

Баарыбызга белгилүү болгондой, Үммөт бүгүн Халифалык мамлекетинин жарыя кылынышына болуп көрбөгөндөй жакын келип калды, бул мамлекеттин тикеленгени жөнүндөгү кабарды угуу алдында турабыз, инша Аллах. Сиздин деңгээлиңизге, илимиңизге жана окуялар агымын жакшы билгениңизге таянып мындай суроо бермекчимин: бүгүн Үммөт мына ушундай улуу ишке даярбы, өзгөчө, ушул мамлекеттин тикелениши артынан жарала турган нерселерге даярбы? Бул иш т.а.

Халифалык тикеленгенден кийинки иш-аракеттер Халифалыкты тикелөөдөн кыйын болушу мүмкүн. Үммөт бул акыбеттерди көтөрө алабы?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Боордош, маани-маңыз Аллах Субханухy бизге нусрат-жардам беришинде, биз болсо Халифалык мамлекетин тикелейбиз. Ал эми, Үммөт кыйынчылыктарды көтөрүүгө даярбы деген суроого келсек, шек-күмөнсүз, «ооба», даяр. Үммөткө туура жолду тутуучу Халифалык мамлекети саясында аны изгиликке карай жетектөөчү калыс, адилеттүү жана таква бир жетекчи гана жетишпей жатат. Аллах Субханаху бул Үммөткө мындай баа берет:

{كُنتُمۡ خَيۡرَ أُمَّةٍ أُخۡرِجَتۡ لِلنَّاسِ تَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَتَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَتُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ}

***«Силер адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Үммөт болдуңар, маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер»*** [3:110]

Туура, Үммөткө ойрон кылуучу сакафаттар, батыл пикирлер, кооптуу түшүнүктөр кирип калган. Үммөт арасында исламий алакалар алсыздашып, ордун улутчулдук, мекенчилдик… сыяктуу алакалар ээлеген. Бирок, булардын баары Үммөткө терең жайгаша албады, тескерисинче, бул нерселер үстүртөн кала берди, залим акимдердин жана аларга таандык маалымат каражаттарынын жардамы менен гана кармалып турат… Ошого карабастан, Үммөттө изгилик бар. Сиз, боордош, Хизб аракеттерин күзөтүп, Халифалык пикири бүгүн коомдук пикирге айланганын, кече мындай болбогонун, бул пикир көзгө даана урунган элдин талабына айланганын, кече ага даъват кылуу айып эсептелгенин байкаган чыгарсыз!

Боордош, күчсүздүк жана бөлүнүү факторлоруна дуушар болсо да, бул Үммөт тирүү… жана Үммөт козголушу керек. Кресттүүлөр өлкөлөрүбүздө эки жүз жылдай турушту, Куддуси шарифтин өзүндө 90 жыл турушту. Кийин хижрий 582-жылы робиус-саний айында Хиттийн согушу болду, ошол жылдын ражабында мусулмандар Куддусту азат кылышты, кийин Салахиддин Айюбий Мисирде фатимийлерди жок кылып, аббасийлер Халифалыгын кайра орноткондон кийин, Куддустан кресттүүлөрдү шерменде кылып кууп чыгарды… хижрий 656-жылы монголдор Багдадды ээлешип, халифаны өлтүрүштү, ал жердеги Халифалык Мисирге көчтү, эки жыл өтпөстөн, Айни Жолут согушу болду жана монголдор жок кылынды…

Азиз боордош, пакиза, таква бир жетекчилик астында Халифалыктын кайра тикелениши, инша Аллах, Үммөткө улуулугун жана фатхтарын албетте кайтарат. Бул болсо, Аллахка таптакыр кыйын эмес.

Сиздин камкордугуңуз жана этибарыңыз үчүн барокаллох, боордош!

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **25-мухаррам, 1435-х.**

**28-ноябрь, 2013-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (пикирий):

## Ntham Rdдын Халифалыктын инъикод шарттарындагы «кудуреттүүлүк» мааниси жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Бисмиллахир Рохманир Рохим, ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух.

Менде бир суроо бар: Шахсия китебинин экинчи бөлүмүнүн 33-бетинде халифа болуу үчүн талап кылынуучу шарттардын жетинчисинде «кудуреттүү» (кодир) сөзү келтирилген, андан кийин кудуреттүүлүк сөзү баян кылынып шарттар туурасында жазылган сөздөр төмөнкү сүйлөмгө чейин жетип барган: «О.э. халифалык келишими байланышы үчүн халифанын кайраттуу болушу, же болбосо жаранга саясат жүргүзүүгө жана кызыкчылыктарды колдонууга алып келүүчү рай ээлеринен болушу да шарт эмес». Суроо, булар кудуреттүүлүк болуп эсептелбейби?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Мына ошол китепте төмөнкүлөр келген: «Халифалык келишими байланышы үчүн халифанын кайраттуу болушу, же болбосо жаранга саясат жүргүзүүгө жана кызыкчылыктарды колдонууга алып келүүчү рай ээлеринен болушу да шарт эмес. Себеби, бул тууралуу бирер сахих хадис келген эмес жана муну инъикод шарты кылып коё турган бирер шаръий өкүмдүн астына да кирбейт. Мейли, кайраттуу, рай жана курч пикир ээси болушу абзел болсо да, бирок шарт эмес». Демек, келишим байланышынын шарты эгерде Үммөт инъикод шарттары толук болбогон халифаны шайласа анын халифалыгы батыл деген маанини түшүндүрөт... Ошондуктан, сиз айткан мына ошол эки ишти карап көрсөк, бул эки иш инъикод шарттарынан эместиги белгилүү болот, мунун мааниси, Үммөт эгерде бул эки сапат табылбай турган халифаны шайласа анын халифалыгы батыл (бекер) болбойт, анткени, шаръий далилдер буга далалат кылбайт. Бирок, бул эки сапат абзелдик шарттары түркүмүнө кирет т.а. Үммөт халифаны шайлоо маалында бул эки шартты да эсепке алып, инъикод шарттары табыла турган жана абзелдик шарттарынын да көбүрөөк бөлүгү табыла турган адамды шайлоого умтулса жакшыраак болот, анткени, бул абзелирээк жана тууракраак болот.

Кудуреттүүлүккө келсек, ал да инъикод шарттарынын бири болуп, ал халифанын Халифалыктын оор милдеттерин аткарууга кудуреттүү болушу маанисин түшүндүрөт, бирок, кудуреттүүлүк белгилүү бир нерсе менен чектеп коюлбайт. Ошондуктан, халифалыктын оор милдеттерин аткара алуу кудуретине зыян жеткире турган көрүнүштө таасир көрсөтө турган ар кандай нерсе кудуреттүүлүк шартына жарака кетирүүчү болуп эсептелет. Анткени, халифанын иши шарият өкүмдөрүн ишке ашыруу, бул болсо, бул иштерди халифанын жеке өзү аткара алуу кудуретин же халифа бул иштерди өзүнөн башкага жүктөй туган болсо, бул иштерди анын жеке өзү көзөмөлдөп бара алышы кудуретин талап кылат. Эгерде халифа буга кудуреттүү болбосо, анда ал шарият өкүмдөрүн колдонуу үчүн өзү менен түзүлгөн халифалык келишимине бапаа кыла албайт. Бул тууралуу (т.а. шарият өкүмдөрүн колдонуу үчүн) болсо инъикод шарттары, ошону менен бирге кудуреттүүлүк да табылса жетиштүү болот. Ошондуктан, эгерде халифада кудуреттүүлүк болбосо – мисалы, халифа бирер оору менен ооруп эсин жоготуп койсо, же узак мөөнөткө кома абалына түшүп калса, же ушул сыяктуу узакка созулуп мамлекетти башкаруу саламаттыгына терс таасирин тийгизе турган ооруга чалдыгып калса – Халифалык келишимин сахих көрүнүштө уланта албайт. Халифа мындай оорулар себептүү иштерди жеке өзү аткара албай калат же иштерди башкага жүктөгөн болсо, аларды өзү

көзөмөл кыла албай калат... Мындай абалда махкаматул мазолим халифанын кудурети жетпей калганына анык ишеним пайда кылуу чараларын көрөт жана анык ишеним пайда болгондон кийин халифалык мансабы бошоп калганын жарыя кылуу үчүн зарыл болгон чечимди кабыл алат...

А бирок, абзелдик шарттарынын табылбастыгы халифалык келишимин бекер кылбайт. Анткени, халифанын согуш өнөрүн мыкты билген кайраттуу адам болушу же эң жогорку университеттердин бирин бүтүргөн раъй ээлеринен болушу... булардын эч бири инъикод шарты эмес. Ошондуктан, бул халифалык келишимин бекер кылбайт, буга эч бир шаръий далил жок, анткени, мындай шарттар халифалык милдеттерин аткарууга зыян жеткирбейт. Мисалы, согуштар сыяктуу кээ бир иштерде татыктуу кайрат талап кылына турган болсо халифа бул жаатта кээ бир кайраттуу адамдардын жардамына таянышы мүмкүн. Иш университеттен билим алгандардын раъйын талап кылган абалда да халифа өз жарандары арасындагы ошондой адамдарга кайрылышы мүмкүн. Ошону менен бирге, азыр эле айтып өткөнүбүздөй, Үммөтттүн инъикод шарттары жана абзелдик шарттары табыла турган халифаны шайлашы жакшыраак болот. Бирок, Үммөт эгерде инъикод шарттары табыла турган, а бирок, абзелдик шарттары табылбай турган халифаны шайласа анын халифалыгы – ырасында анда инъикод шарттары табылган соң – сахих-дурус болот. Анткени, сахих шаръий далилдер ушуну билдирип турат.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **27-мухаррам, 1436-х.**

**20-ноябрь, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (фикхий):

## سفير الخلافةнын Халифалык тикеленгенден кийин риба малдары жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Башкаруу жана идара жихаздары (аппараты) китебинен Халифалык мамлекети тикеленгенден кейин риба малдарына карата каражаттарды ээлерине кайтарып берүү туурасындагы суроо... Суроо мындай, рибалуу малдарды эмне кылабыз? Мамлекеттин бул малдарды конфискация кылышы жана каражат кылып жаткырышы жайиз болобу? Риба малынан келе турган акча кагаз акча катары анын өзү арамбы же арамдык ишке тиешелүү болобу?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

1 – «Риба малдарын эмне кылабыз...», - деген сурооңузга жооп, бул жооп «Халифалык мамлекетинде малдар» китебинде бар, мамлекеттин гулул (акысыз көрүнүштө ээ болгон мал), риба, кумар... сыяктуу шаръий эмес жол менен табылган малды кандай тасарруф кылышы анык баян кылынган. Мисалы 111-112-беттердеги «акимдерден жана мамлекеттик кызматкерлерден алып коюлуучу гулул (акысыз түрдө ээ болуп алган мал) малы, шаръий эмес касб малы жана штрафтар малы» бөлүмүндө төмөнкүлөр келген:

«Валийлер, мансаптагылар жана мамлекеттик кызматкерлер шаръий эмес жол менен тапкан малдар Байтулмалдын кирешелеринен болот, буга Байтулмалдын кирешелеринен боло турган нерселер да кошулат, жеке адамдар мүлк кылып алууда же мүлктү өстүрүүдө пайдалануу шаръий жактан тыюу салынган жолдор менен тапкан бардык малдар да буга кошулат, анткени, ал арам касб кылуу болот, ошондуктан мүлк кылып алынбайт.

Мисалы, кимде-ким риба жолу менен бирер нерсени тапса ал арам болот жана мүлк болбойт. Анткени, Аллах рибаны арам кылды жана риба жолу менен малды өстүрүүнү арам кылды. Аллах Таала айтат:

**﴿الَّذِينَ يَأْكُلُونَ الرِّبَا لَا يَقُومُونَ إِلَّا كَمَا يَقُومُ الَّذِي يَتَخَبَّطُهُ الشَّيْطَانُ مِنَ الْمَسِّ ذَلِكَ بِأَنَّهُمْ قَالُوا إِنَّمَا الْبَيْعُ مِثْلُ الرِّبَا وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا فَمَنْ جَاءَهُ مَوْعِظَةٌ مِنْ رَبِّهِ فَانْتَهَى فَلَهُ مَا سَلَفَ وَأَمْرُهُ إِلَى اللَّهِ وَمَنْ عَادَ فَأُولَئِكَ أَصْحَابُ النَّارِ هُمْ فِيهَا خَالِدُونَ﴾**

***«Сүткор болгон кимселер*** *(кыямат күнүндө мүрзөлөрүнөн)* ***турушпайт, бирок, жин тийген мажнун сыяктуу турушат. Буга себеп алардын: Байъ*** *(соода)* ***да сүткордуктун өзү го? – дегендери. Акыйкатта болсо, Аллах байъды адал, сүткордукту арам кылган. Демек, кимге Роббисинен үгүт-насаат жеткен соң*** *(сүткордуктан)* ***токтосо, анда мурунку өткөнү өзүнө жана анын иши Аллахка*** *(тапшырылат)****.*** *(Т.а. Аллах Өзү каалааса кечирет)****. Ким*** *(сүткордукка)* ***кайтса, ошолор тозок ээлери жана анда түбөлүккө калышат»*** [2:275]

Аллах Таала дагы айтат:

**﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اتَّقُوا اللَّهَ وَذَرُوا مَا بَقِيَ مِنَ الرِّبَا إِنْ كُنْتُمْ مُؤْمِنِينَ * فَإِنْ لَمْ تَفْعَلُوا فَأْذَنُوا بِحَرْبٍ مِنَ اللَّهِ وَرَسُولِهِ وَإِنْ تُبْتُمْ فَلَكُمْ رُءُوسُ أَمْوَالِكُمْ لَا تَظْلِمُونَ وَلَا تُظْلَمُونَ﴾**

***«Эй момундар, Аллахтан корккула жана эгерде чындап эле момун болсоңор, сүткордук саркындыларын таштагыла.*** *(Т.а. адамдарга берген карызыңарга пайыз кошуп кайтарып албагыла)****. Эми эгерде*** *(буйругубузду)* ***кылбасаңар, анда Аллах жана пайгамбары тарабынан болуучу согушту билип койгула! Эгерде тообо кылсаңар, мал-мүлкүңөр өзүңөргө – залим да, мазлум да болбойсуңар»***

[2:278-279]

Риба малын кимден алып желген болсо ошол ээлерине – эгерде алардын ким экендиги белгилүү, тааныш болсо – кайтаруу керек, эгерде ким экендиги белгилүү болбосо мусодара (конфискация) кылынып Байтулмалга коюлат. Бул Муслим Жабирден чыгарган

**«لَعَنَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ آكِلَ الرِّبَا، وَمُؤْكِلَهُ، وَكَاتِبَهُ، وَشَاهِدَيْهِ، وَقَالَ: هُمْ سَوَاءٌ»**

**«Расулуллах A риба жегенди, аны жедиргенди, жазганды жана эки күбөсүн наалаттады о.э. алар барабар болушат»**, - деп айтты, деген хадисте келгендей риба менен мамиле кылуучуларга «аны жегенге, жедиргенге, жазганга жана эки күбөгө» анын натыйжасында берилүүчү шаръий укубат-жазага кошумча болот.

Кимде-ким кумар жолу менен мал тапса ал арам жана мүлк болбойт, ошондуктан ал ээсине кайтарылат. Ээси белгисиз болсо мусодара кылынып Байтулмалга коюлат. Бул кумар менен мамиле жүргүзө турган кимсеге – ал уттурган болсун же уткан болсун, мунун айырмасы жок – берилүүчү шаръий укубат-жазага кошумча болот. Анткени, кумар аркылуу мүлктү өстүрүү шаръий жактан жайиз болбойт. Анткени, кумар арам кылынган. Аллах Таала айтат:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنَّمَا الْخَمْرُ وَالْمَيْسِرُ وَالْأَنْصَابُ وَالْأَزْلَامُ رِجْسٌ مِنْ عَمَلِ الشَّيْطَانِ فَاجْتَنِبُوهُ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ * إِنَّمَا يُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَنْ يُوقِعَ بَيْنَكُمُ الْعَدَاوَةَ وَالْبَغْضَاءَ فِي الْخَمْرِ وَالْمَيْسِرِ وَيَصُدَّكُمْ عَنْ ذِكْرِ اللَّهِ وَعَنِ الصَّلَاةِ فَهَلْ أَنْتُمْ مُنْتَهُونَ﴾

***«Эй момундар, арак** (мас кылуучу ичимдик ичүү), **кумар** (ойноо), **буттар** (т.а. аларга сыйынуу) **жана таякчалар** (т.а. таякчалар менен палчылык кылуу) **шайтандын амалынан болгон арам иштер. Демек, нажат табышыңар үчүн алардын ар биринен алыс болгула! Ичкилик, кумар себептүү шайтан араңарга жек көрүү, душмандык салууну о.э. силерди Аллахты зикир кылуудан жана намаз окуудан тосууну гана каалайт! Эми токтоорсуңар!»*** [5:90-91]

2 – Эми суроонун риба малынын дал өзү же феъл (иш) арам экендиги туурасындагы экинчи бөлүгүнө келсек, анын жообу мындай, шаръий эмес иш менен табылган малдын өзү арам эмес, тескерисинче, арамдык аны табуу же өстүрүү көрүнүшүнө тиешелүү болот. А бирок, малдын өзү арам эмес. Мисалы, кимде-ким мас кылуучу ичимдик сатып же риба жолу менен динарларды тапса динарлардын өзү арам болуп калбайт, тескерисинче, арамдык аларды табуу же өстүрүү көрүнүшүндө. Ошондуктан, динарларды арам жол менен касб кылып тапкан кимсе аларды мүлк кылып ала албайт. А бирок, динарлардын өзү арам болбойт, ошондуктан алар мусулмандардын Байтулмалына коюлат жана алардан мусулмандардын иштерине жумшалат. Мындан доңуз эти жана хамр (мас кылуучу ичимдик) сыяктуу өзү арам болгон мал гана мустасна, анткени, алар өзү арам болгон малдар.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **26 зул-хижжа, 1435-х.**

**20-октябрь, 2014-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жоопторунан:

## Muafa Abu Haura тарабынан берилген Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөткө тиешелүү суроого жооп

**Суроо:**

Жообуңуз үчүн Аллах сыйласын...

Талкуу-тартышуулар ачык болушу мүмкүнбү, мусулмандар анын мазмунунан пайдаланышмак о.э. заиф пикир анык болгондон кийин, Хизбут-Тахрир жана анын амири акыйкатты калыстык менен кабыл алышын билип алышмак?

Биз талкуу кылмакчы болуп жаткан биринчи пикир Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт жөнүндө.

Мага Aang Yulius деген боордошум төмөндөгү макаланы жазды:

«Хизбут-Тахрирдин мусулмандарга Халифалыкты тикелөө үчүн берилген мөөнөттү дайындоодогу далил келтирген риваяты сахихпи?

Хизбут-Тахрирдин табанний кылынган пикирлеринин бири – бул бардык мусулмандар үчүн халифа шайлоо пикири. Алардын айтымында, мусулмандар үч күндөн ашык халифасыз болбошу

керек, эгер үч күн өтсө, мусулмандар халифа шайлабаган болушса, күнөөкөр болушат. Усманий Халифалык кулатылгандан тартып бүгүнкү күнгө чейин мусулмандар мойнунда байъатсыз сексен жылдан ашуун жашашты.

Натыйжада, Халифалыкты тикелөөдө катышпаган ар бир киши күнөөкөр болду. Хизбут-Тахрир Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт үч күн экенине сахабалар ижмасын (Умар ибн Хаттаб Γнун белгилүү сөздөрүн) далил кылып келтиришет. Риваятта көрсөтүлүшүнчө, ага бычак сайылып өлүм жакасына келгенде өзүнөн кийин шуро-кеңеш жолу менен өз араларынан бирин халифа кылуу үчүн алты улуу сахабаны талапкер кылат. Үч күндүн акырында анын буйругуна кимиси каршы болсо, ал өлтүрүлүшү керектигин айтып, аларга коркутуп осуят кылат. Элүү сахабаны ушул осуятты аткарууга буюрат. Ушул улуу сахабалар бул осуятты билишкен, бири да аны четке кагышпайт, акыйкатта болсо, ал четке кагыла турган осуят. Демек, бул нерсе алар Халифалыкты тикелөө мөөнөтүн үч күн кылып белгилешкенине далалат кылат. Бул пикир Табарий тарыхында келген:

«… Эгер бешөөсү жамдалып, бир кишиге ыраазы болушса, бири баш тартса, анын башын алгыла же башына кылыч ургула. Эгер, төртөөсү келишип, алардын бирине ыраазы болсо, экөөсү баш тартса, ошол экөөсүнүн башын алгыла…». Бул, табанний китептеринде жазылган Хизбут-Тахрирдин расмий пикири, Хизб мүчөлөрү бул пикирлерди Хизб атынан же жеке өзүнүн атынан басып чыккан. Бул пикир «Халифалык мамлекетинин жихазы» китебинин Халифа тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт деген темада о.э. «Исламда башкаруу түзүмү» китебинде Халифа шайлоо тарийкаты темасында жана башка жерлерде келген.

Проблема бул риваяттын заифтигинде, себеби, анын санадында Абу Михнаф бар, ал шиа, рофизий болгон, Ибн Маъин аны «ишеничтүү эмес» деп сыпаттаган.

Риваят санадында белгисиз ровийлер да бар… Риваятта мудаллис[1] ровийлер да бар, алар анъана сийгасында[2] риваят кылышкан…

Ушул Табарий риваяты маанисинде башка бир риваят да бар, бирок, ал да санадындагы үзүлүү себептүү заиф риваят. Мисалы, Ибн Саъд «Табакатул кубро»до ушуга окшогон риваят келтирген, анда Саммак ибн Харб Захлий Бакрий бар, Хафиздер аны: «Туура сөз, бирок, өзгөргөн», - деп сыпатташкан жана ал Умар менен жолугушу мүмкүн эмес, ошондуктан, бул риваят мункатиъ болуп эсептелет.

Маани жагынан ушунун күбөсү болобуз, ушул Табарий риваятын жана ага окшогон башка риваяттарды тастыктоо мүмкүн эмес, себеби, алар сахих риваяттарга карама-каршы. Төмөндөгү нукталарга назар салалы: Умар Γ кантип улуу сахабаларды өлтүрүүгө буюрушу мүмкүн? Кантип Умар Γ алар Расулуллах Адын тандалган сахабалары экендиктерин билип туруп, ушундай деши мүмкүн?

Ушуларга ылайык, бул риваяттын заифтиги анык көрүнүп калды… Демек, мусулмандарга Халифалыкты тикелөө үчүн берилген үч күн мөөнөткө аны далил кылуу бекер болду. О.э. Халифалыкты улуулап: «Умар халифа шайлоодон баш тартканды өлтүрүүгө буюрду», деген кишинин сөзү да акыйкат эмес болуп чыкты».

Ко-ош, сиздин пикириңиз кандай? Сизден канааттандырарлык жооп күтөбүз.

**Жооп:**

[1] Мудаллис – бир ровий адатта хадис риваят кылган өзүнүн устаздарынын биринен хадис риваят кылат, бирок, бул хадисти андан укпаган, башка бир адамдан уккан, риваятта ушул ортодогу адамды калтырып кетет жана хадисти устазынан قال - деди, عن - …дан, сыяктуу угулушу ыктымал тутулган сөздөр менен риваят кылат, бирок жалганчы болуп калбоо үчүн бул хадисти устазынан укканын ачык айтпайт т.а. حدثني - мага хадис айтып берди же سمعت - уктум дебейт.
[2] Анъана сийгасы - عن - …дан деп айтылган риваят.

Суроонуз башында кээ бир нерселер көңүлүмдү өзүнө бурду, жооптон мурун ошолорду айтып өтөмүн:

а) Суроо Muafa Abu Haura деген кишиники, бирок, сиз суроодо иштеткен макала Aang Yulius деген кишинин атына таандык!

б) Сиз: Талкуу-тартышуулар ачык болушу мүмкүнбү, мусулмандар анын мазмунунан пайдаланышмак о.э. заиф пикир анык болгондон кийин, Хизбут-Тахрир жана анын амири акыйкатты калыстык менен кабыл алышын билип алышмак?, - деп жатасыз. Кантип, талкуу-тартышууну жана «заиф пикир анык болгондон кийин» деген сөздү айтууга чечим кылдыңыз, мындай дештин ордуна, кайсынысы заиф пикир, кайсынысы күчтүү пикир экенин көрүү үчүн талкуу-тартышуунун аягына чейин күтүп турсаңыз болбойбу, акыры, заиф пикир деп чечим чыгаруу туура эмес, ырас, талкуулап-тартышышмакчы болсоңуз талкуу бүткөндөн кийин гана чечим чыгарышыңыз керек, ошондой эмеспи?!

в) Сиз бизге салам бербедиңиз, ошого карабастан, дуба кылдыңыз… бизге жакшылык тилеп же жамандык тилеп дуба кылып жатканыңызды билбедик, себеби сиз: «жообуңуз үчүн Аллах сыйласын», дептирсиз, бизди жакшылык менен сыйласынбы, жамандык мененби айтпаптырсыз! Дубаңызды үч нукта менен бүтүрүп, максатыңызды анык билдирбептирсиз!

Ушулардын баарына карабастан, мен айтылган нукталарды жакшы ниетте деп, Аллахтын тавфики менен, досуңуздун макаласына жооп беремин:

1 – Ээрчүү максатында акыйкатты баян кылууга жана улуу фарз болгон туура жолду тутуучу Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн ага ылайык аракет кылууга каратылган талкуу-тартышууну Хизбут-Тахрир да, анын амири да четке какпайт. Мусулмандар Халифалык борбору бошоп калгандан кийин Халифалыкты жүзөгө келтирүү үчүн үч күндөн ашык аракетсиз калышы жайиз эмес, антпесе, аракет кылууга кудуреттүү ар бир киши күнөөкөр болот жана мында эч кандай түшүнүксүздүк жок…

2 – Макала ээси Табарийдин Абу Михнаф катышкан риваятына токтолуп, аны ишеничсиз деди. Кийин риваяттагы ровийлерди айтып өтүп, аларды белгисиз ровийлер, деди, кийин дагы айрым ровийлерди да анъана сийгасында риваят кылган, деди.

Кийин ал Ибн Саъддын «Табакотул кубро»догу риваяттарынын бирин келтирип, анда Саммак ибн Харб бар, деди жана аны «туура сөз, бирок, өзгөргөн», деп сыпаттады, ал Умар менен жолугушпаганын айтты.

3 – Макала ээси маанилүү маселеге киришкен, бирок, бир гана риваятка таянган. Акыйкатта болсо, бул маселе т.а. үч күн мөөнөт берилиши жана каршы чыкканды өлтүрүү маселеси сыр болбогон, тескерисинче, бардык сахабалардын көз алдында болуп, бул туурасында бир нече риваяттар бар. Кийин макала ээсинин – эгер ал аларды тааныбаса жана башка ага караганда зээни күчтүүрөөк кишилер аларды тааныса – бул ровийлер белгисиз кишилер деген сөзү хужжат эмес! Бул риваятка каршы анъананы хужжат кылуу хадис истилахы илимин билбестигине далалат кылат, себеби, анъана риваяттар эгер санад шарттары аларда жетиштүү болсо, албетте кабыл алынат.

4 – Хадисти кабыл алуу же четке кагуу үчүн албетте хадис истилахы илимдерин, усул жана фуруларын жакшы түшүнүү жана билүү керек. Эгер, досуңар ушул илим калкынан болсо, албетте, мен досуңуздун суроосуна жооп берүүдөн мурун ушул илимди бир аз айтып өтөмүн:

Ушундай бир ровийлер бар, алар айрым мухаддистер назарында ишеничтүү эсептелсе, айрым мухаддистер назарында ишеничсиз эсептелет же айрым мухаддистер аларды белгисиз дешсе, айрымдарынын назарында анык болуп эсептелет. Ушундай бир хадистер бар, бир жол менен сахих болбосо, башка жол менен сахих. Ушундай бир жолдор бар, бир жолдо алар сахих болбосо, башка жолдо сахих. Ушундай хадистер бар, айрым мухаддистер назарында алар этибарга алынбай, четке кагылган, башка мухаддистер болсо, аларды этибарга алып, аларды хужжат кылышкан. Айрым бир хадистер бар, аларды мухаддистер четке кагышса, фукахалар аммасы аларды кабыл алып, хужжат катары пайдаланышкан. Хадиске сахих же хасан деп кароодо адамдарды бирер пикирге же бардык

пикирлерге мажбурлоо туура эмес жана бул нерсе хадистердин вакиъсине да тескери. Ким этибарлуу фукахалар ижтихаддарын үйрөнгөн болсо, алардын бири бир хадисти хужжат кылган болсо, экинчиси аны кабыл албаганынын күбөсү болот. Себеби, биринчи faких ал хадисти сахих деп тапкан, экинчи faких болсо сахих деп таппаган. Муну сиз ханафийлерде да, маликийлерде да, шафиийлерде да, ханбалийлерде да, башка мазхабдарда да күбөсү болосуз. Ошондуктан, хадиске сын айтуу же аны четке кагуудан мурун аны жакшылап үйрөнүү жана пикирлөө керек. Риваят жана хадистерди күзөткөн киши бул туурасында мухаддистер түрдүү пикирде болушканын көрөт жана буга мисалдар абдан көп.

Мисалы: Абу Давуд Амр ибн Шуайбдан, ал атасынан, атасы бабасынан риваят кылат, Расулуллах A мындай деди:

**«الْمُسْلِمُونَ تَتَكَافَأُ دِمَاؤُهُمْ. يَسْعَى بِذِمَّتِهِمْ أَدْنَاهُمْ، وَيُجِيرُ عَلَيْهِمْ أَقْصَاهُمْ، وَهُمْ يَدٌ عَلَى مَنْ سِوَاهُمْ يَرُدُّ مُشِدُّهُمْ عَلَى مُضْعِفِهِمْ، وَمُتَسَرِّيهِمْ عَلَى قَاعِدِهِمْ...»**

**«Мусулмандардын кандары өз ара тең. Алардын эң төмөн даражадагысы берген амандык да таасирдүү, эң алыстагысынын** (кафир менен) **түзгөн келишими да таасирдүү, алар өздөрүнөн башкаларга каршы бир кол болушат. Алардын күчтүүлөрү алсыздарына жардам берет, сарияда согушка чыккандары** (т.а. бир кошуун душманга каршы согушка чыгып, алар турган жайдын жанына орношсо, кийин кошуундун бир бөлүгү бөлүнүп душманга каршы согушса, алар) **кошуундун чыкпай калгандары менен олжону бөлүшөт**...**»**. Бул хадис ровийи Амр ибн Шуайб, ал атасынан, атасы бабасынан кылган риваятта алсыздык жөнүндөгү белгилүү кеп-сөздөр бар. Ушуга карабастан, анын хадисин көптөгөн мухаддистер хужжат кылган болушса, башкалары четке кагышкан.

Дагы бир мисал: Дарикутнийде Хасандан, ал Убададан, ал Анас ибн Маликтен риваят бар: Набий A мындай деди:

**«مَا وُزِنَ مِثْلٌ بِمِثْلٍ إِذَا كَانَ نَوْعًا وَاحِدًا وَمَا كِيلَ فَمِثْلُ ذَلِكَ، فَإِذَا اخْتَلَفَ النَّوْعَانِ فَلَا بَأْسَ بِهِ»**

**«Тартыла турган нерселер – эгер бир түрдөн болсо – теңме-тең** (алмаштырылат)**, өлчөнө турган нерселер да дал ушундай. Эми, эгер түрү ар түрдүү болсо** (теңме-тең болбосо да) **зыяны жок»**. Бул хадисте Робиъ ибн Сабих бар. Ким санадында Робиъ ибн Сабих болгон ушул хадисти же башкасын далил катары иштетсе, шаръий далил менен далил келтирген боло берет.

Мисалы: Имам Ахмад риваят кылат, бизге Ибн Нумайр айтты, бизге Малик ибн Анас айтты, мага Асвад ибн Суфяндын мавласы Абдуллах ибн Язид айтты, ал Абу Айяштан, ал Саъд ибн Абу Ваккастан риваят кылат: «Расулуллах Aдан жаңы курманы кургатылган курмага алмаштыруу жөнүндө суралганда:

**«أَلَيْسَ يَنْقُصُ الرُّطَبُ إِذَا يَبِسَ»**

**«Курма кургаганда азайбайбы»**, деди, «азаят», дешти, анда, ал зат муну «макрух көрдү». Муну Абу Давуд төмөндөгү лафз менен риваят кылган: «Бизге Абдуллах ибн Маслама Маликтен, ал Абдуллах ибн Язидден риваят кылды, ага Зайд Абу Айяштын кабар беришинче, Саъд ибн Абу Ваккас мындай деди: Мен Расулуллах Aдын – ал зат кургатылган курманы жаңы курмага сатуу жөнүндө суралганда – мындай дегенин уктум:

**«أَيَنْقُصُ الرُّطَبُ إِذَا يَبِسَ»**

**«Курма кургаганда азаябы»**, «ооба», дешти, ошондо Расулуллах A мындан кайтарды».

Бул хадисти имам Тирмизий сахих деген, бир жамаат мухаддистер иллеттүү эсептешкен, мисалы, Тахавий, Табарий, Ибн Хазм жана Абдулхак сыяктуулар хадис санадында Абу Айяш бар, ал белгисиз киши, дешкен. «Талхис»те мындай делген: Буга жооп ушул Даркутний: «ал (т.а. Зайд Абу Айяш) ишеничтүү, сабит», деген. Мунзирий айтат: Андан эки ишеничтүү ровий риваят кылган, Малик болсо, заиф саноодо абдан катуу болгонуна карабастан, бул риваятка таянган. Демек, бирер киши бул хадисти шаръий далил катары келтирсе же ровийлери арасында Зайд Абу Айяш болгон бирер хадисти далил кылган болсо, ал шаръий далил келтирген болот.

Ушуларга ылайык, өкүм истинбат кылууда башка риваяттарды калтырып, бир риваят аркылуу аны истинбат кылуу жарабайт о.э. бардык жактарды карап чыкпастан бир жак менен гана риваятты тажрих жана таъдил кылуу дурус эмес.

5 – Эми, ушул макала ээси билбеген же билмексен болуп айрым тараптарды талкуу кыламын:
Ал Табарий риваятын шархтоодо көңүлдү Абу Михнафка караткан, бирок, Абу Михнафтын санаддагы шеригине этибар бербеген, себеби, Табарийдин риваятындай мындай келет:

«Мага Умар ибн Шабба айтты, бизге Али ибн Мухаммад Вакиъден, ал Аъмаштан, ал Иброхим жана Мухаммад ибн Абдуллах Ансарийден, ал Ибн Абу Арубадан, ал Катададан, ал Шахр ибн Хавшаб жана Абу Михнафтан, ал Юсуф ибн Язидден, ал Аббас ибн Сахл жана Мубарак ибн Фазаладан, ал Убайдуллах ибн Умар жана Юнус ибн Абу Исхактан, ал Амр ибн Маймун Авдийден риваят кылды: Умар ибн Хаттаб бычакталган соң… мындай деди…» бүттү.

Демек, макала ээси Абу Михнафка көңүл буруп, аны заиф деди, анын риваяттагы шериги Шахр ибн Хавшабды калтырып кетти, акыйкатта болсо, Катада Абу Михнафтан да, Шахр ибн Хавшабдан да риваят кылган, алардын экөөсү тең Абу Юсуфтан риваят кылышкан, ал эми, макала ээси болгону Абу Михнафты гана айтып өткөн. Буга себеп Шахр ибн Хавшабды бир жамаат мухаддистер ишеничтүү деп эсептешкен:

Ижлий (261-х. дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Сикот» китебинде: Шахр ибн Хавшаб – шамдык тибийин болуп, ишеничтүү, дейт.

Хайсамий (807-х. дүйнөдөн кайткан) «Мажмауз заваид ва манбаул фаваид» китебинде бир нече орунда мындай дейт:

«Шахр ибн Хавшаб ишеничтүү делген», «Шахр ибн Хавшаб жөнүндө ар түрдүү пикирлер бар, бирок, Ахмад, Ибн Маъин, Абу Зуръа жана Яъкуб ибн Шайба аны ишеничтүү дешкен», «Шахр ибн Хавшаб жөнүндө айрым кеп-сөздөр бар жана көпчүлүгү аны ишеничтүү деген», «Шахр ибн Хавшаб жөнүндө айрым кеп-сөздөр бар жана аны бир жамаат ишеничтүү деген».

Ибн Шахин (385-х. дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Тариху асмаис сикот» китебинде мындай дейт: «Яхя: Шахр ибн Хавшаб - сабит, деген. Дагы бир риваятта ал шамдык болуп, ашъарийлердин эң абройлууларынан жана ал ишеничтүү, делген».

Ошондуктан, Катада бир гана Абу Михнафтан эмес, Абу Михнаф жана Шахр ибн Хавшабдан риваят кылды. Бирок, макала ээси Шахр ибн Хавшабга этибар бербеген, себеби, аны бир нече мухаддис ишеничтүү деп эсептеген.

Бул Табарий риваяттары жагынан.

- Эми Ибн Саъддын «Табакот»тогу риваяттарынан келтиребиз:

Макала ээси «Табакот»тогу риваяттардын бирин т.а. санадында Саммак катышканын келтирди жана анын санады төмөнкүдөй:

«Бизге Абдуллах ибн Бакр Сахмий кабар берди, бизге Хатим ибн Абу Сагира кабар берди, ал Саммактан риваят кылды, Умар ибн Хаттаб өлүм жакасына келде мындай деди: «Эгер халифа калтырсам – бул сүннөт, эгер калтырбасам – бул да сүннөт, Расулуллах A дүйнөдөн кайтканда халифа калтырбады, Абу Бакр дүйнөдөн кайтканда халифа калтырды». Макала ээси Саммакты «туура сөз, бирок, өзгөргөн», деп сыпаттады жана ал Умар менен жолугушу мүмкүн эмес, деди.

Бирок, Ибн Хиббан (354-х. дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Сикот» китебинде Саммак ибн Харб жөнүндө ушуларды айткан:

«Саммак ибн Харб Бакрий – Куфа калкынан… Андан Саврий жана Шуъба риваят кылган. Хаммад ибн Салама айтат: Мен Саммак ибн Харбдын: Мен Набий Aдын сахабаларынын сексенин көрдүм, дегенин укканмын. Ал Хишам ибн Абдулмалик халифалыгынын аяктарында, Юсуф ибн Умар Ирак валийи болгон убакытта дүйнөдөн кайткан. Анын толук ысымы Саммак ибн Харб ибн Авс ибн Халид ибн Низар ибн Муавия ибн Амир ибн Захл».

Ибн Шахиндин «Тарихи асмаис сикот» китебинде төмөндөгүлөр келет:

«Саммак ибн Харб ишеничтүү. Бизге Абдуллах ибн Мухаммад Багавий айтты, бизге Мухаммад ибн Гийлан айтты, бизге Муъмал Хаммад ибн Саламадан, ал Саммак ибн Харбдан риваят кылды, Саммак айтты: Мен Набий Aдын сахабаларынын сексенин көрдүм».

Бул - Саммак Набий Aдын сахабаларынын сексенин көргөнүнө далалат кылат. Бул, көп сан, эгер ал Умарды көрбөгөн тагдырда да, Умардан накл кылган сахабаны көргөнү анык, сахабанын калып кетиши болсо санаддын сахихдигине зыян кылбайт.

- Муну менен бирге, Ибн Саъд бул маселеде Саммак катышпаган башка риваяттарды да келтирген, алардын катарында:

- «Бизге Убайдуллах ибн Муса кабар берди: Бизге Исроил ибн Юнус Абу Исхактан, ал Амр ибн Маймундан риваят кылды, мен Умарды бычак сайылган күнү көрдүм… Кийин ал: Мага Али, Усман, Талха, Зубайр, Абдурахман ибн Авф жана Саъдды чакыргыла, деди… Кийин: Мага Сухайбды чакыргыла, деди. Сухайб чакырылган соң, ага айтты: Адамдарга үч күч намаздарында имам болуңуз, тигил коум бир үйдө өздөрү жалгыз калышсын, эгер алар бир кишиге келишишсе, кимдир бирөө аларга каршы болсо, анын башын алгыла…».

«Асадул гоба»да келишинче, Амр ибн Маймун Авдий Набий A заманында Исламга кирген жана жүз жолу (кээ бир риваяттарда жетимиш жолу) ажылык кылган, Набий Aга зекетин берген… Ошондуктан, ал Умар ибн Хаттабга бычак сайылган күнгө күбө болгон.

- Бизге Мухаммад ибн Умар кабар берди, мага Мухаммад ибн Муса Исхак ибн Абдуллах ибн Абу Талхадан, ал Анас ибн Маликтен риваят кылды: Умар ибн Хаттаб дүйнөдөн кайтышынан бир саат мурун Абу Талха Ансарийге адам жөнөтүп, ага мындай деди: «Эй Абу Талха, коумуңардан элүү ансарды алып, тигил шуро калкынын алдына бар, алар биринин үйүнө топтолушса керек деп ойлойм. Сиз досторуңуз менен ошол үй эшигинин алдында туруңуз, эч кимди алардын алдына киришине жана үч күн ичинде араларынан амир тандабай чыгып кетишине жол бербеңиз, Аллах акысы, сиз алардын үстүндөгү орун басарымсыз».

- Бизге Мухаммад ибн Умар кабар берди, мага Муса ибн Яъкуб Абу Хувайристен риваят кылып айтты: Умар өз осуятында мындай деди: «Эгер дүйнөдөн кайтсам, сизге Сухайб үч күн намазга имамдык кылсын, кийин өз ара келишип, бириңирге байъат бергиле…».

Ачык-айкын көрөнүп тургандай, Ибн Саъддын бир нече риваяттары бар, бирок, макала ээси Саммак камтылган бир риваятты таап, күмөнгө бекем жабышып алган жана башка риваяттарды

калтырып кеткен. Бул, анын акыйкатты издеп табууну эмес, акыйкат калкынын арасына башаламандык киргизүүнү каалашына далалат кылат, бирок, ал бул ою ишке ашмак беле?!

- Ушунча риваяттардан тышкары, дагы башка риваяттар да бар, аларды Ибн Шабба өзүнүн «Тарихи Мадина» китебинде келтирген, мен бул жерде анын үч риваятын айтып өтөм:

- Бизге Абу Бакр Улаймий айтты, бизге Назр ибн Шубайл айтты, бизге Ибн Мубарак айтты, мага Ибн Аффан үй-бүлөсүнүн мавласы айтты: Умар Г Сухайбды үч күн адамдарга намазда имам болууну буюруп, мындай деди: «Үчүнчү күн келгенге чейин араңардан т.а. шуро калкынын арасынан бириңерге байъат берилбешине жол койбогула, дагы, Аллахтан таква кылгыла, араңарды жараштырып, бөлүнбөгүлө, чатакташпагыла, Аллахка, Расулуна жана амирге итаат кылгыла».

- Бизге Хаббан ибн Бишр айтты, бизге Яхя ибн Адам айтты, бизге Ибн Идрис Талха ибн Яхя ибн Талхадан, ал Иса ибн Талха жана Урва ибн Зубайрдан риваят кылды, ал экөөсү айтты: Умар Гга бычак сайылганда мындай деди: «Сизге Сухайб үч күн намазга өтсүн жана Талханы күтүңүз, эгер ушул убакытта келсе жакшы, антпесе, ишиңизди карап чыгыңыз, себеби, Мухаммад Адын Үммөтү үч күндөн ашык (башкаруусуз) бош таштап коюлбайт».

- Бизге Мухаммад айтты, бизге Муса ибн Укба айтты, бизге Нифиъ айтты, ага Абдуллах ибн Умар Гнун кабар кылышынча, Умар Г гусл кылынды, кепинделди жана жаназа окулду, ал шейит болгон эле. Умар Г мындай деген: «Эгер дүйнөдөн кайтсам, үч күн күткүлө жана Сухайб адамдарга намазда имамдык кылып турсун, төртүнчү күн келгенче үстүңөргө бир амирди дайындабай койбогула, Абдуллах ибн Умар кеңешчи катары болот, ага башкаруудан эч нерсе берилбейт, Талха башкаруудагы шеригиңер. Эгер, ал ушул үч күн ичинде (кабар менен) келсе, ишиңерди ага тапшыргыла, эгер ал келишинен мурун үч күн өтүп кетсе, ишиңерди өзүңөр чечкиле (т.а. өзүңөр бир кишини халифа кылып шайлагыла)...». Микдад ибн Асвадга мындай деди: «Эгер мени кабырыма койсоңор, тигил жамаатты араларынан бир кишини тандоо үчүн бирер үйгө топтогула». Сухайбга мындай деди: «Адамдарга үч күн намазда имам болуңуз. Али, Усман, Зубайр, Саъд, Абдуррахман ибн Авф, Талханы – эгер келсе – киргизиңиз, Абдуллах ибн Умарды даярдаң, ага башкаруудан эч нерсе берилбейт, сиз алардын башында туруңуз, эгер бешөөсү келишип, бир кишиге ыраазы болушса, кимдир бирөө баш тартса, анын башын жаргыла же башына кылыч ургула, эгер төртөөсү келишишип, араларынан бир кишиге ыраазы болуп, экөөсү бар тартса, экөөсүнүн башын алгыла, эгер үчөөсү араларынан бир кшиге, дагы үчөөсү башка кишиге ыраазы болушса, анда, Абдуллах ибн Умарды аларга казы кылыңыз, ал кайсы топтун пайдасына өкүм кылса, ошолор өз араларынан бир кишини тандашсын, эгер Абдуллах ибн Умардын өкүмүнө ыраазы болушпаса, араларында Абдурахман ибн Авф кошулган топ менен бирге болуңуз жана калгандары – эгер адамдар келишкен нерседен жүз үйрүшсө – өлтүргүлө»...

- Үч күндү мөөнөт кылуу ушул риваяттарда каршы чыкканды өлтүрүү айтылбай кыска келген. Мисалы: «Адамдарга үч күн намазда имам болсун», «үчүнчү күн келгиче», «араңардан бириңерге байъат бергениңерге чейин үч күн өтүп кетпесин», «Сухайб силерге үч күн намазда имам болсун», «алар үчүнчү күндө араларынан бирин амир кылып тандабай өткөрүп жиберүүлөрүнө жол бербеңиз», «силерге Сухайб үч күн намазга имамдык кылсын, кийин өз ара келишип, бириңерге байъат бергиле»... сыяктуу. Каршы чыкканды өлтүрүү жөнүндө муфассал айтылган риваяттар да бар: «... адамдарга үч күн намаздарында имам болуңуз... эгер алар бир кишиге келишишсе, бирер жарымы аларга каршы болсо, анын башын алгыла»... ж.б.у.с.

Т.а. үч күн мөөнөт берилгени каршы чыкканга колдонула турган чаранын тафсилатысыз кыска келген, башка риваяттарда болсо, каршы чыкканга чара т.а. өлтүрүү айтылган. Ошондой болгон соң, ушул макала ээси каршы чыкканды өлтүрүү жөнүндөгү риваяттарга көңүлдү бурду, каршы чыккандын өлтүрүлүшү айтылбаган, бирок, үч күн мөөнөт берүү айтылган риваяттарды калтырып кетти? Анын максаты өз пикирин туйгу менен кабыл алдыруу үчүн өлтүрүү темасына өзүнчө басым жасоо болгон. Акыйкатта болсо, Умардын бүткүл калкка каршы чыкканды өлтүрүү жөнүндө айткан сөздөрү үч күн абдан маанилүү экенине далалат кылат.

- Ушуларга ылайык, чамасы, макала ээси да, ага окшогондор да, анын шериктери да акыйкатты абдан текшерүүнү максат кылышпаган, мунун ордуна акыйкат калкын чалгытууну көздөшкөн жана ушундай улуу фарзды аткаруудан коркуп, аракет кылбай жатканына актанууларды таап алууну каалап жатышкан көрүнөт. Негизи, сахабалар бул фарзды Расулуллах Aды жерге берүүдөн да алга коюшкан.

Эми макала ээсинин: «Умар Г кантип улуу сахабаларды өлтүрүүгө буйрушу мүмкүн? Кантип Умар Г алар Расулуллах Aдын тандалган сахабалары экендигин билип туруп, ушундай деши мүмкүн?», деген сөздөрүнө келсек:

Шаръий өкүмдөр өз далилдеринен алынат, нафс-каалоодон да, кыялдардан да алынбайт.

Ошентип, ким биз көрсөткөн нерселерге сереп салса, акыл жана аң-сезимин иштетсе – инша Аллах – акыйкатка жол таба алат. Кимди текебердиги күнөөгө жетектесе жана түшүнүүдөн баш тартып макаласын жазса, ага жооп да пайда бербейт, анын иши Аллах Субханахуга калтырылат, Ал туура жолго жетектөөчү Улуу, Аалий Зат.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рушта** **15-шаъбан, 1434-х.**

**24-июнь, 2013-м.**

## Мамлекетти тикелөө үчүн аракет кылуудагы жихад

**<u>Биринчи суроо</u>:**

Бул орунда: «Хизбут-Тахрир Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылууда Мадина дооруна эмес, Мекке дооруна таянат, Халифалыкты тикелөөгө даъват кылуу баскычында жихад кылууну шариятка тескери деп эсептейт, себеби, Расулуллах A муну кылбаган» деп айткандар бар… Эмне үчүн Халифалыкты тикелөө далилдери Медина доорунан алынбайт? Бул доордо жихад болгон жана ага амал кылынган. Бул маселеге канааттандырарлык жооп барбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**<u>Жооп</u>:**

Бул суроодо баян кылуу зарыл болгон бир катар маселелер бар:

1 – Китептеби, Сүннөттөбү варид болгон далилдерге ээрчүү важиб. Бул туурасында Маккаи Мукаррамада варид болгон далилдер менен Мадинаи Мунавварада варид болгон далилдер ортосунда айырма жок.

2 – Талап кылынып жаткан далилдер бир маселенин далилдери жана башка маселенин далилдери эмес (Бир маселе үстүндө изделип жаткан далилдер башка маселенин үстүндө эмес, дал ошол маселе үстүндө изделет):

а) Мисалы, эгер мен кандай даарат алууну үйрөнүүнү кааласам, даарат далилдерин, ал Меккеде түшкөнбү же Мединадабы айырмасы жок, даарат далилдерин издейм жана бул далилдерден кабыл алынган усул коидаларына ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен дааратты жана аны кандай алууну билүү үчүн орозо далилдерин издебеймин.

б) Мисалы, эгер мен ажылык өкүмдөрүн билүүнү кааласам, ажылык далилдеринен – алар Меккеде түшкөнбү же Мединадабы, айырмасы жок – издейм жана бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен андан ажылык өкүмдөрүн жана аны кандай аткарууну алуу үчүн намаз далилдерин издебеймин.

в) Мисалы, жихад өкүмдөрүн т.а. жихаддын фарзи айн же фарзи кифаялыгы, ал коргонуу үчүнбү же биз тараптан баштала турган жихадбы, жихаддын артынан келе турган фатх өкүмдөрү жана Исламды жаюу өкүмдөрү, согуш аркылуу фатх кылуу же келишим менен фатх кылуу өкүмдөрүн билүүнү кааласам, жихад далилдеринин өзүнөн издеймин. Бул далилдер Меккеде же Мединада түшүшүнүн айырмасы жок. Бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен андан жихад өкүмдөрүн жана анын тафсилаттарын алуу үчүн зекет далилдерин издебеймин.

г) Ар бир маселеде ушундай болот. Анын далилдери Меккеде же Мединада варид болсо, ошол жайдан изделет. Бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык маселенин шаръий өкүмү алынат.

3 – Азыр биз Исламий мамлекетти тикелөө маселесине токтолобуз жана далилдер Меккеде түшкөнбү же Мединадабы, айырмасы жок, анын далилдерин издейбиз. Кийин бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык шаръий өкүмдү истинбат кылабыз.

Биз Расулуллах A Маккаи Мукаррамадагы сийратында баян кылып берген далилдерден башка Исламий мамлекетти тикелөөнүн эч кандай далилдерин таппадык. Ал киши алгач Исламга жашыруун даъват кылды, натыйжада, момун, сабырдуу топту пайда кылып алды… Кийин бул топту Меккеде жана ажылык мезгилдеринде адамдарга жарыя кылды… Кийин кубат жана жардам ээлеринен нусрат талап кылды. Акыбетте, Аллах Субханаху ал кишини ансарлар менен сыйлады жана хижрат кылынып мамлекет тикеленди.

Мына ушулар мамлекетти тикелөө далилдери жана мындан башка далил жок. Расулуллах A бул далилдерди өз сийратында бизге канааттандырарлык кылып берген. Биз бул далилдерге баш ийишибиз важиб. Маселе жихад фарз кылынышынан мурунку Мекке доору жана жихад фарз кылынгандан кийинки Медина доору эмес, маселе – мамлекетти тикелөө далилдерин издөө. Бул далилдер Расулуллах A Мединага хижрат кылып мамлекетти тикелегенге чейин болгон Мекке доорунда гана бар.

Ал бир маселе болсо, жихад андан башка маселе. Айтып өткөнүбүздөй Халифалыкты тикелөө далилдери өз булагынан алынат жана жихад далилдери да өз булагынан алынат. Алардын бири экинчисине байланыштуу эмес. Ошондуктан, халифа жок болсо жихад токтотуп коюлбайт. Расулуллах A айтты:

«وَالْجِهَادُ مَاضٍ مُنْذُ بَعَثَنِيَ اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ إِلَى أَنْ يُقَاتِلَ آخِرُ أُمَّتِي الدَّجَّالَ، لاَ يُبْطِلُهُ جَوْرُ جَائِرٍ وَلاَ عَدْلُ عَادِلٍ»

**«Жихад – Аллах Субханаху ва Таала мени жибергенден тартып Үммөтүм акыры дажжалга каршы согушканга чейин токтобойт. Ани залимдин зулуму да, адилеттүүнүн адилети да бекер кыла албайт»**. Бул хадисти Байхакий «Сунани Кубро»до Анас ибн Маликтен риваят кылган. Ошондуктан, жихад – Халифалык болсо да, болбосо да, айырмасыз – өз шаръий өкүмдөрүнө ылайык уланат.

О.э. акимдер жихадды токтотуп коюшканы себептүү Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылуу токтотуп коюлбайт. Халифалыкты тикелөөгө аракет кылуу ал тикеленгенге чейин уланат. Себеби, кудуреттүү мусулмандардын мойнунда халифа үчүн байъат болбошу арам. Муслим Абдуллах ибн Умардан риваят кылган хадисте Абдуллах ибн Умар айтат: Мен Расулуллах Aдын мындай деп айтканын уктуп:

«مَنْ خَلَعَ يَدَاً مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لاَ حُجَّةَ لَهُ، وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

**«Кимде-ким итааттан баш тартса, Кыямат күнү Аллахка хужжаты жок абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъаты жок абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».**

Ушуга ылайык, жихад уланат, Халифалык үчүн аракет кылуу ал тикеленгенге чейин улана берет. Булардын бири экинчисине байланыштуу эмес, алардын ар бири өзүнчө маселе. Ар бир маселе үчүн өзүнүн шаръий далилдери изделет жана бул далилдерден кабыл алынган усулга ылайык маселенин шаръий өкүмү истинбат кылынат.

4 – Ошондуктан, Хизбдин Расулуллах A Мединада мамлекетти тикелегенге чейин Меккеде баян кылып берген тарыйкатына баш ийиши жана мамлекетти тикелөөгө даъват кылуу баскычында согуштук аракеттерден пайдаланбашында Мекке доору да, Медина доору да деген нерсе жок. Мамлекетти тикелөө далилдери – Расулуллах A Мединада мамлекетти тикеленге чейин Меккеде баян кылып берген далилдер. Ошондуктан, маселе мамлекетти тикелөө тарыйкаты. Бул орунда Расулуллах A баян кылып берген тарыйкат – Мекке доорундагы сийраты баян кылып берген тарыйкат.

Эгер, маселе исламий мамлекеттин иш аракети жана жихаздары жөнүндө болгондо, муну Расулуллах A Мединада баян кылып берген далилдерден алмакпыз. Себеби, мамлекет ал жерде тикеленген.

5 – Корутунду:

а) Ар кандай маселенин өкүмдөрү ушул маселе туурасында келген далилдерден алынат. Бул далилдердин Меккеде же Мединада түшүшүнүн айырмасы жок. Ошондуктан, орозо өкүмдөрү орозо далилдеринен, намаз өкүмдөрү намаз далилдеринен, жихад өкүмдөрү жихад далилдеринен жана мамлекетти тикелөө өкүмдөрү мамлекетти тикелөө далилдеринен алынат.

б) Мамлекетти тикелөө маселесинде Маккаи Мукаррамада баян кылынган далилдерден башка далил жок болгондуктан бул маселеде Расулуллах Aдын Меккедеги тарыйкатына моюн сунулат. Эгер, мамлекетти тикелөө маселесинде Мединада далилдер варид болгондо бул далилдер да алынат эле.

Биз Аллах Субханаху ва Тааладан Исламий мамлекетти т.а. рошид Халифалыкты тикелөө үчүн жардам беришин сурайбыз. Халифалык Ислам жана мусулмандарды азиз кылат, куфр жана кафирлерди кор кылат о.э. дүйнөнүн ар тарабына изгилик жаят.

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Lone Travellerдин (Жихад Халифалыкты тикелөө тарыйкаты эмес) деген сүйлөмдү айкындаштырууга тиешелүү суроосуна жооп

**Суроо:**

(Assalamu Alaikum our honorable Ameer:

We say that establishment of Khilafah and Jihad are different obligations justifying the point that Jihad can't be the methodology to establish the Khilafah. Can you explain that these two are different obligations?

May Allah (swt) accept you and give you the responsibility to guide the Ummah) end

**Суроонун котормосу:**

Ассаламу алайкум улуу амирибиз:

Биз Халифалык бир фарз, жихад болсо дагы бир фарз, жихад Халифалыкты тикелөө тарыйкаты эмес... деп айтабыз. Сураныч, ушул ишти айкындаштырып берсеңиз...

Аллах Субханаху ва Тааладан сизден кабыл алышын жана сизге Үммөткө жетекчилик кылуу неъматын тартуулашын сурап калабыз.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Бул жерде бир нече негизги иштер бар болуп, аларды жакшылап түшүнүп алуу зарыл, анткени алар жоопту айкындаштырып берет:

1 – Бирер маселенин шаръий өкүмүн истинбат кылуу үчүн талап кылына турган далилдер ошол маселе боюнча далилдер болуп, алар башка маселе боюнча далилдер эмес:

а) Мисалы, даарат кандай алынышын билмекчи болсом мен даарат далилдерин – алар Меккеде түшүрүлгөнбү же Мадинадабы, мунун айырмасы жок – издеймин жана алардан ээрчиле турган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат... Бирок, мен даарат жана анын кандай алынышы өкүмүн алуу үчүн орзонун далилдерин издебеймин.

б) Мисалы, ажылык өкүмдөрүн билмекчи болсом ажылык далилдерин – алар Меккеде түшүрүлгөнбү же Мадинадабы, мунун айырмасы жок – издеймин жана алардан ээрчиле турган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен ажылык жана анын кандай кылынышы өкүмүн алуу үчүн намаздын далилдерин издебеймин.

в) Мисалы, жихад өкүмдөрүн: Анын фарзи айн же фарзи кифая экендигин, коргонуу жихадыбы же биринчи болуп баштап кылынуучу жихадбы, жихаддан келиб чыгуучу фатх жана Исламды жаюу өкүмдөрүн – күч менен фатх кылуу болобу, же сулх мененби, мунун айырмасы жок – билмекчи болсом, мен жихад далилдерин, алар Меккеде түшүрүлгөнбү же Мадинадабы, мунун айырмасы жок, издеймин жана алардан ээрчиле турган усулга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат. Бирок, мен жихад жана анын тафсилаттары өкүмүн алуу үчүн зекеттин далилдерин издебеймин.

г) Бардык маселелерде ушундай. Анткени, алардын Мекке же Мадинада келген өз далилдери изделет жана ээрчиле турган усулга ылайык мына ошол далилден маселенин шаръий өкүмү алынат.

2 – Эми Исламий Халифалыкты тикелөө маселесине келебиз жана анын далилдерин издейбиз. Бул далилдер Меккеде түшүрүлгөнбү же Мадинадабы, мунун айырмасы жок. Алардан ээрчиле турган усул боюнча шаръий өкүмдү истинбат кылабыз.

а) Биз Исламий мамлекетти тикелөөгө тиешелүү далилдерди Расулуллах A өзүнүн Меккедеги сийраттарында гана баян кылып бергендигин көрөбүз. Анткени, Пайгамбарыбыз Исламга жашыруун даъват кылып, бир сабырдуу жана ыймандуу уюмду пайда кылды... Мына ошондон кийин бул уюмду Меккедеги адамдар арасында жана ажылык мезгилдеринде жарыя кылды... Кийинчерээк күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылды. Натыйжада Аллах Субханаху ал кишини ансорлор менен азиз кылды, ошондон кийин Пайгамбарыбыз алардын өлкөсүнө хижрат кылды жана мамлекетти тикеледи.

б) Расул A мамлекетти тикелөө үчүн Мекке калкына каршы согушпады, мамлекетти тикелөө үчүн эч бир урууга каршы согушпады. Акыйкатта болсо, Расул A жана ал кишинин сахабалары – алардан Аллах ыраазы болсун – согушта эр жүрөк, күчтүү, такыбаа болчу... Бирок, Расул A мамлекетти тикелөө үчүн согуштан пайдаланбады, тескерисинче, ансорлор Пайгамбарыбыздын даъватын кабыл алып, Пайгамбарыбыз A мамлекетти курганга чейин даъват кылууну жана нусрат талап кылууну улантышты.

в) Мына ошондон кийин фатх, Исламды жаюу жана Исламий мамлекетти коргоо үчүн жихад өкүмдөрү фарз кылынды. Жихад мамлекетти тикелөө үчүн фарз кылынбады. Булардын бардыгы Расулуллах A сийратында ачык-айкын көрүнүп турат.

г) Ошентип, демек мамлекет кандай тикленгенин билмекчи болсок, анын көрүнүшү Расулуллах Aдын даъваты, нусрат талап кылышы, ансорлордун даъватты кабыл алышы жана мамлекеттин тикеленишинен турган иштеринен алынат... Эми эгерде жихад өкүмдөрүн билип алмакчы болсок, анын өкүмдөрү жихадга тиешелүү шаръий далилдерден алынат. Демек, ар бир фарздын далилдери ага тиешелүү далилдерден алынат. Демек, мамлекетти тикелөө аны тикелөө далилдеринен, жихад болсо жихад далилдеринен алынат жана ошого катуу амал кылынат. Аллах Субханаху тавфик берүүчү Ээбиз.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **28-ражаб, 1435-х.**

**27-май, 2014-м.**

## Халифалыкты тикелөөнүн шарьий жолу жана бийликти күч менен алуу

**Суроо:**

Кээ бир оруңдарда Хизб тууралуу билдирүүлөр жарык көрүүдө, алардын мазмуну төмөнкүдөй: Хизб-ут-Тахрир Халифалыкты тикелөө жолун белгиледи жана тикелеш үчүн «нусрат талап кылуу» жолун өзүнө тандап алды, мындан башка шарьий жол бар болсо да, аны тан албай, нусрат талап кылуу жолун бекем кармоодо. Нусрат талап кылуу жолунан башка шарьий жол «мамлекетти күч менен тикелөө» т.а согуш кылуу аркылуу тикелөө жолу болуп саналат. Ошондой эле, Хизб-ут-Тахрир Багдадийдин Халифалыкты жарыялоосун тан алган жок. Ал өзү тикелегей турган Халифалыктан башканы шарьий деп эсептебейт. Мына ушундай билдирүүлөргө жетиштүү, тунук жооп барбы? Аллах сизге жакшылыктарды берсин.

**Жооп:**

1 - Халифалыкты кандай тикелөө жолун Хизб-ут-Тахрир белгилеген жок, аны шарият белгилеген. Муну Исламга даават кылууну баштаган күндөн тартып Исламий мамлекет тикеленген күнгө чейинки болгон Пайгамбар Aдын сийраты ачык көргөзүп турат. Пайгамбар A Халифалыкты тикелөөдөн мурун, мамлекеттик көрүнүшкө ээ болгон аймактарда Сакиф, Бани Аамир, Бани Шайбаан жана Мадинадагы Ансарлар сыяктуу күч-кубат ээлери болгон, күчтүү урууларды Исламга чакырып, алардан нусрат талап кылган, ал эми күчсүз урууларды Исламга чакыруу менен гана чектелген. Пайгамбар A бул нусрат талап кылуу ишинде канчалык машакат чегип, оор кыйынчылык тартса да, нусрат талап кылууда бекем турган. Пайгамбар Aдын бул бекем туруусу жана нусратты кайра-кайра талап кылуусу – усулда келгендей – шарьий тараптан нусрат талап кылуу фарз экендигине далил болот. Мына ушундай, Пайгамбар A күч ээлеринен нусрат талап кылууга бекем турган. Кээ бир уруулар ал затты алардан нусрат талап кылганы үчүн таш бараңга алып, кепичин канга толтурган, кээ бирлери кабыл алган эмес, кээ бирлери ал затка шарт коюшкан. Ушундай болсо да Пайгамбар A Аллах ага вахий кылган нусрат талап кылуу жолун башка жолго алмаштырбастан, нусрат талап

кылууга бекем туруп, уланта берген. Сахабалар мамлекетти тикелеш үчүн Мекке эли менен жана кээ бир уруулар менен согушууну Пайгамбар Адан талап кылышкан. Сахабалар бир гана Аллахтан корккон чыныгы баатырлар болушкан. Бирок, Пайгамбар A согушууга буйруган эмес, балким Аллах ал затты экинчи Акаба байъаты менен кубандырганга чейин күч кубат ээлеринен нусрат талап кылууда бекем турган. Мусъаб Г Пайгамбар A аны милдеттендирген Мадина Мунаввварадагы даават ишинде, Аллахтын жардамы менен, Мадинада Исламий рай амманы (жалпы пикир) пайда кылды. Бул рай амма динге жардам бере турган Ансарларды даярдады. Мына ушундан кийин Пайгамбар Ады Мадина эли жылуу кабыл алып, ал заттар менен биргеликте таза, тунук байъат (ант) менен Мамлекет тикеледи.

Мына ушул мамлекетти тикелөөдөгү ээрчиле турган шаръий жол. Негизи, иштерде шаръий өкүмгө гана ээрчиш ваажиб. Эгер мусулман намаз окууну кааласа, намаздын далилдерин билүүсү зарыл; эгер жихад кылууну кааласа, жихад далилдерин билүүсү зарыл; эгер мамлекетти тикелөөнү кааласа, Пайгамбар Адын иштеринен аны тикелөөнүн далилдерин окуп үйрөнүүсү ваажиб. Пайгамбар Адын мамлекетти тикелөө жолу ал заттын сийратында ачык-айкын көрүнүп турат. Ал зат мамлекеттик көрүнүшкө ээ болгон аймакта күч-кубат ээлерин Исламга чакырган. Ислам жөнүндө рай амма пайда болгондон кийин, алардан нусрат талап кылып, ыраазылык, ыктыяр менен баят берүүлөрүнө чакырган.

**Мына ушинтип, Ислам Халифалыкты тикелөөнүн жолун ачык-айкын кылып белгилеп берди. Азыркы учурда Халифалык жарыялагандар болсо бул жолго ээрчишкен жок.**

2 - Ал эми, кээ бир фикхий китептерде келген «бийликти күч менен алуу» темасына келсек, анын маанисин туура түшүнүү ваажиб. Шаръий жактан качан туура болорун, качан туура эмес болорун түшүнбөй туруп «бийликти күч менен алуу» тууралуу кайра-кайра сүйлөй бергендер бийликти күч менен алуучулар кылган иштердин убалын тартып калуулары мүмкүн.

Бийликти күч менен алуучулар мусулмандардын канын төккөнү, аларды күчтөп мажбурлаганы үчүн күнөөкөр болушат. Алар жарыялаган Халифалык шарият жолуна каршы келгендиги үчүн шаръий Халифалык болуп саналбайт.

Фукахалар «бийликти күч менен алуу, эгер шаръий шарттар менен ишке ашса, мүмкүн» дешкен. Алардын көрүнүктүүлөрү төмөнкүлөр;

А) Мамлекет тикеленген аймак мамлекеттик көрүнүшкө ээ болуусу, бекем орношкон бийликтин болуусу жана ички сырткы коопсуздукту камсыздай алуусу шарт болот.

Б) Мамлекет тикеленген аймакта Исламды адилеттүүлүк жана жакшылык менен жүзөгө ашыруусу, адамдар ортосунда жакшылыкты жайуусу, элдер андан ыраазы болуп аны жакшы көрүүлөрү жана анын да элдерди жакшы көрүүсү шарт.

В) Мамлекет тикеленген өлкөнүн элдери мажбурланбастан, ыраазылык ыктыяры менен инъикод байъатын берүүлөрү шарт. Байъаттын шаръий шарты: байъатты «бийликти күч менен алуучу» жамааттын мүчөлөрү эмес, балким мамлекет тикеленген өлкөнүн эли берүүсү шарт. Себеби, байъаттын Пайгамбар Ады ээрчүүдөгү шаръий жолу ушундай. Пайгамбар A Мадина Мунаввварадагы ансарлардан ыраазылык ыктыяры менен байъат алган, мухаажирлерден эмес, экинчи Акаба байъаты ушуну көргөзүп турат.

Жогоруда айтылган үч шарт толук болбосо, «бийликти күч менен алуучу» күнөөкөр болот. Ушул уч шарт толук болгондо гана, бийликти күч менен алуу – ыраазылык ыктыяры менен берилген баят аркылуу – шаръий жактан туура болуп саналат. Эсиңерде болсун, бийликти күч менен алуунун шарий жолу ушул гана.

Белгилүү болгондой, учурда Халифалыкты жарыя кылгандар бул шарттарды аткарышкан жок, балким өздөрү ойлогондой иш кылышты, шарият белгилегендей эмес.

**Жогоруда айтылгандардан маалым болгондой, алар туура шарий жолду ээрчишкен жок, жада калса, «бийликти күч менен алуу» жолуна да ээрчишкен жок. Балким, Халифалыкты шарьий шарттарды аткарбастан туруп, туура эмес көрүнүштө жарыялашты. Алардын бул жарыясы шарьий жактан эч кандай кыйматка ээ эмес жана ал маанисиз жарыя болуп саналат. Бул жарыясы алардын абалын өзгөртүп жиберген жок, алар буга чейин кандай куралдуу кыймыл болсо, ошол куралдуу кыймыл боюнча кала беришти.**

3 - Ал эми «Хизб-ут-Тахрир өзү тикелей турган Халифалыктан башка Халифалыкты шарьий деп эсептебейт» деген сөзгө келсек, бул сөз жөргөмүштүн желесинен да алсыз! Бул кээ бир алысты көрө албагандарга шайтан вахий кылган нерсенин өзү. Албетте, Хизб-ут-Тахрир Халифалыкты бурмалабастан, таза, тунук көрүнүшүндө тикелеш үчүн аракет кылат. Хизб Халифалыкты тикелөө ишинде оорубай-сыркабай күчтүү чоңоюшу үчүн наристеге кам көргөн эне сыяктуу. Хизб зулум падышалыктан кийин пайгамбарлык минхаажы негизиндеги боло турган, Исламды ишке ашыра турган, Исламды жихад жана даават менен ааламга жая турган Пайгамбар A башарат кылган Халифалыкты туура көрүнүштө тикелеш үчүн катуу аракет кылат. Халифалыкты ким ушундай шарий жолдун негизинде тикелесе, ал Хизб болобу же Хизбден башкабы, айырмасыз, ага ээрчип моюн сунуу ваажиб. Туура шарьий жол менен тикеленген Халифалыктын көлөкөсүндө жер өз байлыгын сыртка чыгарат, асман өз жакшылыктарын жаадырат, Ислам улуу болуп, кафирлер кор болот, Аллах улуу өкүмдар зат.

**Мына ушундай Халифалыкты: Аллах жана Расулу сүйө турган Халифалыкты, момундардын жүрөгүнө сүйүнүч, өлкөлөрүнө улуулукту алып келе турган Халифалыкты, Пайгамбар A тикелеген туура жолдо кайрадан тикеленишин каалап жатабыз. Халифалыкты туура эмес көрүнүштө тикелөөнү эмес, мусулмандардын канына бойолгон атын жөн эле жарыялап коюуну эмес.**

Халифалыктын жарыяланышы менен баскынчы кафирлер коркууга түшүп, дүйнө дүңгүрөшү керек эле. Бирок анын ордуна, эч нерсе болбогондой, массалык маалымат каражаттарынан гана атынын жарыяланып калышы бизди аябай өкүндүрөт. Кафирлер эч нерсе болбогондой мамиле кылууда. Халифалык жарыяланганда Американын көзүнөн кан агыш керек эле. Бирок ал мунун ордуна «ал эч нерсе эмес» деп билдирүү жасады. Халифалык жарыяланышы менен тарыхтын жаңы барагы ачылышы керек эле. Бирок анын ордуна, адамдар аны этибарларына да албай жатканы бизди аябай өкүндүрөт.

Хизб-ут-Тахрир Исламга чыныгы сакчы болууда, Аллах үчүн жаманатты кылуучунун жамандыгынан коркпостон, жакшыны-жакшы, жаманды-жаман деп бетке айтат. Ал эч бир хизбий же дүйнө кызыкчылыгы үчүн иш кылбайт. Балким дүйнө кызыкчылыктарына Пайгамбар Aдын хадисинде айтылгандай мамиле кылат. Абдуллах ибн Масьуд Г Пайгамбар Aдан риваят кылат:

«مَا لِي وَلِلدُّنْيَا، مَا أَنَا فِي الدُّنْيَا إِلَّا كَرَاكِبٍ اسْتَظَلَّ تَحْتَ شَجَرَةٍ ثُمَّ رَاحَ وَتَرَكَهَا»

**«Дүйнө мен үчүн – бар болгону – бир улоочон адам бактын көлөкөсүндө бир аз көлөкөлөп, эс алгандан кийин ал бактын көлөкөсүн таштап кеткен адам сыяктуу».** Дүйнө Хизб үчүн да дал ушундай, Хизб Ислам өкүмдөрүн ишке ашыра турган Халифалыкты Алллахтын жардамы менен тикелеш үчүн бар күчүн жумшоодо.

4 - Сөзүбүздүн аягында айтарыбыз, Хизб-ут-Тахрир Пайгамбар A Халифалыкты тикелеген тарыйкатта аны кайрадан тикелеш үчүн алтымыш жылдан бери аракет кылууда. Бул узак убакыт ичинде Хизб-ут-Тахрир жигитери залим түзүмдөр тарабынан кугунтукталышты, камалышты, азапталышты, шейит болушту. Бирок азаптоолор канчалык катуулабасын, алар Хизб жигитерин максаттарынан буруп жибере алган жок, жигиттерибиз дагы деле акыйкат үстүндө бекем турушууда.

Халифалыкты кимде-ким шарьий тарыйкат негизинде тикелесе, кайсы жамаат болбосун, айырмасы жок, Хизб ага рахмат айтат. Бирок азыркы учурдагы Халифалыкты жарыялагандар шарьий жолдун негизинде тикелебестен, Халифалыктын маанисин кетирип, анын ишин жеңил санап коюшту. Халифалыкка карата кылынган ар кандай айла-амалдардын, бурмалоолордун алдына тоодой тоскоолдук болууга Хизб Аллахтын жардамы менен дайым даяр. Халифалык жакынкы күндөрү Аллахтын жардамы менен, Аллах жолунда соодалашууга, дүйнө кызыкчылыктарына азгырылбаган момундардын колу менен кайрадан тикеленет. Мына ошондо Халифалык таңы атат.

{وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ ٱلْمُؤْمِنُونَ ۝٤ بِنَصْرِ ٱللَّهِ ۚ يَنصُرُ مَن يَشَآءُ ۖ وَهُوَ ٱلْعَزِيزُ ٱلرَّحِيمُ}

***«Ошол күндө момундар Аллах үстөм кылганы себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***каалаган кишисине нусрат берет жана Ал кудурет жана ырайым Ээси»*** [30:4-5]

**14-рамазан, 1435-х.**

**12-июль, 2014-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Рущтанын Фейсбуктагы колдонуучулардын берген суроолоруна жоопторунан

Ghadeer Rooz, Мустафа Абдул Ал, Абу Махмуд Халилий, Иклил Жабал жана Manal Bader тарабынан берилген спирт жана андан пайдаланууга тиешелүү суроолоруна жооптор.

**Суроолор:**

1 – Ghadeer Rooz: Азыр спирттин мас кылуу касиетин жок кылуу үчүн ага уу заттар кошула турган болуп калды. Ошондон кийин ал мас кылуучу эмес, уу затка айланып калат. Бул орунда суроо мындай, атырдагы уулуу спирт кийимдердин дааратын буза турган нажас болобу?

2 – Абу Махмуд Халилий: Атырлардагы спирт эки түрдүү болот. Биринчи түрдөгүсү, мас кылуучу этил спирти деп аталат. Экинчи түрдөгүсү, уулуу метил спирти деп аталат. Бул экөөсүнүн өкүмү бирби?

3 – Мустафа Абдул Ал: Эгер ичилбесечи?

4 – Иклил Жабал: Бул өкүм медициналык продукцияларга да туура келеби? Медицина секторлорунда колдорду тазалоо заттарынын көпчүлүгү спирт продукцияларынан (ethanol + isopropanol) турат. Оозду чайкоодо колдонула турган заттар да ушундай. Биз айрым дарыларды эритүүдө же аларды сактоодо да спирт продукцияларынан пайдаланабыз?

5 – Manal Bader: Ассаламу алайкум, урматтуу шейх. Аллах сизге берекет тартуу кылсын, сиз жогоруда алкоголду керектөө (ичүү) мас болуу абалына алып келишин айттыңыз. Акыйкатта болсо, денатуралдаштырылган спирт парфюмериядагы дезодаранттарда, лосьондор жана кремдерде колдонулат. Бул абалда, химиялык абалы өзгөргөндүктөн аларды керектөө (ичүү) мүмкүн болбой калат. Шарияттын бул спирттен пайдалануудагы өкүмү кандай? Башка тараптан, автомобилдер үчүн колдонула турган жанылгылар да ушул алкоголдон иштелип чыгат, алардын да өкүмү арамбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Бул суроолор бири-бирине окшош суроолор болгондуктан, мен аларга төмөнкүчө жалпы таризде жооп беремин.

1 – Спирттин метил спирти деп аталган түрү бар. Жогорудагы суроодо бул спирт мас кылуучу эмес, бирок уулуу деп айтылды. Жанылгы спирти ушул түрдөгү спиртке кирет. Ал жыгач жана башка нерселердин чыгындысынан алынат. Аны ичүү сокурлукка себеп болот жана бир нече күн ичинде өлүмгө алып барат. Ушуга ылайык, метил спирти хамр эмес, нажастык жана арамдык жагынан хамрдын өкүмүн албайт. Бирок, метил спиртин уу катары колдонуу «Зарар» (зыян) коидасына

ылайык – арам. Ибн Мажа Убада ибн Самиттен ушул хадисти риваят кылат: «**Расулуллах A зыян көрүү да, зыян жеткирүү да жок деп өкүм кылды**».

2 – Спирттин этил спирти деп аталган түрү да бар, ал ачытылган же фильтрленген хамрга иштетилет. Медицинада колдонулуп жаткан спирт ушул түрдөгү спиртке кирет. О.э. этил спирти өнөр жайда да иштетилет. Мисалы, ал айрым заттарды сактоодо, нымдуулукту кургатууда, айрым щелоч жана майларды эритүүдө, тоңдуруунун алдын алууда, айрым дарыларды эритүүдө, одеколон жана духи сыяктуу атырларда о.э. айрым жыгач материалдарды иштеп чыгууда колдонулат. Этил спиртинен пайдалануу үч бөлүккө бөлүнөт:

а) Бул спирт жалаң гана эритүүчү катары же айрым заттарга аралашма катары иштетилет. Мындай иштетүү спирттин касиетин жоготпойт, анын курамы жана мас кылуу касиети өз абалында калат. Спирттен мындай пайдалануу бүтүндөй арам. Буга одеколонду мисал кылса болот. Ошондуктан, одеколонду иштетүү адал болбойт жана ал нажас. Анткени, анын аралашмасы нажасат жана мас кылуучу спирт өз абалында калган. Ал хамрга аралашкан зат болуп, хамр нажас болуп эсептелет. Буга Хушанийдин хадиси далил.

Дарикутний Хушанийден риваят кылган хадисте ал айтат: Мен айттым: Я Расулуллах, биз мушриктер менен аралашып жашайбыз. Биздин казаныбыз да жана алардын идишинен башка идишибиз да жок. Расулуллах A айтты:

«اسْتَغْنُوا عَنْهَا مَا اسْتَطَعْتُمْ فَإِنْ لَمْ تَجِدُوا فَارْحَضُوهَا بِالْمَاءِ فَإِنَّ الْمَاءَ طَهُورُهَا ثُمَّ اطْبُخُوا فِيهَا»

**«Мүмкүнчүлүгүңөр жеткенче ага муктаж болбогула. Эгер, мүмкүнчүлүк таба албасаңар аны суу менен жуугула. Анткени, суу аны тазалайт. Кийин анда тамак бышыргыла»**. Расулуллах A: **«Суу аны тазалайт»** деди. Т.а. бул идиш ага хамр куюлушу менен нажас болгон жана жуулушу менен таза болгон. Бул, хамрдын нажастыгына далил. Суроо хамр куюлган идиш жөнүндө болгон. Абу Давуд Абу Саълаба Хушанийден риваят кылган хадисте Хушаний Расулуллах Aдан мындай деп сураган: Биз ахли китептер менен коңшулаш жашайбыз. Алар казандарында доңуз этин бышырат жана идиштеринде хамр ичишет. Ошондо Расулуллах A айтты:

«إِنْ وَجَدْتُمْ غَيْرَهَا فَكُلُوا فِيهَا وَاشْرَبُوا، وَإِنْ لَمْ تَجِدُوا غَيْرَهَا فَارْحَضُوهَا بِالْمَاءِ وَكُلُوا وَاشْرَبُوا»

**«Эгер, андан башкасын тапсаңар, анда жегиле жана ичкиле. Эгер, башкасын таба албасаңар, аны суу менен жуугула, анда жегиле жана ичкиле»**. Доңуз жана хамр – нажас. Булардын ар бири салынган идиш нажас болот. Ошондуктан, аны иштетүүдөн мурун тазалоо үчүн жууп жиберүү важиб.

б) Бул түрдөгү пайдаланууда спирт негизи өзгөрөт, ал мас кылуу касиетин жоготот. Андан спирттин сыпаттарынан башка сыпатка ээ жаңы зат келип чыгат. Бирок, ал уулуу болбойт. Бул жаңы зат хамрдын өкүмүн албайт. Бул зат кудум башка заттар сыяктуу таза жана ага «Нерселердеги асл – ырас, арамдыгына далил келбесе – мубахтык» коидасы туура келет.

в) Бул түрдөгү пайдаланууда спирт негизи өзгөрөт, ал мас кылуу касиетин жоготот жана андан спирттин сыпаттарынан башка сыпатка ээ зат келип чыгат. Бирок, бул зат уулуу болот жана анын өкүмү уу өкүмүндө болот. Өзү таза, бирок аны ичүү үчүн, же өзүнө, же башкасына зыян жеткирүү үчүн иштетүү арам.

3 – Ушуга ылайык этил спирти, эгер, башка зат менен аралаштырылса, бул аралашма анын мас кылуу касиетин жоготтубу же жокпу жана бул аралашма уулуубу же уулуу эмеспи, ушуну билүүгө карап өкүм чыгат. Бул үчүн адистердин текшерүүсү керек болот. Эгер, илимий же амалий жактан бул аралашманын мас кылуучу касиети тастыкталса, хамрдын өкүмүн алат жана бул, этил спирти өз негизин жана касиетин жоготпогонуна далил болот. Эгер, бул аралашма мас кылуучу да, уулуу да эместиги тастыкталса, хамрдын да, уунун да өкүмүн албайт. Эгер, бул аралашманын мас кылуучу эместиги, бирок, уулуу экени тастыкталса, хамрдын өкүмүн эмес, уунун өкүмүн алат.

Ушуга ылайык:

- Ghadeer Rooz өз суроосунда «Спирттин мас кылуу касиетин жоготуу үчүн ал башка уулуу зат менен аралаштырылат» деп жатат. Буга жооп мындай, эгер бул - адистер тарабынан текшерилип анын мас кылуучу эместиги, уулуу зат экени тастыкталса, ал хамрдын өкүмүн албайт жана нажас болбойт. Ага уу өкүмү колдонулат. Аны ичүү же башкасына зыян жеткирүү үчүн иштетүү арам.
- Абу Махмуд Халилий өз суроосунда айтат: «Атырлардагы спирт эки түрдүү болот. Биринчи түрдөгүсү мас кылуучу этил спирти деп аталат, экинчи түрдөгүсү уулуу метил спирти деп аталат. Бул экөөсүнүн өкүмү бирби?»

Буга жооп ушул: алардын өкүмү бир эмес. Мас кылуучу спирт хамрдын өкүмүн алат. Ал эми, уулуу метил спиртинин аралашмасы уунун өкүмүн алат. Бирок, атырлар, мендеги кабарларга караганда,

метил спирти эмес, этил спиртинин түрүнө кирет. Бул маселени адистерден сурап аныктап алыңыз. Анткени, анын өкүмү анын мас кылуучу же мас кылбай турган уулуу экенине байланыштуу.

- Мустафа Абдул Ал «Эгер ичилбесечи?» деп суроо берди.

Эгер, аралашма одеколонго окшогон мас кылуучу болсо, хамрдын өкүмүн алат. Хамр ичилгенде гана эмес, он түрдүү орунда арам. Термизий Анас ибн Маликтен риваят кылган хадисте Анас Г айтат: «Расулуллах A хамрда он кишини наалаттады: хамрды сыгып чыгаруучуну, сыгып чыгартуучуну, ичүүчүнү, көтөрүп келүүчүнү, ага көтөрүп келингенди, куюп берүүчүнү, сатуучуну, анын акчасын жеген адамды, сатып алуучуну жана ага сатып алынганды наалаттады».

- Иклил Жабал мындай суроо берет: «Бул өкүм медицина продукцияларына да колдонулабы? Көпчүлүк медицина секторлорунда колдорду тазалоо заттары спирт продукцияларынан (ethanol + isopropanol) турат. Оозду чайкоодо пайдаланыла турган продукциялар да ушундай. Биз айрым дары продукцияларын эритүү же сактоодо спирттен пайдаланабыз?».

Буга жооп мындай, дабалоодо хамрды иштетүүнүн жана спирт колдонуп дабалоонун өкүмү карохият менен жайиз:

Ибн Мажа Тарик ибн Сувайд Хазрамийден риваят кылган хадисте Тарик айтат: Мен: Я Расулуллах, биздин жерибизде жүзүм бар. Биз аны сыгып чыгарып, аны ичебиз деп айттым. Расулуллах A: Жок, ичпегиле, деп айтты. Мен дагы: Ал менен ооруларды дабалайбыз, деп айттым. Расулуллах A мындай деди:

«إِنَّ ذَلِكَ لَيْسَ بِشِفَاءٍ وَلَكِنَّهُ دَاءٌ»

«**Бул шыпаа эмес, тескерисинче оору**». Бул, дабалоодо нажасты же арамды (хамрды) иштетүүдөн кайтаруу болуп эсептелет. Бирок, Расулуллах A нажас болгон төөнүн бавли (сийдиги) менен дабаланууга уруксат да берген. Бухарий Анас Гдан риваят кылган хадисте мындай келет: «Урайна уруусунан болгон адамдарга Мединанын абасы жакпай ооруп калышты. Расулуллах A аларга зекет төөлөрүнүн алдына барып, алардын сүтү жана бавлинен ичүүгө уруксат берди…». Т.а. аларга Мединанын абасы жакпай кесел болуп калышканда Расулуллах A аларга төөнүн бавли менен дабалануларына уруксат берди. Акыйкатта болсо, ал – нажас. О.э. Расулуллах A арам менен т.а. жибек кийүү менен дабаланууга да уруксат берген. Термизий жана Ахмад Анас Гдан риваят кылган хадисте мындай келет: «Бир казатта Абдуррахман ибн Авф жана Зубайр ибн Аввам экөөсү Набий Aга кычыткыдан арызданышты. Расулуллах ал экөөсүнө жибек көйнөк кийүүгө уруксат берди. Анас мен жибек көйнөктү экөөсүнүн үстүндө көрдүм деп айтты». Бул эки хадис Ибн Мажанын хадисиндеги кайтаруу катъий эместигине карина. Т.а. нажас жана арам менен дабалануу макрух.

Ошондуктан, иштелип чыгышында спирт аралашкан дарыларды керектөө карохият менен жайиз. Абзели – дары иштеп чыгарууда спирт иштетпөө. Бирок, дары иштеп чыгарууда спирт иштетилсе, мунун өкүмү макрух. О.э. эгер оорулуу спирт камтылган дарыны керектесе бул да макрух. Бул да, эгер, адистер спирт камтылган дарыны даба деп белгилесе ушундай.

- Карындашыбыз Manal Bader тарабынан берилген суроосу:

«Ассаламу алайкум, урматтуу шейх. Аллах сизге берекет тартуу кылсын, сиз жогоруда алкоголду керектөө мас болуу абалына алып келишин айттыңыз. Акыйкатта болсо, денатуралдаштырылган спирт парфюмериядагы дезодаранттарда, лосьондор жана кремдерде колдонулат. Бул абалда аларды керектөө (химиялык абалы өзгөргөндүктөн) мүмкүн болбой калат. Шарияттын бул спирттен пайдалануудагы өкүмү кандай? Башка тараптан, автомобилдер үчүн колдонула турган жанылгылар да ушул алкоголдон иштелип чыгат, алардын да өкүмү арамбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын».

Буга жооп мындай, сиз «SD» түрүндөгү спиртти же химиялык дабалоо спиртин айттыңыз жана сиз аны уулуу деп айтып жатасыз. Мен бул түрдөгү спирттин метил же этил спиртинин кайсы бирине таандык экенин билбеймин. Бирок, аралашма мас кылуучу эмес, уулуу болсо хамрдын эмес, уунун өкүмүн алат. Эгер, аны бирер адам өзүнө же башкасына зыян жеткирүү үчүн иштетсе арам болот. Эгер, бул заттын нажас экенине нусус келбеген болсо ал таза.

Эгер, аралашма мас кылса, ал хамр өкүмүндө болот. Ал ичилсе гана эмес, жогоруда көрсөтүлгөн он орунда да арам болот.

Спирт аралашкан автомобилдер жанылгысы жөнүндө айта турган болсок, эгер ал ичилсе мас кылса, хамр өкүмүндө болот. Эгер, мас кылуучу эмес, уулуу болсо, уу өкүмүндө болот. Буга адистер чечим кылат.

**13-зул-каъда, 1434-х.**
**19-сентябрь, 2013-м.**

**Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Рuштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору: Тажикстандан AbuMuhibbullohi Abdulloh тарабынан берилген курамында хамр же спирт болгон атырларды колдонгон имамдын артында намаз окуу жөнүндөгү суроого жооп**

**Суроо:**

Амирибиз, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Биз, каматагы туткун Хизб жигиттерибиз. Бизде олуттуу бир проблема бар. Бизге белгилүү болгондой, курамында хамр болгон атырлар жана дарылар нажасат болуп эсептелет. Бирок, камакта биз анын артында намаз окуп жаткан имам ушундай атырлардан пайдаланат жана өзүнүн айтышы боюнча фатва китептеринен далил келтирет. Ошондуктан, биз экиленип калабыз. Биз бул имам артында намаз окуубуз жайизби? Урматтуу амир, биз мүмкүн болушунча батыраак жоопко муктажбыз. Сиздин жообуңузду күтөбүз. Аллах сизди эң жакшы сыйлыктар менен сыйласын.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Курамында хамр же спирт болгон атырлардан пайдаланып жаткан бул имамдын артында туруп окулган намаз дурус болот жана батыл болбойт. Себеби, арам иш кылган мусулмандын артында туруп намаз окуу жайиз болуп, күнөөсү имамдын өзүнө болот. Буга далил ушулар:

1 – Бухарий Абу Хурайрадан риваят кылган хадисте Расулуллах A айтты:

**«يُصَلُّونَ لَكُمْ، فَإِنْ أَصَابُوا فَلَكُمْ، وَإِنْ أَخْطَئُوا فَلَكُمْ وَعَلَيْهِمْ»**

**«Алар силерге** (имамдык кылып) **намаз окушат. Эгер, туура окушса сообу силерге, эгер туура эмес окушса, сообу силерге, күнөөсү өздөрүнө болот»**. «Сообу силерге, күнөөсү өздөрүнө» деген сөздүн мааниси: намаздын сообу силерге, алар кылган катанын жазасы өздөрүнө болот, дегени.

2 – Муслим Абдуллах ибн Сомиттен, ал Абу Зардан риваят кылат, Абу Зар айтты: Мага Расулуллах A мындай деди:

**«كَيْفَ أَنْتَ إِذَا كَانَتْ عَلَيْكَ أُمَرَاءُ يُؤَخِّرُونَ الصَّلَاةَ عَنْ وَقْتِهَا؟** - أَوْ - يُمِيتُونَ الصَّلَاةَ عَنْ وَقْتِهَا؟ قَالَ: قُلْتُ: فَمَا تَأْمُرُنِي؟ قَالَ: **صَلِّ الصَّلَاةَ لِوَقْتِهَا، فَإِنْ أَدْرَكْتَهَا مَعَهُمْ، فَصَلِّ، فَإِنَّهَا لَكَ نَافِلَةٌ»**

**«Эгер сенин үстүңдө намазды убагынан кечиктире турган же намаздын убагын өткөрүп жибере турган амирлер болсо эмне кыласың?** Мен: Мени эмнеге буюрасыз? – дедим. Ошондо Расулуллах A айтты: **Сен намазды өз убагында окугун. Эгер алар менен бирге намаз үстүнөн чыксаңар, дагы окугун, себеби, бул намаз сага нафл болуп калат»**. Бул хадистин мафхуму: эгер залим амирлер намазды өз убагында окушса алардын артында намаз окуу дурус болот.

3 – Белгилүү болгондой, ханафийлер жана шафиийлер фасиктин артында окулган намаз макрух болот, бирок, сахих (дурус) боло берет (батыл болбойт) дешет. Күнөө мусулмандар менен намаз окуп, бирок, мусулмандар аны жаман көргөн имамга түшөт. Термизий Абу Умамадан риваят кылган хадисте Расулуллах A айтты:

**«ثَلَاثَةٌ لاَ تُجَاوِزُ صَلاَتُهُمْ آذَانَهُمْ: العَبْدُ الآبِقُ حَتَّى يَرْجِعَ، وَامْرَأَةٌ بَاتَتْ وَزَوْجُهَا عَلَيْهَا سَاخِطٌ، وَإِمَامُ قَوْمٍ وَهُمْ لَهُ كَارِهُونَ»**

**«Үч тайпа адамдын намазы кабыл болбойт: качкын кул кайтып келмейинче, эрин нааразы кылып түндү өткөргөн аял жана коуму жаман көргөн имам»**.

4 – Тыянак ушул, силер таква, салих имамдын артында намаз окушуңар абзелирээк. Бирок, курамында спирт болгон атырларды адал санаган ошол имамдын артында намаз окуп калсаңар намазыңар сахих боло берет жана күнөөсү ошол имамга болот.

Кандай болбосун, силер одеколон жана ага окшогон курамында спирт болгон атырлардын арамдыгы жөнүндө насаат сурагыла о.э. спирт аралашкан атырлардын арамдыгы жөнүндөгү төмөндөгү жоопту ага бергиле. Мүмкүн – Аллахтын уруксаты менен – ал хидаят табар.

Курамында спирт болгон атырларга карата айта турган болсок, мындай атырларга хамрдын өкүмү ылайык келет. Муслим Ибн Умардан риваят кылган хадисте Расулуллах A айтты:

**«كُلُّ مُسْكِرٍ خَمْرٌ، وَكُلُّ مُسْكِرٍ حَرَامٌ»**

**«Ар бир мас кылуучу нерсе – хамр жана ар бир мас кылуучу нерсе – арам»**.

Абу Давуд Жабир ибн Абдуллахтан риваят кылган хадисте Расулуллах A айтты:

**«مَا أَسْكَرَ كَثِيرُهُ، فَقَلِيلُهُ حَرَامٌ»**

**«Аз көлөмдө да, чоң көлөмдө да мас кылган нерсе – арам»**.

Расулуллах ﷺ хамр деп аталган суюктукту баян кылып берди. Аз көлөмдөгү же чоң көлөмдөгү мас кылуучу нерсе – хамр. Бул орунда атыр, одеколон жана ушуга окшогон нерселер аз же көп көлөмдө ичилсе мас кылабы же мас кылбайбы муну аныктоо зарыл. Эгер, мас кылса, ал да хамр болуп эсептелет жана ага хамрдын хадисте келген өкүмдөрү ылайык келет. Хаким Мустадракта Абдуллах ибн Абдуллах ибн Умардан, ал атасынан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«لَعَنَ اللَّهُ الْخَمْرَ، وَلَعَنَ سَاقِيهَا، وَشَارِبَهَا، وَعَاصِرَهَا، وَمُعْتَصِرَهَا، وَحَامِلَهَا، وَالْمَحْمُولَةَ إِلَيْهِ، وَبَايِعِهَا وَمُبْتَاعَهَا، وَآكِلَ ثَمَنِهَا»

**«Аллах хамрды наалаттады, аны куюп бергенди, ичкенди, эзип чыгарганды, эзип чыгартканды, көтөргөндү, ага көтөрүп алып барылганды, сатканды, сатып алганды, акчасын жегенди наалаттады»**.

Суюктуктарга аралашкан спирт затынын таасири жөнүндө адистердин айтышынча, бул суюктук ичилсе мас кылат. Расулуллах ﷺ:

«كُلُّ مُسْكِرٍ خَمْرٌ، وَكُلُّ مُسْكِرٍ حَرَامٌ»

**«Ар бир мас кылуучу нерсе – хамр жана ар бир мас кылуучу нерсе – арам»**, дегени үчүн курамында спирт болгон атырларга хамрдын өкүмдөрү ылайык келет.

Мен дагы айтамын, силердин насаатыңар чырайлуу, хикматтуу ыкмада болушу керек. Эгер, ал хидаят тапса, жакшы. Эгер, хужжат келтирип өзүнүн ишинде бекем туруп алса, эмнеси болсо да, силер ага насаат айткыла. Инша Аллах, бул үчүн силерге ажр-сооп бар.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рушта** **10-мухаррам, 1435-х.**
**13-ноябрь, 2013-м.**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيم

## Хизб азыр нусрат талаб кылуунун кайсы этабында?

*Суроо:*

Ассаламу алайкум рахматуллоохи уа баракаатуху, урматтуу Шейх. Аллах сизге бул улуу жолдо жардам берсин. Менде Халифалыкты тикелөө методу боюнча суроо бар. Биз билгенден, бул методдо (услуб, ыкма, жол) үч этап бар.

Мен Хизб-ут-Тахрир китебинен алынган материалдан окуп түшүнүшүмчө, нусрат талаб кылуу экинчи этаптан башталат. Мен бул тууралуу партиядагы кээ бир ишеничтүү адамдардан сурадым. Бирок, алардын бул туурасындагы жооптору ар түрдүү болду. Айрымдар нусрат талаб кылуу үчүнчү этапта дешсе, башкалары болсо экинчи этапта болот жана бул аракет коом менен өз ара аракеттенүүдө параллель түрдө алып барылат дешти. Ко-ош, азыр партия кайсы этапта иш алып барып жаткандыгын билгим келди? Аллах жакшылыктарын жазсын.

Умм Зайд, Белгия.

*Жооб:*

Алайкуму салам рахматуллоохи уа баркаатуху.

Сурап жаткан маселеңиз «Хизб-ут-Тахрирдин өзгөртүүдөгү манхажы» деген китепчеде келген тема тууралуу болуп жатат. Анда мындай деп келген:

«... Хизб бул окуп-үйрөнүүлөрдөн кийин нусрат талаб кылуу биринчи этап болгон сакофаттандыруу этабынан айырмаланып турарына токтолду. Коом менен өз ара аракеттенүү этабы болгон экинчи этапта нусрат талаб кылуу амалы болот. Нусрат талаб кылуу коом Хизб алып барып жаткан дават алдында катып, Хизбге азар берүү күчөгөн учурда ээрчилиши ваажиб болгон тарыйкаттын бир бөлүгү катары саналат.

Ошондуктан, Хизб өзү алып барып жаткан амалдарга нусрат талаб кылууну да кошту жана аны нусрат берүүгө кудурети барлардан талаб кыла баштады. Хизб муну эки максатта талаб кылды:

Биринчиси: Хизб дааватты көтөрүп чыгып жатканда коркунучсуз иш жүргүзүүдө коргоо издөө үчүн нусрат талаб кылуу.

Экинчи: мамлекетке жана коомго Аллахтын өкүмүн кайтаруу жана Халифалыкты тикелөө үчүн бийликке жетүү үчүн нусрат талаб кылуу.

Хизб нусрат талаб кылуу менен биргеликте өзү аткарып келген дааваат иштерин уланта берет: халкаларда борборлошкон тартиптүү сакофат берүү, жамаи сакофат берүү, Үммөттүн Исламды көтөрүп чыгуусуна борборлоштуруу жана анда коомдук пикирди пайда кылуу, колонизатор капыр мамлекеттерге каршы күрөшүү жана алардын үммөткө каршы тил бириктирүү пландарын ачып салуу, акимдерге каршы күрөшүү (туура эмес иштерин ачып салуу), Үммөтүн кызыкчылыгын кабыл алуу жана анын иштерине кам көрүү. Хизб бул иштерди Ислам үммөтүнө Аллахтан нусрат берүүсүн үмүт артуу менен уланта берет. Үчүнчү этапта туура жолдогу Халифалык тикеленгенде Аллахтын нусраты менен момундар шаттанышат» (китепчедеги цитата бүттү). Сиз нусрат талаб кылуу коом менен өз ара арекеттенүү болгон экинчи этапта болушу же бийликти алуу болгон үчүнчү этапта болушу тууралуу сурап жатасыз. Ошондой эле Хизб азыр кайсы этапта экендиги тууралуу да сурап жатасыз.

Биз бул тууралуу хижрий 1434-жылы 13-шабанда, 2013-жылы 22-июнда чыгарган суроо-жоопто айты өткөнбүз. Сиздин бул жооптон кабарыңыз жоктой. Ошондуктан, ошол суроо-жоопту төмөндө кайрадан кайталап берем. Айрыкча, ал жооб сиздин биринчи суроoңузга так жооб болот. Ал төмөнкүчө:

«Нусрат талаб кылуу бул коом менен өз ара аркеттенүү этабынын акыр жактарында орун алат. Эгер, өзгөртүүгө кудуреттүү күч кубат ээлери ага жооб беришсе, Аллахтын жардамы менен үчүнчү этапка өтүлөт. Бул боюнча «Хизб-ут-Тахрирдин өзгөртүүдөгү манхажы» (жол) китепчесинде кеңири баяндаганбыз. Анын кээ бир ачык-айкын жерлерин сунуштаймын:

1. Пайгамбар A нусрат талаб кылууну коом менен өз ара аркеттенүү этабында баштаган. Абу Толиб каза болгон учурда Мекке коому Пайгамбар Aга карата катып жабык турган эле. Абу Толибдин каза болушу менен Курайштын Пайгамбар A карата – агасы Абу Толиб тирүү мезгилинде кыла албаган – азарлары күчөй баштады. Пайгамбар Aдын коргоосу агасы Абу Толибдин тирүү мезгилине караганда кыйла азайа түштү. Пайгамбар A Аллах берген рисаалатты коопсуз корголгон даражада башкаларга жеткирүүсү үчүн, Аллах Пайгамбар Aга аны коргоосу жана нусрат бериши үчүн араб урууларынан нусрат талаб кылууну вахий кылды. Ибн Касиир «Сиро» китебинде Али Аби Толиб Гдан риваят кылат, Али айтты: «Качан Аллах Пайгамбар Гга араб урууларынан өзүн коргоосу үчүн нусрат талаб кылууну буйруганда мен жана Абу Бакр Пайгамбар Г менен бирге Минага чыктык. Биз бир араб межлисинен экинчисине барып жаттык». Ошондой эле Ибн Касиир Ибн Аббастан риваят кылат, Аббас айтты: «Пайгамбар A мага айтты: «Сенден да жана бир тууганыңдын алдынан мени коргой ала турган күч көрө алган жокмун. Эртең мени араб урууларынын жыйналыштарына алып баруу үчүн мени менен базарга бирге чык». Араб урууларынын жыйналыштары болду эле, Аббас айтты: «Бул Кинда уруусу жана анын айланасындагылар, алар Ямандан ажылылык кылып келгендердин кадыр-барктуусу. Бул Бакр бин Вааилдин тобу. Бул Бани Аамир бин Саъсаънын тобу. Өзүңүз тандаңыз». Аббас айтты: «Киндадан баштады...».

2. Көрүнүп тургандай, Пайгамбар A ошол маалдагы күчтүү «уруулардан» нусрат берүүлөрүн талаб кылган. Ошондой эле уруулар да алардан талаб кылынып жаткан нерсе алардын нусрат берүүсү менен Аллахтын өкүмүн ишке ашыруучу малекетти тикелөө жана Пайгамбар Aды коргоо экендиктерин ачык-айкын түшүнгөндүктөрү да ачык көрүнүп турат. Башкача айтканда, алар нусрат берүү менен өкүм жүргүзө турган жана жихад кыла турган мамлекетти тикелөө экендигин жакшы түшүнүшкөн. Ошондуктан, Пайгамбар A Бану Аамир бин Саъсаъдан нусрат берүүсүн талап кылганда алар айтышты: «Эгер, биз сен талаб кылган нерсеге баят берсек, кийин Аллах сени сенин каршылаштарыңдын үстүнөн жеңишке жеткирсе, сенден кийин иш биздин колубузда калабы?». Айтты: «Иш Аллахка гана таандык, аны Өзү каалагандай кылат». Алар айтышты: «Сен себебтүү моюнубузду арабтарга салып беребизби? Аллах сени жеңишке жеткиргенден кийин иш бизден башкаларга болобу! Сенин ишиңе биз муктаждык эмеспиз». Алар андан баш тартышты». Башкача айтканда, алар нусрат берүү бул мамлекетти тикелөө экендигин анык билишкен. Алар Пайгамбар Aдан кийин ал мамлекеттин башкаруучулары болуп калууну каалашты. Ошондой эле Пайгамбар A Бану Шайбаандан нусрат берүүнү талаб кылганда алар айтышты: «Биз эки зыяндын ортосуна түшүп калабыз». Пайгамбар Пайгамбар A айтты: «Ал эки зыян эмне?». Алар айтышты: «Кисро дарыясы жана араб суусу. Эгер, иш Кисро тарапка каратыла турган болсо, биз аны менен эч кандай жаңалдашууга барууну каалабайбыз. Сен чакырып жаткан иш падышалар жаман көрө турган иш экенин көрүп турабызм. Биз сага араб суусу тарабта жардам берүүгө даярбыз». Пайгамбар A айтты:

«Силердин жообуңарда жаман нерсе жок, себеби силер чындыкты айттыңар. Бирок, Аллахтын динин ким бардык тараптан коргосо гана ага жардам берет». Тактап айтканда алар нусрат беруү арабдарга, ажамдарга карата өкүм жүргүзүү жана жихад кылуу экендигин анык түшүнүшкөн. Арабтарга каршы күрөшүүгө макул болушуп, Перстерге каршы макул болушкан жок.

3. Кийин Аллах Өз ишине үстөм болуп, экинчи акаба анташуусу ишке ашкандан кийин, башкача айтканда Мадинада мамлекетти тикелөө нусраты ишке ашкандан кийин үчүнчү этап ишке кирди, тактап айтканда мамлекетти тикелөө этабы.

4. Ушул нусрат талаб кылуулардын баарынан көрүнүп тургандай, нусрат талаб кылуу үчүнчү этаптан мурда болгондугу айкын көрүнүп турат. Башкача айтканда коом менен өз ара аракетенүү этабында болгон.

5. Мына ушул нерсе Хизб өткөн кылымдын алтымышынчы жылдары нусрат талаб кылууну баштагандагы иш жана ал муну токтобостон улантып жатат. Аллахтан бул үммөткө нусрат берип абалкы ансорлордун жолуна кайтарышын жана Туура жолдогу Ислам Халифалык мамлекетин тикелей турган, Пайгамбар Адын туусун көккө желбирете турган үммөткө кайтарышын сурайбыз ... » (цитата бүттү).

Ал эми, Хизб азыр кайсы этапта дегенге келсек, жогорудагылардан айкын болгондой, анык түрдө Хизб экинчи баскычта турат. Анткени, үчүнчү этап деген бийликти колго алууну жана мамлекетте түздөн-түз Ислам өкүмдөрүн толук ишке ашырууну түшүндүрөт. Хизб азыркы учурда муну ишке ашыра элек. Бирок, Хизб экинчи этапдын акыркы баскычына келип калды. Ал күжүрмөндүк менен Ислам өкүмдөрүн жашоого кайтаруу, Халифалык мамлекетин тикелөө үстүндө иш алып барып жатат. Аллахтын жардамы менен куш кабар болгон Ислам адилеттүүлүгү кайтып зулумдук, караңгылык жок болот. Хизб Аллахтын жардамы менен бул ишти жүзөгө чыгарарына анык ишенет. Ар бир нерсенин убакыт сааты бар.

Бул суроонун жообу ачык-айкын түшүнүктүү болду деп үмүттөнөбүз.

**Боордошуңар Ата бин Халил Абу Рушта** **22-ражаб, 1440-х.**
**29-март, 2019-ж.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Mohamed Ali Bouazizінин раъй Усман Гнун мусулмандар халифасы болушуна келип токтолгону жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум урматтуу шейх.

«Халифалык мамлекетинин жихазы» китебинде, аныгы 31-бетте талапкерлер санын чектөө туурасында келген абзацта мындай делет:

«Кийин Абудуррахман ибн Авф бешөөсү менен талкуулашып, калган үчөөсүнөн вакалат алып, Али менен Усмандын талапкерлигине токтоду. Андан кийин, адамдардын пикирин карап чыкты, алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду». 33-бетте мындай делет: «Абдуррахман… Бар, мага Али менен Усманды чакырып кел деп... Кийин Алинин колун кармап…».

Эмне үчүн ал Усман халифалыкка дайындалып туруп Алинин колун кармады?

Боордошуңуз... Буазизий.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Абдуррахман ибн Авф Гга ушул нерсе айкын болду, эгер Али Г өзү туш келген бирер маселеде – бул маселе Абу Бакр Г жана Умар Глар доорунда да жүз берип – алар чыгарган өкүм менен өкүм кылса, адамдар анын халифа болушун каалашкан эле. Али Г буга ыраазы болбоду. Усман Г болсо ыраазы болду. Мына ушул убакта Усман Г халифа болуп дайындалды.

«Умар да мусулмандарга алты кишинин талапкерлигин көрсөтүп, алардын арасынан бирин халифа кылып шайлап алуулары үчүн алардын санын алтоого чектеди. Кийин Абудуррахман ибн Ауф бешөөсү менен талкуулашып, калган үчөөсүнөн вакалат алып, Али менен Усмандын талапкерлигине токтоду. Андан кийин, адамдардын пикирин карап чыкты, алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду». Бул сүйлөм Усман кеңешүү аркылуу халифа болуп дайындалганын түшүндүрбөйт, тескерисинче, Али (Абу Бакр жана Умардын ижтихады менен өкүм кылууну) четке каккан соң, ал киши буга ыраазы болду, ошондон кийин халифа болуп дайындалды.

Сизге белгисиз болгон нерсе ушул, сиз «Адамдардын пикирин карап чыкты» сөзү менен «Алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду» сөзү ортосундагы атф кылуучу харф болгон «вов»ду тартипти жана окуянын дароо болушун түшүндүрөт деп ойлогонсуз. Бирок, андай эмес, атф кылуучу «вов» бир гана байлоочу харф болуп да келет. Эгер, сиз «جاء عمر وخالد Умар жана Халид келди» деп айтсаңыз бул алардын бирге келгенин жана биринин артынан экинчиси келгенин түшүндүрбөйт, кээде алардын келиши ортосунда айырма убакыт болот т.а. бири бешимден мурун, экинчиси бешимден кийин келген болот.

«Абдуррахман ибн Авф адамдардын пикирин карап чыкты» сөзүндөгү карап чыгуу түндөсү болгон жана «алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду» таңда багымдат намазынан кийин, Али жана Усман суроого жооп бергенден кийин болгон.

Айкындык киргизүү үчүн ушуларды айтабыз:

- Абдуррахман адамдардын пикирин карап чыгып, эгер алардын шартына ыраазы болсо Алинин халифа болушун каалашын, эгер ал ыраазы болбой Усман ыраазы болсо Усмандын халифа болушун каалашын билди.
- Андан кийин Абдуррахман Али жана Усманды мага чакырып кел деп айтты. Кийин Алиге шартты сунуш кылганда ал шартка ыраазы болбоду, Усманга сунуш кылганда Усман ыраазы болду.
- Мунун натыйжасында алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду.

Маселе айкындашты деп үмүт кыламын.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **17-робиус-саний, 1435-х.**

**17-февраль, 2014-м.**

**Суроо:**

«Исламда ижтима түзүмү» китебинин нике бөлүмүндө никенин шаръий (мыйзамдуу) күчкө киришинин шарттары бар экени жана бул шарттардын бирөөсү болбосо, нике батыл болушу о.э. ушул бөлүмдө никенин сахих (туура) нике болушунун шараттары бар экени, алардын бирөөсү болбосо, нике фасид (бузук) болушу айтылган. Бирок, мен бул эки шарттарда махрды таппадым. Эгер, махр никенин шаръий күчкө киришинин шарттарына да, туура нике болушунун шарттарына да кирбесе, т.а. махрсыз нике – нике боло берсе, анда, махр никеде кандай мааниге, орунга ээ?

**Жооп:**

Ооба, туура, махр никенин шаръий күчкө киришинин жана туура болушунун шарттарына кирбейт. Т.а. шаръий күчкө кирүү шарттары менен туура болуу шарттары толук табылса, махр айтылбаса да нике – нике боло берет. Бирок, шаръий өкүмдөр эки түрдүү болот:

1. Вазъий өкүмдөр: шарт, себеп... сыяктуу. 2. Таклифий өкүмдөр: арам, важып... сыяктуу. Шаръий маселелер мына ушул эки түрдөн чыкпайт. Мисалы, кээде алардын өкүмү таклифий өкүмдөргө таандык болуп, же фарз, же важып, же мандуб, же мубах, жу макрух, же арам болот. Кээде болсо, алардын өкүмү вазъий өкүмдөргө таандык болуп, же сахих, же батыл, же фасид, же шарт, же себеп, же мане жана ушул сыяктуу болот.

Махр маселесин текшерип чыгуу махр таклифий өкүм болуп, фарз, т.а. эркектин аял алдындагы важып экендиги айкын болот. Махрдын аты айтылса, айтылган нерсе берилет, эгер айтылбаса, махри мисл берүү керек болот (махри мисл – аты аталбаган, адатта аялдарга бериле турган орточо махр).

Махрдын фарз экендигине келсек, ага Бухарийдин Сахл ибн Саъддан рыбаят кылган мына бул хадиси далил, Сахл айтат:

**«... فَقَالَ رَجُلٌ مِنْ أَصْحَابِ رسول الله A زَوِّجْنِيهَا يَا رَسُولَ اللَّهِ قَالَ أَعِنْدَكَ مِنْ شَيْءٍ قَالَ مَا عِنْدِي مِنْ شَيْءٍ قَالَ وَلَا خَاتَمٌ مِنْ حَدِيدٍ قَالَ وَلَا خَاتَمٌ مِنْ حَدِيدٍ وَلَكِنْ أَشُقُّ بُرْدَتِي هَذِهِ فَأُعْطِيهَا النِّصْفَ وَآخُذُ النِّصْفَ قَالَ لَا هَلْ مَعَكَ مِنْ الْقُرْآنِ شَيْءٌ قَالَ نَعَمْ قَالَ اذْهَبْ فَقَدْ زَوَّجْتُكَهَا بِمَا مَعَكَ مِنْ الْقُرْآنِ»**

«**... Ошондо Расулулла Адын сахабаларынан бир киши: «Эй Расулулла, мени ага никелеп коюңуз » деди. Расулулла «**(Махрга) **бирер нерсең барбы?» деп сурады. Ал: «Менин эч нерсем жок» деди. Расулулла: «Темир шакегиң да жокпу?» деп сурады. Ал: «Темир шакегим да жок, бирок, мына бул чапанымды тең бөлөмүн да, жарымын ага беремин, жарымын өзүм алып каламын» деди. Расулулла: «Жок** (болбойт)**, Курандан бирер нерсе билесиңби?» деп сурады. Ал: «Ооба» деди. Расулулла: «Бара бер, сени ага Курандан билген нерсең менен никеледим» деди**». Насаий да ушул сыяктуу хадисти өзүнүн сунанул куброисинде көрсөтүп, анын рыбаятында мындай делет:

**«...وَلَكِنْ هَذَا إِزَارِي قَالَ سَهْلٌ مَا لَهُ رِدَاءٌ فَلَهَا نِصْفُهُ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: مَا تَصْنَعُ بِإِزَارِكَ إِنْ لَبِسْتَهُ لَمْ يَكُنْ عَلَيْهَا مِنْهُ شَيْءٌ وَإِنْ لَبِسَتْهُ لَمْ يَكُنْ عَلَيْكَ مِنْهُ شَيْءٌ...»**

**«... «Бирок, мына бул изарым бар» деди. Сахл: «Анын чапаны бар, жарымын берет» деди. Ошондо, Расулулла А ага айтты: «Изарыңды эмне кыласың, эгер аны өзүң кие турган болсоң, аялга андан эч нерсе калбайт, эгер аял изарыңды кие турган болсо, андан сага эч нерсе калбайт...».**

Демек, Расулулла А аялдардын бирине Расулулланын никелеп коюшун каалаган кишиден, жада калса, темир шакек болсо да махр берүүнү талап кылды. Бул нерсе да анын колунан келбеди, т.а. изарынан башка нерсеси жок экенин, изарын бөлүп, аялга жарымын махр кылып беришин айтты. Бирок, изар эрдин да, аялдын да авратын жабууга жетиштүү болбой калгандан кийин, Расулулла эрге Курандан таалим берүүнү, таалим акысы болсо, аял үчүн махр болушун буюрду. Булардын баардыгы махрдын фарз экенине карина (далил).

Эми, махрдын эмне экендиги айтылбаса, махри мисл берилишине келсек, буга мына бул хадис далил. Термизий Абдулла ибн Масъуддан мындай рыбаят кылат (Термизий бул хадисти хасан деген):

**«أَنَّهُ سُئِلَ عَنْ رَجُلٍ تَزَوَّجَ امْرَأَةً وَلَمْ يَفْرِضْ لَهَا صَدَاقًا وَلَمْ يَدْخُلْ بِهَا حَتَّى مَاتَ فَقَالَ ابْنُ مَسْعُودٍ لَهَا مِثْلُ صَدَاقِ نِسَائِهَا لَا وَكْسَ وَلَا شَطَطَ وَعَلَيْهَا الْعِدَّةُ وَلَهَا الْمِيرَاثُ فَقَامَ مَعْقِلُ بْنُ سِنَانٍ الْأَشْجَعِيُّ فَقَالَ قَضَى رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي بِرْوَعَ بِنْتِ وَاشِقٍ امْرَأَةٍ مِنَّا مِثْلَ الَّذِي قَضَيْتَ فَفَرِحَ بِهَا ابْنُ مَسْعُودٍ»**

«**Абдулла ибн Масъуддан бир киши бир аялга үйлөнүп, аялга сеп** (махр) **бербестен, аялга жакындык да кылбастан дүйнөдөн кайтканы тууралуу суралганда, ал мындай деди: «Аялга абдан төмөн наркта да, абдан жогору наркта да болбогон, мисли аялдар сепиндей сеп берилет, идда сактайт жана мурас алат». Ошондо, Маъкил ибн Синан Ашжахий ордунан туруп: «Расулулла A биздеги Барваъ бинт Вашик аттуу бир аялга дал сиз чыгарган өкүм сыяктуу өкүм чыгарган эле» деди. Анын сөзүнөн Абдулла ибн Масъуд абдан кубанды**». Абу Давуд да өзүнүн сунанында ушул сыяктуу хадисти айтып өткөн.

Жогорудагы аял махр айтылбастан никеленгенде Расулулла A ага аялдар мислиндей махр (махри мисл) берилишине өкүм кылды.

Ушуга ылайык, махр никенин шаръий күчкө киришинин шарттарына да, туура нике болушунун шарттарына да кирбесе дагы, бирок, махр аял үчүн аткара турган эрдин мойнундагы фарз болуп, аялга бериши зарыл болот. Эгер, бербесе күнөөкөр болот. Ислам мамлекети махрды эр үстүндөгү акыларынын бири катары эрден аялга мажбурдуу түрдө алып берет. Эр кудуреттүү болуп туруп, аялга зулум кылуу же анын акыларынын бирин жеш максатында махрды берүүнү созуп жүргөн болсо, ага таъзир жазасын берет.

Тыянак кылып айтканда, махр шарт эмес, аныгы, ал эрдин мойнундагы аялга тиешелүү фарз. Башкача айтканда, ал таклифий өкүмдөргө кирет, вазъий өкүмдөргө кирбейт.

**Экинчи суроо:**

«Дастур мукаддимасы» китебинин биринчи бөлүгүндө мындай деп келет:

«... Бул Алла акыретте азаптай турган нерсе, т.а. от менен жаза колдонулбастыгын, б.а. от менен күйдүрүп жазалоо мүмкүн эмесин камтыйт». Ушул маселеде дагы мындай деп келген:

«Шареъ күнөө кылгандар жазалана турган укубаттарды белгилеп берди. Алар өлтүрүү, дарра уруу, ташбороон кылуу, сүргүн кылуу, колду кесүү, камоо, малын конфискация кылуу, штраф салуу, элдин алдына чыгарп уят кылуу, дененин бирер бөлүгүн от менен күйдүрүү. Мына ушулардан башка бирер нерсе менен бирөөнү жазалоо адал эмес».

Суроо мындай, от менен жазалоо мүмкүн эместиги менен от менен күйдүрүү мүмкүн экендигин кантип байланыштырабыз?

**Жооп:**

1 – От менен күйдүрүү – адамдын денесине отту коюу дегени. Мисалы, отту күйдүрүп, ага адамды, же анын колун, же болбосо бутун тийгизүү сыяктуу. Же от түрлөрүнүн бирин, мисалы, токко уланган электр зымын жана ушуга окшогон күйдүрүүчү от деп эсептелген нерселердин бирин анын денесине тийгизүү сыяктуулар. Булардын баары мүмкүн эмес, себеби, бул от менен жазалоо, т.а. күйүү касиетине ээ болгон оттун булагы жардамында денени күйдүрүү болуп эсептелет.

2 – Бирок, темир же зымды отто кыздырып, кийин аны адамдын денесине тийгизсеңиз, муну менен от булагын анын денесине тийгизген болбойсуз, аныгы, отто кызып, оттон үзүлгөн нерсени тийгизген болосуз. От менен күйдүрүү, дегени мына ушул. Бул нерсе арабдарда колдонулган жана дагы эле дабалоо катары колдонулуп келе жатат. Мисалы, отто кыздырылган нерсе ооруп жаткан жайга тийгизилет жана башка ушул сыяктуу...

3 – Сиз суроoңузда от менен күйдүрүүнү ырайымсыздык деп жатасыз. Ооба, бул ырайымсыздык, ушуга акылуу адам гана колдонот жана анын өз шаръий жолу бар. Бирок, бул от менен күйдүрүү эмес, т.а. от булагын денеге тийгизүү эмес.

Тыянак кылып айта турган болсок, денени отто күйдүрүү, т.а. от булагын денеге тийгизүү менен жазалоо арам жана бул шаръий нусустарга ылайык, мүмкүн эмес. Отто күйдүрүү, т.а. темирди кызытып, денеге отту эмес, ошол кызыган темирди тийгизүү болсо, шаръий нусустарга ылайык, жайыз.

**Үчүнчү суроо:**

Араб тилиндеги «Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү» китебинде «мындан тышкары, ажылыктын көп ырасым «**مشاعر**»дары, мисалы, Каъбаны тооп кылуу, Хажарул-Асвадды сылоо жана өбүү, Сафа жана Марва аралыгында жүгүрү...» деп келет. Ушул «**مشاعر**» сөзү башка маселеде да дал ушундай келген. Ушул орунда ажылыктын көптөгөн машаир «**مشاعر**»лери дегенден көрө, ажылыктын көптөгөн шаъир «**شعائر**»лери десе туура болбойбу? Эгер туура болсо, ошол «**مشاعر**» сөзүн «**شعائر**» сөзү менен өзгөртүп оңдоп койсо болобу?

**Жооп:**

1 – «شعيرة» сөзү «شعائر» сөзүнүн муфрад-бирдиги. «مشعر» сөзү болсо «مشاعر» сөзүнүн муфрады болуп, экөөсүнүн мааниси да бирдей. Ал эми, «مشاعر» сөзү Сафа, Марва, Мина, Муздалифа, Арафат жана Жамра... сыяктуу ажылык белгилерине карата көбүрөк иштетилет.

«شعائر» сөзү болсо жүгүрүү, тооп, Арафатта туруу жана таш ыргытуу сыяктуу ажылык амалдарына жана ырасымдарына карата иштетилет.

2 – Бирок, экөөсү тең бир мааниде иштетилиши туура:

Алла Субханаху мындай дейт:

{إِنَّ ٱلصَّفَا وَٱلْمَرْوَةَ مِن شَعَآئِرِ ٱللَّهِ}

- ***«Албетте, Сафа жана Марва Алланын ырасымдарынан».*** [2:158]

Бул жерде «شعائر» сөзү Сафа жана Марва ортосунда жүгүрүү эмес, ажылык белгилерин түшүндүрөт.

Алла Субханаху мындай дейт:

{فَإِذَآ أَفَضْتُم مِّنْ عَرَفَٰتٍ فَٱذْكُرُوا۟ ٱللَّهَ عِندَ ٱلْمَشْعَرِ ٱلْحَرَامِ}

- ***«Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин Машъар-ул-Харамда Алланы зикр кылгыла!».*** [2:198]

Бул жерде «مشعر» сөзү Муздалифа, т.а. ажылык белгилери маанисин түшүндүрөт.

Сөздүк китептеринде мындай делет:

«Комусул мухит» 438-бет, 1-катар: ажылыктын «شعار»лери – ажы ырасымдары жана белгилери.

«Мухит фил-лугат» 43-бет, 1-катар: ажылыктын «شعائر»лери – ажылык амалдары жана белгилери. Анын муфрады **شعيرة**.

«Лисанул араб» 410-бет, 4-катар: ажылыктын «شعار»лери – ажылык ырасымдары жана белгилери, аракеттери жана амалдары болуп, «شعيرة» сөзүнүн жыйынтыгы. «مشعَر, شَعارة, شعيرة»дар да «شعار» сыяктуу.

Лахяний мындай дейт: «Ажылыктын «شعائر»лери – ажылык ырасымдары болуп, муфрады «شعيرة». «مشاعر» сөзү болсо, Алла сунуш кылган жана аткарууга буюруп, «مشعر الحرام» деп атаган ажылык белгилеринен».

Зажжаж мындай дейт: «Алланын «شعائر»лери – Алла ишъар кылган, т.а. бизге белгилер кылып берген бардык ибадат кылына турган жайлар… «شعائر» дегенден максат ибадат кылына турган жай дегени. Ошондуктан, Алла Таалага ибадат кылына турган жайлар «شعائر»».

Азхарий мындай дейт: «Мен ажылыктын «مشاعر»лери дегенден «إشعار» бул «إعلام» болот, «شعار» бул «علامة» болот деп түшүнөмүн. Демек, ажылыктын «مشاعر»лери анын белгилери...».

3 – Белгилүү болгондой, «شعائر» жана «مشاعر» сөздөрү бир маанилүү сөздөр экен. Бирок, башында айтканыбыздай, «مشاعر» сөзү Сафа, Марва, Мина, Муздалифа, Арафат жана Жамра... сыяктуу ажылык белгилерине карата көбүрөөк иштетилет. «شعائر» сөзү болсо, жүгүрүү, тооп кылуу, Арафатта туруу жана шайтанга таш ыргытуу сыяктуу ажылык амалдарына жана ырасымдарына карата колдонулат.

4 – Эми, китептеги сөздү оңдоого келсек, бул сөздүн «مشاعر» деп колдонулушу, качан бизге анык эмес же күмөндүү болуп, өзгөртүү зарылдыгы ачык-айкын болуп калса, ошондо – инша Алла – оңдошубуз мүмкүн.

**Төртүнчү суроо:**

«Халифалык мамлекетинин жихазы» китебинде мындай деп келет: «Салим «Ямама» согушунда дүйнөдөн кайткандан кийин, анын мурасы Умар ибн Хаттабдын алдына алынып келди…».

Белгилүү болгондой, «Ямама» согушу халифа Абу Бакр заманында болгон. Китепте болсо, Умар ибн Хаттабдын Халифалыгында болгондугу айтылып жатат. Муну кандай байланыштырабыз?

1 – Ооба туура, «Халифалык мамлекетинин жихазы» китебинин ошол бетинде мындай делген:

«Шафиий «Умм»да келтирген жана Ибн Хажар сахих деген рыбаятта Абдулла ибн Вадиа мындай дейт: «Абу Хузайфанын мавласы (азат кылынган кулу) Салим биздин Салма бинт Яар деген аялдын мавласы болуп, аны жахилият доорунда назр кылып азат кылган эле. Ал «Ямама» согушунда дүйнөдөн кайткандан кийин, анын мурасы Умар ибн Хаттабдын алдына алынып келди. Ошондо ал Вадиа ибн Хузамды чакырып: «Мына бул – мавлаңардын мурасы, буга силер акылуусуңар» дегенде, Вадиа: «Эй амирул муъминин! Алла бизди Салимге муктаж кылбаган, аны сахибабыз назр кылып азат кылган, ушул себептен улам, анын бирер нерсесинен пайдаланмакчы эмеспиз», - деди. Ошондо Умар мурасты байтулмалга койду».

2 – Нусустан Абу Хузайфанын кызматкери Салимдин мурасы Умарга анын Халифалыгы убагында алынып келгени о.э. Салим, чындыгында, Абу Бакр заманындагы «Ямама» согушунда шейит болгону белгилүү.

3 – Мунун түшүндүрмөсү мындай: «Ямама» согушу муртаддар согушунун соңунда болгон. Бул жерде «Ямама» согушунун болуп өткөнүнүн тарыхында ихтилаф бар. Ибн Асир «Камил»де мындай дейт:

«Мусулмандардын ошол муртаддарга каршы согушунун тарыхы ихтилафтуу. Ибн Исхактын айтымында, Ямама, Яман жана Бахрейн фатх кылынды жана кошуундар он экинчи жылы Шамга жөнөтүлгөн. Абу Маъшар, Язид ибн Ияз ибн Жаъдаба жана Абу Убайда ибн Мухаммад ибн Аммар ибн Ясир мындай деди: «Бардык муртаддардын фатыхын он биринчи жылы Халид жана башкалар кылышкан. Бирок, Робиа ибн Жубайрдын иши он үчүнчү жылда болгон».

Көрүнүп тургандай, көбүрөөк божомол бул он үчүнчү жылда болуп өткөн Кошуундун Шамга жөнөтүлүшүнөн мурункуга туура келип жатат, демек, «Ямама» согушу он экинчи жылдын аягында же он үчүнчү жылдын башында болуп өткөн болушу мүмкүн. Бизге Умар Гнун Халифалыгы он үчүнчү жылдын жумадус-санийинде болгону белгилүү. Бул болсо, Абу Хузайфанын кызматкери Салимдин мурасынын эсеп-кысап кылынышы Абу Бакр Г дүйнөдөн кайтып, Умар Гга байъат кылынгандан кийин акырына жеткирилген. Ошондуктан, бул маселе Умар Гга туш кылынган.

**8-жумадул-аввал, 1431-х.**
**22-апрель, 2010-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан: Faisal Kazmiнин адамдын нав гарыйзасына карата көз карашы тууралындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Исламда ижтима түзүмү» деген китептин хижрий 1424, миладий 2004-жылдагы басылып чыгышынын 16-бетинде мындай сөздөр келген: «Нав гарыйзасынын болушунун максаты – адам тукумунун уланышы үчүн урпак калтыруу. Ошондуктан, адамдын бул гарыйзага болгон көз карашы анын жаратылышынан көздөлгөн максатка т.а. тукум улоого каратылышы зарыл. Мында эркек менен аялдын ортосунда айырма жок». Кийин 148-бетте мындай сөздөр келген: « Азл кылуучунун максаты кандай болушуна карабастан, максат бала көрбөө же азыраак балалуу болуу, же аялдын алсыз болгону себептүү кош бойлуулуктан кыйналбоосу үчүн, же турмушта ар дайым тал чыбыктай болуп жүрүшү үчүн, же мындан башка кандай максат кылынышына карабастан, эркек киши азл кылышы мүмкүн... Насилди азайтуу Расулуллах A көп балалуу болууга үндөгөн төмөнкү:

«تَنَاكَحُوا تَنَاسَلُوا تَكَثَّرُوا»

**«Никеленгиле, насил калтыргыла, көбөйгүлө»**, деген хадисине тескери келет деп айтылбайт, мындай дебеш керек. Анткени, азлга уруксат берүү насилди көбөйтүүгө кылынган үндөөгө тескери эмес. Булар башка өкүмдөр болуп, бири насилди көбөйтүүгө каратылган үгүт, экинчиси азлдын мубах экендиги».

Суроо төмөнкүдөй, рахат алууну максат кылуу же балалуу болбостук насил калтырууга т.а. гарыйзадан көздөлгөн максатка тескери болуп калууда. Ошондуктан, адамдын бул гарыйзага көз карашы адамда анын бар болушунан көздөлгөн максатка т.а. насилдин уланышына каратылышы зарыл деген сөзүбүз менен азл кылуучунун максаты кандай болушуна карабастан, азл бүтүндөй жаиз деген сөзүбүздү бири-бирине кантип ылайыкташтырууга болот? Башкача кылып айтканда, бирер адам гарыйзадан көздөлгөн максаттан жүз үйрүшү мүмкүнбү? Сизге Аллах Субханаху ва Таала ажр берсин!

Суроо берүүчү: Мухиббурросул Лахор-Пакистан

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Айта кетүүчү нерсе, сиз айткан сөздөр китептин жаңы басылышында башка беттерге туура келет.

Адамдын нав гарыйзасына болгон көз карашын анын бар болушунан көздөлгөн максатка каратуудан т.а. насилдин уланышына каратуудан максат, ошол гарыйзаны кандырууну жубайлык турмуштагы эркек менен аялдын ортосуна же эркек менен күңүнүн ортосуна чектөө болот. Себеби, жубайлык турмуш эркек киши менен аял киши ортосунда гана болот жана дал ушул жубайлык турмуш соо-саламат чөйрөнү пайда кылат, мындан көздөлгөн максат, насил жана урпактар пайда болушу о.э. алардын насилдери корголушу үчүн өздөрүнүн ата-энесинин алдында чоңоюшу. Гарыйзага болгон көз карашты ырахат алууга каратуу болсо андай эмес. Себеби, бул нерсе гарыйзаны адам каалаган жол менен кандырышы үчүн тизгинсиз коё берүүнү түшүндүрөт. Мисалы, эркек гарыйзасын эркек менен кандырышы, аял болсо аял менен кандырышы, адам айбан менен кандырышы же эркек никесиз көрүнүштө аял менен кандырышы... сыяктуу. Бүгүнкү күндө Батыш мамлекеттеринде кудум ушундай болуп жатат. Ал жерде батыштыктардын гарыйзага болгон көз караштары рахат алууга каратылып, алардын ортосунда жыныстык башаламандыктын бардык түрү, ошолордун катарында, жубайлар алмашуусу, зына, бузук иштер, айбандар менен жыныстык алака кылуулар... кеңири таркады.

Булардын бардыгында гарыйзадан көздөлгөн максатка т.а. соо-саламат чөйрөдө насилди улантууга амал кылынбайт. Назарды бүтүндөй рахат алууга каратпастык, тескерисинче, гарыйзадан көздөлгөн максатка т.а. соо-саламат чөйрөдө насилди улантууга каратуунун мааниси мына ушул.

Азл болсо башка маселе. Азл шаръий жактан ушул туура көз караш чөйрөсүнө кирет, себеби, ал жубайлык турмуш же күң менен боло турган турмуш алкагында болот. Азл, гарыйзадагы максат эмес, аялга жакындашуудагы максат, аялга жакындык кылуудан максат насил болбошу керек, себеби мисалы, кошбойлуу маалында аялга жакындык кылуудан балалуу болуу максат кылынбайт о.э. аялдын хайызы токтогон кезде да ага балалуу болуу максатында жакындык кылынбайт, төрөбөй турган кары аялга жакындык кылуу да ушул сыяктуу...

Булардын бардыгынын вакиъси балалуу болбостук жагынан азлга окшойт, ошондуктан азлдын жаиздиги туурасындагы сөз менен гарыйзага болгон көз караш адамда анын жаратылышынан көздөлгөн максатка т.а. насилдин уланышына каратылышы керек деген сөздүн ортосунда карама-каршылык жок, себеби, бул – мейли анда азл болсо да – жубайлыкта жүзөгө чыгат.

Бул бир жагынан. Экинчи жактан болсо, азлдын жаиздиги туурасында хадистер келген. Мисалы: Ибн Хиббан өзүнүн «Сахих»инде Жабир ибн Абдуллахтан риваят кылат: «Ансорийлерден бир киши Расулулла ρга келип айтты: «Менин бир күңүм бар. Мен ага кирип турам жана анын боюнда болуп калышын каалабайм», - деди. Ошондо Расулулла ρ:

«اِعْزِلْ عَنْهَا إِنْ شِئْتَ فَإِنَّهُ سَيَأْتِيهَا مَا قُدِّرَ لَهَا»

**«Эгер кааласаң азл кыл, анткени, ага тагдыр кылган нерсени төрөй берет»**, - деди.

Кийинчерээк ал киши дагы келип, күңү кошбойлуу болуп калганын айткан эле, Расулуллах A:

«مَا قَدَّرَ اللهُ نَسَمَةً تَخْرُجُ إِلاَّ هِيَ كَائِنَةٌ»

**«Аллах түйүлдүктү тагдыр кылган болсо, ал болуп калат»**, - деди.

Кыскасы, ушул эки беттин ортосунда карама-каршылык жок.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **22-робиус-саний, 1436-х.**

**11-февраль, 2015-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Абидуллах тарабынан берилген «далалаты катъий нусустарда ижтихад кылуу» жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

«Ислам түзүмү» китебинде мындай делет:

«Ошондуктан да, коомду сактоо үчүн зарыл болгон жогорку максаттар адам тарабынан белгиленбейт, балким, алар Алланын буйрук-кайтарууларынан турат. Алар туруктуу, эч качан өзгөрбөйт да өнүкпөйт. Адамзат насилин (нав) сактоо, акылды, адамдын кадыр-баркын (икром), адамдын дени-жанын (нафс), жеке менчик мүлктү, динди, коопсуздукту, мамлекетти коргоо – мына ушулар коомду сактай турган туруктуу жогорку максаттар. Алар өзгөрбөйт да, өнүкпөйт».

Бул жерде «өзгөрбөйт да, өнүкпөйт» деп келди. Бирок, дастурда айрым нусустарга өзгөртүү киргизүү үчүн ижтихаддар болбогонбу? Ушуну түшүндүрүп берсеңиз, Аллах сизге береке жана жардам берсин.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Боордош, нусустардын субуту жана далалаты катъий болсо алар жөнүндө ижтихад кылынбайт. Т.а. аят жана мутаватир хадис сыяктуу субуту катъий болсо о.э. лугат илими менен Куръан жана Сүннөт бөлүктөрүнө ылайык далалаты катъий болсо, алар үстүндө ижтихад кылынбайт. Далалаты зонний болгондо гана нусустар үстүндө ижтихад кылынат, мындай нусустардын субуту катъий же зонний болушунун айырмасы жок. Усул жана фикх илиминде көрсөтүлгөндөй, эгер, нусустун далалаты зонний болсо, анын үстүндө ижтихад кылынат.

Китепте айтылган нерселер коомду сактоочу жогору максаттар болуп, алардын субуту да, далалаты да катъий. Ошондуктан, алардын өкүмү ижтихад менен өзгөрбөйт. Себеби, бул жерде ижтихадга орун жок, бул жааттагы нусустар катъий, катъий нусустарда ижтихад кылынбайт.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **7-жумадус-саний, 1435-х.**

**7-апрель, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (пикирий):

## أحمد فؤاد فؤاد .أнын мамлекеттер ортосундагы күрөштүн себептери туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Бисмиллахир Рохманир Рохим.

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Саясий түшүнүктөр» китебинин 54-бетинде биринчи абзацтын биринчи катарында «мамлекеттер ортосундагы күрөштүн себептери» темасында: «Тарых таңы аткандан баштап, кыямат күнүнө чейин мамлекеттер ортосунда эки себептин негизинде гана күрөш чыгат. Бири – өкүмдарлык жана менменсинүүгө болгон сүйүү, экинчиси – материалдык пайдалар артынан кууш», - деп келген. Андан кийин ошол беттин өзүндө эле «мамлекеттердин ортосундагы күрөш себептеринин эң коркунучтуусу – түрдүү көрүнүштөрдөгү колонизаторлук себеби» деп келген. Суроо: Биринчи сүйлөмдө «мамлекеттер ортосундагы күрөш себептери ... эки түрдүү болуудан нары өтпөйт» деп себептер экөөнө гана, үчүнчүсү болбостугуна чектелген. Бирок, кийинки сүйлөмдө болсо үчүнчү себеп т.а. колонизаторлук себеби айтылган. Суроону башкача жол менен айта турган болсом, мамлекеттер ортосундагы күрөштүн себеби экөөбү же үчөөбү? Анткени, эки сүйлөмдү окуган адам алардын бири-бирине карама-каршы экендигин көрөт, алардын ортосун кантип ылайыкташтырууга болот? Анткени, эгерде күрөштүн себептери экөө боло турган болсо, анда эмне үчүн үчүнчү себеп т.а. колонизаторлук айтылды?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

«Саясий түшүнүктөр» китебиндеги «Тарых таңы аткандан баштап, кыямат күнүнө чейин мамлекеттер ортосунда эки себептин негизинде гана күрөш чыгат. Бири – өкүмдарлык жана менменсинүүгө болгон сүйүү, экинчиси – материалдык пайдалар артынан кууш» деп келген сүйлөм менен «мамлекеттердин ортосундагы күрөш себептеринин эң коркунучтуусу – түрдүү көрүнүштөрдөгү колонизаторлук себеби» деп айтылган сүйлөм ортосунда карама-каршылык жок. Себеби, колонизаторлук себеби материалдык пайдалар артынан кууш себеби түркүмүнө кирет. Колонизаторлук капиталисттик мабданын кызыкчылык эсептелген өлчөө аркылуу пайдага жетишүүдөгү тарыйкаты болуп эсептелет. Бул болсо, колонизаторлук өзүнөн алыдыңкы себепке т.а. материалдык пайдалардын артынан чуркоо себебине кайтышын, биринчи сүйлөмдө айтылган эки себептен башка жаңы бир себепке кайтпастыгын түшүндүрөт. Эгерде көңүл коюп карасаңыз, биринчи сүйлөмдө дагы бир себеп бар деп күмөн кылына турган башка бир себеп айтылгандыгын, бирок, бул сүйлөм аны өкүмдарлык жана менменсинүүгө болгон сүйүү себебине кайтарганынын күбөсү болосуз. Ошол бетте дагы мындай сүйлөм да келген:

«Эми башка бир мамлекет күчүнүн өсүшүн чектеп коюу себебине токтолобуз. Мисалы, Наполеонго, Ислам мамлекетине, Германия нацизмине каршы ушундай кылынган эле. Бул себеп өкүмдарлык сүйүүсү себебинин бир көрүнүшү. Анткени, ал башкалар өкүмдарлыгына каршы туруу».

Демек, башка бир мамлекет күчүнүн өсүшүн чектеп коюу жогорудагы эки себеп тышкарысындагы өз алдынча бир себеп болуп эсептелбегендей эле, колонизаторлук да материалдык пайдалар артынан кууш түркүмүнө кирип, жогорудагы эки себептин тышкарысындагы өз алдынча бир себеп

болуп эсептелбейт. Анткени, бул эки себеп негизги себеп болуп, алардан тышкары эч кандай үчүнчү себеп жок.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **17-мухаррам, 1436-х.**

**10-ноябрь, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (пикирий):

## ابو عبدالله خلفтын дубадагы маддий таасир туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, урматтуу шайх! Дубай саламдан кийин, менин дуба маселесинде адашкан нерсемди табышыма жардам берсеңиз деген элем. Курани Каримде Аллах дуба кылган кишинин дубасын ижабат кылуучу экендиги айтылган. Сүннөт да бизге дуба тез арада же келечекте, же болбосо бул дүйнө жана акыретте эң жакшы нерсе менен мустажаб болушун баяндаган. Хизб «Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү» китебинде дуба рухий кыйматты жүзөгө чыгарышы, бирок, анын таасири жана натыйжалары т.а. сооп хис кылынбастыгын баяндаган. Суроом, канткенде дубанын таасирлерин соопко гана чектөөгө болот, Аллах дубаны бул дүйнөдө да ижабат кылышы мүмкүн го? Сизге Аллах береке берсин!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Менин оюмча, сиз «мафохим» китебинин 57 жана 58-бетинде келген сөздөргө ишара кылып жаткан жана бул маселени түшүнө албаган окшойсуз. Маселе төмөнкүдөй:

Эки бетте дуба жөнүндө жана анын хис кылынбай турган натыйжаны т.а. соопту жүзөгө чыгарышы туурасында келген сөздөр белгилүү бир абалдагы мааниде келген. Т.а. шаръий нусустар бирер маселени аткаруу тарыйкатын баян кылган болсо да, бирок, биз бул тарыйкатка амал кылбай, тескерисинче, дуба кылуу менен эле чектелип калган абал маанисинде келген. Китепте бирер калааны фатх кылууда же душманга каршы согушууда жихад менен дуба кылуу мисал келтирилген.

Мындан башка абалда болсо дубадан хис кылына турган натыйжа келип чыгат, инша Аллах. Буга кошумча, сурооңузда келген Расулуллах Адын хадистерине ылайык, сооп да ишке ашат.

Бул иш айкын болушу үчүн мафохимдин 57 жана 58-беттеринде келген текстти да келтирмекчимин:

1 – 57-беттин башында мындай келет: «Тарыйкатка тиешелүү шаръий өкүмдөр далалат кылган бул амалдарга көңүл буруп караган адам алар хис кылынбай турган натыйжаны жүзөгө чыгара турган амалдар эмес, тескерисинче хис кылына турган натыйжаларды жүзөгө чыгара турган маддий амалдар экендигин көрөт».

Бул туура, себеби далилдер үйрөнүлсө, тарыйкатка байланыштуу амалдар хис кылына турган натыйжаларды чындыгында эле жүзөгө чыгарышы белгилүү болот.

2 – Кийин китепте чеп же шаарды фатх кылуу же душманды өлтүрүү абалында дуба менен жихаддын ортосу биригиши керектиги айтылып, дуба кылуунун өзү тарыйкат эместиги, тескерисинче, мындай абалда тарыйкат жихад болуп, бул нерсе бир катар далилдерге негизделгени баян кылынган.

Мафохимде мындай келет: «Мисалы, дуба рухий кыйматты жүзөгө чыгара турган амал. Жихад да рухий кыйматты жүзөгө чыгара турган маддий амал. Бирок, дуба маддий амал болсо да, хис кылынбай турган натыйжа т.а. соопту жүзөгө чыгарат, мейли дуба кылуучунун максаты рухий кыйматты жүзөгө чыгаруу болсо да».

Бул жерде душмандарга каршы согушуп жатып же бирер калааны фатх кылып жатып албетте дуба да, жихад да бирге болушу айтылууда.

Качан дубанын өзүнө гана амал кылынса, хис кылынбай турган натыйжа т.а. сооп жүзөгө чыгат. Анткени, бул абалда келген тарыйкат дуба эмес, жихад болот, анткени, бул жердеги маселе, бирер маселеде баян кылынган тарыйкатка амал кылбастан дубанын өзүнө амал кылынса, албетте экөөнүн ортосун бириктирүү керектиги маселеси болуп эсептелет.

Ошондуктан, хис кылына турган натыйжаларда таасири болбогон дубаны бул абалда жалпылаштыруу жаиз болбойт. Анткени, бул абалдагы дуба соопту гана жүзөгө чыгара турган дуба. Анткени, алдыңкы текстте келген нерсе Шариятта өзүнүн амалий тарыйкаты келген го, бирок, ал алынбай анын ордуна дуба гана алынып аны менен эле чектелип калган, натыйжада дубанын хис кылынбай турган натыйжасы т.а. сооп гана болгон маселеге тиешелүү.

Менин оюмча, сизге жогоруда мисал катары келтирилген сүйлөмдүн өзү түшүнүксүз болгон окшойт, анткени, анда «Бирок дуба маддий амал болсо да, хис кылынбай турган натыйжаны т.а. соопту жүзөгө чыгарат» деп келген жана муну менен ошол сүйлөмдөн умумий болсо керек деген күмөн келип чыккан, башкача айтканда, дуба бардык абалдарда хис кылына турган натыйжаны гана т.а. соопту жүзөгө чыгара турган болуп калган. Акыйкатта болсо, бул мисалдын агымы белгилүү бир абалга тиешелүү болуп, бирер калааны фатх кылууда же душманды жеңүүдө жалаң гана дуба кылып, нусуста келген тарыйкатка т.а. жихадга амал кылбастык жөнүндөгү мисал.

3 – Эми, себептерге амал кылган абалда дуба кылууга келсек, албетте анын натыйжаларга таасири бар. Бул Расулуллах A жана сахаба Гларда ушундай болгон. Анткени, Расулуллах A жихадга кошуун даярдайт эле жана чатырга кирип дуба кылат болчу. Кодисия согушунда мусулмандар да Нахрга бастырып киргени даярдык көрүшкөн, Саъд Г Аллахка жүздөнүп дуба кылган. Ушундай көрүнүштө садик-чынчыл момундар оболу даярдык көрүшүп, андан кийин дубага киришет эле. Ырыскы издеп аракет кылган адам да дуба кылган абалда эмгектенет жана машакат тартат, илим алуучу да Аллах Субханахудан ийгилик тилеген абалда билим алат жана аракет кылат, булардын натыйжасы Аллахтын уруксаты менен ишке ашат.

Мафохимде мындай деп келген: «Бирок ушул нерсе белгилүү болушу керек, мейли тарыйкатка далалат кылган амал хис кылына турган натыйжага ээ болгон маддий амал болсо да, бул амал Аллахтын амру нахийлери негизинде жүргүзүлүшү жана аны Аллахтын амру нахийлери негизинде жүргүзүүдөн Аллахтын ыраазылыгы көздөлүшү керек. О.э. мусулмандын зээнинде Аллах Таалага байланыштуулукту сезүү өкүмдар болушу зарыл. Анткени мунун менен ал Аллахка Куран тилават кылуу, намаз окуу, дуба кылуу жана ушул сыяктуу амалдар менен жакын болсун. Мусулман «жеңиш Аллах тарабынан келет» деп ишениши керек. Ал үчүн жүрөктөрдө Аллахтын өкүмдөрүн аткаруу үчүн

бекем орношкон таква болушу зарыл. Ошону менен бирге дуба кылуу, Аллахты зикир кылуу зарыл жана бардык амалдарды аткаруу маалында Аллах менен туруктуу көрүнүштө байланышуу да зарыл». Мындан көрүнүп тургандай, момундун бардык амалдарында дуба менен себептерге амал кылуу барабар алып барылышы маанилүү. Анткени, «لا بد зарыл», деген сөз менен ушул маанилүүлүк ого бетер күчөп, бардык амалдар дуба менен бирге болушу жана Аллахка үзгүлтүксүз байланышуусу өтө маанилүү экендигине далалат кылууда.

4 – Жогоруда айтканыбыздай, Расулуллах A менен сахаба Γлар кылып келгендей, дубага качан себептер менен биргеликте амал кылынса, экөөнөн албетте хис кылына турган натыйжа келип чыгат, инша Аллах. Экөөнү бирге иштетүү Ислам тарыйкатына тескери эмес, тескерисинче, исламий мафкураны ишке ашыруу үчүн нусустарда баян кылынган тарыйкатты таштап, жалаң гана дуба кылуу менен чектелүүнүн өзү Ислам тарыйкатына тескери келет.

Мафохимде 57-беттин аягы, 58-беттин башында мындай деп келген:

«Ошондуктан, Ислам фикратын аткаруу көздөлө турган бардык амалдар хис кылынбай турган натыйжаны жүзөгө чыгара турган амалдардан турган болушу бүтүндөй четке кагылат жана бул Ислам тарыйкатына тескери болуп эсептелет».

Т.а. Ислам фикратын аткаруу көздөлө турган бардык амалдар хис кылынбай турган натыйжаны жүзөгө чыгара турган амалдардан турган болушу Ислам тарыйкатына тескери дегени. Бирок, амалдардын айрымдары хис кылынбай турган натыйжаларды (белгилүү бир абалдарда дуба кылууну) жүзөгө чыгарышы, кээ бирлери болсо хис кылына турган натыйжаларды (маддий даярдыкты) жүзөгө чыгарышы шариятыбызда белгилүү нерсе болуп, өтө эле маанилүү болуп эсептелет, Ислам тарыйкатына тескери болуп эсептелбейт.

**5 – Ошентип, Мафохимде дуба жөнүндө айтылган текст эки абалда болот:**

Биринчи: фикратты ишке ашырууда жалгыз дубанын өзү келиши фикратты ишке ашыруу тарыйкатынан эмес, тескерисинче, нусустар аны ишке ашыруу үчүн башка тарыйкатты келтирген. Мисалы, согушка кошуун даярдабастан, жалаң гана дуба кылуу менен чектелип, бирер калааны фатх кылуу үчүн душманга каршы согушуу абалы. Мындай абалда дубадан хис кылынбай турган натыйжадан т.а. сооптон башка нерсе жүзөгө чыкпайт.

Экинчи: Дуба менен бирге себептерге да амал кылуу. Бул өтө зарыл иш болуп, мындай абалда эки иш т.а. дуба менен себептерге амал кылуу катышып, хис кылына турган натыйжалар келип чыгат, инша Аллах.

Мафохимде башка абалдарда дуба туурасында айтылбаган, тескерисинче, имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында риваят кылган төмөнкү умумий хадис өз ичине алган нерсе келген:

**«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يَدْعُو بِدَعْوَةٍ لَيْسَ فِيهَا إِثْمٌ، وَلَا قَطِيعَةُ رَحِمٍ، إِلَّا أَعْطَاهُ اللَّهُ بِهَا إِحْدَى ثَلَاثٍ: إِمَّا أَنْ تُعَجَّلَ لَهُ دَعْوَتُهُ، وَإِمَّا أَنْ يَدَّخِرَهَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ، وَإِمَّا أَنْ يَصْرِفَ عَنْهُ مِنَ السُّوءِ مِثْلَهَا** قَالُوا: إِذًا نُكْثِرُ، قَالَ: **اللَّهُ أَكْثَرُ**، أي يستجيب الله سبحانه للداعي بإحدى ثلاث، ومن بينها إِمَّا أَنْ تُعَجَّلَ لَهُ دَعْوَتُهُ»

**«Кайсы бир мусулман бир дуба кылса, дубасында күнөө жана тууганчылыкты үзүү болбосо, Аллах ага ушул дубасынын акысына үч нерсенин бирин берет: же дубасын тез арада жүзөгө чыгарат, же ушул дубаны анын акыретине алып коёт, же ушул дубачалык жамандыкты андан буруп жиберет.** Сахабалар: Анда дубаны көбөйтөбүз, - деп айтышты. Пайгамбар A: **Аллах көбөйтсүн**, - деп айтты**».** Т.а. Аллах Субханаху дуба кылуучунун дубасына үч нерсенин бирин берет. Алардын арасында «**же дубасын тез арада жүзөгө чыгарат»** деп айтылган сөз бар. Бул болсо, хис кылына турган натыйжа.

6 – Ушуга ылайык, демек, Мафохимде айтылган абалдан башка т.а. дубада хис кылуу мүмкүн болгон натыйжалар бар болсо, жогорудагы хадисте «**же дубасын тез арада жүзөгө чыгарат»**

деп айтылгандай хис кылына турган натыйжа да бар. Чындыгында, Аллах музтар-начар адам качан дуба кылса, аны ижабат кылышы туурасында Өз аяттарында пенделерине ырайым көрсөттү жана бул ижабат кылууну Өзүнөн башка кудай жоктугуна хужжат-далил даражасына алып чыкты. Булардын бардыгынан ачык көрүнүп тургандай, музтар-начар адамдын дубасын ушул дүйнөдө ижабат кылат, анткени, аяттагы «مُضطر начар» калимасы муктаж болгон нерсени ушул дүйнөдө сураш керектигин түшүндүрө турган муфхам васф болуп эсептелет. Демек, ижабат Аллахтын уруксаты менен хис кылына турган болот... Аллах Субханаху мындай дейт:

أَمَّنْ يُجِيبُ الْمُضْطَرَّ إِذَا دَعَاهُ وَيَكْشِفُ السُّوءَ وَيَجْعَلُكُمْ خُلَفَاءَ الْأَرْضِ أَإِلَٰهٌ مَعَ اللَّهِ قَلِيلًا مَا تَذَكَّرُونَ

***«Же** (Аллахтан башка) **ким музтар-начар адам дуба кылган убакта ижабат кылып, анын мүшкүлүн жеңил кылат о.э. силерди жердин халифасына айландырат?! Аллах менен бирге дагы башка кудай барбы? Силер кемден-кем эскертме-үлгү аласыңар!»***[27:62]

Аллах Субханаху бизди дуба кылууга буйруду жана аны ижабат кылууга убада берди:

﴿وَقَالَ رَبُّكُمُ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ﴾

***«Роббиңер: Мага дуба кылып сурагыла, Мен силердин** (дубаңарды) **силерге ижабат кыламын, - деди»*** [40:60]

Расулуллах A үч нерсенин бирин берет деп ушул ижабатты тафсирледи жана бул абалдардын бири хис кылына турган натыйжа болуп эсептелет. Натыйжалардын хис кылына турган же хис кылынбай турган көрүнүштө жүзөгө чыгышы Аллахтын уруксаты менен болот.

**Тыянак:**

- **Мафохимде келген тексттин түшүндүрмөсү төмөнкүдөй:**

а) Тарыйкат хис кылына турган натыйжаларды жүзөгө чыгаруучу амалдар;

б) Бирер калааны фатх кылуу же душманга каршы согушуу темасындагы жихад менен, дуба кылуу менен гана чектелүүнүн ортосун салыштыруу маселесине келсек, мында дуба хис кылына турган натыйжага алып барбайт, тескерисинче, соопту гана жүзөгө чыгарат. Анткени, анын бир өзү гана калааны фатх кылуу же душманга каршы согушуу тарыйкатынан эмес.

в) Ислам фикратын ишке ашыруу көздөлгөн амалдардын бардыгы хис кылынбай турган натыйжаларга алып баруучу амалдар болушу дурус эмес. Хис кылына турган жана хис кылынбай турган натыйжаларды жүзөгө чыгара турган амалдар өз ара аралашкан болушу мүмкүн. Кудум, Аллах Субханахуга нусрат сурап дуба кылуу менен бирге согушка кошуун даярдоо сыяктуу.

г) Мусулман тарыйкат амалдарын аткарып жатканда дуба кылуусу өтө зарыл. Расулуллах A да, сахаба Γлар да ушундай кылышкан.

- Мафохимде соопко гана алып бара турган дубаны кылуу т.а. калааны фатх кылуу сыяктуу бирер маселеде дубадан гана пайдалануу, тарыйкатка болсо амал кылбастык абалы туурасында мына ушулар келген. Анткени, тарыйкатты т.а. жихад кылууну шаръий нусустар баян кылган.

Эми дубанын башка абалдарына келсек, бул Расулуллахтын жогорудагы умумий хадистерине туура келет:

**«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يَدْعُو بِدَعْوَةٍ لَيْسَ فِيهَا إِثْمٌ، وَلَا قَطِيعَةُ رَحِمٍ، إِلَّا أَعْطَاهُ اللَّهُ بِهَا إِحْدَى ثَلَاثٍ: إِمَّا أَنْ تُعَجَّلَ لَهُ دَعْوَتُهُ، وَإِمَّا أَنْ يَدَّخِرَهَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ، وَإِمَّا أَنْ يَصْرِفَ عَنْهُ مِنَ السُّوءِ مِثْلَهَا** قَالُوا: إِذًا نُكْثِرُ، قَالَ: **اللَّهُ أَكْثَرُ»**

**«Кайсы бир мусулман бир дуба кылса, дубасында күнөө жана тууганчылыкты үзүү болбосо, Аллах ага ушул дубасынын акысына үч нерсенин бирин берет: же дубасын тез арада жүзөгө чыгарат, же ушул дубаны анын акыретине алып коёт, же ушул**

**дубачалык жамандыкты андан буруп жиберет.** Сахабалар: Анда дубаны көбөйтөбүз, - деп айтышты. Пайгамбар A: **Аллах көбөйтсүн**, - деди**».** Ахмад өзүнүн муснадында келтирген.

Ушул хадистен белгилүү болгондой, Аллах Субханаху дуба кылуучунун муктаждыгын т.а. хис кылына турган натыйжаны кээде бул дүйнөдө жүзөгө чыгарат экен, кээде ошол дубачалык өлчөмдө жамандыкты андан буруп жиберет экен, же болбосо, хис кылынбай турган натыйжасын т.а. соопту акыретке алып коёт экен.

Аллах Субханаху ва Таала улуу фазл ээси болуп, Рахман жана Рохим. Ал Зат дубаны бул дүйнөдө ижабат кылса да, акыретке да сообун алып коюу менен пендесине сый көрсөттү. Аллах Роббул ааламинге хамду сана болсун.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **1-мухаррам, 1436-х.**

**25-октябрь, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолору жоопторунан (пикирий):

## Малик Мурад (مالك مراد)дын «Исламий мамлекетти тикелөө үчүн аракет кылуу араб мамлекеттерине гана чектелгенби» деген суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух!

Урматтуу амирибиз, Аллахтан сураймын, сизге тавфик берип, Өзүнүн уруксаты менен, сиздин колуңуз менен бизге тезирээк нусрат берсин, анткени Аллах ушул иштин Ээси....

«Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү» китебинин 79-бетинде мындай деп келген:

«Ислам даъватын жаюу жана бул жолдо саясий күрөш алып баруу Хизб өзүнө мажол (иш-аракет майданы) кылып белгилеген коомдо болот. Хизбут-Тахрир бүтүндөй Ислам дүйнөсүндөгү коомду бир коом деп этибар кылат. Анткени, анын бардык маселеси бир т.а. Ислам маселеси болуп эсептелет. Бирок, Хизб исламий өлкөлөрдүн бир бөлүгү катары араб өлкөлөрүн башталыш чекити кылып белгилейт. Хизб улуу Исламий мамлекеттин өзөгү катары араб өлкөлөрүндө Исламий мамлекеттин пайда болушун бул жолдогу табигый кадам деп билет».

О.э. «Хизбий уюшуу» китебинде да төмөнкүдөй сөздөр келген:

«Ушуга ылайык, бардык Ислам өлкөлөрүн өз ичине ала турган Исламий мамлекеттин негизи болуучу Исламий мамлекет араб өлкөлөрүндө пайда болушу табигый. Араб өлкөлөрүндө Исламга

даъват кылуу шарт болгону сыяктуу эле, башка исламий өлкөлөргө да даъват жиберилиши шарт. Иш-аракетти араб өлкөлөрүндө баштоо дегени исламий өлкөлөрдүн бардыгын Исламий мамлекетте бириктирмейинче араб өлкөлөрүнөн башка жерде иш-аракет жүргүзүлбөйт дегени эмес. Араб өлкөлөрүндө Исламий мамлекетти тикелөө үчүн иш алып барылат, андан кийин бул мамлекет кошуна өлкөлөргө – алар араб өлкөлөрү же башка өлкөлөр болушуна карабастан – кеңейип барат».

Ушул сүйлөмдөр биз Халифалык мамлекетин тикелөө үчүн аракет кылышыбызда болжолдонгон мамлекет араб мамлекеттери гана болушун, калган араб эмес мамлекеттерде болсо Ислам мамлекетин тикелөөдөн башка максатта аракет кылышыбызды түшүндүрөбү? Айрыкча, Аллахтын уруксаты менен, жакындап келе жаткан Исламий мамлекеттин негизи оболу араб мамлекеттеринде болуп, андан кийин башка исламий өлкөлөргө таркалышы да айтылган.

Мага ушул нерсе караңгы болуп калгандыктан, сизден негизинен ушул сүйлөмдөн эмне көздөлгөндүгүн ачыктап бересиз деп үмүттөнөмүн. Сизге Аллах береке берип, сиз аркылуу жана сиздин колуңуз менен фатхтарды берсин!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух!

«Түшүнүктөр» жана «Уюшуу» китебинде келтирилген бул эки сүйлөмдө тең «мамлекет тикелөө үчүн аракет кылуу араб мамлекеттерине чектелген» деген нерсе түшүнүлбөйт. Анткени, эки сүйлөмдө тең бул табигый нерсе экендиги гана айтылган. Бул жерде мындай, түпкүлүгүндө, Ислам мамлекети араб мамлекеттеринде болушу керек, башкасында болбошу керек. Анткени, араб тили Ислам тили болуп, ал Исламды түшүнүү жана ижтихад кылуу үчүн зарыл. Ошол себептен улам, ушул мамлекет араб тилинде сүйлөшүүчү араб мамлекеттеринде тикеленгени жакшы жана туура болот. Бирок, кээде бул нерсе жүзөгө чыкпай калып, мамлекет араб эмес мамлекеттерде тикеленет. Анткени, бардык исламий дүйнө Халифалык мамлекети тикеленүүгө жарактуу, мейли араб мамлекеттери андан да жарактуураак болсо да. Хизб мамлекет тикелөө үчүн ишмердүүлүгүн араб мамлекеттерине гана чектебейт, тескерисинче, ошол максатын көздөй араб эмес мамлекеттерде да аракет кылат.

Бирок, Хизб араб мамлекеттеринде түзүлдү жана ошол жерде иш-аракет баштады, башталууда мажол араб мамлекеттери болду, анткени, Хизб ошол жерде бар эле жана ошол жерде иш-аракет алып барат эле. Кийинчерээк даъват араб мамлекеттеринин тышкарысына кеңейип, Хизб чет өлкөдө да таасирге ээ болгондон кийин, өз мажолун да кеңейтти жана арабий болушуна, же арабий болбошуна карабастан, исламий өлкөлөрдө Халифалык тикелөө үчүн аракет кыла турган болду. Ошондуктан, эгерде ушул табигый нерсе жүзөгө чыгып, Халифалык мамлекети араб мамлекеттеринде тикеленсе Аллахка хамд (алкыш-мактоо) айтабыз, ал эми башка исламий өлкөлөрдө тикеленсе, буга да Аллахка хамд айтабыз!

﴿وَرَبُّكَ يَخْلُقُ مَا يَشَاءُ وَيَخْتَارُ﴾

***«Роббиң Өзү каалаган нерсени жаратат жана ыктыяр кылат»*** [28:68]

Аллахтын өзү жардамчы.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **20-зул-хижжа, 1435-х.**

**14-октябрь, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (пикирий):

## Dhuha Ghufrondун хис кылуу мантыкы жана пикирий хис кылуу мааниси туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, фазилаттуу аалым, шайхыбыз, амир Ато ибн Халил Абу Рошта, менде «Хизбий уюшуу» китеби боюнча бир суроо бар. Себеби китепте «ал тургай, ал калыс болбоону каалаlarsa да, буга кудуреттүү боло албайт» деген сүйлөмдө «калыс» сөзү келген. Бул кандай маанини түшүндүрөт? «Хис кылуу мантыкы (сезүү логикасы)» жана «пикирий хис кылуу (пикирий сезүү)» сөздөрүнүн маанисин айкындаштырып беришиңизди да өтүнөмүн.

Көптөгөн ыраазылык билдиремин, Аллах сизди – сиздин дооруңузда Халифалык болуп жана сиз имам болуп – жакшылык менен сыйласын, аамин.

Индонезиядан Мухаммад Зухо, вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Сиз бул суроoңуз менен «Хизбий уюшуу» китебинин 25-26 беттеринен алынган төмөнкү текстти назарда тутуп жаткан окшойсуз: «Мунун себеби, хизбдеги пикирге алып бара турган хис кылуу (сезүү) бул пикирди Үммөт ичинде бир нече пикирлер арасында көрсөтөт. Натыйжада, бул пикир ошол пикирлердин бирине айланат. Алгач ал пикирлердин эң алсызы болот. Себеби, ал эми гана жүзөгө келип, али орношкону жок жана ал үчүн чөйрө да жок. Бирок, ал хис кылуу мантыкынын натыйжасындагы пикир болгону үчүн т.а. хис кылуу аркылуу идирек кылуудан пайда болгон түшүнүү болгону үчүн, пикирий хис кылууну жүзөгө келтирет. Т.а терең пикир натыйжасындагы ачык-айкын хис кылууну пайда кылат. Табигый, бул пикир аны өзүндө камтыган кишини тазалап, калыс кишиге айландырат. Ал тургай, ал калыс болбоону кааласа да, буга кудуреттүү боло албайт ».

Ошондуктан, сиздин хис кылуу мантыкы жана пикирий хис кылуу мааниси туурасындагы суроoңуз: Эмне үчүн бул пикир өзүнө ээ болгон кишини калыс кишиге айландырып коёт? - деген суроо болот.

Суроoңуздун көбүрөөк бөлүгүнүн жообу «Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү» китебинде бар. Себеби, анда хис кылуу мантыкы жана пикирий хис кылуу мааниси баяндалган. Түшүнүктөр китебинин 58-59 беттеринде төмөнкүлөр келген:

«Ишти пикирден, же белгилүү бир максаттан, же ыймандан ажыратуу таптакыр мүмкүн эмес. Себеби, бул ажыратууда – ал канчалык аз болбосун – иштин өзүнө, иштин натыйжасына жана анын үзгүлтүксүздүгүнө коркунуч бар. Ошол себептен улам, ишке киришип жаткан ар бир адамга аны баштоо үчүн белгилүү бир максат түшүнүктүү жана айкын болушу керек. Хиссий мантик (хис кылуу логикасы) негиз болушу керек т.а. түшүнүү жана пикир жүргүзүү кыялый маселелер жөнүндөгү куру кыялдардан эмес, балким, хис кылуудан келип чыгышы керек жана вакиъни хис кылуу мээге таасир этип, сабик маалыматтар менен бирге мээнин аракетин б.а. пикирди пайда кылышы зарыл. Терең пикирлөөнү жана натыйжалуу ишти жүзөгө келтире турган ыкма ушул. Хис кылуу мантыкы пикирий хис кылууга т.а. адамдагы пикир күчөтө турган хис кылууга алып барат. Ошондуктан, даъватты алып

баруучулардын хис кылуусу, даъватты терең түшүнгөндөрүнөн кийин, мурдагы хис кылууларына караганда күчтүү болот».

Хис кылуу мантыкы (сезүү логикасы) адам пикирди анын тууралыгына бекем ишеним пайда кылбай туруп алуу жана үгүттөө-уктуруу жолу менен эмес, тескерисинче, вакиъни түздөн-түз хис кылышы жана ал менен таанышуудан кийин алышы маанисин түшүндүрөт. Хис кылуу мантыкы мына ушул. Кыялый маселелерге тиешелүү элестетүүлөр аркылуу андай болбошу табигый. Себеби, хис кылуу мантыкы түздөн-түз хис кылуу негизинде пикир жүргүзүү маанисин түшүндүрөт. Ошондуктан, хис кылуу мантыкы башкасына караганда күчтүүрөөк жана бекемирээк болуп эсептелет. Себеби, ал түздөн-түз хис менен байланышкан. Мисалы, адамдын Африка башынан өткөрүп жаткан төмөндүк жана калактык (аркада калгандык) көлөмүн алган маалыматтары аркылуу идирек кылуусу, бул төмөндүк жана калактыктын канчалык көлөмдө экенин Африкага өзү барып ал жердеги вакиъ менен түздөн-түз таанышкан жана ошол таанышуу аркылуу Африканын үстүнөн калак жана төмөн деп өкүм чыгарууга жеткен кезиндеги идирек кылышынан өтө чоң даражада айырмаланат.

Пикирий хис кылуу болсо куру хис кылуунун тескериси болуп эсептелет. Куру хис кылуу – бул вакиъни адамда бул вакиъге тиешелүү бирер пикир болбостон хис кылуу т.а. пикирсиз хис кылуу болуп эсептелет. Эми эгерде адамда пикир бар болсо жана ал вакиъни мына ушул пикир пайда болгондон кийин хис кылса анын вакиъни хис кылышы жана вакиъни түшүнүшү, эч күмөнсүз, куру хис кылышына т.а. вакиъни пикир пайда болушунан мурда хис кылышына караганда күчтүүрөөк жана анығыраак болот. Ошондуктан, вакиъге тиешелүү пикир пайда болгондон кийин хис кылуу пайда болушу «пикирий хис кылуу» деп аталат. Мисалы, адамдын Африка вакиъсин – төмөндүктүн маанисин билгенден кийин жана төмөндүк менен ойгонуунун ортосундагы айырманы идирек кылгандан кийин – хис кылышы, Африка вакиъсин төмөндүк жана ойгонуу маанисин пикирий билишинен мурда хис кылышына караганда күчтүүрөөк болот. Адамдын кафир Батыштын Африканы ушунчалык эзип, анын байлыктарын талап-тоноп кетип жатканын хис кылышы, мына ошол мамлекеттердин Африкага карата жүргүзүп жаткан саясаттарын пикирий билгенден кийин муну билишинен мурунку бул талап-тоноочулук жана эзүүнү хис кылышына караганда күчтүүрөөк болот. Ошондуктан, демек Африкадагы Хизбут-Тахрир мүчөлөрү ал жердеги коомдун төмөндүгүн жана өз мамлекеттеринин ушунчалык талап-тонолуп, эзилип жатканын башка адамдарга караганда көбүрөөк хис кылышат. Себеби, алар төмөндүктүн маанисин идирек кылышкан жана өздөрүнүн мамлекеттерине каршы колонизатор мамлекеттер жүргүзүп жаткан саясаттан да жакшы кабардар о.э. бул мамлекеттердин ач көздүгүн да жакшы билишет. Башкалардын болсо муну хис кылышы алсыз болот, кээ бирөөлөр буга көңүл да бурушпайт.

Ошондуктан, мабдаий хизб жетише турган түптөн өзгөрүү пикири туура, соо-саламат натыйжаларга алып баруучу хис кылуу мантыкы аркылуу болот жана андан пикирий хис кылуу пайда болот. Бул пикирий хис кылуу өзүнө ээ болгон кишини вакиъни көрө турган жана аны туура, чыныгы көрүнүштө хис кыла турган кылып коёт. Ошондуктан, демек бул пикир, эч күмөнсүз, өз ээсинде туура түшүнүктөрдү пайда кылат жана адам назарий маалыматтар чегарасында гана токтоп калбай турган болот. Себеби, бул пикирге ээ болгон адам иштердин акыйкатын идирек кылат, натыйжада өзү ээ болгон пикир сыяктуу туура, калыс болуудан башка айласы калбайт. Себеби, ал «вакиълик өзүм көрүп турган нерсенин тескериси» деп өзүн-өзү алдай албайт. Тескерисинче, ал вакиъни анын бар болгон акыйкаты менен көрөт жана чыныгы чечимди да билет. Ошондуктан, анын – ырасында ал мына ушул пикирди көтөрүп жүргөн соң – калыс болуудан башка айласы калбайт.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **15-сафар, 1436-х.**

**7-декабрь, 2014-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Мухсин Азамат тарабынан берилген башкаруу жана идара иштери жөнүдөгү суроого жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Сүйүктүү амирибиз, Аллах сизге бейиш жана нусрат дарбазаларын - Өз уруксаты менен - ачып берсин!

Аллахка ант болсун, сиздин иштериңиз, ташбиштериңиз жана сизге келип жаткан суроолордун көп болгону үчүн ашыкча жүк болбосун деп ушул катымды сизге жиберүүдө экиленип жүрдүм. Бирок, сиз менен сүйлөшүүгө болгон кызыгуу мындан үстөм келди, ошондуктан, кызыгууга жеңилген акылды кечиреңиз.

Кадырлуу амирибиз, мен бир нерсени түшүнө албай калдым, ошондуктан, бул нерсе сизге кайрылуума түрткү болду. «Халифалык» деген китепте мындай сөздөр келген: «Эгер, бир убакыттын өзүндө эки өлкөдө эки халифага Халифалык ахды берилсе, ал экөөсү үчүн халифалык мыйзадуу түскө кирбейт. Себеби, мусулмандар үчүн эки халифа болушу дурус эмес. Алардын биринчисине байъат кылынат, делбейт. Себеби, маселе тезирээк биринчи халифа болуп алуу маселеси эмес, аныгы, халифаны шайлоо маселеси. Бул иш халифанын эмес, мусулмандардын акысы. Мында мусулмандар өздөрүнө бир халифа шайлап алышы үчүн иш дагы бир жолу мусулмандарга кайтарылышы керек. Алардын ортосунда куръа (жребий) ташталат, деп да айтылбайт. Себеби, халифалык ахд, куръа болсо ахдга кирбейт». Мындан ахддарда куръа мүмкүн эмесин түшүндүм, биздин шайлоо комитетинин мыйзамынын 19-беренесинде төмөндөгү сөздөр келет: «Эгер, талапкерлерден экөөсүнө берилген добуштар тең болуп калса жана талап кылынган талапкерлердин саны бир болсо, бул эки талапкер ортосунда куръа ташталат». Ушул эки абалдын айырмасы эмнеде? Талапкерлерди тандообуз ахд болуп эсептелбейби? Суроомду узартып жибергеним үчүн кечирим сураймын, амирибиз, Аллах сизге нусрат берип, тавфик берсин жана нусратты сиздин колуңуз менен берсин, Аллахка ант болсун, мен сизди Аллах үчүн жакшы көрөмүн.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Башкаруу иштери идара иштеринен айырмаланат. Башкаруу иштери үчүн нусус керек болот. Идара иштери болсо мубах бабына кирет, идаранын белгилүү бир иши жөнүндө нусус келген болсо, анын өкүмү ушул нусуска ылайык болот.

Халифа шайлоого келсек, Ислам мусулмандар үчүн бир халифа болушун шарт кылды жана биринчи сахих байъат ээси халифа болуп эсептелет. Башка халифа келип, андан халифалыкты талашса, ал өлтүрүлөт. Расулуллах A мындай дейт:

**«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ، فَاقْتُلُوا الْآخَرَ مِنْهُمَا»**

**«Эгер, эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө»** (Имам Муслим Абу Саид Худрийден риваят кылды).

«... وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَيَكُونُ خُلَفَاءُ فَيَكْثُرُونَ قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ...»

**«...Менден кийин пайгамбар жок, халифалар болот жана алар көбөйүп кетет.** Ошондо: Бизге эмнени буюрасыз? - дешкенде, айтты: **Биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла»** (Имам Муслим Абу Хурайрадан риваят кылды). Т.а. экинчиден мурун ишти ээлеп, сахих байъат берилген киши бапаа кылуу важиб болгон байъат ээси болот, экинчи байъат болсо батыл болуп, ага бапаа кылуу бүтүндөй арам. Демек, талкуу биринчи болуп сахих байъат берилген киши жөнүндө болуп, башкалар аны менен халифалыкты талашууга мүмкүн болбогон шаръий халифа болуп эсептелет.

Эгер, бир убакта эки халифага байъат берилген болсо, анда, бул жерде биринчи байъат берилген адам халифа болбойт. Хадистердин мантуку жана мафхуму биринчи байъат берилген халифа шаръий халифа болушуна далалат кылат. Демек, бул өкүм т.а. биринчи халифага байъат берүү өкүмү аткарылат, бул болсо куръа менен болбойт, себеби, куръа байъат эмес. Демек, шайлоо кайра өткөрүлүшү керек.

Идарий иштер болсо, аны салахият ээси (ушул ишке тандалган адам) тартиптештирет, себеби, ал – эгер белгилүү бир иш жөнүндө нусус варид болбогон болсо – мубахтар чөйрөсүнө кирет. Мисалы, иш графиги саат сегизде же тогузда башталышы үчүн нусус керек болбойт. Жөө жүргүнчүлөрдү бир көчөдөн эмес, башка көчөдөн өтүүгө уруксат берүүдө да нусус керек болбойт, салахият ээси муну тартиптештирет. Вилаят межлиси мүчөлөрүн шайлоо же дайындоодо да нусус керек болбойт, аны да салахият ээси тартиптештирет. Алардын саны беш, же алтоо, же он болушунда да зарылдык жок жана аны да салахият ээси тартиптештирет. Эгер, идара иштерине эки киши жарактуу болуп калса жана алардын бирөөсү керек болсо, экөөсүнүн ортосунда куръа таштоону да салахият ээси тартиптештирет.

Корутундулап айтканда башкаруу иштери идара иштеринен далил келтирүү жагынан айырмаланып, башкарууда ушул жөнүндөгү нусус керек болот, идара болсо, эгер башка бирер нусус келген болбосо, мубахка кирет.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **18-зул-хижжа, 1434-х.**

**23-октябрь, 2013-м.**

## Суроого жооп

**Суроо:** «Шахсия» китебинин 3-бөлүгү 46-бети, 6-7-саптарында мындай делет: «Шарият ага сүкүт кылган нерсе - ал арам кылбаган т.а. адал кылган нерсе. Буга важиб, мандуб, мубах жана макрух кирет».

Менде мындай суроолор бар:

1 – Хадисте «...سكت عن ага сүкүт кылган нерсе» деген сөз келет. Эгер, элестетип көрсөк, бул сүкүткө важиб, мандуб жана макрухтар да кирсе, анда Шариъ тарабынан баян кылынышы зарыл болгон нерселер баян кылынбаган болуп калат го?

2 – Хадисте «أفعال иш аракеттер» жөнүндө эмес, «أشياء нерселер» жөнүндө айтылат. Акыйкатта болсо, нерсе важиб, мандуб, макрух эмес, адал же арам болот. Кала берсе, хадис сары май, быштак жана теринин өкүмү жөнүндөгү суроо жүзөсүнөн айтылган. Булар, феъл эмес, нерселер.

3 – Хадисте «уруксат» делет. Эгер, сүкүттүн важиб болуу ыктымалы бар деп тафсир кылынса, ал кантип уруксат болот?!

4 – Хадисте «عفو кечирим» делет. Бул жерде да, эгер сүкүттүн важиб болуу ыктымалы бар деп тафсир кылынса, ал кантип кечирим болот?!

5 – Хадисте «فلا تبحثوا عنها алар жөнүндө талкуу кылбагыла» делет. Эгер, алар важиб, мандуб жана макрух болуу ыктымалы болгондо, Шариъ бул нерселер жөнүндө талкуу кылуудан кайтармак эмес.

Сизден ушул нерселерди түшүндүрүп беришиңизди үмүт кыламын. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп:**

1 – Оболу маселеге алакадар хадистер менен таанышып чыгалы.

а) Термизий Салман Фарсийден риваят кылат: Расулуллах Aдан сары май, быштак жана тери жөнүндө суралды жана ал айтты:

«الْحَلاَلُ مَا أَحَلَّ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ، وَالْحَرَامُ مَا حَرَّمَ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ، وَمَا سَكَتَ عَنْهُ فَهُوَ مِمَّا عَفَا عَنْهُ»

**«Адал - Аллах Өзүнүн Китебинде адал кылган нерсе, арам - Аллах Өзүнүн Китебинде арам кылган нерсе. Аллах сүкүт кылган нерсе болсо, ал – кечирген нерсе».** Абу Давуд Ибн Аббастан кылган риваятта айтты:

«فَبَعَثَ اللَّهُ تَعَالَى نَبِيَّهُ A، وَأَنْزَلَ كِتَابَهُ، وَأَحَلَّ حَلاَلَهُ، وَحَرَّمَ حَرَامَهُ، فَمَا أَحَلَّ فَهُوَ حَلاَلٌ، وَمَا حَرَّمَ فَهُوَ حَرَامٌ، وَمَا سَكَتَ عَنْهُ فَهُوَ عَفْوٌ»

**«Анан, Аллах Таала Өзүнүн Пайгамбары Aды жиберди, Китебин түшүрдү. Адалды адал, арамды арам кылды. Ал** (Аллах) **эмнени адал кылган болсо, ал – адал, эмнени арам кылган болсо, ал – арам, ал сүкүт кылган нерсе болсо, кечирим».**

б) Байхакийдин «Сунанул Кубро» китебинде Саълаба Гдан кылынган риваят келет:

«إِنَّ اللَّهَ فَرَضَ فَرَائِضَ، فَلَا تُضَيِّعُوهَا، وَحَدَّ حُدُودًا، فَلَا تَعْتَدُوهَا، وَنَهَى عَنْ أَشْيَاءَ، فَلَا تَنْتَهِكُوهَا، وَسَكَتَ عَنْ أَشْيَاءَ رُخْصَةً لَكُمْ، لَيْسَ بِنِسْيَانٍ، فَلَا تَبْحَثُوا عَنْهَا»

**«Албетте, Аллах фарздарды фарз кылды, аларды сая кетирбегиле. Хад-чегараларды койду, алардан өтүп кетпегиле. Айрым нерселерден кайтарды, аларга моюн сунгула. Айрым нерселерди унутуп коюп эмес, силерге уруксат кылып сүкүт сактады, демек, ал нерселер жөнүндө талкуу кылбагыла».**

в) Дарикутний Али Гдан риваят кылат:

{وَلِلَّهِ عَلَى ٱلنَّاسِ حِجُّ ٱلْبَيْتِ مَنِ ٱسْتَطَاعَ إِلَيْهِ سَبِيلاً}

***«Жана жолго кудуреттүү болгон кишилер мойнунда Аллах үчүн мына ушул үйдү хаж-зиярат кылуу милдети бар»*** [3:97]

аяты түшкөндө сахабалар: Я Расулуллах, ар жылыбы? - деп сурашты. Расулуллах A сүкүт кылды. Дагы сурашты: Ар жылыбы? Ошондо, Расулуллах A жооп берди:

«لاَ وَلَوْ قُلْتُ نَعَمْ لَوَجَبَتْ»

**«Жок, эгер ооба десем, ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калмак».** Ошондо, Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

{يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ}

***«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла!»*** [5:101]

Дарикутнийдин Абу Хурайрадан кылган башка риваятында келет: Расулуллах A айтты:

**«يَا أَيُّهَا النَّاسُ كُتِبَ عَلَيْكُمُ الْحَجُّ»**

**«Эй инсандар, силерге ажылык фарз кылынды».** Ошондо, бир киши туруп: Ар жылыбы, я Расулуллах? - деп сурады. Расулуллах A ал кишиден жүзүн буруп алды. Тигил киши дагы: Ар жылыбы, Я Расулуллах? - деди. Ошондо, Расулуллах A: **Суроо берген адам ким?** - деп сурады. Баланча, деп жооп берилди. Расулуллах A айтты:

**«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَوْ قُلْتُ نَعَمْ لَوَجَبَتْ وَلَوْ وَجَبَتْ مَا أَطَقْتُمُوهَا وَلَوْ لَمْ تُطِيقُوهَا لَكَفَرْتُمْ»**

**«Жаным колунда болгон Затка ант болсун, эгер ооба дегенимде ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калат эле. Эгер, ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калса, силер буга таакат кыла албай калмаксыңар. Эгер, важибге таакат кыла албай калсаңар куфрга кетип калат элеңер».** Ошондо, Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

{يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ}

***«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла!»*** [5:101]

2 – Темага киришүүдөн мурун айрым зарыл иштерге токтолуп өтүү максатка ылайык болот.
а) «**شيء** нерсе» менен «**فعل** иш-аракет» ортосун бөлүү лугавий (тил илими) эмес, усули фикх талкуусу. Анткени «**شيء** нерсе» сөздө «**فعل** иш-аракетти» да өз ичине алат. Шаръий өкүмдү фарз, важиб, мандуб, мубах, макрух, арам, махзур, уруксат, азима, шарт, сабаб, маниъ, сахих, фасид жана батылга бөлүү да ушуга окшойт. Алар усули фикх терминдери. Эгер, лугат (сөздүк) китептерин ачып, алардын маанилерин издесеңиз алардын фикхий маанилерин таптакыр таба албайсыз.

Усули фикхте бул терминдер фаил, мафъул сыяктуу нахв (грамматика) терминдерине окшойт, буларга Расулуллах A жана хулафаи рошидиндер заманынан кийин негиз салынган. Эгер, аларды лугаттардан карасаңыз, алардын маанилери нахв термини маанилеринен башкача экенин көрөсүз.

б) Ушуга ылайык, эгер Расулуллахтын же сахабалардын бирер хадисин окусаңыз жана анда «**شيء**» же «**فعل**» сөзүн учуратсаңыз, бул терминдик маанини түшүндүрбөйт. Сиз хадистин туура мадлулу (маңызы) кайда жатканын билүү үчүн аны үйрөнөсүз: ал, лугавий акыйкатпы, же аммавий урфий акыйкатпы, же терминге хас урфий акыйкатпы, же шаръий акыйкатпы, билүү үчүн изденесиз.

в) Эгер, суроо конкреттүү сөздөр жөнүндө болсо, бирок жооп суроодон көз карандысыз жалпы болуп келсе, жалпылык жообу берилип жаткан суроодогу негизги темага айланат. Мисалы, Термизий Абу Саид Худрийден кылган риваятта айтылат: Расулуллах Aдан: Бузаа кудугунан даарат алсак болобу? - деп суралды. Ошондо, Расулуллах A:

**«إِنَّ الْمَاءَ طَهُورٌ لَا يُنَجِّسُهُ شَيْءٌ»**

**«Албетте, суу таза, аны эч нерсе булгабайт»**, деп жооп берди.

Бул жерде Расулуллах A Бузаа кудугу жөнүндө суралды. Бирок жооп Бузаа кудугу жөнүндө болбоду. Кудук тилге да алынбады. Тескерисинче:

«إِنَّ المَاءَ طَهُورٌ لَا يُنَجِّسُهُ شَيْءٌ»

**«Албетте, суу таза, аны эч нерсе булгабайт»**, деген жооп айтылды. Ошондуктан, Бузаа кудугунанбы, башка кудуктанбы, жалпысынан алганда суу менен даарат алуу мүмкүн экендиги түшүнүлдү. Жооп жалпы болду. Анын темасы Бузаа кудугу эмес, суу менен даарат алууга айланды.

3 – Мына эми суроолоруңузга жооп беребиз.

а) Термизийдин хадиси: Расулуллах Aдан сары май, быштак жана тери жөнүндө суралды жана ал айтты:

«الْحَلاَلُ مَا أَحَلَّ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ، وَالْحَرَامُ مَا حَرَّمَ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ، وَمَا سَكَتَ عَنْهُ فَهُوَ مِمَّا عَفَا عَنْهُ»

**«Адал - Аллах Өзүнүн Китебинде адал кылган нерсе, арам - Аллах Өзүнүн Китебинде арам кылган нерсе. Аллах сүкүт кылган нерсе болсо, ал кечирген нерсе»** Абу Давуд риваятында:

«وَمَا سَكَتَ عَنْهُ فَهُوَ عَفْوٌ»

**«Ал сүкүт кылган нерсе болсо, кечирим»**, делген.

«وَمَا سَكَتَ عَنْهُ»

**«Ал сүкүт кылган нерсе болсо»** сөзү араб тилинин эрежесине ылайык, маътуф болуп, ал эң жакын маътуфун алайхиге т.а.:

«وَالْحَرَامُ مَا حَرَّمَ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ»

**«Арам - Аллах Өзүнүн Китебинде арам кылган нерсе»** текстине кайтат. Т.а. Аллах Таала сүкүт кылган нерсе арамдан кечирим т.а. адал.

Жалпылык бул жерде өз темасында келген. Бирок, жооп суроодон жалпы жана андан көз карандысыз болгондуктан тема суроодон эмес, жооптон алынат. Ошондуктан, жооптун өкүмү адал же арам болгон бардык нерсе үчүн жалпы. Адал же арамдык сары май, быштак жана териге карата болобу же болбосо адал же арамга түшө турган башка ар кандай ишке карата болобу, мунун айырмасы жок. Бул нерсе терминдик мааниге ылайык «нерсе» же «феъл» сөзү астына кире турган бардык нерселерге ылайык түшө берет. Эгер, нерсеге түшсө, бул жерде адал мубахтыкты түшүндүрөт. Эгер, феълге түшсө, бул жерде адал арамдан башканы т.а. фарз, мандуб, мубах жана макрухту түшүндүрөт.

б) Байхакийдин Абу Саълабадан риваят кылган хадисине:

«وَنَهَى عَنْ أَشْيَاءَ، فَلاَ تَنْتَهِكُوهَا، وَسَكَتَ عَنْ أَشْيَاءَ رُخْصَةً لَكُمْ، لَيْسَ بِنِسْيَانٍ، فَلاَ تَبْحَثُوا عَنْهَا»

**«Аллах айрым нерселерден кайтарды, демек, аларга жакындашпагыла. Айрым нерселерден, аларды унутуп эмес, силерге уруксат берип сүкүт кылды. Демек, алар жөнүндө талкуу кылбагыла»** келсек, ушул хадисте маанилүү үч жагдай бар:

Биринчиси: «айрым нерселерге сүкүт кылды». Бул жерде нерсе - феълди четтеп өткүдөй - терминдик мааниде келбеген, тескерисинче ал феълди да өз ичине камтыйт. Мисалы:

{يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ وَإِن تَسۡـَٔلُواْ عَنۡهَا حِينَ يُنَزَّلُ ٱلۡقُرۡءَانُ تُبۡدَ لَكُمۡ عَفَا ٱللَّهُ عَنۡهَاۗ وَٱللَّهُ غَفُورٌ حَلِيمٞ}

***«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла! Куръан түшүп жатканда ал нерселер жөнүндө сурасаңар, силерге ачып берилет** (т.а. мойнуңарга жүктөлөт)**. Акыйкатта болсо, Аллах ал нерселерди кечип жиберген эле. Аллах магфираттуу, мээримдүү»*** [5:101]

аяти каримадагы суралган нерсе ажылык кылуу феъли эле. Куртубий тафсиринде ушундай келген.

Термизий жана Даркутний Али τдан риваят кылат:

{وَلِلَّهِ عَلَى ٱلنَّاسِ حِجُّ ٱلۡبَيۡتِ مَنِ ٱسۡتَطَاعَ إِلَيۡهِ سَبِيلاً}

***«Жана жолго кудуреттүү болгон кишилердин мойнунда Аллах үчүн мына ушул үйдү хаж-зыярат кылуу милдети бар»*** [3:97]

аяты түшкөндө сахабалар: Я Расулуллах, ар жылыбы? - деп сурашты. Расулуллах A сүкүт кылды. Дагы сурашты: Ар жылыбы? Ошондо, Расулуллах A жооп берди:

**«لاَ وَلَوْ قُلْتُ نَعَمْ لَوَجَبَتْ»**

**«Жок, эгер ооба десем ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калмак».** Ошондо, Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

{يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ}

***«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла!»*** [5:101]

Дарикутнийдин Абу Хурайрадан кылган башка риваятында келет: Расулуллах A айтты:

**«يَا أَيُّهَا النَّاسُ كُتِبَ عَلَيْكُمُ الْحَجُّ»**

**«Эй инсандар, силерге ажылык фарз кылынды».** Ошондо, бир киши туруп: Ар жылыбы, я Расулуллах? - деп сурады. Расулуллах A ал кишиден жүзүн буруп алды. Тигил киши дагы: Ар жылыбы, я Расулуллах? - деди. Ошондо, Расулуллах A: **Суроо берген адам ким?** - деп сурады. Баланча, деп жооп берилди. Расулуллах A айтты:

**«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَوْ قُلْتُ نَعَمْ لَوَجَبَتْ وَلَوْ وَجَبَتْ مَا أَطَقْتُمُوهَا وَلَوْ لَمْ تُطِيقُوهَا لَكَفَرْتُمْ»**

**«Жаным колунда болгон Затка ант болсун, эгер ооба дегенимде ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калмак. Эгер, ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калса, силер буга таакат кыла албай калат элеңер. Эгер, важибге таакат кыла албай калсаңар куфрга кетип калат элеңер».** Ошондо, Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

{يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ}

***«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла!»*** [5:101]

Мындан маалым болгондой, бул жерде суралып жаткан нерсе – ажылык. Ажылык болсо – феъл. Аятта ал нерсе делди.

Экинчиси:

«وَسَكَتَ عَنْ أَشْيَاءَ رُخْصَةً لَكُمْ»

**«Айрым нерселерди силерге уруксат берип сүкүт кылды»** ушул «сүкүт кылды» деген маътуф эң жакын маътуфун алайхиге:

«وَنَهَى عَنْ أَشْيَاءَ، فَلاَ تَنْتَهِكُوهَا»

**«Аллах айрым нерселерден кайтарды, демек аларга жакындашпагыла»** текстине кайтат. Т.а. бул «жакындашпагыла» сөзүнүн далалатына ылайык катъий кайтаруу - арамдан уруксат. Башкача айтканда, сүкүт кылынган нерсе арамдан уруксат болуп, адал. Бул жерде эгер суралган нерсе терминдик маанидеги «нерсе» болсо, демек бул жерде адал – мубахтык. Эгер, суралган нерсе терминдик маанидеги «феъл» болсо, анда бул жерде адал арамдан башка т.а. «фарз, мандуб, мубах жана макрух».

Үчүнчүсү:

«فَلاَ تَبْحَثُوا عَنْهَا»

**«Демек, алар жөнүндө талкуу кылбагыла».** Бул:

«وَسَكَتَ عَنْ أَشْيَاءَ»

**«Айрым нерселерге сүкүт кылды»** дегенге түздөн-түз байланыштуу болуп, маътуфун алайхиси:

«وَنَهَى عَنْ أَشْيَاءَ، فَلاَ تَنْتَهِكُوهَا»

**«Аллах айрым нерселерден кайтарды, демек аларга жакындашпагыла»** дегенге барат т.а. алар жөнүндө талкуу кылуудан кайтарылган нерсе адал. Демек, анын арамдыгы жөнүндө талкуу кылбагыла, анын өкүмүн фарз жана мандубдук жагынан талкуу кылбагыла, эмес. Ошондуктан хадис мааниси, сүкүт кылынган нерсе адал, дегени. Андыктан, суроoңор себептүү ал арам кылынып калышынан корккула жана анын арамдыгы жөнүндө талкуу кылбагыла, дегени. Бухарий Саъд ибн Абу Ваккастан риваят кылат, Набий ρ мындай деди:

«إِنَّ أَعْظَمَ المُسْلِمِينَ جُرْمًا، مَنْ سَأَلَ عَنْ شَيْءٍ لَمْ يُحَرَّمْ، فَحُرِّمَ مِنْ أَجْلِ مَسْأَلَتِهِ»

**«Мусулмандар арасынан эң оор күнөөкөрү - арам кылынбаган нерсе жөнүндө суроо берип, суроосу себептүү ал нерсе арам кылынган киши».**

4 – Ушуларга ылайык, катыңызда көрсөткөнүңүздүн жообу мындайча болот:

- «Эгер, элестетип көрсөк, бул сүкүткө важиб, мандуб жана макрухтар да кирсе, анда Шариъ тарабынан баян кылынышы зарыл болгон нерселер баян кылынбаган болуп калат го?» деген сөзүңүз.

Ушул хадисте келген суроо арам менен адал ортосунда болуп, сүкүт кылынган нерсе адал болот деп баян кылынды жана хадистин темасы толук баян кылынды. Эми, адалды усули фикх мааниси аркылуу суралган нерсенин «феъл» болгон абалында важиб, мандуб, мубах жана макрух болушуна

келсек, бул башка хадистен изделет. Себеби, өкүмдөр бир хадистен алынбайт жана бул, усулга ылайык, мужтахиддерге жакшы маалым.

- «أشياء нерселер» деген сөзүңүз. Биз сизге ал феълди өз ичине алышын түшүндүрүп бердик. Суралган нерсенин «сары май, быштак, тери» экендиги буга таасир кылбайт. Себеби, жооп суроодон жалпыраак. Кээде, суралып жаткан нерсе быштак жөнүндөгү хадисте келгендей, терминдик маанидеги «нерсе» болот, кээде болсо, ажылык жөнүндөгү хадисте келгендей, суралып жаткан нерсе «феъл» болот. Аяти карима суралган нерсени «нерселер» деди, акыйкатта болсо, ал ажылык феъли эле. Аллах Таала мындай дейт:

{يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ وَإِن تَسۡـَٔلُواْ عَنۡهَا حِينَ يُنَزَّلُ ٱلۡقُرۡءَانُ تُبۡدَ لَكُمۡ عَفَا ٱللَّهُ عَنۡهَاۗ وَٱللَّهُ غَفُورٌ حَلِيمٞ}

***«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла! Куръан түшүп жатканда ал нерселер жөнүндө сурасаңар, силерге ачып берилет*** *(т.а. мойнуңарга жүктөлөт)**. Акыйкатта болсо, Аллах ал нерселерди кечип жиберген эле. Аллах магфираттуу, мээримдүү»*** [5:101]

- «Уруксат» деген сөзүңүз. Т.а. арамдан уруксат, демек, адал.
- «Кечирим» деген сөзүңүз. Т.а. арамдан кечирим, демек, адал.
- «Ал жөнүндө талкуу кылбагыла» деген сөзүңүз. Т.а. анын арамдыгы жөнүндө талкуу кылбагыла, антпесеңер, суроонор себептүү арам болуп калат. Бул ушул хадисте да келди:

**«إِنَّ أَعْظَمَ الْمُسْلِمِينَ جُرْمًا، مَنْ سَأَلَ عَنْ شَيْءٍ لَمْ يُحَرَّمْ، فَحُرِّمَ مِنْ أَجْلِ مَسْأَلَتِهِ»**

**«Мусулмандар арасынан эң оор күнөөкөрү - арам кылынбаган нерсе жөнүндө суроо берип, суроосу себептүү ал нерсе арам кылынган киши».** Эми, бул темадан (арамдыгынан) башка нерсе жөнүндө суроого келсек, бул өкүмдөрдү билүү үчүн талап кылынган иш. Абу Давуд Жабирдан риваят кылат, Расулуллах A мындай деди:

**«أَلاَ سَأَلُوا إِذْ لَمْ يَعْلَمُوا فَإِنَّمَا شِفَاءُ الْعِيِّ السُّؤَالُ»**

**«Эгер, билишпесе сурашса болбойт беле, себеби жахилдиктин** (билбөөнүн) **дабаасы - суроо».**

Жооп ачык-айкын болду деген үмүттөмүн.

**25-жумадус-саний, 1434-х.**

**5-май, 2013-м.**

# Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагындагы колдонуучулардын берген суроолоруна жооптору (фикхий)

## (حمدي الحسيني) Хамдий Хусайниййдин кайтаруу акдды батыл кылышына сахабалардын ижма кылышканы жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Кадырлуу аалым Ато ибн Халил Абу Рушта хафизахуллох, ассаламу алайкум ва рохматуллох.

«Исламий шахсия» китебинин 232-бетинде мындай деп келет:

«Сахаба Гдар да акддардын фасид жана батыл болушуна кайтарууну далил кылышкан. Ибн Умар Аллах Тааланын:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

***«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»*** [2:221]

деген аятын мушрик аялдардын никеси фасид болушуна далил кылган жана аны эч ким инкар кылбаган. Муну менен бул нерсе ижма болуп калган». Суроом – барокаллоху фикум – ушул: далил т.а. аят анык көрсөтүп турган болсо, бул нерсе кантип ижма болушу мүмкүн? Вассаламу алайкум ва рохматуллох.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Суроонузго жооп дагы да аныгыраак болушу үчүн, сиз сурап жаткан текстти толуп келтирмекчимин. Бул маселе «Иш-аракет жана акддардан кайтаруу» деген темада келген:

«Соода сатык, нике сыяктуу өкүмдөрү ифадаланган иш-аракет жана акддардан кайтаруу акддын өзүнө кайтат же башкасына кайтат. Эгер, иш-аракеттен да, акддан да башкасына кайтса – кудум жума күнү азан айтылган убакта соода-сатык кылуудан кайтарылгандай – анда, акдга да, иш-аракетке да таасир кылбайт т.а. аларды батыл жана фасид кылбайт. Эгер, кайтаруу иш-аракетке же акдга кайтса, шек-күмөнсүз, ал акдга да, иш-аракетке да таасир кылат жана аларды батыл же фасид кылат. Расулуллах Адын ушул сөздөрү кайтаруу иш-аракетке таасир кылып, аны батыл же фасид кылышына далил болот:

**«مَنْ عَمِلَ عَمَلاً لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»**

**«Кимде-ким биз буйрубаган ишти кылса, анын иши рад кылынган».** (Имам Муслим иштеп чыккан). Хадистеги «рад кылынган» (четке кагылган) сөзү «туура эмес, алгылыктуу эмес» деген маанини о.э. кайтарылган нерсе буйрулбаган иш экенин, ал динден эместигин түшүндүрөт. Рад кылынганы батылдык жана фасиддиктен башка нерсени түшүндүрбөйт. Сахаба Гдар да акддардын фасид жана батыл болушуна кайтарууну далил кылышкан. Ибн Умар Аллах Тааланын:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

***«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»*** [2:221]

деген аятын мушрик аялдардын никеси фасид болушуна далил кылган жана аны эч ким инкар кылбаган. Муну менен бул нерсе ижма болуп калган. Буга дагы бир далил: сахабалар сүткордук акды фасид т.а. батыл болушуна Аллах Тааланын:

﴿وَذَرُوا مَا بَقِيَ مِنَ الرِّبَا﴾

***«Сүткордук саркындыларын таштагыла»*** [2:278]

деген аятын жана Расулуллах Адын:

**«لاَ تَبِيعُوا الذَّهَبَ بِالذَّهَبِ وَلاَ الْوَرِقَ بِالْوَرِقِ»**

**«Алтынды алтынга, күмүштү күмүшкө сатпагыла»**, (Муслим риваяты) деген сөздөрүн далил кылышкан. Булардын баары кайтаруу иш-аракетке таасир кылышына жана аны фасид же батылга чыгарышына далил. Бирок, кайтаруу таштоого буйруган катъий талап менен арамдыкты түшүндүрсө гана иш-аракетке таасир кылат. Ал эми, кайтаруу арамдыкты эмес, макрухтукту билдирсе иш-аракеттерге да, акддарга да таасир кылбайт. Себеби, таасир арамды түшүндүрүү жагынан келет. Иш-аракетти жана акдды арам кылуу аны батыл же фасид кылып коёт».

Ушул текстти үйрөнүү натыйжасында ушул нерсе айкын болуп жатат, бул темадагы ижма сахаба Гдардын ижмасы болуп, ал Аллах Тааланын:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

***«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»*** [2:221]

деген аятындагы кайтаруу мушрик аялдын никеси акддын фасид жана батыл экенин билдирген ижма. Ибн Умар Г мушрик аялдардын никеси батыл болушуна ушул аятты далил кылып келтирди. Муну сахабалардан бири да инкар кылбады. Бул болсо, сахабалар шаръий нусустардагы акд жана иш-аракет жөнүндөгү кайтаруу акддын же иш-аракеттин фасод болгонун түшүндүрөт деген пикирде болушканын түшүндүрөт. Бул болсо, аяттын түздөн-түз далалатынан башка нерсе. Ал эми, аят мушрик аялга үйлөнүүдөн кайтарылганын түздөн-түз көрсөтүп турат. Бирок, сахабалар буга кошумча, ушул аяттагы кайтаруу акддын фасиддигине т.а. батылдыгына далалат кылып жатканына ижма кылышты. Бул болсо, ижманын орду. Аят муну көрсөтүп өтпөгөн, муну ижма баян кылууда.

Келгиле, муну дагы да жакшыраак элестетүүңөр үчүн эки маселени көрсөтүп өтөйүн:

Биринчи: Бир киши сизден мушрик аялга үйлөнүү жайизби деп сураса, сиз жаиз эмес деп жооп бересиз. Ошондо мунун далили кандай деп сурайт, сиз болсо Аллах Тааланын:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

***«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»*** [2:221]

аяты менен жооп бересиз.

Экинчи: Бир киши мушрик аялга үйлөнгөн болсо жана ал сизден ушундай бойдон кала береби, же эмне кыламын деп сураса, бир гана аят менен жооп беришиңиз жетиштүү болбойт. Сиз ага Аллах Субханаху:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

***«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»*** [2:221]

деп мындан кайтарган десеңиз, ал сизге мындан кийин эч качан буга окшогон ишти кылбашын айтат жана өзүнүн мушрик аялы туурасында сурайт... Ошондуктан, жооп толук болушу үчүн сиз ушул аят

каримадагы кайтаруу акддын батылдыгын түшүндүрүшүнө ижма кылынган дешиңиз керек болот т.а. ага аялы экөөсү ортосундагы нике акды батыл болгонун, ушул себептен улам, акдды бузуу керектигин, себеби, ушул аяттагы кайтаруу акддын батылдыгын түшүндүрүшүнө ижма кылынганын айтасыз.

**Көрүп турганыңардай, ушул аят кариманы айтып, анда кайтаруу бар экенин айтсаңыз, кийин ижма боюнча бул нерсе акддын батылдыгын түшүндүрүшүн кошумчаласаңыз гана жооп толук болот. Эгер, сахабалар ушул кайтаруу акддын батылдыгын түшүндүрөт деген ижмага келишпегенде, сиз ошол кишинин мушрик аялына карата эмне кылуу керектиги туурасындагы суроосуна жооп бере албай калат элеңиз.**

**Бул маселе ачык-айкын болду деп ойлоймун.**

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта** **17-жумадус-саний, 1437-х.**

**26-март, 2016-м.**

## Хизб ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын суроолоруна жооптору:

## Шамдык Абу Валиддин (أبو الوليد الشامي) сахабалардын ижмасы – мужмал (ачык-айкын эмес) келген маселелерге баян болушу туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Аллах сизге жардам берсин жана Өзү каалаган ишке жетиштирсин. Менин суроом мындай: «Исламий шахсия» китебинин үчүнчү бөлүгүнүн 269-бетинде «Баян Аллах жана Расулунан сөздө болот, Расулуллахтан амалда болот» деген текст келет. Суроом ушул, баянда сахабалар ижмасы айтылбаптыр, сахабалар ижмасы мужмалга баян боло алабы о.э. сахабалар амал кылып, баян кылган Халифалык жана ага байланыштуу өкүмдөр да

{وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ}

***«Алар ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын»*** [5:49]

аяты сыяктуу мужмалга баян болобу? Ушуну ачыктап беришиңизди каалаймын, вассаламу алайкум.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Албетте «Исламий шахсия» китебинин үчүнчү бөлүгүндө «Баян Аллах жана Расулунан сөздө болот, Расулуллахтан амалда болот» деген текст ижманы да өз ичине алат. Себеби, ижма сахабалар жакшы билген сүннөттөн бир далилди ачыктайт. Арийне, сахабалар маселе пайда болсо, хадисти

риваят кылбастан анын өкүмүн айта беришкен, себеби, бул аларга маалым болгон. Мисалы, аларда чоң атанын уул менен болгон мурас маселеси пайда болгон. Т.а. киши дүйнөдөн кайтып, артынан чоң атасы жана уулу калган болсо, чоң атага мурастын канчасы тиет деген маселе. Ошондо сахабалар чоң ата мурастын алтыдан бирин алышына ижма кылышкан. Бул ушуну түшүндүрөт, сахабалар Расулуллах Адан ушул тууралуу бирер хадис угушкандыктан жана билишкендиктен далилди айтпастан да өкүмдү айтып беришкен. Ошондуктан, сахабалар ижмасы далилди ачыктайт деп айтылат т.а. сахабалар риваят кылбаган, түздөн-түз өкүмүн айткан Расулуллах Адын бир хадисин ачыктайт дегени.

**Ошентип, ушул текст кыйыр түрдө ижманы өз ичине алат, себеби, ижма Расулуллах Адын хадисин ачыктайт.**

«Исламий шахсия»нын үчүнчү бөлүгүндө мындай сөздөр келет:

«Төртүнчү: сахабалар ижмасы шаръий нусустун өзүнө кайтат, себеби, алар бирер өкүмгө ижма кылган болушса, албетте аларда шаръий далил бар болот, Расулуллахтын сөздөрүнө, же амалдарына, же сүкүтүнө таянган болушат, натыйжада, алардын ижмасы далилди ачыктаган болуп эсептелет. Кеп ушунда, сахабалар риваятты көрсөтүшпөсө да, шаръий далилсиз эч нерсеге ижма кылышпайт, андыктан, сахабалар ижмасы далилди ачыктоочу катары шаръий далил болуп эсептелет».

**Мындан кийинки суроонуздун жообу айкын болуп жатат. Ооба, сахаба Глардын Халифалык темасындагы ижмасы Куръани Каримде келген башкаруу аяттарына баян болот.**

**Боордошуңуз Ата ибн Халил Абу Рошта** **14-зул-каъда, 1435-х.**

**9-сентябрь, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолору жоопторунан (фикхий):

## Алоуддин Абдуллах (علاء الدين عبد الله)тын факих имамдардын китептеринде келген хадистер жөнүндөгү суроосуна жооп

**Суроо:**

Ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух

Шахсия китебинин үчүнчү бөлүмүндө хасан хадис жөнүндө аны эки бөлүккө бөлүнгөндөн кийин төмөнкүлөр келген, ал экинчи бөлүк:

«Анын ровийлери сидк (чынчылдык) жана аманаткөйлүктө белгилүү кишилерден болушу керек, бирок, ал сахих кишилер даражасына – алардан косир болгону үчүн – жетпеген. Хасан хадис менен, кудум сахих хадис сыяктуу, бирдей хужжат келтирилет. Анткени, имамдар, алардын шакирттери жана башка уламалар жана фукахалардын китептеринде келген хадистер хасан хадистен деп этибар

кылынып, аны менен хужжат келтирилет. Анткени, алар аны өкүмгө далил кылып келтиришкен же андан бирер өкүмдү истинбат кылышкан. Себеби, ал усули фикх китептеринде келген болобу, же фикх китептериндеби, эч айырмасыз, хасан хадис болуп эсептелет. Болгону бул китептер «Мабсут», «Умм», «Мудавванатул кубро» жана аларга окшогон китептер сыяктуу этибардуу китептер болушу шарт. Божурий, Шаншурий жана экөөнө окшогондордун китептери сыяктуу болбошу керек. Ал эми хадистерден тафсир китептеринде келгенине маани берилбейт жана аны менен хужжат келтирилбейт, Ал тургай, муфассир мужтахид имам болсо да. Себеби, ал бирер өкүмдү истинбат кылуу үчүн эмес, бирер аятты тафсир кылуу үчүн келген. Тафсир менен истинбат ортосунда болсо айырма бар. Анткени, муфассирлер адатта өздөрү далил кылып келтирип жаткан хадистерди изилдөөгө маани беришпейт. Ошондуктан, бул хадистер имамдар жана уламалардын китептериндеги абал сыяктуу, тафсирде келгени үчүн гана этибарга алынбайт. Тескерисинче, хадис жөнүндө албетте – мейли таклид жолу менен болсо да – ахли хадистен суроо же муътабар хадис китептеринин бирөө-жарымына кайрылуу менен изденүү зарыл болот».

Суроо төмөнкүдөй, биз фукахалар же усул аалымдары негизги фикх же усул китептеринде далил кылып келтирген хадис хасан хадистен деп этибар кылынат деген тыянакка кандай келдик? Алардын илимине жана даражаларына болгон ишенимибиз алар хужжат кылып келтирген хадис – ырасында көрүнүктүү уламалар ортосунда хадис илими жаатында тафавут бар экендиги бизге белгилүү болгон соң – Расулуллах Ага нисбат берүүдө сахих деп эсептөө үчүн жетиштүү болобу?

Имам Шафеий жана башка имамдардын: «Эгерде хадис сахих болсо менин сөздөрүмду дубалга ургула» деген сөздөрүнө кандай мамиледе болобуз? Кудум бул сөздө имам айтып жаткан нерсени жакшылап текшерип, акыйкатын аныктоо зарылдыгына ишара бардай? Ошондуктан, хадистин негизги фикх китептеринин жана ишенимдүү усул китептеринин биринде келиши жетиштүү болобу, же анын ушул китептердин бир нечесинде келиши шартпы? Эгерде хадис ушул китептердин бир нечесинде болсо хадистердин бир мазхаб китептеринин бир нечесинде гана келген болбошу, тескерисинче, көптөгөн мазхабдардагы ишенимдүү, этибардуу негизги китептерде келген болушу керектиги жөнүндө башка тартипке салуучу коидалар болушу керек эмеспи?

(Аллах жардамыңызда болсун, Абу Ханифа)

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух

Эгерде ишенимдүү аалым же мужтахид бирер хадисти далил келтирген болсо, бул хадис анын назарында Расулуллах Ага нисбат берүү жагынан далил кылып келтирүүгө жарактуу болот. Анткени, ал андан бирер шаръий өкүмдү истинбат кылат. Ошондуктан, эгерде мына ушул хадис анын назарында хужжат кылып келтирүү даражасынан түшүп кала турган болсо, аны хужжат кылып келтиришин элестетип болбойт. Имамдардын, айрыкча, илгери өткөн имамдардын хадисти далил кылып келтириши жана улуу фукахалардын хадисти далил кылып келтириши, бизди да алар аны хужжат кылып келтиришкендей ишеним менен хужжат кылып келтире турган кылып коёт о.э. биз аны хасан хадис даражасына коёбуз. Буга себеп алардын илимине жана таквасына болгон ишеним. Бирок, бул «фикх китептеринде же усул китептеринде келген ар бир хадисти кабыл алуу» деген маанини түшүндүрбөйт. Себеби, имамдардын китептеринде айтылган хадисти талкуу кылганыбызда усулубузга ылайык анын заифтиги белгилүү болуп калса аны албайбыз, ал гана эмес, балким ишенимдүү хадис китептеринде келген бирер хадисти тулкуу кылганыбызда анын заиф экендиги бизге белгилүү болуп калса, аны да хужжат кылып келтирбейбиз.

Бирок, хадисти кабыл алуунун жана аны четке кагуунун өз илими жана усулу бар. Шахсия китебинин биринчи бөлүгүндө «кабыл алына турган хадис жана четке кагыла турган хадис» бөлүмүндө төмөнкүлөр келген: «Ахли хадистерде хадис сахих, хасан жана заифке бөлүнүшүндө ушул

нерсе аныкталат, сахих хадис менен хасан хадис хужжат кылынат. Ал эми заиф хадис хужжат боло албайт. Хадис кабыл алынган же четке кагылган болушу санадга, риваят кылуучуга жана матнга (текстке) жандашууга байланыштуу. Эгерде санаддан бир риваятчы адилеттүү эмес деп эсептөө натыйжасында түшүрүп калтырылбаган болсо жана риваят кылуучу айыпталбаган болсо о.э. матн анык эмес болбосо, матн Куран, мутаватир Сүннөт же катъий ижмага кайчылаш келбесе, мындай абалда сахих же хасан экендигине карабастан ага амал кылынат жана ал шаръий далил болот. Ал эми хадис ушул сыпаттарга ээ болбосо, ал четке кагылат жана далилге жарабайт...

Ырасында хадисти санад, ровий жана матн талап кыла турган нерселер боюнча кабыл алуу мүмкүн болсо аны четке кагууда катуу туруп алынбайт. Айрыкча, аны көпчүлүк улама жана фукахалар кабыл алып иштетишкен соң, мейли сахихтик шарттары жетиштүү болбосо да, хасан хадис катары пайдаланылат. О.э. хадисти четке кагууга катуу турулбагандай эле, хадис жөнүндө кайдыгерлик кылып, санад, риваят жана матн жагынан четке кагылган хадис кабыл алынышы да жайиз эмес...».

Дал ошол китепте «Хадисти шаръий өкүмгө далил кылуу» бөлүмүндө төмөнкүлөр да келген:

«... Бирок, шаръий өкүмдөргө далил кылынуучу ахад кабар албетте сахих жана хасан хадис болушу керек. Шаръий өкүмгө заиф хадис таптакыр далил болбойт. Кимде-ким аны далил кылса, шаръий далил менен далил келтирген болуп эсептелбейт. Хадисти сахих же хасан деп эсептөө үчүн бардык хадистаануучулар назарында сахих же хасан деп этибар кылынышына каралбайт, тескерисинче, хадис илимине жөндөмү бар далил келтирүүчүнүн назарында сахих же хасан деп этибар кылынса гана болгону. Мунун себеби төмөнкүдөй, кээ бир ровийлер айрым мухаддистер назарында ишенимдүү риваятчы деп эсептелсе, айрымдарынын назарында ишенимсиз, же айрым мухаддистер бул ровийлерди белгилүү деп билишсе, башкалардын пикиринде белгисиз болуп эсептелет. Дагы айрым хадистер бар болуп, бир жолдон сахих болсо, башка жолдон сахих эмес болуп эсептелет, бул жерде кээ бирөөлөрдүн назарында сахих эмес, башкалардын назарында болсо сахих деп эсептеле турган жолдор да бар. Дагы бир нече хадистерди айрым мухаддистер этибарга албай, таъна жеткиришсе (айыптуу деп эсептешсе), башка мухаддис жана фукахалар аны этибардуу деп эсептеп, хужжат кылышкан. Бул жерде кээ бир ахли хадис таъна жеткирген, фукахалардын көпчүлүгү болсо кабыл алып, хужжат кылып келтирген хадистер да бар. Хадистин сахихтигин текшербестен, аны кабыл алууга шашылуу мүмкүн болбогону сыяктуу эле, мухаддистердин бири риваят кылуучусуна таъна жеткиргени үчүн хадиске таъна жеткирүү да мүмкүн эмес. Себеби, хадистин башка риваятчылар тарабынан кабыл болуу ыктымалы бар, же имамдар жана фукахалар аны хужжат кылган болушу мүмкүн. Ошондуктан, хадиске таъна жеткирүүдөн же аны четке кагуудан мурда бул хадисти жакшылап үйрөнүп чыгуу, ал жөнүндө пикирлөө зарыл болот. Ровийлерди жана хадистерди күзөткөн адам бул жаатта мухаддистер ортосунда көптөгөн ихтилафтар бар экендигин көрөт. Буга өтө көптөгөн мисалдар бар. Мисалы, Абу Давуд Амр ибн Шуайбдан, ал атасынан, атасы болсо чоң атасынан риваят кылат, Расулуллах A айтты:

**«الْمُسْلِمُونَ تَتَكَافَأُ دِمَاؤُهُمْ، وَيَسْعَى بِذِمَّتِهِمْ أَدْنَاهُمْ، وَيُجِيرُ عَلَيْهِمْ أَقْصَاهُمْ، وَهُمْ يَدٌ عَلَى مَنْ سِوَاهُمْ، يَرُدُّ مُشِدُّهُمْ عَلَى مُضْعِفِهِمْ، وَمُتَسَرِّيهِمْ عَلَى قَاعِدِهِمْ...»**

**«Мусулмандардын кандары өз ара барабар. Алардын эң төмөнкү даражадагысы берген амандык да таасирдүү, эң алыстагысынын** (кафир менен) **түзгөн келишими да таасирдүү, алар өздөрүнөн башкаларга каршы бир кол болуп эсептелишет. Алардын күчтүүлөрү алсыздарына жардам берет, сарияда согушка чыккандары** (т.а. бир кошуун душманга каршы согушка чыгып, алар турган жердин жанына орношсо, кийин кошуундун бир бөлүгү бөлүнүп душманга каршы согушса, алар) **кошуундун чыкпай калгандары менен олжону бөлүшөт**...**».**

Бул хадистин ровийи Амр ибн Шуайб. Амр ибн Шуайб атасынан, ал болсо чоң атасынан риваят кылган. Бул хадис жөнүндө ар түрдүү кеп-сөздөр бар. Ошого карабастан, бул хадисти көпчүлүк хужжат кылган болсо, кээ бирөөлөр кабыл алышпаган…».

Ошентип, демек этибардуу фукахалар жана усул аалымдары амал кыла турган хадис хасан хадис түркүмүнөн болуп эсептелет. Этибардуу фукахалар жана усул аалымдарынын китептеринде келген хадисти хасан деп эсептөө үчүн анын көп китептерде келген болушу шарт эмес. Тескерисинче, аны далил кылып келтирүү туура болушуна жетиштүү ишеним пайда кылына турган көлөмдө келген болушунун өзү жетиштүү. Бирок, анын көптөгөн китептерде жана бир нече мазхабдарда келиши аны хужжат кылып келтирүүгө болгон ишенимди ого бетер күчөтөт.

Эми имам Шафеий айткан сөзгө келсек, ал туура жана бул биз айткан нерсеге тескери келбейт. Себеби, биз этибардуу уламалар бирер шаръий өкүмдү истинбат кылган хадисти хасан деп эсептейбиз. Бирок, эгерде бул жерде ага караганда күчтүүрөөк болгон бирер сахих хадис жок болсо гана ушундай болот, эгерде андай болбосо биз далилдерди – ээрчип жаткан усулга ылайык далилдер ортосун жамдоо (бир-бирине туура келтирүү) же таржих кылуу (кайсынысы далил жагынан күчтүүрөөк деп билүү) жагынан – талкуу кылып үйрөнүп чыгабыз. Бул болсо, өзүнүн усули фикхтен болгон бөлүмүндөгү белгилүү иш болуп эсептелет.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **28-зул-каъда, 1435-х.**

**23-сентябрь, 2014-м.**

## Хизб-ут-Тахрир амири аалым, шайх Ато ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы зыяратчылардын берген суроолоруна жоопторунан (экономикалык):

## Ahmad Sa Saadдын чет мамлекеттерден карыз алуу туурасындагы суроосуна жооп

**Суроо:**

Эй шайхыбыз, Ассаламу алайкум, Аллах сизди Ислам менен азиз кылсын жана Исламды сиз менен кубаттандырсын. Мен дуба кылып, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык боюнча сизге байъат бере турган адамдар түркүмүнөн болушумду Аллахтан сураймын. Албетте, Ал бардык нерсеге кудуреттүү...

Менде чет өлкөлөрдөн жана эл аралык финансылык мекемелерден карыз алуу маселеси боюнча бир суроо бар. «Халифалык мамлекетиндеги малия» китебинде «бул мамлекеттер жана мекемелерден карыз алуу жаиз эмес, анткени, алардан жалаң гана рибалуу проценттер жана шарттар менен гана карыздар алынат» деген сөздөр келген.... Суроо: Карыз алуу качан жаиз болот, кайсы шарттар негизинде карыз алуу жаиз болбойт? Бул жаатта ал мамлекеттин келишим түзүлгөн, же согуштук абалда болушунун айырмасы барбы? Аллах сиздерге Ислам жана мусулмандар үчүн дүйнө жана акыретте жакшылык болгон нерселерде жардам берсин, вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Сизге «Халифалык мамлекетиндеги малия» китебинде келген «Чет мамлекеттерден жана эл аралык финансылык мекемелерден карыз алуу шаръий жактан жайыз эмес. Себеби, бул мамлекеттер жана мекемелерден алынган карыздар сүткордук пайда жана шарттар менен болот» деген сөздөр түшүнүксүз болгон окшойт. Сиз «бул сүйлөм бул жерде чет мамлекеттерден жана эл аралык финансылык мекемелерден карыз алууну жаиз кылып коё турган шарттар бар деген маанини түшүндүрөт» деп ойлоп калган окшойсуз. Түпкүлүгүндө болсо иш андай эмес. Тескерисинче, бул сүйлөм: Чет мамлекеттерден жана эл аралык финансылык мекемелерден бул карызда рибалуу проценттер бар экендиги үчүн жана шарттар бар экендиги үчүн карыз алуу жаиз болбойт, - деген маанини түшүндүрөт. Китепте бул ишке анык түшүндүрмө берилип төмөнкүлөр келген:

«Риба (сүткордук) менен болгон карыздар – жеке адам үчүн болобу, мамлекет үчүн болобу, айырмасыз – арам. Шарттар негизинде карыз берүү болсо, чет элдик карыз берүүчү мамлекет жана мекемени мусулмандарга өкүмдар кылып коёт жана мусулмандардын эрк жана иш жүргүүзүлөрүн карыз берүүчү мамлекеттин мекемелери ыктыярына байлап коёт. Бул болсо, шаръий жактан жайыз эмес. Чындыгында, бүгүнкү күндө эл аралык карыздар Исламий мамлекеттер, шаарлар үчүн эң коркунучтуу балээлерден жана алардын мусулмандар өлкөлөрүнө өкүмдар болуу себептеринен болду. Ырасында, үммөт мусибаттарды башынан өткөрүп жаткандан кийин, халифанын сарп-каражаттарын каптоо үчүн мамлекеттер аралык карыздарга кайрылуусу жайыз болбойт».

Демек, жогоруда баяндалгандарга ылайык чет мамлекеттерден карыз алуу жаиз болбойт. Эми суроонун чет мамлекет согуштук абалда болушу же аны менен келишим түзүлгөн болушу туурасындагы калган бөлүгүнө келсек, бул иш төмөнкүдөй болот:

Мамлекеттерден карыз алуунун учурдагы эрежелерине ылайык бул карыз алуу Шарияткa тескери болгон иштерден «Шарияткa тескери болгон риба жана шарттардан» ыраак болбойт. Демек, чет мамлекеттерден карыз алуу таптакыр жаиз болбойт. Ал мамлекет согуштук абалдагы мамлекет болобу же учурдагы эл аралык келишимдер боюнча келишим түзүлгөн мамлекет болобу, айырмасыз.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рошта** **5-сафар, 1436-х.**

**27-ноябрь, 2014-м.**

# بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

# Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы суроолорго жооптор (фикхий)

## اسماء فوزي محمد Асмаъ Фавзий Мухаммад: Акырет шейиттери ким? Шейиттин карызын ким төлөйт?

*Суроо:*

Ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баркаатуху, урматтуу Шейх...

Экинчи «Шахсия» китебинин 165-бетинде шейиттер темасында акырет шейиттери тууралуу келген: «Туура Муслим риваятында келгендей, алар бешөө: кара тумоо (чума эпидемиясы) менен ооруп өлгөн адам; ичи ооруп (ичи өтүп) өлгөн адам; чөгүп өлгөн адам; уранды астында калып өлгөн адам; согуш таласында эмес, Аллахтын сөзүн улуу кылуу үчүн Аллах жолунда шейит кеткен адам».

Башка хадисте ушул айтылып өткөндөрдүн баары Аллах жолунда болушу менен менен мукайад кылынган (байланыштырылган), хадисте айтылат, Юнус бин Абдил Аълаа бизге айтты: бизге Ибн Вахбин айтты: мага Абдурахман бин Шурайхин Абдиллаахи бин Сахлабата Алхазрамийден айтты: ал Ибн Хужайрадан, ал Укбата бин Аамирден айтты: Пайгамбар A айтты:

**«خَمْسٌ مَنْ قُبِضَ فِي شَيْءٍ مِنْهُنَّ فَهُوَ شَهِيدٌ: الْمَقْتُولُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْغَرِقُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَبْطُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَطْعُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالنُّفَسَاءُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ»**

**«Беш нерсе бар, ким ушул бешөөнүн бир нерсеси менен өлсө, ал шейит: Аллах жолунда өлтүрүлгөн адам шейит; Аллах жолунда сууга чөгүп өлгөн адам шейит; Аллах жолунда ичи ооруп** (өтүп) **өлгөн адам шейит; Аллах жолунда кара тумоо менен ооруп өлгөн адам шейит; Аллах жолунда төрөттөн өлгөн аялдар шейит».** (Албаний өкүмү, Сахих, 407).

Суроо: бул эки хадис бири-бири менен жамдашабы же ортолорунда карама-каршылык барбы? Ушул нерсени ачыктап түшүндүрүп берсеңиз, ырахмат.

Экинчи суроо: шейиттер темасына байланыштуу дагы бир хадисте Абдиллаахи бин Амр бин Аас Гдан айтты: Пайгамбар A айтты:

**«يُغْفَرُ لِلشَّهِيدِ كُلُّ ذَنْبٍ إِلَّا الدَّيْنَ»**

**«Шейиттин бардык күнөөлөрү кечирилет, бир гана карызы кечирилбейт».**

Суроо: шейит шейит кетишинен мурда карызын төлөөгө кудурети жок болсо... ал шейит кеткенден кийин анын карызын ким төлөйт?

Асмааъ Фавзий Мухаммад.

**Жооп:**

Ассаламу алайкум рохматуллоохи уа барокаатуху.

Биринчи, шейиттерге байланыштуу:

1 – Муслимдин сахихинде Абу Хурайра Гдан риваят кылат: Пайгамбар A айтты:

«بَيْنَمَا رَجُلٌ يَمْشِي بِطَرِيقٍ وَجَدَ غُصْنَ شَوْكٍ عَلَى الطَّرِيقِ فَأَخَّرَهُ فَشَكَرَ اللَّهُ لَهُ فَغَفَرَ لَهُ وَقَالَ الشُّهَدَاءُ خَمْسَةٌ الْمَطْعُونُ وَالْمَبْطُونُ وَالْغَرِقُ وَصَاحِبُ الْهَدْمِ وَالشَّهِيدُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ»

**«Бир адам жолдо баратып жолдогу тикенектүү бутакты көрүп, аны жолдон алып койсо, Аллах ага ыраазычылык билдирип, аны күнөөлөрүн кечирет. Айтты: шейиттер бешөө: кара тумоо менен өлгөн, ичи ооруп өлгөн, чөгүп өлгөн, ураанды астында өлгөн, Улуу, Урматтуу Аллах жолунда шейит кеткен адам».**

2 – Тахаавийдин «Мушкил асаар» баянында: Укбат бин Аамир Гдан айылат: Пайгамбар A айтты:

«خَمْسٌ مَنْ قُبِضَ فِي شَيْءٍ مِنْهُنَّ فَهُوَ شَهِيدٌ: الْمَقْتُولُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْغَرِيقُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَبْطُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَطْعُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالنُّفَسَاءُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ»

**«Беш нерсе бар, ким ушул бешөөнүн бири менен өлсө, ал шейит: Аллах жолунда өлтүрүлгөн адам шейит; Аллах жолунда сууга чөгүп өлгөн адам шейит; Аллах жолунда ичи ооруп (өтүп) өлгөн адам шейит; Аллах жолунда кара тумоо менен ооруп өлгөн адам шейит; Аллах жолунда төрөттөн өлгөн аялдар шейит».** (Насааи жана Табароний риваят кылган).

3 – Бул эки хадистин ортосунда карам-каршы келе турган нерсе жок. Муслим риваятындагы хадис мутлак (жалпы) түрдө айтылган:

«الْمَطْعُونُ وَالْمَبْطُونُ وَالْغَرِقُ وَصَاحِبُ الْهَدْمِ»

**«Кара тумоого кабылган, ичи ооруп, чөгүп, ураанды астында калган»**. Ал эми, экинчи хадисте бул абалдар Аллах жолунда болушу менен мукайад кылынган (байланыштырылган):

«وَالْغَرِيقُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَبْطُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَطْعُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ»

**«Аллах жолунда сууга чөгүп өлгөн адам шейит, Аллах жолунда ичи ооруп** (өтүп) **өлгөн адам шейит, Аллах жолунда кара тумоо менен ооруп өлгөн адам шейит».** Мутлак хадисти мукайад хадиске жүктөө менен эки хадис жамдаштырылат. Анын негизинде бул хадистерде айтылгангандар Аллах жолунда болушу менен шейит өкүмүндө болушат. «Аллах жолунда» сөзүнүн маанисин анын каринасы аныктайт. Эгер, нафака сөзү менен бирге келсе (Аллах жолунда нафака кылгандар) же жихад сөзү менен бирге келсе (Аллах жолунда жихад кылгандар), мунун мааниси Аллахтын калимасы бийик болушу үчүн согуш алып барганды билдирет... Бухарийдин сахих риваятында келгендей: Аби Муса Г айтты: Пайгамбар Aга бир киши келип айтты: «Бир адам олжо үчүн согушса, бир адам аты калышы үчүн согушса, бир адам кадыр баркы көрүнүшү үчүн согушса, кимисиники Аллах жолунда болот?». Пайгамбар A айтты:

«مَنْ قَاتَلَ لِتَكُونَ كَلِمَةُ اللَّهِ هِيَ الْعُلْيَا فَهُوَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ»

**«Ким Аллахтын сөзүн улуу кылуу үчүн согушуса, ошол Аллах жолунда болот».** Эгер, «Аллах жолунда» сөзүн маанисин аныктай турган каринасыз айта турган болсоң, анын далалаты Аллахка баш ийүү жана ага жакындоо маанисинде болот. Ким момун болуп, Аллахка баш ийген абалда жогоруда хадисте айтылган шартта өлсө, ал акырет шейити болуп саналат. Бир гана Аллах жолунда согуш кылган адам мындан тышкары, ал бул дүйнө жана Акырет шейити болуп саналат. Башкача айтканда, ичи ооруп өлгөн адам Аллахка баш ийген абалда өлсө, ошол сыяктуу эле, сууга чөккөн, кара тумоого кабылган ж.б. хадисте айтылган адамдар Аллахка баш ийген абалда өлсө, анда, шейит болушат. Ал эми, хадисте айтылган абалдардагы адамдар Аллахка баш ийбеген абалда өлүшсө, анда, хадистин өкүмү аларга түшпөйт. Тактап айтканда, шейит болушпайт.

Экинчи, шейиттин төлөй албай калган карызы тууралуу сурооң: анын карызын мураскору төлөйт. Анын мураскорлору да анын карызын төлөөгө кудуреттери жетпесе, анын карызын мамлекет өз мойнуна алат. Пайгамбар Aдын хадисинде айтылат:

«أَنَا أَوْلَى بِكُلِّ مُؤْمِنٍ مِنْ نَفْسِهِ، مَنْ تَرَكَ مَالاً فَلِأَهْلِهِ، وَمَنْ تَرَكَ دَيْناً أَوْ ضَيَاعاً فَإِلَيَّ وَعَلَيَّ»

**«Мен ар бир момундун нафсисинен да ага жакынмын (акылуумун), ким мал калтырса, ал өз үй-бүлөсү үчүн, ким карыз калтырса же жетим, жесирди калтырса, ал менин моюнумда».** (Муслим риваяты). Абу Дауд Жаабир Гдан риваят кылган хадисте айтылгандай: Айтты: «Пайгамбар A мойнунда карызы болуп өлгөн адамдын жаназасын окуган эмес. Жаназа алынып келинди. Пайгамбар A айтты: «Анын карызы барбы?». Айтышты: «Ооба, эки динар». Айтты: «Жолдошуңардын жаназасын окуй бергиле». Абу Кутада Ансорий айтты: «Ал эки динар менин мойнумда, я Расулаллах». Айтты: Пайгамбар A анын жаназасын окуду. Качан Аллах Пайгамбар Aга фахтарды ачканда айтты:

«أَنَا أَوْلَى بِكُلِّ مُؤْمِنٍ مِنْ نَفْسِهِ. فَمَنْ تَرَكَ دَيْنًا فَعَلَيَّ قَضَاؤُهُ، وَمَنْ تَرَكَ مَالًا فَلِوَرَثَتِهِ»

**«Мен ар бир момундун нафсисинен да ага жакынмын (акылуумун), кимдин карызы калса, аны төлөө менин мойнумда, ким мал-дүйнө калтырса, ал мураскорлору үчүн».**

Эки суроого жооб жеткиликтүү болду деп үмүттөнөм. Аллах өкүмдар жана билүүчү.

**Бурадарыңар Ато ибн Халил Абу Рошта** **29-жумадул-аввал, 1441-х.**

**24-январь, 2020-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагы колдонуучуларынын берген суроолоруна жоопторунан:

## Anis Labidi тарабынан берилген мамлекеттин экономикага аралашуусу жана салыктарга тиешелүү суроого жооп

**Суроо:**

Улуу шейхибиз, Ассаламу алайка, Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын.

Мен Исламий мамлекет экономикага жалпысынан канчалык деңгээлде аралашуусун жана салыктарды салууда канчалык укукка ээ экенин билмекчимин. Жалпысынан салыктарга тиешелүү фикхий өкүмдөр кандай болот?

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Мамлекеттин экономикага аралашуусу жана салыктар жөнүндө суроо берипсиз ...

1 – Мамлекеттин экономикага аралашуусуна карата ушуну айтабыз, Исламдагы экономикалык түзүмдө мамлекеттин важиб вазыйпалары жана укуктары, адамдардын важиб вазыйпалары жана укуктары шаръий өкүмдөр менен анык белгиленген. Бул шаръий өкүмдөр жетекчи жана жарандын ар биринин укуктарын тартипке салат. Белгилүү болгондой, мүлккө ээ болуу жана инфак кылуу жагынан мүлктөр экономикалык түзүмгө күчтүү таасир өткөрөт. Ошондуктан, Ислам бул мүлктөрдү анык белгилеген, аларды ар кандай кол салуудан сактап, коргойт. Бул жерде жеке мүлк, мамлекеттик мүлк жана умумий мүлк бар, алар бири-биринин чегине өтүп кетишпейт… Ошондуктан, бүгүнкү күндө баарына белгилүү болгон мамлекеттин аралашуусу, жеке менчик мүлктү конфискация кылып, аны жалпы мүлккө же мамлекеттик мүлккө айлантып жатканы, же жалпы мүлктү нефть жана кен боюнча ички же чет элдик менчик секторго укуктарды, менчик мүлккө айлантып жатканы … булардын баары Исламда таптакыр жийиз эмес. Тескерисинче, баары өз мүлкүнүн чегинде болот: адамдар өздөрүнүн жеке менчик мүлктөрүнө ээ болушат, мамлекет олжолор, хирож… сыяктуу өзүнүн мүлкүнө ээ болот, Үммөт нефть, металл, энергия булактары… сыяктуу өз мүлкүнө ээ болот. Ушуга ылайык, Исламий мамлекетте бүгүнкү күндө баарына белгилүү болгон экономикалык түзүмдөргө аралашуулар болбойт.

2 – Салыктарга келсек, Исламда адамдардан алына турган салыктар болбойт. Себеби, Набий A жарандар иштерин башкарган жана Набий Aдан адамдарга салык салганы сабит болбогон. Набий Aдан бул таптакыр риваят кылынбаган. Пайгамбарыбыз A мамлекет чегараларында турган кишилер өлкөгө кирип жаткан товарлардан салык алып жатышканын билгенде, аларды мындан кайтарган. Мисалы, Укба ибн Амирден ал Расулуллах Aдын мындай дегенин укканы риваят кылынат:

«لا يَدْخُلُ الْجَنَّةَ صَاحِبُ مَكْسٍ»

**«Макс ээси бейишке кирбейт».** Бул хадисти Ахмад риваят кылды жана Хаким аны сахих деди. Макс ээси – соодадан салык ала турган кимсени… Бул болсо, Батыштын көз карашындагы салыктарды алуудан кайтарууга далалат кылат. Кала берсе, Расул A Абу Бакрадан риваят кылынган муттафакун алайх хадисте мындай дейт:

«إِنَّ دِمَاءَكُمْ وَأَمْوَالَكُمْ وَأَعْرَاضَكُمْ عَلَيْكُمْ حَرَامٌ كَحُرْمَةِ يَوْمِكُمْ هَذَا فِي بَلَدِكُمْ هَذَا فِي شَهْرِكُمْ هَذَا...»

«**Албетте, каныңар, малыңар жана аброюңар бири-бириңерге ушул күнүңөрдө, ушул шаарыңарда жана ушул айыңар**(да согуш) **арам болгондой арам**». Бул сөз ом (жалпы) болуп, ар бир инсанды, алардын катарында, мамлекетти да өз ичине алат. Салык салуу мусулман малын мажбурий түрдө, макулдугусуз алуу болуп, бул болсо, салык салуу жайиз эместигине далалат кылат.

Бирок, бул жерде шарият белгилүү бир көлөмдө кошумчалабай мал алууга уруксат берип, макулдаган бир гана жагдай бар. Мында мал жалаң байлардан, алардын ашыкча малдарынан гана алынат. Бул абал байтулмал жана мусулмандарда нафака кылууга жетиштүү мал болбой калганда жүз берет. Мында ошол нафака байлардын ашыкча малдарынан алынат. Эгер, нафака байтулмалдан алынып, мусулмандардан алынбаса, анда, мусулмандардан кошумча мал алынбайт. Эгер, ушул нафака байтулмалда жетиштүү болбосо, анда, байтулмада канча каражат бар болсо, ошол мал гана сарпталат.

Мисалы, жарандардын жеп-ичүү, үй жана кийим сыяктуу негизги муктаждыктарын камсыздоону алсак, бул камсыздоо мамлекетке важиб болуп, байтулмалдан сарпталат, ошол эле учурда, бул, мусулмандарга да важиб. Набий A айтты:

«وَأَيُّمَا أَهْلُ عَرْصَةٍ أَصْبَحَ فِيهِمْ امْرُؤٌ جَائِعٌ فَقَدْ بَرِئَتْ مِنْهُمْ ذِمَّةُ اللَّهِ تَعَالَى»

**«Кайсы калк өздөрүнүн арасында бирер киши ачка калып таң аттырса, алардан Аллах Таала зиммасы** (коргоосу) **жүз үйүрөт».** Бул хадисти Ахмад Ибн Умардан риваят кылды. Ошондуктан, эгер байтулмалдагы каражат жарандардын негизги муктаждыктарын камсыздоо үчүн жетиштүү болбосо, ушул муктаждыктарды камсыздоо үчүн белгиленген көлөмдө, кошумчаланбастан мусулмандардын байларынан каражат алынат.

Мисалы, жихад байтулмалга да, мусулмандарга да фарз. Аллах Таала мындай дейт:

{وَجَٰهِدُواْ بِأَمۡوَٰلِكُمۡ وَأَنفُسِكُمۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ}

***«Мал-жаныңар менен Аллах жолунда жихад кылгыла»*** [9:41]

{وَٱلۡمُجَٰهِدُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ بِأَمۡوَٰلِهِمۡ وَأَنفُسِهِمۡ}

***«Аллах жолунда малдары жана жандары менен жихад кылуучулар»*** [4:95]

Ошондуктан, жихад муктаждыктарын камсыздоого да кудум жогорудай мамиле кылынат.

Ошентип, Исламда салыктар болбойт. Жогоруда айтылган абалда гана салык алса болот. Мында да төмөндөгү эки шарт болушу важиб:

Биринчиси: нафака байтулмалга жана мусулмандарга анык шаръий далилдер менен фарз кылынышы зарыл.

Экинчиси: байтулмалда ушул муктаждыкты камсыздоо үчүн жетиштүү каражаттын болбошу зарыл.

Мына ушул абалда гана муктаждыкты камсыздоо көлөмүндө, көбөйтүлбөстөн байлардын ашыкча малдарынан каражат алынат. Биз ашыкча малдарынан деп жатабыз т.а. байдын жеп-ичиши, кийими, үй-жайы, кызматкери, аялы, астындагы улоосунан, ар кандай муктаждыгынан жана ушуларга окшош нерселерден ашканынан алынат. Себеби, Аллах Субханаху ва Таала мындай дейт:

{وَيَسۡـَٔلُونَكَ مَاذَا يُنفِقُونَ قُلِ ٱلۡعَفۡوَ}

***«Дагы сенден*** *(эй Мухаммад)* ***эмнелерди ихсан кылууну сурашат.*** *(Өзүңөрдөн)* ***артканын, деп жооп бергин!»*** [2:219]

Т.а. ал адам сарп-каражатында кыйналып калбашы керек. Т.а. анын – коомдогу өлчөөлөргө ылайык – өзүнө жетиштүү нерсесинен ашыгы алынат. Расул A айтты:

**«أَفْضَلُ الصَّدَقَةِ مَا كَانَ عَنْ ظَهْرِ غِنًى»**

**«Садаканын абзели – муктажсыздыктан берилгени»** (т.а. ашыкчасы берилгени). Бул муттафакун алайх хадис Хаким ибн Хизам жана Абу Хурайрадан риваят кылынды. «Муктажсыздык» мааниси анын жетиштүү нерсесинен ашыгын алуу дегени.

Корутунду: Исламда салыктар болбойт. Мына ушул абал гана мындан сырткары. Анда да керектүү көлөмдө, көбөйтүлбөстөн муктажсыздыктан келип чыгып алынат. Мындай абал Исламий тарыхта аз учураган. Себеби, мамлекеттин Ислам баян кылып берген туруктуу кирешелери бул үчүн жетиштүү. Бирок, мындай абал жүз бергенде да салыктарды жогоруда баян кылынган тартипке ылайык алуу жайиз болот.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рушта** **1-шаъбан, 1434-х.**

**10-июнь, 2013-м.**

## Хизбут-Тахрир амири аалым, шейх Ато ибн Халил Абу Руштанын Фейсбук тармагынын колдонуучулары берген суроолоруна жооптору:

## Sadiq Ali тарабынан берилген эмдөө жана анын шаръий өкүмү жөнүндөгү суроого жооп

**Суроо:**

Мен диндеш карындашыңыз Мадина Юзиевамын, Хизбут-Тахрир амири улуу аалым Ато ибн Халил Абу Руштага –Аллах аны Өз коргоосунда сактасын – төмөнкүдөй суроо жолдоймун:

Менин улутум чечен, 14 жылдан бери Бельгияда жашаймын. Бул жерде чечендер көп. Акыркы кездерде балдарыбызды кызамык, полиомиелит, сарык, паротит ж.б. ооруларга каршы эмдөөнүн Исламдагы өкүмү туурасында сөздөр жана суроолор көбөйүп кетти. Эмдөөгө каршы аракеттер да күзөтүлүп, бул аракеттеги адамдар эмдөө акыбетинде бул оорулардын күчөп жатканын, дени сак балдарыбызды мындай зыянга дуушар кылбашыбыз керектигин айтышууда. Муну менен бирге, оорудан дарылануу фарз болбогон соң, оорунун алдын алууга каратылган эмдөө да милдеттүү эмес. Адамдар дагы: эмдөө ооруну балага жугуштурат, андыктан, бул - арам, эмдөөчү заттар болсо маймыл сыяктуу айбандардан алынат, деп жатышат.

Суроом мындай, эмдөө акыйкаты жана анын шаръий өкүмү кандай? Халифалык мамлекетинде түрдүү эмдөөлөр болобу? Белгилүү болгондой, Бельгияда жашап жаткан мусулмандардын жарымы перзенттерин эмдетишпейт, андайлардын саны көбөйүүдө жана мунун анык, жүйөлүү шаръий өкүмү зарыл болуп калды. Биз сизден мүмкүн болушунча ушуну кеңири ачыктап беришиңизди күтөбүз. Аллах сизди бизден жана бардык мусулмандардан жакшылык менен сыйласын! Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Эмдөө – дарылануу, дарылануу болсо фарз эмес, мандуб. Мунун далилдери төмөнкүдөй:

8 – Имам Бухарий Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах A мындай дейт:

**«مَا أَنْزَلَ اللَّهُ دَاءً إِلاَّ أَنْزَلَ لَهُ شِفَاءً»**

**«Аллах бирер дартты түшүргөн болсо, албетте анын шыпаасын да түшүргөн»**.

Имам Муслим Жабир ибн Абдуллахтан риваят кылат: Набий A мындай деди:

**«لِكُلِّ دَاءٍ دَوَاءٌ، فَإِذَا أُصِيبَ دَوَاءُ الدَّاءِ بَرَأَ بِإِذْنِ اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ»**

**«Ар бир дарттын дабасы бар, анан, качан дарттын дабасы жетсе, Аллах Азза ва Жалланын изни менен айыгып кетет»**. Имам Ахмад өз Муснадында Абдуллах ибн Масъуддан риваят кылат:

**«مَا أَنْزَلَ اللَّهُ دَاءً، إِلاَّ قَدْ أَنْزَلَ لَهُ شِفَاءً، عَلِمَهُ مَنْ عَلِمَهُ، وَجَهِلَهُ مَنْ جَهِلَهُ»**

**«Аллах бирер дартты түшүргөн болсо, албетте анын дабасын да түшүргөн, аны билген билет, билбеген билбейт»**.

Ушул хадистерде ар бир дарттын шыпаа боло турган дабаасы бар экенине көрсөтмө берилген. Бул жерде үндөө таризиндеги түрткү бар т.а. Аллах Субханахунун изни менен, дарттын шыпаасына алып бара турган дары-дармектерди табуу үчүн аракет кылууга үндөө. Бул үндөө андан башка нерсеге далалат кылбайт т.а. үндөө боюнча калат жана милдеттүү көрүнүшкө ээ эмес, важиб эмес.

9 – Имам Ахмад Анастан риваят кылат: Расулуллах A мындай деди:

**«إِنَّ اللَّهَ حَيْثُ خَلَقَ الدَّاءَ، خَلَقَ الدَّوَاءَ، فَتَدَاوَوْا»**

**«Аллах дартты да, дабаасын да жаратты, ошондой болгон соң, дарылангыла»**. Абу Давуд Усама ибн Шариктен риваят кылат: Мен Набий Aдын жана сахабаларынын алдына бардым, алар кудум башына куш конуп алгандай унчукпай олтурушкан экен. Мен салам берип, отурдум. Ошондо ар тараптардан бадавийлер келип: Я Расулуллах, дарылансак болобу? – деп сурашты. Ал зат мындай деди:

**«تَدَاوَوْا فَإِنَّ اللَّهَ عَزَّ وَجَلَّ لَمْ يَضَعْ دَاءً إِلاَّ وَضَعَ لَهُ دَوَاءً، غَيْرَ دَاءٍ وَاحِدٍ الْهَرَمُ»**

**«Дарылангыла, себеби, Аллах Азза ва Жалла эч бир дартты дабаасыз калтырбаган. Бирок, бир дарттын – өлүмдүн дабаасы жок»**.

Мурунку хадисте ал зат дарылануууга буюрду, бул хадисте болсо, бадавийлердин суроосуна жооп берип, Аллах дартты берген болсо, албетте анын дабаасын да жаратканын айтуу менен пенделерге дарылануууга хитаб кылды. Эки хадисте тең хитаб буйрук түрүндө келип, буйрук мутлак талапты түшүндүрөт, бирок, важибдикти билдирбейт. Важибдикти билдириши үчүн буйрук катъий болушу керек, ал эми, катъийлик үчүн ага далалат кылган карина керек жана эки хадисте тең важибдикке далалат кылган карина жок. Мындан тышкары, жогорудагы эки хадистен важибдик маанисин алып салган дарыланууну калтыруу жайиздигин туюнткан хадистер да келген. Мисалы, имам Муслим Имран ибн Хусайндан риваят кылат, Набий A мындай деди:

**«يَدْخُلُ الْجَنَّةَ مِنْ أُمَّتِي سَبْعُونَ أَلْفًا بِغَيْرِ حِسَابٍ،** قَالُوا: وَمَنْ هُمْ يَا رَسُولَ اللَّهِ؟ قَالَ: **هُمُ الَّذِينَ لاَ يَكْتَوُونَ وَلاَ يَسْتَرْقُونَ، وَعَلَى رَبِّهِمْ يَتَوَكَّلُونَ»**

**«Бейишке Үммөтүмдүн жетимиш миңи эсеп-китепсиз кирет.** Алар кимдер, я Расулуллах? – деп сурашты. **Алар күйдүрмө да, рукя да кылбай, Роббисине тобокел кылган кишилер,** деп жооп берди».

Күйдүрмө жана рукя кылуу дарылануууга кирет. Имам Бухарий Ибн Аббастан риваят кылат: «… Бул кара түстүү аял Набий Aдын алдына келип: Менин талмам бар, талмам тутканда ачылып калам, менин акыма Аллахка дуба кылыңыз, деди. Набий A:

**«إِنْ شِئْتِ صَبَرْتِ وَلَكِ الجَنَّةُ، وَإِنْ شِئْتِ دَعَوْتُ اللَّهَ أَنْ يُعَافِيَكِ»**

**«Эгер, кааласаңыз сабыр кылыңыз жана сизге бейиш болот, эгер кааласаңыз мен Аллахка сизге шыпаа беришин сурап дуба кыламын»**, деди. Ошондо ал аял: Сабыр кыламын, болгону мен талмам тутканда ачылып калам, Аллахка ачылып калбашымды сурап дуба кылыңыз, деди жана Набий A ал аялга дуба кылды». Ушул эки хадис дарыланууну калтыруу жайиздигине далалат кылат.

Жогорудагылардын баары «дарылангыла» деген сөз важибдик үчүн эместигине далалат кылат. Демек, бул жердеги буйрук мубахтыкка же мандубдукка далалат кылат. Расулуллах Aдын дарылануууга үндөөсү катуу болгону үчүн хадистерде келген дарылануууга буйрук мандубдукту билдирет.

Ушуга ылайык, эмдөөнүн өкүмү мандуб, себеби, эмдөө – дабаа, дарылануу болсо мандуб. Бирок, эмдөөнүн белгилүү бир түрү зыяндуу экени далилдендсе, Расулуллах Адын ушул хадисинен алынган зыян туурасындагы коидага ылайык, мындай эмдөө арам болот: Имам Ахмад өз Муснадында Ибн Аббастан риваят кылат, Расулуллах A айтты:

«لاَ ضَرَرَ وَلاَ ضِرَارَ»

**«Зыян көрүү да**, **зыян жеткирүү да жок»**. Бирок, эмдөөнүн зыяндуу болушу сейрек кездешет.

Халифалык мамлекетине келсек, эмдөө эпидемиялык, жугуштуу ооруларга гана каршы колдонулат жана дары да ар түрдүү аралашмалардан таза, сапаттуу болот, анткени, Аллах Субханахунун Өзү шыпаа берүүчү:

{وَإِذَا مَرِضْتُ فَهُوَ يَشْفِينِ}

***«Кесел болгон чагымда*** *(Аллахтын)* ***Өзү шыпаа берет»*** [26:80]

Шаръий түрдө белгилүү болгондой, ден соолукту сактоо халифанын вазыйпаларына кирип, мында Расулуллах Адын:

«الإِمَامُ رَاعٍ وَهُوَ وَمَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

**«Имам-халифа – башкаруучу жана ал өз кол астындагылардан жоопкер»** (Имам Бухарий Абдуллах ибн Умардан риваят кылды), деген хадисине амал кылынат. Ушул нусус умумий болуп, саламаттык жана дарылоо мамлекеттин вазыйпаларына киргени үчүн мамлекеттин жоопкерчилигине таандык.

Андан тышкары, жалаң гана медицинага жана дарыланууга хос далилдер да бар: Имам Муслим Жабирден риваят кылат: «Расулуллах A Убай ибн Каъбга табиб жиберди, табиб анын тамырып кесип, күйдүрдү». Хаким Мустадракта Зайд ибн Асламдан, ал атасынан риваят кылат: «Мен Умар ибн Хаттабдын халифалыгы убагында катуу ооруп калдым, ошондо мага Умар табиб чакыртты, ал мени күйдүрдү, ал тургай, күйдүрүү ызаасынан данекти тиштеп турдум».

Бул жерде Расулуллах A мамлекет акими катары Убайга табиб жиберди, экинчи рошид халифа Умар да Асламды дарылоо үчүн табиб жиберди. Бул эки риваят медицина жана дарылоо жарандын негизги муктаждыктарынан экенине далалат кылып, мамлекет жарандардын бул муктаждыгын акысыз камсыздайт.

**Боордошуңар Ато ибн Халил Абу Рушта** **15-мухаррам, 1435-х.**

**18-ноябрь, 2013-м.**

# Мусулмандар мута согушу жөнүндө суроого жооп...

Ассаламу алейкум уа рахматуллоохи уа баракаатуху
Менин суроом төмөндөгүдөй:
Ислам мамлекети китебинин 106 – бетинде Меккенин фатх болушу тууралуу айтылган: "Мусулмандар мута согушунан кайткандан кийин... Мута согушунда мусулмандардын арасынан көптөгөн шейиттер болду..."

Урматтуу шейх бул ибаратта "мусулмандардын арасынан көптөгөн шейиттер" болду деп келген. Мен көптөгөн булактарды карап чыктым. Бирок бул окуяга далалат кылган бир да далил тапкан жокмун. Болгону бир риваятта 8 шейит, дагы биринде 12 шейит, дагы биринде 13 шейит, дагы биринде 15 шейит кеткен деп келиптир. Мындан башка жогоруда айтылган ибаратка далалат кылган далил жок экен. Мындан башка дагы бул ибаратка тескери келе турган далалаттар бар. Мисалы, Пайгамбар с.а.в. Халид бин Валидге Сайфулоох маслуул (Аллахтын суурулган кылычы) лакабын ыйгарган. Ошондой эле мусулмандарды качуучулар эмес чабуул кылуучулар деп сыпаттаган. Халид бин Валиддин колунан бул согушта 9 кылыч сынгандыгын эске алсак, анда ал бул согушта Мусулмандардын камчысы болгондугун жана мусулмандарды согушууга катуу үндөгөндүгүнө күбө болобуз. Дагы бул согушта румдуктар жеңилгенден кийин урууларга карата кандай коркунуч каптаганы да маалым. Риваяттарда шейит кеткендердин денесинде 50-70 кылычтын жана найзанын сайылган издери болгондугу эскерилген. Бул бир тараптан болду. Дагы бир тараптан Ухуд согушунда Мута согушуна караганда көптөгөн сахабалар, карылар шейит кеткендиги тууралуу риваяттар бар. Ошондуктан бул ибаратта кайсы көптөгөн шейиттерди айтып жатат, ачыктап берүүңүздү өтүнөм.
Жооп:

Уа алейкум ассалам уа рахматуллоохи уа баракатуху. Бул суроого мурда жооп бергенбиз жана аймактарга жөнөткөнбүз. Кандайдыр бир себептерден улам сиз жашаган аймакка бул жооп жетпей калса керек. Ошол жооптун суроого тиешелүү жерин кайрадан кайталап өтөм.
Ислам мамлекети китебиндеги келген ибарат төмөндөгүдөй:
"...Качан мусулмандар мута согушунан кайтышкандан кийин. Ал согушта мусулмандардын арасынан көптөгөн шейиттер болду. Курайш бул окуядан кийин мусулмандар алсырады деп ойлоду. Бану Бакирди Хузаага карата тукурду жана аларды курал жарак менен камсыз кылды. Бану Бакр Хузага уруусуна чабуул кылып аларды өлтүрө баштады. Хузага Меккеге качты. Амр бин Хузаагий Мадинаны көздөй шашылыш барды. Болгон окуяны Пайгамбар с.а.в. га айтып берди жана андан жардам сурады...".

Мута согушунда шейиттердин саны он эки болгондугу тууралуу риваяттар бар. Ошондой эле жетимиштей шейит болгондугу тууралуу да риваяттар бар. Ошондуктан китепте келген ибаратта экинчи риваятка басым коюлган. Айрыкча (аклий жактан) басым коюлган. Анткени, бул жерде шейиттердин көп болуштугу табигый. Себеби мута согушунда ислам аскерлеринин саны 3000, ал эми румдук аскерлердин саны 200 000 болгон... Буга кошумча ислам аскерлеринин туу көтөргөн үч аскер жетекчиси шейит кеткен. Мурунку аскерий тактика боюнча адатта согуш туунун айланасында орун алган... Ушуга негизделип ислам аскерлеринин көпчүлүгү ушул тууну коргоонун натыйжасында шейит кетишкен.
Мута согушунда жетимиштей шейит болгондугу тууралуу далилдер:
Байхакийдин пайгамбарлыктын далилдери аттуу китебинде мындай келген: (277 /3 ) "Абу Хусейн бин Бишроона Адл Багдадда бизге Абу Амр бин Самаак, Ханбал бин Исхаак, Аффан, Хаммад бин Салмата Сабиттен ал Анастан риваят кылат: Я Роббим, ансарлардан жетимиш, Ухудда жетимиш, Биру Маъунатада жетимиш, Мутада жетишимиш, Ямамада жетимиш мусулман шейтит болушту".
Ибн Касирдин Пайгамбардын сиросу китебинде (9/ 3) "Хаммад бин Салмата Саабиттен, ал Анастан риваят кылат: Ухудда жетимишке жакын Биру Маъунада

жетимиш, Мутада жетимиш, Ямамада жетимишке жакын мусулман шейит болушту”.
Мутада он эки шейит болгондугу тууралуу риваяттар:
Ибн Касирдин пайгамбарлык сиросу китебинде (499 /3)
“Мута согушунда мусулманлардын арасынан шейит кеткендер... Төртөө мухажирлерден, ансарлардан төртөө, бардыгы сегиз шейит. Ибн Исхактын риваятында, Ибн Хишаам айтты: Мута согушунда шейит кеткендер тууралуу Ибн Шихааб Захрийдин риваяты... алардын төртөө анасарлардан, жалпысынан он эки мусулман шейит болгон”.
Куран жана Сүннөттү жаркындаштыра турган пайгамбарлык сиро китебинде (428/2)
“Тарыхтагы бирден бир окуя катары саналган окуя күчтүү куралданган жетимиш аскерге каршы бир аскердин бетме бет келүүсү. Бирок биздин ыйманыбыз коркокторубузду коркпос, коркпосторубузду баатыр кылды. Таң кала турган ажайып нерсе бул мута согушунда мусулмандардан сегиз эле адамдын шейит кетиши. Дагы бир жерде он эки деп айтылган”.
Эки далил жамдаштырылып күчтүү тарабы алына турган болсо, жетимиш мусулман шейит болгондугу тууралуу далил алынат. Анткени он эки жетимиштин ичине кирет. Мына ушундайча эки далил жамдаштырылат. Он эки деп риваят кылгынгандыгы алар башкаларын билбей калгандыгын билдирет. Ал эми жетимиш деп риваят кылынгандыгы көпчүлүктүн билгенин билдирет. Үч миң аскердин ичинен жетимиштейи шейит кетиши көпчүлүк маанини түшүндүрөт. Ошондуктан китептин ибаратында “мусулмандардын арасынан көптөгөн шейиттер болду” деп келген. Ошондуктан китептеги ибара туура негизде берилген аны өзгөртүүгө кажет жок.
Ушул жетиштүү деп ойлом. Туурасын Аллах билүүчү.

**Бир тууганыңар Ато бин Халил Абу Рушта 2018. 04. 28**

## Салам соода алакасынын шаръий өкүмү жана үй курула электен мурда аны сатуунун өкүмү?

**Суроо:**
Бисмиллаахи рахмаанир рахиим
Аллах сизди коргоосуна алсын.
Бул суроого сизден канааттандырарлык жооп таба аламбы: куруучу компаниялар (phoprolos) үйлөрдү кура электен мурда сатуусу салам соодасы болуп эсептелеби же жокпу? Бул шаръий жактан туура болуп саналабы? Башкача айтканда кура электен мурда эле ага ээлик кылуу?
Фаре Фархат.
**Жооп:**
Алейкуму салам рахматуллоохи уа баракаатуху.
Сен эки нерсени сурап жатасың. Биринчиси: үйдү кура электен мурда сатуу салам соодасы болобу же жокпу? Сенин сурооңдон түшүнүлө турган нерсе: эгер ал салам соодасынын бабына кирсе, анда ал шаръий жактан жайиз болот, анткени салам шаръий жактан жайиз эсептелет деген нерсе түшүнүлүп жатат. Экинчиси: үйдү кура электен мурда сатуу шаръий жактан жайизби?
Биринчинин жообуна келсек, үйдү кура электен мурда сатуу салам соодасынын бабына кирбейт. Анын баяны төмөнкүдөй: салам соодасы бул: «Бир аздан кийин белгилүү бир мөөнөттө товар алуу үчүн акчасын алдын ала берүү. Же бир товар алыш үчүн анын орун басары катары ошого окшош эле бир товарды белгилүү бир мөөнөткө берүү». Бул соода шаръий жактан жайиз. Бул соода алакасына таразага тартыла турган, эсептеле турган, чен өлчөм кылына турган нерселелер кирет. Экинчи «Шахсия» китебинде мындай деп келет:
«Саламдын жайиздиги сүннөт менен сабит. Ибн Аббастан мындай дегени риваят кылынат:

«Набий (с.а.с) Мединага келгенде, алар мөмөнү бир жыл, эки жылга «салаф» соода кылышат эле. Пайгамбарыбыз: Ким курманы салаф соода кылса белгилүү бир өлчөө, белгилүү бир вазн менен белгилүү бир мөөнөткө салаф кылсын, - деди». Муслим риваяты. Абдуррахман ибн Абза жана Абдулла ибн Абу Авфадан мындай дегендери риваят кылынган:
«Биз Расулуллах (с.а.с) менен бирге олжолорду колго түшүрөт элек. Алдыбызга Шам набатийлери (ажамга аралашып кеткен арабдар) келип турушат эле, биз алар менен буудай, арпа жана мейизде белгилүү бир мөөнөткө салаф соодасын жүргүзөт элек. Мен: Алардын эгиндери бар беле же жок беле? - деп сурадым. Алар: Бул жөнүндө алардан сурабайт элек, - деп жооп беришти». Бухарий риваяты. Башка риваятта мындай деп келген:
«Биз Расулуллах (с.а.с), Абу Бакр жана Умар заманында бир коум менен буудай, арпа, курма жана мейизде салаф соодасын кылат элек. Аларда бул нерселер жок эле». Абу Давуд риваяты. Бул хадистердин бардыгы саламдын жайиз экендигине ачык далил болот. Эми кайсы нерселерде салам жайиз жана кайсыларында жайиз эместигине келсек, бул нерсе хадисте жана ижмада ачык көрүнүп турат. Муну мындай түшүнөбүз: Салам – ээ болбогон нерсенин соодасы жана толук ээ болбогон нерсенин соодасы. Бул эки соодага тыюу салынган. Салам мындан насс менен мустасна кылынды жана тыюу андан башка соодага хос болду. Ошондуктан, салам дурус боло турган нерсе насста көрсөтүлгөн болушу керек. Насска кайрыла турган болсок, салам кайл жана вазн менен өлчөнө турган о.э. эсептеп алына турган бардык нерседе жайиз экендигин көрөбүз. Кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерседе саламдын жайиздиги Ибн Аббас риваят кылган хадис менен сабит болгон. Расулуллах (с.а.с):
«Ким курмада салаф кылса, маалым бир баада жана маалым бир вазнда маалым бир мөөнөткө кылсын», - деген. Ибн Аббастын башка риваятында мындай деп келген: Расулуллах (с.а.с): «Ким бир нерсени салаф соода кылса, маалым бир өлчөө, маалым бир вазн менен маалым бир мөөнөткө кылсын», - деди. Бухарий риваяты. Бул болсо, салам кылына турган мал кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерселерден болушуна далил болот. Эми саламдын эсептеле турган бардык нерседе жайиз экендигине келсек, мисалы азыкта салам жайиздигине ижма кылынган. Бул ижманы Ибн Мунзир накл кылган. Бухарий риваят кылып айтат: Бизге Шуъба хадис риваят кылды: Мага Мухаммад же Абдулла ибн Абу Мужалид кабар берди: «Абдулла ибн Шаддад ибн Хад жана Абу Бурда салам жөнүндө ихтилаф кылып, тартышып калып, мени Ибн Абу Авфа Gнун алдына жиберишти. Мен андан бул жөнүндө сураган элем, ал: Биз Расулуллах A, Абу Бакр жана Умар заманында буудай, арпа, мейиз, курмада салаф кылат элек, - деди». Бул хадис азыкта салам жайиз экендигине далалат кылып жатат. Азык кайл менен, же вазн менен, же санак менен өлчөп алынат. Азык кобз кылып алуу шарт кылынган нерселер түркүмүнөн болгону үчүн кобз кылуу ага тиешелүү болгону сыяктуу жана эгер азык кайл, же вазнда, же санакта ашыкча кылып алына турган болсо риба болуп калганы үчүн риба ушул ашыкча кылып алууга тиешелүү болгону сыяктуу, бул өкүм т.а. саламдын жайиздиги да азык өлчөнө турган кайл, вазн же санактын бардыгына тиешелүү. Азык кайл, вазн же санак менен өлчөнгөнү үчүн да салам ага тиешелүү болду. Хадисте саламдын кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерседе жайиз экендиги айтылып, санак менен өлчөнө турган нерседе жайиздиги айтылбаган болсо да, азыкта саламдын жайиздигине ижма кылынганы эсептеп алына турган нерсени да салам кылуу жайиз боло турган нерселер түркүмүнө кирүүчү кылып коёт.
Бирок, салам кылына турган нерселердин сыпаты анык белгилүү болушу керек. Мисалы Иран буудайы, Бруней курмасы, Мисир пахтасы, Индия жибеги, Түркия анжири сыяктуу. Кайл же вазн да анык васф кылынып, белгилүү болушу керек. Мисалы, Шам соъсу, Ирак ратлы, килограмм, литр сыяктуу» цитата бүттү.
Ошондуктан, салам соодасына таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала турган нерселердин бардыгы кирет.
Ал эми, кайсы нерселер таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала турган нерселер болушун билүү бул нерселердин вакыйына идирек кылынышы менен болот. Ал нерселер окшош нерселер бабына киреби же окшош эмес кымбат баалуу нерселер бабына киреби,

ошону айырмалоо керек.
Окшош нерселер: анын окшошун базардан табууга мүмкүн болгон нерселер. Мисалы, бир сыпаттагы бир килограмм ун айырмасы жок өзүндөй эле башка бир килограмм ун сыяктуу.
Ал эми кымбат балуу нерселер анын окшошун базардан табууга мүмкүн эмес нерселер. Башкача айтканда, ал бири-бирине окшош нерселер сыяктуу эмес, кайталангыс өзүнчө нерселер. Мисалы, үй, ага окшош башка үй болбойт, анткени ар бир үй өз-өзүнчө айырмаланып бири-бирине окшошпойт. Мисалы, анын салынышы, жайгашкан жери, архитектуралык түзүлүшү сыяктуу нерселерде эч качан бири-бирине окшошпойт...
Таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала турган бири-бирине окошош нерселер: буудай, ун, арпа, курма, мейиз ж.б.у.с. Бул нерселердин сыпатын өзгөчөлөнтпөстөн алардын окшошун базардан табууга болот. Башкача айтанда, бул нерселер бири-бирине окшош нерселер. Бул нерселер менен салам соодасын жүргүзгөн учурда сатуучу сатып алуучуга белгилүү бир мөөнөттөн кийин ага белгилүү бир салмакта, же чен өлчөмдө, же белгилүү бир эсепте товардын белгилүү бир түрүн белгилебестен ушул эле товардын окшошун ага кайтарып берүүгө убадалашат. Башкача айтканда, товардын кымбат баалуу сортун эмес, ага окшошун кайтарып берүүгө убадалашат. Мисалы, сатуучу бир сыпаттагы тонна ун берсе, сатып алуучу мейли ал баланча жердин уну, же аны сатып алганы, же белек катары алганы айырмасы жок, кайсы жактан таап берсе, аны сатуучу алышы керек болот. Бул нерселердин баары соода келишимин кылып жатканда эч кандай кыйматы жок. Балким, окшош нерсенин ортосундагы айырмачылыкты кетире турган белгиленген ошол түрдөгү нерсени белгилүү бир мөөнөттө таап бериши кыйматка ээ. «Навави Равзату тоолиб» китебинде окшош нерселердин жактамасын аныктоо бабында 5-бөлүк 19-18-беттеринде окшош нерселердин беш жактамасын келтирген, анын акыр жагында мындай дейт: «Экинчи жактаманын туурасын мындай айтууга болот. таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган нерселерде салам соодасын кылуу жайиз».
Үйлөр салам соодасына кирбейт. Анткени, ал таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала тургандардын катарына кирбейт. Ал окшош нерселерден эмес. Курула элек кандай гана үй болбосун – ал башка үйлөргө салыштырылып сүрөттөлүшүнө карабастан – башка үйлөрдөн айырмаланып турат. Мисалы, салына турган орду, жасалгалары сыяктуу нерселерде. Башкача айтканда, үй салам соодасына кирген окшош нерселер бабына кирбейт. Ошондуктан, ал салам соодасына кирбейт.
Ушуга негизделип, курула элек үй салам соодасынын бабына кирбейт. Салам соодасы тууралуу келген далилдер да аны өз ичине камтыбайт. Ошондуктан, шаръий жактан үйдү салам соодасы аркылуу сатуу же алуу жайиз эмес.
Ал эми, курула элек үйдү сатуунун өкүмү жөнүндөгү экинчи суроонун жообуна келсек, бул тууралуу 2016-жылы 31-мартта берилген суроодо жооб бергенбиз. Анда мындай делген:
«Курула элек батирлерди сатуу.
А. Адам өзү ээлик кыла элек нерсени сатуусу жайиз эмес. Бул тууралуу көптөгөн хадистер келген:
Хаким бин Хизаам (р.а.) айтты: Пайгамбар (с.а.с)га келип айттым: «Мага бир киши келип, менде жок нерсени базардан сатып келип, кийин ага сатууну сурады». Пайгамбар A айтты: «Өзүңдө жок нерсени сатпа». Тирмизи риваяты, «Сунан» китеби.
Абдуллоох бин Амр (р.а.) Пайгамбар (с.а.с) айтты: «Бир соодада салаф жана соода болбойт, бир соодада эки шарт болбойт. Кепилдене элек (товар колуна тийе элек) соодада пайда көрүү болбойт. Өзүңдө жок (ээлик кылбаган) нерсени сатуу болбойт». Тирмизи риваяты.
Ошондуктан курула элек үйдү же батирди сатуу шаръий жактан жайиз эмес. Анткени, адам ага ээлик кыла элек, ал тургай анын орду да жок.
Б. Корутундулап айтканда, курула элек үйдү сатуу жаиз эмес. Анткени, анын орду да жок. Соода шаръий жактан туура болушу үчүн жок дегенде анын каркасы, дубалы турган болушу керек. Үрптө үй туруп калыптыр деген таризде болсо гана сатууга болот. Бул, мендеги талаш-тартышты кетире турган туура басымдуу көргөн пикир. Айрыкча, бул маселеге байланыштуу маселелер өтө эле көп

учурда.
Г. Жыйынтыктап айканда, Исламда соода келишимдери бул сыяктуу талаш-тартыштарга чек койот, сатуучу сата турган нерсесине ээлик кылуусу жана сата турган нерсесинин орду болушу, сатып алуучу бул нерселерди сатуучудан толук талап кылуусу менен болот. Аллах тафик берүүчү» цитата бүттү.
4-ражаб, 1440-х.
11-март, 2019-ж.

# Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын Фейсбук баракчасындагы суроолорго жооптор
# Акырет шейиттери жана каза жана кадар
# (Mutaz Qawasmi)

**Суроо:**
Кадырлуу шейхибиз, ассаламу алайкум ва рох

С Ж

СУРОО ЖООП

# Хизб-ут-Тахрир амири аалым Ата ибн Халил Абу Роштанын фейсбук

# БАРАКЧАСЫНДАГЫ ФИХКИЙ

# СУРООЛОРГО ЖООПТОР ЖЫЙНАГЫ

матуллохи ва барокатух. Аллах сизге береке берсин жана колдоруңуз менен фатхтарды насип

кылсын. Менин суроом «Исламий шахсия» китебинин биринчи бөлүгүндөгү каза жана кадар темасы боюнча.
Китепте табият мыйзамдары талап кылбаган жана адам үстүнөн өкүмдарлык кылган чөйрөдө болгон иштер жөнүндө сөз болуп, буга көптөгөн мисалдар келтирилгенден кийин: «Ошондуктан, ал иштерге ылайык соопко да, жазага да ээ болбойт», - деп айтылган.
Ушул сүйлөм менен хадистерди кандай жамдайбыз. Акыры, хадистерде ичи ооруп, же чөгүп, же болбосо үстүнө имарат кулап каза болгон киши шейиттерден (Акырет шейиттеринен) экени т.а. алар соопко жана улуу ажрга жетишери айтылган, негизи, бул иштер алардын каалоосусуз болду? Барокаллоху фика.

**Жооп:**

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.
Эй боордош, ал жердеги маселе ыктыярдуу иштер үчүн сооп жана жазанын жүзөгө чыгышы жөнүндө болгон. Т.а. адам өкүмдарлык кылган чөйрөдө болгон амалдар сооп жана жазага байланган. Эгер, адам арам амалды жасай турган болсо, жаза алат, фарзды аткара турган болсо, Аллахтын уруксаты менен, сооп алат...
Ал эми, адамдын үстүнөн өкүмдарлык кылган чөйрөдө т.а. анын үстүнөн мажбурий таризде болгон иштер болсо, адам бул амалдарды ыктыярдуу кылган жок. Ушул себептен улам, бул иштер сооп жана жазага байланыштуу эмес. Т.а. сооп жана жазанын жүзөгө чыгышына байланыштуу эмес. Себеби, адам аларды өз ыктыяры менен кылбады.
Ал эми, Аллах Субханаху адамдын ыктыярысыз болгон бирер амал үчүн ага Өз фазилетин жана мархаматын көрсөтүшү бул башка маселе. Себеби, бул сооп жана жазанын жүзөгө чыгышы бөлүмүнө кирбейт. Ал Аллах Субханахунун мээрими жана берешендиги бөлүмүнө кирет... Маселе мына ушундай.
Ушуга ылайык, кээ бир кишилердин ич оорусу, чума оорусу жана ушул сыяктуулар менен каза болушу о.э. Аллах Субханаху аларды шейиттерден кылышы бул өзүнчө маселе. Т.а. бул нерсе алар бирер амалды Аллах Субханахуга жакын болуу үчүн өз ыктыяры менен кылып, соопко жетүү бөлүмүнө кирбейт. Т.а. бул теманын Расулуллах ﷺдын ушул хадисине тиешеси жок:
«الْحَسَنَةُ بِعَشْرِ أَمْثَالِهَا إِلَى سَبْعِ مِائَةِ ضِعْفٍ وَالسَّيِّئَةُ بِمِثْلِهَا إِلَّا أَنْ يَتَجَاوَزَ اللَّهُ عَنْهَا...»
«... Сооп амал үчүн он эседен жети жүз эсеге чейин ажр жазылат. Ал эми, күнөө амал үчүн ошончолук күнөө жазылат. Бирок, Аллах кааласа бул күнөөнү кечириши мүмкүн». (Бухарий риваяты). Кишилердин ич ооруусу, чума оорусу.... жана ушул сыяктуулар менен каза болуп, Аллах аларды шейиттерден кылышы – бул Аллахтын бир берешендик-мээрими.
Ушул жооп жетиштүү болсо керек деп ойлоймун. Аллаху аълам ва ахкам.

**Бурадарыңар Ата ибн Халил Абу Рошта 16-рамазан, 1441-х.**
**9-май, 2020-м.**